


Турдумамат Эргешов

КЫРГЫЗДЫН ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНУН САНЖЫРАСЫ



Корг
Э 74

КЫРГЫЗДЫН ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНУН САНЖЫРАСЫ



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ БОРБОРУ

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 482702

БИШКЕК - 2019

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Э 74

Биринчи басылышы 2016-жылы чыккан

Илимий редактору: *Ө.Ж.Осмонов* - Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер, тарых илимдеринин доктору, профессор
Рецензенттер: *О.Каратаев* - тарых илимдеринин доктору, профессор,
Р.Жолдошев - тарых илимдеринин доктору, профессор,
Т.Асанов - тарых илимдеринин кандидаты, доцент

Эргешов Т.
Э 74 Кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы. Толукталып, оңдолуп 2-басылышы. - Б.: «Учкун», 2019., 856-бет.

ISBN 978-9967-480-37-7

Бул китеп кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун кыргыз элиндеги ролун аныктоого, анын шүлдөгү роду жана бул уруудан чыккан инсандардын кыргыз элинин, каалы Кыргызстандын социалдык-экономикалык, маданий жактан өнүгүшүнө кошкон салымы сөз болот.
Эмгек санжыра-баян катары жалпылык, окурман кандай кенири чөйрөсүнө арналат.

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

Э 4702300100-19

ISBN 978-9967-480-37-7

[illegible] 2019

Берен улан Жолжакшы
Жоого аттанса кол башчы
Жазайыл октоп, жаа тарткан*
Мерген эле козго аткан.
(Элден)

ИЛИМИЙ РЕДАКТОРДОН

САНЖЫРА ЭЛДИ БӨЛБӨЙТ, БИРИКТИРЕТ

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон бери элибиздин өзүнүн тарыхына болгон кызыгуусу күч алды. Өлкөбүздүн бардык окуу жайларында милдеттүү түрдө окутулуп жаткан Кыргызстандын тарых сабагы элди, өзгөчө жаштарды патриоттук духта тарбиялоодо маанилүү роль ойноору белгилүү болду. Кылымдарды карыткан тарыхыбыз, ата-бабаларыбыздын терең мазмундуу мурастары улуттук идеологиянын өзөгүн түзөөрү да айкын корүндү.

Дүйнө жүзүндө ааламдашуу процесси жүрүп жаткан мезгилде мекенибиздин тарыхы, ата-бабаларыбыз калтырган бай мурастары кыргыздын элдүүлүгүн, уникалдуу өзгөчөлүктөрүн сактап, мындан аркы онүгүү жолубузду аныктап берери далилдене баштады.

Соңку кезде кыргызстандыктардын улуттук ар-сезими, жарандык патриотизми өсүүдө. Баарыбызды бириктирүүчү жана шыктандыруучу жалпы идеялар жаралып, жарандарыбыз улуттук таламдардын маани-маанызын терең түшүнө баштаганы байкалат. Этносуна жана динине карабай, кыргызстандыктардын жалпы жүрүм-турум үлгүлөрү пайда болууда. Элибиздин биримдигин бекемдөөгө, тил саясатын оркүндөтүүгө, Кыргызстан тарыхынын негизги этаптарын иретке салууга багытталган программалык документтер ишке ашырыла башталды. Дин чөйрөсүндө мамлекеттик жаңы саясаттын негизги багыттары белгиленди.

Ошентсе да, тарыхый жана маданий бай мураска ээ болуп турун, өлкөбүз өз өнүгүүсүндө бул кудурет-күчүн жетишсиз пайдаланып жатат. Акыркы жылдары Кыргызстандын окумуштуулары, асыресе тарыхчылар жана башка социалдык илимдердин окуулдору изилдоолорду жандандырышты, бирок өлкөбүздү мындан ары онүктүрүү кызыкчылыктары бул иштерди дагы күчөтүүнү талап кылууда. Жаңы изилдоолор Кыргызстан тарыхынын жана маданиятынын чала изилденген жерлерин ачыкка чыгарып, аларга бирдиктүү көз карашты калыптандыруута тийиш.

Тарых күбө, бир катар объективдүү жана субъективдүү себептерге байланыштуу бир мезгилде кыргыздардын жазуу маданияты токтоп калып, байыркы элибиздин окуяларга бай, терең мазмундуу тарыхы, уникалдуу мурастары, кыргызды кыргыз кылып сактап, жетектеп келген эл башчыларынын, акылман ойчулдарынын жасаган иштери кагазга

*Жазайыл - (Араб тилинде - тоого артып жүрүүчү жамбирек).

түшүрүлбөй, кыргыз элинин байыркы жана орто кылымдардагы тарыхынын көчүрүлүк бактары актай бойдон калууда. Ошол доорлорлогу элдин тарыхын тактоодо, тарыхый инсандардын тарыхтагы ордун аныктоодо оозеки айтылып, муунадан-муунга өтүп келген санжыра да белгилүү деңгээлде тарыхый булактын милдетин аткарат.

Санжыра элдер уруктарга, урууларга жана уруу бирикмелерине бөлүнүп жашап турган доордо жаралган. Санжыра кыргыз элинин калыптанып өнүгүшүндө өзгөчө чоң роль ойногондуту тарых илиминде толук далилденген. Улуу бабаларыбыз ушул акылман саясаты нын натыйжасында түзүлгөн санжыра элди болбостон, гескерисинче, уруктарды урууларга, урууларды уруу бирикмелерине, ал эми уруу бирикмелерин бириктүү кыргыз элине байлап, туугандык сезимди күчөтүп, элдин ынтымагын чыңдап келген.

Демек, санжыра элди бөлүп-жаруу үчүн эмес, чачылган элди бири-бирине туугандаштырып, «Кыргыз» - деген аталыштагы этнонимдин айланасына топтоп бириктирген улуу идеология болгон. Тээ байыркы доордо эл болуп, бирде он, жыйырма, кырк ал тургай алтымыш урууну бириктирип толуп, күзде озунон күчтүү душмандан сокку жеп айрылып, кылымдарды карытып, негизинен, кыргыз атын, элдүүлүгүн сактап, соңку доорго жеткинде санжыра чоң роль ойногон.

Кыргыз элинин улуттук идеологиясынын өзөгүн түзүп келген санжыра советтик доордо өзүнүн миссиясын токтоткон. Таптык идеологиянын кирип келиши менен өткөнгө өчпөөчүлүк хына болгон кызыгуусу чектелген. Улуттун тарыхын терең изилдөөгө, кыргыз элинин башчыларын, элдик акылмандар менен баатырлардын эрдиктерин ашкере коюга багытталган аракеттер «уруучулук», «улутчулдук» катары бааланып, күчтүү

тарыхын терең окуп үйрөтүүгө чек коюлган.

Колунуздардагы китептин автору Турдумамат Эргешов өткөн Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетине 1971-жылы кирип, аны 1976-жылы ойдогудой Ошол кезде тарых адистиги боюнча атайын билим алып жаткан студенттерге да Кыргыстан тарыхын окутуугa бир аз гана саатгар болуңуп, анда да Кыргызстандын Совет доорундагы тарыхы гана окутулчу. Ошол кезде биздe кыргыз элинин тарыхы 1917-жылдан ке башталат турбайбы - деген пикир калыптанган. Кыргыз элинин байыркы доорлогу, орто кылымдардагы тарыхы жөнүндө узун-кесил гана маалыматтар алынып, ал мезгилге кыргыздар тоо-тоонун башында жарым жапайы гурмуш өткөргөн, түшүнүксүз пикир калыптанган, маданияты эл катары сыпатталчу.

Алигиче эсибизде тарых факультетинде адистерди даярдоо планы боюнча ошол мезгилдеги элдеринин этнографиясы окутулчу. Бул сабак боюнча биздe ошол мезгилдеги атактуу профессор Сабыр Аттокуров - деген агайыбыз укмуштай кызыктуу, өтө жогорку деңгээлдеги лекцияларды окуучу. Бул агайыбыз ошол кезде өзү кыргыз элинин тарыхы, этнографиясы боюнча өтө чоң адис болгон. Тилекке каршы алтокумушуу агайыбыз кыргыз этнографиясы, санжырасы боюнча сабак отүүгө тыюу салынган. Сабыр агайыбыздын СССР ге аныкындуулук жарыяланган 1980-жылдардын экинчи жарымында өзү кыргыз элинин санжырасы боюнча окуган лекциялары «улутчулдук» катары бааланып, бүтүүчүн КПСС нин катарынан чыгарылып, университеттен айдалып, куугунтукталган

Профессор Сабыр Аттокуров өзүнүн "Кыргыз санжырасы" деп аталган китебинде "Санжыра-атасын тааныбаган, энесин эсебеген, манкурттуктан куткара албаган нересе, анын түпкү максаты кыргыздарды урууга бөлүү эмес, алардын ким, кайдан экенин ойлуу үйрөтүү"- деп баса белгилейт. Сабыр агай биздe окуткан лекция сайын "Санжыра - эсе де ар ким өз ата-бабасын териштире берген нересе экен деп түшүнө бербеш керек. Анан кайсы өз тегин териштиргендин эмнеси жаман? Тек териштирүү-текшүүнүн ыкмасы эмеспи? Муну бир эле кыргыз эмес көптөгөн элдер колдонот. Европалык өнүккөн мамлекеттерде атуул-

лардын ата тегинин генеалогиялык таблицалары кылымдап түзүлүп, архивдерде сакталат. Санжыра бул оозеки тарых. Аны билүү силердин милдетиңер», - деп көп айтаар эле.

Өзүнүн чыгармаларында заманыбыздын залкар ойчул жазуучусу **Чыңгыз Айтматов** санжыранын маанисине өзгөчө көңүл бурган. Анын "Кыямат" аттуу романында эненин баласына "Сенин атаң Дононбай, Дононбай! Сенин урууң Найман" деп зар какшаганында зор философия камтылган. Улуу жазуучубуз санжыранын мааниси жөнүндө," Биздин айылдын абышкалары ар бир баладан: "Кана жети атаңды айт!"- деп катуу талап менен сураар эле. Элдин акыл-эсе мурасы да, муундардын байланышы да ушуга негизделген. Бул жөнүндө, - дейт Ч.Айтматов, - мен "Ак кеме" повестимде бала менен машина айдаган казак жигит экоонун ангемелешүүсүндө айтууга аракеттенгем. Турмушта жети атасын билбей эле жашап жүргөн адамдар бар экенине бала аябай таң калат: - Жети атаңдын аттарын үйрөткөн жок беле акең? - деди бала. - Ит билеби? Ага не тансык болдун? Жети атамды билбейм, бирак, корүп турасың гой, көп катары жашап жүрмүн. - Атам айтат, адамдар ата тегин унутуп койсо, бузулуп кетет дейт. - Не үчүн? - Анда дейт, атам айтат, баары бир балдарым, балдарымдын балдары билбей калат деп адамдар арам ишten жийиркенбей, тартынбай калат дейт. Баары бир балдарым, балдарымдын балдары билбей калат деп, адамдар жакшылык кылбай калат, - дейт...". "Бул элдик жөнөкөй философияны, - дейт жазуучу, - мен бала кезде уккан шекерлик абышкалардын насаат сөздөрүнөн алганмын. Мен - шекерликмин, ошон үчүн бул жакшы каадаңы алигиче урматтаймын. Менин атам Торокул. Торокулдун атасы - Айтмат, Айтматтын атасы - Кимбилди, Кимбилдинин атасы Кончужок... ушинтип отуруп биздин тукумдун башы - Шекердин өзүнө чейин санай берүүгө болот. Атамдын жана чоң атамдын туугандары - Рыскулбек, Керимбек, Озубек, Суванбек, Доолбек, Алымкул, Иманкул, Биримкул, - булар да менин бабаларымдын катарына кирет. Мындай карасаң - бул жөн гана адам ысымдары. А мен үчүн мунун мааниси чоң. Эл оозунда айтылган сөздөрдөн улам мен алардын ар биринин ысымдарын терецимде ызаттайм жана сыймыктанамын. Бул озубүзлөн мурда жашап өткөндөрдү эстөөгө жана алардын кадыр-барктарын төмөндөтпөөгө бизди - кийинки муундарды милдеттендирет". Ч.Айтматовдун Советтик идеология күчүндө турганда жазган бул ойлору элди манкурттуктан кутулууга чакырган добулбасы экен. Санжыраны жомок катары эсептеген жоламандарга жооп катары Ч.Айтматов Санжыра жөнүндүгү оюн: "Жарыкчылыкта санжырачылар болбосо, өткөн кеткен убакыт жана муундар жөнүндө кандай көнүлөгү эскерме калаарын көз алдыңа элестетип көрүңүзчү... Санжыраларда - философия жана фантастика, поэтика жана убакыттын символу бар. Мындан тышкары санжыра бул элдин, улуттун эң тамгасы жана аны таануу белгиси"- деп жыйынтыктаган.

Санжыранын маанисин терең түшүнгөн Осмоналы Сыдык уулу, Белек Солтоноев, Тоголок Молдо, Усойун ажы, Талип молдо, Бала айылчы, Алымбек санжырачы, Үмөт молдо, Толок Торокан, Эсенкул Тороканов, Сабыр Аттокуровдор Кыргыз санжырасын жазууда зор эмгек сиңиришкен. Бирок, алардын эмгеги эскинин калдыгы катары кодуланып, айрымдары куугунтукталган. Ата тегиңди унут, ал тургай улуттарга бөлүнүү жөөлүп, бир гана "совет эли" деген, советтик улут болот деген саясат күч алган.

Шүгүрчүлүк дейли, замандын өзгөрүшү менен элибиздин тарыхын терең изилдөөгө, аны объективдүү чагылдырууга, окутууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү алдык.

Азыркы учурда ар бир кыргыз: «Мен киммин, атам ким, чоң атам ким болгон, кайсы уруктан болом, кайсы урууну окулумун, менин урууумдан тарыхый инсандар чыкканбы, эгер чыкса алардын тарыхта орду аныкталганбы?» - деген сыяктуу суроолордун айланасында ой жүгүртүп, ата-тегин тактоого далалаттана баштады.

Натыйжада кийинки жылдары санжырага болгон кызыгуу күч алып, адистиги тарыхчы болбогондор да өзүнүн ата-тегин тактоо максатында «тарыхчы» болуп, тарыхый эмгек жа-

ратууга аракеттенишүүдө. Мунун үзүрү катары соңку жылдары тигил же бул уруунун санжырасына арналган, ар кайсы уруудан чыккан белгилүү же белгисиз инсандардын омүрүн, ишмердигин чагылдырган китеп менен китепчелер көбөйдү. Эл ичинде сакталып келген санжыралардын маалыматтары боюнча жазылган чыгаан инсандардын омүр жолу, эли-жери үчүн жасаган эмгеги макала же китеп аркылуу элге жеткени албетте туура. Тилекке каршы санжырага кызыккан, аны толуктап, тактап жазууга аракет кылган инсандардын көпчүлүгүнүн тарых боюнча атайын билими болбогондуктан, алар жараткан эмектердин ичинде чындыкка, тарыхый окуяларга дал келбеген, уламышка окшогон тыянактар басымдуулук кылат.

Элибизде «Боденөнү сойсо да, касиетүү сойсуң» - деген накыл сөз бар. Ушуга байланыштуу санжыра жазса да, ага тактоолорду киргизе да билиш менен тарых адистиги адамдардын алектенгени жакшы натыйжаларды берүүрүн гарантиялоодо.

Ушул өңүттөн алганда тарыхчы, болгондо да 1970-жылдары КМУнун тарых факультетинде эмгектенген тарых илимпоз коллегиясынын корифейлеринен и жакшы билим алган (куреганы, ал тургай группалашы катары мен бага кеппл болом) Эргешов Турдумаматтын жараткан китеби кыргыз элинин жалпыланган санжырасын түзүүгө кошкон чоң салымы - деп ишенимдүү бааласак болот.

Т. Эргешов кыргыз элинин оң канатындагы Адигине уруу-тар тобуна кирген Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасын тактоодо тарых илимининн таанып билүү ыкмаларын, принциптерин жана функцияларын туура пайдаланган. Натыйжада тарыхый окуялар хронологиялык тартипке жайгашкан. Уруунун санжырасын тактоодо көптөгөн материалдар топтолуп, ирээти менен системага, калыпка салынган. Уруудан чыккан чыгаан инсандардын ишмердиктерин ошолор жашап өткөн доордогу тарыхый окуялар менен тыгыз байланышта талдоого алынган. Тарыхый окуялардагы көп кырдуулук, карама-каршылыктар, инсандардын ишмердиктери объективдүү баалангандай десек болот.

Тарых адистиги боюнча оз учурунда жеткиликтүү билим алган адис катары Т.Эргешов кыргыздын чоң урууларынын бири болгон Жору уруусунун тарыхын жалуу-дан мурда Кыргызстандын тарыхына арналган китептер менен терен таанышып, архивдик материалдарды топтоп, аларды талдан чыккан. Илим изилдоо ишине кызыккан тарыхчы катары Кыргызстанда өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларга жигердүү катышып, билимин өркүндөткөн. Ал өзү да тарыхыбыздын актуалдуу маселелери боюнча газета, журналдарга илимий-популярдуу макалаларды жарыялап келген. Эргешовдун 1873-1876-жылдары кыргыз элинин, адегенде Кокон ханды-гынын өзүсүно, кийин Россия империясынын баскынчылык саясатына каршы күрөшүн жетектеген Искак Асан уулунун (Полот хан) ишмердигине, анын адамдык бейнесине арналган илимий-популярдуу макалаы окурмандардын, ал тургай тарыхчы окумуштуулардын да чоң кызыгуусун туудурган, реалдык жаратылышка өз алдынча мамлекет түзүү үчүн күрөшүнүн жетекчилеринин бири Чыпак каныбын омүрү жана ишмердигине арналган даректүү макаласы да илимий негизде кызыктуу жазылган. Т.Эргешовдун ушул өңдүү макалалары чоң китепти жаратуу алдында калемин курчуп, коомчулукка таанылып калган адис тарыхчы экендигин айгинелейт.

Т.Эргешов кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун тарых-тарамалын изилдөөдө санжыралык маалыматтарды тарыхый материалдар менен салыштырып, тактоого аракет жасаган. Натыйжада Жору уруусунун генеалогиясына, бул уруунун кыргыз элинин калыптанып өнүгүшүндөгү ролу илимий негизде талдоого алынат. Китепти түзүүчүнүн Жору уруусунун тамгаларын, туусун жана урааның аныктоодогу эмгеги да баалоого татыктуу. Санжыра изилдөөнүн натыйжасында китептин автору Жору уруусунун асаба-

сынын түсү кызгылт-күрөң болгондугун, анын бетине Ача тамга менен Ай тамга белгиси, каалгын учкан жорунун элеси саймаланып түшүрүлгөндүгү аныкталган. Туунун милдетин аткарган жыгач таяк кызгылт түскө боёлгон. Жору тукумдарынын эскерүүлөрү боюнча туунун асабасы териден, желеги (наконечник) темирден, байрагы (бунчук) жылкынын куйругунан жасалганы такталган. Т.Эргешовдун бул тактоолорун да илимий табылга катары баалоого болот.

Автордун колуңуздагы китеби:

- Кыргыздын Жору уруусунун тарых таржымалы боюнча тарыхый чындыкка жакын маалыматтардын негизинде жазылган;

- Кыргыз элинин жалпы санжырасын түзүүдө, Кыргызстандын тарыхынын айрым актай баракгарын толуктоого салым кошот;

- Китептеги тарыхый инсандардын өрнөктүү өмүрлөрү, алардын кыргыз элинин эркиндиги, мамлекеттүүлүгү үчүн кошкон салымдары элди, өзгөчө жаштарды патриоттуулукка жана жоопкерчиликке тарбиялоодо маанилүү роль ойнойт.

- Кыргыздын, анын ичинде Адигинеиин Жору (Жолжакшы) уруусунун тарыхына байланыштуу табылган археологиялык, этнографиялык эстеликтер жонүндогү маалыматтар да келечекте археолог, этнографтар үчүн мааниге ээ болоору талашсыз.

- Т.Эргешовдун китебине Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасына арналган илимий-практикалык конференциянын материалдарын киргизиши китептин илимий деңгээлин бир кыйла көтөргөн;

- Китептеги белгилүү окумуштуу-педагогдордун сөздөрү менен илимий макалаларындагы омоктуу ойлорду кыргыз тарыхнаамасына кошулган маанилүү салым, - деп эсептесек болот;

- Китепте мүчүлүштөр да бар. Айрым маалыматтарда, санжыра түзүлүшүндө чатташуулар тактоону талап кылат. Редакциялык кемчиликтер да байкалат. Булар китептин кийинки басылышында оңдолот деген ойдомун.

Жыйынтыктап айтканда, Т.Эргешовдун китебиндеги маанилүү материалдарды Кыргызстан тарыхы боюнча келечекте даярдала турган окуу куралдарына пайдалануу-га болот. Көп жылдар бою талбай эмгектенип, пайдалуу жана маанилүү китеп жараткан авторго чын дең соолук, чыгармачыл ийгиликтерди каалайм.

Өскөн ОСМОНОВ - КРнын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер, тарых илимдеринин доктору, профессор.

Турдумамат ЭРГЕШОВ

АВТОРДОН

«Тууганбык жалгыз өскөн үлкөн адам -
Бейшике кирбейт»

Хадистен (ал Бухари, Муслим)

«Бири-бириңерди таанып жүрүү үчүн -
Сизерди улуттар, уруулар кылдык»

Куран Карим, Хужрат сүрөөсү, 13-аят.

Кыр-кырда кайың тал барбы,
Кыргыздар балта чаппаган?
Дүйнөдө өзөн, сай барбы,
Кыргыздын соогу жаппаган?

Ө.Элеч)

Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасын иликтөөнү улантуу, топтоп, мурда ар кыргызүү уруулаштарыбыздын агтуу-баштуу мекенчил адамдарынын таалим-тарбиясы менен көргөндөн баштап, көчүлүк уруулаштарыбыздын китепти чон кандайдыр кабыл алышканы алардын мага жасаган жылуу мамилелери, ал-жоопторуң менен коштолуп, пенде катары мени кубантты жана жаңы ыкластануумун пайда кылды. Чыныгы аткарган иш жыранын биринчи басылышын даярдоо учурунда айрым туугандарынан санжыралык маалыматтарды сурагандыбыда көпчүлүк мамилелер кабыл алышкандыктан Муну менен катар Жорунун санжырасын тактоо, толтоо менин милдетим экендигин түшүндүм, быздын кабарсыз калгандары да арбын болуптур. Жору (Жолжакшынын) санжырасы 2016-жылы басылып чыккандан кийин китепти окуп, ата-тегибиздин санжырасына кошо калган, кээ бир жерде ата, балдары жаңылбай, же чаташып кеткен маалыматтарын окуган туугандарым атайын келишип, «Дагы качан бул китеп экинчи жолу басылып чыгарына толуктоолор зарыл, ондош керек» - деген отунучтору менен кайрылып калышкан. Мурда кошулбай калган туугандардын санжырасын кошо жазуу жана мурдагы ишимди, тарыхый-санжыралык маалыматтарды тактоону улантуу максатында Кыргызстан Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы» атуу китептин экинчи толукталган, өңдөлгөн жана толукталып чыккан өзгөчө басылышын даярдоого киришкенимди билдирген элем.

Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасына кызыгуу (2000-жылдан) ээ болгондон бери өткөн 20 жылдын ичинде ата-бабаларыбыздын ким экендигин, кайсы урууга таандык экендигин, кайсы жерлерде жашагандыгын, кайсы жерлерде көчүп-конгондугун, кайсы жерлерде кыштап, жайлап, кайсы жерлерде кыргыз-кытай, кыргыз-орус согуштарында, башка жакка көчүп кеткен туугандарыбыз менен кайсы жерлерде жолугушуп, кайсы жерлерде кимдер менен кандай мамилелерде болгондугун, кайсы жерлерде кимдер менен башка жактарга көчүп, кайра улуттарын жер-жерлерде өзгөрткөндүктөрүн, кайсы жерлерде кимдер менен кандай мамилелерде болгондугун

Кыргыз элинин тарыхын изилдеп, албан ийгиликтерди жараткан, тарыхчы окумуштуулардын корифейлери менен жолугуп, кеп-кеңештерин уктум, жардам алдым. Кыргыздын чоң урууларынын бири Жорунун санжырасын жалпылап жазып, жазуу ортолоп калган учурда ооруп, Москва шаарындагы Россиянын Жүрөк кан-тамырлар хирургиялык Борборунан жүрөгүмө операция жасаттым. Кызыгы 21 саат эс-учуму билбей, наркоз тарабай, тирүү менен өлүктүн ортосунда каалгып жатканымда биринчи жолу менин эсиме өзүмдүн бир боордоштурум, уул-кыз, небере-келиндерим, гөр-дүнүйө эске келбестен, кыялымда «Аттиң, Жорунун санжырасы бүтпөстөн, компьютерде калды, баштаган эмгегимди аяктасам жакшы болот эле» - деген ой келди. Буга эмдигиче тың калам, жооп издейм. Ушул окуя такыр эсимден кетпей койду. Жараткан Кудайдын алдында, жашоодон мурда өтүп кеткен ата-бубалардын алдында аткара турган чоң милдет турганын чын жүрөгүмдөн сездим. Кудай буйрум, мени көпчүлүк эл колдоп, жакшы ой-тилектери менен коштоп турушту. Айрым туугандарым тарабынан бут тосуулар болуп, кычык сөздөр да айтылып жатты. Жорунун (Жолжакшы) санжырасын тактоодо Өзбекстан, Кытай өлкөлөрүндөгү Жору тукумдарынын берген маалыматтарында кыздарынан таркаган тукумдарын дагы жазып беришиптир. Алар эмгектенип чогулткандыктан биз түзгөн санжырага кыздарынын уруктарын кошо киргиздик. Жору (Жолжакшынын) санжырасы биринчи жолу толук такталып жазылып жаткандыктан, колго тийген бардык кабарды камтыганга аракет жасадык. Бир же эки атасын билип, «Жору (Жолжакшы) уруусунанбыз» - деген туугандарды дагы калтырган жокпуз, келечекте алардын тукумдары жок дегенде Жору (Жолжакшы) тукуму экенин билип жүрүшсүн дедим. Бул китепти жазууда кесибим тарых адистиги боюнча болгондуктан китепке кирген ар бир маалыматты тарых, этнография илимдеринин негизги принциптери болгон тарыхый булактарга таяндым. Китепте Жору (Жолжакшы) уруусу кандай шартта, кайсы доордо азыркы жашаган жерлерин байырлап жашап калганын аныктоого, азыркы мезгилде канча кожолуктан тураарын, аларда канча жан бар экенин тактоого аракеттендик.

Уруулаштарыбыздын ичинен атагы алыска кеткен баатырларды, балбандарды, датаркаларды, бийлерди, казыларды, мүнүшкөрлөрдү, саяпкерлерди, өнөрпоздорду, олуяларды, мурдагы жана Совет доорундагы, ошондой эле азыркы мезгилдеги мамлекеттик жана коомдук ишмерлерди, депутаттарды, окумуштууларды, элдин ар кандай кызматына, намысына жараган азаматтардын үлгүлүү иштерин тактап, китепке киргиздик. Жору (Жолжакшы) уруусунун туусун, желектери тууралуу маалыматтарын Жорунун көпчүлүк уруктарынын өкүлдөрүнөн - атам Эргештен, мурда жашап өткөн Мадымарова Бүзүдөн, Тасма урунгунан Ажымамат аксакалдын айткан маалыматтарынан, азыркы окумуштуулардын изилдөө жыйынтыктарынан алып тактоого аракет жасалды. Айрыкча академик А.Ч.Какеевдин "История философской науки в Кыргызстане" аттуу (Бишкек-2012) китеби негиз болуп, туу, желек, тамга, сыяктуу түшүнүктөрдү тактоого шарт түздү.

Бул китепти жазуудагы эң оор, көп ойлонууну, тактоону талап кылган нерсе Жору уруусунун генеалогиялык түзүлүшүнүн схемасын тактоо, ар жерде түрдүү вариантта айтылып, чаташып, башка уруулар менен аралашканын изилдеп, тартипке келтирүү болду. Азыркы мезгилдеги эл оозундагы айтылган Жорунун (Жолжакшы) санжыралык маалыматтарын, тарыхый, географиялык, этнографиялык илимдердин негизинде тактоо маселеси бизди абдан көп түйшүккө салды. Ар бир автордун жазгандарын, оозеки айткандарын салмактап, өзүнүн оордуна койгонго көп күч жумшалды.

Мүмкүн кээ бир авторлор, маалымат берүүчүлөр «Мен жазгандай, же айткандай жазбаптыр» - деп капа болоор, бирок жогоруда белгилегендей илимий салыштыруу, тактоолор ар кимдин айтканын эле жаза берүүгө жол бербеди.

Жорунун ар бир уругунан мени менен бирге санжыралык маалыматтарды топтогон Жору тукумдарынын жардамы менен «Санжыра көчмөндөрдүн тарыхы» аттуу илимий-практикалык конференция 25-октябрда 2014-жылы өткөрүлүп, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин, Кыргыз Түрк- Манас университетинин, К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин, Ош мамлекеттик университетинин, Ош шаарындагы жогорку окуу жайларынын илимий мекемелердин окумуштуулары Жорунун (Жолжакшы) санжырасы үчүн чоң мааниси бар илимий баяндамаларды жасашты. Бул конференциянын материалдары толугу менен ушул китептин экинчи бөлүгүнө киргизилди.

Китептин экинчи басылышына төмөндөгүдөй толуктоолор жана оңдоолор киргизилди

- Жору (Жолжакшы) уруусунун Ай тамгалуу жана Ача тамгалуу уругунун майда уруктарынын өкүлдөрү менен жолугушуулар, тактоолор уюштурулуп, мурда кирбей калган уруктары жана алардын таралышы тууралуу маалыматтар кошулуп, гениалогиялык схема оңдолуп, толукталды.
- Ай тамгалуу Жорунун Ысык-Көл облусунун Ак-Суу, Түп районун мекендеген Теңизбайдын Жалантөш уруктарынын санжыралык маалыматтары такталып, китепке кошулду.
- Кытай Эл Республикасынын Цзинь-Цзянь автономиялуу провинциясынын Иле-Казак автономиялык облусунун Мунгул-Куро районунун Ак-Суу айылын мекендеп жүрүшкөн Жору уруусунун Теңизбай, Тасма уруктарынын санжыралык маалыматтары киргизилди.
- Жору уруусунун Баткен облусунун Кадамжай районунун Исфайрам дарыясынын боюнда отурукташкан уруктарынын санжыралык маалыматтары кошулуп жазылды.
- Жору уруусунун уруктарынын Жалал-Абад облусунун Ноокен районунун Шайдан айылындагы уруктар тууралуу кыскача маалыматтары кирди.
- Жорунун Өзбекстанда жашап жаткан уруктары тууралуу мурдагы маалыматтар такталды.
- Ача тамгалуу Жорунун мурда майдаланып, башка урууларга урук болуп жүргөн Галча, Кадаксын, Карамоюн, Карагөтөн, Ашира сыяктуу уруктар изилденип, Ача тамгалуу Жорунун Элчибек уругуна кошулаары аныкталып жазылды.
- Китептеги Жорунун белгилүү инсандары тууралуу бөлүгү мурда кирбей калган инсандардын энциклопедиялык маалыматтары менен толукталды.
- Жору уруусунан Кыргыз Республикасынын алты миллионунчу атуулу болуп төрөлгөн Айлин Алмаз кызынын маалыматтары, сүрөттөрү менен китептин тиешелүү жерине киргизилди.
- Жору уруусунан жер шарын дүйнөдө 162-болуп өзүнүн бир моторлуу самолету менен айланып учуп өткөн Салиев Союзбектин эрдиги тууралуу маалыматтары (карта жана сүрөттөрү менен) киргизилди.
- Жору уруусунан чыккан атактуу спортчулар, спорттук мелдештердин чемпиондору, балбандар жөнүндөгү маалыматтар, сүрөттөрү менен китептен орун алды.
- Жору уруусунун өкүлдөрү тобу менен жашаган аймактардын жаратылышын чагылдырган жана ал аймактарда Жору тукумдары тууралуу фото-сүрөттөр, баяндар орун алды.
- Жору уруусунун санжырасын изилдөөгө багытталган «Санжыра көчмөндөрдүн тарыхы» (Кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун мисалында) аттуу илимий-практикалык

1-конференциясынын резолюциясынын алкагында окумуштуулардын кийинки мезгилде Республикалык газета-журналдарга жарыяланган илимий-популярдуу макалалары китептин тиешелүү жеринен орун тапты.

- Бул басылышта китептин авторунун кийинки мезгилдердеги республикалык газета-журналдардын бетинен жарык көргөн тарых жана санжыра боюнча илимий макалалары да кирди.
- Бул басылышка Жору уруусунун туусу тууралуу мындан 250-300 жыл мурда жашап өткөн, Жору уруусунан чыккан Бердияр апыздын эл оозунда ырдалып жүргөн «Алты арман» аттуу ырындагы Жору уруусунун туусу кандай бөлүктөрдөн тураары, түсү, кайсы материалдан жасалганы тууралуу маалыматты маанилүү тарыхый жаңылык катары киргизилди.
- Китептин көлөмүнүн чектелгендигине байланыштуу Санжыранын биринчи басылышындагы актуалдуулугун жоготкон кээ бир макалалар, сүрөт баяндамалар, энциклопедиялык маалыматтар кыскартылды.
- Китептин тиешелүү жерине көпчүлүктүн суранычы боюнча кыргыздын ата-энесинин, Тай (тага) журту боюнча схемалар кошулду.
- Китепке кыргыздын мурда көп айтылбай жүргөн накыл сөздөрү да киргизилди.
- Жору уруусунан чыккан элдик акындардын Жорулар мекендеген жерлерди даңазалаган ырлары да китептен орун тапты.

Жору (Жолжакшы) уруусунан чыккан атактуу инсандарды бөлүп атадык

- **Астар бий** (XVI к.) - Ай тамгалуу Жорунун негиздөөчүсү.
- **Кастар бий** (XVI к.) - Ача тамгалуу Жорунун негиздөөчүсү.
- **Капич баатыр** (XVII к.) - калмак баскынчыларынан элин коргогон баатыр.
- **Кожо бий** (XVII к.) - Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунун бубасы, ишмердиги Кытай маалыматтарында жазылган.
- **Теңизбай бий** (XVII к.) - Жору уруусун бириктирип, алардын азыркы жашаган жерлерин ээлеп, урпактарына мураска калтырган.
- **Тасма баатыр** (XII к.) - Тасма уругунун бубасы. Элди тышкы душмандардан коргогону белгилүү.
- **Каракунас баатыр** (XVII к.) – элин тышкы душмандардан коргогон.
- **Сооржан бий** (XVII к.) - Ача тамгалуу Жорунун атактуу бийи. Соогу Оштогу Сармазар көрүстөнүнө коюлган.
- **Андабай баатыр** (XVII к.) - Ача тамгалуу Жору уругун калмактардан коргогон, азыркы Ача тамгалуу Жорулар жашаган жерлер ушул баатырдын эрдигинин жыйынтыгы.
- **Назар палван** (XVIII к.) - Ысык-Көл аймагындагы Жору уруктарынын башчысы.
- **Маанаке олуя** (XVIII к) - саяпкер, санчы, сынчы. Ысык-Көлдөгү Жору уруктарынын башчысы.
- **Кожоназар бий** (XIX к.) - Теңизбайлардын атактуу бийи.
- **Жапак датка** (XIX к.) - Кокон хандыгында кызмат өтөгөн.
- **Шапаке датка** (XIX к.) - Кокон хандыгында кызмат кылган.
- **Тойчубек датка** (XIX к.) - Ача тамгалуу Жорунун башчысы.
- **Атабай наиб** (XIX к.) - Кокон хандыгынын ордосунда отуз жыл кызмат өтөгөн.
- **Шергазы бий** (XIX к.) - Ай тамгалуу Жорунун таасирлүү бийи.
- **Керек баатыр** (XIX к.) - Ысык-Көлдөгү Жору тукумдарынын башчысы
- **Чыпак казы** (XX к. башы) - Кытайда түзүлгөн "Чыгыш Түркестан жумуряты" мамлекетинин башчысынын орун басары, соода министри.

Совет доорунда жана эгемендүүлүк жылдарда көрүнүктүү советтик партиялык, чарбалык жана маданий кызматтарда эмгек сиңирген инсандар:

- **Жылкыбаев Жумай** (1903-1970) - Өзгөн, Токтогул райондорунда райондук партия комитетинин 1-катчысы.
- **Жусупбаев Кармышак** (1901-1969) - Кыргызстандын Соода министринин орун басары, репрессияга кабылып, кийин акталган.
- **Байжиев Ташым** (1909-1952) – агартуучу, окумуштуу, филолог, Манас таануучу.
- **Жусуев Сооронбай** (1925-2007) - Кыргыз ССРнин Эл акыны, Кыргыз Республикасынын Баатыры.
- **Ормонова Гүлбара** (1920-1999) - атактуу чабан, Социалисттик эмгектин баатыры.
- **Жантошев Касымалы** (1904-1968) - драматург, Кыргыз Эл жазуучусу.
- **Эшманбетов Баки** (1920-2009) - советтик, партиялык ишмер, окумуштуу.
- **Байжиев Мар** (1935) – драматург, Кыргыз Эл жазуучусу.
- **Абдыкадыров Ырыспай** (1941-1994) - композитор, атактуу ырчы, Кыргыз ССРнин Эмгек сиңирген артисти.
- **Туранов Керимберди** (1959) - ырчы, Кыргыз Республикасынын Эл атристи.
- **Эрматов Эгемберди** (1951-2017) - Кыргыз Эл акыны.
- **Маатов Сүйөркул** (1957-2010) - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы.
- **Чырмашев Сатыбалды** (1956) - мамлекеттик, коомдук ишмер.
- **Жээнбеков Шарип** (1928-1998) - мамлекеттик жана коомдук ишмер, Кыргыз ССРнин соода жана тиричилик жактан тейлөөсүнө эмгек сиңирген кызматкер.
- **Токтомаматов Канторо** (1947-2017) - белгилүү окумуштуу, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин президенти болуп иштеген.
- **Тезекбаев Кушбак** (1952) - мамлекеттик жана коомдук ишмер.
- **Абдиев Курмантай** (1949) - мамлекеттик жана коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи.
- **Шарипов Жусупбек** (1955) - мамлекеттик ишмер, Кыргыз Республикасынын атайын ыйгарым укуктуу элчиси.
- **Жээнбеков Сооронбай** (1958) - көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, 2017-жылдан Кыргыз Республикасынын Президенти.
- **Жээнбеков Асилбек** (1963) - мамлекеттик ишмер, 2011-2016-жж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы.
- **Турганбаев Надырбек** (1955) -мамлекеттик ишмер, Мамлекеттик Бажы кызматынын генерал-лейтенанты. *(Бул тизме келечекте толукталып, улана берет).*

Жыйынтыктап айтканда, бул китеп кыргыз урууларынын ичинде өзүнүн орду бар, Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасына арналган эмгек. Англиялык улуу философ, сүрөтчү, мамлекеттик ишмер Фрэнсис Бэкон (1561-1626-жж.) айткандай «Китеп өзүнүн баа жеткис жүгүн жүктөп алып, кылдаттык менен мезгилдин толкунун жиреп, укумдан тукумга карай багыт алган ойдун кемеси». Мезгили келгенде жалпы Жору (Жолжакшы) тукумдарынын санжырасындагы баалуу тарыхый маалыматтар келечек муундарга жетет. Биз чогулткан материалдар кыргыз элинин жалпы тарыхын жазууда пайдаланылат - деген чоң үмүтүбүз бар. Бирок бир эле китеп аркылуу Жору (Жолжакшы) өңдөнгөн Кыргыздын чоң уруусунун санжырасын толук жазууга мүмкүн эмес. *Алгачкы кадам ар дайым татаал болоору белгилүү, кемчиликтери да жок эмес. Биз баштаган бул жупуну иш келечекте уланып, кемчиликтери түзөлүп, толукталары шексиз.*

ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

«Тулпар өтсө - туягынан из калат!»
Эл макалы

«Өз бабаларыңдын атактуу экенин айтып гана койбой, мактануу да керек. Аларды сыйлабоо - уят келтирээрлик наадандык»
А. С. Пушкин, улуу орус акыны.

«Ырыс алды ынтымак
Ынтымагы бар элдин,
Айсыз кара түндө да
Асманында күн турат.

Ынтымагы жок элдин
Балдары иттей ыркырап,
Ачык жарык күндө да,
Асманында түн турат».

Мойт аке - Ысык-Көлдү жердеген
Бугу уруусунан чыккан акылман.

Кыргыздын алгачкы тарыхчыларынын бири Осмонаалы Сыдык уулу: «Жүрөгүндө оту бар жигиттерге тарыхты билүү керек жана (ал) - көп этибар кылынуучу бир илим», - деп жазган. Бул адам 1875-1940-жылдарда жашаган. Репрессияга дуушар болуп, Кытайга Текеске качкан. Ошол жакта ааламдан өткөн. 1913-жылы «Мухтасар тарых Кыргызия» жана 1915-жылы «Тарых кыргыз Шадмания» аттуу китептерди басмадан чыгарган аалым.

Дүйнөдө көптөгөн улуу элдер, тарыхы кылымдарды камтыган калктар бар. Бирок ата-бабаларынын тарыхына кызыгып, алгачкы эле жолугушууда тегин, уругун, жети атасын сүрүштүргөн эл болбосо керек, болсо да аз. Кыргыз эли ата-тегин билүү, сүрүштүрүү жана урматтап сыйлоо боюнча дүйнөдөгү уникалдуу калк. Кыргыз элин санжыра сактап келген - деген сөздүн чындыгы бар. Кыргыз ыраазылыгын билдиргенде «О, баракелде, уюткулуу журттун кулуну турбайсынбы, өркүнүң өссүн!» - деп алкаса, нааразы болгондо «Жетесинен урган» - деп жетинчи атасына чейин наалат айтат. Эстүүлөр балдарына жети атасын жаш кезинен үйрөтөт. Таанышууну жети атасын сурамжылоо менен баштайт. Италия саякатчысы, **Феликс Рокка** «Алайдан Амур дарыясына чейин» - деген Париж шаарында 1898-жылы чыккан китебинде кыргыздар жөнүндө «Мейманчылык туугандык байланышына карата

жасалат, туугандык кыргыздарда кырк тамырга чейин эсептелип кете берет, кыргыздарда «Жети атасын билбеген адам кул!» - деген сөз бар. Ошондуктан кыргыз бейтааныш адам менен сүйлөшүп жатканда алгач анын жети атасы жөнүндө маалымат сурайт. Ошон үчүн ар бир кыргыз баласы да жети атасын так билет» - деп жазган. (К.Жусупов «Кыргыздар» Бишкек-1991-ж. 352-бет).

Кыргыздар өз Атасын - Ата, Атасынын атасын - Чоң ата, Чоң атасынын атасын - Баба, Бабасынын атасын - Буба, Бубасынын атасын - Куваар, Куваарынын атасын - Жото, Жотосунун атасын - Жете - деп атайт. Мушту - сегизинчи, Наркы - тогузунчу, Зади - онунчу, Теги - он экинчи атасы. Уруу менен Уругу он алтынчы, он жетинчи аталары. Куран окуганда - жети жолку муштусуна, демек 64 атасына багышталып окулат, Урпактар жөнүндө сөз болгондо - ал адамдын 35-атасы жөнүндө айтылат, «ошолордун арбагы, жараткан Кудай колдосун!» - деп тилейт.

Кыргыздын сөз байланыштарында айрыкча бири-бирине, эл керегине жарай турган жигит- кыздарга баа берүүдө, кеп-кеңеш курганда алардын Ата-жотосу, Жети мушту, Зади - Наркы, Ата теги, уругу, кала берсе уруусу «мындай экен, андай экен, аа, «аккан арыктан суу агат, жакшы уруунун бучкагы тура, түптүү даректын бутагы экен» - деген сөздөрдү айтышат. Ушул сөздөрдө канчалык терең мазмун, генетикалык келип чыгышы тууралуу илимий-лабороториялык анализи жок эле айныгыс чындыктар жатат. Кыргыз эли сөз кылып жаткан адамдын адамдык сапатын тегине карап эле, так аныктап коёруна азыр деле күбө болуп жүрөбүз. Кылым карытып жашап, өнүгүп келе жаткан кыргыз элинин тарыхын, улутун, тилинин сакталып келишиндеги негизги ролдордун бири - кыргыздын санжырасы экендиги далилдүү чындык.

Германиядагы XX кылымдын биринчи жарымында пайда болуп, дүйнөлүк коомчулукту оор жоготууларга алып келип, өздөрүнүн кандуу саясаты менен белгилүү болгон фашизмдин негизги идеологдорунун бири Гебельс «Элдин тарыхын кандайдыр бир жол менен эсинен чыгартып салсаң - ал эл бир муундан кийин манкуртка айланат, дагы бир муундан кийин ал элди мал катары айдап алсаң болот деген. (Өмүрбек Асан уулу. «Улуулардан калган сөз» - Б., 2010-ж., 3-бет). Санжыраны тактоого аракет жасап жүргөн мезгилде биздин кыргыз туугандарда дагы санжырага кайдыгер мамиле жасай баштагандардын аны эскиден калган реакциячыл көрүнүш катары, жирегендердин пайда болгонун байкадык. Кудай сактасын, бизди кыргыз санжырасынан ажыратпасын?!.

Санжыра же арабча «шежире» - деген аталмадан келип чыккан. «Шежире» бир түп дарак дегенди түшүндүрөт. Санжырачылар жөнүндө профессор С. Аттокуров - «Өзгөчө көзмө көз, жай отуруп санжырачылар менен аңгемелешүү өтө кызык. Ал эми алардын эске тутуу мүмкүнчүлүктөрү шумдук. Эгерде алардын ар биринин жашы 60-70тен кем эместигин кошсок, анда бул кубулуш өзүнүн кайталанбастыгы менен көз алдыга тартылат. Кеп алардын 25-30га жакын атанын, анын балдарынын, аялдарынын атын жатка билгендери жөнүндө бара жатат. Бул 625-1250-жылдар арасын өзүнүн кучагына алат… Санжырачы этнография илиминде колдонуп жүргөн жөнөкөй бир кабардын булагы эмес. Ал уруунун, элдин тарыхын жатка билген, эң укмуштуудай эсти жаратылыш берген, өзгөчө инсан. Көчмөн турмуштун, токтобогон согуштун, сабатсыздыктын шартында келип чыккан феномен.

Бул бардык эле элде боло бербейт жана кездешпейт. Ал кыргыздардын рухий дүйнөсүнүн чагылышы, аны алып жүрүүчүлөр санжырачылар» - деп жазган. (С. Аттокуров, «Кыргыз санжырасы», - Б. 1995-ж., 28-29-беттер) Мындан тышкары профессор Ө. Ж. Осмонов - «Окумуштуулардын эсептөөсү боюнча кыргыздын жети атасы жашаган мезгил 175 жылды камтырын, ошол мезгилдеги ата-бабаларды эстеп калаарын, жок болду - деген кыргыз кайсыл элдин ичинен болсо да кайра эле чыгып, өзүнүн кыргыз экенин жоготпой

келгенин, ушундан улам бул элге илгертен эле «кырылгыс», «кыргыз», «түбөлүктүү» - деген ат коюлганын белгилейт. (Ө. Ж. Осмонов - «Тагай бий», -Б. 2004-ж., 12-13-бет).

Айтылып жүргөн уламыштардын биринде санжыранын келип чыгыш таржымалы мындайча баяндалат. Кыргыз каганаты гүлдөп турган мезгилде Кыргыздын ханы каганаттагы саясий иштер туурасында масилетке өз балдарын ар тараптан чакыртыптыр. Ар жерде бийлик жүргүзүшкөн балдары көп жыл атасын көрбөгөндүктөн чоң атасына көрсөтүп таанышпаты-рыш үчүн үй-бүлөлөрү менен келишет дейт. Бирок көп жыл көрүшпөгөн балдары биринин балдарын тааныбай калышат. Ошондо акылман хан жазмакерлерге өзүнөн тарканган бүтүндөй кыргыздардын ата-бабалары бир экендигин билип жүрүшсүн - деп санжыраны жаздырып, ар бирине таркаттырып берген имиш. Ошентип бир тууганда болушуп, ынтымакта жашашкан элде байлык да бийлик да көп жыл бою өкүм сүргөн экен. Мезгил өтүп, кыргыздардын гүлдөп өнүгүшүнө көзү күйгөн коңшулаш элдер кыргыздардын арасына от жаккан бузукуларды киргизип, бөлүп жаруу саясатын жүргүзүшөт. Кыргыз хан көз жумганда тактысын кимге калтырат? Чоң зайыптын балдарынабы же кичүү зайыптын балдарынабы?... Ошентип Кыргыз хандын балдарын улуу зайыптын, кичүү зайыптын балдары - деп бөлүнүшүп, бири-бирине карама-каршы коюп жатып, бүтүндөй кыргыз каганатын жок кылышкан экен. Баарынан да өкүнүчтүүсү «Силер (кыргыздар) баарыңар бир атанын балдарысыңар, бөлүнбөгүлө!» - деген Кыргыз хандын осуяты унутулуп, кыргыздар бузукулардын тили менен жик-жикке, руу-урууга бөлүнө башташыптыр. Кыргыз эли катылган душманынын мизин кайтарып, кезеги келгенде темирдей бекем биригишип, дагы бир тарыхый кырдаалда чачырап кетиши элди сактап калуунун тарыхта текшерилген тактикасы болгон. Кыргыз элинин бери дегенде эле эки миң жылдан бери жоголбой, улам кайра биригип, өркүндөп өнүгүшүндө санжыранын ролу чоң. Санжыра жөнүндө сөз болсо эле ага трайбализм (уруучулук) дегенди жабыштырып, акылдуусунгандарды, санжыранын маанисин түшүнбөгөндөр десек болот»-деп профессор Ө.Ж. Осмонов таамай көрсөткөн. (Ө.Ж. Осмонов - «Тагай бий», - Б. 2004-ж. 12-бет). Ошондогу кетирген катачылыкты бүгүнкү күнү кайталабоо максатында жалпы кыргыз бир атанын балдарыбыз экендигибизди келечек муундарыбыз билишсе да жик-жикке бөлүнбөй, бир атанын балдарындай жашашсын - деген Үмүт менен санжыралык маалыматтарды тактап жазуу мезгил талабы экендиги талашсыз.

Колуңуздагы «Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы» китеби элдин эс-тутумунун натыйжасында жаралган эмгек. Бул китепти жаратууга көп адамдар маалымат берди. Буга чейин жарыяланган материалдар пайдаланылды. Демек бул китеп көпчүлүк эл тарабынан түзүлдү десек болот.

Тарыхта белгилүү болгондой кыргыз элинин пайда болуп, анын эл, улут катарында жашаганына бери жагы эле 2000 жылдан ашык убакыт өткөнү белгилүү. Ушул узак мезгилде кыргыздар канчалаган душмандарга кабылып, бирде башка элдерге аралашып, кайсы бир мезгилде тарыхта аты кайра пайда болуп, уланып азыркы доорго чейин жетти. Ушул тагдырларды башынан өткөрүүдө албетте ата-бабадан калган санжыра эң чоң ролду ойногон. Биздин Жору (Жолжакшы) уруусу дагы тарыхта XV кылымдан бери белгилүү болуп, Кыргыздын тең ата чоң уруусу катары жашап, Улуу кыргыз элинин бир жагын толуктап, ариетнамыска жарап, жалпы кыргыздын өнүгүүсүнө, бир бүтүн эл болуп жашоосуна баа жеткис салымын кошуп келгени санжыралык маалыматтарда, тарыхый таржымалдарда айныгыс фактылар менен далилденип турат. Бул албетте бизди, Жору (Жолжакшынын) урпактарын сыймыктандырат.

Тарыхта кыргыздар XV кылымдын экинчи жарымынан баштап, Борбордук Ала-Тоого (Борбордук Тянь-Шань) аймагына, өзгөчө Ысык-Көлдүн түндүк чыгышына жайгаша баштаганы белгилүү. Ал мезгилде азыркы Кыргызстандын аймактарында (могул, могол) - деп

аталган көчмөн түрк тилдүү элдер үстөмдүк кылып турган. Кыргыздар акырындык менен моголдорду сүрүп чыгып, калгандарын өздөрүнө баш ийдиришип, XVI кылымдын биринчи жарымында адегенде Фергана өрөөнүнө, андан кийин Каратегин, Түндүк Памирге чейинки жерлерге чейин жетишкени тарыхта такталган. Жолжакшынын Ай тамгалуу Жору уругунун Кожо тобунун бир баласы Айдарбек менен Назарбек Кулябда (Көлөптө) калган, ушул эле уруктан Боро баатыр Жору тукумдарын Каратегинден, Памирден кайра баштап келип, жер бөлүштүргөн. Мына ушул эле мезгилде Кара дарыяны чек кылышып, кыргыздар Адигине жана Тагай - деген аталыш менен Түндүк жана Түштүк кыргыздарга, "Анжияндык жана Аркалык кыргыздар"деп аталышып, азыркы Кыргызстандын аймагын мекендешкен. Ал эми 1630-1650-жылдарда калмактар кыргыздарды Чыгыш Тянь-Шань (Текес, Или дарыяларынын өрөөнүн Кулжа, Кетменди, Жунгар Ала-Тоосунан, Кундуз өрөөнүнөн, Жылдыз жайлоолорунан, Манас дарыясынын өрөөндөрүнөн, Турпанга чейинки тоолордун аймактарынан сүрүп баштаган. 1680-1710-жылдарда калмактар кыргыздардын көбүн Ысык-Көл, Талас, Нарын, Чүй өрөөндөрүнөн кетүүгө мажбурлаган Түндүктө жашаган кыргыздар бул мезгилде Ферганага, Түштүк кыргыздары Гиссар өрөөнүнө Каратегинге, Душанбенин айланасына чейин барышкан. 1752-1756-жылдары калмактар Цинь империясынын жана Орто-Азиядагы кыргыз, казак, өзбек элдеринин биргелешкен соккусунан биротоло жеңилишкенден кийин кыргыз уруулары өздөрүнүн ата конуштарына кайтып, алар менен айрым түштүк кыргыз уруулары Адигине, Ичкилик уруулары да Ысык-Көлгө чейин барып отурукташып калган. 1924-жылдагы статистикалык маалыматка ылайык 860 миң киши-ден турган кыргыз эли Туркестан АССРинин Жети Суу, Фергана, Сыр-Дарыя, Самарканд областарында жашаары аныкталган. Мындан тышкары - 210 миң кыргыз Памирде, Бухарада, Батыш Кытайда жашаган. Кыргыз эли калыптанган XVI кылымдан бери Жору (Жолжакшы) уруусу Кыргыз урууларынын катарында айтылып да жазылып да келген. Жору (Жолжакшы) тукумдары ар дайым кыргыз эли менен бирге болуп, Кыргыз эли тарткан ар кандай азап-тозокту, жыргалды бирге көргөн.

Жорунун эл ичинде айтылган санжырасында атадан балага айтылып, көпчүлүк учурларда ар бир айтуучу өзүнүн тууганларын, уруктарын көкөлөтө мактап, ошол эле учурда башка уруктарды баалабай, убакыт өткөн сайын өзгөрүүгө учурап, бузулуп келгени байкалат.

Жору (Жолжакшы) бубабыздан таркагандардын санжыралык маалыматтарын териштиргенде, жазылышы ар түрдүү болуп, ишенимдүү бир тарыхый этнографиялык маалыматтар жок, илимий талдоо жасабастан эле негизсиз фактылар менен жаза бергендери кездешет. Кыргыз тарыхы менен этнографиясын изилдеген орустун саякатчыларынын, падышачылык Россия мезгилдеги аскердик изилдөө-экспедицияларынын материалдары муну тастыктайт. XIX кылымдагы окумуштуу-саякатчылардын эмгектерине мисалы Н. Ситняковскийдин «Таблица Киргизских родов Ошского уезда» 2 выпуск, (Ташкент 1900 г.), Н.Аристов «Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численностей» (Санкт-Петербург 1896-ж.), Ч. Валихановдун «Кыргыз уруулары» АН СССР фонд № 23, Л. Костенконун - «Военно-научная экспедиция на Алай и Памир» (Военный сборник №4 1887 г. Санкт-Петербург 1880 г., стр. 372), Я. Р. Винниковдун «Труды института истории и языка и литературы» 3-4 том (1956 ж.), А. Н Бернштамдын «Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалмалар» - Б. 2004, С.М.Абрамзон «Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалмалар» - (Б. 1999-ж.) ж. б. эмгектеринде Жолжакшы (Жору) уруусу жөнүндө маалыматтар бар. Кыргыз окумуштуулары С.А.Аттокуровдун, Ө.Ж. Осмоновдун, О.Каратаевдин илимий китептеринде да Жору уруусу жөнүндө маалыматтар кездешет. Маалыматтарды Кыргыз Илимдер академиясы-

Токтогул Сатылганов
Ош облустук китепкана
ИНВ № 482762

нын Кол жазмалар фондунан да таптык. Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасын тактоо боюнча жүргүзүлгөн аракеттерден төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот.

1. XX кылымдын 50-жылдарында СССР Илимдер Академиясынын атайын чечими менен Кыргыз элинин келип чыгышын изилдөө боюнча этнографиялык экспедиция уюштурулган. Буга көбүнчө Россиялык окумуштуулар катышып, Кыргызстандык тарыхчылардын, студенттердин, аспиранттардын жардамы менен изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Бул илимий экспедицияны Россия илимдер Академиясынын белгилүү окумуштуулары - С.М.Абрамзон менен Я.Р.Винников жетектеп, Кыргызстан боюнча жүргүзгөн тарыхый-этнографиялык экспедициясынын илимий жыйынтыктарын, атайын илимий отчетторун жарыялашкан.

Түштүк Кыргызстан боюнча экспедицияны жетектеген окумуштуу Р.А.Винников Адигинени: Сарттар, Карабагыш, Жору, Бөрү, Баргы - деп беш урууга, Жоруну Ача тамга, Ай тамга - деп экиге бөлгөн. Бирок Ача тамгалуу Жоруну: Атакмерген, Котурак, Еркибаш, Абышка, Кайнар, Акылбек, Ильчибек, Кадрали, Чайчи, Бешабышка Борок, Теңизбай - деп бөлүп, Ай тамгалуу Жоруну: Жакып уулу, Калдай, Тасма, Кожо деп, Ай тамгалуу Жору менен Ача тамгалуу Жору уруктарына кирбеген: Атакмерген, Котурак, Еркибаш Кайнар, Акылбек - деген уруктар жазылган. Изилдөө мезгилинде Ноокат районунун Н.Исанов атындагы айыл аймагында жашаган Адигиненин Бөрү уруусунун, Котурак Еркибаш ж.б адашылып, Жору уруусуна кирип калган. Муну менен катар Ача тамгалуу Жорунун чоң уруктардын бири Жакып уулу Ай тамгалуу Жору тобуна өткөрүлүп жазылган. Ушул сыяктуу да Бөрү туугандарга Жорунун Каракунас, Эсеке тобу кошулуп жазылган. Ушул сыяктуу айрым так эместикке жол берилгенине карабастан кыргыз элинин тарыхый этнографиялык маалыматтарын тактоого сиңирген эмгегине ыраазылык гана билдиребиз. Албетте кийинки мезгилдерде булардын илимий иштерин улантып, бул багытта көптөгөн изилдөө илимий иштер аткарылган. Экспедициянын жетекчиси, академик С.М.Абрамзондун кыргыз элинин санжыралык схемасын баяндаган китеби - «Кыргыздар жана Кыргыз тарыхы боюнча таңдалмалар» - деген ат менен 1999-жылы кайра басылып чыккан. Бул схемада Жору (Жолжакшы), Жорудан Ай тамгалуу Жору жана Ача тамгалуу Жору - деп бөлүнгөн. Окумуштуу Ай тамгалуу Жоруну: Теңизбай, Тасма, Кожо деп 3кө бөлөт. Андан ары Теңизбайдан - Булаш, Биймырза, Жалаңтөш, Булаштан Чайкөз (Уй Булаш), Азоо Булаш, Досмат - Теңизбай деп так жазган. С.М.Абрамзондун схемасы негизинен тарыхый чындыкка жакын. Айрым гана жерлеринде Жорунун кээ бир уруулары жазылбай же аты өзгөрүлүп, Жорунун башка топторуна өтүп кеткен. С.М.Абрамзондун эмгеги Жорунун санжыралык негизги системасын түзүүдө негиз катары пайдаланылып, жаңы тактоолор, жалпы талкуулоолордон кийин жазылды.

2. Кыргыздардын бөлүнүшү жөнүндөгү алгачкы жазуу маалыматтары 1495-жылы чыккан аксылык Сайф ад-Дин Аксикентинин (Сайфидин Аксылык) «Маджму ат-таварих» (Тарыхтар жыйнагы) китебинде берилген. Ал 1127-жылдагы маалыматтарга таянып, кыргыздар Оң жана Сол болуп бөлүнөөрүн, Оңго Ак уулдан тараган Адигине жана Тагай уруулары кирээрин маалымдаган. Демек ошол доордо эле кыргыздын уруулук түзүлүшүнүн бир бутагы катарында Адигине уруусунун ичинде Бөрү, Баргы менен катар Жору уруусу жашаган.

3. Академик Б. Жамгырчинов «Кыргызстандын Россияга кошулушу» аттуу китебинде (19-бет) «Адигиненин Жору уруусу Тасма, Теңизбай, Ача Жору, Ай Жору, Карагунас, Элчибек» болуп бөлүнөт, - бул уруктар азыркы Өзгөн, Кара-Кулжа, Кара-Суу райондорунда жашаарын, алар жашаган айылдарды кошо жазып көрсөткөн. Бул китепте Карагунастар

Ай тамгалуу Жоруга Элчибектер Ача тамгалуу Жоруга таандык, өзүнчө урук катары жазылган.

4. Санжыра боюнча чоң аалым, профессор С. А. Аттокуров «Кыргыз санжырасы» аттуу китебинде (-Б. 1995-ж., 69-бет) Адигинеин генеалогиялык схемасында Адигинеден Жолжакшы, Жолжакшыдан Жору. Жорудан Ай тамгалуу жана Ача тамгалуу Жору - деп туура бөлгөн. Бирок Ача тамгалуу Жору менен Ай тамгалуу Жорунун уруктарын аралаштырып койгон. Ача тамгадагы Жакып уулу Ай тамгалуу Жоруга тиешелүү болуп берилген. Мындан тышкары Ай тамганын Теңизбай, Каракунас уруктары Ача тамгага ыйгарылган. Биз С. Аттокуров көрсөткөн - Абышка, Эркибаш, Атакмерген, Акылбек, Кайнар - деген уруктарды Жору уруусунун курамынан тапкан жокпуз. Булар Бөрү уруусунун курамындагы уруктар.

5. Кытайлык Үсөйүн ажы «Кыргыз санжырасы» - деп аталган китебинде «Ат туягындай Адигине, Тай туягындай Тагайдын балдары» - деп Адигине тукумдарынын көп сандуу экенин баса көрсөтөт. Ал Адигинеден Баргы, Бөрү, Жолжакшы (Жору) болуп бөлүнөөрүн жазган. Үсөйүн ажы өзүнүн санжырасында Жору элинин түптүү эл экенин баса белгилеген. Үсөйүн ажы Адигинени он эки урукка бөлүп, анын ичинен Жору уруусун үчүнчү катарга койгон.

6. Интернеттеги «Кыргыз санжырасы» аттуу сайтта, Ай жоору, Ача жоору, Атаке - деп болгон. (аты да Жоору - деп созулма үндүү «оо» менен туура эмес жазылган). Ай тамгалуу Жору-Теңизбай, Тасма, Кожо. Теңизбайдан Букаш (Букаш эмес Булаш-авт.), Жалаңтөш, Биймурза. Тасмадан - Актасма, Кара Тасма. Кожодон - Мурзакул, Кулчузак, Калмакы, Каадасын - деп туура эмес берилген. Ача Жоору (Жору) Элчибек, Чайчы, Барак, Корок, Кучкач, Галча деп жазылат. Мындан тышкары Адигинени Бөрү тобунун Атаке уругу Жору (Жолжакшы) уруусуна кирип калган. Атакеден Куртка, Боккара, Чот, Акчубак, Адый, Сарала - деп жазылган. Мындан тышкары Баргы уруусунун Кудайбердисинин - Акалтай, Мангытай уруктары Жолжакшыга тиешелүү - деп жаңылыштык кетирилген. Андан ары Акалтайдан эч ким - жок. Мангытайдан - Калкамат, Эсенмат, Калкаматтан - Шалтак, Алаке, Эсенматтан - Эшей, Тайтык, Каракозу, Койсары, Жылчыма. Бирок бул Баргы туугандардын Сатыке тобунун Кудайбердиси (Самат - деп да жүрөт) Бул жерде Жору уруусунун санжыралык маалыматтарынын биринде Жору Жолубай - деп жазылып, Жолубай менен Кудайберген бир тууган, бирок Кудайбергенден - бала жок - деп айтылат. Сыягы ушул Жолубайдын бир тууганы болгон Кудайберген менен Баргы туугандардын Кудайбердиси чаташтырылган. Ушуга эле окшош вариант интернеттин башка бөлүгүндө да жазылыптыр. Бул деле жогорудагыдай уруулардын санжырасын жазганда кимдир бирөө тарабынан жаңылышкан, ал эми кийинки санжырачылар аны териштирбестен, Жору уруусуна кошуп салган - деген жыйынтыкка келдик. Китебибизде ушул өңдүү катачылыктарды оңдоого аракет жасалды.

7. Коланов Орунбек (Омок) аттуу автор - Жоруну (Жолжакшы) Ача жана Ай Жору - деп экиге бөлөт. Бул автордун пикири С. М. Абрамзондун түзгөн генеалогиялык схемасына дал келет.

8. Турдубай Умар уулунун «Кыргыз санжырасы» аттуу китебинде (Б. 1991) Бөрү уруусунун Атаке уруктары менен Баргы уруусунун Кудайберди уругу Жору болуп жаңылыш жазылган. Мындан тышкары бул китепте Жорунун (Жолжакшы) уруктарынын көпчүлүгү жазылбай калган.

9. Белгилүү санжырачы Эсенкул Төрөканов «Кыргыздын кыска санжырасы» - деген эмгегинин экинчи китебинде (-Б. 1995-ж., 27-бет) Адигинеден Жору, Жолжакшы - деп бир урууну эки бир тууган кылып Жорудан Ай Жору, Ача Жору, Атаке - деп, (Атаке уругу Бөрү уруусунун чоң тобу, Жоруга кошулбайт.авт.) - деп жазат. Мындан тышкары Жолжакшыны

Жору, анын баласын Кудайбергенди Самат кылат. Ошондой эле Адигинеинин Баргы уруусунун Мангытай, Апалтай уруктарын Жоруга ыйгарып жазган.

10. Сапарбай Жаңыбай уулу - 1993-жылы чыккан «Кыргыз санжырасы» аттуу эмгегининде (31-бет.) Жорудан Ай тамга, Ача тамга, Кылыч тамга, Серке баатыр, Калча - деп Жоруну бешке бөлөт. Ай тамгадан - Күнчубак, Каракунас, Боро, Калдыр, Ача тамгадан - Байназар, Чегир. Байназардан - Эсеке, Элчибек, Ийрек, Барак, Кадырали. Чегирден - Бейшенбай, Кучкач, Корок, Чайчы. Кылыч тамгадан - Байлабас, Бешберен. Серке баатырдан - Кожо, Тасма. Кожодон - Мурзакул, Карбанкул. Тасмадан - Булаш, Теңизбай. Калчадан - Миңбай, Карыбек, Мурза ж.б. - деп жазып китебинде бир топ жаңылыштыктарга жол берген. Кылыч тамга - деген урук бизге жеткен маалымат боюнча Сол канаттын Базыз уруусунда бар. Ача тамгалуу Жорунун Галча аттуу уругун жазганда кечээ эле Совет доорунда жашап, (айрымдары азыр да тирүү) иштеген адамдар уруу башчылары болуп калган. Калган Жорунун уруктары дагы чаташтырылып, Ай тамгалуу жана Ача тамгалуу Жорулар аралашып, туура эмес жазылган.

12. Тарых илимдеринин кандидаты Т. Өмүрзакова - «Тилеке бий жана анын урпактары» аттуу (Ош - 2011) китебинде XVII кылымдагы кыргыз уруулары, анын ичинде Адигине уруусун ишенимдүү тарыхый жазма булактарынан алып тактап жазган. Түштүк өрөөндөгү кыргыз уруларынын коомдук саясий турмушуна талдоо берилип, тарыхый этнографиялык маалыматтар менен кошо санжыралык маалыматтар баяндалат. Айрыкча Орус саякатчыларынын, Совет дооруна чейинки Орто Азиядагы санжырачы аалымдардын санжыралык маалыматтары аркылуу Кыргыз санжырасына тиешелүү илимий жыйынтыктарды чыгарган.

13. К. Жусупов (Кыргыз санжырасы. -Б. 2012) Жору (Жолжакшы) уруусу жөнүндө колунда болгон маалыматтардын негизинде Жору уруусу тууралуу маалымат берип, Алайку өрөөнүндөгү Жору уруктарынын Ача тамгалуу Жору уруктарынын Кадыралы тобунун санжырасын жазып, бирок Кадыралы тобунун бул жердеги жашаган бутагын Ай тамгалуу Жору тобуна кошот. Бул жаңылыштык. Ача тамгалуу Жору уругунун чоң бир тобу Кадыралы тукумдары. Бул уруктун белгилүүлөрүнүн бири Тете бийдин (Кадыралы) Алайку аймагына көчүп кеткени белгилүү. Азыр да Кадыралы уругунун көпчүлүк болуктору Кара-Суу районунун Ак-Таш, Отуз-Адыр, Жаңы-Арык, Савай, Кызыл-Суу айыл аймактарында отурукташып жашап келишүүдө.

14. Алай районунун Коруул айылынын жашоочусу Акматалиев Канатбектин (1942-ж.т.) берген маалыматында Ай тамгалуу, Ача тамгалуу Жорунун урукташтары болуп Кылыч тамгалуу Жору, Серке баатыр, Калча - деп айтылат. Ал эми Кылыч тамгалуу Жорудан - Беш Берен, Байлабас - деп болот. Серке баатырдын балдары Кожо, Тасма - деп берет. Кожодон Мурзакул, Карбанкул. Тасмадан Булаш, Теңизбай, Актасма, Каратасма дейт.

Теңизбай Тасма менен тең ата бир тууган. Ак Тасма, Кара Тасма - деген жөн эле шарттуу бөлүнүш, Тасма уругу Бай, Жараш, Маш, Тилеш, Кудаш, Кожомкул уулдары болуп бөлүнөт. Бул жерде Бешберен - деген урук Баргынын Олжокесинде бар. Кылыч тамгалуу Жору - деген бутакты изилдөө мезгилинде таба албадык. Кылыч тамга, Керки тамга аттуу уруулар Басыз уруусунун чоң уруктары, Жалал-Абад, Өзгөн, Нарын аймактарында жашашат.

15. Жогорудагы аталган китептердин катарына 2015-жылы Бишкектен чыккан Момунов Надыр Тиленбаевичтин «Тасма» аттуу китебин кошууга болот. Бул китепте Тасма уругунун башчыларынын бири Тасма жөнүндө эл оозунда айтылып жүргөн уламыштар кеңири баяндалат. Китептин көпчүлүк бөлүгү уламыштарга негизделген. Уруктан чыккан балбандар, бийлер жөнүндө уламыштарда айтылган оозеки маалыматтар жазылган.

Тасма уругунун азыркы мезгилдеги генеалогиялык түзүмү, Тасма уругунун азыр учурда мекендеген жерлери көрсөтүлөт. Момунов Н.Т., аталган китебинин 68-бетинде Адигине уруулар биримдигинин жана анын ичинен Жору уруусунун генеалогиялык схемасын жазууда так эместикке жол берген. Биринчиден анын схемасында Жолжакшыдан Жоору (Жору) делип, туура эмес жазылган. Жорулар бардык жерде өздөрүн «Жоору» эмес Жору - деп эле аташат. Экинчиден «Ай Жору», «Ача Жору» бул уруктардын эн тамгасы. «Ача тамгалуу, Ай тамгалуу Жору» - деп аталат. Үчүнчүдөн, Ай тамгалуу Жоруда Каракунас уругу бар. Ал кошулбай калган. Төртүнчүдөн, эң башкы так эместик Жолжакшыдан Жору, Кудайберди - деп болуп, Баргы уруктарынын Акалтай, Мангытай уруктарын, Бөрү уруктарынын Атаке уругун Жоруга ыйгарып салган. Бешинчиден, Ача тамгалуу Жорунун уруктарынын айрымдары кирбей калган.

16. Э.Кырбашев «Тандалган кыргыз санжырасы» Бишкек -2015 аттуу китебинде кыргыз элинин санжырасын жалпы жазууга аракет жасаган. Кыргыздын келип чыгышы, аталыштары, урууларга бөлүнүшү, теги тууралуу көптөгөн маалыматтарды маалымдайт. Көпчүлүк уруулардын генеалогиялык схемаларын, уруулар жөнүндөгү оозеки айтылып жүргөн уламыштарды жалпылап жазууга далалаттанган. Ал китебин профессор С. А. Аттокуровдун «Кыргыз санжырасы» Бишкек-1995, китебине негизделп жазганы байкалат. Бирок көпчүлүк берген маалыматтарынын тарыхый булактары көрсөтүлгөн эмес. Бул китептин 22-бетинде Адигине уруусунун генеалогиялык таблицасынын Жолжакшы бөлүгүндө көптөгөн так эместикке жол берген. (Жору) Жолжакшы уруусу Ай, Ача (Ачы) деп аталып жазылыптыр. Буга чейинки Жолубай, Кудаберген аттуу аталар, кийинки муундагы Астар, Кастарлар схемага кирген эмес. Астар (Ача тамгалуу), Кастар (Ай тамгалуу) уруктары аралашып кеткен, Жору (Жолжакшы) уруусунда такыр эле болбогон Котурак, Калдай, Жолдош, Кайнар, Абышка, Эркибаш, Атакмерген аттуу уруктар кошулуп жазылган. Булар мурдагы санжыра жазуучулар тарабынан адашылып жазылып келе жатканы белгилүү.

Китенти жазууда В.В.Радловдун «Сибирден 1862-жылдагы саякаттын күндөлүгүнөн» аттуу маалыматында, А.Н.Бернштамдын «Кыргыз мамлекетинин өз эркиндиги үчүн күрөшү», Кыргыздын алгачкы тарыхчылары О.Сыдыковдун, Б.Солтоноевдин эмгектери чоң оболго болду. Мындан тышкары Кыргыз тарыхнаамасында Абулгазы Бахадур хан бин Араб Мухамеддин «Түрк санжырасы», Ч.Өмүралиевдин «Көөнөрбөс мурас» аттуу макаласы, Ө.Караевдин «Байыркы түрк эстеликтери жана араб перс авторлору кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө» макаласы, Н.Я.Бичурин «Байыркы мезгилде Орто Азияда жашаган элдер тууралуу маалыматтардын жыйнагы», Ө.Ж.Осмоновдун «Кыргызстан тарыхы» (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) Бишкек-2003-ж. жана «Кыргыз тарыхы» (Энциклопедия, 2003-жыл. Редакциялык кеңештин төрагасы - Ө.Ж.Осмонов) китептери пайдаланылды. Жору (Жолжакшы) бубабыздын санжыралык маалыматтарын издеп, тактоо ишинде XIX кылымдагы окумуштуулар: Ч.Ч.Валихановдун, Л.О.Костенконун, Н.А.Аристовдун, Э.Р.Тенишевдин ж.б. илимий эмгектери усулдук база болуп берди. Жорунун эн тамгаларын, туусун этнонимдерин тактоодо проф. О.Каратаевдин илимий эмгектерин пайдаландык.

Жогорудагы көрсөтүлүп, кыргыз санжырасын, анын ичинде Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша изилдеп, алтынга бергис убакыттарын, адал эмгегин аябай мээнет кылган окумуштууларга-академик С.М.Абрамзонго, академик Б.Жамгырчиновго, Р.А.Винниковго, профессор С.А.Аттокуровго, санжыра боюнча аянбай иштеп, китепчелерин чыгарган О.Колановго, Турдубай Умар уулуна, Э.Төрөкановго, Санарбай Жаңыбай уулуна, К. Жусуповго, Н.Т.Момуновго, китепти жазууда баштан аягына чейин убактысын, билимин аябай, кошумча илимий маалыматтарын берип, көзөмөл

кылган КР УАИнин Тарых жана маданий мурас институтунун улук илимий кызматкерлери, профессор Р.Жолдошевге жана белгилүү илимпоз Т.Асановго, Кыргыз Республикасынын тарыхчылар ассоциациясынын президенти, Кыргыз илимине эмгеги сиңген ишмер, профессор Ө.Ж. Осмоновго, профессор О.Каратаевге жалпы Жору тукумдарынын атынан Чоң ыраазычылык билдиребиз.

Мындан тышкары өз алдынча санжыралык маалыматтарды топтоп, ушул китепти жазууга көптөгөн салымын кошушкан Т.Отунчуевге, Б.Капаровго, К.Мырзабековго, А.Арыновго, Р.Ашимовго, Т.Жунусовго, Ж.Аширбаевге, өзбекстандык С.Гапаровго, А.Шерматовго, А.Арыковго, Б.Максутовго, Ж.Келдибаевге, О.Исмаиловго, Б.Максутовго, Б.Б.Айдаралиевге, Т. Каденовго, М. Атамбиевге жана башка ар бир уруктун мекенчил патриотторуна, чоң ыраазылык айтабыз. Айрыкча китепти кийинки кайра толуктап басууда, мурдагы жаңылыштыктарды, кемчиликтерди тактоодо өз убактыларын аябай Жорунун санжырасына салымын кошкондор: Т. Отунчуев, Т. Матиев, М.Маматов, сыяктуу азаматтарды белгилейбиз.

ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУКТАРЫНЫН ЖАШАГАН АЙМАКТАРЫ

Кыргыз элинин Адигине уруулук курамындагы Жору уруусу тарыхтын бардык кырдаалдарында кыргыз элинин башка уруулары менен бирдикте болуп, төмөнкү аймактарда туруктуу жашашкан.

1. Жору уруусунун негизги бөлүктөрү Ош облусунун Кара-Суу, Кара-Кулжа, Өзгөн, Алай, Араван райондорун мекендешет.

2. Жору тукумдары Өзбекстандын Кожо-Абад районунда - Элчибектер, Жалал-Кудук районунда - Кадасын жорулар (Бүркүтчү, Жаманкыз) уруктары, Күнчубак Правда, Яркыштак айылдарында Коңур уулу, Элчибек уруктары, Каракунастар - Дардак, Пахтапром, Бөрүлүк айылдарында отурукташкан. Өзбекстандык Жору (Жолжакшы) уруктары «ата-бабамдын журтун эч кимге бербейм» - дешип, азыркы мезгилде да Өзбекстандын Анжиян, Фергана облустарында жашашат. Андан дагы булардын ата-бабаларынын санжырасын унутпай, айтып жүргөндөрүн угуп, абдан ыраазы болдук. Ошол жакта жашаган Кудайбердиев Насир, Гапаров Истам, Гапаров Сатывалды ж.б. Жолжакшынын (Жору) түпкү Ата журтун аныктоо ишине чоң салым кошушту.

3. Жорулардын жайланышкан аймактарын тактоонун жүрүшүндө Жалал-Абад облусунун Көк-Жаңгак шаарынын тургуну - Адигинеев Каныбек (60 жашта) өзүн Ача тамгалуу Жорунун Ийрек уругунан экенин айтуу менен кызыктуу маалыматты берди. Болжол менен XVII кылымда Жору уруусу Жалал-Абад областынын Базар-Коргон, Сузак аймактарында жашаган. Буга далил Жалал-Абад менен Базар-Коргондун ортосундагы Топурак-Белде Жорулар уруусу жашашканы, алардын башында Шүкүр палван (баатыр) турганы, кийин бул аймактан азыркы Анжиян облусунун Жалал-Кудук районунун аймагындагы Катар-Тал, Сузактын Кара-Дарыя аймактарына көчүп, Ак-Ташка, андан кийин Алай тоолоруна чыгып кеткендигин айтат. Жору уруктарынан Шүкүр палван мезгилине жараша жылкы тийип, калкын бакканын, тышкы душмандардан коргогонун уламыштап айтып жүрүшөт. Алардын эң керүүсүндө Шүкүрдүн Акжал аттуу таанымал күлүк аты болгон. Бир жолу ал атын уурулар байланып турган жеринен уурдай качууга аракет жасаганда, артынан барып, атын шыйрактап токтотуп калганын айтышат. Бизге жеткен маалыматтарга караганда азыр да Сузактын Актоок, Карамарт аймактарында «Адигинебиз» - деген уруктар жашашат, айрымдары Жору уруусунан экендигин унуткан эмес. Бул уруктарда «Топурак-Бел, Шыбак-Бел, Тозун кеттиң кайран эл!» - деген ыр саптары эл оозунда унутулбай айтылып жүргөнү да кыйыр түрүндө далил болот, - деген ойдобуз. Мындан тышкары Кара-Суу районунун Отуз-Адыр айылдык аймагында көптөн бери отурукташкан Ай тамгалуу Жору урпактарынын арасында бир топту "булар Сузак тараптан келишкен" деген маалымат бар.



4. Кытай эл республикасынын Опол-Тоо аймактарында, Кулжа шаарында - (Теңизбайлар, Тасмалар.) Былкылдак, Улуу-Чат, Бостон-Терек, Сымкана, Жыкын кыштактарында (Жорунун ар башка уруктары), жашашат. Мындан тышкары китептин ушул кайра басылуу редакциясына Кытай Эл Республикасынын Цзинь Цзянь провинциясынын Иле Казак автоном облусунун Мунгул-Куро районунун Ак-Суу айылындагы Теңизбай, Тасма туугандардын жашашаары аныкталып, санжыралык маалыматтары ушул китепке жазылды.

5. Баткен облусунун Кадамжай районундагы Исфайрам дарыясын бойлой отурукташкан Жору (Жолжакшы) тукумдары бар.

6 Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Шайдан айыл аймагында жергиликтүү Жедигер уруктары менен аралашып жашап келген жорулар негизинен 3 топко биригип жашашат.

7. Ысык-Көл облусунун Түп, Ак-Суу райондорунда Жору (Жолжакшы) тукумдары негизинен 3 айыл өкмөттүн аймагында жашашат.

8. Талас облусунун Үрмарал айылында Бешабышка уруктары, Жалал-Абад облусунун Аксы районунда Бешабышка, Коңур бий уруктары жашашат - деген маалыматтар бар.

9. Азыркы учурдагы Кыргызстандын калкынын миграциялык процесстерине байланыштуу Жору уруусунун өкүлдөрү дүйнөнүн көптөгөн аймактарында Россия Федерациясынын Москва, Санкт-Петербург, Ыраакы Чыгыш, Новосибирск, Алтай крайлары, Корея, Европа, АКШ сыяктуу аймактарда ондогон жылдардан бери иштешип, көпчүлүгү ошол мамлекеттердин жарандыгын алып, туруктуу жашоочуларга айланган, кандаш туугандарыбыздын саны арбын. Россиянын Новосибирск шаарына барып, Жору тукумдарынын өкүлдөрү менен жолугушуп, санжыралык маалыматтарын тактап, китептин ушул басылышына коштум. Жору тукумдары Чүй, Ош, Жалал-Абад облустарына көчүп барышып, туруктуу жашоочуларга айланышты.

10. Ай тамгалуу Жорунун тукуму Кожонун урпактарынын бири Боро баатырдын уулдарынан Айдарбек менен Назарбек Кулябда калган - деген маалымат бар. Көрүнүктүү Чыгыш изилдөөчү С.М Абрамзондун «Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи». Бишкек-1990-ж. 47-бет китебинде кыргыздардын 12 миң үй-бүлөсү Куляб менен Гиссарга оогону белгилүү - деп жазат. Демек Жору уруусунун өкүлдөрү ошол мезгилде Кулябга көчкөн. Ай тамгалуу Жорулар тууралуу маалыматтарды Шермат Гапар уулу (Молдо Шермат газы (1880-1963-жж.) айтып бергенин уулу Шерматов А. Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылынын жашоочусу кабарлайт. Анда Жору туугандардын таржымалы, айрыкча Боро баатырдын Кулябга куулган кыргыздарды, Жоруларды бириктиргени, азыркы Жору (Жолжакшы) балдарынын ээлеген жерлери тууралуу маалыматы берилет. Бул маалымат чындыкка жакын. Ошол мезгилде бөлүнгөн Ай тамгалуу Жору тукумдары ме-

нен Ача тамгалуу Жору тукумдарынын бейити азыр Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айыл аймагындагы Кочкор-Атада көрүстөнүндө сакталып турат. Бул көрүстөндөрдө Бухара, Самарканд шаарларындагыдай бышырылган кыштардан жасалган күмбөздөрдүн уранды-лары бар. (Жергиликтүү калкта бул кыштар «Кокон кышы» - деп аталат. (Китептин тие-шелүү жеринде ушул көрүстөндөрдүн сүрөттөрү берилди - авт.). Бул кыштар кылымдар бою ачык асманда ысык-суукта, жамгыр-карда ар түрдүү климаттык шартта ачык жерде, бе-йиттин араларында жатканына карабастан, эзилип кетпестен сакталып турганы алардын эң жогорку сапатта, бизге белгисиз технологияда жасалганын далилдейт. Бул кыштар бир жашка толгон букачарлардын канына топуракты жууруп жасалган - деген маалыматтар бар. Мындай технология менен жасалган кыштардын, биздин Жору бубаларыбыздын бейитте-ринде колдонулушу, Жору элинде атагы алыска кеткен, баатырлардын, белгилүү адамдар-дын жашап өткөнүн далилдеп турат.

11. Биздин (Жору) Жолжакшы туугандардын жерлери айтылуу Алай жайлоосунун Айлама, Копкон-Таш, Кара-Киндик жайыттарында бар, Конкон-Ташта Жорулардын ко-рүстөнү сакталып турат. Бизге жеткен маалымат боюнча бул Алайдын Айлама жайлоосуна бара жаткандагы эски бейитте турган чоң кара ташты (Копкон-Таш) Эсеке уругунан чыккан Чалыке балбан койгону белгилүү. Чалыке бул бейитке белги болсун - деп үч чоң таш койгон экен, азыр эки ташы жыгылып, бирөө тике турат.

12. Кыргызстан менен Өзбекстандын чек арасында Кара-Суу районуна караштуу Ак-Таш айылы Жолжакшынын (Жору) урпактарынан чыккан атактуу Адил (Сагымбай) баатырдын (Сагымбай Ача тамгалуу Жорунун Барак уругунан) аты менен байланыш-туу. Ошол жердеги, дөбөлөр - «Коргошун Дөбө» делинип аталат. Ошол дөбөлөр айрым-дары азыр Өзбекстандын аймагында калып «Коргошун-Талаа» - деп аталып, эски сан-жыралык маалыматтарда Жору (Жолжакшы) уруусунун жери экени айтылат. Биздин бубаларыбыздын ошол Коргон-Төбө, Жалал-Кудук ж.б. райондордо үлүштүк жерлери болуп, кышында ошол жерлерде кыштап, жайында жайлоого көчүшкөн. Жайлоосу Алайку, Алай, Алдиер тоосу, Кызыл-Суу болгону белгилүү. Маркумдарын Кочкор-Атага (Кара-Суу ра-йонунун Жаңы-Арык айылына караштуу, Жаңы-Арык - Кызыл-Суу жолунун 16-километ-ринде жайланышкан көрүстөн), Алайдан, Кара-Кулжа жана башка аймактардан атка, тоого артып (сарпоочтоп) келип, көмүшкөн. Бул көрүстөндөрдө арчадан кыналып, атайын жасалган Сагана (сагана-араб тилинде-курбу, текче, кашат - деген мааниде. К. Карасаев - "Өздөштүрүлгөн сөздөр» 234-бети) бейит бар. Мартабалуулар ушул Саганага коюлган. Имет менен Дөөлөт аттуу Кожо уруктары ушундай көрүстөнгө коюлуп, XX кылымдын 40-жыл-дарында ачылып калып, кайра топурак менен жаптырганы белгилүү. Бул китепке ошол сүрөтү да киргизилди (авт.).

Сагана бейиттин

XIV кылымдын орто ченинен баштап моңгол империясы ыдырай баштаган. Эми теги жагынан моңголдордун сол канатына тиешелүү болгон калмактар Дөрбөн (төрт) ойрот деп аталган мамлекеттик бирикме түзүп, кыргыз элине баскынчы чабуул баштаган.1635-ж. Кал-мактар Жунгар калдыгын биригип, чабуулду күчөткөн. Кыргыз уруулары калмактар ме-нен XVIII кылымдын экинчи жарымына чейин көз карандысыздык үчүн кармашып келген. Элди, жерди коргоодо кыргыздын ар бир уруусунан баатырлары чыккан. Жорунун (Жол-жакшы) санжырасында ата-бабалары калмактар менен чабышканы айтылат. Калмактар менен болгон чабыштарда кыргыздар аргасыз жерин таштап көчө качып, кайра жеңип, өз жерлерине келип отурукташкан учурлары көп болгон. Профессор С. Аттокуров «Кыргыз санжырасы» деп аталган китебинин 68-бетинде XVIII кылымда Адигинеден чыккан Ажы бийдин кыргыз урууларын бириктирүүгө аракетин, айрыкча Кокон хандарына каршы туруу үчүн түндүккө Солто, Саруу, Сарыбагыш урууларына жардам сурап барганын жазат. Маа-

лыматтардан Адигине балдары түздүктөн, (азыркы Өзбекстан) тоо тарапка кеткенин биле-биз. Демек биздин Жору (Жолжакшы) уруктары ошол доордо азыркы жашаган жерлерине отурукташып калган десек болот.

Санжырада Ача тамгалуу Жорулар отурукташкан (Кара-Суу району) Кызыл-Суунун Көкүр-Дөбө жайлоосунда Андабай баатырдын калмактар менен болгон чабыштары, эли жерди калмактардан бошоткону айтылат. Азыр ал жерлерде «калмак бейит» - деп атал-ган таш менен бастырылган бейиттерди көрүүгө болот. Кызыл-Суу аймагындагы «Нокош-Эрен» сайы (Нокош калмактын атын, эрен - эр, баатыр дегенди түшүндүрөт). ж.б. аттар калмактардын атынан коюлган. Бул ушул жерде калмактар бир мезгилде жашап кеткенин далилдейт. Эл ичинде Беш абышка тобунан Капич баатырдын эрдиктери, Канай уста ме-нен Жанай устанын жасаган кылычтары алардын сапаттары жөнүндө көптөгөн уламыштар айтылып жүрөт. Калмактар менен болгон согуштарда Ача Жорунун Эсеке тобунан чыккан баатыр Сарыгул жөнүндө маалыматтар бар. Сарыгул баатыр калмактар менен кармашта баатырларча курман болгон. Санжырада Сарыгулдун калмактардан каза болгонун элге угу-зуш үчүн Эсеке уругу «Сарыгул ботом!» - деп өкүргөнүн Элчибек-Кыштоодогу жашаган Жору тууганлары (Капчыгайдын аркы бетинде 15 чакырым аралыкта) угуп, тажыясына кел-ген экен» - деген маалымат бар *(Маалымат берүүчү - Кимсанов К. - Сарыгул баатырдын тукуму, Кара-Суу району Жаңы-Арык айылынын тургуну).*

1758-жылы 1 миллиондон ашык калмак кытайлар тарабынан кырылып, аман калган-дары Волга боюна качып барган. Ушул окуялардан кийин Жалпы кыргыз уруулары менен Жору (Жолжакшы) уруусу азыркы мезгилде жайгашкан аймактарга отурукташкан.

Өзбекстандын Анжиян облусунун аймагында жашап жаткан Ача тамгалуу Жору уруу-сунун Кадасын тобунун окүлү, Анжиян облусунун Жалал-Кудук районунун «Беш-Тал» (Кадасын) кыштагынын жашоочусу, Гафаров Истам Жалалович чоң атасы Капардан (1894-1989-жж.) укканын кабарлайт. Анын айтуусу боюнча XVII кылымдагы калмактар чабуулун-да Ача тамгалуу Жорунун Кадасын уругуна келип эркектерди, анын ичинен жаш жеткин-чектерди кылычтап олтуро баштаганда, бир кемпир бешикте жаткан небересин сактап ка-луу үчүн үстүнө тон жаап жашырып калат. Калмак кирип, «бул ким, уулбу же кызбы?» - деп сураганда, кемпир коркконунан «Кыз, Жаманкыз» - деп жиберет. Калмак кыз экен - деп кы-лычын кайра тартып, чыгып кетет. Эртеси калмактар кеткенден кийин калган эл «Эми эркек аттуу калбады, тукумубуз калбайт окшойт» - деп кайгырганда, баягы кемпир «Кайгырба-гыла, мына эркек калды, Жамангыз - деп алып калдым» дейт. Ошентип ал бала өзүнүн аты үчүн «Жамангыз» болуп аталып калат. Кийин эр жетип үйлөнөт, Мамбет жана Үмөт аттуу уулдуу болот. Азыр Мамбет менен Үмөттүн урпактары ошол аймакта жашап, миңдеген түтүн эл болуп, жашап жатышат. Мамбет менен Үмөттүн урпактарынын санжыралык маалы-маттары Ача тамгалуу Жорунун Кадасын уруктарына кошо жазылды.

Калмактардын кысымынан кыргыздардын бир бөлүгү Памирдин Гиссар, Көлөп аймак-тарына жер которууга мажбур болгондугун жогоруда айткан элек. Ай тамгалуу Жорудан чыккан Серке баатырдын тукуму Кожонун баласы Боро баатырдын уулдарынын бири Ай-дарбек менен Назарбек Тажикстандагы Кулябда (Көлөп) калган - деген маалымат жогоруда жазылган. Калмактар менен болгон чоң салгылашууда (Жийденин-Талаасында, Маажунус-Талаасында (азыр Өзгөн районунун Кызыл-Сенир айылына караштуу талаалар) жалпы кыр-гыздар менен кошо Жорулардын башында туруп чабышты уюштурган - Ай тамгалуу Жору-дан - Боро баатыр, Ача тамгалуу Жорудан - Андабай баатыр, Капич баатыр, Сарыгул баатыр Жаанбай бий, Адил бий ж.б калмактардан азыркы Жорулар ээлеп жашап жаткан жерлерди бошотууда, аларды ошол жерлерге ыгына жараша жайлаштырууда чоң роль ойногону эл оозунда айтылып калган.

Жору (Жолжакшы) уруусунун кыргыз элинин коомдук саясий турмушуна катышуусу тууралуу маалыматтар

Жору (Жолжакшы) уруусу убагында Кокон хандыгында, жалпы эле Кыргыз тарыхында салмактуу орундарды ээлеп тургандыгы жөнүндө көптөгөн маалыматтар бар. Кыргызстандын түндүгүндө Ысык-Көл аймагында Сарыбагыш менен Бугунун чатагында Теңизбайдын бийлери ортого түшүп, элдештиргенге аракет жасаган. Тезек төрө, Керек баатыр, Теке баатыр жөнүндө, жазуучу Эрнис Турсунов «Балбай жана анын доору» - деген китебинде жазган. Элчилик кызматтарда, аскер кызматтарында, кыргыз элинин ынтымагын бекемдөөдө Элчибектерден Жакшыберди, Кожо уругунан Атабай наиб, Теңизбай уруусунан Жапан датка, Ача тамгалуу Жорудан Тойчубек датка ж. б. көптөгөн эл башчылары чоң эмгек сиңирген.

Кыргыз эли өзгөчө түштүк кыргыздары Кокон хандыгынын курамында 167 жыл б.а. 1709-жылдан 1876-жылга чейин жашаган. Бул мезгилде көптөгөн оош-кыйыштар, кыргызды сактап калууда акылман, эр жүрөк бубаларыбыз чоң эмгек сиңиришкен. Булар жөнүндө маалыматтар тарыхый китептерде, жазылбай калгандары урпактарынын эсинде сакталып келүүдө. Кокон хандыгын узак башкарган Кудаяр хандын мезгилинде Адигине уруусунун бийлери «Кудаяр ит багар, итин баксын, бул эл бага албайт» - деп Кокон шаарынан чыгарбай камап салган күндөрү болгон. Теңизбай - деген элден, Дубана датка, Шапаке датка, Кыдыр ордачы дегендер Кокон хандыгында таасирдүү ролдорду ойногон». (Тоголок Молдо «Тарых, түпкү аталар» «Кыргыздар» аттуу китептин 15-бети).

Кокон хандыгында Жорудан чыккан Атабек (Атабай) наиб таасирдүү адам болгон. Азыр анын кызынан калган тукумдар - Куршабда жашашат, Атабай, Дадабай дегендер бир туугандан. Дадабайдын балдары Өзбекстандын Төпө-Курганында Жору-Кыштакта жашашат. Балдары Адиш, Ашим, Абдилла, Кубат. (Маалымат берген- Б.Мадымаров. Куршаб айылы. К. Сыдыкова. Кыргыз тарыхы. Бишкек-2003-ж. 525-бет.). (Наиб - иран тилинен - орун басар - деген мааниде - К.Карасаев. Өздөштүрүлгөн сөздөр, 207-бет). Кокон хандыгынын мезгилинде хан ордосунун атынан Ача тамгалуу Жоруларды бийлегендердин катарында Кадыралы уругунан Садыкты, Жакып бийди жана анын небереси Сооржан уулу Тойчубек датканы кошууга болот. Тойчубек датка Курманжан датка менен үзөңгүлөш жүргөнү белгилүү.

Китептин «Белгилүү адамдар» бөлүгүндө Кашкар бийлигинде кызмат кылып, тарыхта аты калган Жору уруусунан Тете, Бедел, Умар бийлер, Чыпак казы Шермат Султанов-дор тууралуу маалыматтар жазылды. Азыркы мезгилде Кыргызстан тарыхы боюнча жаңы муундагы окуу китептери чыга баштады. Аларда тарыхта биринчи жолу (История Кыргызстана (С древнейших времен до наших дней. -Б. 2012) Бул китептерде Адигине бий менен кошо Жорудан Боро баатыр, Андабай баатыр, Адил бий, Жапан датка, Атабай наиб, Тойчубек датка, Тете бий, Өмарбек датка, Биймырза бий, Молдо Гайып, Молдо Дарвандар тарыхтагы орундарын табышты. Жору уруусунан чыккан атактуу акын-жазуучулар К. Жантошев, С. Жусуев - Кыргыз Эл баатыры, артистерден Р. Абдыкадыров, А. К. Турапов, К. Жолдошев ж. б. жалпы кыргыз элинин сыймыгы болуп калышты.

Аты унутулуп бара жаткан А.И.Шеров - Кыргызстандагы эң алгачкы билимдүү врачтардын бири, илимпоз, «СССРдин саламаттыгын сактоонун мыктысы» атабыздын ишмердиги Кыргызстан тарыхы боюнча жазылган окуу китептерине киргизилди. Маалыматтар ушул китептин тиешелүү жерине киргизилди. Атактуу чарбалык, мамлекеттик жетекчилердин катарына Ш.Жээнбеков, О.Умарходжаев, П. Жолдошев, Ж. Атабаев, ж.б. кирди. Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мурдагы төрагасы А. Ш. Жээнбеков, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри, Кыргыз Республикасынын

Президенти - С.Ш. Жээнбеков, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун төрайымы - Г.Ү.Калиева, Республиканын Премьер-министринин мурдагы орун басары - Ч. А. Султанкулова, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары К. Абдиев, М. Кадырбекова, КРнын Социалдык жактан коргоо министринин мурдагы орун басарлары З.Кадеянова, Л.Мамытова, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министринин мурдагы орун басары К.Тезекбаев, Ош шаарынын Мэри, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министри болуп иштеген С. Чырмашев, Социалисттик эмгектин баатыры Г. Ормонова сыяктуулар киргизилди.


Жору (Жолжакшы) уруусунан чыккан бардык окумуштууларды, республикалык, облустук, райондук жана чарбалык жетекчи кызматтарда азыркы учурда жана мурда иштегендерди, мамлекеттик коопсуздук, ички иштер, аскер кызматтарында, прокуратура жана сот тармактарында эмгек сиңиргендерди сыймыктануу менен ушул китептин тиешелүү бөлүгүнө киргиздик. Биз алардын жасаган иштери менен сыймыктанып гана тим болбостон, даңазалап жүрүүгө милдеттүүбүз жана булардын өрнөктүү өмүрлөрү келечек муундарга үлгү болооруна ишенебиз.

КЫРГЫЗ УРУУЛАРЫНЫН БӨЛҮНҮШҮ

Элдик санжыраларда кыргыз уруулары жалпысынан Оң канат, Сол канат жана Ичкилик - деп аталган үч ири уруулук топко ажырайт. Мындай бөлүнүүнү байыркы мезгилдерден бери келе жаткан көчмөндөрдүн салтына негизделген, туугандык аймактык тектештикти камтыган коомдук-социалдык уюмдашуу десек болот.



Оң канат ич ара Адигине, Тагай, Мунгуш деп аталган уруулук бирикмелерге ажырап, аларга: Бөрү, Баргы, Жору, Сарттар, Карабагыш, Сарыбагыш, Бугу, Солто, Жедигер, Багыш, Саяк, Азык, Черик, Моңолдор, Коңурат, Баарын ж.б.



Булар негизинен Кыргызстандын тең жарым аймагын ээлеп, анын түндүк-чыгыш бөлүгүн мекендешет. Оң канатка кирген уруулардын бир бөлүгү Кытай мамлекетинин курамына кирген Чыгыш Туркестанда жашайт.

Оң канаттын түштүк бутагын түзгөн уруулар Адигине (Адигине-Мунгуш), түндүк бутагы Тагай уруулук бирикмеси деп аталат. Мындан тышкары Наалы эже уруктарына кирген, Моңолдор, Коңурат, Баарың уруулары да Оң канатка кирет.

Сол канат уруулары Саруу, Кушчу, Кытай, Басыз, Мундуз, Жетиген, Төбөй, Чоңбагыш. Кыргызстандын түндүк батыш аймагынан орун алган (Чоңбагыш уруусунан башкасы, чоң багыштар Кытайдагы Кашкар шаарынын түндүк - батыш тарбындагы тоолордун этектеринде жашашат).

Ичкилик уруулары Тейит, Бостон, Жоокесек, Кесек, Нойгут, Канды, Кыпчак, Найман, Дөөлөс, Кыдырша, Ават, Оргу. Кытайдагы Памир (Сары-Кол) тоосунун түндүгүнөн тартып, батышка карай Кыргызстандагы Алай, Тажикстандагы Бадакшан, Памир жана Каратегин аркалуу Өзбекстандагы Жизак аймагына чейинки территорияда жашап, алар Кыргызстандын жалаң түштүк чөлкөмдөрүнө тараган. *(Маалымат ээси - Р. Жолдошев - профессор . КУИА Тарых жана маданий мурас институтунун улук илимий кызматкери).*

Адигине. Адигинеден - Жору (Жолжакшы)
Жорудан - Жолубай, Кудайберди. Кудайбердиден - бала жок.
Жолубайдан - Астар (Ай тамгалуу Жору).
Кастар (Ача тамгалуу Жору).

Эскертүү: Жору (Жолжакшы) уруусунун «Ай тамгалуу» жана «Ача тамгалуу» деп аталып калгандыгы тууралуу төмөндөгүдөй жазуу жана оозеки маалыматтар айтылып келет. XX кылымдын башында жашап өткөн Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунун өкүлү, диний аалым молдо Шерматтын айтуусу жана жазып кеткен маалыматтары боюнча жана тарыхта белгилүү болуп жазылып келген 17-кылымдагы Кыргызстандын азыркы аймагында болуп өткөн калмак жапырыгында (чабуул) жалпы кыргыз калкы менен Жору уруусунун уруктары да Куляб-Гиссарга оогону, жер которгону белгилүү.(Ай тамгалуу Жорунун Кожо уруктарынан азыркы Тажикстандын Кулябда Айдарбек менен Назарбектин кала бергени да азыр да оозеки айтылып, жазылып жүрөт). Калмактар Кытайдын Цинь империясы тарабынан кырылып, Орусияга качып барганы белгилүү. Кыргыз жери Калмак баскынчыларынан бошотулганда азыр оозеки айтылып жүргөн- Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылынын чыгышындагы Адык үңкүрдө (же Ади -үңкүр) Жору уруусунун бабалары Астар бий, Кастар бийлер кеңешип, " мындан ары ынтымакта жашап, тууган болуп жүрүүнү улантуу үчүн карамагынардагы малыңарга эн салуу эрежесин киргизишет. Астардын балдары Ай тамганы, Кастардын балдары Ача тамганы эн тамга кылып кабыл алат. Ошондон баштап, Ай тамгалуу, Ача тамгалуу Жору тукумдары болуп аталып келишет.

АЙ ТАМГАЛУУ ЖОРУ(ЖОЛЖАКШЫ)
(Астар уулу)

Астардан - Серке баатыр.

Серкеден - Кожо, Тасма, Теңизбай. (Биринчи Аккөрпө аттуу аялынан) Каракунас - (экинчи аялы Сонунбүбүдөн).

Серкенин Кожосунан - Мурзакул, Боро (Бараан), Коңур.

Мурзакулдан - Жоошбий, Кубат бий, Жолдошбай (Калдыр), Кыпчакбай.

Бородон (Бараан) - Айдарбек, Назарбек, Кожояр, Кудаяр, Кенжебай (Айдарбек менен Назарбек Тажикстандын Кулябында (Көлөп) калган. Маалыматтарды - ушул уруктун XX кылымдын башында жашап өтүшкөн урпактары - Кенжебай уулу Момо, Амат уулу Сарыбай, Тилекс уулу Мурат, Байсары уулу Макамбайлардан угушкан маалыматтары боюнча Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылынын тургуну 60 жаштагы Шерматов Абдулкайым, Өзгөн району Кызыл-Сеңир айылынын тургундары Полотов Жеңиш, Абдраимов Абдикерим, Ормонов Мамазаир, Ашимов Расулдар беришти.

Конурдан - (кээ бир маалыматта Кунчувак болуп жазылып жүрөт, бирок ал кыштактын аты экендиги, азыр да Өзбекстандын Анжиян облусунун Жалал-Кудук районунда Күнчубак айылы бар экени изилдөө мезгилинде аныкталды). - **Абдал, Шеркозу**, (Тарыхчы Султан Жумашевдин жазуу түрүндөгү маалыматы боюнча Шергазы деп айтылат. 25.10.2018.) **Календер**.

Серкенин Тасмасынан (Маматкадыр чоң калпак, Күчүкбай деп да аталып жүрөт) - Бай, Жараш, Маш, Тилеш, Кудаш, Кожомкул.
Байдан - Карагул, Төлөк, Айдолду, Сүйрү.
Жараштан - Гүрдүчү, Эшболот, Онокон (Алакулак).
Маштан - Тенес, Темир, Байбит.
Тилештен - Маширап (Карамойун).
Кудаштан, Кожомкулдан маалымат жок, Тасма уругунун калган уруктары менен аралашып кеткен окшойт.

Серкенин Теңизбайынан - Булаш, Биймырза, Жалаңтөш (Дөөлөтбай).
Булаштан - Асан, Досмат, Алооке.
Биймырзадан - Коштай, Жантай, Абыке, Габыке.
Жалантөштөн (Дөөлөтбай) - Мамай, Назар, Ырыскул, Кенже.
Серкенин Каракунасынан - Кулушук, Чөндөлөш, Дуулат, Орок, Калмакы.

Эскертүү: Кээ бир санжыралык маалыматта Ардай уругу Жорунун бир баласы - деп жазылган. Ардайлар Өзбекстанда, Кыргызстандын айрым аймагында Баргы уруктары менен аралашып жашашат. Жору туугандарга кошулаары дагы күмөн, себеби Ардай аттуу кыргыздын уруктары Баргы уруусунун Сансыз уругунда Асылбаш, Асан, Сарай топторунун атасы болуп жазылган. Же ал Ардайлар аты окшош уруктарбы, азырынча тактоо мүмкүнчүлүгү болбоду. (Турдубай Умар у. - Б., 1991-ж. Кыргыз санжырасы. 6-бетте).

Кожо уруктары Өзбекстандын азыркы Анжиян облусунун Кожо-Абад, Жалал-Кудук райондорунун (Мүмкүн Кожо-Абаддын аты Ай тамгалуу Жорунун Кожо бубасынын аты-нан коюлгандыр - деп да ойлодум? - тактоо зарыл, - автор) аймагында Кара-Суу районунун Катта-Талдык айыл өкмөтүнүн Кербен-Кол кыштагында, Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн аймагындагы Паркырабад, Кара-Дөбө ж. б. айылдарында, Өзгөн районунун Куршаб, Кызыл Октябрь, Кызыл-Сеңир аймагында, Кара-Суу, Ош, Бишкек шаарларында, Чүй өрөөнүндө, Кытай Эл Республикасынын Цзинь Цзянь облусунда (кырг. -" Жаңы жер") - Сымкана, Бостон-Терек, Жыкын ж.б кыштактарында отурукташкан.

Серкенин Кожосунун Мурзакул уругу негизинен Кара-Суу районунун Отуз-Адыр айыл аймагынын Кызыл-Абат (Паркырабат) кыштагында, Отуз-Адыр айылдарында, Кара-Суу, Ош, Бишкек шаарларында, Чүй өрөөнүндө отурукташып, жалпысынан 450дөн кожолукта 3000ден ашык жанды түзөт. Мурзакул бий Кожо бийдин аксакал балдарынын бири, ушул уруктун баштоочусу. Мырзакул бийдин урпактарынан Жоош бий, Кубат бий, Мамажунус газы сыяктуу журт башылары, Ийрекбай балбан, Келдибек пансат сыяктуу

уруктун мекен сүйгөн азаматтары чыккан, далай жолу намыска жарап, урукташтарын, элин коргошкон. Соңку мезгилдерде бул уруктан Төрөбек Жунусов облустук масштабдагы жетекчи кызматтарда иштеген, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутат болуп шайланган. Республиканын күч органдарында Юсупов Абдраим, Мусаев Анарбектер иштешкен. Жунусов Абдибаит - химия илимдеринин кандидаты болуп, жогорку окуу жайларында кызмат кылган. Совет доорунда колхоз башкармасы кызматын Абдрахманов Муса аткарган. Бул уруктан Маматалиев Калдарбек - Өзбекстандын, Россиянын элчиликтеринде кызмат өтөп келүүдө. Бул уруктун эсинде көптөгөн убакыттан бери унутулбай келе жаткан улуу инсандардын бири Базаркул болгон. Базаркулдун таржымалы төмөнкүдөй. Мурзакул бийдин уруктары мурда азыркы Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айыл аймагындагы Ади-үңкүр - деген жерде, Жорунун калган уруктары менен жашагандыгы белгилүү. Азыркы учурда деле ошол Мурзакул уруктарынан Кубаттын Тырматынын Тойчубеков Жолдош аксакалдын уул-кыздары ата-бабасынын ордунда, журтунда, Жаңы-Арык айылында жашап келүүдө. Калктын саны көбөйүп, мал-жан кошулганда башка жер, жайыт зарылдыгы пайда болуп, издей баштаган. Ошондо ушул уруктан чыккан Базаркул Кокон хандыгында жер өлчөгүч (Зинданбир) болуп иштеп жүрүп, өзүнүн туугандары Мурзакул бийдин тобуна азыркы Паркырабатты (Барикырабад) (Кара-Суу районунун Отуз-Адыр айыл аймагында) өлчөп, Кокон хандыгынын расмий документин алып берет. Натыйжада Жорунун бул уругу ошол мезгилден бери бул аймакта жашап келүүдө. Базаркулдун Кокон хандыгына барып иштеп калганынын себеби ушул элден чыккан Жоош бий салык төлөөдөн кыйналып калганда, хан төбөлдөрү Жоош бийдин алгыр кушун «берсин» - деген буйрук бергенде, Жоош бий «Сартка куш салышты ким коюптур» - деп берүүдөн баш тартат. Натыйжада Кокон ханы Жоош бийди жазалоого буйруп, аскерин жөнөтөт. Жоош бий боюнда бар аялын журтка калтырып, тоо тарапка жашынат. Хан аскерлери Жоош бийдин калтырган аялын хан ордосуна алып кетишет. Убакыт өткөндөн кийин баягы аял уул төрөйт. Уулу чоңоюп, жөрмөлөгөндө баягы алгыр кушун көтөрүп, Жоош бий хан ордосуна барат. Хан баланы ортого коё бергенде, жөрмөлөгөн жаш бала Жоош бийдин тизесине келип жармашат. «Бул бала чоңойсо жакшы адам болот» деп, хан баланы Жоош бийге бербей коёт. Ошондо Базаркул ошол хан ордосунда тарбияланып, чоңоёт. Кийин баралына жеткенде ордонун жер өлчөөчү (Зинданбир) кызматын аткарып жүрүп, жогоруда баяндалган жерди туугандарына бөлүп берет. Бул уруктан чыккан Мамажунус газы тууралуу жакшы эскерүүлөр бар, бул киши куугунтукка Совет мамлекетинин мезгилинде учураганы белгилүү. Бул Мамажунус (Жунус) газы тууралуу маалымат «Египеттеги Алиаскар университетинин архивинде» бар - деген маалымат айтылып жүрөт.

Мамажунус газынын таржымалы менен кошо бул уруктан чыккан Келдибек тууралуу дагы кошумча изилдөө жүргүзүү зарыл, себеби кыргыз элинин кызыкчылыгын көздөп, Совет мамлекетинин жүргүзгөн саясатына каршы күрөшкөнү белгилүү, архивдик материалдардан изилдесе, маалымат чыгаар - деген үмүт бар.

Кожонун Мырзакулунан - Жоош бий, Кубат бий - (биринчи аялынан), Жолдошбай (Калдыр), Кыпчакбай (экинчи аялдан).
Жоош бийден - Жабшык бий, Базаркул. (Базаркулдун тукумдары боюнча маалымат жок).
Жабшык бийден - Нурумбай.
Нурумбайдан - Атабий, Мусабий, Асанбий.
Атабийден - Калыбек, Жумабек.
Калыбектен - Матмуса.
Матмусадан - Атамкул, Матраим.

Атамкулдан - Маматкадыр, Калил, Жалил.
Маматкадырдан - Абылкасым, Мамазакир.
Абылкасымдан - Нургазы, Сиездбек.
Мамазакирден - Раимберди, Жуманазар.
Калилден - Жамалдин, Салайдин, Ибрагим.
Жамалдинден - Майрамбек, Майсалбек, Жылдызбек, Мыйманбек, Айтбек.
Салайдинден - Улук.
Жалилден - Чолпонбай, Жыргалбек.
Чолпонбайдан - Бектур, Болуш.
Жыргалбектен - Жоомарт, Арген, Даниел.
Матраимден - Акимжан.
Акимжандан - Автандил, Канатбек, Дөөлөтбек, Жантөрө.
Автандилден - Адилет, Мерген, Марлен.
Атабийдин Жумабегинен - Токе, Турдумамат, Жүсүп.
Токеден - Токтосун, Паяз.
Токтосундан - бала жок.
Паяздан - Рахман.
Рахмандан - Абдиашим, Абдумитал, Абдулла.
Турдумаматтан - Ибайдилла.
Ибайдилладан - Жусупбек.
Жусупбектен - Олжобай, Базарбек, Бекмурат, Бекмурза.
Олжобайдан - Таалайбек, Акылбек, Алтынбек.
Базарбектен - Максатбек, Медетбек.
Бекмураттан - Аскатбек, Нурмухаммед.
Бекмурзадан - Куттубек, Тургунбай, Төрөгелди.
Жүсүптөн - Жунусбай.
Жунусбайдан - Турат, Мурат, Сүйүнбай, Мурзакул.
Туратган - Данияр, Акыл.
Мураттан - Кубаныч.
Сүйүнбайдан - Таалай, ...
Мурзакулдан - Алмаз, Сардарбек.
Нурумбайдын Мусабийинен - Кожоберди, Төлөнберди.
Кожобердиден - Абдрахман, Абжапар, Ийрекбай.
Абдрахмандан - Асан, Муса.
Асандан - Курманбек, Кубаныч, Баатырбек, Мамашакир, Полотбек.
Курманбектен - Искендербек,
Кубанычтан - Данияр, Нурдин, Ильяз, Элдияр, Акжол.
Баатырбектен - Кадыр, Руслан, Мирлан, Акынбек.
Мамашакирден - Эрлан, Темирлан.
Полотбектен - Эржан.
Мусадан - Рустам, Токтогул, Төлөн, Исабек.
Рустамдан - Таалай, Анарбек, Али.
Токтогулдан - Канжарбек, Нургазы.
Төлөндөн - Равил, Расул, Дастан.
Исабектен - Замирбек, Тимур, Базарбек, Кайрат.
Абжапардан - кыздар: Тажи зже, Ташбу, (уул калган эмес).
Ийрекбайдан - Абыт.
Абыттан - Нурпазыл, Турдубай, Турдубек ажы.

Нурпазылдан - Равшан, Асилбек, Бакытбек, Медетбек.
Равшандан - Бакыт, Акыл, Асан, Үсөн.
Асилбектен - бала жок.
Бакытбектен - бала жок.
Медеттен - Руслан, Адилет.
Турдубайдан - Самарбек, Саматбек, Раатбек.
Турдубектен - Актилек.
Төлөнбердиден - Аамат.
Ааматтан - Жолу.
Жолудан - Төрөмырза, Токомурза, Өмүрмурза, Шермамат, Эрмамат (Умирбек).
Төрөмырзадан - Манас, Таалайбек, Кылычбек, Айбек.
Манастан - Азамат, Бектурсун
Таалайбектен - Бексултан, Сергалы, Мирлан, Эрлан.
Кылычбектен - Бекболот, Ырыскелди.
Айбектен - Эрбол.
Токомурзадан - Талантбек, Саматбек, Шабдан.
Өмүрмурзадан - Майсалбек, Дастанбек, Дамирбек.
Шермаматтан - Тынчтыкбек.
Эрмаматтан (Умирбек) - Кыялбек, Асилбек, Эдилбек, Мыктыбек.
Нурумбайдын Асанбийинен - Ташмат, Молдошакир (Өзбекстандын Жар-Кыштагында жашашат, маалымат жок).
Ташматтан - Али.
Алиден - Женүш, Мамат.
Женүштөн - Бакыт,
Бакыттан - Нурсултан.
Маматтан - Кылыч, Сүйүнбек, Сүйөрбек, Нурбек.
Мурзакулдун Кубатынан - Тырмат, Сейит ажы, Шербек, Шайбек, Бөкө, Тынар, Эргеш.
Кубаттын Тырматынан - Тойчубек, Каракиши, Жусупали, Абла.
Тойчубектен - Жолдош, Нурмамат.
Жолдоштон - Сапар, Кудайберди, Асан, Үсөн, Эсен.
Сапардан - Аскар, Ыкыбал, Мамыт, Жаныбек, Кыял, Нияз, Кенжебек.
Аскардан - Айгүл.
Мамыттан - Гүлжигит.
Гүлжигиттен - Айбек.
Жаныбектен - Акыл.
Нияздан - Жаркын, Эркин.
Кыялдан - Жоомарт.
Кудайбердиден - Кылычбек, Санжарбек, Салмоорбек, Эмир, Нургүл, Гүлзат, Чинарита.
Кылычбектен - Юрислан, Мирислан, Айзирек, Гүзел.
Санжарбектен - Бексултан, Рамазан, Айжамал, Раяна, Ясмина.
Салмоорбектен - Бекдөөлөт, Максатбек, Алихан.
Асандан - Минажат, Матлюба.
Үсөндөн - Тимур, Чыңгыз.
Эсенден - Жумабек, Актилек.
Нурмаматтан - Адай.
Адайдан - Калмамат, Абдраим.

Калмаматтан - Таалайбек, Талантбек, Мирбек, Алымбек, Канибек.
Таалайбектен - Даирбек, Урматбек, Нурел.
Талантбектен - Даниел, Умар, Нуржигит.
Мирбектен - Мирсулжан.
Алымбектен - Медет.
Абдраимден - Кубаныч, Адилет. Назира, Гүлзина, Гүлзар.
Кубанычтан - Мээрим.
Каракишиден - Төрөбай .
Жусупалиден - Төлөнбай (Алайдын Жошолусунда жашашат.)
Төлөнбайдан - Нурбек, Союзбек, Ишенбек.
Абладан - Закир.
Закирден - Абин, Мекенбай, Немат, Асан.
Абинден - Алмазбек, Тынчтыкбек.
Мекенбайдан - Ныяз, Арсен, Жылдыз
Нематтан - Бактыбек, Баястан, Байжан.
Асандан - Самаган.
Кубаттын Сейит ажысынан - Мамытбек бий, Молдо Өмар, Абла, Саргынтай, Жунус.
Мамытбек бийден - Зулпукар, Алима эже.
Молдо Өмардан - Максут, Осмон, Садык.
Максуттан - Батрали, Эрали.
Батралиден - Тагай.
Тагайдан - Бакытбек, Мирбек.
Эралиден - Талант, Полот, Улан, Алтымыш, Кенжебек.
Осмондон - кыздар.
Садыктан - Калбай.
Калбайдан - Кудайберди. Эген, Теңирберди, Теңиз.
Кудайбердиден - Мирбек, Канболот, Каныбек, Муратбек.
Эгенден - Талбас, Жалын, Тынчтык, Замир, Дамир.
Теңирбердиден - Ыдырыс, Алмаз.
Теңизден - Арстан, Курсанбек, Султанбек.
Абладан - Маматкул, Базарбай.
Маматкулдан - Азимжан.
Азимжандан - Калил, Муктар, Жолболду, Сапарали, Мухаммед, Жалил.
Калилден - Тариел, Бакыт, Нурбек.
Муктардан - Алтынбек, Бактыбек, Самат.
Жолболдудан - Тыныстан, Байстан, Руслан.
Сатаралиден - Сталбек, Жыргалбек.
Мухаммеджалилден - Жумабек.
Базарбайдан - Турат.
Тураттан - Кубанычбек, Таалайбек, Медер, Өмүрзак, Жылдыз, Чолпонбай, Шергазы.
Саргынтайдан - Жанузак.
Жанузактан - Нышан.
Нышандан - Ураим, Аман, Садык.
Ураимден - Темирбай.
Темирбайдан - Арстан, Нуркамил, Акылбек, Асилбек.
Амандан - Абдразак.
Абдразактан, Касым, Бакыт, Тынчтык, Таалай.
Садыктан - маалымат жок.

Жунустан - Пазыл, Сами, Муса.
Пазылдан - Абдыманап.
Абдыманаптан - Аскар, Ырысбек, Арап.
Самиден - Тажибай. Тажибайдан Байыш, Максат, Медет.
Мусадан - Мамасыдык.
Мамасыдыктан - Анарбек, Исламидин, Арип, Орозбек, Медет (Дилаш).
Анарбектен - Совет, Союз.
Исламидинден - Самат, Оомат.
Ариптен - Иляз.
Орозбектен - кыздар.
Медеттен - Арген, Муса, Нурбол.
Кубаттын Шербегинен - Жапшык, Эшназар.
Жапшыктан - Молдо-Бердике.
Молдо-Бердикеден - Мамажунус, Керкибаш, Бакир, Абдилла.
Мамажунустан - Абдимажит, Абдибаит, Амит.
Абдимажиттен - Төрөбек, Жоробек, Айбек, Акылбек, Бакытбек, Нурислам.
Төрөбектен - Азизбек, Иманбек.
Азизбектен - Аскар.
Жоробектен - Жеңишбек, Жакшылык.
Айбектен - Мирбек, Чыңгыз, Шербек.
Акылбектен - Курсанбек.
Бакытбектен - Максат, Аскар
Абдибаиттен - Урмат, Кубаныч.
Кубанычтан - Дастан, Рустам.
Амиттен - Баатыр.
Баатырдан - Улан, Жуманияз.
Керкибаштан - Орунбай, Буркан, Муса.
Орунбайдан - Рысбек, Жаныбек, Каныбек.
Буркандан - Тургунбай.
Тургунбайдан - Шүкүр.
Бакирден - Али.
Абдилладан - Сами Арыкбай, (Согуштан кайткан эмес), Зулпу.
Зулпудан - Камчыбек.
Камчыбектен - Сүйөр, Жумабек, Нурбек.
Эшназардан - Абдрахман, Исакул.
Абдрахмандан - Аваз. Аваздан - Токтобай.
Токтобайдан - Турдумат, Бегмат, Абдикерим, Мамат.
Турдуматтан - Иляз, Кубаныч.
Бегматтан - Таалай, Улан, Азамат.
Абдикеримден - Аскар, Жеңиш, Жыргал.
Маматтан - Алишер.
Исакулдан - Прахмат.
Прахматтан - Эрмек, Жүсүп, Өмар.
Эрмектен - Калил, Жали. (Фин согушунан кайткан эмес.)
Калилдан - Сатвалды, Жолдош, Эргеш.
Сатвалдыдан - Кыял, Кыяз, Улук.
Жолдоштон - Илгиз, Чыңгыз, Манас.
Эргештен - маалымат жок.

Жүсүптөн - Абдраим.
Абдраимден - Майрамали, Султанали.
Майрамалиден - Нурали, Бегали, Ниязали.
Султаналиден - Нуртилек.
Өмардан - Абдыкайым, Сагынбек.
Абдыкайымдан - Нурбек, Иманали, Дарманали, Орозали,
Сагынбектен - Аскер, Эламан.
Кубаттын Шайбегинен - Тоокебай, Мамадияр, Садирбек.
Тоокебайдан - Токсонбай, Апиз.
Токсонбайдан - Сапар, (Сапардын балдары белгисиз, Ноокен району тарапта жашашат.)
Апизден бала жок.
Мамадиярдан - Ысакмат, Жашасын.
Ысакматтан - Абай, Жаныбек, Камил.
Жашасындан - Медетбек, Мелисбек, Эрнис, Жаштарбек, Жанарбек.
Садирбектен - Жүсүп. Жүсүптөн - Ысмайыл.
Ысмайылдан - Жеңиш, Маматазим, Маматкарим.
Жеңиштен - Мирбек, Данияр.
Маматазимден - Улан, Уран, Марс, Жылдызбек.
Маматкаримден - Эсен, Эмилбек, Сапар, Нияз, Мирлан, Шайбек.
Апизден бала жок.
Кубаттын Бокосүнөн - Атек, Атакул, Султанкул, Аматбай, Карабай.
Атектен - Мурзабек, Айдарали, Келдибек, Бердибек, Турдубек, Керимбек.
Мурзабектен - Бакирали. Бакиралиден Сабыр.
Сабырдан - Алтынбек, Замирбек, Жумабек, Жанарбек, Куттубек.
Айдарали - (согуштан кайткан эмес. 2014-ж. Россиянын Подмосковье областынан согуштан табылып, ошол жерге кайра көмүлүп, тууганларына жазуу түрүндө кабар келген.)
Келдибектен - кыз, небереси - Моту эже.
Бердибектен - Осмон.Осмондон - Белек. Белектен - Айбек, Акыл.
Турдубектен - маалымат жок.
Керимбектен - Шайназар. Шайназардан - Канат. (толук маалымат жок.)
Атакулдан - Чекир, Маматжунус, Тезекбай, Жоошбай, Топчубай.
Чекирден - Маматали. Маматалиден - Капар.
Капардан - Калдарали.
Калдаралиден - Жаныбек, Кадырбек.
Маматжунустан - Жамшит.
Жамшиттен - Каныбек.
Каныбектен - Аскарбек, Сапарбек.
Жоошбайдан - Баит. Баитттен - Адыл. Адылдан - Акыл. (Башка жакта жашашат)
Тезекбайдан - Арстанбек, Сапар.
Арстанбектен - Төлөн, Алым, Бакыт.
Сапардан - Нурбек, Нургазы.
Топчубайдан - Закир. Закирден - Ахмадали, Нурмамат.
Ахмадалиден - Насирбек, Асилбек, Таирбек, Заирбек, Жума.
Насирбектен - Жаныш, Жолболду, Чыңгыз, Жылдыз.
Асилбектен - Ниязбек, Илязбек, Азретали.
Таирбектен - Улан, Улук, Элчибек.
Заирбектен - Акбар, Ороз, Бексултан.

Жумадан - Динислам, Кылымбек.
Нурмаматтан - Икрам, Турдали, Байыш, Өмүрбек.
Икрамдан - Азамат, Адилет.
Турдалиден - Арзубек, Амерхан.
Султанкулдан - Үсөн. Үсөндөн - Бакир Жама.
Бакирден - Токтосун, Токтомат, Алимжан.
Токтосундан - Маматкасым, Куштарбек, Эрнис, Дастан, Кубат.
Токтоматтан - Өмүрбек.
Алимжандан - Бекзат, Бектур.
Жамадан - Сатывалды, Жаныбек.
Сатывалдыдан - Айжигит, Гулжигит, Каныбек, Нуржигит.
Жаныбектен - Медетбек, Бакытбек.
Аматбайдан - Бабай, Ахмед, Маматай, Али.
Бабайдан - Осмон. Осмондон - кыздар.
Ахмедден - Мадали.
Мадалиден - Аваз, Азиз, Алимбек, Алимкул.
Аваздан - Бакыт, Арзымат.
Азизден - Тилек.
Алимбектен - Бекболот, Алберт, Мунарбек.
Алимкулдан - Нурсултан, Нурлан.
Маматайдан - Арын.
Арындан - Мурза, Турсун, Мамасали, Раим, Пайзулла, Калдар.
Мурзадан - Каныбек, Тынчтык, Жаныбек,
Турсундан - Баатыр, Нурбек, Бексултан.
Мамасалиден - Нурсултан.
Раимдан - Эгенберди, Примберди.
Пайзулладан - Мухаммед, Асан.
Калдарбектен - Зикирбай.
Алиден - Ысмайыл.
Ысмайылдан - Исраил, Мамарасул, Абдрасул, Абдувасит. (Чүйдө жашашат).
Кубаттын Тынарынан - Тайгара.
Тайгарадан - Каралар.
Каралардан - Капар, Султан.
Капардан - Абдисатар, Калил.
Абдисатардан - Арипжан, Кушубек.
Арипттен - Улан, Нурлан, Мирлан, Эрлан, Нурсултан.
Кушубактан - Руслан, Ислам.
Калилден - Замир, Куштарбек.
Султандан - Жүсүп, Арын.
Жүсүптөн - Жаныш, Манас.
Жаныштан - Тынчтык, Түгөл. (Жалал-Абад облусунда жашашат).
Манастан - Рустам, Кабыл.
Арындан - Байыш, Камчы, Каныбек, Жылдыз. (Бишкекте жашашат).
Кубаттын Эргешинен - Момол.
Момолдон - Гайып, Саит.
Гайыптан - Зайлан, Мийзамидин.
Зайландан - Абдиашим, Акылбек, Сабыт, Самат, Замир.
Мийзамидинден - Алмаз, Тимур, Мурзапаяз, Эртабылды, Нурлан, Манас.

Саиттен маалымат жок.

Мурзакул уругунда Аккозу уулу аттуу Ай тамгалуу Жору тукумдары бар. Бул топтун санжырасын толук изилдеп тактай албадык. Булардын санжырасын тактоо келечек муундардын милдети.

Аккозудан - Абдрасул, Сами, Амат, Анарбай, Айти, Суран, Турдубек, Момол.
Абдрасулдан - Керкибаш. Керкибаштан - Турдубай.
Турдубайдан - Анвар, Рашид, Эмил.
Самиден - Абдразак, Абабакир.
Абдразактан - кыз.
Абабакирден - Аскар, Жапар, Капар, Анарбай, Таалай, Бакыт, Жанарбек, Бекен, Алмаз, Нурбек, Мундуз.
Аматтан - Жали. Жалиден - Эргеш, Эркин, Абжапар, Абдымомун.
Анарбайдан - Асилбек. Асилбектен Ташмамат.
Ташмаматтан - Майрамбек.
Айтиден - Жоро.
Жородон - Тургунбай, Асан, Садык, Маматилла, Канышбек.
Тургунбайдан - Эмил. (Бишкекте жашайт).
Сурандан - Амир.
Амирден - Семетей, Сеитбек, Сыдыкбек, Нурлан, Ислам.
Турдубектен - Калыл.
Калылдан - Адил, Эдил.
Момолдон - Муса.
Мусадан - Максат.

АККОЗУ ТОБУНУН ДАГЫ БИР БӨЛҮГҮ АТАЙ ТОБУ

Атайдан - Кайназар, Таши.
Кайназардан - Рай.
Райдан - Атабек, Аттокур.
Ташиден - кыздар.

(Мурзакул уругунун маалыматын Ирекбаев Турдубай Абытович - Кара-Суу районунун Отуз-Адыр айыл округунун Кызыл-Абад айылынын тургуну, 1955-жылы туулган, февралда, 2014-жылы берди.)

Мурзакул тобуна жакындашкан, мүмкүн ушул топтун урпактары, Өзбекстандын Коргон-Төбө районунун Бирлешкен, Яркышлак айылдарында жашашкан, өздөрүн **Чоголочун Жору** - деп аташкан уруктар жөнүндө, алар 600дөн ашык кожолукта, 2000ден ашык жанды түзүшөт. Бул маалыматты Бакиров Ысманали Акунович - Ошгогу социалдык университетинин социалдык институтунун мүдүрү берди.

Чоголочун Жорудан - Кебек.
Кебектен - Савак.
Савактан - Чувак.
Чувактан - Бакир, Абдикарим.
Бакирден - Акун, Дүйшө.
Акундан - Турсуналы, Исманалы, Кенешали.
Дүйшөдөн - кыздар.
Турсуналыдан - Диарбек, Жыргалбек.
Исманалиден - Данияр, Элдияр.
Кенешалиден - Нурбек, Илимбек.

Абдикаримден-Равшан, Мавлян, Төлөнбай.

Анжиян махалладан келген санжыра. Автору - Аширов Раимберди.

Мурзакулдун Жолдошбайынан (Калдырдан) - Сагындык, Буларкы, Артык.
Сагындыктан - Дубана, Акбото, Бекбото, Мала, Таиче, Абай.
Дубанадан- Алымбек, Назар.
Бул Жору уруктарынан Аблеш сары (тентек), кийин Кансарыбай атыккан. Кээ бир маалыматта Уйгур кан деп да аталганын урпактары эскеришет. Мындан тышкары булардан атактуу акын Бердияр апыз чыккан. Жогоруда белгиленген Жорунун майда уруктары арткандай оош-кыйыш замандардын сыноосуна карабастан өздөрүнүн уруулук тегин сактап калган. Жору уруктары Кыргыздын ичкилик уруулары менен кылымдар бою жашап келгенине карабастан, Жору уруусуна таандык, жалпы эле кыргыздын отуз уул тайпасына таандык салт - санаасынын сакталып келгенине ынандык. Биз Кадамжайлык туугандар менен болгон жоолугушканыбызда тамашалашып сүйлөшкөндөрү, бирине экинчиси тамашалуу каймана аттарды койгондору, конок күтүүдөгү койдун жиликтеринин кыргыздын байыртадан келе жаткан салты боюнча бөлүнүшү -жамбаш, кашка, ашыктуу жилик сыяктуу жиликтердин жогортодон аксакалдатып, же конокко карата жилик берүү, тартуу, кыздарга арка омуртканы бүтүн берүү сыяктуу, коноктору сыйлоо салттарынын кылымдар бою өзгөрбөгөндүгү бизди тан калтырды. Биздин билген маалыматтар боюнча Ичкилик туугандарда конокко жилик тартуу башка тартипте жүргүзүлөт. Бири-бири менен мамиледе кыргызча кополураак сүйлөө. Ар кандай маселелерди чечүүдө принципиалдуулук сыяктуу мамилелерде Жору уруктарынын негизги жашаган өрөөндөрүндөгү туугандарынан айрымаланбагандыгын байкадык.

Кадамжайлык Жору туугандар Жалпы Жору туугандар менен туугандык карым катнаш толук үзүлүп, кылымдар бою Кыргыздын Ичкилик уруусундагы чоң уруунун бири Теиттерге кошулуп, алардын санжырасында «Уйгур Теит» деген уруктарына кошулуп калган. Белгилүү окумуштуу - этнограф С.М. Абрамзондун «Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи» китебинин 55-бетинде Үч-Коргон, Аустам-Пилал, Тегирмеч, Караганды, Кереге-Таш, Олагыш, (Ала куш), Кара-Кыштак, Пум, Шыпы (Шибе) Лангар айылдарында Жорулар жашагандыгы тууралу учкай маалымат берилген.

Жорулардын оозеки айтылып жүргөн маалыматтарында эмне үчүн Уйгур аталышып калгандарын - «Бир мезгилде элдердин ортосундагы карама-каршылык, жер талашуу ж.б. окуяларда Кашгар тараптан ушул жакка тууган издеп келип, отурукташып калган экенбиз» деп эскеришет. Мындан тышкары Тейит уруусунун Жорулар кошулбаган дагы «Уйгур теит» тобу бар. Алар тууганчылыгы жагынан Теиттерге түз эле кошулуп, санжырасында жазылып турат (Нурбек Туран «Тейит: санжыра жана тарых» Бишкек. «Турар».1913-ж. 414, 418-беттерде). Бул жөнүндө Жору уругунун азыркы аксакалдары Ташев Асамидин, Маматов Мурзапаша, Кадамжайдын Кереге Таш айылынын тургундары далилдеп айтыш-

ты. Жору уруусунун кайсы тобуна кошулушу мүмкүн деген сурамжылоого жогоруда белгиленген Кереге Таш, Кара-Кыштак Лангар (Лангар - Айтамгалуу Жорулардын жашаган айылы, Кара-Суу району) Тегирмеч-(Кытайдагы жер аты, ал жакта - Тегирмет деп аталат) Тастар ата (Кара-Кулжадагы мазар), Бабачак (Кашгардагы согушта курман болгон Бабачак баатыр, Жорунун түзү, Байке кепе, Тамчы аттуу жер аттары азыр бул өрөөндө бар. Айыл, жер аттарын «мурда жашаган жерлерибизди унутпагыла деп коюшкан экен ата-бабаларыбыз» деп эскеришет. Мындан тышкары Ысык-Көлдөн тууган издеп келген Жору тукумдары «йов, ыя» деп аталгандар Исфайрам өрөөнүндөгү Жоруларды ошол Жорунун Ай тамгалуу тобунан экендигин далилдеп турат. «Ыя» Йов» деген Жору туугандарды эмнеге антип аталып калышканын сурасак жергили Жору тукумдары «Булар Ысык-Көлдөн келип отурукташып калгандар. Бир мезгилде бизди издеп келип, тууган катарында кошулушкан экен» аркалык, ысык-көлдүк кыргыздар «Ыя» деп сүйлөшкөнүнө байланыштуу аларды азыр деле «Ыя» Йов» Жорулар деп атайбыз» деп айтышат. Буга кошумча азыр Исфайрам өрөөнүндөгү Жору уруктары жашаган аймакта Теңизбай жайлоосу, Теңизбай ашуусу сыяктуу жер аттарынын аталыштары дагы бул уруктарды Жорунун Теңизбай уругунун туугандары экендиги тууралуу ойго түртөт. Бирок ар бир топ Жору уругу экенин эскерүү менен бири-бирине санжыралык тараптан бириге алышпайт. Бул мезгилдин узак убактысынан же Жорунун ар түрдүү уруктарынан болсо керек деген да болжолду пайда кылат.

Азыркы учурда биз Исфайрам өрөөнүндөгү жергиликтүү Жору тукумдары менен жолукканыбызда (2018-ж. 25-май) алар өздөрүнүн мурда көзү өткөн төмөндөгү бабаларын эскеришти. Көпчүлүк жору уруктары Бердияр Апыз тууралуу маалыматтарды, анын эл арасында сакталып калган ырларын айтышат. (Төмөн жакта Бердияр Апыз тууралуу атайын бөлүктө толук жазылат.) Муну менен катар Тажибаев Абдылда - (1920-1991-жж.) - Улуу Ата Мекендик Согушка катышкан, комузчу. Бердияр Апыздын казал, санжыраларын, Сарынжы Бөкөй, Курманбектерди ырдаган. «Тооке кан», «Бекарстан тайчы», «Дарди өттү», «Көкөй кести» ж.б күүлөрдү черткен. Кошоков Хамдан - 1900-1970-жж., дастанчы, казалчы. Маматов Дөөлат - ырчы Улуу Ата Мекендик Согуштун катышуучусу. Капаров Жусуп - 1910-2005-жж., кыякчы, комузчу. Ашыргалча аттуу күү черткен. Жанкараев Сүйүндүк - 1890-1973-ж. - дастанчы комузчу. Олжобаев Кулбото - 1918-1987-ж.-комузчу. Көркөмдөп комуз черткен. Ырыс палван - комузчу, палван. Жунус мерген - комузчу, Молдоташбек - казалчы. Эгемкулов Абдраим - казалчы, дастанчы. - 1905-1966-жж. Улуу Ата Мекендик Согуштун катышуучусу. Тойлордо ырдаган, кошокчу, Бердияр Апыздын ырларын ырдаган.

Кийинки учурда Исфайрамдык Жору уруктарынан Республикага белгилүү инсандар-Кыргыз эл акыны, КРнын Жогорку Кеңешинин бир нече жолку депутаты - Э.Эрматов ушул уруктан.

Кадамжайлык Жору уруктары маалыматтарын Мурзапаша Маматов, Асамидин Ташев - Кадамжайдын Кереге-Таш айылынын тургундары беришти).

Бердияр Апыздын ырлары. Бул акын болжол менен XVIII к. орто ченинен, аягына чейин жашап өткөн. Урпактары азыр Кадамжайдын Исфайрам өрөөнүндө отурукташкан. Бердияр апыздын 250-300 жыл мурдагы ырларын Жору уруктары унутпай, жамаат чогулган жерде даанышман аксакалдар айтып, укумдан-тукумга калтырганына, кийинкилердин эстерине сактап ырдап жүргөндүктөрүнө таң калдык. Бердиярдын ырларында Совет дооруна чейинки Кыргыз элинин тилинин түштүк диалектиси, говору сакталгандыгы менен дагы баалуулукка ээ. Бердияр Апыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун Туусу тууралуу ыры Жорунун туусунун түсүн-шүүшүн (кызгылт-гүрөң,) асабасы (кармагычы) кырк муун (Пальма жыгачынан экенин), тууга Жору кушунун сүрөтү тартылганын (Ак чокулуу чоң Жору

кушу) баалуу тарыхый маалымат катары далилдеп турат. Жору уруусунун жоодон жеңилгенде ошол мезгилдеги салт боюнча туусунун жыгылышын, кийин кайра торолуп, ордуна келгенде Туунун кайра сайылышын көсөмдүк менен ырдаганы Жору уруусунун тарыхында баа жеткис кабар, маалымат. Мындан тышкары китептин биринчи басылышындагы Жору (Жолжакшы) уруусунун Туусуна түсү, тууга чегилген куштун сүрөтү, туунун асабасы тууралуу маалыматты толук далилдеп турат. Айрыкча -

«Урааны узак угулуп,
Эл куралаар бир заман.
Асабасын эгизден (бийиктеп),
Туу сайылаар бир заман», -

деген ыр саптары жалпы Кыргыз калкы менен Жору уруктарынын азыркы өнүккөн, эгемендүү турмушун алдын ала көрөгөчтүк менен айтканынан кабар берет.

Бердияр Апыздын Жору уруктарынын Кытай Манжулар менен болгон салгылашуусу тууралуу ырдаган «Алты арман» аттуу ыры

Тым салынган кош капка. *(Тым - бекем)*
Чектен чыктык *(кеттик)* **бир арман.**
«Ит Аркайы Сары-Жон»,
Жерге келдик **бир арман.**
Бете сайын бекинген,
Чил болдук го **бир араман.**
Арманы күчөп башымдын.
Зил болдук го **бир арман.**
Шүүшүн *(кызгылт, гүрөң)* ыраң, мала туу,
Асабасы кырк муун.
Куш орчуну *(Олчойгон)* Ак чоку,
Өңүрүнө безелген *(Тигилген)*.
Туу **майышты бир арман.**

Урааны узак угулган.
Эл майышты **бир арман.**
Күмүш коргон, мөлтүр, булак,
Конуш калды **бир арман.**
Ырыс айлап бир заман,
Көрөмбү сыйра **бир арман** *(Бир сыйра),*
Ат түгүндөй Манжуга,
Кашкасындай беш Берен.
Бас келеби **бир арман**. *(Бас-тең келет.)*
Түбү бирге эл экен.
Намыс тээп көксөнү
Тосуп чыкты Беш берен.
Илек дарыя кечмеден.

(Кытайдын Казак автоном рай. Иле дарыясы, азыр ал жерде Жору тукумдары да жашашат).

Эгесине дап коюп (Дап-тап берди).
Ит кутурду **бул арман.**
Теңир урган батчагар,
Пири Манжу эл экен.
Курч албарстын заары,
Кулагыма жык толду.
Атаны арман күн болду,
Жылкы жылдын чыгышы.
Кой жылынын кириши,
Манжулар качты Турпанга.
Чама жетпейт кууганга.
Жумуру журттан дарек жок,
Беш Беренден башка жок.

Башты жөлөөр тууган жок,
Теңирден башка жөлөөр жок.

Жандары учкан Эрендер, (Курман болгон)
Бейишке барып туш болоор.
Кара тоодо кек калды,
Көктөмдө сулап жер жутуп,
(жерге жөлөнүп)
Нечен-нечен бек калды.
Тешик тоодо (Кытайда) кек калды.
Тескейде сулап жер тутуп.
Нечен-нечен эр калды.
Теңирим башка салганды,

Тартпаганга айла жок.
Жалайыр калды жаралуу,
Ит баскан таш болжолу.
Бертинип калган бегимди,
Бурканга койдум аманат.

Кырка, кырка, кырка тоо,
Кыйып өтсөң жетесиң.
Будур, будур тоо,
Бурулуп өтсөң жетесиң.
Тескейге теке камалат,
Текенин жүнү сабалат.
Тексе (Текес) калган бегимди,
Теңирге койдум аманат.
Короого кулжа камалат,
Кулжанын жүнү сабалат.
Кулжада (Кытайда) калган бегимди,
Кудайга койдум аманат.
Ак коломто пул болду,
Атаны арман күн болду.
Көк коломто күл болду,
Көк дөбө жайык түз болду.

Кытайлар жорулардын жерин тартып алганы жөнүндө ыр

Салкын жерде муз калды,
Саамайын чайпап кыз калды.
Көлөкө жерде муз калды,
Көкүлүн чайпап кыз калды.

Кытайлардын качып келгендеги арман ырлары

Бакы-Бакы багыңар,
(Бакы-чалгынчы).
(Багынар - карагыла).
Теңизбайды табыңар.

(Азыркы учурда Теңизбай ашуусу, жайлоо. Кадамжайдан Дароот-Коргонго ашуудагы кеңири жайлоо. Ашуунун аты да Теңизбай).

Оң менен солду сураган,
Чечендер калды майданда.
Тилин киши билбеген,
Манжу дары көп табып.
Нечендер калды майданда,
Парайыз (фарз) кени улама.
Молдолор калды майданда.
Он гүлүнөн бир гүлү,
Ачыла элек боз бала.
Булар да калды майданда.
Соорусун жайпап, жер сабап,
Күнчүлүккө жүгүргөн,
Жорголор калды майданда.

Бердияр Апыздын ырларын топтогон - Маматов Мурзапаша - Кадамжайдын Кереге-Таш айылынын тургуну.

БАТКЕНДИК ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУКТАРЫНЫН САНЖЫРАЛЫК МААЛЫМАТТАРЫ

Сарыбай

Аблеш сары (Кан Сарыбай).
Аблеш сарыдан - Сатыбалды.
Сатыбалдыдан - **Жанкара**, Адиге, Чой (Чойдон маалымат жок).

(Азыркы Исфайрамдык маалымдоочулардын айтуусу боюнча Жанкара Кашгарда жашаган. XIX кылымдын аягында Баткен аймагына ооп келген. Азыр бул топ Таскара тобу деп аталышат. Булардан Мамашүкүр бий чыгып, убагында эл бийлеген. Урукташтарын сырткы, ички душмандардан сактап калган. Азыр Мамашүкүр бийдин аты үч коргондогу Чон-Алай көчөсүнө коюлган. (Кызыгы бул көчөдө азыр сегиз эле үй бар.)

Жанкарадан - Турдукул. (таскара)
Турдукулдан - Конкош, Жакып.
Конкоштон - Кошбак, Кыдыр.

Кошбактан - Галымбет, Нарымбет, Жанкара.
Галымбет - (Өзбекстанда - байланыш жок).
Нарымбеттен - Каландар.
Каландардан - Эрмек.
Жанкарадан - Сүйүндүк, Малик.
Сүйүндүктөн - Жанбото, Нурмамат, Абдилла.
Жанботодон - Сапарбек.
Маликтен - Бакы, Сакы.
Сапарбектен - Жыргалбек, Нурланбек.
Нурмамат менен Абдилладан маалымат жок.
Кыдырдан - Кадыр.
Кадырдан - Табыл, Молдокалил.
Табылдан - Жунус, Ракман.
Молдокалилден - 1 кыз.
Жакыптан - Арзыкул, Кулмурза.
Арзыкулдан - Айтбай Ысман.
Айтбайдан - Тилек, Токтобай, Козу.
Тилектен - Дүйшө, Ыдырыс, Данияр.
Токтобай менен Козудан - маалымат жок.
Ысмандан - Турдали.
Турдалиден - Орок.
Кулмурзадан - Абдракман, Абдыкадыр, Абдимамат.
Абдрахмандан - Сулайман Жамал.
Сулаймандан - Бегали, Абдулла, Абдилаким, Акылбек.
Жамалдан - Алмазбек.
Абдыкадырдан - Калбай.
Калбайдан - Орунбай.
Абдимаматтан - Данияр.
Нурмаматтан - Эргеш.
Эргештен - Кубаныч, Азамат.
Абдилладан - бала жок.
Маликтен - Бакы, Сакы.
Бакыдан - Мелибай.
Сакыдан - маалымат жок.
Турдукулдун Жакыбынан - Жунус, Жээнали, Арызкул.
Жунустан - Асилбек, Аким.
Асилбектен - Абдимиталип, Топчубай, Мамарасул, Абдивали, Анвар, Атыкали.
Жээналиден - Мамашүкүр.
Мамашүкүрдөн - Сатар, Ганы. (УАМС) каза болгон.
Арзыкулдан - Айтбай.
Айтбайдан - Тилек, Токтобай.
Адиге баатырдан - Алдаяр, Бердияр апыз, Кожояр.

Алдаярдан- Жорунун бул уруктары азыр кайда жашаганы белгисиз. Болжол менен XVIII кылымдын аягында жашашкан. Булар тарыхта Ислам дүйнөсүндө белгилүү болгон олуялардын бири Софу Аллаярдын тукумдарыбы, же ошол жерди (Кара-Суу рай. Кызыл-Суу ай. Алдиер тоосу.) жердеген Ача тамгалуу Жорунун оош-кыйышта кетип, туруп, кайра Кызыл-Сууга кеткен тукумдарыбы? - деген ойду пайда кылат.

Бердияр апыздан - Жалаир, Бабачак.

Жалаирден - так маалымат жок. Кашгардагы Манжулар менен болгон согушта курман болгон экен деген маалымат айтылып жүрөт.

Бабачактан - Бабаназар. (Бабачак Кашгар согушунда катышып, жарадар болгону, өлгөнү тууралуу оозеки маалыматтар, ырлар айтылып жүрөт.)

Бабаназардан - Каракичик, Казакбай.

Каракичиктен - Алдек, Кудаяр, Кудайменде.

Алдектен - (Алдектин эриндери дордок болгондуктан Дөрөй деп аталып кеткен экен. 1890-ж. Жорулар менен Наймандардын ортосундагы жер талашуу боюнча чабышында Жорунун мала туусун казаттан кармап чыккан ушул Дөрөй уругунан Молдошамырза болгон экен. Бул уруктан Ысманкул уулу Абдрайым - (1905-1965), казалчы, чыккан. Калган тукумдары жөнүндө маалымат биздин колго тийбеди. Келечекте тактап коюу зарыл.

Кудаярдан - Төлөгөн, Жайчи мерген (таз Жору), Дөдөгө.

Төлөгөндөн - (Төлөгөн Каракичиктин эң кичүү уулу. Бойго жеткен мезгилде эки тайганды ээрчитип мергенчилик кылып жүрсө көзөмөлчүлөр тутуп алып, тажиктердин казысына алып барат. Тажиктердин казысына Төлөгөндүн иттери жагып «Дусак» (Ит) деп иттерин тартып алат. «Өзүңү эмне деди?» деп сураса мени «Дусак» деди деп айткан экен. Ошондон кийин баягы Жору тукумдарынын бири-бирине каймана ат коюу адаты менен «Дусак» атка конуп кетет. Азыр бул урук Жорунун Досек уругу деп аталат. Бул уруктан такыба - Абдрахман пари (Пери) аттуу чоң молдо, Сазан чечен (дуу басар), Тажибаев Абдылда - чоң комузчу чыккан.

Кудаярдын Жайчи мергенинен - (Каймана аты-Таз Жору) Атабай Жору, Имет саркар (саркар-фарси тилинде- аскер башчы).

Атабайдан - Мамбеткул.

Мамбеткулдан - Айтимбет, Жарымбет, Галымбет, Нурумбет, Нарымбет.

Айтимбеттен - Анарбай, Айдар, Мисир, Маша, Пусурманкул, Асан, Үсөн, Сары, Абдилла.

Анарбайдан - Чүйлү, Жумабай.

Чүйлүдөн - жок.

Жумабайдан - Түрсүнбай, Гапы.

Түрсүнбайдан - Мирлан, Токтосун.

Гапыдан - Мухтар.

Айдардан - Абдирасул, Түгөлбай.

Абдирасулдан - Курбанбай.

Курбанбайдан - Анарбай, Каныбек.

Түгөлбайдан - Эгемберди, Жолдош, Абжалил.

Мисирден - Муса, Койлу, Конок, Козубай, Мурза, Дүйшө.

Мусадан - Абжапар, Балтабай, Гапы.

Абжапардан - Борон, Сапар.

Балтабайдан - Жалал Ташали, Муктар, Абдилазиз.

Гапыдан - жок.

Койлудан - Мотой.

Мотойдон - Ашим.

Ашимдан - Пазыл, Назир, Абсатар.

Коноктон - Каразак, Топчубай.

Каразактан - жок.

Топчубайдан - Имар.

Козубайдан - Эшанкул.

Эшанкулдан - Раим, Сайпилда, Муктар.

Мурзадан - Курманбек.

Курманбектен - Убайдилла, Калдыбай, Аким.

Дүйшөдөн - Абдракман.

Абдракмандан - Абдилла.

Машадан - Орозбай, Алимбек.

Орозбайдан - Абдикарим, Арын.

Абдикаримден - Чакабай.

Чакабайдан - Маматазим, Токтобай, Ади, Алим.

Арындан - Тагай, Гапар. (Өзбекстанда).

Алимбектен - Төлө (УАМС) каза болгон.

Пусурманкулдан - Орозали.

Орозалиден - Ашим.

Асандан - Тешебай, Темирбай, Сулайман, Газ.

Тешебайдан - Самидин.

Темирбайдан - Камар.

Сулаймандан - Акмат.

Акматтан - Нажи, Мераж, Сайпи, Каныбек, Жаныбек, Арпидин.

Газдан - жок.

Үсөндөн - Нуридин.

Нуридинден - жок.

Сарыдан - Шамши, Калык, Кадыр.

Абдилладан - жок.

Жарымбеттен - Андабай, Кыдыр.

Андабайдан - Бердибай, Топчубай, Турдубай.

Бердибайдан - Аман, Ысман, Осмон.

Амандан - Келдибек.

Келдибектен - Улукбек, Кылычбек, Өткүрбек.

Улукбектен - Бабаназар, Элмира, Бекназар.

Кылычбектен - Өмүрбек, Нурислам, кыздар.

Өткүрбектен - Азамат, Рахат, Элдияр.

Ысмандан - Абдыкайым, Абдырасул, Абсатар, Шер, Акунбек, Айбек.

Абдыкайымдан - Султанбек, Мустапакул, Абдалим, Айбек.

Абдрасулдан - Токтосун, Бегали, Арстан.

Абсатардан - Абдисамат, Мукум, Рысбек.

Шерден - Эламан, Иляз.

Акунбектен - Абдразак, Кожомкул, Алым.

Айбектен - Нурмукаммед, Асан, Үсөн.

Осмондон - Авазбек, Асилбек.

Кыдырдан - Арзибай, Базарбай, Токтосун.

Арзибайдан - Амиракул.

Базарбайдан - Паяз, Бакир, Закир, Эшанкул.

Токтосундан - Тажибай, Шакир.

Галымбеттен - Ташмат, Токтосун, Эгемберди.

Ташматтан-Таабалды, Мурзат, Жусубатыр.

Таабалдыдан - Маматысак, Тилек, Мажит, Абдиламит, Жаңыбай.
Мурзаттан - Орунбү.
Жусубатырдан - бала жок.
Токтосундан - Тажибай, Эдилбай, Шакир.
Тажибайдан - Кутугали.
Кутугалиден - Каныбек.
Эдилбайдан - Солкуш эже.
Шакирден - бала жок.
Эгембердиден - Сыдык, Садык, Ниязкөккөз.
Сыдыктан - жок.
Садыктан - Жусуп, Кочор, Белек.
Жусуптан - Галвай.
Кочордон - Аваз.
Белектен - Ташполот, Жыргал.
Ниязкөкөздөн - маалымат жок.
Нурумбеттен - Ураим.
Ураимден - Сыдык, Жусубали, Абдракман.
Сыдыктан - Эгемберди.
Эгембердиден - Келдибек, Кыяз, Эркинбай (Алим), Момун.
Келдибектен - Өмүрбек, Махмуд, Шумкар, Мамыр, Ырыс, Азиз.
Кыяздан - Шүкүр, Токтосун, Мустапа.
Эркинбай (Алимдан) - Садыбакас, Кенеш, Жениш, Жыргал, Тынчтык, Осмон.
Момундан - Жуманазар, Жайнак, Айтибек, Умарбек.
Жусубалиден - Пакыр палван, Назир.
Пакырдан - Абдраим, Абдикалил, Абдибаит.
Назирден - Абдыкапыр, Эркин, Мурзакасым, Абдижапар, Абдижамил.
Абдракмандан - Ташмырза.
Наримбеттен - Касым, Кабыл.
Касымдан - Абдракман, Темирбай, Арзы.
Кабылдан - Молдожолдош, Аблеш, Атабай.
Имет саркардан - Темир, Нияз.
Темирден - Ороз, Назар, Алдос, Дүка.
Ороздон - Мамат, Нишан.
Маматтан - Жолболду, Темирбай, Мамажан.
Жолболдудан - Турдали.
Темирбайдан - Коңко, Бөрүбай, Исратилла.
Мамажандан - жок
Нишандан - жок.
Назардан - Артыкбай, Кадыр.
Артыкбайдан - Сатар, Гапар. Жапар.
Кадырдан - Ташмамат.
Алдостон - Опо, Ормон, Нышанбай, Эгеш, Токту.
Оподон - Койчу.
Койчудан - Ураим, Бакир.
Ураимден - Көчкөн, Атип, Мажит, Ганы.
Бакирден - Заир.
Ормондон - Раимберди, Пиримберди.

Раимбердиден - Элтин.
Пиримбердиден - Белек.
Нышанбайдан - Жоробай.
Жоробайдан - Анарбай, Абдразак, Тажидин, Жанибек.
Эгештен - Атабек.
Атабектен - Эргеш.
Токтудан - жок.
Дүкадан - Ташибек.
Ташбектен - Жунус, Мамат, Орозбай.
Жунустан - Сүйүндүк, Ысмайыл, Идирис (Улуу А та Мекендик согушта каза болгон.)
Сүйүндүктөн - Миталип.
Миталиптен - Эрмек, Элбурс, Элияр.
Исмайилдан - Иса.
Исадан - Алмазбек.
Маматтан - Канды.
Кандыдан - Токтобай, Жээнбай, Тарбия, Турдубек, Абдилат. (Балдары Кашкарда жашашат).
Орозбайдан - Галбай, Түркбай, Сатыбалды (Төкөй), Орозмат.
Галбайдан - Бегмат, Мамат.
Түркбайдан - Насир.
Сатыбалдыдан - Ташбалта.
Орозматтан - жок.
Ниязdan - Токтомбет бий, Турдумбет.
Токтомбеттен - Төрөкул, Назаркул, Абдыкадыр, Мамасеит.
Төрөкулдан - жок.
Назаркулдан - Дүйшө.
Абдыкадырдан - Маажакып, Мааткабыл.
Мамасеиттен - Олжобай, Козубай, Мамат, Ысман, Табалды.
Олжобайдан - Тагай, Шербото, Кулбото.
Тагайдан - Кутбай, Курсан.
Шерботодон - Жээнбай, Абдыкалык, Абдималик, Мырзакмат, Кожоакмат.
Кулботодон - Асамидин, Жумабай, Акжол, Раимберди, Имамидин, Шамшидин.
Козубайдан - Жакып.
Жакыптан - Абдиламит, Сами, Наби, Мераждин, Маматураим.
Маматтан - Дөөлөт, Касым, Жусуп.
Дөөлөттөн - Мырзапаша.
Мырзапашадан - Кубанычбек, Жумабек, Кенеш, Замир, Жаныбай, Жоро.
Ысмандан - Миталип.
Миталиптен - Мейманкул.
Таабалдыдан - Сүйүн.
Турдумбеттен - Кенжебай, Каражоду, Урайым, Кадыр.
Кенжебайдан - Мамыт, Төлөн.
Каржодудан - (Каржоду шахтыдан каза болгон, бир баласы бар, Абшыр Сайда жашайт.)
Ураимден - Тоголок.
Кадырдан - Нияз.
Кудаярдын Дөдөгөсүнөн - Барат, Максым.

Бараттан - Досмат, Шермат, Токтомат.
Досматтан - Кулбото, Шербото, Бекбото, Нарбото, Тоймат.
Кулботодон - Нарымбет, Нурумбет, Айткозу, Үсөн.
Нарымбеттен - Козубай, Мурзабай, Абжапар.
Козубайдан - Ташбай ажы, Кошбай.
Ташбайдан - Сабыр, Мамазаир, Пазыл.
Сабырдан - Кудуретилла.
Кудиратилладан - Таалай, Абийбилла, Өмүрбек, Амирбек.
Мамазаирден - Гыламидин, Асамидин.
Гыламидинден - Динмухаммед, Абылгазы, Абдыганы, Ажимурат.
Асамидинден - Имамидин, Азизбек, Сүйүнбай.
Имамидидинден - Курманбек, Алманбет, Алибатыр.
Азизбектен - Айзада.
Сүйүнбайдан - Акылбек.кыздар.
Пазылдан - Тургунали, Сапарали, Акбарали, Султанали.
Тургуналиден - Кылычбек, Замирбек.
Кылычбектсн - Нарынбет.
Сапаралиден - Уланбек.
Акбаралиден - Азамат, Нурмамат.
Азаматтан - Умарбек.
Нурмаматтан - Алинур.
Султаналиден - Байыш, Үрүстөм.
Байыштан - Адилет.
Наримбеттин Мурзбайынан - Абдракман, Абдывап.
Абдракмандан - Абдилла, Ниматилла.
Абдилладан - Абсатар.
Абсатардан - Асылбек, Абдималик.
Иматилладан - Мейманкозу, Муктар, Тойчу.
Абдываптан - жок.
Наримбеттин Абжапары - Калык, Атип.
Калыктан - Конкобай, Жамал, Момун, Карабай.
Атиптен - Баатыр, Тойчу.

Досматтын Шерботосунан - Осмон, Арын, Али.
Осмондон - Касым, Жунус, Мырза.
Арындан - Сарыбай.
Алиден - Урайым, Абдракман, Ашым, Жунус, Эрмат.
Эрматтан - Эрдөөлат, Эргеш, Эгемберди.
Эрдөөлөттөн - Эркин, Бакыт, Байсал.
Эргештсн - Дастан.
Эгембердиден - Улан, Элдияр, Эрмек.
Досматтын Бекботосунан - Карим.
Каримден - Сулайман, Орокбай, Балтабай.
Бараттын Шерматынан - Алимерген, Осмон, Арынмерген.
Алимергенден - Кулбек, Уранм.
Кулбектен - Шарап.
Шараптан - Макамбай, Арын, Ыдырыс, Асан, Үсон.

Арындан - Шайбек, Айбек.
Ураимден - Камар, Амира.
Камардан - Таштемир, Тургунали, Өмүрзак
Амирадан - Аваз, Ысак, Далым.
Аваздан - Айдар, Нургазы, Нурлан, Нурали.

Кудаймендеден - Молдобайаке, Көчкул.
Молдобайакеден - Ырakман, Абдисур, Үсөн, Асан.
Ырakмандан - Имар, Кожумат-мерген. (Кокон хандыгынын согуштарында эрдик көрсөткөн, сыйлык алган.)
Имардан - Бебит, Баба, Акмат.
Бебиттен - Бердикул.
Бердикулдан - Калдар.
Калдардан - Жеңишбек, Алтынбек.
Бабадан - Көчкөн.
Көчкөндөн - Султан.
Акматтан - Али, Касым.
Алиден - Жусуп, Сарыбай (Кашгарда жашашат).
Касымдан - Эргеш.
Эргештен - Сүйүн.

Кожуматтан - Бөрүбай, Темир, Каратай, Абдикадыр, Чөжө.
Бөрүбайдан маалымат жок.
Темирден - Молдонасир.
Каратайдан - Ысмайыл, Исраил, Мамат.
Ысмайылдан - Турсунбай, Камил, Жалал, Жамгырчы.
Исраилден - Жакып, Ысакажы, Сайпилла.
Маматтан - Адил Арстан, Кубаныч, Кылыч, Өмүр
(Абдикадыр менен Чөжөдөн - маалымат жок.)
Абдисурдан - Ураим, Шабраим, Пайзилла.
Үсөндөн - Увалда, Уметкул, Суран.
Асандан - Бакы, Сакы, Сагындык

Молдобайакенин Абдисурунан - Ураим, Шабираим, Пайзилла.
Ураимден - Жээнали, Ысакара, Дөөкара, Тойчу, Калык.
Жээналиден - Турду, Нармат.
Турдудан - Төрөкул, Абдракман, Бердикул.
Нарматтан - Кенеш, Анарбай, Жусуп, Сулайман.
Ысакарадан - Момун, Мадамин, Ысмайыл.
Момундан - Абдилаз.
Абдилаздан - Акбар, Сапарали, Канболот, Байболот, Абжапар.
Мадамин менен Ысмайылдан - маалымат жок.
Дөөкарадан - Жакып, Ырыспалван, Разык.
Жакыптан - жок.
Ырыспалвандан - Айдар.
Разыктан - Гуламидин.
Гуламидинден - Сабыр, Самидин.
Тойчудан - Өзбекстанда жашашат - маалымат жок.

Калыктан - Жусуп.
Шабраимден - Токо.
Токодон - Самат, Жоро.
Пайзилдадан - Көчмурат.
Көчмураттан - Саманчы, Эргеш.
Молдобайакенин Асанынан - Бакы, Сакы, Сагындык.
Бакыдан - Молдопримкул, Маашарип.
Молдопримкулдан - жок.
Маашариптен - Ада, Абдибали.
Ададан - Акматали, Турдукул.
Акматалиден - Жамалидин, Камалидин, Сулайман, Ыдырыс, Кенешбек, Асилбек.
Турдукулдан - Абдибап, Асан.
Абдибалиден - Маматысман.
Сакыдан - Каракул.
Каракулдан - Анарбай, Айылчы, Кармышак.
Анарбайдан - жок.
Айылчыдан - Сатар, Шамши, Исмайыл, Сарыбай
Сагындыктан - Маматкул, Молдотаир.
Маматкулдан - жок.
Молдотаирден - Орунбай.
Орунбайдан - Апиз, Курсан.
Кармышактан - Арын, Арзыбай, Кадырберди.
Молдобайакенин Үсонүнон - Молдоувалда, Үмөткул, Суран.
Молдоувалдадан - Ташмат, Калмат, Низам, Ураим, Гапар, Алимбек.
Ташматтан - Абдракман.
Калматтан - Гапар, Сатар, Абдикаар, Колчок.
Низамдан - Азим, Нажи, Теңирберди, Калбек.
Ураимден - Матаип, Закир, Нур, Мойдун, Сайпидин, Паяз (Кашгарда жашашат).
Гапардан - Жусуп, Гуламидин, Жунус.
Алимбектен - жок. Үмөткулдан - Жолдош.
Жолдоштон - маалымат жок.
Сурандан - Эгемберди.
Эгембердиден - жок.

Кудайменденин Кочкулунан - Эшбол, Кулсары.
Эшболдон - Атакара.
Атакарадан - Матиса, Турду.
Матисадан - Анарбай.
Турдудан - Балтабай, Тешебай, Асан, Үсон.
Кулсарыдан - Молдомуса, Мурзакмат.
Молдомусадан - Айдарали, Имарали, Кыдырали.
Айдаралиден - Жусупбек, Аширбек.
Имаралиден - Ырысали.
Кыдыралиден - Абдикарим, Абдраим.
Мурзакматтан - Жунус, Исраил, Ысмайыл, Заир, Таир, Торобай, Ракматилла, Зулумбай.
Жунустан - жок.

Исраилден - Жоробек.
Ысмайылдан - Ракматилла, Рубил.

Казакбайдан - (Казакбай - Бабаназардын асырап алган баласы, айтылуу Казак элинин тукуму. Азыр Исфайрамдык Жоруларда Казак уулу тобун түзүшөт. Бул уруктан- Жунусбий, анын уулу Садыр миң башы чыккан. Кокон, хандыгынын согуштарында баатыр наамын алган экен.)
Казакбайдан - Нурмамбет, Сартаке.
Нурмамбеттен - Чалаке, Бегиш.
Чалакеден - Ысмайыл, Ыдырыс.
Ысмайылдан - Ооганбай,
Ооганбайдан - Тойгонбай, Назарали, Адан, Жалал.
Ыдырыстан - жок.
Бегиштен - маалымат жок.

Адиге баатырдын Кожояры. Азыркы жашап турушкан Исфайрам өрөөнүнө XIX кылымдын аяк ченинде Бухара тараптан келишкен. Кокон аскер кийими, өтүгү менен кийинип келишкендиктен Акчарык деп аталып калышкан. Баягы Жорулардын бири-бирине каймана ат коюусунун натыйжасында кийин «Ак чарык» тобу деп аталып калган экен деген маалыматты айтып жүрүшөт.

Кожоярдан - Кожомжар.
Кожомжардан - Кудайберген.
Кудайбергенден -Чарк.
Чарктан - Каландар, Абдимбет.
Каландардан - Акмат.
Акматтан - Кошмурат, Матаип.
Кошмураттан - Эрмамат.
Эрмаматтан - Абдилла, Абыл Калмат, Манап.
Матаиптен - Апсеит (УАМС каза болгон).
Абдимбеттен - Артыкбай, Карабай, Надыр, Садир.
Артыкбайдан - Молдошермат, Акунали.
Молдошерматтан - Маматисак.
Маматисактан - Жеңиш, Ороз, Маматимар.
Акуналиден - Тургун, Аккозу.
Тургундан - Давран, Арслан.
Аккозудан - жок.
Карабайдан - Саткынбү.
Надырдан - Анарбай, Сраж.
Анарбайдан - Убайдилла.
Убайдилладан - Айтибек, Абдилазиз.
Сраждан - Сайпи, Назир.
Сайпиден - Имамидин, Кудайберди, Бакыт.
Назирден - Айбек.
Садирден - Боркобай (калгандары Алайда).
Боркобайдан - Мейман, Эркин (Өзбекстанда жашашат).

ЖАҢЫДАН ТАБЫЛЫП, ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНА КОШУЛГАН БАТКЕНДИК БООРДОШТОРГО АРНАЛГАН ЫР

Исфайрамдык туугандарга

Унутпай канча кылым Жору атагын,
Сактаган үрп-адатын, салт санаасын.
Силерге салам айтам башымды ийип,
Урматтуу Исфайрамдык кандаштарым.

Талашып Шинжаң менен Иле боюн,
Беш береңң жоонун колун далай чапкан.
Түтө албай уй түгүндөй көп душманга,
Жер оошуп Исфайрамдан орун алган.

Ашууларга, конуштарга коюп алган,
Унутпай жүрөлү деп баба атын.
Жоготпой Бердияр апыз казалдарын,
Адиге, «Беш берендей» баатырларын.

Сыр бербей дос-душманга жашап келген,
Сыймыктуу баш көтөрүп, кайрат менен.
Катыгын катылгандын берип дайым,
Бабабыз, Жолжакшыдай айбат менен.

Асаба, туу жыгылган күн эсинде,
Азаалуу, арман-азап күн эсинде.
Эл жашайт Исфайрамда Жору деген,
Жетишкен, эңсеп күткөн тилегине.

Уучу кур эмес азыр деле,
Балдары Кыргыз наамын бийик тутат.
Сакталып көкүрөктөн кетпей калган,
Намыскөй бабалардын салты турат.

Тууганым Эгемберди Эрматовдой,
Бул элден булбул тилдүү акын чыккан.
Ташовдор - Асмамидин, Имамидин.
Жорулардын намысына жарай турган.

Тукумуң өнүп өсүп көбөйүшүп,
Кыргызды өнүктүрсүн кошуп салым.
Силерге АЛЛАХ оомат, дөөлөт берсин,
Кандаштарым, Исфайрамдык Жоруларым.

Сайпилла Канаров,
10-июль, 2018-ж. Ош ш.



ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНАН ЧЫККАН БЕЛГИЛҮҮ ИНСАНДАР

АБДАЗОВ Дүмбүлчү (1910-ж. Кара-Кулжа району, Түшүнүк айылы - 1996-ж. Жаны-Талаа айылында каза болгон.) - Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. Алгачкы агартуучу, советтик жана партиялык кызматкер. Улуу Ата Мекендик согуштун (1941-1945) катышуучусу. 1949-ж. Кыргызстан КП БКга караштуу республикалык партиялык мектепти бүткөн - 1929-1936-жж. Түшүнүк айылындагы баштооч мектепте мугалим - 1936-1941-жж. Куршаб райондук аткаруу комитетинин терагасынын орун басары, 1946-1949-жж. Түшүнүк айылындагы баштооч мектептин башчысы, 1949-1953-жж. Алай райондук аткаруу комитетинин төрагасы, 1953-1964-жж. Ленин атындагы колхоздун партиялык комитетинин секретары болуп иштеген. I даражадагы Ата Мекендик согуш, «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.

АБДАЛИЕВ Искендер (1904-ж.т. Кара-Кулжа району, Карагуз айылы - 1984-ж. ошол эле жер) - колхоздоштурууга активдүү катышкандардан. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. Улуу Ата Мекендик согуш 1941-1945-жылдарында чарба иштерин активдүү жүргүзүп, элди уюштуруп, согушка материалдык жана акчалай жардамдарды жөнөтүп турган. Ал бригадирден колхоздун башкармасынын төрагасы кызматтарына чейин иштеген. Медалдар менен сыйланган.



Абдалиев Искендер

АБДИЕВ Калбай (1929-ж.т. Кара-Суу району, Кызыл-Кол айылы - 2008-ж., Таш-Арык айылы) - эмгек ардагери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Эсеке уругунан. 1947–53-жылдары Өзгөн районунун Жалпак-Таш МТСинде агроном, 1954-1989-жж. Ош автобазасында айдоочу болуп иштеген. СССР Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн 1994-ж. катышуучусу Ош облустук жана Ош шаардык Кеңештерине бир нече жолу депутат болуп шайланган. Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери жана медалдар менен сыйланган.



Абдиев Калбай



Абдиев Курмантай

АБДИЕВ Курмантай (1.10.1949-ж.т., Кара-Кулжа району, Кара-Кулжа айылы). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. Юрист, юстициянын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси (2002), Мамлекеттик кызматтын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси (1995). Юстициянын генерал-майору (2004), Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи (2005). Прокуратуранын ардактуу кызматкери (2000). 1978-ж. КМУну бүткөн. 1978-1982-жж. Фрунзе шаарынын Свердлов райондук прокуратурасында стажер, тергөөчү, улук тергөөчү, 1982-1984-жж. тергөө башкармалыгынын прокурору, Кыргыз ССРинин Башкы прокуратурасында өзгөчө маанилүү иштер боюнча тергөөчүнүн милдетин аткаруучу, 1984-86-жж. Фрунзе шаарынын Свердлов райондук прокуратурасында прокурордун орун басары, 1986-1990-жж. Фрунзе шаарындагы Ленин районунун прокурору, 1990-1992-жж. Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун орун басарынын милдетин аткаруучу, тергөө бөлүмүнүн начальниги, тергөө башкармалыгынын начальнигинин биринчи орун басары, 1992-1994-жж. Ош, 1994-1998-жж. Талас, 1998-1999-жж. Нарын облустарынын прокурору, 1999-2000-жж. Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясында коргоо жана коопсуздук иштери боюнча бөлүм башчынын орун басары, 2000-2001-жж. Ош облусунун прокурору, 2001-2006-жж. Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун орун басары, Кыргыз Республикасынын Аскер прокурору, 2006-2007-ж. Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун 1-орун басары, 2009-2010-жж. Кыргыз Республикасынын Юстиция министри, 2015-2019-жж. Жогорку Кеңештин Конституциялык палатасынын судьясы болуп иштеген. 2010-2015-жж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты (5-чакырылышы). 2-даражадагы сот системасынын отличниги. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги (2012). Баткен облусунун, Кара-Кулжа районунун ардактуу атуулу. Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын Ардак тактасына сүрөтү илинген. Медалдар менен сыйланган.



Абдиев Таалайбек Калибаевич

АБДИЕВ Таалайбек Калибаевич (20.4.1968-ж.т., Ош шаары) - юрист. Ача тамгалуу Жору уруусунун Эсеке уругунан. Ленинград шаарындагы кеминчилик-техникалык окуу жайын (1986), Ленинград-дагы Вознесенский атындагы финансы-экономикалык институтун (1994), Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетин (2000), Россиянын Түндүк-Батыш Академиясынын юридика факультетин (2002) бүткөн. 1994-2001-жж. жеке ишкер, 2003-2005-жж. Санкт-Петербург шаардык адвокаттар коллегиясында стажер, 2005-2007-жж. Санкт-Петербург шаарында «БУШ» ЖЧКнын башкы директору, 2007-2008-жж. КМШ мамлекеттеринин Парламенттер аралык ассамблеясында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлүнүн жардамчысы, 2008-жылдан Россия Федерациясынын Түндүк-Батыш Федералдык округундагы Кыргыз Республикасынын Ардактуу консулу. Санкт-Петербургдагы Кыргыз диаспорасынын, Кыргыз-Россия карым-катнаштарынын активдүү катышуучусу.



Абдимомунова Дилбаркан

АБДИМОМУНОВА Дилбаркан (16.2.1953-ж.т., Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы) - инженер-технолог. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1975-ж. Фрунзе политехникалык институттун технология факультетин бүтүргөн. 1975-1989-жж. Ош шаардык сүт комбинатында лаборант, инженер, лаборатория башчысы, 1989-2001-жж. Кыргызстан стандарттоо жана метрология борборунун Ош сыноо, стандарттоо жана метрология борборунда директордун орун басары, 2001-жылдан Кыргызстан стандарттоо жана метрология борборунда сертификациялоо бөлүмүнүн башчысы. Ош облустук Кеңешинин депутаты (17-чакырылышы). "Кыргыз стандарттын Мыктысы" төш белгисин алган. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган.



Өзгөн Абдилхамид

ӨЗГӨН Абдулхамид (1935-ж.т., Памир аймагы) - жеке ишкер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. Белгилүү журналист Өзгөн Акимдин бир тууганы. Учурда Түркияда жашайт. Өткөн кылымдын 30-жылдарында ата-энеси Кашкарда 5 жылча туруп, Карачиге жер которгон. Андан кийин Пакистандын Пешаварында 18 жыл жашаган. 1954-жылы Түркиянын чакыруусу менен ал жакка көчүп барышып, туруктуу жашап калышкан. Абдулхамид өзү Голландия, Франция, Англия, Швеция мамлекеттеринде иштеп, Түркияда «Тойота сервис» ишканасын негиздеген. 1991-ж. алгачкы жолу Кыргызстанга келип, туугандарын тапкан. Англис, голланд, урду, түрк тилдеринде эркин сүйлөгөндүктөн, чет элде туруктуу жашап калган кыргыздардын күйөрманы, алардын жашоосун жакшыртууга, бириктирүүгө аракет кылат. Абдулхамиддин атасы Жаныбек казы, Чыпак, Кор Шермат, Нурматбек, Ади пансат ж. б. менен тыгыз байланышта болгон.



Абдраев Асылбек Пиримбаевич

АБДРАЕВ Асылбек Пиримбаевич (13. 1. 1958-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы) - инженер-технолог. Ача тамгалуу Жору уруусунун Барак уругунан. 1979-жылы Киев технология институтунун инженер-конструктор, технолог адистигин бүтүргөн. 1979-1980-жж. Жалал-Абад шаарындагы «Алай» бут кийим фабрикасында мастер-конструктор, 1982-1983-жж. Кызыл-Кыя турмуш-тиричилик комбинатынын башкы инженери, 1983-1984-жж. «Алай» бут кийим бирикмесинин коммерциялык директору, 1988-1998-жж. Кара-Суу пахта заводунда цехтин башчысы, 1998-2001-жж. Кара-Суу районун-дагы «Учкун» пахта даярдоо пунктунун башчысы, 2001-2004-жж. Кум-Арык пахта заводунун директору, 2004-2005-жж. «Бектур XXI кылым» ЖЧКнын генералдык директору, 2005-2006-жж. «Жаңы-Гайрат» дыйкан чарбасынын жетекчиси, 2006-2012-жж. «Корпорация Пиримтекс» ЖЧКсынын негиздөөчүсү, башкы директордун биринчи орун басары, 2012-2013-жж. Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн жетекчисинин милдетин аткаруучусу, 2013-жылдан «Корпорация Пиримтекс» ЖЧКсынын негиздөөчүсү, башкы директордун орун басары.


Абдракунов Өмүрбек Сабырович

АБДРАКУНОВ Өмүрбек Сабырович (1955-ж.т., Ак-Суу району, Боз-Булуң айылы) - ветеринардык врач. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалаңтөш тобунан. Кыргыз айыл чарба институтунун ветернария факультетин 1977-ж., аяктаган. 1977-1992-жж. «Каракол» совхозунда ветеринардык врач, зоотехник, комсомол комитетинин секретары, 1992-1996-жж. «Каракол» совхозунун директору, 1996-2000-жж. Каракол айыл өкмөтүнүн жетекчиси, 2000-жылдан Ысык-Көл облустук экономикалык өнүктүрүү мамлекеттик фондусунун башчысы. Жергиликтүү кеңештердин депутаты болуп шайланган.


Абдраманов Эрмек Кармышакович

АБДРАМАНОВ Эрмек Кармышакович (1966-ж. т., Кара-Суу району, Савай айылы) - полковник. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадирали уругунан. СССР ИИМдин Алматы шаарындагы өрт техникалык окуу жайын (1989), СССР ИИМдин Ташкент шаарындагы аскердик Өрт техникасы боюнча аскердик факультетин (1994) бүткөн. 1994-1995-жж. Ош облустук ички иштер башкармасынын мамлекеттик өрт көзөмөлдөө бөлүмүндө улук инженер, 1995-1997-жж. Өрт өчүрүү мамлекеттик кызматынын Ош шаардык бөлүмүндө улук инспектор, 1997-2002-жж. Кадамжай райондук өрткө каршы күрөшүү бөлүмүнүн башчысы, 2002-2004-жж., өрткө каршы күрөшүү мамлекеттик кызматынын Ош облустук башкармасынын башчысынын орун басары, 2004-2006-жж., өрткө каршы күрөшүү мамлекеттик кызматынын Ош шаардык башкармасында бөлүм башчынын орун басары, 2006-2010-жж. Ош шаардык башкармасынын башчысынын орун басары, 2010-2012-жж. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин өрт коопсуздугу агенттигинин Ош шаардык башкармасынын башчысынын орун басары, 2012-2013-жж. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Өрткө каршы күрөшүү мамлекеттик агенттигинин Ош шаардык башкармалыгынын башчысынын орун басары, 2013-2017-жылдарда Өрткө каршы күрөшүү мамлекеттик агенттигинин Ош шаардык башкармасынын башчысы болуп иштеген. II даражадагы «Күжүрмөн кызмат үчүн» медалы менен сыйланган.


Абдувалиев Бекболот Осмоналиевич

АБДУВАЛИЕВ Бекболот Осмоналиевич (1964, Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы - 2018, ошол эле жер) - искусство ишмери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. Ош педагогикалык институтунун искусство факультетин 1986-ж. бүткөн. Ош МУнун искусство факультетинде окутуучу, улук окутуучу, доцент, кафедра башчысы. Ош облустук филармониясынын «Болуш Мадазимов атындагы эл аспаптар оркестринин комузчусу, Ош Мунун «Салтанат» фольклордук оркестринин көркөм жетекчиси болуп иштеген. Кытай, Түркия, Беларуссия, Өзбекстан, Казакстан ж. б. мамлекеттерде кыргыз күүлөрүн чертип, кыргыз маданиятын жана искусствосун даңазалаган. Кыргыз Республикасынын маданият кызматынын мыктысы 100дөн ашык комуз күүлөрүнүн автору. Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Маданият министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган.


Абдулхакимов Орузбай

АБДУЛХАКИМОВ Орузбай (1945-ж.т.) Ак-Суу району, Теке айылы - 2015-ж., ошол эле жер) - журналист. СССР Журналисттер Союзунун мүчөсү (1974). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалаңтөш тобунан. 1969-ж. КМУнун журналистика бөлүмүн бүткөн. 1969-1970-жж. Кыргыз мамлекеттик телерадио комитетинин адабий музыкалык редакциясында журналист, 1970-1980-жж. Кыргыз телерадио берүүсүндө Жаштар редакциясынын башкы редакторунун орун басары, 1980-2004-жж. Ысык-Көл облустук телерадио комитетинин төрагасы, башкы редактору болуп иштеген. "СССР телеберүүсүнүн мыктысы" (1882). "Кыргыз Республикасынын телеберүүсүнүн сы" 1987-ж. О. Абдухаликовдун "Ата Журт баяны" (2009) аттуу китеби жана көптөгөн публицистикалык макалалары басмадан жарык көргөн. 3 жолу СССР Телеберүү комитетинин, 3 жолу ВЛКСМ БКнын Ардак грамоталары жана медалдар менен сыйланган.


Абдураимов Жарасул Осмоналиевич

АБДУРАИМОВ Жарасул Осмоналиевич (23.2.1960-ж.т., Алай району, Гүлчө айылы) - инженер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. И. Арабаев атындагы КМУнун ардактуу профессору (1993). 1984-ж. Свердлов шаарындагы Урал политехникалык институтун бүтүргөн. 1984-1988-жж. Фрунзе шаарынын прибор куруу заводунда атайын конструктордук бюронун инженер-конструктору, цехтин башчысы, 1988-1990-жж. Кыргызстан ЛКЖС БКнын Фрунзе шаардык комитетинин бөлүм башчысы, 1990-1996-жж. Фрунзедеги Физприбор заводунун партиялык уюмунун секретарынын орун басары, 1996-2000-жж. Физприбор заводунун директору, 2000-2007-жж. Бишкек шаарындагы «Жанар» АКнын президенти, Таш-Көмүр шаарындагы «Кристалл» мамлекеттик АКнын генералдык директору, 2007-жылдан Нанотехнология институтунун ректору. 15ке жакын илимий эмгектин автору. Республикада алгачкылардан болуп «Дастан» АКны түзгөн. Евросоюздун «Алтын Глобус» сыйлыгы менен сыйланган.


Абдуллаев Нурмамат

АБДУЛЛАЕВ Нурмамат (1952-ж.т., Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы) - мугалим. «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» (2011). Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1978-ж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетин бүткөн. 1978-1992-жж. Өзгөн районундагы «Коммунизм», М. Ломо-носов, Т. Сатылганов атындагы орто мектептеринде мугалим, 1992-2012-жж. Куршабдагы В. И. Ленин атындагы мектеп-интернатында, А. Төлөнов, Т. Сатылганов, Ы. Бектемиров атындагы орто мектептерде директор болуп иштеген. Айылдык Кеңештердин бир нече жолку депутаты болуп шайланган. «Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги» (1997). Кыргыз Республикасынын «Ардактуу аксакалдар жана айымдар» коомдук бирикмесинин Кыргыз Республикасынын «Ардактуу аксакалы» наамынын ээси. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.


Абдувалиев Сабыр

АБДУБАЛИЕВ Сабыр (23.3.1942-ж., Түп району, Тепке айылы - 2013-ж., ошол эле жер) - жол мастери. «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген жолчусу» (1980-ж.) Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалаңтөш тобунан. 1957-ж. Фрунзе автожол техникумун бүткөн. 25 жыл жол куруу тармактарында, анын ичинен Ак-Суу, Ысык-Көл райондук РДЭСУда, СМУда, Ысык-Көл облустук ЭЛУАДда, Сары-Жазда жетекчилик кызматтарында иштеген. Ысык-Көл аймагында көптөгөн мектептерди, жолдорду, бала бакчаларын, көпүрөлөрдү, мал чарба объектерин курууну уюштурган.


Абдуллаев Таир

АБДУЛЛАЕВ Таир (1927, Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы - 2010-ж., Куршаб айылы) - эмгек ардагери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1953-ж. Канттагы колхоз башкармаларын даярдоочу республикалык айыл чарба мектебин бүткөн. 1944-1951-жж. эсепчи, Кызыл-Сеңир айыл Советинин катчысы, 1953-1955-жж. Куршаб районунун Жданов атындагы, 1955-1957-жж. Кызыл-Октябрь колхоздорунда агроном, 1957-1959-жж. Өзгөн районунун «XXII партсъезд», ЮКОС «Куршаб», «Жалпак-Таш» совхоздорунда башкы агроном, 1959-1988-жж. чарба жетекчисинин орун басары, чарба жетекчиси болуп иштеген. Өзгөн райондук жана жергиликтүү Кеңештердин бир нече жолку депутаты болуп шайланган. Медалдар менен сыйланган.


Абдылдаев Абжамил

АБДЫЛДАЕВ Абжамил (1909-ж.т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы - 1958-ж., Түшүнүк айылы) - коллективдештирүүгө жигердүү катышкандардан. Ай тамгалуу Жору уруусунун Таема уругунан. 1924-1928-жж. Куршаб районундагы ОСОАВИАХИМ советтик коомдук-саясий коргоо уюмунун башчысы, 1928-1933-жж. Карагуз айыл Советинин секретары, 1933-1936-жж. Ворошилов атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы, 1936-1939-жж. Карагуз айыл Советинин секретары, 1939-1946-жж. Куршаб райондук финагентинин начальниги, 1946-1956-жж. Карагуз айыл Советинин төрагасы болуп иштеген. Улуу Ата Мекендик согушка тылдын жардамын уюштурган. Ошол мезгилде жаңыдан курулган Отуз-Адыр каналын, Кара-Кулжа - Алайку жолдорун, Калматай, Кызыл-Октябрь, Түшүнүк айылдарындагы автомобиль жолдорун курууну ишке ашырган. Каналдарды курдуруп, сугат жерлеринин аянттарын көбөйткөн. Райондук жана айылдык Кеңештердин бир нече чакырылышынын депутаты болуп шайланган. «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы каарман эмгеги үчүн» медалы менен сыйланган.


Абдыкадыров Рыспай

АБДЫКАДЫРОВ Рыспай (12.1.1941-ж., Кызыл-Булак айылы - 12.9.1994, Ош ш.) - белгилүү обончу жана ырчы. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти (1988). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. 1971-ж. ОМПИни бүткөн. 1959-1960-жж. Кара-Кулжа элдик театрда ырчы-аткаруучу, 1961-1962-жж. Өзгөн райондук маданият үйүндө, 1962-1967-жж. Жалал-Абад театрында ырчы-аткаруучу, 1967-1969-жж. Кыргыз мамлекеттик Т. Сатылганов атындагы филармонияда обончу-аткаруучу, 1971-1972-жж. ОМПИде, 1972-1973-жж. Ош шаардык музыкалык окуу жайында окуучу, 1973-1983-жж. Ош облустук чыгармачылык үйүндө директор, 1984-1994-жж. ОшМУда окутуучу болуп иштеген. Ош облустук кенешинин депутаты (1991). «Түгөйүм», «Эсиңдеби», «Ой, бото көз», «Алмашым», «Өсөкөн жер», «Суусамыр», «Алтынчы күнү кечинде», «Сагынуу», «Сагынам туулган жер сени», «Ак кайың», «Издейм сени» ж. б. 200дөн ашуун обондорду жараткан. Өз кезегинде көөнөрбөс обондору жана аргендей мукам үнү менен кыргыз музыка өнөрүнө буруluш жасаган. Р. Абдыкадыровдун чыгармалары кыргыз радиосунун Алтын фондуна жазылып алынган. Бир топ шакирттерди (А. Керимбаев, Т. Казаков, Т. Эшбаев, Ж. Алыбаев, Ж. Мамажанов, К. Темиров, И. Аманбаев ж.б.) тарбиялап, өз чыгармачылык мектебин түзгөн. «Ырларым - менин тагдырым», «Жолугарым билгемин» ж. б. обондуу ыр жыйнактары чыккан. Жалал-Абад шаарында «Рысбай клубу» түзүлгөн (1994). Ал тууралуу музыка изилдөөчү Б. Боркеевдин «Рысбай» аттуу китеби жарык көргөн (2004). «Ырларым - менин тагдырым» автобиографиялык видеофильм тартылган (1991). Ош облустук филармониясына, Ош, Кара-Кулжа музыкалык мектептерине, Ош шаарынын бир көчөсүнө ысмы ыйгарылган (1994). Ош филармониясынын алдына эстелиги тургузулган (1997).


Абитов Жеңишбек Эсеналиевич

АБИТОВ Жеңишбек Эсеналиевич (1970-ж.т., Өзгөн району, Эски Покровка айылы) - милициянын полковниги. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кучкач уругунан. КМУнун юридикалык факультетин (1998), Кыргыз Республикасынын ИИМ Академиясын (2009) бүткөн. 1991-1995-жж. кайгуул-чалгындоо кызматында, 2001-2010-жж. Бишкек шаарынын Свердлов райондук ички иштер бөлүмүндө, 2010-2015-жж. Ош облусунун Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин орун басары, 2015-2018-ж. Араван райондук ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 2018-жылдан Чүй облусунун Панфилов райондук ички иштер бөлүмүнүн начальниги. «Милициянын отличниги», «Кылмыш иликтөө кызматынын мыктысы» төш белгилери, КР ИИМдин I, II, III даражадагы «Азамат», «Каармандык» ж. б. медалдар менен сыйланган.


Абылов Сайфулла

АБЫЛОВ Сайфулла (5.5.1945-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы) - айыл чарба кызматынын ардагери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Элчибек уругунан. 1980-ж. К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтун бүткөн. 1971-1984-жж. Кара-Кулжа, Кара-Суу райондорунда агроном, 1984-1986-жж. Кара-Суу райондук айыл чарба башкармасынын начальнигинин орун басары, 1986-1987-жж. Кара-Суу районунун Х. Таширов атындагы колхоздун партиялык комитетинин секретары, 1987-1989-жж. Кара-Суу райондук элдик контролдоо комитетинин башчысы, 1989-1994-жж. Кара-Суу райондук айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, 1994-

2000-жж. Кара-Суу районунун Отуз-Адыр совхозунун директору, 2000-2004-жж. Кара-Суу районунун Ак-Таш айыл башчысынын жер маселеси боюнча башкы адиси, 2004-ж. Кара-Суу райондук жерге жайгаштыруу жана укуктарды каттоо башкармасынын жетекчисинин милдетин аткаруучу, 2004-2010-жж. Кара-Суу райондук Кеңешинин төрагасы, Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин кеңешчиси, 2010-2012-жж. Кара-Суу райондук коомдук башкаруу комитетинин төрагасы, 2012-2014-жж. Кара-Суу районунун Ак-Таш айыл өкмөтүнүн Аксакалдар сотунун төрагасы болуп иштеген.


Адашканова Данакан Осмонкуловна

АДАШКАНОВА Данакан Осмонкуловна (20.3.1951-ж.т., Сары-Камыш айылы) - аймактан чыккан алгачкы сүрөтчү. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунан. Кыргыз Республикасынын сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү (1988). Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери (1993), «Руханият» эл аралык сыйлыгынын лауреаты (2002). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. Фрунзе көркөм сүрөт окуу жайын (1971), Ленинграддагы И. Е. Репин атындагы институтун (1979) бүткөн. 1979-жылдан Бишкектеги С.Чуйков атындагы колледждин мугалими. Республикалык жана эл аралык көргөзмөлөрдүн катышуучусу. 600дөй лирикалык пейзаждардын («Алайбек», «Атам», «Сауле», «Өрүк гүлү», «Жалгыз өрүк», «Жалгыз Марал», «Ак шам», «Назиктик», «Натюрморт», «Ысык-Көл», «Кыргыз жери», «Кызгалдактар» ж.б.) автору. Кыргыздын көркөм дүйнөсүнүн кооздугун кыл калемдин тилинде даңазалаган таланттуу сүрөтчүнүн чыгармалары Г.Айтиев атындагы Кыргыз улуттук сүрөт музейинде, Россия, Санкт-Петербург, Канада, Германия, Түркия, Голландия, Япония, Венгрия, Литва, Италия жана АКШ өлкөлөрүнүн музейлеринде жайгашкан.


Адигине бий

АДИГИНЕ бий XV кылымдын 2-жарымы - XVI кылымдын 1-жарымында Алай аймагында жашаган кыргыздардын башкы бийи. Жору уруусунун бабасы. Наалы эже, Тагай бий менен бир тууган. Кыргыздын санжырасындагы маалыматтар боюнча алардын жети атасы бий болуп, хан даражасына барабар бийликти тутушкан. Бирок Чыңгыз хандын династияларынын башкаруу доорунда өздөрүн хан - деп жарыялоого укук берилген эмес.

Эжеси Наалы Адигине менен Тагай эр жеткиче ата-бабасынан бери келе жаткан бийликти карман турган. Адигине жаш кезинен эле баатырдыгы, айкөлдүгү билинип, кыргыздын 12 чоң уруусун бийлеген. Өлөөрүндө бийликти иниси Тагайга өткөрүп берген. Адигинеинин сөөгү чоң зыйнат менен ошол мезгилдеги Кыргыз жеринин географиялык чордону эсептелген Арсланбапка коюлган. Кийин бул жер ыйык жерге айланып, XIX кылымга чейин кыргыздын бийлери каза болгондо, сөөктөрү ушул жерге коюлган. Адигине тукумдары (Жору, Бөрү, Баргы, Сарттар, Карабагыш, Мунгуш) кыргыздын негизги урууларын түзүшөт. Тагайдан жана Наалы эжеден таркагандар менен туугандык байланышта кылымдар бою жашоо кечирип келишүүдө.

АДИЛ баатыр XVIII кылымда жашап өткөн. Ача тамгалуу Жору уруусунан.(Ача тамгалуу Жору уруусунун кайсы топтон экени тууралуу маалымат жок). Тарыхта азыркы Кыргызстандын аймагына караган жерлердин көпчүлүгү Кокон ханынын карамагында болгону белгилүү. Хандыктын ички жана сырткы жүргүзгөн саясатынан оолактап, өзүнчө жашоо биздин Жору уруусуна мүмкүн болгон эмес. Кокон хандыгы тарабынан «аскерге адам

бербединер, салыкты убагында төлөбөдүңөр» - деп Кокон ханы Жору уруусунун башчысын үй камакка алат. Ошондо Жору уруулары кеңешип, айыл аксакалын ханга элчиликке жиберет. Хан элчилерден уруу башчысын бошотуу үчүн «беш тапанча» алып келишин талап кылган. Жору уруулары Жаңы-Арыктын (Кара-Суу району) чыгышындагы Ади үңкүр бейиттин жанында топтолушуп, тапанча табышмак болушат. Алар Кашкардан беш бээге жыйырма беш тапанча сатып алышып, аны ханга алып барып берүүнү 18 жаштагы Адил аттуу жигитке тапшырышат. Адил тапанчаларды алып, Кокон хандыгынын сарайына барат. Ал хан багымдат намазын окуп бүткөндө, жанына барып, кийген чепкенинин бир этегин басып олтурат. Хан үн катпастан, башына Хан таажысын кийип чыгат да, эмнеге келгендигин сурайт. Эл башчысын бошоткону келгендигин айтып, убадалашкан тапанчаны көрсөтөт. Тапанчаларды сынап көрмөккө сыртка чыгып, Хан алгачкы тапанчаны Адилге аттырат. Ок мээлеген бутага тийет. Адилдин эрдигин байкап, баа берип, алардын Жору, Бөрү, Баргы болуп, үч бир тууган экенин билет. Хан «бир туугандарың менен чыгыш чек араны кайтарып бергиле, үч жыл аскерге адам албаймын, салыктан бошотуласыңар», - дейт. Ошондо Адил акылмандуулук менен Адигинеден таркаган Жору, Бөрү, Баргы, Мунгуш, Сарттар урууларын Алай, Кара-Кулжа, Баткен аймактарынан Өзбекстандын аймагына чейин жайгаштырып, конушка ээ кылыптыр. Чек араны аныктоо үчүн Барак уругунан чыккан бир тууган балбандар Сагымбай менен Сүйүнбай бир чоң ак ташты өгүзгө сүйрөтүп келип, «чек ара ушул, Ак-Таштан өтпөйсүңөр» - деп коюшат. Ошол таштын калдыгы азыр дагы бар. Ушундан улам Кара-Суу районундагы Ак-Таш айылы азыркы убакка чейин аты өзгөрбөстөн, Ак-Таш айылы болуп аталып калган. Ал эми Адилди «сен адилет иш кылдың» деп баатыр аташкан. (Бул уламыш Жору уруусунун Ийрек уругунан Арапбай Маматов, Барак анклавынын тургуну Мусабеков Дөөлөттүн берген маалыматтарынан алынды).


Адил баатыр

АДИЛБАЕВ Жумали (6.8.1948-ж.т., Кара-Кулжа району, Сары-Камыш айылы) - тарыхчы, тарых илимдеринин кандидаты (1992). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. 1970-ж. КМУну бүтүргөн. 1970-1992-жж. КМУда окутуучу, улук окутуучу, 1992-1996-жж. ОшМУда улук окутуучу, доцент, кафедра башчысы, 1996-1998-жж. декан, 1998–2000-ж. доцент, 2000–06-ж. Ош гуманитардык педагогикалык институтунда декан, Москва ишкердик жана укук институтунун Оштогу филиалында проректор, 2006-жылдан ОшМУда декан, доцент, профессор. Принциптүүлүгү, терең билими менен студенттерди багынткан таланттуу окумуштуу 80ден ашык илимий-методикалык эмгектин автору.


Адилбаев Жумали

АЖИМАМАТОВ Тыныбек (1954-ж.т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы) - врач. Медицина илимдеринин кандидаты (1884). Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. 1977-ж. Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун дарылоо факультетин бүткөн. 1977-1978-жж. интерн, 1978-1983-жж. республикалык клиникалык ооруканасында врач-ординатор, 1983-1987-жж. Фрунзедеги Кардиология илим-изилдөө институтунун кардиология бөлүмүндө кенже,


Ажимаматов Тыныбек

улук илимий кызматкер, 1987-1990-жж. Оштогу облустук курортология илимий борборунун башкы директору, 1990-1993-жж. республикалык диагностика борборунда башкы врачтын орун басары, 1993-1995-жж. Кыргыз мамлекеттик медицина институтунда кафедранын ассистенти, 2011-жылдан «Семамед» ЖЧК медициналык борборунун консультанты. 12ден ашык илимий эмгектин, а. и. 1 илимий ойлоп табуучулуктун, кардиология боюнча 4 рационализатордук сунуштун автору.



Айдаралиев Асылбек Бурканбекович

АЙДАРАЛИЕВ Асылбек Бурканбекович (1951-ж.т., Кара-Кулжа району, Кенеш (Живпром) айылы - - 2010-ж., Бишкек шаары) - коомдук ишмер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. 1975-ж. Фрунзе политехникалык институттун механика факультетин бүтүргөн. 1975-1983-жж. Фрунзе политехникалык институтта окутуучу, 1983-1993-жж. Фрунзе Автожол техникумунда окутуучу, улук окутуучу, Фрунзедеги «Монолитстрой» заводунун генералдык директору болуп иштеген. Бишкектин Кызыл-Аскер аймагындагы «Достук» кичи районун негизден, заводдун жумушчуларына заманбап үйлөрдү курган.



Акаев Каныбек Муталиевич

АКАЕВ Каныбек Муталиевич (11.3.1982-ж.т., Кара-Суу району, Савай айылы) - жеке ишкер. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадыралы уругунан. 2009-ж. КМУУнун юридикалык факультетин бүткөн. Россия Федерациясынын Новосибирск шаарындагы Кыргыз диаспорасынын жетекчиси (2012-ж.). Ош облусуна «Кыргыз Травертин» заводун ачып, 2 миллион доллардан ашык акча каражатын өз эсебинен сарптаган. Россия Федерациясына «Бакай Ата», «Кыргыз Травертин», «Сиблеспром» компанияларын негиздеген. Азыр Россиянын 42 шаарында жогорудагы компаниялардын филиалдары бар. Бул компанияларда 400дөн ашык адам (а. и. көпчүлүгү кыргызстандыктар) иштейт. Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы экономикалык жана достук байланыштарды өнүктүрүүгө жана чыңдоого бараандуу салымын кошуп келет. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы жана кол сааты, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Алкыш баракчасы жана баалуу белектери менен сыйланган.



Акаев Кылычбек Муталиевич

АКАЕВ Кылычбек Муталиевич (30.8.1983-ж.т., Кара-Суу району, Савай айылы) - коомдук ишмер. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадыралы уругунан. Ош мамлекеттик университетинин Бизнес жана менеджмент факультетин (2013-ж.), Кыргыз Республикасынын ИИМинин К. Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясынын магистратурасын (2018-ж.) бүткөн. 2009-2011-жж. Россиянын Иркутск шаарындагы Кыргыз диаспорасынын жетекчиси, 2011-жылдан Новосибирск шаарындагы «Савай - Телеком» компаниясынын башкы директору.

АКМАТОВ Ранат Исакович (9.9.1978-ж.т., Өзгөн району, Кара-Таш айылы) - аскер кызматынын полковниги. Ача тамгалуу Жору уруусунун Эши (Ийрек) уругунан. Ош шаарындагы №28 У. Салиева атындагы лицейди (1995-ж.), Бишкек шаарындагы Советтер Союзунун Баатыры, генерал-лейтенант К.Үсөнбеков атындагы Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн аскер институтун (1998-ж.), Ж. Баласагын атындагы КУУну (2008-ж.) бүткөн. 1998-2000-жж. 23565-авиациялык аскер бөлүгүндө, 2000-2019-жж. Чүй облусунун Аламүдүн, Ысык-Ата, Бишкек шаарындагы Октябрь, Свердлов райондук аскер комиссариаттарында бөлүм башчы, Ысык-Көл облусунун Түп райондук, Ош облусунун Ноокат райондук, Баткен облусунун Баткен шаардык, Чүй облусунун Кемин, Ысык-Ата райондук аскер комиссары болуп иштеген. Азыр Ош шаарынын аскер комиссары болуп иштеп жатат.



Акматов Ранат Исакович

АЛДЫРАКОВ Толтой (1930-ж.т., Куршаб району, Кызыл-Сеңир айылы - 2007-ж., ошол эле жер) - комсомолдук жана партиялык кызматкер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунун Калдыр тобунан. Москвадагы жогорку комсомолдук мектепти бүткөн. (1960-ж.). 1948-1964-жж. Кызыл-Сеңир клуб башчы, Кызыл-Сеңир айыл Советинин секретары, райондук газеталардын кабарчысы, Куршаб райондук гезиттин жооптуу катчысы, комсомолдун Куршаб райондук комитетинин биринчи секретары кызматтарын аркалаган. 1964-1965-жж. Өзгөн райондук маданият бөлүмүнүн директору, Ош облустук «Ленин жолу» гезитинин кабарчысы, 1965-1973-жж. Өзгөн райондук «Октябрь туусу» гезитинин башкы редактору, 1973-1975-жж. Ош облустук полиграфия жана китеп соодасы башкармасынын жетекчиси, 1975-1991-жж. Ош облустук теле көрсөтүү жана радио уктуруу комитетинин төрагасы болуп иштеген. Эки жолу Кыргыз Республикасынын, СССР Журналистер союзунун Ардак грамоталары менен сыйланган.



Алдыраков Толтой

АМАТОВ Маматкалык Маматайсаевич (18.2.1959-ж.т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы) - чарба ишмери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. 1983-ж. Фрунзе политехникалык институтун технология факультетин бүткөн. 1983-1994-жж. Кара-Суу нан-азыктар комбинатында, Оштогу эт комбинатында слесарь, инженер, мастер, цех начальниги, 1994-1997-жж. Ош газ чарба башкармалыгында бөлүмдүн начальниги, 1997-1998-жж. чарба начальниги, 1998-2000-жж. жана 2009-2011-жж. «Кыргызгаз» АК Жалал-Абад, Ош газ чарба башкармалыктарынын начальниги, 2000-2009-жж. жана 2011-2017-жж.«Кыргызгаз» АК Газ өткөрүү магистралы боюнча Түштүк башкармалыгынын начальниги болуп иштеген.



Аматов Маматкалык Маматайсаевич

АМАТОВ Төлөгөн (10.10.1942-ж. т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы) - эмгек ардагери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген курууучусу» (2002-ж.). Жалал-Абад медициналык окуу жайын (1962-ж.), ФПИни (1973-ж.) бүткөн. 1962-1963-жж. Карагуз айылында медициналык пункттун башчысы, 1966-1967-жж. Ош шаардык санитардык эпидемиологиялык станциясынын, өнөр жай жана курулуш иштерин көзөмөлдөө боюнча санитардык врачтын жар-

дамчысы, 1970-1973-жж. «Түштүк суу курулуш» трестинин көчмө колоннасында мастер, участка башчысы, 1973-1976-жж. Ош облустук Айыл-кыштактарды таза суу менен камсыз кылуу башкармасынын башкы инженери, 1976-1980-жж. облустук жайыттарды өздөштүрүү жана курулуш башкармасынын башчысы, 1980-1983-жж. Жаңы-Жол райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, 1983-1996-жж. Жалал-Абад «Курулуш-ремонттоо» трестинин башчысы, башкы директору, 1996-1997-жж. Жалал-Абад шаардык соода жана кызмат көрсөтүү департаментинин директору, 1997-1999-жж. «Кызмат» ЖЧКнын директору, 1999-2000-жж. Жалал-Абад облустук мамлекеттик администрациясынын бөлүм башчысы, 2000-2004-жж. «Курманбек-500» дирекциясынын директору болуп иштеген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйланган.



Акназаров Бекболсун Камчыбекович

АКНАЗАРОВ Бекболсун Камчыбекович 15.1.1961-ж.т., Кара-Кулжа району, Кенеш (азыркы Насредин) айылы - окутуучу. Ветеринария илимдеринин доктору (2001-ж.), профессор (2003-ж.), Эл аралык ветеринария ИАнын академиги (2004-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. 1985-ж. К. И. Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтун бүткөн соң, ошол эле окуу жайында окутуучу, 1989-1991-жж. ассистент, 1991-1993-жж. доцент, 1993-2000-жж. кафедра башчысы, 2000-жылдан декан болуп иштеген. Ал ветеринардык-акушердик жана малды жасалма уруктандыруу багытындагы илим боюнча Орто Азия жана Казакстан мамлекеттериндеги бирден бир окумуштуу адис. 105тен ашык илимий педагогикалык эмгектердин (3 окуу куралы, 1 монография, 20дан ашык методикалык сунуштар жана көргөзмөлөр) эки патенттин, 4 рационалдык сунуштун, 2 ветеринардык препараттын (биопроэтон, этонополициллин) жана аларды колдонуу боюнча эки колдонмонун автору. Бүткүл союздук эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн (ВДНХ) күмүш медалы менен сыйланган.



Акназаров Каримжан Камчыбекович

АКНАЗАРОВ Каримжан Камчыбекович (15.3.1962-ж.т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы) - врач-хирург, медицина илимдеринин кандидаты, доцент (2004-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. 1985-ж. КММИни бүтүргөн. 1986-1988-жж. Кыргызстан КП БКнын алдындагы башкы башкармалыктын борбордук ооруканасында хирург, 1988-1990-жж. СССР Коргоо министрлигине караштуу горнизондук госпиталда аскер хирургу, 1991-1997-жж. Бишкектеги Улуттук хирургия борборунун хирургу, 1997-2007-жж. гравитациялык хирургия бөлүмүнүн башчысы, 2007-жылдан улук илимий кызматкер. Көкүрөк жана ич көндөй хирургиялары боюнча жогорку категориядагы хирург. 20дан ашык илимий эмгектин автору. Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо отличниги (2001-ж.). Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Анын медицина тармагына киргизген хирургиялык дарылоо ыкмасынын алты түрү дарылоо мекемелеринде колдонулууда.



Акматов Шадыбек

АКМАТОВ Шадыбек (1922-ж.т., Алай району, Согот айылы - 1977-ж., ошол эле жер) - согуш жана эмгек ардагери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Элчибек уругунан. 1933-1943-жж. Алай районунда бухгалтер, 1943-ж. Улуу Ата Мекендик согушка кетип, 1945-ж. оор жарадар болуп, туулуп-өскөн айылына кайтып келген. 1946-1961-жж. райондук банк мекемесинде, элге билим берүү системасында, совхоздо бухгалтер болуп эмгектенген. «Мамлекеттик банк кызматынын отличниги». Жергиликтүү Кеңештерге бир нече жолу депутат болуп шайланган. Медалдар менен сыйланган.

АЛАЙЧИЕВ Бакытбек Болбурович (12.4.1965-ж.т., Ош шаары) - мамлекеттик кызматкер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1986-ж. К. И. Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтунун агрономия факультетин бүткөн. 1986-1987-жж. Өзгөн районундагы Кызыл-Октябрь совхозунда бригадир, 1987-жылдан совхоздун комсомол комитетинин секретары, 1992-жылдан совхоздун агроному, 1994-2002-жж. Кызыл-Октябрь айыл округунун башкы адиси, 2002-2005-жж. Өзгөн райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, 2005-2013-жж. Өзгөн районундагы Кызыл-Октябрь айылөкмөтүнүн башчысы, 2017-2018-жж. Өзгөн райондук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары, 2018-жылдан Өзгөн райондук мамлекеттик администрация башчысы-аким. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.



Алайчиев Бакытбек Болбурович

АЛАЙЧИЕВ Болбур (21.1.1938-ж.т., Куршаб району, Кызыл-Сеңир айылы) - ардагер экономист-бухгалтер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. Колхоздун бухгалтери-1954-1958-жж., 1960-ж. Фрунзе финансы-экономикалык техникумун бүткөн. 1960-1961-жж. Куршаб малды бордоп семиртүү чарбасында башкы бухгалтер, 1961-1974-жж. Ош облустук статистика башкармасында экономист, башкы экономист, бөлүмдүн башкаруучусу, 1974-1975-жж. Ош облустук айыл чарба башкармасында башкы бухгалтер, 1975-1980-жж. Кара-Суу райондук айыл чарба бөлүмүндө башкы бухгалтер, 1980-1995-жж. Ош облустук колхоздор аралык башкармалыгында бөлүм башчы, 1995-1998-жж. Ош облустук айыл чарба департаментинде башкы бухгалтер болуп эмгектенген. Москвадагы Бүткүл Союздук колхозчулардын IV съездинин делегаты (1988-ж.). «Эмгектеги каармандыгы үчүн (жоокердик каармандыгы үчүн)» В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгын белгилөөгө карата юбилейлик медалы, СССР Борбордук Статистика башкармасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.



Алайчиев Болбур

АЛИЕВ Казы (1.1.1905-ж.т., азыркы Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 1988-ж., ошол эле жер) - согуш жана эмгек ардагери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бейшеке (Горок) уругунан. 1936-1941-жж. Куршаб районунун «Кашка-Суу» колхозунда башкарманын төрагасы болуп иштеген. 1941-ж. Улуу Ата Мекендик согушка кетип, 1943-ж. оор жарадар болуп, согуштан туулуп-өскөн айылына кайткан. Согуштан кийин эл чарбасын калыбына келтирүүдө үзүрлүү иштеген. Ата Мекендик согуш ордени жана Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде СССРдин аймагын душмандан коргоодо синирген эмгеги үчүн юбилейлик медалдар, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган.



Алиев Казы


Алманбетов Өмүрбек Бадыевич

АЛМАНБЕТОВ Өмүрбек Бадыевич (4.8.1953-ж.т., Өзгөн району, Мырза-Аке айылы) - мамлекеттик кызматкер. Мамлекеттик кызматтын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Дөөлөтбай (Жалаңтөш) тобунан. 1980-ж. КМУнун экономика факультетин бүткөн. 1980-1984-жж. Өзгөн районунун «Өзгөн» совхозунда профкомдун төрагасынын орун басары, 1984-1986-жж. «Өзгөн» совхозунун ЖБИсинде бөлүм башчы, 1986-1991-жж. партиянын Өзгөн райкомунда, Ош обкомунда партиялык жооптуу кызматтарда, 1991-1994-жж. Ош облустук тышкы экономикалык байланыш комитетинин төрагасынын орун басары, 1994-1996-жж. «Ош- тышкы иш» бизнес-борборунун директору, 1996-1997-жж. Ош облустук мамлекеттик мүлк фондусунун бөлүм башчысы, 1997-1999-жж. Ош облустук мамлекеттик администрациясында бөлүм башчы, 1999-2005-жж. Ош облустук мамлекеттик администрациясында губернатордун орун басары, 2005-ж. Кыргыз Республикасынын Президентинин Түштүк аймагы боюнча толук укуктуу өкүлү, инспектор, 2006-2010-жж. Евросоюздун ТАСИС долбоорунун консультанты, ОБСЭнин «Жергиликтүү бийлик органдарынын экономикалык функцияларын колдоо» долбоорунун кеңешчиси - ЮСАИДде менеджер, 2011-2012-жж. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Жергиликтүү башкаруу жана этностор аралык мамилелер мамлекеттик агенттигинин директору, 2012-жылдан кеңешчиси. «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоонун мыктысы», Кыргыз Республикасынын «Дене тарбия жана спорт отличниги», «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү башкаруусунун мыктысы» .


Андыбай баатыр

АНДЫБАЙ баатыр XVIII кылымда жашап өткөн. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бооке (Чайчи) уругунан. Андыбай жөнүндө XX кылымдын 60-жылдарында жашаган Чайчи уругунун урпагы Мырзали, Аширбай Жолоев аксакалдар айтып беришкен. Анын калмак баскынчылары менен Кызыл-Суу өрөөнүн бошотуу үчүн болгон күрөшүндө эрдик көрсөткөнүн, Кызыл-Суунун Коңур-Добо жайлоосун калмактардан бошотконун эскерип айтышат. Мындан тышкары Андыбай Анжиян шаарындагы бир чоң тойдо баш байгени утканын, анын байгесине жасалганган нар төө, күлүк ат менен кошо бир тестиер кыз утуп алганы, ал кыз Ача тамгалуу Жорунун Элчибек уругунан Калет аттуу колунда бар жигитке турмушка берет, азыр анын урпактары Календер аттуу Элчибектин тукумунун чоң энеси болгону белгилүү.

Элчибектин бул тобу Кызыл-Суунун Сары-Камыш кыштоосунда жашашып, азыр дагы Чайчы уруктарын «тага журт» - деп эсептешкенинин күбөсү болдум. Мындан тышкары Ө.Ж.Осмоновдун «Кыргызстандын тарыхы» (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин. Бишкек - 2012-жыл) китебинин 158-бетинде Адигине бий тобунда эскерилип жазылат.

Андыбайдын сегизинчи-тогузунчу урпактары Ача Жору уруусунун (Бооке) Чайчи уругунда жашап жатат. Мезгилинде кыргыздын намысына өз доорунда жашаган балбандар азаматтар чыккан, алардын катарына Андыбайдын чоң уулу Дүйшөмбү (Чоң чарык) чоң олбурлуу киши болгон, анын текенин мүйүзү менен казган арыктары азыр да Ача Жору уруусунун Бейшеке (Горок) айылындагы Чайчы Бейшеке тукумдарына кызмат кылып келе жатат. Дүйшөмбүнүн курган тегирмени эгерде иштетсе дагы эле иштейт, Бейшеке (Горок

айылында Кызыл-Суунун боюнда турат, «Чоң-Чарык» деген атты ошол тегирменди иштеткенде алган экен, себеби чоң, буту да чоң чарык (Чарык териден жасалган бут кийим) кийүүгө ылайык болгон - деп эскеришет, урпактары. Анын балдары Дос (чолок) аксак болгонуна карабастан, койдун буттарын байлабастан туруп, чолок бутун койдун үстүнө таштап коюп сойгон, жаштыгында бирөө менен темин жанчканда 3 жашар байталды талаша кетип, куйруктан колго ороп ыргытып жибергенде, байтал томолонуп кеткен экен дешет. Дүйшөмбүнүн бир баласы Дөөлөбай - Кызыл-Суунун «Боз-Өтөк» жылгасынын башындагы жапайы өскөн бадалдарды, караган, табылгыларды өсүп турган жеринен кыл арканга байлап, белине салып тартып, тамыры менен жулуп жерди бошоткон, айдоо жерге айландырып, аштык айдаган - деп, XX кылымдын 80-жылдарында ааламдан өтүшкөн Ирисали Турапов, Ысмайылов Эргеш жана азыр 98 жаштагы Нурматова Айша эжелер айтышат.


Арзибаев Амирбек

АРЗИБАЕВ Амирбек (1947ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суунун Абдал уулу уругунан. 1974-ж. Москва автожол институтун бүткөн. 1974-1976-жж. Оштогу 2902-автоколоннада диспетчер, 1976-1979-жж. Түштүк өндүрүштүк автотрестинде инженер, 1979-1981-жж. Оштогу №2 автобазасында эксплуатациялык кызматтын жетекчиси, 1981-1989-жж. Түштүк автотрестинин жетекчисинин орун басары, 1989-1992-жж. Ош автобазасынын жетекчиси, 1992-1994-жж. Оштогу өндүрүштүк транспорттук бирикмесинин башкы директору, 1994-1998-жж. «Ош автотранс» АКнын башкы директору, 1998-2000-жж. Ош облустук мамлекеттик лицензиянын башкы жетекчиси, 2000-2004-жж. Кыргыз Транспорт жүргүзүү инспекциясынын жетекчиси, 2004-2010-ж. «Ош автотранс» АКнын башкы директору болуп иштеген. Ош облустук Кеңешинин депутаты (2005).


Арстанкулов Талантбек Курбаналиевич

АРСТАНКУЛОВ Талантбек Курбаналиевич (1.8.1972-ж.т., Кара-Суу району, Отуз-Адыр айылы) - врач-хирург. Медицина илимдеринин кандидаты (2009-ж.), доцент (2010-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. 1995-ж. КММИни бүткөн. 1993-1996-жж. республикалык ооруканасынын микрохирургия бөлүмүндө медкызматкер, 1995-1997-жж. КММИде кафедранын ординатору, 1997-2001-жж. КММИнин аспиранты, 2001-2007-ж. кафедранын ассистенти, 2007-ж. доцент, 2013-2017-жж. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде медициналык жардам көрсөтүү жана дары-дармек саясаты башкармалыгынын башкы адиси, бөлүм башчысы, 2017-2018-жж. Улуттук госпиталда башкы дарыгердин орун басары, 2018-жылдан Ош облустук оорукананын башкы дарыгери. Өзүнүн билим деңгээлин жана кесиптик квалификациясын жогорулатуу максатында Европа жана Америка мамлекеттеринде даярдоо курстарынан өтүп, тажрыйбасын, билимин жогорулаткан. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.


Асакеев Ильгиз

АСАКЕЕВ Ильгиз (1941-ж.т., Ак-Суу району, Чолпон айылы - 1994-ж., ошол жерде каза болгон.) - советтик соода кызматкери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалан-

төш тобунан. Фрунзе соода техникумун (1960-ж.), Украинанын Львов шаарындагы соода-экономика институтун (1967-ж.) бүткөн. 1967-1971-жж. Түп районунун Кутургу керек-жарак коомунда, Талды-Суу айылдык керек-жарак коомунда, 1971-1975-жж. Талас шаардык соода башкармалыгында, Түп райондук керек-жарак коомунун башкармасынын орун басары, Ысык-Көл облустук керек-жарак коомунун директорунун орун басары, 1975-1989-жж. Ысык-Көл облустук керек-жарак коомунун төрагасы, 1989-1994-жж. Пржевальск райондор аралык соода базасынын директору болуп иштеген. «Советтик керек-жарак кооперациясынын отличниги» Эл депуттаттарынын Ысык-Көл облустук Кеңешине депутат болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын соода тармагына алдыңкы тажрыйбаларды кеңири жайылткан. Эт багытындагы тоок, чочко, бодо мал фермаларын уюштурган. Эмгек Кызыл Туу ордени жана медалдар менен сыйланган. Өзү туулуп-өскөн айылынын бир көчөсүнө жана дүкөнгө ысмы ыйгарылган.



Астар бий

АСТАР бий Адигинениң Жору урпагынын небереси, болжол менен XVI кылымдын экинчи жарымында жашаган. Жору уруусунун Ай тамгалуу Жору уруктарынын бабасы. Санжырада Астардын бир тууган иниси Кастар болгон. Кээ бир вариантта (Кызыл-Суу айылында жашаган 95 жаштагы Мадумарова Бүзү эненин айтуусу боюнча) Астар менен Кастар эгиз балдар болгон, аларды окшош кийиндирип койгондо көргөндөр экөөнү бири-биринен айырмалай алган эмес деп айтылат. Кастардын Серке баатырынан Кожо, Тасма, Теңизбай, Каракунас уруктары тараган.



Арапбаев Нурсейит Макенович

АРАПБАЕВ Нурсейит Макенович 24.2.1960-ж.т., Кара-Кулжа району, Кызыл-Жар айылы) - юрист. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадыралы уругунан. 1984-ж. КМУнун юридика факультетин бүткөн. 1984-1990-жж. Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгынын полкунда жооптуу кызматта 1990-1991-жж. «Кыргыз мебель» өндүрүштүк бирикмесинде юрист, 1991-1993-жж. Ош облустук калкты иш менен камсыз кылуу башкармалыгында инспектор, 1993-2003-жж. Ош облустук арбитраждык сотунда консультант, башкы адис, судья, 2003-2010-жж. Ош облустук соттун судьясы, 2010-жылдан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы.



Арстанбеков Маматжан Арстанбекович

АРСТАНБЕКОВ Маматжан Арстанбекович (1947-ж.т., Кара-Суу району, Жаңы-Арык айылы) - окутуучу. Медицина илимдеринин кандидаты (1990-ж.), доцент (1993-ж.), профессор (2011-ж.). «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы». Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1974-ж. КММИнин стоматология факультетин бүткөн. 1974-1978-жж. Фрунзе шаарында тиш врачы, 1978-1980-жж. клиникалык ординатурада, 1980-2001-жж. И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академияда ортопедиялык стоматология кафедрасында ассистент, доцент, 2001-2006-жж. ОшМУнун медицина факультетинин кафедра башчысы, стоматология факультетинин деканы, 2006-2007-жж. Ош шаарында Медицина институтунун директору, 2011-жылдан ОшМУнун медицина факультетинин деканы. «Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоонун мыктысы». М. Арстанбековдун жетекчилиги менен илимпоздордун кандидаттык диссертациялары корголду. 80ден ашык илимий макаланын, 24 окуу методикалык эмгек-

тин, төрт автордук күбөлүктүн, төрт окуу китебинин, бир Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин атайын грифи менен илимий китептин автору. Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Мамлекеттик тил комиссиясынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

АСАНБАЙ уулу Бала бий азыркы Өзгөн районунун Кызыл-Сеңир аймагында болжол менен 1750–1830-жылдарда жашап өткөн. Ай Тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. Айтылуу Боро баатырдын кыбырасы. Бала бий өз мезгилинде калк арасында туура калыс чечим чыгаргандыгы калың калкка белгилүү болуп, кадыр-баркка ээ болгон. Айтылган уламыштарга жана урпактарынын эскерүүсүнө караганда кара-калпактар менен казактын Кичүү жүзүнүн жаңжалдуу иштерин тынчтык жол менен жайгарганы айтылып келет. Урпактары Өзгөн районунун Кызыл-Сеңир айылында жашашат.

АТАБАЙ бий болжол менен XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башында жашаган. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. Өз мезгилиндеги Ай тамгалуу Жору уруусунун бийлеринин бири. Маалыматтарга караганда Кожо уругунун Дөөлөт, Бегиче уулдарынын мурдагы жашаган жерлерин Кокон хандыгынан сурап, элин туруктуу отурукташтырган. Куршабдын чыгыш, түштүк-чыгыш тарабындагы Шагым, Коо жерлерин, Сырт, Жылышма, Кичи-Саз жайлоолорун өзүнүн уруулаш туугандарына жайыт кылып берүүгө жетишкен. Ай тамгалуу Жору урууларынын аш-тойлорун башкарган. Ошол мезгилдеги бийликтин салык топтоо саясатында туугандарына жардамы тийип, ар түрдүү зордуктузомбулуктардан коргогон. Бул маалымат 68 жаштагы Кызыл-Сеңир айылынын жашоочусу Айтматов Мендибайдан алынды, ал өткөн кылымдын 80-жылдарында жашап өткөн аксы Кайназаров Кадыралыдан укканынын негизинде берди.



Атабаев Жолдош

АТАБАЕВ Жолдош (1898-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 1970-ж., ошол эле жер) - Совет бийлигин орнотууга жана аны чыңдоо иштерине активдүү катышкандардан. Ача Жору уруусунун Бейшеке (Горок) уругунан. 1924-1927-жж. Ош облусунун Гүлчө районунда жол куруу тармагында жетекчи, 1927-1944-жж. Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айыл кеңешинин төрагасы, 1944-1950-жж. Кызыл-Суу аймагындагы Кашка-Суу, Жаңы-Жол майда чарбалардын башкармасынын төрагасы, 1950-1958-жж. Микоян атындагы колхоздун (майда чарбалар ирилештирилип, Микоян атындагы колхозго бириккен) башкармасынын төрагасы кызматын аркалаган. Тоолуу Кызыл-Суу өрөөнүндөгү сабатсыздыкты жоюу, колхоздоштуруу, Совет бийлигинин чыңалышы, калктын социалдык экономикалык өнүгүшү сыяктуу мезгилдин татаал проблемаларын чечүүдө жан аябай эмгектенген. Улуу Ата Мекендик согуштун катаал жылдарында Куршаб районунун Ленин колхозунун башкармасы Кулматов Ороздун «Советтик Кыргызстан» танк колоннасына жардам берүү демилгесин колдоп, фронтко колхозчулардын атынан 1943-жылдын 2-январында 33000 сом, 15-январында 10000 сом, 21-февралда 5000 сом, өзүнүн атынан 37000 сом жөнөтүп (булардын тактоочу архивдик документтер, гезиттин көчүрмөлөрү Ош облустук мамлекеттик архивинде сакталып турат), СССРдин Жогорку Башкы командачысы И. В. Сталинден алкыш кат алууга татыктуу болгон. Бул кат Ош облустук «Ленин Жолу» гезитинин 1943-жылдагы 15-январдагы №7 (435) санына жарыяланган. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда Кызыл-Суулук патриот калктын жана Ж. Атабаевдин кошкон салымына курулган танк азыркы учурда Кызыл-Суу айыл округунун алдындагы аянтчада секичеге коюлган. Бул танкты СССР Коргоо министрине чейин маселе коюп, 1989-жылы Атабаев Жолдоштун небереларинин бири Жолдошев Таалай Капарович СССРдин Коргоо министринин атайын приказы

менен Украинанын Ермольник станциясынан поездге жүктөтүп келген. Ошондой эле Кызыл-Суу айыл округуна мемориалдык эстелик тургузулган. Бул эстелик мемориалына Улуу Ата Мекендик согуштан кайтпай калгандардын аты-жөндөрү жазылган. Ж. Атабаев жергиликтүү кеңештерге бир нече жолу депутат болуп шайланган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы жана медалдар менен сыйланган.

АТАБЕК, (Атабай наиб) (наиб деген сөз иран тилинде "орун басар, жардамчы" дегенди билдирет) XIX кылымдын орто ченинен XX кылымдын 30-жылдарында жашаган. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунун Сагындык тобунан. Кандай шартта Кокон хандыгынын башкаруу кызматына жеткени жөнүндө маалымат жок. Кыргыз төбөлдөрүнүн Кокон хандыгындагы орду жана ролу жөнүндөгү "Кыргызстан в период Кокандского ханства" - деген интернеттин httu-www. welcome. kd - ru-histrvr-dfq-сайтында Атабек наиб-командующий пеших воинов и артилерий, деген, Россиянын изилдөөчүсү М. Алибековдун маалыматы боюнча "Одним из самых доверенных людей Кудояр хана был Атабек наиб. Этот уважаемый, старый и мудрый кыргыз был человеком пришедщим в ханскую ставку, вместе с отцом Кудаяр хана - Шерали ханом. Кудояр - хан уважал и доверял ему и в тех случаях, когда отсутствовал в ханской ставке-поручал ему вести все свои дела" - деген маалыматтар бар. Атабек (Атабай) наиб тууралуу жазуучу Шабданбай Абдрамановдун "Тарыхтагы ак тактар" (Бишкек-2007) китебинде да Атабай наиб жөнүндө маалымат бар. Атабектен (Атабай) уул бала калган эмес. Атабек наибдин Карачач аттуу жалгыз кызы Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан Мырзакарим байдын уулу Мадумарга турмушка чыккан.



Аттокуров Урмат Тологонович

АТТОКУРОВ Урмат Тологонович (1968-ж.т., Кара-Суу району, Жар-Ооз айылы) - инженер-техник. Техника илимдеринин кандидаты (1999-ж.), доцент (2006-ж.), профессор (2008-ж.), Кыргыз Республикасынын Инженердик Академиясынын мүчө-корроспенденти (2015-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Доолотбай тобунан. 1994-жылы ОШТУну бүткөн. 1994-2000-жж., окутуучу, 2001-2003-жж. кафедра башчысы, 2003-2010-жж. декан, 2010-2015-жж. Экономика жана инвестиция боюнча проректор, 2015-жылдан Тышкы байланыш жана өнүктүрүү боюнча проректор. «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы». Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган.



Ахмедов Эгемберди Дадабаевич

АХМЕДОВ Эгемберди Дадабаевич (30.7.1961-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы) - физик-информатик. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын 1-классстагы кеңешчиси. Ача Жору уруусунун Бейшеке (Горок) уругунан. 1988-жылы ОшМУнун физика факультетин бүткөн. 1988-1991-жж. Кара-Суу шаарындагы К. Жакыпов атындагы жатак-мектептин мугалими, 1991-1999-жж. Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында Эркин-Тоо орто мектебинде мугалим, 2000-2010-жж. Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн жетекчиси, 2010-2014-жж. Кара-Суу райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармасынын башчысы, 2014-2019-жж. Араван райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармасынын башчысы. 2019-жылдан баштап Кара-Суу районунун эмгек жана социалдык өнүгүү башкармасынын жетекчиси болуп иштеп жатат. «Социалдык өнүгүү кызматынын мыктысы» (2016-ж.). Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматынын 1-классстагы кеңешчиси, Республикалык социалдык өнүгүү кызматынын мыктысы.

АХМЕТОВ Мустафа (1907-ж.т., Ак-Суу району, Тепке айылы - 1995-ж., ошол эле жер) - Ай Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалантөш тобунан. 1916-ж. Үркүндө Кытайга качып барып, жашоо кечирген. 1922-ж. жээни Касым Тыныстановдун жетекчилиги астында Кусеин Карасаев, Хайридин Кашымбеков, Иманбек Шаметов ж. б. менен Ташкентке барып, Казакстандын педагогикалык институтуна кирет. 1924-ж. алгачкы жолу «Эркин-Тоо» гезити Ташкентте жарык көрөт. Кыргыз тилинин алиппесин Эшеналы Арабаев менен кошо Мустафа Ахметов кошо түзүшөт, ал мезгилде М. Ахметов 17 жашта гана М. Ахметовдун өзүнүн жазуу түрүндөгү эскерүүсүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды берген: 1924-ж. «Эркин-Тоо» гезитинин биринчи номери Ташкенттен чыкты, мен жооптуу редактор жана корректор болдум. Ошол жылы Эшеналы Арабаев экөөбүз биринчи Кыргыз алиппесин түздүк, бирок мен 17 гана жашта болгондугума байланыштуу Кыргыз алиппесин түзүүдө авторлош кылып киргизишпеди. Андан кийин Тажик Республикасынын Агартуу эл комиссариатынын жана Кыргыз автономия облусунун эл агартуу башкармасынын жетекчиси Осмонкул Алиевдин сунушу менен 1927-ж. Тажикстандын Обгарм облусунун Жерге-Тал кыштагына кыргыз мектептерин жаңыдан уюштырууга жөнөтүштү. Буга чейин эч кандай мектеп болгон эмес, мен ислам дининен кабарым бар эле, куран, намаз окуганды билчүүмүн. Ушунун натыйжасында жергиликтүү имам мага мектеп ачууга жардам берди. 1928-ж. Дүйшөмбү шаарына келдим. Ал жерден кайра Тажикстандын Тоолуу-Бадакшан облусунун Хорог шаарына, андан кийин Мургабга кыргыз мектептерин ачуу үчүн жибериштн, ал жерде кыргызча жатак-мектебин ачып, 1931-жылга чейин иштедим. 1931-ж., мени ГПУнун (Башкы саясий башкармалык) өкүлүнүн жардамчысы кылып дайындап, лейтенант наамын бериштн.



Ахметов Мустафа

1931-жылы 25-февралда мени камакка алышып, Ташкентке алып келген. Эч жерде жабаган, түзүлбөгөн «Туран» партиясына катыштыгың бар, Абдыкерим Сыдыковду, Арабаев Эшеналыны кайдан билесиң?», - деп кыйнаган. Жан кыйналганда 7 күн бою ачкачылык жарыяладым. КПЗда эки жыл, жалгыз жатуучу камерада бир жыл кармашты. 1935-ж. мени Россиянын Вологда облусунун Пенюх станциясына алып келди. Абдыкерим Сыдыков менен ушул жерде жолуктум. Бизди атууга өкүм чыгарган экен, М.И.Калининдин (Борбордук аткаруу комитетинин төрагасы) чечими менен атуу өкүмүн 10 жыл түрмөгө камоо менен алмаштырып, 1946-жылга чейин Россиянын Ухта-Печерски лагеринде болдум. 1946-жылы сентябрь айында туулуп-өскөн айылым Тепкеге кайтып келдим. 1958-жылдын сентябрь айында менин күнөөлүү эмес экендигимди аныкташып, акташты» (Справка - 4-3580 от 4 августа 1958 года, Военный трибунал Туркестанского военного округа). Маалыматты Бишкек шаарынын тургуну, 62 жаштагы врач кызы Айнур Ахметова берген.


Б



Базибаев Үсөнбек

БАЗИБАЕВ Үсөнбек (1956-ж.т., Кара-Суу району, Отуз-Адыр айылы - 2015-ж., Ош шаары) - милициянын полковниги. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунун Мурзакул тобунан. 1979-2011-жж. СССР ИИМдин Фрунзедеги атайын милиция орто мектебинин мугалими, Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын патрулдук кызматынын взвод командири, кезмет бөлүмүнүн башчысы, Ош облустук

ички иштер башкармалыгынын патрулдук кызматынын рота командири, Куршаб ПОМдун команд., Өзгөн районун ИИБнин начальнигинин орун басары, № 5- СИЗОнун начальнигинин орун басары, Ош областтык Администрациясында коргоо жана укук коргоо секторунун башч., башкы адиси. Жалпы Жору уруусунун санжыралык маалыматтарын топтоодо активдүү катышкан. Бир нече мамлекеттик сыйлыктардын ээси.



Байжиев Мар Ташымович

БАЙЖИЕВ Мар Ташымович (23.3.1935-ж.т., Жалал-Абад шаары) - жазуучу, прозаик, драматург, кинодраматург, котормочу, коомдук ишмер. Кыргыз ССРинин искусствого эмгек сиңирген ишмери (1981-ж.), Кыргыз эл жазуучусу (1993-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалантөш тобунан. 1960-ж. КМУнун филология факультетинин орус тили жана адабият бөлүмүн бүтүргөн. 1962-1964-жж. Москвадагы киносценаристтердин жогорку курсун окуган. 1961-жылдан Кинематографисттер союзунун мүчөсү. «Кыргызфильм» киностудиясында улук редактор, Кыргыз ССРинин маданият министрлигинин репертуардык коллегиясынын башкы редактору. 1971-1975-жж. «Литературная газетасынын» Кыргызстан боюнча өз кабарчысы болуп иштеген. М. Байжиев орус жана кыргыз тилдеринде жазып, сынчы, котормочу катары да таанылган. Кыргызча 1961-жылы «Кара курт» аттуу биринчи сатиралык аңгемелер жыйнагы чыккан. М. Байжиев тарабынан 1966-ж. «Чыйыр» аңгемелер жана повесттер жыйнагы, Орус тилинде 1964-ж. «Кайра келүү», 1969-ж. «Өгөй бакыт» аңгемелер жана повесттер жыйнагы жарык көргөн. 1974-ж. «Адашкан адам» интермедиясы, көп актылуу пьесалар жыйнагы чыккан. «Балдар бойго жеткенде», «Эрөөл», «Эр намысы», «Ар бир үйдө майрам», «Кыз-күйөө», «Алтынчы күнү кечинде», «Узак сапардагы поезд» пьесалары жазылган. «Эрөөл» пьесасынын сюжетине эки опера түзүлгөн. М. Байжиев «Кожожаш» эпосунун мотиви боюнча «Байыркы жомок» драмасын жазган. М. Байжиевдин сценарийи боюнча «Кыргызфильм» киностудиясында «Ак илбирстин тукуму», «Алтын күз», «Өзбекфильм» студиясында «Бөтөн бакыт», «Нөшөр», «Казактелефильм» студиясында «Жаңы жыл алдындагы түн» аттуу толук метраждуу көркөм фильмдер тартылган. Автордун аңгемелери боюнча башка студияларда дагы кыска метраждуу бир нече көркөм фильмдер ишке ашырылган. «Акмактардын поезди», «Окуя» көркөм фильмдердин, «Беликий эпос» ж. б. документалдуу фильмдердин автору. Фильмдердин айрымдары эл аралык фестивалдарда жогорку сыйлыктарга татыктуу болгон. М. Байжиев К. Жантөшевдин, Т. Молдонун жана башка авторлордун чыгармаларын орус тилине которгон. «Манас» эпосунун орус тилинде чыгышын даярдоого катышкан. М. Байжиевдин чыгармалары КМШ, чет өлкөлөрдүн тилдерине которулуп, өзүнчө китеп болуп басылып чыккан. Драмалары СССРдин 200дөн ашык театрларында: Москва, Ленинград, Киев, Ташкент, Рига, Тбилиси, Баку, Алма-Ата шаарларынын, Польша, Венгрия, Австрия, Канада, Монголия, Румыния, Болгария, Финландия ж.б. өлкөлөрүнүн сахналарында коюлган. «Седеп» фондунун президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, маданият, эл агартуу, мамлекеттик тил жана туризм боюнча Жогорку Кеңештин комиссиясынын төрагасы (1990-1994-жж.) болгон. Бүгүнкү күнгө чейин кино академиянын президенти. Кыргыз кино академиясынын академиги. Искусство институтунун профессору. СССР кинематографиясынын отличниги. «Манас» ордени менен сыйланган.

БАЙЖИЕВ Ташым Исхак уулу (1909-ж.т., Ак-Суу району, Тепке айылы - 1952-ж., Караганды) - кыргыз совет жазуучусу, агартуучу, адабиятчы, сынчы, окумуштуу филолог, манас таануучу. СССР жазуучулар союзунун мүчөсү (1936). Ай жорунун Теңизбай уругунун Жалантөш тобунан. Атасы Байжы ажы өз мезгилинин чыгаан адамы болуп, жөө-

жаландап ажы амалын аткарып келип, Байжы ажы наамын алган. Ташым атасынан эрте ажырап, Караколдогу орус-тузем мектебин, Фрунзедеги педагогикалык техникумун (1927-ж.), Кыргыз педагогикалык институтунун (азыркы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети) орус филологиясы бөлүмүн (1940-ж.) бүткөн. 1931-жылы Агартуу эл комиссариатынын инспектору, кийин Гүлчөдөгү балдар үйүнүн директору, Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайынын директору кызматтарын аркалаган. Түштүк Кыргызстандагы алгачкы мектептерди ачуу иштери менен шугулданган. Атактуу окумуштуу Зияш Бектенов менен бирге эң алгачкы кыргыз тили жана адабияты окуу куралын, алгачкы кыргыз орфографиясынын сөздүгүн түзгөн.



Байжиев Ташым Исхакович

1940-1942-жж. жана 1944-1949-жж. Кыргыз илимдер академиясынын фольклор жана Манас институтунун, СССР илимдер академиясынын тил жана адабият институтунун Кыргыз филиалынын сектор башчысы кызматын аткарып, илимге кыргыз тарыхына, маданиятына көөнөргүс эмгек сиңирген. 1942-жылы Пржевальскидеги педагогикалык институтунун проректору кызматына бекитилет. Бирок аз убакыттан кийин эле Улуу Ата Мекендик согушка жөнөтүлүп, 1944-жылы оор жарадар болуп, мекенине кайтып келет. 1949-1950-жж. Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунда мугалим болуп иштеген. «Кызыл учкун» адабий ийримин уюштуруп, кийин ал Кыргызстан жазуучулар Союзунун түптөлүшүнүн өзөгү болуп калган.

1950-жылы «буржуазиялык улутчул» деген шылтоо менен камакка алынып, 10 жылга кесилип, Казакстандын Караганды шаарындагы кум иштетүүчү карьерге сүргүнгө айдалган. 1955-жылы акталган.

Анын чыгармачылыгы XX кылымдын 20-жылдарында башталып, «Сен кимсиң?», «Дос», «Күрөш», «Өзөндүн боюнда» аттуу аңгеме-повесттери «Эркин Тоо», «Кызыл Кыргызстан» гезиттерине, «Чабуул» журналдарына басылып чыккан. 1930-1940-жж. адабий сын менен шугулданган. Кыргыз прозасын жазуунун негиздөөчүлөрүнүн бири, алгачкы окуу куралдарынын автору, фольклор изилдөөчү окумуштуу жана орус классиктеринин чыгармаларын которуучулардын баштоочусу. "Манас" трилогиясын орус тилине которууну уюштуруучулардан, кыргыз фольклорлорунун окуу китебин түзүүчүлөрдөн. Т. Байжиев - драматург. Улуу Ата Мекендик согушка арналган согуш талаасында жүрүп жазган - «Жигитер» драмасы «Советтик Кыргызстан» гезитине 1944-ж. жарыяланган. Т.Байжиевдин орус тилинен кыргыз тилине которгон А.Треневдин «Любовь Яровая», пьесасы, А. Островскийдин «Безприданница» драмалары Кыргыз драма театрынын көшөгөлөрүндө коюлуп турган. Мындан тышкары Т. Байжиев тарабынан И. Тургеневдин, Л. Толстойдун, Д. Фурмановдун, А. Фадеевдин ж. б. чыгармалары кыргыз тилине которулуп, окурманга жеткирилген.



Баимбетов Мамады

БАИМБЕТОВ Мамады (5.5.1927-жылы Кара-Кулжа району, Тоготой айылында туулган. - Мугалим-методист (1963-ж.), Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими (1995), Кыргыз Республикасынын Эл мугалими (2001-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. Ош мугалимдер институтун (1950-ж.), ОШПИни (1964-ж.) бүткөн. 1950-2002-жж. Совет, Өзгөн райондорундагы мектептерде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директор, райондук билим берүү бөлүмдөрүндө инспектор, кабинет башчысы, агартуу кызматкерлер профсоюзунун райондук комитетинин төрагасы болуп иштеген. «Кыргыз

ССР эл агартуу отличниги» (1964-ж.), «СССР эл агартуу отличниги» (1977-ж.). Москвадагы бүткүл союздук мугалимдердин III съездинин, Кыргызстандын мугалимдеринин II–V съезддеринин делегаты. Методикалык төрт, коомдук маселеге арналган үч китептин, 42 макаланын автору. «Ардак Белгиси» ордени жана медалдар менен сыйланган. Өзү иштеген мектепке ысмы ыйгарылган.


Байтиков Чырмаш

БАЙТИКОВ Чырмаш (1932-жылы Кара-Кулжа районунда туулуп, Карагуз айылы - 1997-каза болгон.) - врач-дермотолог. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан.

1961-жылы КММИни бүткөн. 1961-1997-жж. Кара-Кулжа райондук ооруканасында врач-дермотолог болуп иштеген. Ал белгилүү комузчу да болгон. Анын аткаруусундагы автордук жана элдик күүлөр кыргыз радиосунун алтын казынасына жазылып алынган. Эмгек Кызыл Туу ордени, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы жана медалдар менен сыйланган.


Байымбетов Султанбек Козубаевич

БАЙЫМБЕТОВ Султанбек Козубаевич - 1955-ж.т., Кара-Кулжа району, Биймырза айылы) - инженер-куруучу. Жору уруусунун Теңизбай уругунун Биймырза тобунан. Теңизбай уругунан чыккан кадырлуу Бердигул бийдин чебереси. 1978-ж. Фрунзе политехникалык институтун бүткөн. 1978-2010-жж. курулуш тармагында мастер, курулуш-механикалык колоннанын жетекчиси, 2010-2012-жж. Кара-Кулжа райондук мамлекеттик администрация башчысы-аким, 2012-жылдан баштап Өзгөн, Кара-Кулжа райондор аралык экотехинспекция башкармасынын жетекчиси. Теңизбай уругунун санжыралык маалыматтарын топтоодо активдүү катышкандардын бири.


Бакиров Исманалы Ахунжанович

БАКИРОВ Исманалы Ахунжанович (10.10.1959-ж.т., Кара-Суу району, Отуз-Адыр айылы) - инженер-технолог. Техника илимдеринин кандидаты (1996-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1984-ж. РСФСРдин Казань шаарындагы А.Н.Туполев атындагы авиация институтунун инженер-механик факультетин бүткөн. 1986-1989-жж. Ош шаарындагы насос заводунда инженер-технолог, 1989-1996-жж. Ош технологиялык университетинин окутуучусу, 1996-1997-жж. Ош мамлекеттик социалдык университтин (КӨУ) кафедра башчысы, 1997-2007-жж. Ош мамлекеттик социалдык университетинин инженер-технология факультетинин деканы, 2007-жылдан Ош мамлекеттик социалдык университеттин алдындагы коллеждин директору. 30 дан ашык илимий макалалардын, окуу-усулдук китепчелердин жана 3 ойлоп табуунун автору. «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы» (2011). Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

БАПАНОВ Таалай Раатбекович (27.3.1969-ж.т., Кара-Суу району, Кара-Суу шаары) - Кыргыз Республикасынын УКМКнын запастагы полковниги. Ача тамгалуу Жору уруусунун Жакып уулу уругунан. 1993-ж. К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун ветеринария факультетин бүткөн. 1993-1997-жж. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинде (УКМК) жооптуу кызматта, 1997-1998-жж. УКМК-нын Нарын облусунда «Бандитизмге каршы күрөшүү» бөлүмүнүн башчысы, 1998-2001-жж. УКМКнын Ат-Башы райондук бөлүмүнүн башчысы, 2001-2017-жж. УКМКнын Жалал-Абад, Ош, Чүй облустук, Ош шаардык башкармалыктарында, Кара-Суу, Өзгөн, Москва, Ысык-Ата райондорунда «Уюшкан кылмыш жана баңги заттарга каршы күрөш жүргүзүү" бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Медалдар менен сыйланган.


Бапаев Таалай Раатбекович

БАПАЕВ Арзимат (1898ж.т., Кара-Кулжа району, Түшүнүк айылы - 1980-ж., ошол эле жер) - эмгек ардагери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. 1912-1914-жж. Өзгөндөгү дин окуу жайын окуган. 1918-1924-жж. жеке чарба уюштуруп, мамлекеттик пландарды төгүп турган. 1928-1931-жж. Кош-Этер айыл өкмөтүндө катчы, 1932-1934-жж. «Жан-Чукур» колхозунда эсепчи, 1934-1936-жж. Жалпак-Таш айыл Советинде катчы, 1937-1939-жж. Түшүнүк мектебинде мугалим, 1939-1945-жж. Карагуз айыл Советинде катчы, 1945-1951-жж. Түшүнүк колхозунда башкарманын төрагасы болуп иштеген. Колхоздун айыл чарбасын, экономикасын өнүктүргөнгө зор салым кошкон. Медалдар менен сыйланган.


Бапаев Арзимат

БАПЫГУЛ газы Жумаев (1875-1882-жж, Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 1944-ж., Ош шаары) - Совет бийлигин орнотууга жигердүү катышкандардан. Ача тамгалуу Жору уруусунун Жакып уулу уругунун Сагындык тобунан. Оокаттуу үй-бүлөдөн болуп, XX кылымдын башында кыргызга белгилүү болгон Жаныбек, Жусу газылар менен диний мектептерде бирге окуп, билим алган. Болжол менен 1912-2020-жж. Кызыл-Суу өрөөнүндө газы болгон, архивдик материалдар жок. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында, басмачылар чыккан мезгилде элдин ынтымагын чыңдоого, Совет бийлигин орнотуга ак кызмат кылып, калк арасында кадыр-баркка ээ болгон. Совет доорундагы эзүүчү таптын өкүлү деген жалган жалаа менен 10 жылга эркинен ажыратылганы тууралуу жазуу маалыматы бар. Ош шаарынан Куршабдагы колонияга которулуп, ошол жерде каза болгон. Бир маалыматта Бапыгул каза болгондо аны өзү менен түрмөдө бирге жаткан Ача Жору уруусунун Мамыт аттуу киши жерге берген деп айтылса, дагы бир маалыматта Жаныарык айылынын тургуну Белек Кошоевдин чоң атасы Кошой менен бирге абакта жаткан. Каза болгондо Кошой аксакал кепинден койгон деп айтат. Бапыгулдун урпактары негизинен Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн аймагында жашашат. Бапыгул газы жөнүндө маалыматтар Бапыгул газынын небereлери Искендерова Үрүлкан (Кара-Суу районунун Ак-Таш айылынан) жана Бапыгулов Рустамбек Абылкасымовичтен (Кызыл-Суу айылынын тургуну) алынып, 2015-ж. «Кырчын» журналына жарык көргөн «Биздин Бапыгул газы чоң атабыз» аттуу макаланын маалыматтары пайдаланылды. Азыркы учурда Кызыл-Суу өрөөнүндөгү Алдиер тоосунун батыш тарабындагы Султан-Супа жайлоосунда «Бапыгулдун сазы» аттуу жер бул кишинин атынан аталып жүрөт.


Бекибаев Абдыкапар

БЕКИБАЕВ Абдыкапар (1945-ж.т., азыркы Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 2012-ж., Ош шаары) - окутуучу. СССР журналисттер союзунун мүчөсү. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадрали уругунан. Кадрали уругунун атактуу Каракан, Нарбото бийлердин тукуму. 1967-ж. Ош пединститутунун музыкалык-педагогикалык факультетин бүткөн. 1972-2009-жж. Ош гуманитардык-педагогикалык институтунда окутуучу болуп эмгектенген. Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги 2009-ж. А. Бекибаевдин "Тагдыр таасирлери" аттуу китеби жарык көргөн. Ал китептеги чыгармаларда элеттик адамдардын сүйлөө кебинин ширесин таап бергендиги, диалогдордогу диалектизмдердин өтө ыктуу табигый колдонулушу аңгемелердин ажарын ачып, окурманга жугумдуу кылып берген. Тоолуктардын кайталангыс мүнөздөрүн, каармандардын сырын ачууда автор чоң бийиктикти багындырган.


Бекибаев Бакыт Абдыкапарович

БЕКИБАЕВ Бакыт Абдыкапарович (1967-ж.т., Ош шаары) - Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук комитетинин запастагы полковниги. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадрали уругунан. 1991-ж. ОШМУнун чет тилдер факультетин бүткөн. 1991-1992-жж. Ош технологиялык колледжде окутуучу, 1992-1995-жж. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук комитетинин Ош облусу боюнча башкармасынын оперуполномочени, 1995-2002-жж. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Улуттук Коопсуздук комитетинин, Улуттук Коопсуздук министрлигинин, Улуттук Коопсуздук кызматынын Ош облустук башкармасында улук уполномочени, бөлүмдүн жетекчиси, 2002-2005-жж. Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук кызматынын Ош шаары жана Ош облусу боюнча башкармалыгынын начальнигинин орун басары, 2005-2006-жж. Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук комитетинин Ош шаары жана Ош облусу боюнча башкармасынын начальниги, 2006-2009-жж. Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук комитетинин информация-аналитикалык башкармасынын начальнигинин орун басары, Кыргыз Республикасынын Чек араны мамлекеттик коргоо кызматынын штабынын начальнигинин орун басары, башкарманын начальниги кызматтарында иштеген. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, медалдар жана Кыргыз Республикасынын чалгындоо кызматынын төш белгиси менен сыйланган.



Бердибаев Аман

БЕРДЫБАЕВ Аман (9.6.1920-ж.т., Фрунзе району, Тегирмеч айылы) - токойчу. Улуу Ата Мекендик согуштун (1941-1945-жж.) катышуучусу. «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген токойчусу». Ай тамгалуу Жору уруусунун Баткен облусунун Кадамжайдагы тобунан. Фрунзе шаарындагы эки жылдык токойчулар окуу жайын, 1971-ж. Ташкент шаарындагы Токойчулар институтун бүткөн. 1941-ж. согушка кетип, Ленинград фронтунда 162-артиллериялык полкунда согушкан. Согуштан кайтып келгенден кийин 1946-жылы Фрунзе районунун Кызыл чарба мектебинде мугалим, 1948-жылы Үч-Коргон токой чарбасында токойчу, токой башчысы болуп иштеген. Медалдар менен сыйланган.

БЕРДИГУЛ бий 1850-1919-жж. Биймырза айылында жашаган. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Биймырза тобунан. Кара-Кулжа өрөөнүндө 1895-1905-жж. бий болуп шайланган, кийин бийлик кызматты өзүнүн уулу Аманбайга өткөрүп берген. Өз доорунда жалпы кыргыз элине, анын ичинен Теңизбай урукташтарына ички жана тышкы душмандар менен болгон карама-каршылыктарда, орус падышачылыгынын саясатын жүргүзүүдө өз элин бирдиктүү абалда тукум улап, жашап кетүүсүнө шарт түзгөн. Бердигул бийдин урпактары азыр Кара-Кулжа районунун Биймырза айылында отурукташкан (Маалымат Биймырза айылынын тургуну Бердигул бийдин чебереси Байымбетов Султанбек Козубаевичтен алынды).


Бердиев Сулайманкул

БЕРДИЕВ Сулайманкул (1922-ж.т., Өзгөн району, Куршаб айылы - 2000, ошол эле жер) - согуш жана эмгек ардагери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Эсеке уругунан. Эмгек жолун 13 жашынан баштаган. 16 жашынан Улуу Ата Мекендик согушка (1941-1945-жж.) катышкан. Согуш жылдары Сталинград фронтунда аскердик саясий жетекчи, аскер бөлүгүнүн командири кызматтарын аткарган. Сталинград, Воронеж, Курск, 3-Украина, Белоруссия фронтторунда душман менен күрөшкөн. Согуштан кайтып келген соң, 1949-1952-жж. партиянын Куршаб райондук комитетинде инструктор, айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, 1951-1952-жж. Куршаб районунун Киров атындагы колхозунда, 1953-1955-жж. Жданов атындагы колхозунда, 1955-1958-жж. Социализм атындагы колхозунда башкарманын төрагасы болуп иштеп, ошол мезгилде экономикасы начар колхоздорду алдынкы колхоздорго теңеген. 1958-1960-жж. мал чарбачылыгы боюнча Түштүк Кыргызстан тажрыйба станциясында (ЮКОС) бөлүмдүн башкаруучусу, 1960-1961-жж. Кызыл-Октябрь поселкалык Советинин төрагасы, 1961-1963-жж. ушул райондогу «Алга» совхозунун директору, 1964-1970-жж. Куршаб совхозунун бөлүм башкаруучусу, 1970-1974-жж. Ленин атындагы поселкалык Советинин төрагасы кызматтарын аркалаган Облустук, райондук, поселкалык Советтеринин депутатыгына шайланган. I, II, III даражадагы Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери жана медалдар менен сыйланган.


Боро баатыр

БОРО баатыр XVIII кылымдын экинчи жарымында жашап өткөн. Ай тамгалуу Жору уруусунунун бубаларынын бири Кожо бийдин баласы. Санжыралык маалыматтарда Тасма баатыр бир тууган агасы Кожо бийдин уулу Боро баатырды Шырдакбектен сурап алып келет. Шырдакбек хандын замандашы. XVI кылымда түзүлгөн «Дөрбөн Ойрот» (Калмактардын) союзунун кысымы астында жалпы кыргыздардын көпчүлүк уруулары менен Жору (Жолжакшы) уруусун Гиссар менен Кулябга (Көлөпкө), Коргон-Төбөгө көчкөндө жетекчилик кылган. Боро туугандарын кайра азыр Жору тукумдары жашап жаткан Өзгөн, Кара-Суу райондорунун аймагына көчүрүп келет. Ади-Үнкүр деген жерде Жору уруусунун башка бийлери менен кошо Жорунун балдарына энчилерин, мал-мүлкүн бөлүштүрүүгө активдүү катышат. Азыркы Жорулардын Кочкор-Ата (Кара-Суу району, Жаңы-Арык айыл округу) мазарын (бейитин) белгилеп, каза болгондорун бир жерге топтоп көмдүрүүнү уюштурат. Бородон таркаган урпактары Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо тобунун, көп сандуу уруктары. Боро жөнүндө маалымат профессор Ө. Ж. Осмоновдун «Кыргызстан тарыхы» (Байыркы мезгилден азыркы доорго чейин) Бишкек - 2012-ж. 179-бетте жазылган. Мындан тышкары Боро жөнүндөгү маалыматтарды Ашимов Расул уккан маалыматтары боюнча берди.



БУСУРМАНОВ
Нурбек Абылович

БУСУРМАНОВ Нурбек Абылович (13.3.1968-ж.т., Ак-Суу айону, Тепке айылы) - ички иштер кызматынын полковниги. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалаңтөш тобунан. 1986-1988-жж. Ооганстан жергесинде интернационалдык милдетин өтөп келген. СССР ИИМдин Горький шаарындагы Жогорку мектебин аяктаган. 1992-1999-жж. Каракол шаардык ички иштер башкармалыгынын өзгөчө маанилүү иштер боюнча улук инспектору, 1999-2000-жж. Ысык-Көл облустук ички иштер башкармалыгында инспектор болуп иштеген. СССР Жогорку Советтин Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын Президентинин кол сааты менен сыйланган.

Д



Досов Балта

ДОСОВ Балта (1895-ж.т., Жетим-Дөбө айылы - 1976-ж., ошол эле жер) - Совет бийлигин орнотууга жигердүү катышып, колхоз уюштурууда басмачыларга каршы активдүү күрөшкөн. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. XX кылымдын 30-40-ж. Чыгыш Түркестан (Цзинь-Цзянь) облусунда Ыскакбек Монуев, Чыпак газы, Шермат Султанов, Мавлянов Разактар менен бирге кызмат кылган. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Кызыл-Октябрь айыл советинин төрагасы, төраганын орун басары, колхоздун башкармасынын төрагасынын орун басары, төрагасы, 1946-1958-жж. Ленин атн. колхоздун ферма башчысы болуп иштеген. 1955-ж. СССР Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө катышкан. Медалдар менен сыйланган.



Дубанаев Зинат

ДУБАНАЕВ Зинат (1928-ж.т., Алай району, Согот айылы - 1994-ж., ошол эле жер) - советтик-партиялык кызматкер. Ача тамгалуу Жору уруусунун Элчибек уругунан. 1943-1945-жж. Алай райондук элге билим берүү бөлүмүндө бухгалтер, 1945-1948-жж. «Кызыл-Алай» гезитинин жооптуу секретары, 1948-1968-жж. чарбалык кызматтарда жана «Андреев» колхозунун партиялык комитетинин секретары, 1968-1978-жж. партиянын Алай райондук комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1978-1979-жж. Алай райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, 1979-1988-жж. райондук элди контролдоо комитетинин төрагасы, 1988-1993-жж. райондук пенсиялык фонддун төрагасы болуп иштеген.



Дүйшеев Акун

ДҮЙШЕЕВ Акун (5.1.1931-ж.т., Биймырза айылы) - укук коргоочу, милициянын подполковниги. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. 1971-ж. КМУну бүткөн. 1956-1957-жж. Совет райондук эл сотунун секретары, 1957-1958-жж. Совет райондук ички иштер бөлүмүндө инспектор, 1958-1961-жж. паспорт столунун начальниги, 1961-1963-жж. оперативдик кызматкер, 1963-1971-жж. Өзгөн райондук ички иштер бөлүмүндө тергөөчү, 1971-1980-жж. Ленин, Өзгөн райондук ички иштер бөлүмдөрүндө начальниктин орун басары, тергөө бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. Милиция отличниги (1978-ж.). Медалдар менен сыйланган.

Е



Ешмамбетов Баки

ЕШМАМБЕТОВ Баки (27.3.1920-ж.т., Кара-Кулжа кыштагы - 12.1.2009-ж., Бишкек) - советтик жана партиялык ишмер. Улуу Ата Мекендик согуштун (1941-1945-жж.) катышуучусу. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. КПСС БКнын алдындагы жогорку партиялык мектепти бүткөн (1954-ж.). Тарых илимдеринин кандидаты (1960-ж.). 1939-ж. Советтик Армиянын катарына чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушка (1941-1945-жж.) катышкан. 1943-1946-жж. райондук «Коммунизм үчүн» гезитинде жооптуу катчы, райондук социалдык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы, 1946-1947-жж. партиянын Совет райондук комитетинде бөлүм башчы, 1947-1955-жж. райкомдун 2-секретары, 1955-1960-жж. партиянын Ош обкомунун секретары, 1960-1965-жж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун ректору, 1965-1980-жж. кафедра башчысы, 1980-1993-жж. Ош облустук ардагерлер советинин төрагасы болуп иштеген. Кыргыз ССР эл агартуу отличниги (1961-ж.). Облустук, шаардык советтердин депутаты (1956-1960-жж.). СССР ардагерлер Советинин мүчөсү. Облустун экономикасы, маданиятынын өсүшүнө зор салым кошкон.

ЕШМАМБЕТОВ Малик Бакиевич (19.3.1951-ж.т., Ош ш.) - милициянын полковниги (2002-ж.), мамлекеттик кызматтын 3-класстагы кенешчиси (2003-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. Москва женил өнөр жай технологиялык институтун (1974-ж.), РФ ИИМ Башкаруу академиясын (1992-ж.) бүтүргөн. Эмгек жолун 1969-ж. Ошто жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. 1974-1976-жж. Ошто кебезден кездеме токуу ишканасында мастер, улук мастер, 1976-1978-жж. комсомол комитетинин секретары, 1978-1981-жж. парткомдун секретарынын орун басары, 1981-1983-жж. башкы механик, 1983-1984-жж. Ош облустук жергиликтүү өнөр жай башкармалыгында башкы инженер, 1984-1989-жж. Ош шаардык ички иштер бөлүмүндө начальниктин орун басары, 1989-1991-жж. Ош, Чүй облустук ИИБде начальниктин орун басары, 1991-1992-жж. уюшулган кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча СССР ИИМ Регион аралык башкармалыгында начальниктин орун басары, 1992-1993-жж. Кыргыз Республикасынын ИИМинде башкы инспектор, 1993-1994-жж. Ош облустук ИИБде бөлүмдүн начальниги, 1994-1995-жж. Ош облустук бажы кызматынын, 1995-1997-жж. Кадамжай райондук ички иштер бөлүмүнүн, 1997-2003-жж. Чүй облустук ИИБде начальниги, 2004-2005-жж. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы кирешелер боюнча комитетте бөлүмдүн начальниги, 2005-жылдан Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кенешинде башкы инспектор. Ош шаардык кенешинин депутаты (1990-ж.). Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы жана медалдар менен сыйланган.



Ешмамбетов Радбек Бакиевич

ЕШМАМБЕТОВ Радбек Бакиевич (29.8.1949-ж.т., Ош ш.) - мамлекеттик ишмер, мамлекеттик кызматтын 2-класстагы кенешчиси (2000-ж.). Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген курууучусу (2001-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. Ленинград политехникалык институтун (1972-ж.), КПСС БКнын алдындагы Академияны (1985-ж.) бүтүргөн. 1972-1978-жж. Кара-Көл шаарында "Нарын суу курулуш" Токтогул-ГЭСинде мастер, прораб, начальник, башкы инженер, ГЭСтин начальнигинин милдетин аткаруучу, 1978-1983-жж.

партиянын Ош обкомунда инструктор, курулуш бөлүмүнүн башчысы, 1985-1986-жж. "Кыргыз айыл курулуш" бирикмесинде төраганын 1-орун басары, Кыргызстан КП БКда инспектор, бөлүм башчынын орун басары, 1986-1988-жж. партиянын Ысык-Көл обкомунун секретары, 1988-1990-ж. Пржевальск шаардык кеңештин төрагасы, партиянын Пржевальск шаркомунун 1-секретары, 1990-1991-жж. эл депутаттарынын Ысык-Көл-Нарын облустук аткаруу комитетинин төрагасы, облустук кеңештин төрагасынын 1-орун басары, 1991-1995-жж. партиянын Фрунзе шаркомунун 1-секретары, "Кыргыз курулуш" мамлекеттик концернде 1-вице-президент, ошол эле учурда 1992-1995-жж. "Курулуш банк" АКБда Директорлор кеңешинин төрагасы, 1995-1996-жж. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк фондунда төраганын орун басары, 1996-1997-жж. "Бишкек-Ош" авто жол куруу дирекциясында директордун 1-орун басары, директор, 1997-1999-жж. Кыргыз Республикасынын транспорт жана байланыш министринин орун басары, 1999-2000-жж. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүндө аппарат жетекчиси - министр, 2000-2002-жж. Экология жана өзгөчө кырдаалдар министри, ошол эле учурда 2000-2003-жж. "Кыргыз нефть газ" АКда директорлор кеңешинин төрагасы, 2002-2006-жж. Кыргызстандагы "Техмашимпекс" АИ өкүлчүлүгүнүн башчысы, 2006-2010-жж. "Салам курулуш" ОсОО ишканасынын генералдык директору, 2011-2015-жж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин аппарат жетекчиси. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин (1990-2095-жж.), Ош, Ысык-Көл облустук кеңештеринин (1979-1984, 1986-1990-жж) депутаты. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы жана медалдар менен сыйланган.


Ешмамбетова Замира

ЕШМАМБЕТОВА Замира (31.1.1955-ж.т., Ош шаары) - коомдук ишмер. Философия илимдеринин доктору (1993-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. 1976-ж. Москва педагогикалык университетин бүтүргөн. 1984-1989-жж. ОШМУда лектор, улук лектор, Англия өкүлчүлүгүнүн башчысы, 1993-1994-жж. Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министринин жардамчысы, Батыш Европа департаментинин начальниги, 1994-1995-жж. БУУда (Нью-Йорк) туруктуу өкүлчүлүктүн орун басары, 1995-1996-жж. саясий маселелер боюнча кызматкер, Босния жана Герцеговинадагы (Сараево) БУУ миссиясында жарандык иштер боюнча кызматкер - Ilidza Field, Сараево офистеринин башчысы, 1996-1999-жж. БУУда Кыргызстандын туруктуу өкүлү, атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси, ошол эле мезгилде 1996-1999-жж. БУУнун туруктуу өкүлдөр ассоциациясында Аялдардын эл аралык форумунун мүчөсү, 1997-1998-жж. Генералдык Ассамблеянын 51-сессиясынын вице-президенти, 1998-ж. оккупацияланган араб аймактарында Израилдин мыйзамсыз иш-аракеттери боюнча Генералдык Ассамблеянын 10-кезексиз сессиясынын вице-президенти, азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун вице-президенти, 1998-1999-жж. БУУнун эл аралык мектептер комитетинде ардактуу көзөмөлчү, 1999-ж. ПРООН-ФНООНдун (БУУнун калк боюнча фонду) мүчөсү, Баланын укуктары боюнча Конвенцияга катышуучу мамлекеттердин 7-отурумунун президенти, 1999-2008-жж. Косоводо убактылуу өкмөттүн муниципалдык администратору, улук саясий кеңешчи, 2008-жылдан Европа боюнча бөлүмдүн директору. 50дөн ашык илимий эмгектин автору. «Даңк» медалы менен сыйланган.

Ж

ЖААНБАЕВ Манас - (1954-ж.т., Кара-Кулжа району, Тоготой айылы) - врач. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалантөш тобунан. 1978-ж. КММИни бүткөн. 1978-1979-жж. Кыргызстан ЛКЖС БКнын студенттик отряддар штабынын Ат-Башы, Тянь-Шань, Баткен, Лейлек райондору боюнча башкы врачы, 1979-1983-жж. Талас облусунун Токтогул районунда башкы акушер-гинеколог, 1983-1984-жж. Ош облустук төрөт үйүндө врач, акушер-гинеколог, 1984-1986-жж. Араван районунун башкы врачынын эне-ликти жана балалыкты коргоо боюнча орун басары, 1986-1988-жж. Кыргыз Республикасынын Курортология жана физиотерапия илимизилдөө институтунда илимий кызматкер, 1988-1990-жж. Оштогу облустар аралык нике жана үй-бүлө консультативдик поликлиниканын реабилитация бөлүмүнүн башчысы, 1990-1992-жж. республиканын түштүк аймагы боюнча Салттык медицина борборунун башкы директору, 1992-1995-жж. Кара-Кулжа районунун Тоготой айылында Салттык медицина боюнча врач, 1995-жылдан Ош шаардык үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун №3 филиалынын врачы. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо кызматынын мыктысы (2001-ж.), Кара-Кулжа райондук Кеңешинин депутаты, Кытай медицинасы боюнча дарыгерлер Лянь-Баонун, Н.С.Бабажановдун окуучусу. Ташкенттеги А. Беруни атындагы илим-изилдөө институтунда медициналык астрология жана парапсихология илимдери боюнча таалим алган. Россия Федерациясынын Санкт-Петербург шаарында химико-фармоцефтикалык институтунун жана Москва шаарындагы П.Лумумба атындагы Эл аралык институтунда элдик медицина боюнча профессор В. Вельховерден, СССРдин медициналык ИА сынын Сибирь бөлүмүнүн экспериманталдык жана клиникалык бөлүмүнүн башчысы, профессор А. И. Дубицкийден, Л. Ф. Дубицкаядан билим алган. Натыйжада Кыргыз элинин менталдык медицинасына, Гиппократтын медициналык астрологиясына, Ибн Синанын рух илимдер медицинасына, Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттык Сактоо Уюмунун «Ден соолук» боюнча Резолюциясы менен байыркы Кытай менен Индиянын медицинасын айкалыштыра изилдеп, адамзаттык маанидеги «Медициналык астрология, астропсихология илимдер системасынын космобио-ритмологиялык «Ош-3000» аттуу календарын түзгөн.


Жаанбаев Манас

ЖАНЖИЕВА Жумагүл - (1924-ж.т., Өзгөн Кызыл-Сеңир айылы - 1976-ж., ошол эле жер) - советтик-партиялык кызматкер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунун Тойчу уулу тукумунан. Бухгалтердик курсту окуган. Кыргызстан КП БКга караштуу республикалык партиялык мектепти (1954-ж.), Фрунзедеги соода техникумун (1961-ж.) бүткөн. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде колхоздо ар түрдүү кызматтарда, согуштан кийин мектепте мугалим, колхоздун комсомол комитетинин катчысы кызматтарын аркалаган. 1951-1952-жж. комсомолдун Куршаб райондук комитетинин 2-секретары, партиянын Ош обкомунун өнөр жай жана транспорт бөлүмүндө инструктор, 1954-1955-жж. партиянын Молотов, 1955-1956-жж. Куршаб, 1956-1957-жж. Алай райондук комитеттеринин 2-секретары, 1957-1958-жж. партиянын Ош шаардык комитетинин секретары, 1961-1976-жж. Кыргыз Республикасынын Соода министрлигинин тармагында жооптуу кызматтарда иштеген.


Жанжиева Жумагүл

ЖАНТЕМИРОВ Асанбек - (1908-ж.т., Ак-Суу району, Тепке айылы - 1990-ж., Жыргалаң айылы) - артист, обончу жана режиссер, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти (1947-ж.). Ай Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалаңтош тобунан. Каракол шаарындагы зоотехникумун (1924-ж.), Москвадагы Луначарский атындагы театр институтун (1937-ж.) бүтүргөн. 1937-1940-жж. Каракол театрында артист, 1940-1952-жж. Өзгөн элдик театрында режиссер, 1953-1964-жж. Тоң районундагы «Төрткүл» колхозунун маданият үйүндө көркөм жетекчи болуп иштеген. Бул жылдардын ичинде К. Жантөшөвдин «Ким кантти», Р. Шүкүрбековдун «Жапалак Жатпасов» аттуу комедияларын жана башка ондогон спектаклдерди койгон.

А.Жантемиров обончу катары да таанылган. «Гүлдөп ал», «Үлгү ырлары», «Күлүп кой», «Күлүмкан», «Талаанын гүлү селкиге», «Батмажан», «Эмне кызык», «Күттүм сени», «Күкүк», «Сыргажан», «Көл жээгинде» жана башка обондору мукамдуулугу, жаркындыгы, жаңылыгы, көркөм каражаттарынын оригиналдуулугу менен айырмаланат. Аткарылып жүргөн чыгармалары «Жылдыздуу көл» (сөзү А. Белековдуку), «Сүйгөмүн» (сөзү Э.Турсуновдуку), «Күлүп кой» (сөзү Ш. Бейшеналиев менен Ш. Усупбековдуку), «Күлүмкан» (сөзү А.Жантемировдуку), «Күттүм сени» (сөзү М. Жангазиевдики) ж. б.


Жантөшов Касымалы

ЖАНТӨШЕВ Касымалы - 2(15).9.1904-ж.т., Түп району, Тепке айылы - 11.9.1968-ж., Фрунзе шаары - жазуучу, драматург, кыргыз профессионал адабиятын негиздегендердин бири, Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери (1946-ж.), Кыргыз ССР эл жазуучусу (1968-ж.). СССР жазуучулар Союзунун мүчөсү (1934-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалаңтош тобунан. 1930-ж. Фрунзе шаарындагы педагогикалык техникумду бүткөн. 1931-1933-жж. Кыргыз ССРинин Эл агартуу комиссариатында усулчу, 1934-1948-жж. Ош облусунун Өзгөн районунда элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1948-1949-жж. Кыргыз мамлекеттик басмаканасында редактор, 1949-1951-жж. Кыргыз Республикасынын Эл комиссариатынын искусство боюнча Башкармасынын жетекчиси, 1964-1968-жж. Кыргыз Республикасынын маданият министрлигинин репертуардык редакциялык коллегиясынын башкы редактору кызматтарында иштеген. Анын чыгармачылык жолу 1926-жылдан башталган. 40ка жакын пьесалары жарыкка чыккан: «Карачач» (1928-ж.), «Алым жана Мария» (1930-ж.), «Эки жаш» (1938-ж.), «Курманбек» драмасы (1942-1943-жж., 1949-ж. орус тилине которулган), «Өч» (Советтик партизандар жөнүндө 1942-ж.), «Эл ырчысы» (Т.Сатылганов тууралуу 1950-ж.), «Каныбек» (1-3-китептери 1939-1948-жж., 1958-ж. орус тилине которулган) романда кыргыз элинин революцияга чейинки жашоосу көрсөтүлгөн, «Чабан небесных гор» романы (1963-ж.), «Воды преодолевшие перевал» повесттердин жана аңгемелердин жыйнактары (1955-ж.) жарык көргөн. Кыргыз тилине А.Н.Островскийдин «Бесприданницасын», Н.А.Островскийдин - «Болот кантип курчуду» романын которгон. К. Жантөшевдин көптөгөн чыгармалары орус тилине которулган. Кыргыздын жазуучуларынан алгачкылардан болуп кинодраматургияны баштап, "Тянь-Шандык кыз» фильмине сценарий жазган, жазуучунун «Каныбек» романы Кыргыздын улуттук адабиятынын алтын фондуна алынып, «Кыргызфильм» киностудиясында экранданттырылган. Касымалы Жантөшевдин ысмы Ысык-Көл облусунун областык драма театрына, бир топ мектептерге, китепканаларга республиканын шаарлары менен кыштактарынын кочолорүнө берилген. Анын ичинен Кара-Суу районунун Отуз-Адыр айыл округунун Сары-Колот айылындагы орто мектеп да К. Жантөшевдин атын алып жүрөт.

XX кылымдын 70-80-жылдарында жашап өткөн Зарипбеков Нооман аксакалдын айтуусу боюнча К. Жантөшев Өзгөн, Куршаб райондорунда иштеп жүргөн мезгилинде Кара-Суу районунун Кызыл-Суу аймагына барып, чарбалык иштерге жардам берген. Жоруруусунун тукуму катарында туугандашып, атактуу «Каныбек» романын ошол жерде жүрүп, негизги жер аттарын, жашап өткөн Тойчубек датка сыяктуу тарыхый адамдарды кошо жазган. «Ардак Белгиси», Эмгек Кызыл Туу ордендери, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» ж. б. медалдар жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Ысмы Каракол шаарындагы Ысык-Көл облустук драма театрына жана республикадагы айрым мектептерге, китепканаларга, көчөлөргө ыйгарылган. Айкели Ак-Суу районунун Тепке айылына тургузулган (1974-ж.).(Маалымат Кыргыз Советтик Энциклопедиясынан алынды)

ЖАПАҢ датка - XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башында жашап өткөн. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. Кокон хандыгында катчылык милдетти аткаруу менен Хандыктын өкүлү катарында бийлерди шайлоодо катышкан. Мамлекеттик иштерди уюштуруу менен элди биримдикке чакырып, ар түрдүү хандыкты талашуу сыяктуу ордо иштеринде активдүү катышуу менен өз элин жамандыктардан сактаган. Кокон хандыгынын төбөлдөрү Алымбек датка, Алымкул аталыктардын замандашы болуу менен коомдук саясий турмушка аралашып жашаган. Теңизбайдан чыккан Пирмат бий, Тыныбек бий, Болотбек даткаларды элди адилет башкарууга чакырган, жардамын берген. Кокон хандыгы жоюлгандан кийин 1885-ж. Кашкарга барып, Жакыпбек хан менен бирге иштеген. Кашкарда жүрүп бак-дарак тиктирген, азыр ал бак "Жапаң датканын тереги" деп аталганын 1956-ж. Кытайдан келген Чырмаш аксакалдын эскергени жөнүндө маалымат бар. Жапаң датканын урпактары Кара-Кулжа районунун Тельман айылында отурукташкан. Маалымат Кара-Кулжа (Совет) райсндук "Коммунизм үчүн" гезитинин архивинен (редактору А. Бекбоев) алынды.

ЖОЛДОШЕВ Кармышак - (1951-ж.т., азыркы Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы) - милициянын полковниги. «Мамлекеттик кызматтын 1-класстагы кенешчиси». Ача тамгалуу Жору уруусунун Бейшекөн (Горок) уругунан. 1976-ж. КМУнун юридикалык факультетин бүтүп, АКШдагы Федералдык тергөө бюросунун (ФБР) Вашингтондогу академиясын окуган. 1968-1970-жж. Кара-Суу районундагы Х.Таширов атындагы колхоздун колхозчусу, 1976-1978-жж. Ысык-Көл облусунун Ак-Суу райондук ички иштер бөлүмүндө кызматкер, 1978-1983-жж. Ысык-Көл райондук аткаруу комитетинин юристи, 1983-1991-жж. Түп райондук, Ысык-Көл облустук ички иштер бөлүмдөрүндө тергөөчү, райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1991-1995-жж. СССР ИИМдин Кыргызстандагы уюшулган кылмыштарды ачуу башкармасынын тергөөчүсүнүн орун басары, жетекчиси, 1995-2006-жж. Кыргыз Республикасынын ИИМинин тергөө башкармасында бөлүмдүн башчысы, башкарманын жетекчисинин орун басары, тергөө башкармасынын жетекчиси болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы, «Данк», 1-даражадагы «Күжүрмөн кызмат өтөгөндүгү үчүн!» медалдары менен сыйланган.


Жолдошев Кармышак

ЖОЛДОШЕВ Полот - (1895ж.т., Өзгөн району, Кызыл-Сенир айылы - 1976-ж., ошол эле жер) - советтик жана партиялык кызматкер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1928-1934-жж. Өзгөн районунун Жалчы совхозунун директору, 1934-1938-жж. Куршаб районунун Кызыл-Сенир колхозунун башкармасынын төрагасы, 1938-1940-жж. Куршаб районунун аткаруу комитети-


Жолдошов Полот

нин инструктору, 1940-1950-жж. Куршаб районунун Кызыл-Сеңир, 1950-1954-жж. Ворошилов атындагы колхоздорунун башкармасынын төрагасы, 1954-1955-жж. Ворошилов колхозунун ферма башчысы, 1955-1956-жж. Кызыл-Сеңир, 1956-1957-жж. Ворошилов колхоздорунда мураб, 1957-1962-жж. Кызыл-Сеңир колхозунда Кызыл-Октябрь айылдык кеңеши-нин башчысы болуп иштеген. Ата Мекендик согушта түзүлгөн «Советтик Кыргызстан» танк колоннасына Куршаб районунун Ленин колхозунун башкармасы Кулматов Ороздун демилгесин колдоп, 1942-ж. 13000 сом, 1943-жылдагы СССР Эл комиссарлар Советинин Совет элине кайрылуусунан кийин 11-аскердик мамлекеттик заем эсебинен 125000 сом фронтко жөнөткөн. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 2-3 чакырылыштарына (1947, 1951), райондук, облустук советтерге депутат болгон. Кыргызстан КП БКнын V, VI, VII съезддеринин делегаты болуп шайланган. «Ардак Белгиси», «Кызыл Жылдыз» Эмгек Кызыл Туу ордендери, СССР Жогорку Советинин, Кыргыз ССРинин Ардак грамоталары менен сыйланган. Ысмы Өзгөн районунун Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн Кызыл-Сеңир айылындагы орто мектепке ыйгарылган.



Жоробаев Икрам Жумабаевич

ЖОРОБАЕВ Икрам Жумабаевич - (1930ж.т., Араван району, Мангыт айылы - 2011-ж., ошол эле жер) - айыл чарба ишмери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бешабышка уругунан. 1955-1960-жж. Өзгөн районунун «Кыргызстан», Карл Маркс атындагы колхоздорунда агроном, башкы агроном, 1960-1963-жж. комсомолдун Өзгөн райкомунун 1-секретары, 1963-1968-жж. Өзгөн районунун элдик көзөмөлдөө комитетинин төрагасы, 1968-1978-жж. Өзгөн районунун Куршаб совхозунун директору, 1978-1983-жж. «Үрөн» өндүрүшүнүн Ош облустук бирикмесинин жетекчиси, 1983-1990-жж. Ноокат районунун агроөнөр жай бирикмесинин төрагасы, Эл депутаттарынын Ноокат райондук аткаруу комитетинин төрагасынын 1-орун басары болуп иштеген. «Ардак Белгиси» ордени, Кыргыз ССР Жогорку Советинин, СССРдин, Кыргыз ССРинин айыл чарба министрликтеринин Ардак грамоталары менен сыйланган.



Жороев Тургунбай

ЖОРОЕВ Тургунбай - 7.11.1937-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 2005-ж., Баткен облусу, Кызыл-Кыя шаары - инженер-геолог. Техника илимдеринин кандидаты (1969-ж.). Тоо иштери жана инженердик-геология боюнча профессор. Кыргыз ССРинин илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1970-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1959-ж. Фрунзе политехникалык институттун тоо-геология факультетин бүткөн. 1959-1963-жж. Кандагы кенже геолог, 1961-1964-жж. «Сүлүктү-көмүр» шахтасында башкы геолог, 1964-1972-жж. «Кыргыз көмүр» трестинде илим-изилдөө лабораториясында улук инженер, 1972-1997-жж. Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Тоо кендеринин физикасы жана механикасы илим-изилдөө институтунда улук илимий кызматкер, лаборатория башчысы, 1997-2005-жж. Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаарындагы Тоо металлургиясы институтунун директорунун орун басары болуп иштеген. Орто Азия, Сибирь жана Афганистанда шоссе жолдорун курууда көптөгөн илим-изилдөө иштерин жүргүзгөн. Москва, Кавказ жана Сибирдеги өзүнүн коллегаларынын жогорку баасын алган. Азыркы учурда анын жасаган илимий иштери өзүнүн актуалдуулугун жоготпостон, КМШ масштабында кеңири колдонулууда. 170тен ашык илимий иштердин, 7 монографиянын, 4 брошюранын, 18 рационализатордук сунуштун автору. Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун Ардак грамотасы, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы, «В.И.Лениндин 100 жылдык юбилейи» медалы менен сыйланган.

ЖОРОКУЛОВ Улар - (1884-ж.т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы - 1969-ж., ошол эле жер) - дастанчы. Шааке бийдин небереси, Алымбек датка, Курманжан датканын чебереси. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. Элдин урмат-сыйына татып, коомдогу көйгөйлүү маселелерди чечүүдө жоопкерчиликти мойнуна алган. Өзбек, тажик ж. б. улуттар менен тыгыз байланышып, достук жана соода-сатык мамилелерди өөрчүткөн. Кыргыз элинин салт-санаасын, улуулугун башка улуттарга даңазалоодо анын дипломатиялык таланты таасирдүү болгон. Жаңыдан Совет мамлекети түзүлүп жаткан мезгилде улут келечеги билимдүү жаштарда экенин аңдап, айылдагы жаштардын, өзгөчө кыздардын билим алуусу үчүн эбегейсиз зор эмгектерди жасаган. «Манас», «Сарынжы Бөкөй», «Кедейкан», «Эр Төштүк» ж. б. дастандарды жатка айткан. Анын ыр түрмөктөрү бүгүнкү күнгө чейин эл оозунда айтылып келет.



Жумаев Шамурза

ЖУМАЕВ Шамурза - (1930-ж.т., Алай району, Алай айылы) - чабан. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кучкач уулу уругунан. Алай районунун Алай совхозунда чабан болуп эмгектенген. Ар жүз тубар койдон жылына 152ден козу алган. 1980-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 10-чакырылышынын депутаты болуп шайланган. II–III даражадагы «Даңк» ордендери, СССРдин Эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн күмүш медалы менен сыйланган.



Жумагулов Маматкалык Дорбукович

ЖУМАГУЛОВ Маматкалык Дорбукович - (1959-ж.т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы) - энергетик. «КМШнын эмгек сиңирген энергетиги» (2009). Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунун Жараш тобунан. 1985-ж. Фрунзе политехникалык институттун энергетика факультетин бүткөн. 1982-жылдан Оштогу электр тармактар ишканасынын жооптуу кызматкери, Ош шаарындагы жогорку чыңалуу электр тармактар ишканасында коопсуздук боюнча жетекчиси. Кыргыз Республикасынын энергетика министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

ЖУМАГУЛОВ Нуркамил - (1924-ж.т., Алай районунун Сөгөт айылы - 1991-ж., ошол эле жер) - мугалим. Ача тамгалуу Жору уруусунун Элчибек уругунан. Ош мамлекеттик педагогика институтун - 1960-ж. аяктаган. 1964-ж. Ташкенттеги Жогорку партиялык мектебин бүткөн. 1941-1950-жж. Алай районунун мектептеринде мугалим, 1952-1968-жж. партиянын Алай райкомунда инструктор, бөлүм башчы, уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1968-1970-жж. райондук элдик контролдоо комитетинин төрагасы, 1970-1991-жж. педагогикалык мекемелерде жетекчи кызматтарда иштеген. Кыргыз ССР эл агартуу отличниги. Кыргыз ССР эл агартуу министрлигинин, республиканын профсоюздарынын борбордук комитетинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

ЖУНУСОВ Абдилазиз Сулайманович - (14.2.1958-ж.т., Кара-Суу району, Жаңы-Арык айылы) - милициянын полковниги. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бешабышка уругунан. СССР ИИМдин Фрунзедеги милициянын атайын орто мектебин (1982-ж.),


Жунусов Абдулазиз Сулайманович

ИИМ Караганды жогорку мектебин (1992-ж.) бүтүргөн. Ош обл.-нун Фрунзе РИИБинде участкалык тескөөчү (1982-1983-жж.), Өзгөн РИИБинин участкалык тескөөчүсү (1983-1988-жж), Совет РИИБинин улук участкалык тескөөчүсү (1988-1990-жж.), Кара-Суу РИИБинин Нариман айылдык милиция бөлүмүндө участкалык тескөөчү (1990-1991-жж.), улук тескөөчүсү (1991-1992-жж.), тергөө бөлүмүнүн тергөөчүсү (1992-ж.), алгачкы тергөө тобунун улук тескөөчүсү (1992-1993-жж.), Ош ОИИБде бөлүмдүн улук ыкчам өкүлү (1993-1996-жж.), алгачкы тергөө тобунун улук тескөөчүсү (1996-1997-жж.), Кара-Суу РИИБинин тергөө бөлүмүнүн тергөөчүсү (1997-1998-жж.), улук тергөөчүсү (1998-2000-жж.), Ош ОИИБдин тергөө бөлүмүнүн тергөөчүсү (2000-2001-жж.), Уюштуруу-методикалык бөлүмүнүн өзгөчө маанилүү иштер б-ча улук тергөөчүсү (2001-2002-жж.), Кара-Суу РИИБинин Тергөө бөлүмүнүн тергөөчүсү (2002-2006-жж.), Ош ОИИБ Тергөө бөлүмүнүн Уюштуруу-методикалык бөлүмүнүн тергөөчүсү (2006-2008-жж.), Ош обл. Өзгөн РИИБнин тергөө бөлүмүнүн начальниги (2008-2009-жж.), Кара-Суу РИИБинин тергөө бөлүмүнүн начальниги (2009-ж.), КР ИИМдин атайын орто мектебинин Оштогу филиалынын начальниги (2009-2013-жж.) болуп иштеген.


Жунусов Арзыбек Сулайманович

ЖУНУСОВ Арзыбек Сулайманович - (7.3.1960-ж.т., Кара-Суу району, Жаңы-Арык айылы) - инженер, бухгалтер. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бешабышка уругунан. Фрунзе политехникалык институтун (1986-ж.), Жалал-Абад экономика жана ишкердик университетин (2011-ж.) бүткөн. 1986-1988-жж. партиянын Кара-Суу райкомунда инструктор, 1988-1991-жж. Кара-Суу районунун ДОСААФынын төрагасы, 1991-1992-жж. Жалал-Абад облустук ДОСААФынын төрагасынын орун басары, 1992-1994-жж. Кара-Суу районунун депутаттар кеңешинин улук адиси, 1994-1997-жж. Ош облустук мамлекеттик мүлк фондунда башкы кеңешчи, 1997-2002-жж. башкы адис, 2002-2004-жж. Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарында мамлекеттик мүлк фондунун жергиликтүү башкармалыгынын башчысынын орун басары, 2004-2006-жж. Ош шаардык муниципалдык менчик департаментинин башчысы, 2006-2009-жж. Кыргыз Республикасынын түштүк аймактык агентствосунда мамлекеттик кызматтар боюнча башкы адис, моно-полияга каршы саясат жана атаандаштыкты өнүктүрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы агенттиктин Ош облустук башкармасынын жетекчиси, 2009-жылдан Ош шаардык курулуш башкармасынын жетекчиси.


Жунусов Арын

ЖУНУСОВ Арын - (1939-ж.т., Өзгөн району, Беш-Абышка айылы) - согуш жана эмгек ардагери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бешабышка уругунан. 1939-1940-жж. Россиянын Астрахань шаарындагы аскердик кичи командирлик курста окуп, сержант наамын алган. 1941-ж. Улуу Ата Мекендик согушка кеткен. Согуш майданында душмандарга каршы күрөшүп, 1945-ж. Польша мамлекетинде оор жарадар болуп, туулуп-өскөн кичи мекенине кайтып келген. Согуштан кийин колхоздун башкармасынын төрагасы, айыл Советинин төрагасы кызматтарын аркалап, согуштан кийинки эл чарбасын уюштурууда ак ниеттүүлүк менен иштеген. I, II, III даражадагы Ата Мекендик согуш, Кызыл жылдыз ордендери менен сыйланган. 2003-ж. 20-январда Россия Федерациясынын Президенти В. В. Путиндин колунан Ата Мекендик согушта Сталинград салгылашуусунда көрсөткөн эрдиги үчүн «За отвагу» медалын алган. Ысмы Беш-Абышка айылындагы орто мектепке ыйгарылып, айкели тургузулган.


Жунусов Сулайман

ЖУНУСОВ Сулайман - (1925-ж.т., Куршаб району, Беш-Абышка айылы) - согуш жана эмгек ардагери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бешабышка уругунан. 1942-ж. Улуу Ата Мекендик согушка чакырылып, Беларуссия фронтундагы 675-мотоаткычтар полкунда кызмат кылган. Кийин Латвияда, Литвада, Польшада немецтик баскынчылар менен салгылашууга катышкан. 1944-ж. согуш талаасында оор жаракат алып, туулуп-өскөн айылына кайткан. 1944-1990-жж. согуштан кийинки эл чарбасын калыбына келтирүүдө колхоз-совхоздордо эсепчи болуп иштеген. Ата Мекендик согуш ордени жана медалдар менен сыйланган.


Жунусов Төробек Абдимажитович

ЖУНУСОВ Төробек Абдимажитович - (1946-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Абад айылы) - инженер-механик. Ай тамгалуу Жору уруусунун Мурзакул уругунан. Токмок шаарындагы айыл чарба техникумунун механизация бөлүмүн (1965-ж.), Фрунзе политехникалык институтун (1972-ж.) бүткөн. 1965-1975-жж. Ош шаарындагы №2 автобазада механик, инженер, 1975-1981-жж. Ош шаардык нефть базасынын директору, 1981-1997-жж. Ош облустук нефть базасынын башкы директору, 2000-2008-жж. Ош облустук суу чарба башкармасынын жетекчисинин орун басары болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты (1990-1995-жж.). «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган.


Жунусов Уларбек Абдыкадырович

ЖУНУСОВ Уларбек Абдыкадырович - (25.4.1981-ж.т., Өзгөн району, Кара-Таш айылы) - юрист, Юстициянын подполковниги. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бешабышка уругунан. Бишкектеги Эл аралык университетти (2001-ж.), магистратурасын (2003-ж.) бүткөн. 2001-2004-жж. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун юристконсультанты, 2004-2005-жж. Балыкчы гарнизондук аскер прокуратурасынын тергөөчүсү, 2005-2006-жж. Кыргыз Республикасынын Адилет министринин жардамчысы, 2006-2009-жж. Ош шаардык юстиция башкармалыгынын башчысынын орун басары, 2009-2010-жж. Ош шаардык салык кызмат башкармалыгынын бөлүм башчысы, 2012-2013-жж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде депутаттын кеңешчиси, 2015-2017-жж. Ош шаардык Сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн улук сот аткаруучусу, 2017-жылдан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот приставдар кызмат бөлүмүнүн Ош облусунун сот приставдар кызматынын жетекчиси.


Жусубалиев Асылбек Атабаевич

ЖУСУБАЛИЕВ Асылбек Атабаевич - (9.8.1963-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы) - коомдук ишмер. Ача тамгалуу Жору уруусунун Жакын уулу уругунан. Жалал-Абад зооветеринария техникумун (1982-ж.), КМУну (2003-ж.) бүткөн. 1982-1985-жж. Кара-Суу районунун «Учкун» совхозунда улук зоотехник, 1985-1991-жж. Фрунзедеги кондитердик өнөр жайынын өндүрүштүк бирикмесинин жумушчусу, 1992-1993-жж. «Асыл» кичи ишканасынын жетекчиси, 1993-1998-жж.

«Кондитер комбинаты» Акционердик коомунда товаровед, 2003-2012-жж. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин «Материалдык техникалык жактан камсыздоо» мамлекеттик ишканасынын жетекчиси, 2012-жылдан Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы «Өзгөчө кырдаалдарда чара көрүү жана алдын алуу түндүк борборунун директору.


Жусуев Сатаркул Кыдыралиевич

ЖУСУЕВ Сатаркул Кыдыралиевич - (21.1.1923-ж.т., Алайкуу айылы - 4.11.1986-ж., ошол эле жер) - эмгек жана согуш ардагери. Ай тамгалуу Жору уруусунан Тасма уругунан. Оштогу бухгалтерлер-ди даярдоо курсун (1953-ж.), Жалал-Абаддагы зооветеринардык техникумун (1961-ж.) бүткөн. 1941-ж. Советтик Армиянын катарына чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1945-1955-жж. "Маданият" колхозунда учётчик, 1955-1956-жж. Калинин, Сталин атындагы колхоздордо башкы эсепчи, 1956-1957-жж. Сидоров атн. колхоздо экономист-эсепчи, 1957-1959-жж. башкарманын төрагасы, 1961-1968-жж. башкы зоотехник, 1974-1978-жж. Сидоров атындагы совхоздо экономист-эсепчи, 1978-1980-жж. Совет райондук мамлекеттик камсыздандыруу бөлүмүндө инспектор болуп иштеген. Кызыл Жылдыз, Ата Мекендик согуш ордендери менен сыйланган.


Жусуев Сооронбай

ЖУСУЕВ Сооронбай - (15.5.1925-ж.т., Кызыл-Жар айылы - 4.2.2016-ж., Бишкек) - классик акын, Кыргыз ССР эл акыны (1981-ж.), Кыргыз Республикасынын Баатыры (2007-ж.), КРдин адабият, искусство жана архитектура жаатындагы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1998-ж.). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу (1942-1945-жж.). Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадырали уругунан. ОМПИни (1949-ж.), Москвадагы Горький атн. адабият институтун (1956-ж.) бүтүргөн. 1947-1949-жж. Совет райондук «Коммунизм үчүн» гезитинде жооптуу секретарь, 1949-1951-жж. Ош обл. «Ленин жолу» гезитинин редакциясында бөлүм башчы, 1957-1959-жж. «Ала-Тоо» журналынын башкы редактору, 1960-1986-жж. «Чалкан» журналында жооптуу секретарь, Кыргызстан жазуучулар союзунда адабий кеңешчи болуп иштеген. Адабий ишмердигин 1943-жылы согушта жүргөндө эле ыр жазуу менен баштаган. Анын «Алдыга жүргүн, кыргыздар!», «Биз жеңишчил», «Жаркынга» аттуу ырлары «Советтик Кыргызстан» (азыркы «Кыргыз Туусу») гезитинин 1943-1944-жылдардагы сандарына жарыялан-ган. Ошондой эле «Эмгек күүсү» (1950-ж.), «Чындык менен ыр» (1952-ж.), «Өмүр жазы» (1955-ж.), «Сүйүү менен ишеним» (1956-ж.), «Жылдыздуу тоолор» (1963-ж.), «Акын жүрөгү» (1965-ж.), «Көңүл күүлөрү» (1967-ж.), «Түрмөк булуттар» (1969-ж.), «Дабан» (1971-ж.), «Алтын чынар» (1973-ж.), «Тандалмалар» (1975-ж.) ж.б. ыр жана поэма жыйнактары, «Кызыл күн» (1968-ж.) прозалык чыгармалары, «Орус ырлары», «Казак ырлары» поэзия антологиясы, «Сөз кудурети» (2007-ж.) аттуу китеби басмадан жарык көргөн. Акындын калеминен жаралган «Үмүт», «Тирүүлөргө», «Чагылган», «Кызыл дептер», «Ак Мактым», «Ак Саткын», «Раззаков баяны» аттуу дастандары, «Курманжан датка» аттуу романы - акындын чыгармачылык чоң жемиши. 70тен ашык ыры музыкалашкан. Акындын ыр жыйнактары орус, казак, өзбек, украин, азербайжан, тажик тилдеринде басылган. «Канат менен Зарина» дастаны (2003-ж.) орус, тажик, өзбек, кытай ж. б. тилдерине которулган. Ал Шекспир, Пушкин, Лермонтов, Шевченко, Абай, Мактымкули, Исаакян, Омар Хайям, Маяковский, Есенин, Гамзатов, Кулиев ж. б. акындардын ырларын кыргыз тилине чебер которгон. 3-даражадагы Манас, 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, Даңк жана бүткүл дүйнөлүк

интеллектуалдык менчик уюмунун алтын медалдары м-н сыйланган. Жар-Ооз кыштагындагы орто мектепке ысмы ыйгарылган.


Жусупбаев Кармышак Жусупбаевич

ЖУСУПБАЕВ Кармышак - 1901-ж.т., Фергана облусу, Ош уезди (азыркы Ош облусу, Кара-Суу району) Кызыл-Суу айылы - 1969-ж., ошол эле жер - Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башатында турган улуу инсандардын бири. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бейшеке (Горок) уругунан. 1918-ж. Пржевальский уездинин (азыркы Ысык-Көл облусундагы) Каракол шаарындагы орус-тузем мектебин окуган. 1923-ж. Ташкенттеги Орто Азия мамлекеттик университетине (САГУ) кирген. Ал жерде алгачкы саясий ишмер Абдыкерим Сыдыков, Абдыкадыр Орозбеков менен таанышкан жана жооптуу кызматка алынган. 1929-жылдардан баштап К. Жусупбаев Кыргыз Автономия облусунун, кийин Кыргыз Автономия Республикасынын Эл комиссарлар Советинин соода комиссарынын орун басары кызматына бекитилип, репрессияга учураганга чейин иштеген. Бирок, 1937-ж. А. Орозбековдор менен бирге репрессияга кабылып, бир топ жыл түрмөдө жаткан. Оозеки маалыматтарга караганда ошол мезгилде өзү менен бирге иштеген бизге белгисиз адамдын жардамы менен камоодон бошойт. Бир топ жыл азыркы Жалал-Абад облусунун Аксы району тарапта из жашырып жүрүп, согуш жылдарынан кийин өзүнүн кичи мекени Кызыл-Сууга келет. Бардык официалдуу документтерин-партиялык билетин, дипломдорун жоготот. Ошол боюнча жашоосунун акырына чейин документтерин эч жерден издебестен, архивдерге да кайрылбастан жашоосун өткөрөт. "Кармышак министр" - деген гана оозеки ат менен айылдаштарынын эсинде калат. Өмүрүнүн акырына чейин өзү туулган Кызыл-Суу айылында мүнүшкөрлүк кылып, көптөгөн жаштарды тарбиялаган. Жусупбаевдин өмүр жолун далилдөөчү архивдик документтерди тилекке каршы азырынча аркоюунун дагы мезгили келет. (Бул маалымат Жусупбаевдин небереси, 57 жаштагы Карасуу районунун Таш-Арык айылынын жашоочусу Кармышакова Мөөркандан алынды).


Жылкыбаев Жумай

ЖЫЛКЫБАЕВ Жумай - (1903-ж.т., Ак-Суу району, Чолпон) айылы - 12.04.1975-ж., ошол эле жер) - Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башатында турган улуу инсандардын бири. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалантөш тобунан. 1911-ж. Каракол шаарындагы Салих аттуу татар мугалимден, 1916-ж. орус-тузем мектебинен окуп, татар, араб, орус тилдеринде жазганды жана окуганды үйрөнгөн. 1916-ж. улуу Үркүндө Кытай жерине барып келген. 1921-1926-жж. партиялык кызматтарда иштеген. 1926-ж. Орто Азия Коммунисттик Университетинде (САКУ) окуйт. 1928-ж. партиянын Араван-Буура райкомунда бөлүм башчылыкка, 1930-ж. партиянын Кетмен-Төбө райкомунда 1-секретарлыкка дайындалган. Улуу демократ акын Токтогул Сатылганов менен байланышып, анын кийген тонун белекке алат. Кийин Токтогул музейине кайтарып берет. Бул жөнүндө Ж. Жылкыбаев өзүнүн Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып турган эскермелеринде баяндаган. 1936-ж. партиянын Кара-Балта райкомунун 1-секретары болуп шайланган. Партиянын Кыргыз обкомунун 1-секретары М. Л. Белоцскийдин Кетмен-Төбөгө болгон сапарында Т. Сатылгановдун чыгармалары тууралуу маалымат берип, Токтогулдун улут-

тук адабиятка кирүүсүнө жол ачкан. Ж. Жылкыбаев 1937-ж. 15-майда партиянын Өзгөн райкомунун биринчи секретарлыгына бекитилген (азыркы учурда Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын көргөзмө залында райондогу мурда иштеп кеткен жетекчилердин катарында аты-жөнү жазылып, сүрөтү илинип турат). 1937-ж. 15-сентябрда Ж. Абдрахманов, И. Айдарбеков, А. Орозбеков, Т. Айтматов, К. Тыныстанов ж.б. менен бирге Фрунзе шаарынын НКВДсынын №1 түрмөсүнө камалган. Ага "1920-жылдары Р.Худайкуловдун тобунда болгон жана бай-манаптар менен кызматташкан, 1930-жылдары Ж. Абдрахманов, Б. Исакеев, И. Айдарбеков менен бирге улутчулдар тобунда болуп, Кыргыз ССРинин Наркомземининин орун басары менен мал чарба башкармасынын башчысы кызматынан партиянын көрсөтмөлөрүн аткарбай, «өзүм билемдикке» салып, мал чарбасына олуттуу зыян келтирген деген" жалаа коюлган. Кыргыз ССР Жогорку Сотунун атайын коллегиясы 1938-ж. 17-29-июлдагы чечими менен өлүм жазасына тартылган. Ж. Жылкыбаевдин иши кайра карап чыгууга жиберилип, 1940-ж. 19-мартта толук акталып чыккан. 1940-ж. 27-майда Ж. Жылкыбаев партиялуулугу калыбына келтирилип, партиянын Токтогул райкомуна 1-секретарь болуп дайындалган. Андан соң Чүй облусундагы Дөң-Арык, Түп районундагы Талды-Суу МТСинде директор, Түп райондук аткаруу комитетинде төрага кызматтарын аркалаган. Кызыл Жылдыз, эки «Ардак Белгиси» ордендери, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган (Маалымат берген тарых илимдеринин кандидаты К. Т. Кылчыкбаев; Материалдар Кыргыз Республикасынын Саясий документтер мамлекеттик архиви.ф.10.Опись-15.Д.849.Л-1-35).



Жылкыбаев Абдысалам

ЖЫЛКЫБАЕВ Абдысалам - (1906-ж.т., Ак-Суу району, Жыргалаң (азыркы Чолпон) айылы - 1932-ж., Базар-Коргон айылы, Ак-Тайлак саябаны) - колхоздоштырууга жигердүү катышкандардан. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жаландош тобунан. Каракол шаарындагы татар мектебинен окуп, арабча, татарча, орусча окуганды жана жазганды үйрөнгөн. Ал партиянын Базар-Коргон райондук комитетинин 1-секретарлыгына дайындалган. Бул иште ал ото өткүр жана жүрөктүү кызматкер катары күрөшүп, райондун социалисттик курулушуна чоң салымын кошкон. Базар-Коргон айылында басмачылардын колунан курман болгон. (Маалымат-Энциклопедия. Базар - Коргон району Б.2016.156-бетте).



Жээнбеков Эрмамат

ЖЭЭНБЕКОВ Эрмамат - (1.5.1915-ж.т., Кара-Кулжа району, Кара-Кулжа айылы - 9. .1998-ж., Биймырза айылы) - партиялык жана советтик ишмер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Биймырза тобунан. Оштогу мугалимдер институтун (1935-ж.), Кантагы республикалык колхоз башкармаларын даярдоочу айыл чарба мектебин (1956-ж.) бүтүргөн. 1936-1942-жж. Өзгөн районунда мектепте мугалим, комсомолдук кызматкер, 1944-1945-жж. Кара-Кулжа айыл советинин аткаруу комитетинин катчысы, 1945-1946-жж. Совет райондук МТСте партиялык комитеттин секретары, 1947-1952-жж. партиянын Совет районунда бөлүм башчы, 1953-1963-жж. Тельман атындагы колхоздо бригадир, агроном, 1964-1971-жж. «Совет» совхозунун №1 бөлүмүндө башкаруучу болуп иштеген. I даражадагы Ата Мекендик согуш ордени жана медалдар менен сыйланган.

ЖЭЭНБЕКОВ Токтомамат - (24.12.1924-ж.т., Кара-Кулжа айылы - 13.1.1996-ж., ошол эле жер) - советтик кызматкер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Биймырза тобунан. 1940-1941-жж. Совет райондук байланыш бөлүмүндө оператор, 1943-1944-жж. аткаруу комитетинин катчысы, 1944-1946-жж. керек-жарак коомунда улук ревизор-инструктор, 1946-1948-жж. даярдоо кенсесинин директору, 1948-1950-жж. аткаруу комитетинде бөлүм башчы, 1950-1956-жж. керек-жарак коомунда улук ревизор-инструктор, 1956-1959-жж. социалдык камсыздоо бөлүмүндө инструктор, 1959-1961-жж. маданият бөлүмүнүн башчысы, 1961-1962-жж. Калинин атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы, 1962-1965-жж. партиянын Өзгөн райондук комитетинин инструктору, 1965-1979-жж. Кара-Кулжа айыл советинин төрагасы, 1979-1992-жж. Кара-Кулжа райондук байланыш бөлүмүнүн Бел-Бычык түйүнүндө начальник болуп иштеген. Ысмы айылындагы бир көчөгө ыйгарылган.



Жээнбеков Токтомамат

ЖЭЭНБЕКОВ Шарип - (15.12.1928-ж.т., Биймырза айылы - 12.3.1998-ж., ошол эле жер) - таланттуу чарба ишмери жана көсөм жетекчи. «Кыргыз ССРинин соода жана тиричилик жактан тейлөөгө эмгек сиңирген кызматкери» (1976-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Биймырза тобунан. Оштогу бухгалтерлерди даярдоо курсун (1945-ж.), Москва финансы-экономикалык институтунун Фрунзедеги филиалын (1961-ж.), КМУну (1969) бүтүргөн. 1942-1945-жж. Тельман атындагы колхоздо табелчи, 1945-1953-жж. бригадир, эсепчи, 1953-1956-жж. райондук ветеринардык дарылоо пунктунда башкы эсепчи, 1956-1961-жж. райондук ооруканада башкы эсепчи, 1961-1962-жж. Тельман атындагы колхоздо партиялык комитеттин секретары, 1962-1964-жж. башкарманын төрагасы, 1964-1967-жж Совет, 1967-1977-жж. Өзгөн, 1981-1986-жж. Кара-Суу, 1986-1994-жж. Совет райондук керек-жарак коомдорунун төрагасы болуп иштеген. Бүткүл союздук керек-жарак кооперация кызматкерлеринин Москвада өткөн XI съездинин делегаты (1984-ж.). Анын жетекчилиги м-н керек-жарак коомдорунун карамагындагы соода түйүндөрү (400дөй), Өзгөндөгү пивзавод, даярдоо кенселеринин базалары, «Тынчтык» «Юбилейный» универмагдары, «Кара-Шоро» ресторану, Куршаб, Кара-Кулжадагы нан бышыруучу завод, базар, электротегирмен (суткасына 5 тонна ун чыгара турган кубаты бар), май чыгаруучу цех, автобаза ж. б. курулуп, пайдаланууга берилген.



Жээнбеков Шарип

ЖЭЭНБЕКОВ Жанышбек Токтомаматович - (5.9.1959-ж.т., Кара-Кулжа району, Кара-Кулжа айылы) - сот. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Биймырза тобунан. 1991-ж. КМУну бүткөн. 1976-1978-жж. Кара-Кулжа районунун «Совет» совхозунда жумушчу, 1981-1983-жж. Фрунзе шаарындагы М.В.Фрунзе атындагы заводдо жумушчу, 1983-1994-жж. Ош облустук сотунда, юстиция башкармалыгында катчы, консультант, 1994-1996-жж. Ош шаардык сотунда сот, 1996-1997-жж. Ош облустук сот департаментинин башчысы, 1997-2002-жж. Ош облустук сотунда сот, 2002-жылдан Ош облустук соттун төрагасынын орун басары.



Жээнбеков Жанышбек Токтомаматович



ЖЭЭНБЕКОВ Сооронбай Шарипович - 1958-жылдын 16-ноябрында Ош облусунун Совет (азыркы Кара-Кулжа) районунун Биймырза айылында туулган. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Биймырза тобунан. "Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер" (2004-ж.) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин III чакырылышынын депутаты. Эмгек ишмердигин 1976-жылы Ош облусунун Өзгөн районундагы Ленин атындагы орто мектепте орус тили жана адабияты мугалими болуп баштаган. 1983-жылы К.П. Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтун "зооинженер" адистиги боюнча бүтүргөн. 2003-жылы Кыргыз агрардык университетинин экономика факультетин "бухгалтер" адистиги боюнча аяктаган. 1983-1996-жылдары - Ош облусунун Совет районундагы "Совет" совхозунда башкы зоотехник, Ош облусунун Совет районундагы Кыргызстан Компартиясынын Совет райкомунун инструктору, Ульянов атындагы совхоздун партиялык комитетинин катчысы, совхоздун директору, Ош облусундагы Кара-Кулжа районунун "Кашка-Жол" колхозунун башкармасы болуп иштеген.

1995-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин I чакырылышынын Эл өкүлдөр жыйынына депутат болуп шайланган. Депутат болгон жылдары – Жогорку Кеңештин Агрардык саясат комитетинин төрагасынын орун басары, төрагасы. 2000-2005-жылдары Жогорку Кеңештин II чакырылыштын депутаты, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын төрагасынын орун басары.

2005-2007-жылдары - Жогорку Кеңештин III чакырылышынын депутаты, агроөнөр жай комплекси жана экология комитетинин төрагасы.

2007-жылдын 3-апрелинен тартып 24-декабрына чейин – Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министри.

2008-жылдан 2010-жылга чейин «Шарип ата» дыйкан чарбасынын башчысы.

2010-жылдын апрелинен тартып 2015-жылдын декабрына чейин – Ош облусунун мамлекеттик администрациясынын башчысы, губернатор, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү.

2015-жылдын 11-декабрынан тартып – Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын директору. 2016-жылдын мартынан тартып – Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын Жетекчисинин биринчи орун басары. 2016-жылдын апрель айынан 2017-жылдын август айына чейин Кыргыз Республикасынын Премьер-министри.

2017-жылдын 15-октябрында өткөн шайлоодо I турда шайлоочулардын көпчүлүк добушуна ээ болуп, Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайланган.

2017-жылдын 24-ноябрынан тарта Кыргыз Республикасынын Президенти.

III даражадагы Манас ордени, Данк, Содружество, Манас медалдары жана Казакстандын "Казакстан Республикасынын биринчи Президенти, улуттун лидери Нурсултан Назарбаев" ордени менен сыйланган.



ЖЭЭНБЕКОВ Асилбек Шарипович -1963-жылдын 27-августунда Ош облусундагы Совет (азыркы Кара-Кулжа) районунун Биймырза айылында туулган. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Биймырза тобунан. Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин III чакырылышынын депутаты (2007-ж., 2010-ж., 2015-ж.).

Жогорку билимдүү. 1985-жылы К.И. Скрябин атындагы Кыргыз мамлекеттик айыл чараба институтун, ал эми 2002-жылы Экономика жана ишкердик университетин бүтүргөн.

Эмгек жолун 1985-жылы Ош облусунун Өзгөн районундагы «Ак-Жар» совхозунда агроном кесибинен баштаган.

1991-жылы Кыргыз жер иштетүү илим изилдөө институтунун аспирантурасында билим алуу менен, 1987-1992-жылдары Кыргыз пахтачылык жана түштүк айыл чарбасы боюнча тажырыйба станциясында кенже, улук илимий кызматкер болуп иштеген.

1992-1996-жылдары «Шариф», 1996-2002-жылдары «Искен» жоопкерчилиги чектелген коомдордун директору, 2002-2007-жылдары «Агрозооветсервис» ишканасынын башкы директору болуп эмгектенген.

2002-2007-жылдары – «Жер азыгы» Кыргызстан агробизнесчилер ассоциациясынын Директорлор кеңешинин төрагасы. 2007-2010-жылдары – IV чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты.

2010-жылы Кыргызстан социал-демократиялык партиясынын тизмеси аркылуу V чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына шайланып, Жогорку Кеңештин Төрагасынын орун басары кызматын аркалаган.

2011-жылдын 21-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагалыгына шайланган.

2015-жылдын VI чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланган.

2015-жылдын 4-ноябрында VI чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы болуп шайланып, 2016-жылдын апрель айына чейин иштеген.



Жээнтаев Ракымжан

ЖЭЭНТАЕВ Ракымжан - (1914-ж.т., Ак-Суу району, Тепке айылы) - Кыргызстандагы алгачкы зоотехниктердин бири. «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген зоотехниги». Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жаланттөш тобунан. 1937-ж. Түркмөнстандын Ашхабад шаарындагы М. И. Калинин атындагы айыл чарба институтун бүткөн. Атасы Токторбай Сары-Көлгө (Михайловка) эки түтүн орус жатакчыларын көчүрүп келип, айылдын балдарына орус тилин үйрөткөн. 1919-жылы өзүнүн үйүнө өрөөндө биринчи болуп мектеп уюштурган. 1937-ж. Тепке, Курбу айылдарын бириктирген соң, «Үлгү» колхозун жетектеп, репрессияга учураган. Кыргыз ССР эл чарба комиссариатынын Советинде бөлүм башчы, Улуу Ата Мекендик согуш учурунда Тянь-Шань облустук зооветеринардык уюмун жетектеген. Согуштан кийинки жылдарда Ысык-Көл зооветтехникумунун жетекчиси, республиканын айыл чарба министрлигинде жооптуу кызматкер, Ак-Суу районундагы «Каракол» совхозунда зоотехник болуп иштеген. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда С. М. Буденныйдын атчандар эскадронуна кыргыз жылкыларын даярдап жөнөтүүнү жогорку деңгээлде уюштуруп, С. М. Буденныйдын өз колунан аскердик майор наамын алып, «Кызыл Жылдыз» орденин жана өзүнүн аты жазылган курал менен сыйланган. (Маалымат Ак-Суу районунун Чолпон айылынын тургуну Жоомарт Жылкыбаевден алынды).

З



Закиров Жолу Абдуллаевич

ЗАКИРОВ Жолу Абдуллаевич - (5.3.1965-ж.т., Кара-Суу району, Таш-Арык айылы) - милициянын полковниги. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бейшеке (Горок) уругунан. 1999-ж. Ош техникалык университетин бүткөн. 1993-1997-жж. Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүндө участкалык инспектор, 1993-1997-жж. Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүнө караштуу Нариман айылдык милиция бөлүмүндө балдарды көзөмөлдөө бөлүмчөсүнүн инспектору, 1997-1998-жж. Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүнө караштуу Отуз-Адыр айылдык милиция бөлүмүндө инспектор, 1999-2000-жж. Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүнө караштуу Нариман айылдык милиция бөлүмүндө участкалык инспектор, 2000-2003-жж. Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүндө ыкчам окуп, 2003-2009-жж. Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүнө караштуу Отуз-Адыр, Нариман поселоктук милиция бөлүмдөрүндө участкалык инспектор, улук инспектор, 2009-2016-жж. Кара-Суу, Өзгөн райондук ички иштер бөлүмдөрүндө бөлүм башчы, 2016-2019-жж. Жалал-Абад шаардык ички иштер бөлүмүндө бөлүм башчы, 2019-жылдан Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүндө бөлүм башчы. Медалдар менен сыйланган.



Зулуева Сайкал

ЗУЛУЕВА Сайкал - (1942-ж.т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы) - эмгек ардагери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. 1958-1967-жж. Ленин атындагы колхоздо жардамчы чабан, 1968-1991-жж. баш чабан болуп иштеген. 1970-ж. ар жүз тубар койдон 139дан төл, 3, 5 кгдан жүн кыркып алып, малдын башын аман сактаган. СССР Жогорку Советинин Союздар Палатасына депутаттыкка шайланган (1971-1975-жж). Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган.




Зулумбеков Абдиманап

ЗУЛУМБЕКОВ Абдиманап Осмонович - (1951-жылы Өзгөн району Кызыл-Сеңир айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 1985-ж. К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун агрономия факультетин бүткөн. 1969-ж. Түштүк Кыргызстан мал чарба тажрыйба станциясында эсепчи, 1972-1980-жж. спорт инструктору, комсомол комитетинин секретары, профсоюз кошуунунун төрагасы, чарбанын башкы агроному, 1980-1985-жж. Кызыл-Октябрь айыл Советинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1985-1990-жж. «Ийри-Суу» совхозунун партиялык комитетинин секретары, 1990-1992-жж. «Кардофель» чарбасынын жетекчиси, 1992-1998-жж. Кызыл-Сеңир асыл тукум мал чарбасынын жетекчисинин орун басары, 1998-2000-жж. «Алтын дан» мамлекеттик үрөнчүлүк чарбасынын башкы агроному болуп иштеген. «Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын мыктысы» (2012-ж.), «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 1-класстагы кеңешчиси».



Зулумбеков Осмон

ЗУЛУМБЕКОВ Осмон - (1929-ж.т., Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы - 1969-ж., ошол эле жер) - чарба ишмери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. Жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1943-1953-жж. Куршаб районунун «Кызыл-Сеңир» колхозунда табелчи, башкы бухгалтер, 1953-1961-жж. «Кызыл-Сеңир» колхозунун кармасынын төрагасы, 1961-1969-жж. Ош облустук дан азык даярдоо базасынын директору болуп иштеген. Эмгек Кызыл Туу ордени, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы жана медалдар менен сыйланган.



Зулпукар уулу Маамадин молдо

ЗУЛПУКАР уулу Маамадин молдо - (1900-ж.т., Кара-Суу району, Жаңы-Арык айылы - 1995-ж., ошол эле жер) - дин ишмери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Эсеке уругунан. 6 жашынан баштап жергиликтүү молдодон билим алган. Анжиян шаарында медреседен окуган. Араб, фарси тилдерин эркин которо билген. Молдолуктун айынан Совет бийлигинин куугунтугуна учурап, Кара-Кулжанын Кара-Кочкор айылында жашап жүргөн. 1950-жылдары Куршаб районуна көчүп келип, Куршаб мечитин курдуруп, 1977-жылга чейин Куршаб мечитинде- 1971-1991-жж., Жаңы-Арык мечитинде имам хатиб болуп иштеген. 1969-ж. Совет доорунда алгачкылардан болуп, Ажы амалын аткарып келген.

И



Ибраев Таштанды

ИБРАЕВ Таштанды - (1923-ж.т., Түп району, Тепке айылы - 2003-ж., ошол эле жер) - милициянын полковниги. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жаланттөш тобунан. 1942-ж. Пржевальск педагогикалык окуу жайын бүткөн. Жумушчу Дыйкан Кызыл Армия-

сынын катарында кызмат өтөп, 1941-ж. Улуу Ата Мекендик согушка десант-парашютчу болуп катышкан. 1942-ж. Белоруссия фронтунда оор жарадар болуп, согуштан туулуп-өскөн айылына кайткан. Согуштан кийин элге билим берүү чөйрөсүндө, 1948-1965-жж. райондук, облустук камсыздоо башкармасында жооптуу кызматкер, колхоздун партиялык комитетинин секретары, 1965-1990-жж. Түп райондук ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин орун басары кызматтарын аркалаган. «Милициянын отличниги». 2-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени жана медалдар менен сыйланган. Ысымы Түп айылындагы бир көчөгө ыйгарылган.


Икрамов Санжар

ИКРАМОВ Санжар - (3.5.1963-ж.т., Өзгөн шаары) - инженер-механик, запастагы капитан. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын 1-класстагы кеңешчиси. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бешбышка уругунан. РСФСРдин Ростов-на-Дону шаарындагы Айыл чарба машиналарын куруу институтун (1985-ж.), Кыргыз Республикасынын Президентинин Башкаруу академиясын (2012-ж.). 1985-1988-жж. Ноокат районунун Ленинизм колхозунда гараж башчысы, 1988-1990-жж. Фрунзе заводунда диспетчер бюросунун жетекчиси, 1990-1992-жж. Ош шаарынын Кеңеш совхозунда устакана башчысы, 1992-2007-жж. Ош облустук мамлекеттик администрациясында бөлүм башчы, 2007-2013-жж. Кыргыз Республикасынын суу, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинде башкы адис, бөлүмдүн башкаруучусу, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу мамлекеттик агенттигинде башкармалардын жетекчиси, 2013-жылдан жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу агенттигинде статс-секретарь. Кыргыз Республикасынын Муниципалдык кызматынын жана Мамлекеттик кызматынын отличниктери «Ош–3000 жыл» медалы менен сыйланган.


Исаков Данияр Учкунбаевич

ИСАКОВ Данияр Учкунбаевич - (1974-ж.т., Кара-Суу району, Жаңы-Арык айылы) - полковник. Ача тамгалуу Жору уруусунун Эсеке уругунан. БГУну (2000-ж.), Арабаев атындагы мамлекеттик педагогикалык университетин (2010-ж.) бүткөн. 1994-1995-жж. Кыргыз Республикасынын Улуттук гвардиясынын "Пантера" аттуу кызматында материалдык жактан камсыздоонун атайын отрядында, 1996-2009-жж. Кыргыз Республикасынын Улуттук Гвардиясынын "Барс" мотоаткычтар отрядында командирдин орун басары, 2009-2010-жж. Ардактуу караул ротасынын старшинасы, взвод командири - Кыргыз Республикасынын Президенттик полкунда Мамлекеттик кайтаруу кызматынын отряд командиринин орун басары, 2010-2014-жж. Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин Улуттук гвардиясында "Барс" Ардак караулунун командири, 2014-жылдан Кыргыз Республикасынын Улуттук гвардиясынын 701 «Барс» коменданттык бригаданын командири. Москвадагы Женши парадында кыргызстандык параддын катышуучуларын жетектеген (Май 2015-ж.) Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы жана медалдар менен сыйланган.


Исаков Коммунар

ИСАКОВ Коммунар - (1939-ж.т., Алай району, Сопу-Коргон айылы - 2000-ж., Кара-Суу району, Отуз-Адыр айылы) - педагог, педагогика илимдеринин кандидаты Ача тамгалуу Жору уруусунун Жакып уулу уругунан. 1961-ж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика жана математика факультетин бүткөн. 1961-1965-жж. Кара-Суу районунун орто мектептеринде мугалим, 1970-2000-жж. Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде окутуучу болуп иштеген.


Исаков Конурбай

ИСАКОВ Конурбай - (1923-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 1994-ж., ошол эле жер) - согуш жана эмгек ардагери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кучкач уулу уругунан. 1942-ж. Улуу Ата Мекендик согушка кетип, Оршан шаарындагы 213-Кызыл Туулуу танкалык бригадада кызмат өтөгөн. 1946-ж. согуштан кайтып келген соң, туулуп-өскөн айылында мал чарбасында үзүрлүү эмгектенген. 3-даражадагы Даңк, «Кызыл Жылдыз» ордендери жана медалдар менен сыйланган (маалыматтар Ж. Сардековдун жеке архивинен алынды).


Исмаилов Баргыбай

ИСМАИЛОВ Баргыбай (1909-ж.т., Алай району, Гүлчө айылы - өлгөн жери белгисиз) - Ача тамгалуу Жорунун Кадыралы уругунан. 1938-ж. Кыргыз айыл чарба институтун бүткөн. 1938-1940-жж. Ош облустук Халмион районунун Ийри-Суу, Катта-Талдык, Тамчы совхоздорунда саясий бөлүмдүн башчысы кызматтарын аркалаган. 1940-1943-жж. Советтик Армиянын катарында Ош шаарынын кавалериялык аскер бөлүгүндө командачы кызматын аткарган. 1943-ж. Улуу Ата Мекендик согушка кетип, Сталинград фронтунда согушкан (маалыматтар «Вечерний Бишкек» газетасы. 29.1.2010-ж. «Азиз и его надежда», «Поезд -Бишкек-Сталинград» аттуу статьясынан. А. Б. Исмаиловдун жеке архивинен алынды).


Исакулов Дүйшөнбек Бапанович

ИСАКУЛОВ Дүйшөнбек Бапанович - 8.2.1971-ж.т., Кара-Кулжа району, Биймырза айылы - полковник (2007-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. Украинанын ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы Жогорку аскердик авиа-техникалык окуу жайын (1988-ж.), Кытай Эл Республикасынын Боштондук аскер окуу жайынын кармашып-урушуу бөлүмүн (2001-ж.), Россия Федерациясынын Санкт-Петербург шаарындагы Аскер дене тарбия Академиясын (2008-ж.) бүткөн. 1991-1993-жж. Москва аскер округунун Тверь шаарындагы АН-22-12 Аскер транспорттук учакта борт-инженер, 1993-1996-жж. Кыргыз Республикасынын Фрунзе шаарында 55666-аскер полкунда "МИ-8 Т", "МИ-8 МТВ" маркасындагы тик учакта борт-инженер, 1996-2001-жж. Советтер Союзунун Баатыры, генерал-майор Калыйнур Үсөнбеков атындагы аскердик окуу жайында окутуучу, 2001-2005-жж. кафедра башчысы 2008-2009-жж. Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинде улук офицер, 2009-жылдан Кыргыз Республикасынын Аскердик башкы штабынын күжүрмөн даярдык башкармалыгында бөлүм башчы. «Кыргыз Республикасынын дене тарбия жана спортунун мыктысы» Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы жана медалдар менен сыйланган.

ИСМАИЛОВ Аваз Эргешович - (25.2.1970-ж. т., Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы) - окутуучу, химия илимдеринин кандидаты (2000-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1995-ж. ОшМУнун биология факультетин, 1998-ж. анын аспирантурасын бүткөн. 2000-2009-жж. ОшМунун медициналык кафедрасында окутуучу, улук окутуучу, доцент, кафедра башчысы, 2009-ж. ОшМЮИде «Криминалистика жана соттук эксперт»

кафедра башчысы, 2009-2011-жж. ОшМЮИнин Тергөө-криминалистика факультетинин деканы кызматтарын аркалаган. Бир нече илимий эмгектердин автору.


Исмаилов Азиз

ИСМАИЛОВ Азиз - (1937-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 2015-ж., Бишкек) - кыргыздын кыйрына белгилүү тележурналист. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадирали уругунан. 1956-1960-жж. Куршаб районунда мугалим, 1961-1969-жж. Кыргызрадиосунда диктор, 1969-1973-жж. Ош облустук Радио борборунун башкы редактору, 1973-1981-жж. Кыргыз радиосунун диктору, 1981-1986-жж. Кыргыз фильм киностудиясынын директору, 1986-1990-жж. Кыргыз телерадиосунун "Телеберүүнүн маалымат боюнча башкы редакциясынын" башкы редактору, 1990-1994-жж. илимий-популярдуу окутуу программасынын Башкы редакциясынын коментатору, 1994-1996-жж. Телекөрсөтүүлөрдүн социалдык-экономикалык башкы редакциясынын баяндамачысы, 1996-1997-жж. Кыргыз телерадио мамлекеттик корпорациясынын адистерди профессионалдык жактан даярдоо бөлүмүнүн бөлүм башчысы болуп иштеген. Республикадагы көптөгөн радиоуктуруу жана телеберүүнүн дикторлорунун насаатчысы, жалпы кыргыз журтчулугуна таанымал, оригиналдуу үнү менен ар кандай радиотеле берүүлөрдө угуучу менен көрүүчүнү өзүнө тарткан феноменалдуу журналисттердин бири. "Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадио берүүсүнүн мыктысы".


Исмаилов Жеңишбай

ИСМАИЛОВ Жеңишбай - (1944-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Абад айылы) - айыл чарба ишмери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунун Мырзакул тобунан. Оштогу айыл чарба техникумун (1961-ж.), Москвадагы К. А. Тимирязев атындагы айыл чарба академиясын (1972-ж.) бүткөн. 1961-1963-жж. Кара-Суу районунун Отуз-Адыр совхозунда слесарь-механик, 1963-1966-жж. Лейлек райондук айыл чарба башкармасында улук инженер, технадзор, 1966-1967-жж. Ош облустук айыл чарба башкармасында улук инженер, технадзор, 1972-1974-жж. Жалал-Абад шаарынын тоок фабрикасында башкы инженер-механик, 1974-1981-жж. партиянын Өзгөн, Кара-Суу райондорунда уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1981-1983-жж. партиянын Баткен райкомунун 2-секретары, 1983-1986-жж. «Кыргыз айыл чарба техникаын» Жалал-Абад облустук бөлүмүнүн башкаруучусу, 1986-1990-жж. "Ошмелководстрой" трестинин улук инженери, 1990-1994-жж. "Южводстрой" трестинин "Мүрөк" кичи ишканасынын директору, 1994-2008-жж. "Мүрөк" дыйкан чарбасынын башчысы болуп иштеген. Райондук, облустук кеңештердин депутаты.


Исмаилов Иса

ИСМАИЛОВ Иса - (01.02.1941-ж.т., Кадамжай району, Кереге-Таш айылы) - милициянын майору (1990-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Баткендеги уруктарынан. СССР ИИМдин Ташкенттеги милиция мектебин (1970-ж.), СССР ИИМдин Караганды жогорку мектебин 1975-ж. бүткөн. Кыргызстандын көптөгөн райондорунун ички иштер органдарында ар түрдүү жооптуу кызматтарды аткарган. 1985-1986-жж. Өзбекстанда, 1989-ж. Тажикстанда атайын түзүлгөн тергөө бөлүмдөрүндө, 1990-ж. Ош окуясын тергоо тобунда иштеген. Медалдар менен сыйланган.

К


Каденов Ажимамат

КАДЕНОВ Ажимамат - 1904-ж.т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы - 1989-ж., ошол эле жер) - эмгек ардагери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. Жаш кезинен молдолордон арабча окуп, кат-сабаты жоюлган. Совет өкмөтүнүн түптөлүү мезгилинде колхоздоштырууга чоң салымын кошкон. Өзгөн районунун Кеңеш колхозунун башкармасынын төрагасы болуп иштеген. Ал колхоздо уй жана жылкы фермаларын уюштуруп, райондо сүт берүү планын ашыгы менен аткарган. Ар дайым эл ичинде элдик маселелерди жеринде чечкен, калыс, сөзү өтүмдүү, кадыр-барктуу, абройлуу аксакал болгон. 1962-ж. СССР Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө катышкан.


Каденова Батмакан

КАДЕНОВА Батмакан Ажимаматовна - (5.4.1966-ж.т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы) - окутуучу. Физико-математика илимдердин кандидаты -2014-ж. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. ОшМУда чейрек кылымдан бери окутуучу, улук окутуучу. 20дан ашуун илимий макалалардын автору.


Каденова Жаннат Токтомаматовна

КАДЕНОВА Жаннат Токтомаматовна - (07.07.1983-ж.т., Кара-Кулжа району, Жаңы-Талаа айылы) - окутуучу, педагогика илимдеринин кандидаты (2018-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. 2005-ж. Кыргыз-Өзбек университетинин дүйнөлүк тилдер жана эл аралык мамилелер факультетин артыкчылык диплому менен бүткөн. 2005-ж. азыркы учурга чейин ушул университетте окутуучу, Гуманитардык сабактар бирикме башчысы, кафедра башчысы. 20дан ашык илимий макалалардын, окуу-усулдук колдонмолордун автору. Россия, Туркия, Казакстан, Өзбекстан мамлекеттеринде өткөн эл аралык илимий конференцияларда активдүү катышып, көптөгөн илимий темадагы баяндоолорду жасап келет.


Каденова Зууракан Ажимаматовна

КАДЕНОВА Зууракан Ажимаматовна - 2.12.1971-ж.т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы - окутуучу. Физико-математика илимдеринин кандидаты, доцент. Мамлекеттик кызматтын 3-класстагы кеңешчиси. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. ОшМУнун физико-математика факультетин бүткөн соң, ошол эле окуу жайында окутуучу, кафедра башчысы ректор. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министринин орун басары, Эмгек, миграция жана жаштар министринин орун басары кызматтарында иштеген. 60 ашуун илимий макалалардын, 2 монографиянын автору. «Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги» «Апрель элдик революциясынын баатыры» медалы менен сыйланган.


Кадыров Макас

КАДЫРОВ Макас - 1925-ж.т., Алай району, Сөгөт айылы - 1977-ж., ошол эле жер) - коомдук ишмер. Ача тамгалуу Жору уруусунун Элчибек уругунан. Кыргызстан КП БКга караштуу республикалык партиялык мектепти бүткөн 1941-1948-жж. Алай районунун мектептеринде мугалим, 1948-1950-жж. Алай райондук эл агартуу бөлүмүндө мектептер боюнча инспектор, 1950-1953-жж. партиянын Алай райондук комитетинин инструктору, 1953-1956-жж. партиянын Алай райондук комитетинин бөлүм башчысы, 1956-1958-жж. Алай райондук «Кызыл-Алай» гезитинин редактору, 1958-1961-жж. Ворошилов атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы, 1961-1964-жж. «Алай» совхозунун партиялык комитетинин секретары, 1964-1975-жж. партиянын Алай райондук комитетинин 2-секретары, 1975-1976-жж. эмгекчилер депутаттарынын Алай райондук Советинин аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, 1976-1977-жж. Алай «Живпром» бирикмесинин директору болуп иштеген. Медалдар менен сыйланган.


Кадыралиев Санжарбек Кармышакович

КАДЫРАЛИЕВ Санжарбек Кармышакович - (9.11.1976-ж.т., Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы - 15.4.2009-ж., ошол эле жер) - спортчу, Европа жана Азия чемпиону. «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыруучусу» (2004-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунун Калдыр Кыпчак тобунан. Ош шаарындагы Кыргыз-Өзбек университетинин экономика факультетин (2000-ж.), ОшМУнун юридика факультетин (2003-ж.) бүтүргөн. 1996-ж. «Эрежесиз эр күрөш», 1997-ж. «Панкратион» боюнча Азия жана Европа континентинин чемпионатынын катышуучусу. 1999-2002-жж. «Панкратион» федерациясынын Ош облусу боюнча машыктыруучусу, 2002-2009-жж. Түштүк Кыргызстан боюнча «Панкратион» федерациясынын вице-президенти. 1999-2002-жж. «Панкратион» боюнча 2 жолу Европа, 2 жолу Азия чемпиону наамдарына жетишкен. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин (4–5-чакырылыштарынын) депутаты.


Кадыралиева Ыргал Кармышаковна

КАДЫРАЛИЕВА Ыргал Кармышаковна - 2.8.1981-ж.т., Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы) - коомдук ишмер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунун Калдыр Кыпчак тобунан. ОшМУнун филология факультетин (2003-ж.), анын аспирантурасын (2006-ж.) бүткөн. 2006-2009-жж. Ош облустук элге билим берүү башкармалыгында жетектөөчү адис, гимназиянын мугалими, 2009-2010-жж. «Биз биргебиз» коомдук бирикмесинин башчысы, 2012-жылдан социалдык саясат боюнча комитеттин мүчөсү. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 5-чакырылышынын депутаты болуп шайланган.


Кадырбекова Майрамкан

КАДЫРБЕКОВА Майрамкан Мамытовна - 2.5.1963-ж.т., Алай району, Сопу-Коргон айылы - коомдук ишмер. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадрали уругунан. Атактуу Тете бийдин чебереси. 1988-2013-жж. Алай районунун «Сары-Могол» совхозунда балдар бакчасынын тарбиячысы, Талдык-Суу мектебинде, маданият үйүндө, 36806-аскер бөлүгүндө жооптуу кызматтарда иштеген. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты «Датка айым», «Честь и мужества» медалдары менен сыйланган.


Каипов Искендер Кочкорович

КАИПОВ Искендер Кочкорович - 7.2.1963-ж.т., Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы - милициянын полковниги. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 1988-ж. Россия Федерациясынын Ички Иштер Министрлигинин Милиция мектебин бүткөн. 1991-ж. Кемерово шаарындагы Ноокат райондук ички иштер бөлүмүндө отряд жетекчиси, 1991-1992-жж. Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын күзөт кызматында улук тескөөчү, рота командири, батальон командири, 2010-ж. күзөт кызматынын Түштүк башкармалыгында начальниктин орун басары, 2010-2012-жж. Жалал-Абад шаарынын ички иштер башкармалыгында күзөт кызматынын начальниги, 2012-2013-жж. Араван райондук ички иштер бөлүмүндө күзөт кызматынын начальниги, 2013-жылдан РСК Банкынын Түштүк аймагы боюнча коопсуздук кызматынын начальниги. СССР Жогорку Советинин Президиумунун грамотасы жана медалдар менен сыйланган.

КАЙДУЛАТОВ Абдыкалык - 1912-ж.т., азыркы Ак-Суу району, Чолпон айылы - (каза болгон жылы белгисиз) - журналист. СССР журналисттер Союзунун мүчөсү (1959-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалантөш тобунан. 1931-ж. Москвадагы Бүткүл Союздук коммунисттик журналистика институтун бүткөн. 1930-1931-жж. Алай райондук «Кызыл малчы», 1933-1938-жж. Фрунзедеги «Кызыл Кыргызстан» гезиттеринин өз кабарчысы, 1939-ж. «Ысык-Көл правдасы» гезитинин редактору, 1945-1946-жж. партиянын Пржевальск шаардык комитетинин кадрлар боюнча секретары, 1952-1972-жж. Ысык-Көл облустук телерадио комитетинин атайын кабарчысы кызматтарын аркалаган. «Кызыл Кыргызстан» гезитинде акын А. Токтомушев, Алыкул Осмонов, Мидин Алыбаевдер менен бирге көп жыл иштеген. 1940-ж. Кыргызстан КП БКнын мүчөлүгүнө кандидат болуп шайланган. Кыргызстандын басма сөзүнө узак жылдар бою эмгек кылгандыгы үчүн 1998-ж. Президенттик стипендия берилген. Ушул эле жылы "Ысык-Көл" гезитинин 60 жылдыгына карата облус боюнча жарыяланган конкурста публикациясына биринчи сыйлык ыйгарылган. Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы жана медалдар менен сыйланган.


Кайдулатов Бейшенбек Кенжеевич

КАЙДУЛАТОВ Бейшенбек Кенжеевич - 1959-ж.т., Ак-Суу району, Чолпон айылы - суу чарба ишмери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалантөш тобунан. 1974-ж. Фрунзедеги Политехникалык техникумунун гидромелиорация бөлүмүн бүткөн. 1974-1979-жж. Токтогул райондук курулуш Башкармасынын трестинин «Южводстрой» ишканасында, 1981-1982-жж. Ысык-Көл Керек-жарак областык коомунда лаборант, 1982-1987-жж. Ысык-Көл долборлоо институтунун изилдөө бөлүмүндө, 1987-1990-жж. Ысык-Көл суу курулуш трестинде улук инженер, 1990-жылдан өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн башчысы, 1992-2003-жж. Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгында Орлиное гидро бөлүмүнүн башчысы, 2003-2010-жж. Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгынын башчысы, 2010-жылдан Ысык-Көл бассейндик суу чарба башкармалыгынын башчысы. «Кыргыз Республикасынын суу чарбасынын мыкты ишмери». Ак-Суу райондук кенешине депутат болуп шайланган (2003-2012-жж.). Кыргыз Республикасынын айыл жана суу чарба министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.



Калмаматов Бактыбек

КАЛМАМАТОВ Бактыбек - 20.1.1984-ж.т., Совет айылы - коомдук жана мамлекеттик ишмер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. 2006-ж. ОшМУну бүтүргөн. «Акыйкат» коомдук бирикмесинин негиздөөчүсү жана төрагасы. «Жаштар үнү» жаштар кыймылынын негиздөөчүлөрүнүн бири ж-а тең төрагасы. 2007–09-ж. «Ата Мекен» социалисттик саясий партиясынын Ош обл. б-ча төрагасынын орун басары, 2009-2010-жж. төрагасы болуп иштеген. КР Жогорку Кеңешинин депутаты (5-чакырылышы). 2007-2010-жж. үй-бүлөлүк кландык башкарууга каршы чыгып, эркиндик, теңдик, адилеттүүлүк үчүн күрөшкөн.



Калматаев Жамшит

КАЛМАТАЕВ Жамшит - 1.5.1927-жылы Кара-Кулжа районунун Кара-Кулжа айылында туулган. 01.02.1983-ж., ошол эле жерде) - советтик жана партиялык кызматкер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. 1974-ж. КМУну бүтүргөн. Эмгек жолун 1941-ж. Тельман атындагы колхоздо колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1943-1946-жж. Совет р-ндук эл сотунда инспектор, 1946-1952-жж. комсомолдун Совет райкомунда бөлүм башчы, 2-секретарь, 1952-1959-жж. Совет райондук аткаруу комитетинде бөлүм башчы, секретарь, пландоо комиссиясынын башчысы, 1959-1960-жж. Тельман атындагы колхоздо партиялык комитеттин секретары, 1960-1963-жж. партиянын Совет райкомунун секретарына жардамчы, 1963–64-ж. Өзгөн райондук советинин аткаруу комитетинин жооптуу секретары, 1964-1972-жж. «Совет» совхозунда партиялык комитеттин секретары, 1972-1980-жж. ошол совхоздун бөлүм башчысы болуп иштеген. Райондук, жергиликтүү советтин депутаты. Медалдар менен сыйланган. Өзү жашаган айлынын бир көчөсүнө ысмы ыйгарылган.



Калмуратов Абдумажит Сыдыкович

КАЛМУРАТОВ Абдумажит Сыдыкович - 1959-ж.т., Кара-Суу району, Жаңы-Арык айылы - айыл чарба ишмери. «Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер» (1988-ж.). Ача тамгалуу Жору уруусунун Бешабышка уругунан. К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун механика факультетин 1987-ж. бүткөн. 1985-1987-жж. Өзгөн районунун «Ак-Жар» совхозунда инженер, башкы инженер, 1987-1989-жж. Кашкар-Кыштактагы Агропромдун райондор аралык базасынын директорунун орун басары, 1989-1994-жж. Агропромдун Шамалдуу-Сай базасынын директору, 1994-1996-жж. Жалал-Абад шаарындагы ун чыгаруучу комбинаттын директорунун орун басары, 1996-2002-жж. Чүй облусунун Ивановка айылындагы агропромдун базасынын директору, 2002-2005-жж. Бишкектеги ун комбинатынын борбордук базасынын директору, 2005-жылдан Сокулук районунун жол куруу башкармасынын жетекчиси.



Калыков Сүйүнбай Калдыбаевич

КАЛЫКОВ Сүйүнбай Калдыбаевич - 1972-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - дин ишмери. Ача Жору уруусунун Мамбет уулу уругунун Сагындык тобунан. Хазирети Умар атындагы Ислам университетин (1996-ж.), Египеттеги Али Асхар Ислам университетин (1997-ж.) бүткөн. 1997-2002-жж. Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылынын мечитинин имам хатиби, 2002-2003-жж. Куршабдагы "Береке" мечитинин имам хатиби, 2003-2006-жж. Кара-Суу райондук мечиттин имам хатиби, Ош облусунун мусулмандарынын казысы (2006-

2011-жж.), 2011-жылдан Кара-Суу райондук мечиттин имам хатиби. Кыргыз Республикасынын Куран окуу кароо-сынагынын жеңүүчүсү (1993-ж.). Египет мамлекетиндеги Куран окуу кароо-сынагынын катышуучусу (2005-ж.). Анын демилгеси менен Ош облусунун айылында Кара-Суу райондук мечити, Ош шаарындагы "Сулайман Тоо" мечити, Ноокат, Араван, Өзгөн, Чоң Алай райондорунда, областтын ондогон айыл өкмөттөрүнүн аймагында жаңы мечиттер курулуп, ишке берилген. Өзгөн районунун Мырзаке айылында Абдраим каары атындагы медресе, Кара-Суу районунун Нариман айылында жана Кашкар-Кыштак айылында Курманжан датка атындагы медреселер курулган. Бишкек шаарындагы Борбордук мечитке миллион сомдон ашык сомдук жардам берүүнү уюштурган.



Капич баатыр

КАПИЧ баатыр XVII кылымдын аягы - XVIII кылымдын башында жашаган тарыхый инсан. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бешабышка уругунан. Азыр Капичтин тукумдары Өзгөн районунун Кара-Таш айыл аймагынын Бешабышка айылында, Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылында, Кытай Республикасынын Шинжан облусунда отурукташкан. Капичтин эрдиги, баатырдыгы кыргыздардын, анын ичинен XVII–XVIII кылымдарда Жору тукумдарынын калмак баскынчылары менен болгон кармашууларында жасаган баатырлыктары эскерилет. Капич өзүнүн урукташтарынын арасынан Жанай менен Канай аттуу усталарга кылычтарды, жаа менен жебелерди жасатканы, алардын жасаган жебелери Жибек-Жолу аркылуу Араб, Япон, Кытай мамлекеттеринде сатылып тургандыгы тууралуу маалыматтарды урпактары эскерип жүрүшөт. Жалпы Жору уруусу жайгашкан аймактын ичинде азыркы Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылынын чыгыш тарабынан орун алган Ади-Үнкүрдө жарменке, базар болгону, ошол жерде темир, зер буюмдары жасалып сатканы жана бул Жибек-Жолунун бир аялдамасы болгону жөнүндө да кабар бар. Мүмкүн Жанай менен Канайдын жасаган куралжарак, зер буюмдары ушул жерде жасалып, анан кардарларга сатылып, Жибек-Жолу менен ааламга жеткендир деген ойго түртөт. Капичтин урпактарынын эсинде калган дагы бир нерсе, жасалган кылычтын курчтугун сынаганда агыны катуу сууга кийизди салып агызып, кылычтын мизин сынашкан. Эгерде кийиз агып келип кылычка тийгенде кесилип эки бөлүккө бөлүнүп калса гана кылыч жарактуу болгон экен дешет. Капичтин тарыхый инсан экенинин дагы бир далили азыркы Өзгөн районунун Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн аймагындагы «Маажүнүстүн талаасы», «Жигденин талаасы» деген жерлерде калмак-кыргыз чабышынын белгиси болуп, калмак-кыргыздардын аралаш бейити бар. Бизге жеткен маалыматтарга караганда Капич баатыр ошол жердеги салгылашууда Жору урууларынын башында болгон.



Карыбеков Акматали

КАРЫБЕКОВ Акматали - 1914-ж.т., азыркы Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 1990-ж., Өзгөн району, Куршаб айылы - эмгек ардагери. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Ача тамгалуу Жору уруусунун Элчибек уругунун Мамбет уулунан. 1930-ж. Куршабдагы Дыйкандардын балдарынын мектебин (ШКД) аяктап, 1930-1931-жж. Кызыл-Суу айылында мугалим, 1931-1935-жж. Кызыл-Суу айыл Советинин секретары, 1935-1938-жж. Алай районунун Гүлчө айылындагы алгачкы банктын уюштуруучусу жана башкаруучусу, 1935-1942-жж. Алай, Чон-Алай, Кара-Суу райондорунда прокурор, 1943-1949-жж. Алай районунун прокурору, 1950-1982-жж. мамлекеттик жооптуу кызматтарда иштеген. 1942-1943-жж. Улуу Ата Мекендик согушка катышып, оор жарадар болгондугуна байланыштуу туулуп-өскөн мекенине

кайтып келген. Ысмы Өзгөн районуна караштуу Куршаб айылындагы көчөлөрдүн бирине ыйгарылган.



Кастар бий

КАСТАР бий болжол менен XVI кылымдын экинчи жарымында жашаган. Ача тамгалуу Жору уруусунун бубалары. Агасы Астар менен бирге өз мезгилиндеги ички жана тышкы душмандардан өзүнүн элин коргогон, катаал заманда жок болуп кетүү коркунучунан сактап, уруктарын биригтирүүгө жетишкен. Калмак жана башка баскынчыларга каршы күрөшүүдө жалпы кыргыз уруулары менен бирге күрөш жүргүзгөн. Азыркы өз тукумдары отурукташып, Ата Мекенине айланган жерлерди биротоло ээлеп, жашап калууда чоң роль ойногон. Жалпы Жору уруктарынын түбөлүккө тукум улап жашоосу үчүн баа жеткис салым кошкон.



Калиев Үтүр Раимбекович

КАЛИЕВ Үтүр Раимбекович - 12.12.1932ж.т., Ак-Суу району, Чолпон айылы - 1997-ж., Бишкек шаары) - врач-хирург. Медицина илимдеринин кандидаты, доцент. Ай тамгалуу Жорупун Теңизбай уругунун Жаландөш тобунан. Пржевальск шаарындагы медициналык жайын -1955-ж., КММИни анын аспирантурасын (1965-ж.) бүткон. 1955-1965-жж. Пржевальск шаардык ооруканасында хирург, 1965-1978-жж. КММИде окутуучу, 1978-ж. дарыгерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу факультетинде кафедра башчысы, 1978-1993-жж. КММИнин жалпы хирургия кафедрасында доцент, 1993-1997-жж. Ак-Суу райондук борборлоштурулган ооруканасынын хирургия бөлүмүндө хирург болуп иштеген. Анын Ысык-Көл облусунун алыскы райондорунун бири Ак-Суу районунда кокустуктан өлүм алдында жаткан 16 жашар жигиттин жүрөгүнө токтоосуз операция жасап, өлүмдөн алып калганы тууралуу СССРдин саламаттык сактоо министрлигине караштуу "Медицинская газетасына" макала жарыяланган. Ал жогорку сапаттагы профессионалдуулугу, принциптүүлүгү, гумандуулугу, өз кесибине берилгендиги жана ар бир адамга жасаган кичи пейил мамилеси менен өзгөчөлөнүп турган. Ысымы Ак-Суу районунун Чолпон айылындагы орто мектепке коюлган.



Калыкулов Керимбек Акматалиевич

КАЛЫКУЛОВ Керимбек Акматалиевич - 16-июнь 1981-жылы Кара-Кулжа районунун Кызыл-Жар айылында туулган. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадыралы уругунан. 1998-2003-жж. Ош мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктаган. 2002-ж. ОшМУнун «Нур» газетасынын башкы редактору, 2004-ж. ОшМунун басма сөз кызматынын жетекчиси. 2007-жылы ОшМУнун филология факультетинде мугалим, 2008-жылы ОшМУнун «Үмүт» телестудиясынын жетекчиси, 2010-жылдан КР өкмөтүнүн «Эркин-Тоо» гезитинин редакторунун Түштүк региону боюнча орун басары, 2011-жылдан ОшМУнун басма сөз кызматынын жетекчиси, 2014-жылдан Ош шаардык «Ош шамы» гезитинин башкы редактору, 2014-жылдан Ош шаардык мериясынын коомчулук менен байланыш кызматынын жетекчиси. 2014-жылдан «Ош ТВ» телеканалынын директору болуп иштеп келүүдө. Ош мамлекеттик университетинин, Ош шаардык мэриясынын, Ош областык администрациясынын Ардак грамоталарын алууга татыктуу болгон. 2018-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасын алган. КРнын Журналисттер союзунун мүчөсү.

КАПЫШЕВА Айсулуу - 1954-ж.т., Өзгөн району, Кара-Таш айылы - 2017-ж., ошол эле жер) - эмгек ардагери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Ийрек (Эши) уругунан. 1978-2000-жж. Кара-Суу районунун Отуз-Адыр совхозунда саанчы болуп эмгектенген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1985-1990-жж.). 3-даражадагы Эмгек данкы ордени, СССР Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн күмүш медалы, Кыргызстандын Аялдар конгрессинин Диплому менен сыйланган.



Капышева Айсулуу

КАРИМБАЕВА Кундуз - 1953-ж.т., Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылында төрөлгөн. Эмгек ардагери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бешабышка уругунан. 1970-1998-жж. Кара-Суу районундагы «Кыргызстан» совхозунда жумушчу, саанчы болуп эмгектенген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган (1980-ж.).



Каримбаева Кундуз

КЕРЕК баатыр - XVIII кылымдын аягы - XIX кылымдын башында Ысык-Көл өрөөнүнүн азыркы Ак-Суу районунун аймагында туулган. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жаландөш тобунан. Ысык-Көлдүк Балбай, Өмүр, Жанек баатырлардын замандашы. Керек баатыр Кокон хандыгынын ысык-көлдүк кыргыздарга жасаган тыюа-эмес саясаттарына каршы күрөшүп, Кокон хандыгынын өкүмдарларынын бирин кайра артка чегинүүгө мажбурлаган. Керек баатыр тууралуу маалыматтар К. Жусуповдун «Кыргыздар» аттуу китебинен, Кыргыз эл акыны К. Маликовдун «Балбай» аттуу поэмасынан, Алдаш Молдонун «Ормон Балбай чатагы» деген китебинен, М. Кулумбай уулунун «Санжыра» дастанынан, жазуучу К. Мамбетовдун «Алдаш бийдин алты уулу» аттуу китебинен алынды. Маалыматтарда Керек баатырдын ички жана тышкы душмандар менен күрөшүүдө көрсөткөн эрдиктери кеңири чагылдырылган. Керек баатырдын эрдиктери көлдүк кыргыздардын эсинен кетпей, уламыш катары айтылып келүүдө. Керек баатырдын урпактары Ысык-Көлдүн Ак-Суу районунун «Чолпон» айылында жашашат. Керек баатырды келечекте тереңирээк изилдеп, тарыхтагы кыргыз эли үчүн жасаган эстен кеткис эрдиктерине кеч болсо да адилеттүү тарыхый баа берүү зарылдыгы бар. Керек баатырдын урпактарынан кыргыз элине белгилүү мамлекеттик ишмерлер Жумай жана Абдысалам Жылкыбаевдер чыккан.



Керек баатыр

КЕДЕЙБАЕВА Жамал Арстаналиевна - 7.4.1976-ж.т., Өзгөн району, Куршаб айылы) - окутуучу. Философия илимдеринин кандидаты (2006-ж.), профессор - 2019-ж. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 2000-ж. ОшМУнун тарых факультетин бүткөн. Ош технологиялык университетинин экономика жана башкаруу факультетинде Бизнести башкаруу жана социалдык иш кафедрасынын башчысы. 30дан ашык илимий макалалардын, 8 илимий методикалык эмгектин автору.



Кедейбаева Жамал Арстаналиевна

"Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы"-2015-ж.наамына татыктуу болгон. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ыраазычылык катын алган. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.


Келдибаев Жээнбек Жумабаевич

КЕЛДИБАЕВ Жээнбек Жумабаевич - 9.12.1957-ж.т., Кара-Кулжа району, Кызыл-Жар айылы - коомдук ишмер. Ача Жору уруусунун Кадирали уругунан. 1983-ж. КМУну бүткөн. 1983-1986-жж. Баткен районундагы Кызыл-Жол орто мектебинде тарых мугалими, 1986-1990-жж. Кара-Кулжа районундагы Кайын-Талаа орто мектебинде тарых мугалими, 1990-1994-жж. Кара-Кулжа районунун аймагындагы Сокуташ көмүр кенинде директор, 1994-1995-жж. "Көмүр кен" ассоциациясынын президенти, 1995-2005-жж. жеке ишкер, 2005-2010-жж. Баткен облустук мамлекеттик администрация башчысы - губернатордун орун басары, 2010-жылдан жеке ишкер.


Кенжебаев Осмон

КЕНЖЕБАЕВ Осмон - 1906-ж.т., азыркы Кара-Кулжа району, Карагуз айылы - 1971-ж., ошол эле жер) - эмгек жана согуш ардагери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. Медреседен билим алып, алгачкы билимдүүлөр катарында Сары-Булак мектебинде мугалим болуп эмгек жолун баштаган. Сары-Булак колхозунда башкармасынын төрагасы, Карагуз айыл Совети боюнча ирилештирилген Ленин атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы болуп эмгектенген.


Кожошев Таалайбек Токтобекович

КОЖОШЕВ Таалайбек Токтобекович - 13.5.1972-ж.т., Кара-Кулжа району, Кара-Кулжа айылы - чек арачы. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунун Жараш тобунан. ОшТУнун укук таануу факультетин (2001-ж.), Россия Федерациясынын Москва шаарындагы ФСБсынын чек ара академиясын (2012-ж.) бүткөн. 1992-1999-жж. Кыргыз Республикасынын ИИМинде Ички аскер кызматынын жооптуу кызматтарында, 1999-2001-жж. Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматынын атайын даярдалган чалгындоо тобунун командири, 2001-2008-жж. Баткен, Ысык-Көл, Ош облустарынын аймактарындагы мамлекеттик чек ара кызматында чек ара заставаларынын башчысы, 2008-2010-жж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара кызматынын 2011-аскер бөлүгүнүн командирининн орун басары, 2010-2011-жж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара кызматынын 2030-аскер бөлүгүнүн командири, биринчи орун басары, штаб башчысы, 2011-2015-жж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара кызматынын 2024-аскер бөлүмүнүн командири, 2015-2016-жж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара кызматынын квалификация жогорулатуу борборунун башчысы, 2016-ж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара кызматынын Жалал-Абад облусу боюнча

башкармасынын башчысы кызматтарында иштеген. 3-даражадагы «Манас» ордени жана медалдар, «Мыкты чек арачы» төш белгиси менен сыйланган.


Кимсанов Каныбек

КИМСАНОВ Каныбек - 1953-ж.т., Кара-Суу району, Гайрат айылы - коомдук ишмер. Ача тамгалуу Жорунун Эсеке уругунан. Россия федерациясынын Мичуринск шаарындагы педагогикалык институтун бүткөн - 1976-ж. 1977-1991-жж. партиянын Кара-Суу райондук комитетинде инструктор, 3-секретарь, дыйкан чарбасынын башчысы, техникалык окуу жайынын директору, райондук шайлоо комиссиясында, Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, орун басары, мектептин директору кызматтарын аркалаган.


Кожо бий

КОЖО бий - болжол менен XVII кылымдын экинчи жарымында жашаган тарыхый инсан. Ай тамгалуу Жорунун урпактарынын бубасы, Астар бубанын уулу. Тенизбай, Тасмалардын бир тууганы. Кожо бий жөнүндө алгачкы жазуу булагы Кытай жазуу булактарынын 1770-жылдагы «Сиюй Чжи», «Батыш жерлердин жазылмаларында» (Описание западных земель) ошол мезгилдеги кыргыздын Мундуз, Теит, Найман, Бостон Адигине ж.б. уруктары менен Өзгөндө Жору уруусунан." Ай тамгалуу Жорунун уулу Хуцзы - бийдин (Кожо бийдин) карамагында 500дөн ашык үй-бүлөсү бар, мал багышат, жер иштетишет, дан азыктарынан ичимдиктерди жасашат" - деген маалымат бар. Кожодон Боро сыяктуу баатырлар чыккан. (Д. Сапаралиев - «Этнополитическая история Оша и его окрестностей с XVIII до середины XIX в.» - аттуу китеби. Илим. Бишкек-1999, 63-бетте).

КОЖОНАЗАР бий - XVIII кылымдын экинчи жарымы - XIX кылымдын биринчи жарымында жашап өткөн. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Биймырза тобунан. Жалпы Теңизбай, Тасма уруктарынын бийи болуу менен ар дайым калктын камын көргөн. Бей-бечараларга жардам берген. Кожоназар бий элине аш берип жаткан мезгилинде, уруктарынан бир аял башка урууга турмушка чыгып, күйөөсү каза болуп, ар кимдин колун карап калганын угуп, тоюн токтотпостон бир нече күн издетип, баягы уругундагы аялды таап келип, үй-жайлуу кылып жайлаштыргандан кийин тоюн аяктаганы азыр да урпактарынын арасында айтылып жүрөт. Кожоназар бийдин урпактарынан атагы алыска кеткен Жайчибек бий, Таңырык бий, андан кийинки Жээнбековдордун азыркыга чейинки эл башкаруучу азаматтарынын учугу уланып келүүдө.


Кожошев Мухтар Тажибаевич

КОЖОШЕВ Мухтар Тажибаевич - 7.3.1952-ж.т., Кара-Суу району, Жаңы-Арык айылы - юрист. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бейшеке (Горок) уругунан. СССР ИИМдин Фрунзедеги милициянын атайын орто мектебин (1978-ж.), КМУнун юридикалык факультетин (1986-ж.) бүткөн. 1974-1976-жж. милиционер, 1978-1987-жж. Өзгөн, 1987-1989-жж. Алай райондук ички иштер бөлүмдөрүндө Социалисттик меншиктин уурдоочулар менен күрөшүү бөлүмүнүн башчысы, 1989-1991-

жж. Ош шаардык ички иштер бөлүмүндө ОБХССтин начальниги, 1991-1994-жж. Алай райондук ички иштер бөлүмүндө начальниктин орун басары, 1994-1997-жж. Лейлек райондук ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 1997-1998-жж. Ош облустук ички иштер башкармалыгында ОБЭПКнын начальниги, 1998-2001-жж. Ош облустук ички иштер башкармалыгында начальниктин орун басары, 2002-2004-жж. Өзгөн райондук ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 2004-жылдан Энергобанкта коопсуздук кызматынын башчысы, ОшМунун ботаникалык багынын директору, Кыргыз Республикасынын Коррупцияны алдын алуу боюнча улуттук агентствосунун башкы инспектору, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын орун басары.


Конур бий

КОҢУР бий - болжол менен 1780-1850-жылдары жашаган тарыхый инсан. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо бийинин баласы. Өзмезгилинде Кокон хандыгы менен мамиле түзүп, урпактарына Кербен-Кол, Паркыраат ж.б. жерлерди хандыктан өзүнүн уруулаш тууганарына менчик катары ажыратып берүүгө жетишкен. Бул уруктун бир бөлүгү азыркы Өзбекстандын Анжиян облусунун Жалал-Кудук, Коргон-Төбө райондорунда дагы жашашканы белгилүү. Шаабото баатыр аттуу бул уруктан чыккан бий уруктун бир бөлүгүн ошол мезгилдеги оош-кыйыштарда ээрчитип, азыркы Кытай Эл Республикасынын Кызыл-Суу кыргыз автономиялуу районуна көчүрүп кеткени белгилүү. Шааботонун урпактары жөнүндө маалымат Коңур бий тукумдарынын санжыралык маалыматтарында жазылган.


Көккөз бий

КӨККӨЗ бий - XVIII кылымдын 2-жарымы - XIX кылымдын 1-жарымында жашаган тарыхый инсан. Кара-Кулжа аймагындагы белгилүү бийлердин бири. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. XIX кылымдын аягында Кокон бийлеринин Өзгөн, Кара-Кулжа аймактарын өз эзиктерине кошуу аракеттерине каршы күрөшкөн. Согуштук айла-амал тактикаларын колдонуу менен Кокон ордосунун шаан-шөкөт салтанаттарына катышып турган. Неберелери Молдоке менен Эши бий Борбордук Теңир-Тоодогу Куртка чебинде Кокондук гарнизонго башчылык кылышкан жана Мала хандын тушунда ордолук чиновниктердин катарына кошулган. Көккөз бийдин сөөгү Өзгөндөгү чоң көрүстөн - Султаным мазарына (Өзгөн архитектуралык ансамблинин түштүк чеке бели) коюлган. Учурда урпактары тогуз уулдан турган топту түзүп, Өзгөн районунун Чымбай жана Кара-Кулжа районунун Тоготой айылдарында жашашат.

КӨКӨЕВ Сайип - 13.9.1932-ж.т., Кара-Кулжа району, Биймырза айылы - айыл чарба өндүрүш ишмери. «Кыргыз Республикасынын айыл чарбага эмгек сиңирген кызматкери» (1990-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. 1953-ж. Оштогу бухгалтерлерди даярдоо курсун бүткөн. 1953-1958-жж. Тельман атындагы колхоздо учетчик, эсепчинин жардамчысы, башкы эсепчи, 1958-1961-жж. райондук машина-трактор станциясында (МТС) эсепчи-экономист, 1961-1964-жж. «Ленинчил жаш» колхозунун

башкармасынын төрагасы, 1964-1971-жж. «Совет» совхозунда башкы эсепчи, 1971-1993-жж. «Совет», Кара-Кулжа совхоздорунун директору болуп иштеген. 1993-жылдан райондук кайрымдуулук фондусунун жетекчиси, ардагерлер кеңешинин төрагасы. Кыргыз ССР Жогорку Советинин эки жолку депутаты (1985-1995-жж, 11–12-чакырылышы). Кыргыз ССР эл агартуу отличниги (1981-ж.). «Ардак Белгиси», «Элдердин достугу» ордендери, медалдар жана эки жолу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйланган.


Кокоев Сайип

КӨЛБАЕВ Жаанбай - 1899-ж.т., Ош уезди, Өзгөн волосту, Кара-Кочкор айылы - 1970-ж., ошол эле жер - Совет бийлигин орнотууга жана колхоздоштурууга жигердүү катышкандардан. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. Дин мектебинен арабча окуп, кат-сабатын жойгон. 1927-ж. Ош окружкомунун советтик-партиялык окуу жайын, 1933-ж. Ташкенттеги кедей-дыйкандардын Орто Азия мамлекеттик университетин (САГУ) бүтүргөн. 1925-ж. Жаштар союзунун, 1927-ж. ВКП (б)нин мүчөсү болгон. 1921-1927-жж. Өзгөндө уюшулган кедей-дыйкандар уюму - «Батрачкомдун» катчысы, Адыр айыл советинин төрагасы, Өзгөн райбатрачкомдун төрагасынын орун басары болуп иштеген. 1929-ж. ВКП (б) БКнын Орто Азия бюросунун колхоздорду уюштуруу боюнча томунун негизинде 25 миңчилердин катарында Араван-Буура районуна жиберилип, Карл Маркс, Бирлик, Кызыл-Октябрь, Кош-Дөбө, Ачы ж. б. колхоздорду уюштурууга катышкан. 1931-ж. Өзгөн райондук аткаруу комитетинин төрагасы, 1934-1935-жж. партиянын Өзгөн райкомунда бөлүм башчы, Кызыл-Сеңир колхозунун башкармасынын төрагасынын орун басары, партиялык комитеттин секретары, 1935-ж. партиянын Куршаб райкомунда бөлүм башчы, Таш-Көмүр райондук аткаруу комитетинин төрагасы, 1937-1938-ж. партиянын Таш-Көмүр райкомунун 2-секретары, 1939-1941-жж. Куршаб райондук аткаруу комитетинин төрагасы, партиянын Кара-Суу райкомунда бөлүм башчы, 1942-1944-ж. Жаңы-Талап колхозунун башкармасынын төрагасы, 1945-1948-жж. Мырзаке районунун Фрунзе атындагы колхозунда талаачылык боюнча башкармасынын төрагасынын орун басары, 1948-1949-жж. Кара-Суу райондук МТСте агроном, 1949-1950-жж. Куршаб районундагы III Интернационал орто мектебинин башчысы, 1950-1951-жж. Мырзаке райондук айыл чарба башкармалыгында агроном, Куршаб районундагы Ворошилов атындагы колхоздо партиялык комитеттин секретары, 1952-1954-жж. райондук даярдоо кеңсесинин директору, 1954-1960-жж. Фрунзе атындагы колхоздо ферма башчысы болуп эмгектенген. 1930-жылдары репрессия мезгилинде Түркстан ТУРАН партиясынын мүчөсү деп айыпталып, түрмөгө камалып, 6 айдан кийин акталып чыккан. Медалдар менен сыйланган.


Кубатаев Абдирай

КУБАТАЕВ Абдирай - 1922-ж.т., Кызыл-Жар айылы - 1986-ж., ошол эле жер - Алайкуу өрөөнүнөн чыккан алгачкы милиция майору (1982-ж.), эмгек ардагери (1981-ж.). Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадыралы уругунан. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1947-1982-жж. участкалык инспектор болуп иштеген. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени жана медалдар менен сыйланган.



Кудайбердиев Токтосун

КУДАЙБЕРДИЕВ Токтосун Тургунович - 22.8.1962-ж.т., Кара-Кулжа району, Биймырза айылы - инженер-механик. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Булаш тобунан. 1990-ж. Фрунзе политехникалык институтун бүткөн. 1990-1994-жж. Кара-Кулжа райондук коммуналдык чарбада механик, 1994-2003-жж. Кара-Кулжа райондук аскер комиссариатында 2-бөлүмдүн башчысы, 2004-2005-жж. Чаткал райондук аскер комисариатынын жетекчиси, 2005-2007-жж. Базар-Коргон райондук аскер комиссариатында 2-бөлүмдүн башчысы болуп иштеген. Баткен коогалаңынын катышуучусу.



Кудуев Акылбек

КУДУЕВ Акылбек Аскарбекович - 1971-ж.т., Кара-Кулжа району, Биймырза айылы) - коомдук ишмер. Ача тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. 1988-ж. Украинадагы Жогорку аскер окуу жайынын байланыш факультетин бүткөн. 1988-1992-жж. Москвадагы айыл чарба академиясында менеджер, 1993-1998-жж. Кытайдын Тайвань аралында менеджер кызматтарын аркалаган. 2008-жылдан Россия Федерациясынын Самара шаарында "Манас-Ата" кыргыз диаспорасын түзүп, Россиядагы кыргыз мигранттарынын иштерин уюштуруп, жардам берүүдө. Өзүнүн туулуп өскөн жерине өзүнүн каражатынын эсебинен Биймырза айылына айылдык мечит куруп берген.



Кулматов Мама

КУЛМАТОВ Ороз - (Куршаб районунун «Бешабышка» кыштагында төрөлгөн, туулган, өлгөн жылдары белгисиз) - айыл чарба ишмери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бешабышка уругунан. 1942-жылы декабрь айында бүткүл Кыргызстанда Улуу Ата Мекендик согушка фашисттик Германияны талкалоо үчүн «Советтик Кыргызстан» танкалык колоннасын түзүүгө колхозчулардан акча топтоо демилгесине кошулуп, өзү башкарган Куршаб районунун Ленин (Бешабышка) колхозунун колхозчуларынын атынан 50 000 сом топтоп жөнөткөн. Натыйжада «Советтик Кыргызстан» танкалык колоннасы түзүлүп, 1943-жылдын октябрь айында Сталинград фронтуна партиялык, советтик жетекчилер, Кыргызстандын колхозчуларынын өкүлдөрү (анын ичинде Кулматов Ороз аксакал дагы болгон) барышып, танктарды фронтко тапшырышкан. Бул жардамга шыктанган Советтик жоокерлер Сталинградды фашисттик баскынчылардан бошотушкан. Бул танк колоннасы Донбасс, Ростов-на-Дону, Днепр, Харьковдогу салгылашууга катышышкан. Бул «Советтик Кыргызстан» танкалык колоннасынын 22 жоокери эрдик көрсөткөндүгү үчүн жогорку мамлекеттик сыйлыктарга татыган. Кулматов Ороз Ата Мекендик согушка жардам уюштургандыгы, согуш мезгилдеги тылдагы каарман эмгеги үчүн Ленин ордени жана медалдар менен сыйланган (Кыргыз Совет энциклопедиясы, 5 том. 353-бетте). Тилекке каршы бул Кулматов Ороз аксакал ушул күнгө чейин тарыхта татыктуу баа албастан, жок дегенде бир мектепке, же көчөгө аты коюлбай, такыр унутулуп калганы аябай өкүнүчтүү.

КУЛМАТОВ Мама - 1922-ж.т., «Бакпас» кыштоосу - 2007-ж., Кара-Кулжа айылы Кара-Кулжа району. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунун Булаш тобунан. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу жана эмгек ардагери. Фрунзедеги бухгалтерлерди даярдоо курсун (1948-ж.), Кооператив техникумун (1964-ж.) бүткөн. 1943-ж.

Советтик Армиянын катарына чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушка (1941-1945-жж.) катышкан. 1948-1949-жж. Кара-Кулжа райондук кооперациялык соода борборунда эсепчи, 1949-1958-жж. дүкөнчү, товаровед, кампа башчы, 1958-1960-жж. райондук даярдоо кенсесинде директор, 1960-1962-жж. партиянын Кара-Кулжа райкомунда инструктор, 1963-1965-жж. райондук керек-жарак коомунун төрагасынын орун басары, 1965-1977-жж. Ильичовка жумушчу кооперациясында башкармалыктын төрагасы болуп иштеген. 1-даражадагы Ата мекендик согуш ордени жана медалдар менен сыйланган.



Кутубаев Таши Пазылович

КУТУБАЕВ Таши Пазылович - 10.6.1952-ж.т., Өзгөн району, Ийрек айылы - экономист. Ача тамгалуу Жору уруусунун Эши (Ийрек) уругунан. 1979-ж. КМУну бүткөн. 1979-1981-жж. Кара-Суу райондук статистика бөлүмүндө начальниктин орун басары, 1982-1985-жж. Ош нан өндүрүштүк бирикмесинде пландоо бөлүмүнүн башчысы, 1986-1987-жж. Түштүк тамеки өндүрүштүк бирикмесинде башкы директор, директордун экономика боюнча орун басары, 1992-1997-жж. Ош айыл курулуш индустриалдык трестинде пландоо бөлүмүнүн башчысы, 1989-1991-жж. Ош облустук зооветеринардык жабдуу башкармалыгында башкы экономист, 1992-1997-жж. Ош алкаголдук жана алкоголдук эмес ичимдиктер комбинатында пландоо бөлүмүнүн башчысы, 1997-2002-жж. Ош шаардык Салык инспекциясында адис, 2002-2006-жж. Ош шаардык мэриясынын алдында тышкы байланыштар, инвестиция тартуу жана ишкердикти өнүктүрүү башкармасынын башчысынын орун басары, 2011-жылдан Ош шаардык мэриясынын алдында тышкы байланыштар жана бизнес чөйрөсү агенттигинин башкы адиси. "Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын мыктысы" (жылы).Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Алкышын алууга татыктуу болгон.



Кыдыралиев Сагынбай

КЫДЫРАЛИЕВ Сагынбай Макишевич - 1966-ж.т., Совет району, Карагуз айылы - обончу жана аткаруучу. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. Тасма уругунан чыккан Каракүчүк палвандын урпактарынан. 1983-1996-жж. Кара-Кулжа, Өзгөн райондорунда маданият тармагында, эл агартуу системасында жооптуу кызматтарда иштеген. 2012-жылдан Россиянын Красноярск шаарында жарык көргөн «Эне-Сай» гезитинин редакторунун орун басары, кыргыз маданиятын өнүктүрүү жана сактоо фондунун вице-президенти. «Эне-Сайга таазим» аттуу шерине, оюн-зоокторун уюштуруп, азыркы күндө Россиянын Абакан, Кызыл, Новосибирск шаарларындагы кыргызстандык мекендештерин бириктирип келүүдө. 30дан ашык обондун автору. 2014-ж. «Кызыл-жардык кыргызым» аттуу жеке автордук ырлар жыйнагын чыгарган. Кыргыз Республикасынын Маданият министрлигинин Ардак грамотасы, «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгиси, Кыргыз тил коомунун «Ыйык тил» медалы, Россиянын Иркутск шаарындагы Токтогул фондунун медалы менен сыйланган.



Кыязов Эрнис Абибиллаевич

КЫЯЗОВ Эрнис Абибиллаевич - 15.09.1977-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - журналист. Мамлекеттик кызматтын III класстагы кеңешчиси Ача тамгалуу Жору уруусунун Бейшек (Горок) уругунан. 1999-ж. КМУУнун журналистика факультетин бүткөн. 1997-1998-жж. "Кыргыз руху" гезитинин штаттан тышкаркы ка-

барчысы, 1999-ж. Улуттук телерадиокорпорациясында (УТРК) жаңылыктардын алып баруучусу, "Замана" студиясынын редактору, 2000-2005-жж. ТВ КООРТ каналында кабарчы, жаңылыктардын алып баруучусу, "Апта" жыйынтыктоочу аналитикалык программанын алып баруучусу, 2005-ж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин аппаратынын маалымат кызматында бөлүм башчы, "Парламент" телепрограммасынын алып баруучусу, 2005-2007-жж. УТРКда "Багыт" автордук программасынын жетекчиси жана автору, "Кыргызстан" ("Жаңылыктар", "Новости") маалымат-аналитикалык редакциясынын продюсери, 2007-2008-жж. УТРКнын башкы директорунун орун басары, 2009-2010-жж. УТРКда "Замана" маалымат-музыкалык студиянын продюсери, "Сөз ирмем", "Багыт" программаларынын автору, "Достук көпүрөсү" Анкара - Бишкек - Баку, УТРК - TRT Avaz эл аралык теледолбоорлордун алып баруучусу, 2010-2013-жж. ЭлТР каналынын жаңылыктар кызматында башкы продюсер, 2013-2014-жж. Ош ТВ телерадио компаниясынын башкы директору, 2015-ж. НТС телерадиокомпаниясында "Ар тарап" ток-шоусунун алып баруучусу, 2016-ж. "Багыт МЕДИА" продакшн студиясын жана ISLAMLIFE.KG Ислам маалымат-аналитикалык билим берүү порталынын негиздөөчүсү, 2018-жылдан "Бешинчи канал" ААКтын башкы директору. «Интерньюс Network Эл аралык уюмдардын «Стремление» сыйлыгына, ПРООНдун «Профилактика ВИЧ СПИД Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын кароосунда 1-орунга, КООРТ то АПТА аналитикалык программасынын ММК боюнча Президенттик сыйлыкка, «Агым» гезитинин «Жылдын мыкты журналисти–2004» сыйлыгына, «Кыргыз Руху» гезитинин «Жылдын мыкты журналисти-2005», «Жаңы Ордо» гезитинин, ТРК «ЭлТР»де «Жылдын мыкты тележурналисти-2006» сыйлыктарына татыган.

М

МААНАКЕ Айман уулу - 1815-жылы Ысык-Көлдүн Жыргалаң озонүнүн боюндагы «Көндөй» кыштагында туулган. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тенизбай тобунун Жалантөш уругунан. Атасы Айман жайчы болуп, жаратылыш сырларын адашпай билген. Замандаштары Боромбай да Айман менен кеңешип, маанилүү иштерин чечкен. Айман чон саяпкер да болгонун урпактары ачыз кеп кылып айтышат. Аймандын саяпкердигин калк арасында төмөндөгүдөй эскеришет: Айман жигиттери менен Түп суусун кечип отүп бара жатып, суудан аккан жылкынын жаңы тезегин корүп калат да жигиттерине жаңы тезектин жакын арада эле кетип бараткан жолоочулардын атыныкы экенин айтып, аттын ээсине жетүүнү буйруйт. Жигиттер ошол тезекти таштаган кунандын ээсине жете барышат. Айман озу миниген атын толук жабдуусу менен башма-баш кунанга алмаштырып алат. Айман кунанды күлүк кылып таптап, кийин Ысык-Көл өрөөнү боюнча алдына ат чыгарбаган.

Маанаке да атасынын жолун улап, жараткан берген касиетин, олуялыгын уланткан. Жылдыздардын жайланышынан замандын, жыл мезгилдеринин кандай болгонун баамдап, замандаштарына айтып турган. Маанаке олуянын да саяпкер экендиги, анын «Ак сур», «Ак жал», «Шарп кула», «Алаң көз», «Нар баш» деген күлүктору бар экени калк арасында айтылып жүрөт. Ал эми Маанаке уулу Кубайылда ажы оз заманынын атактуу аалымы, агартуучусу болгон. Ал XVIII кылымдын аягы - XX кылымдын башында жашаган белгилүү окумуштуу, академик Кусеин Карасаевди окуткан (Маалымат тарыхчы Жолдошев Рыскулдан жана Орузбай Абдулхакимовдун «Ата журт баяны» китебинен алынды.

МААТОВ Сүйөркул Турдахунович - 1957-ж.т., Өзгөн району, Ленин айылы - 2010-ж., Бишкек ш. - юрист. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1983-ж. КМУнун юридикалык факультетин бүткон. 1983-1984-жж. Нарын облусунун сотунда судья, стажер, 1984-1987-жж. Нарын облустук сотунун мүчөсү, 1987-1990-жж. Ак-Талаа райондук

сотунун төрагасы, 1990-ж. Ош облустук сотунун мүчөсү, 1990-1998-жж. Ош облустук сотунун судьясы, 1998-2001-жж. Лейлек райондук сотунун төрагасы, 2001-2006-ж. Ош шаардык сотунун төрагасы, 2007-2010-жж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьясы. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.



Маатов Сүйөркул

МАДРАИМОВ Закирдин - 1952-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 2011, Ош шаарында - милициянын полковниги. Ача тамгалуу Жору уруусунун Элчибек уругунан. 1984-ж. Ош мамлекеттик педагогика институтунун педагогика факультетин бүткон. 1977-2011-жж. Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн дивизионунун милиционери, дивизион командири, ППСтин рота командири, ИВС командири, Ош шаарында участкалык милиционер, Ош облустук ички иштер башкармалыгынын Кайгуул кызмат көрсөтүү полкунун командири кызматтарын аркалаган. Медалдар менен сыйланган.



Мадраимов Закирдин

МАДУМАРОВ Абжали - 1938-ж.т., Куршаб району, Ленинск айылы - бухгалтер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1960-ж. Фрунзе финансы техникумун бүткон. 1960-1961-жж. Өзгөн районунун пландоо бөлүмүндө экономист, 1965-1968-жж. Өзгөн районунун «Алга» совхозунун бухгалтери, 1974-1978-жж. «Алга» совхозунун, Өзгөн районунун айыл чарба башкармасынын башкы бухгалтери, 1978-1982-жж. Ысык-Көл облустук совхоздор трестинин башкы бухгалтери, 1978-Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинде башкармалыктын башкы бухгалтери, 1982-жылдан башкармалыктын начальниги, 1986-1992-жж. Агропромдун, мамлекеттик айыл чарба башкармаларынын бухгалтер учету башкармасынын начальниги, 1992-1995-жж. "Достук" ден соолукту чындоо борборунун, «Ынтымак» ассоциациясынын башкы бухгалтери, 1995-1996-жж. «Кыргыз алтын» мамлекеттик концернинин, «Кыргызгипроземдин» башкы бухгалтери, 1997-ж. «Токмок шаарындагы «Касиет» комволдук тоңкуу фабрикасынын финансалык директору, Чүй облустук мамлекеттик каттоо кызматынын башкы бухгалтери кызматтарында иштеген. «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн!"» юбилейлик медалы, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик агроөнөржай комплексинин грамотасы менен сыйланган.



Мадумаров Абжали

МАДУМАРОВ Азизбек Маматович - 27.7.1959-ж.т., Өзгөн району, Кароол айылы - элчи, Кыргыз Республикасынын атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси, Кыргыз Республикасынын III класстагы мамлекеттик кеңешчиси. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1982-ж. Москвадагы техникалык окуу жайын бүтүргөн. 1982-1996-жж. Ала-Тоо илимий-өндүрүштүк бирикмесинде инженер, «Сетунь» заводунда мастер, участок башчысы, цехтин башчысы, «Анар» заводунда директор. 1996-2005-жж. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк фондусунда башкармалыктын жетекчиси, Чүй-Бишкек аймактык мамлекеттик мүлк фондусунда төрага, Кыргыз Республика-



Мадумаров Азизбек Маматович

сынын мамлекеттик Мүлк фондусунун башкармасынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлктү башкаруу жана инвестицияларды тартуу комитетинин төрагасынын биринчи орун басары, 2005-2014-жж. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинде эл аралык экономикалык кызматташтык департаментинин директору, Кыргыз Республикасынын Өзбекстан Республикасындагы атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси, өзгөчө тапшырмалар боюнча элчи - тышкы иштер министринин кеңешчиси болуп иштеген. «Даңк» медалы менен сыйланган,


Мадумаров Акбар

МАДУМАРОВ Акбар - 1924-ж.т., Куршаб району, Куршаб айылы - 1982-ж., ошол эле жер - согуш ардагери, айыл чарба ишмери. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. Кыргызстан КП БКга караштуу советтик партиялык мектепти (1960-ж.), К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун агрономия факультетин (1968-ж.) бүткөн. 1948-1951-жж. Куршаб районунун Ворошилов атындагы колхозунда башкарманын төрагасынын орун басары, партиялык комитеттин секретары, 1951-1956-жж. Жаңы-Арык пахта даярдоо пунктунун жетекчиси, 1960-1965-жж. «Куршаб» совхозунда, 1965-1968-жж. ЮКОСто болүм башкаруучу, 1968-1973-жж. Совет районундагы жаңыдан түзүлгөн Машина мал чарба станциясында (МЖС) директор, 1973-1978-жж. Совет районунун Ленин атындагы колхозунун башкармасынын төрагасы (1977-ж. бул колхоз Ульянов В. И. атындагы совхоз болуп кайра түзүлгөн), 1978-1982-жж. чарбалык иштерде иштеген. 1976-ж. Кыргызстан Компартиясынын 16-съездинин делегаты болуп шайланган. Анын демилгеси менен мал чарба комплекстери, клуб, кенселер, балдар мекемелери курулуп, бак-даракталар отургузулган, жолдор оңдолгон. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго монументалдуу эстелик курулган. «Кызыл жылдыз», «Ардак Белгиси» ордендери жана юбилейлик медалдар менен сыйланган.


Мадумаров Канатбек Маматович

МАДУМАРОВ Канатбек Маматович - 30.4.1967-ж.т., Өзгөн району, Куршаб айылы - бухгалтер. Мамлекеттик кызматтын 1-класстагы кеңешчиси. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1994-ж. КМУну бүткөн. 1983-1992-жж. Өзгөн районунун «Кайнар» совхозунда жумушчу, 1992-1997-жж. Жалал-Абад облусунун Ноокен районунда «Анар» заводунда инженер, 1997-2005-жж. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Экономиканы өнүктүрүү мамлекеттик фондунда башкы эксперт, болүм башчынын орун басары, болүм башчысы, директордун орун басары, 2005-2015-жж. директор, 2016-жылдан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Кымбат баалуу металлдар департаментинин директору.


Макамбаев Жаныш

МАКАМБАЕВ Жаныш - 1946-ж.т., Кара-Суу району, Жапалак айылы - 2008-ж., Тельман айылы - финансист, экономист. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кучкач уулу уругунан. Фрунзе финансы-экономика техникумун, Ташкент Эл чарба институтун бүткөн. 1966-ж. Кара-Суу райондук финансы бөлүмүндө экономист, 1966-1967-жж. Ош облустук финансы башкармасында инспектор, 1968-1975-жж. Ош облустук финансы башкармасында ревизор-инспектор, 1975-1985-жж. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Контролдоо-текше-

рүү башкармасынын ревизору, бөлүм башчысы, 1985-1993-жж. Өзгөн районунун финансы бөлүмүнүн башкаруучусу, 1993-1994-жж. Ош шаардык салык инспекциясынын башчысы, 1994-2005-жж. Кара-Суу райондук салык инспекциясынын башчысынын орун басары, бөлүм башкаруучусу, 2005-2006-жж. Ош шаардык салык инспекциясынын башчысы, 2006-2007-жж. Ош облустук салык инспекциясынын башчысы кызматтарын аткарган. «СССР финансы кызматынын отличниги», «Кыргыз Республикасынын Салык кызматынын отличниги» Райондук Советтин депутаты болуп шайланган .


Малашев Шаамурат

МАЛАШЕВ Шаамурат - 1941-ж.т., Өзгөн районунун Кызыл-Сенир ай. - айыл чарба ишмери. «Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген ишмер» (2004-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун кожо уругунан. К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун зоотехника факультетин бүткөн. 1980-1990-жж. Өзгөн районунун «Кызыл-Октябрь» совхозунун директору, 1991-1992-жж. Өзгөн районунун «Кызылруу Советинин төрагасынын биринчи орун басары, 1992-1994-жж. Өзгөн райондук аткаруучу бөлүмүнүн башчысы, 1994-ж. М. Тешебаев атындагы бак чарбасынын директору болуп иштеген. «Каарман эмгек үчүн (Аскердик каармандык үчүн) В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгын салтанаттык менен белгилөө» юбилейлик медалы менен сыйланган.


Майыков Капар

МАЙЫКОВ Капар - 1936-ж.т., Өзгөн району, Кара-Таш айылы - 2007-ж., Кара-Суу шаары - насаатчы мугалим. Ача тамгалуу Жорунун Эши (Ийрек) уругунан. 1959-ж. Ош педагогикалык институттун тил жана адабият факультетин бүткөн. 1959-1964-жж. Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылдык мектебинде мугалим, 1964-1970-жж. Кара-Суу райондук элге билим берүү бөлүмүнүн инспектору, 1970-жылдан профсоюз комитетинин төрагасы, 1976-1986-жж. Кара-Суу шаарындагы К. Жакыпов атындагы жатак-мектебинин директору, 1986-1990-жж. Кара-Суу районундагы кулагы укпаган балдардын жатак мектебинин директору болуп иштеген. «Кыргыз ССР Эл агартуу отличниги (1979-ж.), «СССР агартуу отличниги» (1986-ж.). Эмгекчилер депутаттарынын Кара-Суу райондук Советинин бир нече жолку депутаты. «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы, ВЦСПСтин Ардак грамотасы менен сыйланган.


Мамаев Түгөлбай

МАМАЕВ Түгөлбай - 1955-ж.т., Кара-Кулжа району, Түшүнүк айылы - врач. Медицина илимдеринин доктору, профессор. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. 1977-ж. КММИни бүткөн. 1977-2009-жж. Ош облустук, Алай райондук санэпидстанция борборунун врачы, Ош облустук СПИДге каршы күрөшүү борборунун башкы врачы, 2009-жылдан ОшМУнун медицина факультетинде “Коомдук саламаттыкты сактоо” кафедрасынын башчысы. 80ден ашык илимий эмгектин (а.и. 3 монография, 4 окуу-усулдук иш) автору. Кыргыз Республикасынын «Саламаттыкты сактоонун мыктысы», «Ош МУнун эмгек сиңирген кызматкери», «Манас - 1000» юбилейлик медалы менен сыйланган.


Маматалиев Калдарали Капарович

МАМАТАЛИЕВ Калдарали Капарович - 12.10.1960-ж.т., Ош шаары - инженер-механик, дипломат. Ай тамгалуу Жору уруусунун Мурзакул уругунан. Фрунзе шаарындагы политехникалык институтун (1985-ж.), Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык Академиясын (2010-ж.) бүткөн. 1980-1985-жж. Ош шаарында мөмө-жемиш базасында слесарь, 1985-1986-жж. Ош облустук отун менен камсыз кылуу мекемесинин башкы инженери, 1986-1991-жж. Кыргызстан ЛКЖС Ош облустук комитетинин жооптуу кызматкери, 1991-1993-жж. жеке ишкер, 1993-2006-жж. Ош облустук мамлекеттик Мүлк фонду кызматынын башкы адиси, бөлүм башчысы, төраганын орун басары, 2006-2011-жж. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Түштүк региону боюнча өкүлчүлүгүндө жетекчинин орун басары, консул, 2011-2014-жж. Кыргыз Республикасынын Өзбекстан Республикасындагы элчиси, 2014-жылдан Кыргыз Республикасынын Новосибирскидеги Вице-консулу (Россия Федерациясынын Сибирь Федералдык округу боюнча). Дипломатиялык рангы: I класстагы кеңешчи. 2019-ж. РФнын Новосибирск шаарындагы КРнын генералдык консулу.


Маматов Тургунбай

МАМАТОВ Тургунбай - 1927-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 2002-ж., ошол эле жер - чарба кызматкери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Барак уругунан. 1952-ж. бухгалтерлерди даярдоо мектебин бүткөн. 1945-1950-жж. Кара-Суу районундагы «Эркин-Тоо» мектебинде мугалим, 1952-1960-жж. «Жаңы-Гайрат» колхозунда бухгалтер, 1961-1965-жж. Кызыл-Суу айыл Советинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1965-1979-жж. Кара-Суу районундагы Х. Таширов атындагы колхоздун Кызыл-Суу бөлүмүнүн башкаруучусу, 1979-1990-жж. «Учкун» кой чарбасында бөлүм башкаруучу болуп иштеген. Жергиликтүү жана райондук Советтерге бир нече жолу депутат болуп шайланган. Райондун борборунан алыста жайланышкан шарты катаал, тоолуу Кызыл-Суу аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсү, жалпы тоолуу калктын турмуш шартарынын жакшырышы Т. Маматовдун ак ниет, күжүрмөн эмгегине байланыштуу экендигин жердештери азыр да эскеришет. «Ардак Белгиси» ордени, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн!" юбилейлик медалы, СССР Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн коло медалы жана Ардак грамотасы менен сыйланган.


Маметов Сайдин

МАМЕТОВ Сайдин - 1926-ж.т., Кара-Кулжа району, Кеңеш айылы - айыл-чарба өндүрүшүн уюштуруучулардан. Ай тамгалуу Жорунун Таема уругунан. Оштогу бухгалтерлерди даярдоо курсун (1926-ж.), Ош айыл чарба техникумун (1948-ж.), Кыргызстан КП БКга караштуу советтик-партиялык мектепти (1964-ж.) бүткөн. Эмгек жолун 1943-ж. "Кеңеш» колхозунда табелчи, эсепчи болуп иштоодон баштаган. 1956-1958-жж. Карагуз айыл Советинин төрагасы, 1960-1964-жж. Ленин атындагы колхоздун башкармасынын төрагасынын орун басары, 1964-1974-жж. Ленин атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы болуп иштеген. Облустук, райондук, жергиликтүү советтердин депутаты. Ленин атындагы колхозуна курулган 50 орундук бала-бакча, мончо, турмуш-тиричилик комбинаты, мейманкана ж. б. иштерине активдүү катышкан. Анын демилгеси менен Кызыл-Октябрь сегиз жылдык мектебине төрт бөлмө кошумчаланып, орто мектепке айланган.


Маметова Саламат

МАМЕТОВА Саламат - 1940-ж.т., Кара-Кулжа району, Түшүнүк айылы - чабан. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан.1956-1974-жж. «Түшүнүк» колхозунда колхозчу, 1974-1990-жж. Ленин атындагы колхоздо баш чабан болуп иштеген. Ар жүз тубар койдон 110-120дан төл, 3-3,5 кгдан жүн алып, малдын башын аман асыраган. Ал чарба ишин жакшыртууга, социалдык-экономикалык абалын өнүктүрүүгө зор салым кошкон. Облустук, райондук, Карагуз айыл советтеринин бир нече жолку депутаты. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.


Мамытов Жусупали

МАМЫТОВ Жусупали (Алишер) Аманбаевич -1968-жылы Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылында туулган. Инженер. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бооке (Чайчи) уругунан. 1992-ж. Москвадагы Жер иштетүү жана кадастр институтун бүткөн. 1993-1994-жж. Оштогу Кыргыз гипро жер долбоорлоо институтунда инженер, 1994-1995-жж., Кара-Суу райондук Жер инспекциясында адис, директордун орун басары - 1995-1996-жж., Кара-Суу рай. жер-агрардык реформасынын жетектөөчү адиси 1996-1997-жж. Ош облустук жерге жайгаштыруу башкармалыгынын башкы инженери, жетекчинин орун басары, 1997-1999-жж. Кара-Суу райондук жерге жайгаштыруу башкармалыгынын башчысы, 1999-2000-жж. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадастарды» мамлекеттик ишканасынын түштүк аймагы боюнча өкүлү, 2008-жылдан Кыргызстандагы Азиздер жана дүлөйлөр коомунун ишканасынын жетекчиси.


Мамытов Табалды Абдиевич

МАМЫТОВ Табалды Абдиевич - 30.4.1960-ж.т., Кара-Суу району, Отуз-Адыр айылы - окутуучу-химик, химия илимдеринин кандидаты (2000-ж.), доцент. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун химия факультетин аяктаган (1982-ж.) 1982-1987-жж. Чаткал районунун Терек-Сай поселогунда мугалим, тарбиялык жана окуу иштери боюнча директордун орун басары, 1987-1990-жж. Ош облустук Жаш натуралисттер бекетинин методисти, директордун орун басары, директору, 1990-жылдан ОшМУнун жалпы жана органикалык эмес химия кафедрасынын лаборатория башчысы, окутуучусу, улук окутуучусу, кафедранын доценти, кафедра башчысы, декандын окуу иштери боюнча орун басары, факультеттин деканы. 25 илимий усулдук, 3 окуу усулдук колдонмонун автору. Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.


Мамытова Лунара Улукбековна

МАМЫТОВА Лунара Улукбековна - 28.2.1985-ж.т., Ош шаары - журналист, коомдук ишмер. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадрали уругунан. ОшМУнун тарых факультетин (2006-ж.), Ош юридикалык институтунун юридика факультетин (2009-ж.) бүткөн. Англис, кыргыз, орус тилдеринде эркин сүйлөйт. 2001-2004-жж. «Ош-3000» ЭЛТР каналында журналист, 2004-2005-жж. "Пирамида" радиостанциясында журналист, 2002-2006-жж. "Алмаз-Ош» радио-станциясында пресс

кызматынын жетекчиси, 2005-2006-жж. Ош шаарындагы «Ага Хан» менчик мектебинин мугалими, 2006-жылдан КТРКнын «Ала-Тоо» маалымат программасын даярдоочу жана кечки жаңылыктарын алып баруучу редактор, «Колониядагы балдар» аттуу атайын репортаждын алып баруучусу, 2013-2014-жж. Түркиянын Анкара шаарындагы ТРТ жаңылыктарды алып баруучу, 2015-2017-жж. Кыргыз Республикасынын Социалдык жактан коргоо министринин орун басары болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин VI чакырылышынын депутаты. Дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүнүн катышуусу менен өткөн жолугушуунун теле алып баруучусу, Кыргыз Республикасынын Президентинин өлкөбүздүн калкына берген отчету жөнүндөгү репортажды, АКШнын Орто Азия боюнча Мамлекеттик департаментинин өкүлдөрү менен англис тилинде репортажды алып барган. Египет, Турция тууралуу программанын автору. 2005-ж. БУУнун тапшырмасы менен «Шайлоочуларды сатып алуу» тууралуу республикалык радио репортаждардын кароосунда биринчи орунга ээ болгон. Республикадагы жаңылыктардын мыкты алып баруучусу кароосунун «Умтулуу» (Стремление) INTERNEWS NETWORK - 2008 сыйлыгы, Анти коррупциялык комитеттин «Патриот» медалы, «Маданияттын мыкты кызматкери», КТРКнын «Телевидениенин мыктысы» сыйлыктары менен сыйланган.


Матикеев Курманалы

МАТИКЕЕВ Курманали - 1941-ж.т., Кара-Кулжа району, Кызыл-Жар айылы - окутуучу, география илимдеринин доктору (1996-ж.), доцент (1978-ж.), профессор (2000-ж.), Кыргыз Республикасынын билим берүүгө эмгек сиңирген кызматкери. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадыралы уругунан. 1965-ж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтун бүтүргөн. 1965-1969-жж. Баткен орто мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1969-1972-жж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда кафедра башчысы, 1972-1976-жж. Кыргыз ИАда лаборант, илимий кызматкер, 1976-1999-жж. ОшМУда доцент, кафедра башчысы, декан, болум башчы, 1999-2004-жж. Биотехнология ж-а тоо проблемалары институтунда директор, 2000-жылдан «Түштүк Кыргызстандагы экзодинамикалык процесстерди изилдөө жана контроллоо», «Ош-Эркечтам-Кара-Кулжа-Алайкуу автомобиль жолдорундагы жер көчкүлөрдү, кар көчкүлөрдү изилдөө жана прогноздоо», «Байыркы кыргыз каганаты, хандыктарынын жана түрк элдеринин тарыхый географиясын изилдөө» долбоорлорунун жетекчиси. Кыргыз ССР эл агартуу отличниги. СССР жана Кыргызстан географиялык коомдорунун ж-а уюштуруу комитетинин мүчөсү. География адистиги б-ча окумуштуулук даража коргоо кеңешинин торагасы, географиялык коомдун вице-президенти, ОшМунун окумуштуулар кеңешинин туруктуу мүчөсү. «Кыргыз Советтик энциклопедиясы» (1–6 том), «Советтик энциклопедиялык сөздүк» (1–4 том), «Кыргыз жергеси», «Дүйнөнүн географиялык атоолору», «Географиялык энциклопедиялык сөздүк», «Ош областынын географиясы», «Кыргызстандын атласы» ж. б. фундаменталдык эмгектерди түзүүчүлөрдүн бири жана редакциялык кеңешинин мүчөсү. 200дон ашык илимий эмгектин (а. и. 2 монография, 6 илимий популярдуу китеп, 7 окуу китеби) автору.


Машаев Асилбек

МАШАЕВ Асилбек - 1939-ж.т., Кара-Суу району, Жаңы-Арык айылы 2013-ж., ошол эле жер - механизатор. Ача тамгалуу Жорунун Бешабышка уругунан. 1966-1993-жж. Кара-Суу районунун «Кыргызстан» совхозунда механизатор, талаа бригадири, совхоздун болум башкаруучусу болуп эмгектенген. "Эмгек Кызыл Туу", "Октябрь Революциясы", «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.

Кыргыз ССРинин эл депутаты болуп шайланган (1990-1995-жж.). Өзү жашаган Жаңы-Арык айылынын бир көчөсүнө ысмы коюлган.

МИРЗАЕВА Махира Ырысбаевна - 28.3.1974-ж.т., Кара-Суу району, Маданият айылы) - химик, химия илимдеринин кандидаты (1999-ж.). Ача Жору уруусунун Эши (Ийрек) уругунан. 1996-ж. ОшМУнун Табият таануу жана география факультетин бүтүргөн. 1996-1999-жж. Ташкент шаарындагы «Өсүмдүк заттарынын химиясы» институтунун аспирантурасын окуган. 2000-2001-жж. Табият таануу жана география факультетинин илимий иштер боюнча декандын орун басары, 2003-жылдан табият таануу жана география факультетинде доцент. Ош мамлекеттик университетинин «Мыкты лектору» номинациясынын женүүчүсү (2002-ж.).


Мокеев Мамасалы

МОКЕЕВ Мамасалы - (1949-ж. Кара-Кулжа району, Калинин айылы - 2018, ошол эле жер) - партиялык-чарбалык ишмер. Ай тамгалуу Жорунун Тенизбай уругунан. 1972-ж. К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун ветеринария факультетин бүткөн. 1972-1986-жж. Кара-Кулжа районунун Калинин атындагы колхозунда башкы ветеринар врачы, 1986-1988-жж. ушул колхоздун профсоюз комитетинин торагасы, 1988-1993-жж. Калинин атындагы колхоздун башкармасынын торагасы, 1993-1996-жж. Кара-Кулжа райондук ветеринардык борборунун башчысы, 1996-2000-жж. Ош облустук айыл чарба бөлүмүндө башкы адис, башчысы, 2000-2008-жж. Ош-Баткен облустарынын өнүктүрүү фондунун башчысы кызматтарында иштеген. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы "Эмгек кызыл туу" ордени менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын Мыктысы. 1991-жылы Кара-Кулжа районунда Калинин колхозунда башкарманын торагасы болуп иштеп турганда атактуу композитор, КРнын эмгек сиңирген артисти Рыспай Абдыкадыровдун 50 жылдык мааракесин облуста, райондо колхоздо (Туулуп өскөн айылында) өткөрүп, композиторого "Жигули" автомашинасын жана күлүк ат белекке берген. Өзүнүн жашаган аймагында жалпы эл үчүн көптөгөн иштерди аткарган. Жору уруусунун санжыралык маалыматтарын топтоодо активдүү катышкан.


Молдош Баатыр

МОЛДОШ баатыр - болжол менен XIX кылымдын экинчи жарымында жашап өткөн. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тенизбай уругунун Жалантош тобунан. Белгилүү Көккөз бийдин уулу. Кокон хандыгынын мезгилинде эл башкаруучулардын бири. Молдоштун уруктарынын эскерүүсү боюнча Кокон хандыгы атактуу Көккөз бийдин алгыркушун сурагында бербей коюшкандыгы үчүн хандыктан жазалоочу кошун жөнөткөндө, ошого каршы Молдош 40 жигит менен каршы чыгат. Окуя Ажыке жайлоосунда жана Тар дарыясынын боюнда болгондугу маалымдалат. Кокон аскерлерин коркутуу максатында ар түрдүү айлакери менен чабышуудан сестенип, Кокон хандыгынын аскердик бөлүгү чабышпастан кайра тартып, жалпы Кара-Кулжа өрөөнүндөгү калк кыйроодон кутулат. Ошонго ыраазы болгон жергиликтүү калк Молдошту «Баатыр» атка коёт. Молдоштун урпактары азыркы учурда Кара-Кулжанын Тоготой айылын мекендешет (Маалымат Токтор бийдин урпагы, Тоготой айылынын жашоочусу Тургунбаев Жапардан алынды).

МОЛДОТАШЕВ Суран - 1930-ж.т., Алай району, Алай совхозу - чабан. Ача Жору уруусунун Кучкач тобунан. Кыргызстан КП БКнын, Кыргызстан ЛКСМ БКнын Ош облустук комитеттеринин, профсоюздун облустук кеңешинин атайын 11-декабрь 1972-жылдагы №40-5 токтомунун негизинде СССРдин түзүлгөнүнүн 50 жылдык юбилейинин урматына Ардак китепке киргизилген. «Ардак Белгиси», "Октябрь революциясы» ордендери жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган.


Муратов Амирбек

МУРАТОВ Амирбек Туратович - 1963-ж.т., Кара-Суу району, Отуз-Адыр айылы - юрист, коомдук ишмер. Кыргызстан Журналисттер союзунун мүчөсү. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунун Конур уулу тобунан. СССР ИИМдин Фрунзе шаарындагы милициянын атайын мектебин (1986-ж.), КМУнун юридика факультетин (1997-ж.) бүткөн. 1986-2002-жж. Россиянын Иркутск шаардык, Кыргыз Республикасынын Ош шаардык ички иштер башкармалыктарында тергөө кызматкери, 2002-2005-жж. Бишкек шаарында адвокат болуп иштеген. 2003-жылдан Иркутск шаарында Токтогул Сатылганов атындагы Фондунун вице-президенти. Россиянын Красноярск шаарында басылып чыгып жаткан «Эне-Сай» гезитинин башкы редактору, Кыргыз маданиятын сактоо жана өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү фондусунун Президенти. Россиянын Иркутск шаарынын бир көчөсүнө Токтогул Сатылгановдун атын койдуруу демилгесин көтөрүп, эстелигин орноткон. Ошондой эле «Эйр Кыргызстан» авиа компаниясынын Боинг-737-500 самолетуна атын койдурууга жетишип, өзүнүн мекен сүйүүчүлүгүн далилдеген. «Эне-Сай» поэзия клубун түзүп, 6 ырлар жыйнагын чыгарган. «Бабалардан калган мурас» аттуу китептин автору. Кыргызстандагы Т. Сатылганов атындагы фондунун юбилейлик медалын, Кыргыз тил коомунун «Ыйык тил» медалын, Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин, Кыргызстандын Россия Федерациясындагы элчилигинин, Екатеринбург шаарындагы Кыргызстандын башкы консулдугунун грамоталарын, Ыраазычылык каттарын алууга татыктуу болгон. «Алтын калем-2003» сыйлыгынын ээси. ЭЛТР телекомпаниясынын «Мекендештер» теле долбоорунун автору.


Муратов Баны

МУРАТОВ Баны - 1928-ж.т., Куршаб району, Кочкор-Ата айылы - 1971-ж., ошол эле жер - чарба ишмери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1959-1962-жж. Фрунзе шаарындагы партиялык мектепте окуган. 1942-1958-жж. колхозчу, пахта тазалоочу заводдун жумушчусу, механизатор, бухгалтер, 1962-1965-жж. Куршаб совхозунда зоотехник, бөлүм башкаруучу, 1965-1971-жж. «ЮКОС» чарбасында бөлүм башкаруучу, 1971-1977-жж. Өзгөн райондор аралык мамлекеттик малды бордоп семиртүүчү базанын директору болуп иштеген. Облустук жана райондук Советтердин бир нече жолку депутаты. «Ардак Белгиси» ордени менен сыйланган.

МУРЗАКУЛОВ Баргыбай - 1940-ж.т., Алай району, Гүлчө айылы - чарба ишмери. Ача тамгалуу Жорунун Элчибек уругунан. Фрунзе финансы-кредит техникумун (1959-ж.), К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун ветеринария факультетин (1965-ж.) бүткөн. 1965-1981-жж. Алай районунун Ленин атындагы совхозунун башкы ветеринардык врачы, Алай районунун башкы ветеринардык врачы, Ош облустук ветеринария станциясынын башкы ветеринардык врачы, 1981-1990-жж. Алай районундагы «Социализм» совхозунун директору болуп иштеген. Бир нече жолу облустук, райондук Советтерге депутат болуп шайланган. Ал калктын социалдык жактан өнүгүүсүнө кам көрүп, совхоздун аймагында көптөгөн социалдык жайлардын курган. «Каарман эмгек үчүн!". В.И.Ленициндин туулган күнүнүн 100 жылдыгын салтанаттык менен белгилөө» юбилейлик медалы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйланган.


Мурзакулов Баргыбай

МЫРЗАИБРАИМОВ Самаган Абдыразакович - 24.4.1978-ж.т., Кара-Кулжа району, Жаңы-Талаа айылы. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. Теология илимдеринин доктору (2008-ж.), Политология илимдеринин кандидаты (2010-ж.). ОшМУну (1999-ж.), Анкара университетинин магистратурасын (2001), Мармара университетинин аралык мамилелер боюнча магистратурасын (2007) бүткөн. Сирия араб тилин үйрөтүү институтунун угуучусу (2006-ж.). 2008-2010-жж. Ош МУда улук окутуучу, 2010-жылдан Кыргыз-Түрк Манас университетинде, ОшМУда окутуучу. Теологдор Ассоциациясынын төрагасы (2012-ж.). 9 илимий эмгектин, 10дон ашуун макала, 1 монографиянын автору.

Н

НАРИМБЕТ уулу Жунус бий - болжол менен 1860-1865-жылдарда туулган, өлгөн жылы белгисиз. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. Тарыхта белгилүү XIX кылымдын 80-жылдарынан баштап орус дыйкандары, мужуктары Кыргызстандын түштүгүнө көчүп келе баштаган. Куршабда алгачкы жолу 1884-ж. орус кыштагы пайда болгон. Алар кыргыздардын кара топурактуу, суусу мол, түшүмдүү жерлерин ээлегенге аракет кылып, жергиликтүү калкты тоого сүрүшкө аракет жасашып, жергиликтүү калк менен кагылышууга көп жолу барышканы айтылып жүргөн эскерүүлөрдөн белгилүү. Куршаб өрөөнүнө жеринин шарты жакшы болгондуктан көптөгөн орустар көчүп келишкен, айрым калдыктары азыр да жашап жатышат. Ушул Жору уругунун Куршабдагы жерин орустардан сактап калууда Жунус бийдин ролу чоң болгон. Келгин орустардан Кара Санка менен Сары Санка - деген орус байлары Боро тукумдары Алимкул менен Баймат аттууларга арак ичирип, мас абалынан пайдаланып, Боро уругунун айдоо жеринин 90% ке жакын жерин «Келишим менен сатты» - деп алдап ээлеп алышканы, ага каршы күрөштө Жунус бий кыргыз тууганын дарын уюштуруп, кайра орустардын эккен эгиндери менен Жорулардын жерин кайтарып алганы белгилүү. Орустар менен болгон жер талашуулар айрым учурда кандуу кагылышууга чейин жетип, көптөгөн адамдар каза болушкан.


Нурдинов Абсамат

НУРДИНОВ Абсамат - 17.9.1948-ж.т., Кара-Кулжа району, Биймырза айылы - тракторчу. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай тобунун Биймырза уругунан. 1961-1964-жж. Тельман атн. колхоздун жардамчы тракторчусу, 1964-1989-жж. «Совет» совхозунда трактор чу, звено башчысы, механик болуп эмгектенген. Кара-Кулжа айылдык Советинин депутаты (1990-ж.). Эки Эмгек Кызыл Туу ордени, СССР Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн (ВДНХ) коло медалы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйланган.


Нурдинов Малик

НУРДИНОВ Малик Апсаматович - 5.1.1972-ж.т., Биймырза айылы. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. Милициянын полковниги (2009-ж.). Бишкектеги аскердик окуу жайын (1989-ж.), КМДТИни (1993-ж.), КМУну (1998-ж.) бүткөн. 1993-2001-жж. Ош облустук ички иштер башкармалыгынын кадрлар бөлүмүндө тескөөчү, оперативдик кызматтарда, 2001-2008-жж. Ош шаардык ички иштер бөлүмүндө, Ош облустук ички иштер башкармалыгында бөлүм башчы, 2008-2009-жж. Кыргыз Республикасынын ИИМинде түштүк аймактык башкармалыгынын башчысынын орун басары, 2010-2011-жж. Ош облустук ички иштер башкармалыгында бөлүм башчы, Ош облустук ички иштер башкармалыгынын башчысынын орун басары, 2011-2013-жж. Жалал-Абад облустук ички иштер башкармалыгынын башчысы, 2013-2018-жж. Кыргыз Республикасынын ИИМинин Түштүк аймактар боюнча уюшкан кылмыш жана коррупцияга каршы күрөшүү башкармасынын башчысы. 2018-жылдан Ош облустук ички иштер башкармалыгынын башчысы. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак грамотасы жана медалдар менен сыйланган.


Нурумбетов Балтагул Аттокурович

НУРУМБЕТОВ Балтагул Аттокурович - 1947-ж.т., Өзгөн районду, Кызыл-Сеңир айылы - тарыхчы, тарых илимдеринин доктору (2000-ж.), профессор (2004-ж.). «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» (1994-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уруусу. Ош мамлекеттик педагогикалык институтун (1972-ж.), КПСС БКнын Жогорку партиялык мектебин (1978-ж.) бүткөн. 1962-1991-жж. жумушчу, мектепте мугалим, Кыргызстан КП Ош шаардык жана Ош облустук комитетте инструктор, бөлүм башчы, Ош технологиялык техникумда директор, облустук кесиптчилик-техникалык билим берүү башкармасынын начальниги, 1991-1992-жж. Ош облустук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1992-1994-жж. Ош облустук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары, 1993-1999-ж. Ош облустук билим берүү жана маданият башкармалыгынын начальниги, 1999-2006-жж. Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 2006-2010-жж. «Сулайман-Тоо» улуттук тарыхый археологиялык музей комплексинин директору, 2010-жылдан ОшТУда кафедра башчысы. 3 монография, 150дөн ашык илимий макалалардын автору. Кыргыз Республикасынын эл депутаты (1991-1995-жж.). Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы жана «Кыргыз ССР Эл агартуу отличниги», «СССР кесиптик билим берүү отличниги» төш белгилери менен сыйланган.

О


Ормокеев Козу

ОРМОКЕЕВ Козу - 29.1.1931-ж.т., Кара-Кулжа району, Сары-Камыш айылы - 25.9.1985-ж., ошол эле жер) - кыргыздын каада-салттарынын философиялык маңызын терең изилдеген көрүнүктүү окумуштуу, философия илимдеринин кандидаты (1967-ж.). Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунан. Ош мамлекеттик педагогикалык институтун (1951-ж.), КМУну (1962-ж.) бүтүргөн. 1951-1957-жж. «Ленинчил жаш» жети жылдык мектебинде, 1956-1957-жж. Сары-Камыш орто мектебинде директор. 1962-1965-жж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда окутуучу,

1970-1976-жж. КМУда окутуучу, 1977-1985-жж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда кафедра башчысы, доцент болуп иштеген. Улут маселеси, эл достугу, интернационализм теориясы боюнча ири адис. 80ден ашуун илимий эмгектердин автору. Кыргыз ССР эл агартуу отличниги (1984-ж.). Медалдар менен сыйланган. Сары-Камыш орто мектебине ысмы ыйгарылган (1991-ж.).


Ормонова Гүлбара

ОРМОНОВА Гүлбара - 13.5. 1920-ж.т., Алай району, Шарп айылы) - чабан. «Социалисттик Эмгектин Баатыры» (1966-ж.). Ача тамгалуу Жору уруусунун Кучкач уулу уругунан. 1940-1955-жж. Алай районундагы «III Интернационал» колхозунда колхозчу, 1955-1990-жж. ушул райондун «Алай» совхозунда чабан болуп иштеген. 1965-ж. ар бир ириктен 5,2 килограммдан жүн өндүрүп, тирүү салмагын 70 килограммга жеткирип, рекорд жасаган. Ленин ордени жана медалдар менен сыйланган.


Ормонов Мамазаир

ОРМОНОВ Мамазаир - 1950-ж.т., Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы - мал чарба ишмери. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1966-ж. Жалал-Абаддагы зооветеринардык техникумду бүткөн. 1969-1986-жж. Өзгөн районунун «Кызыл-Октябрь» совхозунда зоотехник, бөлүмдүн башкаруучу, башкы зоотехник, 1986-1987-жж. «Шоро-Башат» совхозунда партиялык комитеттин секретары, 1987-1992-жж. Өзгөн райондук Агроөнөр жай бирикмесинде башкы директор, 1992-2005-жж. Кызыл-Октябрь, Кызыл-Сеңир чарбаларынын жетекчиси болуп иштеген. Бир нече жолу райондук Советтерге депутат болуп шайланган, «Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын мыктысы», Кыргыздын Улак тартыш (Көк бөрү), Күрөш улуттук оюндарынын республикалык калысы, машыктыруучусу, уюштуруучусу.


Осмоналиев Каныбек

ОСМОНАЛИЕВ Каныбек - 21.1.1956-ж.т., Алай району, Гүлчө айылы - мамлекеттик жана коомдук ишмер. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунан. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын 2-класстагы мамлекеттик кеңешчиси (2007-ж.). Физика-математика илимдеринин доктору (2000-ж.), профессор (2001-ж.). Эл аралык кадрларды даярдоо академиясынын мүчө-корреспонденти (Украина) (1997-ж.). Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун мүчөсү. 1977-ж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтун бүткөн. Эмгек жолун 1977-ж. Совет районунун Свердлов атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1979-1992-жж. ОшМУда лаборант, лаборатория башчысы, окутуучу, доцент, 1992-1994-жж. КМУУда доцент, 1994-2002-жж. "Дастан" университетинин негиздөөчүсү жана ректору, 2002-2005-жж. Кыргыз Өкмөтүнө караштуу илим ж-а интеллектуалдык меник б-ча агенттигинин директорунун орун басары, 2005-2007-жж. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим, жаштар саясаты министринин орун басары, 2007-2008-жж. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри, 2008-2010-жж. Кыргыз Өкмөтүнө караштуу дин иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин директору болуп иштеген. 2010-жылдан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болгон. (2011-жылдан Жогорку Кеңеште билим берүү, илим, маданият жана спорт комитетинин төрагасы). Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги (1999-ж.). «Илим жана турмуш» теле-

долбоорунун автору жана алып баруучусу. Анын 100дөн ашык илимий-методикалык эмгеги, 6 окуу китеби жана окуу колдонмолору бар.


Осмонов Мариф

ОСМОНОВ Мариф - 1949-ж.т., Куршаб району, Кызыл-Сенир айылы - 1998-ж., Бишкек шаары) - таланттуу, көп кырдуу музыкант. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. Токмоктогу маданий агартуу техникумун, Фрунзедеги Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институтунун композитордук факультетин бүткөн. Студент мезгилинде «Сүйлөшүү», «Гитара күүсү» аттуу обондорун акын А. Осмоновго багышталган «Эпитафия» симфониялык поэмасын жазып, чоң таланттуу композитор А. Жаныбековдун жогорку баасына татыктуу болгон. 1980-жылдары Ош шаарында музыкалык мектепте иштеген. 1981-1985-жж. «Аталар жаңырыгы» (сөзү акын И. Исаковдуку,) «Түбөлүк от» (сөзү М. Мамазаировыкы) вокалдык симфониялары, «Легенда» фортепиано үчүн сюита жазган. Жетишкен ийгиликтери үчүн СССР Композиторлор Союзуна (1984-ж.) кабыл алынган. Кийинки мезгилдерде «Достук ыры», «Биз он бешпиз» - К. Абдрахмановдун сөзүнө, И. Исаковдун сөзүнө «Гүлдөр», А. Узакованын сөзүнө «Сен мага жат кишидейсиң» аттуу романстарды жараткан. М. Осмоновдун чыгармалары 1987-жылдан баштап Москва шаарындагы Бүткүл Союздук композиторлор Союзунун залдарында, Кыргыз Республикасынын чоң концерт залдарында жаңыра баштаган. «Советтик Кыргызстан» гезитине М. Осмоновдун чыгармалары тууралуу Е. Лузановanын «Ступень совершенствование» деген макаласы чыгып, жетиштүү баа берген. Союз таркагандан кийин М. Осмоновдун чыгармалары Кыргызстандын 1-учредителдик съездинде угузулган.


Осумбеков Байышбек Зияйдинович

ОСУМБЕКОВ Байышбек Зияйдинович - 7.11.1962-ж.т., Кара-Суу району, Жаңы-Арык айылы - врач. Медицина илимдеринин доктору (2010-ж.), профессор (2010-ж.). Ача тамгалуу Жору уруусунун Эсеке уругунан. 1986-ж. КММИнин Дарылоо факультетин бүткөн. 1987-1992-жж. Ош облустук ооруканада радиоизотоптук жана УЗИ бөлүмүндө врач-радиолог, 1992-1995-жж. бөлүм башчы, 1995-1996-жж. Ош облустук ооруканасынын башкы врачынын орун басары, 1996-1997-жж. ушул оорукананын №1 хирургия бөлүмүнүн башчысы, 1997-1999-жж. УЗИ бөлүмүнүн башчысы, 1999-2009-жж. КГМИПиПКнын түштүк филиалында хирургия кафедрасынын ассистенти, доценти, профессордун милдетин аткаруучу, 2009-ж. Ош облустар аралык бириккен оорукананын эндовидеохирургия бөлүмүндө бөлүм башчы, 2009-2010-жж. ОшМУнун хирургиялык оорулар кафедрасында кафедра башчысынын милдетин аткаруучу, 2010-жылдан ОшМУнун хирургиялык оорулар кафедрасынын профессору. 80ден ашык илимий эмгектери (а. и. 1 монография, 2 окуу методикалык куралы) жергиликтүү жана чет элдик журналдарга жарыяланган. «Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоонун мыктысы» (2006-ж.), «Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн мыктысы» (2012-ж.). Кыргыз Республикасынын, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

ОТУНЧИЕВ Танык - 1934-ж., Өзбек ССРи, Самарканд шаары - 2015-ж., Алай району, Гүлчө айылы) - мугалим. «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» (1996-ж.). Ача тамгалуу Жору уруусунун Элчибек уругунан. 1957-ж. Ош педагогикалык институтунун химия-биология факультетин бүткөн. 1953-1957-ж. Алай районунун Сары-Таш башталгыч мектебинде мугалим, 1957-1963-ж. Сопу-Коргондогу Токтогул атындагы мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1963-1964-жж. Большевик орто мектебинде директор, 1964-1969-жж. Алай жатак-мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1969-1982-жж. Гүлчө айылындагы А. Макаренко атындагы мектебинде директор, 1982-1987-жж. М. Адышев атындагы орто мектептин директору, 1987-1996-жж. А. Макаренко атындагы мектебинде директор болуп иштеген. «Кыргыз ССРинин Эл агартуусунун Мыктысы» (1967-ж.), «СССР агартуу отличниги» (1972-ж.). Эмгек Кызыл Туу ордени, « В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгын салтанаттык менен белгилөө» юбилейлик медалы, «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланган. 1996-ж. Алай районунун борбору Гүлчө шаарчасындагы орто мектепке (мурдагы А. Макаренко атындагы мектеп) ысмы ыйгарылган.


Отунчиев Танык

ӨМАР болуш - кээ бир маалыматта миң башы деп да айтылат) болжол менен XIX кылымдын аягы - XX кылымдын 30-ж. чейин жашаган. Ача тамгалуу Жору уруусундагы Эшназар байдын уулу. Ача тамгалуу Жорунун Кучкач уулу уругунан. Өз мезгилинде жалпы Адигине урууларынын ичиндеги коомдук иштерине активдүү катышкан балбан, эр жүрөк адам болгон. Жаныбек газы, Чыпак газы, Ади, Калкожо корбашылардын замандашы. Совет мамлекетинин ынкылабында Кытайга 1926-ж. өтүп кетүүгө мажбур болгон. Кытайдан 1934-ж. кайтып келе жатып, НКВДнын кызматкерлери тарабынан атылган. Урпактары Кызыл-Суу, Кара-Суу районунун Авиз кыштактарында жашашат. Өзүнүн кадыр-баркы менен Ача тамгалуу Жору уруусунан чыккан белгилүү адамдарды басмачылардан, НКВД репрессиясынан сактап калганы жөнүндө маалыматтар бар.


Өмар болуш

П


Паизов Кучубай

ПАИЗОВ Кучубай - 1931-ж.т., Өзгөн районунун Кара-Жыгач айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. Улуу Ата мекендик согуштан кыйраган эл чарбасын калыбына келтирүүдө активдүү катышкан “Улуу Ата мекендик согуштун жылдарында күжүрмөн эмгеги үчүн!”, ”Сорок лет победы в Великой отечественной войне - 1941-1945-г.”, СССР Жогорку Советинин Президиумунун атынан “1941-1945-ж.Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңишке 50-жыл”, «1941-1945-ж. Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңишке 65-жыл» медалдары менен сыйланган.


Пазылов Кайрылла

ПАЗЫЛОВ Кайрылла - 1.8.1958-ж.т., Кара-Кулжа району, Тоготой айылы - инженер-технолог. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунан Жалантош тобунан. 1982-ж. Украина технология институтун бүткөн. 1982-1987-жж. Оштогу Жибек комбинатында бөлүм башчы, 1987-2004-ж. Оштогу стандарт жана метрология борборунда инженер, бөлүм башчы, 2004-2005-жж. «Сертификат Плюс» ЖЧКнын башкы директору, 2005-2012-жж. «Техосмотр Плюс» ЖЧКнын директору, 2012-жылдан Кыргыз Республикасынын Соода өнөр жай палатасынын Ош, Баткен, Жалал-Абад облустарынын директору. Эл Аралык продукцияны текшерүүнүн эксперти «Тынчтык генералдары тынчтык үчүн» Эл аралык Ассоциациясынын түштүк аймагы боюнча координатору. Украинанын Хмельницкий облустук Карате-До боюнча жеңүүчүсү,

Кара курдун ээси. Украинада айнекти тиштеп сындыруу мелдешинен 17 айнек стаканды тиштеп сындырган.



Полотбек датка

ПОЛОТБЕК датка - XIX кылымда жашаган. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунун Жалаңтөш тобунан. Өз мезгилинде коомдук иштерге, эл башкарууга активдүү катышып, Адигине, айрыкча Жору тукумдарына көп пайдасы тийип, адилеттүү башкарганын, чоң аш-тойлордо мөөрөй талашууда өз туугандарына баш болгонун эскеришет. Өзгөн шаарында уу берилип, душмандары тарабынан өлтүрүлгөнү белгилүү. Полотбек датканын урпактары Кара-Кулжанын Тоготой, Жийде айылдарында отурукташкан.



Полотов Абдымомун

ПОЛОТОВ Абдымомун - 1930-ж.т., Куршаб району, Кызыл-Сеңир айылы - мугалим. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1958-ж. Оштогу мугалимдер институтунун тарых факультетин бүткөн. 1958-1964-жж. Куршаб, Өзгөн райондорунун аймагындагы мектептерде жетекчи кызматтарда, 1964-1980-жж. Өзгөн районунун «Кызыл-Сеңир» колхозунда, «Жалпак-Таш». «Ийри-Суу» совхоздорунда партиялык комитеттин секретары, Коммунизм, М. В. Ломоносов атындагы мектептерде жетекчилик кызматтарда иштеген. «Кыргыз ССР Эл агартуу отличниги».



Полотов Жеңишбек

ПОЛОТОВ Жеңишбек - 1945-ж.т., Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы - мугалим. «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими». Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунун Кожояр тобунан. 1968-ж. Ош педагогикалык институтунун химия, биология факультетин бүткөн. 1968-2010-жж. Өзгөн районунун мектептеринде билим берүү тармагында жетекчи кызматтарды аткарган. «Кыргыз ССР Эл агартуу отличниги» (1980-ж.). Облустук, республикалык мектеп олимпиадаларында Полотов өзүнүн окуучулары менен жана өзү жеке сыноолорго катышып, алдыңкы орундарды ээлеген. Республиканын мугалимдер курултайынын делегаты, айылдык кеңештин депутаты болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы, «Кыргыз Республикасынын Ардактуу аксакалы» төш белгиси менен сыйланган.



Полотов Ибраим Жеңишбекович

ПОЛОТОВ Ибраим Жеңишбекович - 31.3.1971-ж.т., Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы - окутуучу, география илимдеринин кандидаты (1999-ж.). Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунун Кудаяр тобунан. 1995-ж. ОшМУнун табият таануу жана география факультетин бүткөн. 1995-1999-жж. аспирантураны окуган. 1999-2001-жж. табият таануу жана география факультетинин окутуучусу, 2001-жж. улук окутуучу, 2004-ж. доцент, 2001-2005-жж. табият таануу жана география факультетинде контракт боюнча декандын орун басары, 2005-2010-жж. химия жана фармацевтика факультетинде контракт жана сырттан окуу бөлүмү боюнча декандын орун басары, 2010-2011-жж. ОшМУнун финансы юридикалык колледжинде окуу иштери боюнча директордун орун басары, 2011-жылдан табият таануу жана география факультетинде эл аралык байланыштар боюнча

деканднын орун басары. «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы» (2010-ж.). Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

С



Сагындыкова Салима

САГЫНДЫКОВА Салима -1932-ж.т., Куршаб району, Карасунан. Өзгөн районундагы Түштүк Кыргызстан асыл тукум мал чарба тажрыйба станциясынын сүт өндүрүү фермасынын саанчысы болуп иштеген. Бир нече жолу Эл депутаттарынын Ош облустук жана Өзгөн райондук Советтеринин депутаты болуп шайланган. Ленин ордени жана медалдар менен сыйланган.



Садиев Аскар Пазылович

САДИЕВ Аскар Пазылович - 4-февраль, 1960-жылы Кара-Суу району, «Правда» айылы - милициянын полковниги. Ача тамгалуу Жору уруусунун Жакып уулу уругунан. 2000-ж. Ош МУнун юридика факультетин бүткөн. 1987-1993-жж. Кыргыз Республикасынын ИИМинин ар түрдүү кызматтарында, 1993-2017-жж. ОШ шаардык ички иштер бөлүмүндө инспектор, 2000-2004-жж. 10-бөлүмдүн улук опер өкүлү, 2004-2006-жж. №1 милиция бөлүмүнүн башчысы, 2006-2008-жж. улук инспектор, 2008-2010-жж. Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүндө өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмүнүн башчысы, 2010-2013-жж. Баткен шаардык, 2013-2016-жж. Араван райондук күзөт бөлүмдөрүнүн башчысы, 2016-2017-жж. Жалал-Абад шаардык күзөт бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. «Милициянын отличниги». I, II, III даражадагы «Азамат» медалдары менен сыйланган.



Садык бий (Кансадык)

САДЫК бий, (Кансадык) - 1710-1800-жылдары жашаган бийлердин мезгилинде Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадралы уругунан. Кокон хандыгынын укуктуу өкүлү катарында кызмат кылып, мөөрдү кармаган, хандыктын ички саясатын жүргүзгөн. Калмактарга каршы күрөшүүнү уюштурган. Уруулаштарын хандыктын жана башка тышкы душмандардын басымынан коргогон. Ача тамгалуу Жору уруусунун туугандары Садык бийди "Хансадык" деп аташып, азыр дагы эстеринен чыгарган эмес. Садык бий 80 жаштан ашкан мезгилинде бир тууган жээни Жакыпка (17 жашагы) бийлигин, мөөрү менен өткөрүп берген.



Садыкова Эркайым

САДЫКОВА (Сайдиракманова) Эркайым - 1951-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - саанчы. Ача тамгалуу Жору уруусунун (Бооке) Чайчи уругунан. 1969-1986-жж. Кара-Суу районунун Х. Таширов атындагы колхоздо саанчы болуп эмгектенген. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 10-чакырылышынын депутаты (1980-1984-жж.). "Эмгектеги каармандыгы үчүн", СССР Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн медалдары менен сыйланган.

САЙИПБЕКОВА Анара Мурадовна - 13.1.1955-ж.т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы - физика-математик, физика-математика илимдеринин доктору (2005-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. 1975-ж. ОМПИни бүтүргөн. 1976-1997-жж. Кыргыз Улуттук ИАда Сейсмология институтунда инженер программист, илимий кызматкер, лаборатория башчысы, 1998-жылдан ОшМУда профессор. 2005-жылдан Чыгыш Европа жана Азия өлкөлөрүндө ЮНЕСКО компьютердик борборлордун ассоциация мүчөсү. 78 илимий эмгектин автору.


Сакибаев Кыязбек Шерикбаевич

САКИБАЕВ Кыязбек Шерикбаевич (1976-ж.т., Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы) - врач. Медицина илимдеринин кандидаты (2006-ж.), доцент (2010-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1999-ж. ОшМУнун медицина факультетин, 2003-ж. анын аспирантурасын бүткөн. 2001-ж. КММАнын Оштогу филиалынын ординатурасында, 2003-2006-жж. Бишкек шаарындагы М. Мирраимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунда, 2007-ж. Оштогу облустар аралык клиникалык оорукананын ревматология бөлүмүндө дарыгер, 2004-жылдан ревматология бөлүмүнүн башчысы. 60тан ашык илимий эмгектин (а. и. 2 окуу монография, 20дан ашык усулдук колдонмо, сунуштар, ойлоп табуучулуктун 1 патенти, 2 рационализатордук сунуш) автору. Москва, Санкт-Петербург, Киев, Минск, Алматы, Астана шаарларында өткөн ревматологдордун съездеринин, Эл аралык Конгресс жана илимий практикалык конференциялардын катышуучусу. Евроазия ревматологдорунун Ассоциациясынын жана Кыргызстандын Остеопороз боюнча коомунун мүчөсү. «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы» (2013-ж.). «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоонун Ардактуу кызматкери» (2014-ж.). Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы, XXI кылымдын кадрлары программасынын негизинде «Президенттик стипендиант» диплому, Кыргыз Республикасынын Президентинин тил боюнча улуттук комиссиясынын «Кыргыз тили» төш белгиси менен сыйланган.


Салиев Союзбек Сатыбалдиевич

САЛИЕВ Союзбек Сатыбалдиевич - (15.10.1969-ж.т., Кара-Кулжа району, Мырзаке айылы) - коомдук иштер, учкуч. Муниципалдык кызматтын 2-классстагы кеңешчиси (2011-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. БГУну (1992-ж.), Кыргыз Мамлекеттик Университетин (2004-ж.), И. Абдраимов атындагы авиациялык окуу жайын (2005-ж.) бүткөн. 1993-1994-жж. «Кыргызстан студенттери» кошуунунун төрагасы, 1994-1996-жж. Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясынын социалдык-экономикалык прогноздоо бөлүмүндө референт, 1994-1996-жж. Кыргыз Республикасынын вице премьер-министринин жардамчысы, 1996-1997-жж. Мамлекеттик жаштар комитетинин төрагасы, 1997-1998-жж. «Ата-Түрк» паркынын менеджери, 1998-2004-жж. Бишкек шаарынын «Сейил бактар жана эс алуу жайлары» бирикмесинин башкы директору, Бишкек шаардык Кеңешинин депутаты, 2004-2007-жж. шаардын Октябрь райондук депутаттар тобунун жетекчиси, 2007-2011-жж. Бишкек шаарындагы Октябрь райондук администрация башчысы, 2011-2012-жж. «Valor Air» авиокомпаниясында учкуч, 2012-2015-жж. Бишкек шаардык Кеңешинин депутаты, 2016-жылдан «Эйр-Кыргызстан» авиакомпаниясынын жана «SkyKG» авиакомпаниясынын учкучу. Самолетто учуп, жер шарын айланып чыккандардан 210-саякатчысы. 2016-жылдын 25-августунан 27-октябрына чейинки 62 күндө 72 жаштагы Литвалык саякатчы Йонас Юкнус менен бирге жер шарын айланып чыккан кыргызстандык эң алгачкы учкуч-саякатчы. Бул эрдигин Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 25 жылдык юбилейине арнаган.

САРДЕКОВ Жаңыбай - (1944-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы) - чарба ишмери. Ача Жору уруусунун Кучкачуулу уругунан. К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтунун ветеринардык факультетин бүткөн. 1975-1992-жж. Кара-Суу районунун «Кыргызстан» совхозунда ветврач, Х.Таширов атындагы колхоздун партиялык комитетинин секретары, Кара-Суу райондук башкы ветеринардык врач, 1992-2000-жж. Ош облусундагы «Дыйкан Ордо» фермерлер социациясынын башчысы, Ош облустук ветеринария башкармасында, түштүк аймактык чек ара көзөмөлдөө башкармасында жооптуу кызматтарды аркалаган. Жергиликтүү кеңештерине депутат болуп шайланган.


Сардеков Жаңыбай

САРЫКОВ Союзбек Кадырбекович - (1982-ж.т., Өзгөн району, Дөн-Булак айылы) - юрист. Юстициянын 3-класстагы кеңешчиси. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. 2004-ж. ОшМУнун юридикалык факультетин бүткөн. 2005-2011-жж. Ош шаардык прокуратурасында прокурор, 2011-2012-жж. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасында прокурор, 2012-2014-жж. Өзгөн районунун прокурорунун орун басары, 2014-жылдан Кара-Кулжа районунун прокурорунун орун басары, Кыргыз Республикасынын транспорттук прокурорунун орун басары. Бир топ мамлекеттик сыйлыктардын ээси.


Сарыков Союзбек Кадырбекович

САПАР уулу Садык миң башы - болжол менен XX кылымдын башында туулуп, 1945-ж. Куршаб түрмөсүндө каза болгон. Ача тамгалуу Жорунун Бооке (Чайчы) уругунан. Өз мезгилиндеги эл башкаруучулардан миң башы кызматына шайланган. Сапар байдын уулу (Сапардын ак күмбөзү - Кызыл-Суу айыл аймагындагы Коңур-Дөбө жайлоосунун Ойрума аттуу аймагында турат). Ача тамгалуу Жорудан чыккан Бапыгул Абди газылардын замандашы. Мойдун Ади паңсаттардын доорунун басмачылыктары күчөгөн мезгилде Ача тамгалуу Жорунун Кайбылда уругунан Турдукул байдын малын Мойдун паңсаттын жигиттери басып, тартып алганда Садык миң башы Кызыл-Суунун Жогорку капчыгайынын Катреңки деген жеринен кууп жетип, кайра ажыратып бергендиги тууралуу маалыматтар азыр да айтылып жүрөт. Архивдик материалдар изилденген эмес. Келечекте изилдөөчүлөр буга көңүл бурат деген ойдобуз. Урпактары Кара-Суу районунун Кызыл-Суу аймагында отурукташкан.


Сатимбаев Абжапар


САТИМБАЕВ Абжапар - (1910-ж.т., азыркы Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 1975-ж., ошол эле жер) - Совет бийлигин орнотууга активдүү катышкандардан. Ача тамгалуу Жору уруусунун Мамбет уулу уругунун Жакып уулу тобунан. Коллективдештирүүнүн активдүү катышуучусу катарында 30-жылдарда Фрунзе шаарындагы колхоз курулушунун активдеринин республикалык жыйынына катышкан жана сөз сүйлөгөн. Сүйлөгөн сөзү Кыргыз Республикасынын Боргобордук Аткаруу комитетинин төрагасы Абдыкадыр Орозбековго жагып, жыйналыштан кийин өзүнө чакырып, атайын буйрутма менен костюм галифе шымы менен тиктирип, алкышын айтып жөнөткөн.

1937-1942-жж. Куршаб районунун Жалпак-Таш айылдык керек-жарак коомунун төрагасы, 1942-ж. Улуу Ата Мекендик согушка кетип, Смоленск фронтунда душмандар менен салгылашкан. 1943-ж. оор жарадар болуп, мекенине кайтып келген. 1943-1950-жж. Эркин-Тоо, Жаңы-Кайрат, Микоян атындагы колхоздордун башкармасынын төрагасы, 1950-1956-жж. Кызыл-Суу айыл Советинин төрагасы болуп иштеген. Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган (1950-1956-жж). «Ардак Белгиси», Эмгек Кызыл Туу ордендери жана медалдар менен сыйланган. (Маалымат: Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министрлигине караштуу мамлекеттик архив. Архивдик справка - 30.09.2009-ж. № А-3034).



Сатимбаев Абылгазы

САТИМБАЕВ Абылгазы (1940-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 2009-ж., Ош шаары) - окутуучу. Философия илимдеринин кандидаты (1981ж.), доцент. Ача тамгалуу Жору уруусунун Мамбет уулу уругунун Жакып уулу тобунан. Фрунзе финансы техникумун (1964-ж.), М. В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин философия факультетин (1969-ж.) бүткөн. 1969-1992-жж. КМУда окутуучу, 1994-2008-жж. Оштогу жогорку технологиялык колледжинде мугалим болуп иштеген. Илимий эмгектери: Логика кыргыз тилинде окуу куралы 1-б., 1987-ж., Логика окуу куралы кыргыз тилинде 2-б., 1988-ж. Философия мектебин кайра куруу мезгилинде түзүү 1989-ж., Логика - статья 1981-ж. Энциклопедия үчүн, Логика жана маданият, Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы маданияттуулуктун башаты (Илимий конференцияда доклад) 1999-ж. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы философиялык ой жүгүртүүнүн башаты-илимий конференциядагы доклад 2001-ж.



Сооржан бий

СООРЖАН бий - болжол менен 1770-1860-жылдарда жашап өткөн. Ача тамгалуу Жору уруусунун Мамбет уулу уругунун Жакып бий тобунан. Ача тамгалуу Жорунун Жакып бийинин баласы, Тойчубек датканын атасы. Сооржан бийдин мезгилинде Кызыл-Суу ороонуно Ача тамгалуу Жору уруктары биротоло отурукташып аякташкан. Урпактарынын маалыматы боюнча адегенде Жакып бийдин урпактары азыркы Төө-Карын жайлоосунун Беш-Бала аймагына Анжиянды Көрпө кыштагынан көчүп келип отурукташканы белгилүү. Кийин азыркы Коргон - деп аталган кыштакка келип отурукташкан. Ошол аймакта «Сооржандын мойногу» (диаметри 30 метрди, добонун бийиктиги 50–60 метрди түзөт, Бөөн-Жар кыштагынын күн чыгышынан орун алган) аттуу бийик дөбө бар. Болжол менен байыркы коло доорундагы тарыхый архитектуралык эстеликтерге кирет. Урпактарынын айтуусунда бул мойнокто Сооржан бий негизги эл башкаруу кызматтарын аткарган - деп айтылат. Сооржандын бейити Ош шаарынын (азыркы Калинин айылдык округу) Сар-Мазар бейитинен, Адигинеинин уруктарынын атактуу бийлеринин катарынан орун алган (Маалымат берген - Сооржан бийдин кыбырасы - Мырзабеков Калыбай - 65 жашта, Кызыл-Суу айылы).



Сулайманов Сүйүнбай

СУЛАЙМАНОВ Сүйүнбай - (1941-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 2002-ж., Кара-Суу району Баш-Булак айылы) - зоотехник. Ача тамгалуу Жорунун Кучкач уулу уругунан. 1965-ж. К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтунун зооинженер факультетин бүткөн. 1965-1973-жж. Кара-Суу районунун Катта-Талдык асыл тукум кой чарба заводунда зоотехник, башкы зоотехник, 1974-

1977-жж. Өзгөн районунун Кыргызстандын 50 жылдыгы атындагы совхоздо башкы зоотехник, 1977-1983-жж. Алай районундагы Ленин атындагы совхозунда башкы зоотехник, 1984-1987-жж. Кара-Суу районунун "Учкун" совхозунда директор, 1987-2002-жж. Кара-Суу районунун «Катта-Талдык» совхозунда башкы зоотехник, профкомдун төрагасы болуп иштеген. Медалдар менен сыйланган.

СУЛТАН наиб Тойчубек уулу - (болжол менен 1858-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 1922-ж., ошол эле жер) - Алымбек датканын уулу Абдылдабек болуштун наиби же орун басары кызматын аткарган. Айтылуу Тойчубек датканын уулу. Ача тамгалуу Жору уруусунун Мамбет уулу уругунан. Туугандары жашаган Коргон айылы Султандын коргону деп аталган. Гүлчө болуштугунан Кызыл-Суу, Кара-Кулжа өрөөнүндөгү калктын санын минден ашырып, өзүнчө болуштук кылып, бөлгөнгө жетишкен. Абдылдабек дем алып жүргөн мезгилде орун басары катарында анын милдетин аткарып турган. Жакыптын Сагындык тобунан Айбаш Кара-Кулжадан аял алып, аялы төркүнүнө барып, кырсыктан каза болот. Ошонун кунун өндүрүүнү болуш Абдылдабек эс алууда жүргөндө Султан бүтүрүп коёт. Бул Абдылдабекке кутумчулар тарабынан жетип, Ажике жайлоосунда бир чоң тойдо экөөнүн ортосунда чатак чыгат. Абдылдабек Султандын атынын башына камчы менен салганда ага жооп кылып Султан анын баш кийимин түшүрөө чабат. Жаатташып Адигине балдары чабышмак болгондо башка уруулардын акылман аксакалдары кайра элдештирет. Элдештирүүгө акылман Курманжан датка өзү катышат. (Бул маалыматты берген - Мырзабеков Калыбай - 65 жашта, Кызыл-Суу айылы).



Султанов Дада

СУЛТАНОВ Дада - (1904-ж.т., Кара-Кулжа району, Алтын-Күрөк айылы - 1990-ж., ошол эле жер) - чарба ишмери. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. 1928-1946-жж. Ош облусунун Куршаб районундагы Алтын-Күрөк колхозунун башкармасынын төрагасы болуп эмгектенген. Колхоздоштуруу мезгилинде, Улуу Ата Мекендик согуш учурунда жана согуштан кийинки оор жылдарда өзү башкарган колхоздун элин ачарчылыктан сактаган. Мамлекеттик өндүрүштүк план-тапшырмаларын ашыгы менен аткарган. Малдын башын көбөйтүүдө, жер иштетүүдө көптөгөн ийгиликтерди жараткан. Анын жасаган эмгектери жердештеринин эсинде азыр да сакталып келүүдө.



Султанов Кудайберди

СУЛТАНОВ Кудайберди Дадаевич - (20.10.1963-ж.т., Кара-Кулжа району, Алтын-Күрөк айылы) - врач-кардиолог. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. Жалал-Абад шаарындагы медициналык окуу жайын (1993-ж.), КМИИнин дарылоо факультетин (1993ж.), ОшМУнун укук таануу факультетин (2008-ж.) бүткөн. 1994-2003-жж. Ош облустук клиникалык ооруканада врач-кардиолог, 2003-жылдан ОшМунун медициналык факультетинин ички оорулар кафедрасында врач. «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери» (2009-ж.). Ал элге комузчу катары да белгилүү. ЭЛТРдин фондуна анын күүлөрү жазылган.

СУЛТАНБЕКОВА Чолпон Аалыевна - (19.8.1969-ж.т., Бишкек ш.) - коомдук ишмер. Ача тамгалуу Жорунун Кадыралы уругунан. Москвадагы Мичурин мамлекеттик педагогикалык институтун (1991-ж.), КМЮАны (2006-ж.), Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин алдындагы Дипломатиялык академияны (2007-ж.) бүтүргөн. 1991-1995-жж. Жалал-Абаддагы Жарандык абалдын актыларын каттоо бөлүмүнүн (ЗАГС) жетектөөчү адиси, 1995-2010-жж. «Палван» ЖЧКнын башкы директору, 1998-2010-ж. «Алмаз» АКнын



Султанбекова Чолпон Аалыевна

башкармалыгынын төрайымы, ошол эле мезгилде Кыргызстан аялдар конгрессинин түштүк регион б-ча президенти (2000–01). «Кыргыз соода биримдиги» ЖЧКнын директору (2003-2005-жж.) болуп иштеген. «Эко гармония женщин» коомдук бирикмесинин түзүүчүсү. Азия б-ча (азиялык) «Алыш» белбоо күрөш федерациясы коомдук уюмунун президенти. Эл аралык «Алыш» белбоо күрөш федерациясынын Ардактуу Президенти (2004-ж.). Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты (5-чакырылышы). Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасынын орун басары. Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн мыктысы (2011-ж.). Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.



Султанов Жетимиш Сайпидинович

СУЛТАНОВ Жетимиш Сайпидинович - (19.11.1966-ж.т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы) - Ооган согушунун катышуучусу, ички иштер кызматынын полковниги. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. Жаза аткаруу мамлекеттик кызматында жооптуу кызматтарда иштеген. "Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын мыктысы" «Күжүрмөн кызматы үчүн» медалы менен сыйланган.



Султанов Шермат (Молдошермат)

СУЛТАНОВ Шермат (Молдошермат) - (1897-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 1938-ж., Кытай) Ача тамгалуу Жорунун Мамбет уулу уругунан. Совет бийлигин орнотууга жигердүү катышкандардан. Атасы Тойчубек уулу Султан газы оокаттуу, өз заманынын билимдүү адамы болгон. Атасы Султан газынын жардамы менен Ош, Анжиян шаарларында 14 жашына чейин медреседен билим алып, андан кийин орус-тузем мектебинде окуган. Совет бийлигинин орношунда большевиктер партиясынын улуттук, саясий-экономикалык, саясаттарынын жакшы жактарын кабыл алып, кызматташууга өткөн. 1923-ж. Кара-Суу пахта заводунун алгачкы жетекчи. Жалал-Абад, Араван пахта заводдорунда жетекчиси 1930-ж. ГПУга (Главное политическое управление) кызматка чакырылып, Ташкент шаарында окуйт. Ш. Султанов азыр тарыхта аттары белгилүү болгон Совет мамлекеттин түштүк Кыргызстанда өз өмүрлөрүн аябай иштешкен чекисттер - Х. Булатов, М. Матназаров, Р. Мавляновдор менен бир катарда иштегенин тарыхый документтер далилдеп турат. 1934-ж. (Уулу Шерматов Апаздын маалыматында - 1933-жылдын ноябрь айында) Советтик командачылыктын атайын тапшырмасы менен Кытай мамлекетине «качкын»» катарында өтүп, легендарлуу Кыргыздын алгачкы генералы Ысакбек Мониев менен бирге кызмат кылып, 35-полктун Кашкар аймагындагы №1 полкунун командири (аскердик чини-полковник), кызматын аткарат. Бирок 1938-ж. 14-июлда өзү жетектеген полктогу чыккынчылардын жасаган кара ниет кутумчулугу менен Ш. Султанов курман болот. Кашкар шаарынын Осмон пашанын багынын четине күмбөзү тургузулат. Бул маалыматтарды берген Мангиев Апас (1927-ж. туулган), Кара-Суу районунун Жапалак айыл өкмөтүнүн Орке кыштагынын жашоочусу - Кытайда 1928-жылдан 1956-жылга чейин жашап келген аксакалдан алынды. Бул окуядан кийин Шермат Султановдун үй-бүлөсү, Кыргызстанга көчүрүлүп келип, мамлекеттин кароосуна өткөн. Азыр Шермат Султановдун урпактары Кара-Суу районунун Жа-

ны-Арык айылында, Ош, Бишкек шаарларында жашашат. Ш. Султановдун мекенге кылган кызматын архивдик материалдарды ГПУ, ИИМ, МКК ж.б. тиешелүү мамлекеттик органдарды алуу менен терең изилдеп, тарыхтан тиешелүү орун берүү анын урпактарынын, тарыхчылардын келечектеги милдети. «Баш командачы-Ысакбек Мониев.» Токтомамат Улукбеков «Турар» Бишкек - 2013-ж. 32-35, 101-102-беттерде), Султанов Шерматтын уулу Шерматов Апаздын эскерүү дептери, 2008-ж.



Сыдыков Акылбек

СЫДЫКОВ Акылбек Асанбекович - (1961-ж.т., Ак-Суу району, Тепке айылы) - Ооган согушунун катышуучусу. Ай тамгалуу Жоруунун Теңизбай уругунун Жалаңтөш тобунан. 1979–81-ж. Советтик Армиянын катарында Ооганстанда Кундуз жана Хайратондо болгон. 2008-жылдан Ак-Суу райондук Ооган ардагерлери кеңешинин төрагасы. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына шайланган. 1988-ж. 28-декабрда М. С. Горбачевдун колунан СССР Жогорку Советинин, РСФСРдин Мамлекеттик Думасынын «Единая Россия» фракциясынын, Кыргыз Республикасынын Ооган ардагерлер кеңешинин, Дүйнөлүк «Көчмөндөр оюндары» катчылыгынын Ардак грамоталары жана медалдар, Кыргыз Республикасынын «Ардактуу инсандар» коомдук бирикмесинин «Эл сүйгөн жетекчиси» наамы жана төш белгиси, 2014-ж. 15-февралда Ооган дыктардын 25 жылдык майрамына карата Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин алтын сааты менен сыйланган.



Сыдыков Айбек

СЫДЫКОВ Айбек Нематжанович - 10-апрель, 1986-ж. Ош шаарында туулган. Ача Тамгалуу Жорунун Бешабышка уругунан. Ош шаарынан «Кыргызстандын 40 жылдыгы «атындагы орто мектепти 2005-жылы аяктаган. Бишкектеги Борбордук Азиядагы Америка университетинин экономика факультетинин мамлекеттик бюджет факультетин-2009-ж. аяктаган. Америка кошмо штаттарынын Нью-Йорк шаарындагы МЕРСИКО - колледжин - 2011-жылы аяктаган. 2012-2013-жж. Ош шаарындагы «Бай-Түшүм» банкында бухгалтер, 2013-2016-жж. - Ош шаарындагы ЮСАИД уюмунун Ош шаарындагы өкүлчүлүгүндө каржы адиси, 2016-2019-жылдарда ЮСАИДдин Бишкек шаарындагы офисинде финансы менеджери, 2019-ж. май айынан ЮСАИДдин финансы боюнча директору болуп иштейт.

Т



Танаев Эрмахамат

ТАНАЕВ Эрмахамат - (1950-ж.т., Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы) - инженер-механик. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 1972-ж. К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун айыл-чарбасын механизациялоо факультетин бүткөн. 1973-1980-жж. Ош облусунун Фрунзе районунун чарбаларында техникалык коопсуздук инженери, инженер механик, совхоздун башкы инженери, 1980-1984-жж. Фрунзе районунун «Үч-Коргон» совхозунун директору, 1984-1987-жж. айыл чарба кызматкерлеринин профсоюздарынын Фрунзе жана Өзгөн райондук комитеттерин жетекчиси, 1987-1993-жж. Өзгөн районунун Чарбалар аралык багбанчылык ишканасынын жетекчиси, 1993-1994-жж. Өзгөн районунун колхоз жана кооперативдеринин, акционердик коомдорунун ассоциациясынын Президенти, 1994-1998-жж. Өзгөн районунун айыл чарба департаментинин Башкы директорунун орун

басары, мамлекеттик эксперименталдык «Алтын-дан» үрөн чарбасынын директору. 1999-1914-жж. «Айыл чарбасына кеңеш берүү фондунда», «Кызыл-Сеңир Таза суу» суу пайдалануучулар ассоциациясында ОШСКАда жооптуу кызматтарда иштеген.


Тасма баатыр

ТАСМА БААТЫР (Маматкадыр чоң калпак) - XVI кылымдын экинчи жарымы - XVII кылымдын биринчи жарымында жашап өткөн. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунун Бабасы. Кыпчак-кыргыздардын Шырдакбек ханынын замандашы. Урпактарынын азыркыга чейин айтып жүргөн маалыматтары боюнча Маматкадыр ошол мезгилдеги жашоо шартына жараша башка жактардан, Калмак, Кытай тараптан жылкы тийип, өзүнүн уруулаш туугандарын багып келген. Тасма баатыр жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтар бар. Ушундай шартта бир күнү жортуулда жүрүп, чоң бир тойго туш келет. Ал тойдо жамбы атууга катышып, жамбыны атып түшүрөт. Шарт боюнча атты алыстан чаап келип атуу керек болгон. Ошол шартты аткарат. Той башкаруучулары «Сен кимсиң?» деп сураганда, «Менин атым Маматкадыр, алыска жортуул жасап, өз элимди багам» дейт. Анда журт жакшылары «Сен тасмадай созулган баатыр экенсиң, сени биз Тасма баатыр - деп таанып жүрөбүз» - дешет. Ошол мезгилден бери тартып Тасма баатыр аталып калат. Дагы бир маалыматта Тасма баатыр Шырдакбекти калмактар менен болгон чабышта атынын үзөңгүсүн карматып, жыгылып калган жеринен куткарып кетет. Шырдакбек ага ыраазы болуп, өзүнүн бир тууган карындашын Тасмага аялдыкка берет. Карындашынын аты Инек болот. Ал касиеттүү, нышаналуу аял болуп, башында мүйүзү болгон экен, мүйүзү дайыма жылдын бир мезгилинде түлөп турган, түлөгөн мүйүзүн дайыма баштыкка салып чогултканы. Казасы жетип олоорундо балдарын чогултуп «Балдарым бул мүйүзүмдүн касиети чоң, силер мен өлгөндөн кийин болуп алсаңар силерге береке келет, ынтымак менен бөлүп алгыла!» - деп керээзин айтат. Бирок Инек байбиче каза болгондо эң кичүү баласы Кудаш бир туугандарынан жашырынып, «Мага бербей коюшат» - деген ой менен баягы мүйүздүн түлөгөн калдыгын Инек байбиченин көрүстөнүнө кирип, «акыркы жолу бир көрүп алайын апамды?» - деп суранып, көрүстөнгө таштап чыгат. Кийин балдары чогулуп, баягы касиеттүү мүйүздү бөлүштүрөлү дешсе кичүү баласы Кудаш мүйүздү көрүстөнгө жашырганын айтат. Ошондо бир туугандары чогулуп, катуу нааразы болуп, тескери бата беришип, каргышка кириптер кылат - деген уламышты Тасма тукумдары айтып жүрүшөт. Тасма баатыр ага ыраазы болуп алдындагы минген боз жоргосун тартуу кылат. Эл арасында Шырдакбектин боз жоргосу ошол «Тасма берген жорго» - деген сөз айтылып жүрөт. Тасма баатыр калмактар менен чабышууларда көптөгөн эрдиктерди көрсөтүп, жалпы Кыргызды жоодон сактоого катышканы белгилүү. Тасма баатыр жөнүндөгү оозеки баяндардын дагы бирөө Шырдакбектин колунда туугандарына таарынып жүргөн Ай тамгалуу Жорунун Кожосунун балбан баласы Борону таап, «Бир тууганымдан калган туяк» - деп тарбиялап чоңойткону тууралуу маалымат Ай тамгалуу Жору туугандардын Кожо уругунда оозеки айтылып жүрөт. Маалыматтар «2009-жылдарда дүйнөдөн өткөн, 85 жыл жашаган, көп жыл жетекчи кызматтарда иштеген Маметов Сайдинден укканмын» - деп Каденов Токтомамат берди. (Кара-Кулжа району). Мындан тышкары санжырачы Сапарбек Закиров «Кыргыз санжырасы», Бишкек-1996-ж. китебинин 222-бетинде хан Шырдакбектин (Тотуя - Дободо) Тасма баатырды калмактардан жорго ат алып качып келүүгө жөнөткөнүн, Жоргону алып келгенин кабарлайт.

ТАШЕВ Асамидин Мамазаирович - (23-июлда 1951-жылы Баткен облусунун Кадамжай районунда «Кара-Кыштак» айылында туулган. Мамлекеттик кызматкер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Баткендеги уруктарынан. 1975-ж. Россиянын Симферополь шаарынан Крым айыл чарба институтун бүткөн. 1975-ж. Фрунзе районунун «Кызыл-Кыя» совхозунда агроном, Фрунзе райондук айыл чарба башкармасында аграном, 1976-1982-жж. Кадамжай районунун «Победа» колхозунда багбанчылык боюнча агроном, башкы агроном, 1982-1988-жж. Фрунзе районунун «Бакчылык» совхозунун директору, 1988-1994-жж. Фрунзе райондук агрофирманын генералдык директору, 1994-1997-жж. Карадөбө айыл чарба кооперативинин төрагасы, 1997-2003-жж. Баткен облусунун Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын Аппарат жетекчиси, 2003-2007-жж. Кадамжай районунун айыл чарба департаментинин директору, 2008-2009-жж. Кадамжай райондук мамлекеттик администрация башчысы - аким, 2012-2013-жж. Кадамжай райондук Майдан айыл аймагынын башчысы болуп иштеген.


Ташев Асамидин

ТАШЕВ Имамидин Асамидинович (2. 8. 1983-ж.т., Баткен облусу, Кадамжай районунда Кара-Кыштак айылында туулган. Жеке ишкер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Баткендеги уруктарынан. Кыргыз Мамлекеттик университетинин экономика факультетин 2005-жылы бүткөн соң, Швейцариянын Цюрих шаарындагы консалтинг компаниясында котормочу, 2006-2008-жылы Москва шаарындагы консалтинг компаниясында бөлүм башкаруучу, 2008-2010-жж. ошол эле компаниянын Генералдык директору, 2010-2011-жж. Бишкектеги VIPtravel туристтик компаниясынын генералдык директору, 2011-жылдан Кыргызстандагы «KG Групп» компаниясынын генералдык директору. Кыргыз мамлекетинин жана элинин патриоту катарында Кыргызстанга эбегейсиз чоң суммадагы инвестицияларды тартып келүү менен Кыргызстандын шаарларында калайык-калкка ылайыкташтырылган сапаттуу турак жайларды куруп жатат. Республикабыздын борборунда, облустарда Кыргыз Республикасынын негизги символу болгон Кыргыз тууларын орнотуунун негиздөөчүсү. Медалдар менен сыйланган.


Ташев Имамидин

ТАШБОЛОТОВ Максатбек - (1.5.1955-ж.т., Алай району, Көлдүк айылы) - экономист, экономика илимдеринин кандидаты Ача тамгалуу Жору уруусунун Элчибек уругунан. 1980-ж. КМУнун экономика факультетин бүткөн. 1988-1990-жж. Алматы Жогорку партиялык мектепте окуган. 1980-1986-жж. Алай совхозунда экономист, 1986-1988-жж. партиянын Алай райкомунда инструктор, бөлүм башчы, 1992-1993-ж. Ош облусунун Алай райондук Кеңешинин төрагасынын орун басары, Алай районунун Курманжан-Датка колхозунун башкармасынын төрагасы, 1993-1994-жж. Ош облусунда экономика жана финансы башкармалыгынын начальнигинин орун басары, 1994-1995-жж. ошол эле жерде начальник, 1995-1996-жж. Кыргыз-Нидерланд «Смитс и К» биргелешкен ишканасында финансы менеджери, 1996-1997-жж. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик энергетика агенттигинде финансы бөлүмүнүн башчысы, 1997-1999-жж. Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынын агроөнөр жай бөлүмүндө референт, 1999-2002-жж. Дүйнөлүк банктын «Жер жана агрардык реформа» долбоорунда долбоордун


Ташболотов Максатбек

жетекчисинин орун басары, жетекчиси, 2002-2010-жж. «Калыс Консалт» коомдук фондусунун директору, «Кыргызстанда бейтарап соттордуу түзүү жана өнүктүрүү» долбоорунда жетекчи, 2010-2015-жж. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын агроөнөр жай комплекси жана экология бөлүмүнүн эксперти. 2015-жылдан Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин статс-катчысы. Кыргыз Республиканын бейтарап соттун төрагасы, Эл аралык бейтарап соттун арбитри, «Кыргыз Республиканын айыл чарбасынын отличниги» менен сыйланган.


Таштанкулов Торобай

ТАШТАНКУЛОВ Төробай - (1914-ж.т., Совет району, (Кара-Кулжа) Жетим-Дөбө айылы - 1983-ж., Карагуз айылы) - укук коргоо кызматынын дасыккан устаты, подполковник (1962-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. СССР ИИМдин Фрунзедеги атайын милиция мектебин (1951-ж.), Алматы жогорку милиция мектебин (1962-ж.) бүтүргөн. Арабча окуп, кат-сабатын жойгон соң, 1921-1940-жж. айылдык мектепте мугалим, директор, айыл советинин катчысы, 1940-1944-жж. Куршаб, 1944-1948-жж. Алай, 1948-1950-жж. Араван, 1950-1957-жж. Мырзаке райондук ички иштер бөлүмдөрүнүн начальниги, 1957-1961-жж. Совет районунун Ленин атындагы колхозунун башкармасынын төрагасы, 1961-1966-ж. Ош шаарында түрмөнүн начальнигинин орун басары, 1966-1970-жж. Баткен районунда колония начальниги болуп иштеген. Медалдар менен сыйланган.


Тезекбаев Кушбак

ТЕЗЕКБАЕВ Кушбак - (1952-ж.т., Кара-Суу району, Кербен-Кол айылы) - коомдук ишмер. Жогорку билимдүү. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунун Абдал тобунан. 1971-1986-жж. Кара-Суу районунун Н.К.Крупская атындагы орто мектепте мугалим, 1986-1993-жж. «Отуз-Адыр» совхозунда спорт инструктору, 1993-1996-жж. Кара-Суу районунда «Отуз-Адыр» кыш чыгаруучу заводдун директору, 1997-2005-жж. Ош облустук мал базарынын директору, 2005-2012-жж. Ош облустук мамлекеттик администрация башчысы-губернатордун биринчи орун басары, 2012-2013-жж. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министринин түштүк регион боюнча орун басары, 2013-жылдан Кыргыз Республикасынын турак жай, коммуналдык союзунун төрагасы. «Кыргыз Республикасынын Эл агартуусунун мыктысы» (2006-ж.), «Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоонун мыктысы» (2007-ж.). 1990-жылдагы Ош окуясында эки бир туугандан улуттагы элди ынтымакка келтирүүдө патриот жигиттердин, каарман калктын алдынкы катарында болуп, мамлекетибиздин бүтүндүгүн баатырларча коргогон. 2005-жылдагы Кыргызстандагы болуп өткөн революциялык кырдаалда жалпы Республикабыздын калкынын кызыкчылыгын коргоонун жана эгемендүүлүктү сактап калуунун башында туруп, баатырдыкты көрсөткөн. 2010-жылдагы Республикабыздагы Бакиевдик режимге ачык каршы чыгып, жалпы Республикабыздын бүтүндүгү, элдин биримдиги, мамлекеттин суверендүүлүгүн сактоо ишинде баатырлык менен жалпы түштүк Кыргызстандын элинин башында турган. 2010-жылдагы апрель революциясынын окуяларында түштүк Кыргызстандын революциялык маанайдагы калкы бир добуштан К.Тезекбаевди Ош облусунун Элдик губернатору» кызматына шайлашкан. Бирок өз ыктыяры менен губернаторлук кызматты азыркы Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш. Жээнбековго өткөрүп берип, революциянын жеңиштерин коргоп калуунун башында туруп, революциялык маанайдагы элдин ынтымагын чыңдаган. «2005-жылдагы жана 2010-жылдагы революциянын Баатыры» наамын алган. Медалдар менен сыйланган. 2014-жылы 10-октябрда Ош шаарында «Санжы-

ра көчмөндөрдүн тарыхы» (Кыргыздын Адигине тобунун Жору (Жолжакшы) уруусунун мисалында) аттуу илимий практикалык конференциясын уюштурууда өз эсебинен 100000 (жүз миң сом) акча каражатын кошуп, конференциянын ийгиликтүү өтүшүнө чоң салымын кошкон.


Тойчубек датка Сооржан уулу

ТОЙЧУБЕК датка Сооржан уулу - XIX кылымда жашап өткөн. Ача тамгалуу Жорунун Мамбет бий уругунун Жакып уулу тобунан. Ача Жорудан чыккан Жакып бийдин уулу. Алимбек, Курманжан датка менен үзөңгүлөш болуп, Кокон хандыгынын башкаруучуларынын «Каныбек» романында, 1874-жылдагы Россиянын Фергана өрөөнүндөгү Кыргыз бийлеринин Кокон хандыгына каршы чыккандардын тизмесинде Тенизбайдан Муххамед датка (1500 түтүн), Тасмадан Суран датка, Мурза бий- (1500 түтүн) Ача тамга Жорудан - Тойчубек датка (Тайчыбек) - (2000 түтүн) бар деп Санкт-Петербургда падышага жазуу түрүндө билдирүүсү архивден чыкты. (Өзбек Республикасынын тарыхый мамлекеттик архиви, фонд-11, С. КТГГ. Офис-3, 1874 год. Дело-197, лист-10-11 «Список родов Кыргыз с повиновением их старщими волостными управляющими против Кокандского ханства»). Булардан тышкары Ө. Ж. Осмоновдун Кыргызстандын тарыхы (Байыркы доордон азыркыга чейин) Бишкек-2012-ж., 79-бетте Тойчубек датканы Адигине уруусунун көрүнүктүү уулдарынын катарына жазган. Азырынча Жогоруда көрсөтүлгөн жазуу маалыматтарынан башка «Тойчубек датканын урпактарынын оозеки маалыматтары гана бар. Тойчубек датканын Тору кашка аттуу күлүгү жөнүндө, анын Алай өрөөнүндө Тооке элинин атактууларынын тоюнда ат чабышта башкы байгени алганы жөнүндө маалыматты датканынын урпактарынан Шерматов Апазбек-Жаңы-Арык айылынын тургуну берген. Бирок, Тойчубек датканын толук ишмердүүлүгү боюнча маалыматты Өзбекстандын Кокон, Фергана, Ташкент шаарларындагы архивдеринен карап табуу, азыркы мезгилдеги эл аралык кырдаалга байланыштуу ишке ашпады. Бул келечектеги тарых изилдөөчүлөрдүн милдети.


Тойчубеков Бердибай

ТОЙЧУБЕКОВ Бердибай - (1918, Куршаб району, Кара-Таш айылы - 1996, ошол эле жер) - эмгек жана согуш ардагери. Ача тамгалуу Жорунун Эши (Ийрек) уругунан. 1939-ж. Советтик Армиянын катарына чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Согуш майданынан 1946-ж. кайтып келген соң, Куршаб районунун Кара-Таш айыл Советинин төрагасы, райондук Советте уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, мамлекеттик камсыздоо бөлүмүнүн башчысы, андан кийин колхоздо мал фермасынын башчысы, бригадир кызматтарында иштеген. II–III даражадагы Даңк, Кызыл Жылдыз, II даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери жана медалдар менен сыйланган. ЭЛТР каналы тарабынан 2015-ж. майда "Эрдик эскирбейт" аттуу фильм тартылып, түбөлүккө сакталууда. Ысымы Кара-Суу районунун Жарооз айылынын борбордук көчөсүнө ыйгарылды. Мезгилдүү басма сөздөрдө Тойчубеков Бердибай аксакал тууралуу А.Урбаевдин "Эр жүрөк чалгынчы" (Ош жаңырыгы газ.1994-жылы 4-декабрда макала жарыялаган. Бердибай аксакал Кыргызстандын түштүгүндөгү калкка белгилүү чабендес жана саяпкер да болгон. Улак тартыштарда күлүк аттарды таптап, мааракелерге активдүү катышкан.


Токобаев Шарип

ТОКОБАЕВ Шарип - (20.3.1938-ж.т., Түшүнүк айылы) - агаратуу ишмери, партиялык кызматкер. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. Ош мамлекеттик педагогикалык институтун (1962-ж.), Ташкент жогорку партиялык мектепти (1973-ж.) бүткөн. 1962-1969-жж. Түшүнүк орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1969-1971-жж. партиянын Совет райкомунда инструктор, 1971-1977-жж. Ульянов атн. совхоздо партиялык комитеттин секретары, 1977-1979-жж. партиянын Совет райкомунда инструктор, 1979-1983-жж. райондук айыл чарба профсоюзунун төрагасы, 1983-1986-жж. Токтогул атындагы орто мектепте директор, 1986-2003-жж. Түшүнүк орто мектебинде мугалим болуп иштеген. Кыргыз ССР эл агартуу отличниги. Кыргыз Республикасынын Ынтымак курултайынын делегаты (2010-ж.). Медалдар менен сыйланган. Райондун экономикасын көтөрүүдө, элдин маданий турмушун жакшыртууда кошкон салымы зор.


Токоев Айбек

ТОКОЕВ Айбек Рахманбердиевич - (16.4.1976-ж.т., Кара-Кулжа району, Жаңы-Талап айылы) - экономист, юрист, каржы полициясынын майору. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунун Булаш тобунан. КМУнун экономика факультетин (2003-ж.), ОшМИнун юридикалык факультетин (2010-ж.) бүткөн. 2005-2014-жж. Ош, Баткен, Жалал-Абад облустук финансы полиция башкармалыктарында ыйгарым укуктуу кызматкер, улук ыйгарым укуктуу кызматкер, бөлүм башчы, 2014-жылдан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү мамлекеттик кызматынын Ош облусу, Ош шаары жана Түштүк регионду боюнча башкармалыктын башчысынын орун басары, башкармалыгынын жетекчиси. «Кыргыз милициясына 90 жыл», «Салык кызматташтыгын чыңдагандыгы үчүн», «Аскердик-жарандык кызматташтыкты чыңдагандыгы үчүн», 2-3-даражадагы «Кайрат», «Өз ара аракеттенишүү жана кызматташтык үчүн», «Ардак» медалдары жана «Күжүрмөн», «Мыкты кызматкер», «Адилет», «Шаң» «Бажы кызм. чыңдагандыгы үчүн» төш белгилери менен сыйланган.


Тууганбаева Мария

ТУУГАНБАЕВА Мария - (1907-ж.т., Ак-Суу району, Чолпон айылы 1984-ж. Бишкек шаарында). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалаңтөш (Дөөлөтбай) тобунан. 1928-1931-жж. Ташкент шаарындагы Орто Азия Коммунисттик университетин (САГУ) окуган алгачкы кыргыз кыздарынын бири болгон.1940- 1945-жж. Фрунзедеги педагогикалык институттун тарых факультетин бүткөн. 1931-ж. Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары. Сталиндик репрессияда күйөөсү республиканын Юстиция министри болуп иштеген Каратал Табалдиев камакка алынганда Тууганбаева М. да кызматынан бошотулган. 1938-1940-жж. Фрунзе шаардык Советинде инструктор, 1942-1962-жж. педагогикалык кызматтарда иштеген.

ТУРСУНОВ Кененбай - (1907-ж.т., Ак-Суу району, Чолпон айылы - 1989-ж. Бишкек шаарында) - советтик-партиялык кызматкер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалаңтөш (Дөөлөтбай) тобунан. Айыл чарба техникалык окуу жайын, И.В.Сталин атындагы Чыгыш эмгекчилеринин Москвадагы Коммунисттик университетин алгачкылардан болуп бүтүп, партиялык кызматтарда узак жылдар бою ак ниет эмгектенген. Ысык-Көл облусунда, Ош облусунун Чоң- Алай районунда партиялык жетекчи кызматтарда иштеген. Улуу Ата Мекендик согуш жылдары кадрдык офицер катарында Кытай Эл Республикасында чалгындоо кызматтарында иштеген. 1954-1961-жж. партиянын Тогуз-Торо райкомунун 1-секретары, 1961-1970-жж. партиянын Тоң райкомунда иштеген. Белгилүү жазуучу Эрнис Турсуновду асырап, тарбиялап чоңойткон.


Туйбаев Заир Адиевич

ТУЙБАЕВ Заир Адиевич - (27.3.1959-ж.т., Кара-Суу району, Шарк айылы) - врач-хирург. Медицина илимдеринин доктору, профессор (2016-ж.). Ай тамгалуу Жорунун Абдал уругунан. 1982-ж. КММИни бүткөн. 1984-1987-жж. Ош шаарындагы аймактык ооруканада врач хирург, 1987-1989-жж. Бишкек шаарындагы улуттук хирургия бөлүмүнүн клиникалык ординатурасында врач-хирург, 1989-2005-жж. Ош шаарындагы аймактык ооруканада врач-хирург, 2005-жылдан Оштогу шаардык ооруканандын хирургия бөлүмүнүн башчысы. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоонун «Ардактуу кызматкери» (1999-ж.). 88 илимий макалалардын, 2 монографиянын, 1 ойлоп табуунун автору. Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Профсоюз Федерациясынын, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын Ардак грамоталары менен сыйланган.


Токтомаматов Кантөрө Шарипович

ТОКТОМАМАТОВ Кантөрө Шарипович - (20.12.1947-ж.т., Кара-Кулжа району, Кара-Кулжа айылы - 28.4.2017-ж., ошол эле жер) - окутуучу, экономика илимдеринин доктору (2001-ж.), профессор (2002-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Биймырза тобунан. 1970-ж. КМУну бүткөн. Эмгек жолун 1970-ж. Ош обл. финансы бөлүмүндө улук инспектор болуп иштөөдөн баштаган. 1975-1993-жж. КМУда окутуучу, доцент, декандын орун басары, 1993-2016-жж. Жалал-Абад Экономика жана ишкердик университетинин ректору, 2016-2017-жж. аталган окуу жайдын президенти болуп иштеген. Кандидаттык диссертацияларды коргоо кеңешинин төрагасынын орун басары. Казак Республикасынын Аймактык менеджмент академиясынын анык мүчөсү (2015-ж.). 1 бухгалтердик терминдин, англис-орус-кыргыз тилдеринде чыккан сөздүктүн, 100дөй илимий жана окуу-методикалык эмгектердин автору. 2 докторлук 8 кандидаттык диссертация жактагандардын илимий жетекчиси. Кыргыз ССР эл агартуу отличниги (жылы). Эл аралык «Руханият» сыйлыгы (2003-ж.), «Улуттун лидери» (2010-ж.) сыйлыктарынын, «Элдик ректор» (2009-ж.) наамынын ээси. ЖАМУ, Улудаг университетинин (Түркия), Россия Элдер Достугу университетинин, КМТУнун Кызыл-Кыядагы Жаратылышты пайдалануу жана геотехнология институнун Ардактуу профессору. Кыргыз Республикасынын Жазуучулар союзунун эл аралык Рыспай Абдыкадыров клубунун Ардактуу мүчөсү. Жалал-Абад облустук кеңешинин (эки чакырылышы) депутаты. Кара-Кулжа районунун «Ардактуу атуулу». «Манас-1000» медалы, «Мустафа Кемаль Ататүрк» фондунун алтын медалы, Кыргыз Республикасынын Жазуучулар союзунун, Түркия Республикасынын «Түрк дүйнөсүн изилдөө» фондусунун, «Азия нуру» гезитинин Ардак грамоталары менен сыйланган.



Токсонбаев Мамбет Айдаралиевич

ТОКСОНБАЕВ Мамбет Айдаралиевич - (1959-ж.т., Өзгөн районо, Кызыл-Сеңир айылы 2014-ж. Ош ш.каза болгон.) - юрист. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 1988-ж. КМУнун юридикалык факультетин бүткөн. 1976-1988-жж. «Кызыл-Октябрь» совхозунда, Фрунзедеги машина куруу заводунда жумушчу, 1988-1990-жж. Кара-Суу шаарындагы «Текстильторг» ишканасында, Ош облустук Санитардык эпидемология станциясында юрист консультант, 1990-1994-жж. Көк-Жаңгак шаарында нотариалдык конторасында нотариус, 1994-1996-жж. Көк-Жаңгак шаарынын сотунун төрагасынын милдетин аткаруучу, 1996-2001-жж. Кара-Суу районунун сотунда судья, 2001-2006-жж. Ош шаардык сотунун судьясы, 2006-жылдан Алай районунун сотунун төрагасы. Алай районунун «Ардактуу атуулу» (2011-ж.). Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Ардак грамоталары менен сыйланган.



Токтор бий

ТОКТОР бий - (болжол менен 1804-ж.т., Кара-Кулжа аймагы - 1901-ж., ошол эле жер) - Теңизбай уругунун бийи. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунан. Кара дарыя, Тар дарыяларынын боюн мекендеген. Теңизбай уругунун чоң бийи, айтылуу Көккөз бийдин уулу. Көкөз бий өзүнүн 9 уулунун ичинен «эл бийлегенге жарайт» деп, бийлигин Токторго өткөрүп берген. Токтор бий өз доорунда Кокон хандарынын башкаруучулары менен теңата эл бийлеген, хандыктын ар кандай деңгээлдеги зыяпаттарына катышып, жалпы Кара-Кулжа, Өзгөн аймагындагы элди башкарууга жетишкен. Тоолуу аймактын башка урукта-рынын бийлери Токтор бийге келишип, мамлекеттик маанидеги маселелерди чечүүдө кеңешип турушканы белгилүү. Токтор бийдин 4 уулу болгон. Алар билим алууга көбүрөөк ыкташып, өз мезгилиндеги элден чыккан билимдүү инсандар болгонун урпактары унутпай эскеришкенин угуп, күбө болдук. Токтор бийдин чоң уулу Молдоке Кокон хандыгынын Теңир-Тоодогу белгилүү Куртка чебинин комендантынын кызматын аткарганы белгилүү. Дагы бир уулу Касымбек Ажике жайлоосуна тоо унаалары менен Өзгөндөн бышык кыштарды (Кокон кыш деп аташкан) ташытып, мечит курдурганы белгилүү. Токтор бийдин урпактары 100 үй-бүлөдөн ашып, Кара-Кулжа районунун Тоготой, Октябрь, айылдарында, Өзгөн районунун Чым, Кызыл-Тоо айылдарында жашашат. *(Маалымат Кара-Кулжа районунун Тоготой айылынын тургуну Турганбаев Жапардан алынды).*



Токторов Кадырмамат

ТОКТОРОВ Кадырмамат - (1921-ж.т., Кара-Суу район, Таш-Арык айылы - 2010-ж., ошол эле жер) - согуш жана эмгек ардагери. Ача Жорунун Мамбет уулу уругунун Жакып уулу тобунунан. 1937-ж. Оштогу бухгалтердик курсту бүтүп, колхоз курулушуна активдүү катышкан. 1941-ж. Улуу Ата Мекендик согушка кеткен. Согушта Панфилов дивизиясынын жоокери, замбиректчи-наводчик катары Москва шаарын коргоо үчүн салгылашкан. Кийин Калининн фронтунда, Великие Лукиде, Хольм шаарларында, Латвияда согушкан. Улуу Ата Мекендик согуштан кийин бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүүдө зор эмгек сиңирген. Кара-Суу районундагы Калининн атындагы колхозунда, партиянын Кара-Суу райкомунда жана чарбаларда жетекчи кызматтарда эмгектенген. К. Токторовдун демилгеси менен Кара-Суу районунун Таш-Арык айылы негизделген, азыр бул айылда 400дөн ашык кожолук калк жашайт. Кызыл Жылдыз, I–II даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери жана медалдар менен сыйланган.

ТОКТОРОВ Эгемберди Самидинович - (1.1.1959-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы) - окутуучу. Ача Жорунун Мамбет уулу уругунун Жакып уулу тобунан. 1987-ж. КМУнун юридикалык факультетин бүткөн. 1978-1982-жж. Кара-Суу районунун «Кыргызстан» совхозунда айыл чарба кызматкери, 1987-1989-жж. Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде «Илимий атеизм, этика жана эстетика» кафедрасында окутуучу, 1993-1995-жж. ОшМУнун Укук таануу кафедрасында бөлүм башчы, 1995-1997-жж. Укук таануу кафедрасында улук окутуучу, 1997-1998-жж. «Публичное право» кафедрасынын башчысы, 1998-2009-жж. юридикалык факультетинин деканы, 2009-жылдан Ош мамлекеттик Юридика институтунун ректору, профессор. Ош шаардык Кеңешинин депутаты болуп шайланган. «Кыргыз Республикасынын Элге билим берүүсүнүн мыктысы». Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.



Токторов Эгемберди Самидинович

ТОКТОРБАЕВ Жалил - 1923-ж.т., Кызыл-Сенир, Куршаб айылдарында - 2003-ж.к.б., ошол жерде. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 1949-1955-жж. Фрунзедеги Медициналык институтту аяктаган. 1955-1962-жж. Ош облусунун Гүлчө районунда врач, 1962-2003-жж. Өзгөн районунун Куршаб ооруканасында эмгектенген. «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы» (1977-ж.). Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Куршаб айылындагы ооруканага Ж. Токторбаевдин ысмы берилген.



Токторбаев Жалил

ТОЛТОЕВ Маратбек Толтоевич - (16-майда 1963-жылы Өзгөн районунун Кызыл-Сенир айылында туулган). Милициянын полковниги. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. Алматыдагы политехникалык университеттин инженердик факультетин, Кыргыз Улуттук университеттин юридика факультетин бүткөн. 1985-1990-жж. Алмалык көмүр казып чыгаруу ишканасында инженер, ДЭУ-956 ишканасында мастер-прораб, Комсомолдун Өзгөн районунда жооптуу кызматкер, 1990-1996-жж. Ош облустук ички иштер башкармалыгынын кайгуул-күзөт кызматында, Ош облусунун ички иштер башкармалыгынын кылмыш иликтөө бөлүмүндө улук опер уполномочен, Өзгөн райондук ички иштер бөлүмүнүн кылмышкерлерди издөө бөлүмчөсүнүн башчысы, 1996-2005-жж. Алай райондук ички иштер бөлүмүндө оперативдик иштер боюнча начальниктин орун басары, Чоң-Алай райондук ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 2005-жылдан Токтогул, Сузак, райондук ички иштер бөлүмдөрүнүн начальниги. 2011-2016-жж. Бишкек шаарында Милициянын Коопсуздук кызматынын башкармасынын орун басары болуп иштеген.

ТОЛТОЕВ Мелис Мукашбекович - Өзгөн районунун Доңгунан. 2001-ж. Ош шаарындагы У.Салиева атындагы мектепе-лицейди алтын медаль менен аяктаган. Ош мамлекеттик университетинин «Дарылоо иштери» боюнча факультетин 2007-ж. кызыл диплом менен бүткөн. 2007-2009-жж. Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын «Хирургия» адистиги боюнча ординатурасында окуган. Россиянын Казань ш. Казаан медиц. Академиясынын аспирантурасына тапшырып, 2012-ж. кандидаттык диссертациясын жактап, медици-



Толтоев Мелис

на илимдеринин кандидаты болгон. 2014-ж. «Ультразвуковая диагностика» сертификаты налган. 2016-жылы Россиянын Новосибирск шаарындагы Мешалкина атындагы Илим изилдөө институтунан стажировкадан өткөн. Эмгек жолун 2011-2012-жылдарда ООО «Медицинский центр Премиум Казань» врач хирург, 2012-ж. Россиянын Новосибирск обл. Татар ооруканасында башкы ординатор, бөлүм башчы кызматтарында иштейт. 40тан ашык илимий эмгектерди жарыялап, Бүткүл Россиялык аттестациялоо комисс. рецензиясы менен 5 патент алган. Россия Федерациясынын Новосибирск областында өткөрүлгөн олимпиадаларда, илимий конференцияларда көптөгөн дипломдорду алууга татыктуу болгон. 2017-ж. Новосибирск областынын «Жылдын доктору» дипломуна ээ болгон. Россия хирургдар коомунун аныкмүчөсү.


Толтоев Эрнис Мукашбекович

ТОЛТОЕВ Эрнис Мукашбекович - 15.12.1986-ж. Өзгөн районунун Кызыл-Сеңир ай. туулган. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 2009-ж. Ош мамлекеттик университетинин Электроника жана микро-электроника адистиги боюнча аяктаган. Мамлекеттик граждандык кызматтын 3 - класстагы Мамлекеттик кеңешчиси. 2016-ж. Ош шаардык Кеңешинин депутаты болуп шайланган. 03.2009 - 04.2009-жж. - Ош ш. мэриясынын физкультура, спорт жана жаштар саясаты комитетинин жетектөөчү адиси, 04.2009 - 06.2010-жж. - Ош мамчыл. администрациясынын билим, маданият, спорт жана жаштар саясатын жетектөөчү адиси, 05.10.2010 - 06.2010-жж. - Ош обл. мамлекеттик администрациясынын пресс-катчысы, 06.2010 - 03.2011-жж. - Ош обл. мамлекеттик администр.билим берүү, маданият, спорт, жаштар иштери боюнча жетектөөчү адис, 03.2011 - 05.2012-жж. - Ош обл. мамлекеттик администр. - өнөр жай, транспорт, бөлүм. башкы адис, 05.2012 - 09.2012-жж. Ош обл. губернаторунун жардамчысы, 09.2012-12.2013-жж. КР Өкмөтүнүн Ош обл. ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жардамчысы.12.2013- 04.2016-жж. Өзгөн рай. Кызыл-Октябрь ай.өкм. башчысы, 05.2016 - 08.2017-жж. КР Өкмөтүнүн Аппаратында жардамчы, 08.2017-09.2017-жж. КР Премьер-министринин анализд. Борбор. секретариатында эксперт, 11.2017-ж. баштап Кыргыз Республикасынын Президентинин жардамчысы болуп иштен келүүдө.


Топчубаев Абдырахман

ТОПЧУБАЕВ Абдырахман - (1924ж.т., Куршаб району, Калинин айылы - 2005, Кара-Суу району Жаңы-Арык айылы) - согуш жана эмгек ардагери, милициянын майору. Ай тамгалуу Жору уруусунун Каракунас уругунан. 1953-1956-жж. мамлекеттик коопсуздук комитетинде жооптуу кызматкер, 1956-1961-жж. партиялык кызматтарда, 1961-1981-жж. Кыргыз ССР ИИМдин тармагында иштеген. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, Каармандыгы үчүн медалы - 1945-ж., «СССР куралдуу күчтөрүнүн 50 жылдыгы», «СССР куралдуу күчтөрүнүн 60 жылдыгы», «СССР куралдуу күчтөрүнүн 70 жылдыгы», «Советтик милициянын 50 жылдыгы» медалдары менен сыйланган.


Толонов Амирбек

ТӨЛӨНОВ Амирбек - (1920-ж.т., Гузар айылы) - согуш жана эмгек ардагери. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 1941-ж. Советтик Армияга чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1943-жылы согуштан оор жарадар болуп, мекенине кайтып келген. 1943-1944-жж. К. Е. Ворошилов атындагы мектепте директор, 1944-1947-жж. райкомдун секретары, 1949-ж. агартуу бөлүмүнүн башчысы, 1950-1958-жж. Ош облустук архивинин башчысы, 1958-1985-ж. партиялык комитеттин секретары болуп иштеген. "Кызыл Жылдыз", I–II даражадагы "Даңк", "Эмгек Кызыл Туу" ордендери жана медалдар менен сыйланган.


Турапов Керимберди Ырысалиевич

ТУРАПОВ Керимберди Ырысалиевич - (10.10.1959-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы) - ырчы жана аткаруучу. Кыргыз республикасынын эл артисти (1995-ж.). Кыргызстан Ленин комсомолу (1989-ж.), Токтогул атындагы мамлекеттик (1997-ж.), Ч. Айтматов атындагы (2000-ж.), эл аралык «Руханият» (2001-ж.) сыйлыктарынын лауреаты, Кыргыз улуттук консерваториясынын профессору (2007-ж.). Ача Жорунун (Бооке) Чайчы уругунан. Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайынын ырдоо бөлүмүн (1978-ж.), Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институтун (1986-ж.) бүткөн. 1985-1990-жж. Кыргыз телерадиокорпорациясынын академиялык симфониялык оркестринде, 1990-2002-жж. А. Малдыбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрында солист, 2002-2008-жж. Кыргыз улуттук консерваториясында окутуучу, 2000-2010-жж. Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониянын башкы директору, 2019-жылдан А.Малдыбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрынын директору болуп иштеп жатат. 2010-2014-жж. А. Жумакматов атындагы Чоң академиялык симфониялык оркестрдин солисти болуп иштеген. К. Тураповдун операдагы карьерасы Альфредо, Гердог (Ж. Верди, «Травиата», «Риголетто»), Ленский (П. Чайковский, «Евгений Онегин») ж.б. партияларды аткаруудан башталган. Орус, кыргыз композиторлорунун ырларын, романстарын чебер аткарып, обон да чыгарат. Анын «Туулган жерди сагындым», «Махабат вальсы» ж. б. обондору жалпы кыргыз элинин сүймөнчүлүгүнө ээ. А. Соловьяненко, А. Днишев, М. Ташматов ж. б. атактуу ырчылар менен бирге ырдаган. КМШ өлкөлөрүндө, Исландия, Корея, Германия, Монголия, Франция, Бельгия, Түркия, Кытай, Пакистан, Индия ж. б. чет өлкөлөрдүн концерттик залдарында гастролдо болгон. III даражадагы «Манас» ордени, «XX кылымдын тенор алтын үнү» атындагы «Ата түрк» эл аралык сыйлыгы, Женевадагы «Интеллектуалдык менчиктин эл аралык уюмунун Алтын медалы менен сыйланган.


Турганбаев Дубана

ТУРГАНБАЕВ Дубана - (1925-ж.т., Кара-Кулжа району, Карагуз айылы - 2002-ж., ошол эле жер) - эмгек жана согуш ардагери. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. 1948-ж. Улуу Ата Мекендик согуштан кайтып келип, юридикалык билим алган. 1953-жылдан Тянь-Шань облусунда судья болуп иштеген. Чүй өрөөнүндө Москва районунун райондук социалдык камсыздоо бөлүмүнүн жетекчиси, Өзгөн районунун сот аткаруучусу, Райондук нотариустун башчысы кызматтарын аткарган.


Турганбаев Надырбек

ТУРГАНБАЕВ Надырбек - (15.7.1955-ж.т., Мырзаке айылы) - мамлекеттик ишмер, Кыргыз Республикасынын Бажы кызматынын 2-класстагы мамлекеттик кеңешчиси (1997-ж.), генерал-лейтенант (1998-ж.). Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунун Биймырза тобунан. 1981-ж. КМУну бүткөн. Эмгек жолун 1972-ж. Ленин атындагы совхоздо жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. 1982-1984-жж. Ош обл. профсоюз комитетинде инструктор, 1984-1991-жж. "Ошкурулушматериалдар" бирикмесинин бөлүм башчысы, башкы директордун орун басары, 1991-

1992-жж. "Кыргызкурулуш" мамлекеттик концернинде башкарманын төрагасы, 1992-1996-жж. "Кыргызмунайзат" АКнын 1-вице-президенти, 1996-1998-жж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бажы комитетинин төрагасынын 1-орун басары, 1999-2001-жж. Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо министринин орун басары, 2001-2005-жж. Бишкек шаардык финансы полициясынын башкармалыгынын начальниги, 2005-2006-жж. Кыргыз Республикасынын финансы министрлигине караштуу финансы полиция башкармалыгынын директору, 2006-ж. полиция кызматынын төрагасынын укук маселелери боюнча кеңешчиси, 2006-2007-жж. Кыргыз Республикасынын эсеп палатасынын төрагасы, 2007-2008-жж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик патент кызматынын директору, 2008-2010-жж. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик монополияга каршы саясатты жөндөө агенттигинин директору, 2011-жылдан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасынын кеңешчиси. РФдин Коопсуздук, коргонуу жана укук коргоо академиясынын анык мүчөсү-академиги (2006-ж.), РФдин 1-даражадагы Улуу Петр ордени, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган.


Тургунбаев Зарлык Тургунбаевич

ТУРГУНБАЕВ Зарлык - (7.2.1969-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы) - экономист. Ача Жорунун Барак уругунан. 1993-ж. КМУнун экономикалык факультетин бүткөн. 1993-1994-жж. финансы-экономика башкармалыгында жетектөөчү адис, 1994-1996-жж. Оштогу Аукцион борборунда координатор, 1996-1999-жж. Ош шаарындагы Кыргыз фонддук биржасынын өкүлчүлүгүнүн жетекчиси, 1999-2000-жж. Ош облустук каржы башкармасынын бөлүмүнүн башчысы, 2000-2001-жж. «Артуш» ЖЧКсынын жетекчиси, 2002-ж. «Реестр-ТТ» ЖЧК жетекчисинин орун басары, 2002-2004-жж. Ош шаарынын Муниципалдык менчик башкармасынын бөлүмүнүн жетекчиси, 2004-2005-жж. Араван районунун социалдык фондунун башчысы, 2005-2006-жж. Ош шаарынын мэринин аппаратынын жетекчиси, 2006-2013-жж. Кыргыз Республикасынын эмгек, миграция жана жаштар министрлигинин Кара-Суу райондук бөлүмүнүн жетекчиси, 2013-жылдан Кара-Суу шаарынын мэри.


Турдубаев Канторо Таирович

ТУРДУБАЕВ Канторо Таирович - (19.4.1967-ж.т., Кара-Кулжа району, Кара-Кочкор айылы) - коомдук ишмер. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. 1991-ж. Россия Федерациясынын Кубан мамлекеттик университетинин агрономия факультетин бүткөн. 1991-1995-жж. Кара-Кулжа районунда ижарачы, тамеки сорттоочу, таразачы, 1995-2004-жж. Стандартташтыруу жана метрологиянын Оштогу борборунун I-II категориядагы инженери, 2004-2005-жж. Ош облусунун тышкы экономикалык байланыштар Комитетинин башкы адиси, төраганын орун басары, 2005-жылдан Ош облусунун КНРдин СУАРындагы соода экономикалык өкүлү. Жорунун СУАРдын аймагында жашап жаткан уруктарынын санжырасын, алардын маалыматтарын ушул китепке толук даярдоодо чоң иштерди жасаган. Кытайлык туугандардын мезгилдин оош-кыйыштарына байланыштуу үзүлгөн санжырасын, туугандык байланыштарын жаңыдан калыбына келтирүүдө баа жеткис эмгек кылды. Кытайдагы Жору уруктары менен Кыргызстандагы Жору уруктарынын мындан ары туугандык катарында карым-катташуусуна жол ачты.


Турдуматов Тезекбай

ТУРДУМАТОВ Тезекбай - (1905-ж.т., Кара-Суу району, Кербен-Кол айылы - 1962-ж., ошол эле жер) - эмгек ардагери. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунун Коңур тобунан. Совет доорунда 1935-1947-жылдарда Ош районунун Шарк айыл Советинин «Кайтпас» колхозунун башкармасынын төрагасы болгон. (Конушулаш айылдагы жердештери өздөрүнүн колхозунун атын «Алга бас» койсо анда биз артка кайтпайбыз биз «Кайтпас» колхозу болобуз! - деп өзү башкарган колхозду «Кайтпас» деп атап, тарыхка жазылганын азыр да тууганды ры эскеришет.) Улуу Ата мекендик согуштун мезгилинде Ата Мекенди коргоо максатында тылдагы эмгекчилерге адилет жетекчилик кылуу менен ачарчылыктан карапайым калкты сактаган. Тезекбай аксакалды көргөн, укkан кишилер адилет, сөзгө чечен башкарма экенин, согуштун оор мезгилинде түйшөлгөн элди кыйроодон сактаганын эскеришет. Колхоздоштуруу жана Улуу Ата мекендик согуш мезгилдеринди каарман эмгектери үчүн көптөгөн мамлекеттик сыйлыктарды алууга татыктуу болгон. Тезекбай аксакалдын 5 кыз, 2 уулу бар. Уулдарынан Кушбак Тезекбаевич - Кыргыз Республикасынын стандагы элдик ынкылаптарда башын сайып, элдин кызыкчылыгын ойлогон баатыр. Республикалык масштабдагы, адилет жетекчи, айрыкча Жору тукумдарынын ушул санжыралык маалыматын тактоодо жанын малын да аябай кызмат кылды. Мезгилдин оош-кыйышы менен Тезекбай аксакалдын ак ниет эмгеги өз убагында бааланбай, жок дегенде өзү иштеген бир кыштакка же мектепке аты берилбептир. Бул албетте өкүнүчтүү, келечек муундарга ушул маселени адилеттүүлүк менен чечет деген үмүт менен сунуш кыламын.


Турдумамбетов Турсун Осмоналиевич

ТУРДУМАМБЕТОВ Турсун Осмоналиевич - (11.4.1957-ж.т., Ак-Суу району, Тепке айылы) - инженер-механик, мамлекеттик кызматкер. Ай Жорунун Теңизбай уругунун Жалантөш тобунан. 1979-ж. Фрунзе политехникалык институттун механика факультетин бүткөн. 1979-1983-жж. Пржевальск шаарындагы ОАЭнин инженер-механиги, башкы инженери, 1983-1987-жж. «Кыргызсельхозхимиясынын» МРСПОсунун атайын автомобиль паркынын башчысы, Ысык-Көл ОПО "Кыргыз айыл чарба химиясынын» башкы инженери, 1987-1991-жж. Ак-Суу районунун Тепке айыл Советинин аткаруу комитетинин төрагасы, Эл депутаттарынын Ак-Суу райондук Советинин аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, 1991-1996-жж. "Жыргалаң" совхозунун директору, "Жыргалаң", айыл чарба кооперативинин төрагасы, «Жыргалаң» айыл башкармасынын жетекчиси, 1996-1996-жж. Ысык-Көл областтык мамлекеттик мүлк фондунун төрагасы, 1999-2001-жж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк фондунун жетекчисинин орун басары, 2001-2005-жж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик комитеттин мамлекеттик мүлк фондунун төрагасы, 2005-ж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк фондунун милдетин аткаруучу, 2006-2007-жж. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк комитетинин төрагасы, 2007-ж. Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси, 2007-2009-жж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк фондунун төрагасы, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк министри, Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси кызматтарын аркалаган. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

ТҮРКБАЕВ Адамбек Борубаевич - (13.6.1967-ж.т., Өзгөн району, Чымбай айылы) - экономист, мамлекеттик кызматкер. 1991-ж. КМУну бүткөн. 1991-1992-жж. Өзгөн районунун КЗОССто кассир, бухгалтер, 1992-1994-жж. «Баба-Дыйкан» айыл чарбасынын би-



Түркбаев Адамбек Борубаевич

рикмесинин экономисти, башкы экономист, 1994-1995-жж. «Баш-Дөбө» агро жер реформасында айылдык комитетинин төрагасынын орун басары, 1995-1996-жж. «Дөн-Булак» агрожер реформа айылдык комитетинин төрагасынын орун басары, 1996-1999-жж. «Дөн-Булак» айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары, 1999-ж. Өзгөн районунун мамлекеттик администрациясынын башкы адиси, 1999-2009-жж. «Дөн-Булак» айыл өкмөтүнүн башчысы, 2009-жылдан Кыргыз Республикасынын эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча аймактык бөлүнүштүн мамлекеттик инспектору. "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги", "Кыргыз Республикасынын айыл чарба отличниги", "Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги" төш белгилери, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.



Түркбаев Пазылбек Борубаевич

ТҮРКБАЕВ Пазылбек Борубаевич - (15.4.1963-ж.т., Өзгөн району, Чымбай айылы) - окутуучу. Геология-минералогиялык илимдеринин кандидаты, доцент. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. 1985-ж. Фрунзе политехникалык институтунун тоо-кен факультетинин инженердик геология жана гидрогеология бөлүмүн бүткөн соң, ошол эле окуу жайында окутуучу. Азыркы мезгилде И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин академик У.Асаналиев атындагы тоо-кен иши жана тоо-кен технологиялары институтунун геология-чалгындоо факультетинин деканы. 100дөй илимий макалалардын, ошондой эле студенттер үчүн жазылган усулдук китепчелердин автору. Илимий макалалары Иранда, Россияда жана башка мамлекеттерде басылып чыккан. «Кыргыз Республикасынын билим берүүнүн мыктысы» .



Түркбаев Ысабек Борубаевич

ТҮРКБАЕВ Ысабек Борубаевич - (16.4.1957-ж., Өзгөн району, Чымбай айылы - 2006-ж., ошол эле жер) - юстициянын полковниги. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. 1984-ж. КМУнун юридикалык факультетин бүткөн. 1977-1978-жж. Фрунзе шаарындагы "Кыргызмебель" фабрикасында жумушчу, 1978-1984-жж. Кыргыз ССР ИИМинин өз алдынча батальонунда жооптуу кызматта, 1984-1985-жж. Кыргыз ССР ИИМинин 5-бөлүмүнүн инспектору, 1985-1989-жж. Свердлов райондук ички иштер бөлүмүнүн тергөөчүсү, улук тергөөчүсү, 1989-1990-жж. Майлуу-Суу шаардык, 1991-ж. Сузак райондук ички иштер бөлүмдөрүнүн начальнигинин тергөө бөлүмү боюнча орун басары, СССР ИИМдин уюшулган кылмыштар менен күрөшүү башкы башкармалыгынын Кыргыз ССРинин түштүк аймагы боюнча өзгөчө маанилүү иштер боюнча улук тергөөчүсү, 1992-1997-жж. Кыргыз Республикасынын ИИМинин Экономикалык кылмыштар менен күрөшүү башкы башкармалыгынын түштүк аймагы боюнча улук тергөөчүсү, тергөө бөлүмүнүн начальниги, 1997-2000-жж. Талас облустук сотунун судясы, 2001-2006-жж. Баткен гарнизондук аскер сотунун төрагасы болуп иштеген. Медалдар менен сыйланган. Анын жеке демилгеси жана колдоосу менен 2001-ж. Чымбай айылында Ыйман үйү курулган.



Тюкебаев Акылбек Алиакунович

ТЮКЕБАЕВ Акылбек Алиакунович - (20.10.1964-ж.т., Ак-Суу району, Чолпон айылы) - чарба ишмери. Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын 1-класстагы кеңешчиси. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Жалаңтөш тобунан. 1986-ж. К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтун бүткөн. 1986-1995-жж. Ак-Суу районундагы «Каракол» совхозунда агроном, башкы гидротехник, дыйкан чарбасынын төрагасы, 1995-1997-жж. ПРООНдо Ысык-Көл облустук Долбоорлоо тобунун жетекчиси, 1997-2000-ж. «Береке» дыйкан чарбасынын жетекчиси, 2000-2009-жж. Каракол айыл аймагында жетектөөчү адис, Айыл өкмөтүнүн жетекчиси, 2010-2016-жж. үрөнчүлүк боюнча Ак-Суу, Жети-Өгүз, Тоң райондорунда инспекциянын башчысы, 2016-2019-жж. Ысык-Көл облустук айыл чарба эгиндерин экспертизалоо борборунун жетекчиси, 2019-жылдан Ак-Суу райондук мамлекеттик администрация башчысы-аким. «Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын мыктысы».

У



Укулов Кабылбек Маматкадырович

УКУЛОВ Кабылбек Маматкадырович - (1966-ж.т., Өзгөн району, Шералы айылы) - финансы полициясынын подполковниги. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. Фрунзе финансы-экономикалык техникумун (1984-ж.), К. И. Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба академиясын - 1998-жылы, Ош технологиялык университетинин юридика факультетин - 2002-жылы бүткөн. 1986-1988-жж. Өзгөн райондук аткаруу комитетинин калкты жумушка жайлаштыруу бюросунун башкы бухгалтери, 1988-1993-жж. Өзгөн районунун мамлекеттик атайын чарбасында комсомол комитетинин, комсомолдун, райондук комитетинин экинчи секретары, райондук жаштар уюмунун төрагасы, 1993-1997-жж. эл депутаттарынын Өзгөн райондук аткаруу комитетинин жооптуу катчысы, Өзгөн райондук акимчиликтин бөлүм башчысы, 1997-2001-жж. Өзгөн райондук электр тармактар ишканасынын начальнигинин орун басары, 2001-2012-жж. Кыргыз Республикасынын Финансы полиция кызматынын Өзгөн жана Кара-Кулжа райондор аралык бөлүмүнүн начальниги, Кара-Суу району боюнча бөлүмдүн начальниги, Араван жана Ноокат райондору боюнча бөлүмдөрдүн начальниги, 2012-жылдан Кызыл-Кыя шаарындагы "Баткен - Петрол" ЖЧК ишканасынын башкы директору. Айылдык жана райондук кеңештердин бир нече жолку депутаты. Кыргыз Республикасынын Президентинин, эки жолу Кыргыз Республикасынын Финансы полициясынын Ардак грамоталары менен сыйланган.



Укулов Курманбек Маматкадырович

УКУЛОВ Курманбек Маматкадырович (1964-ж.т., Өзгөн району, Шералы айылы) - мамлекеттик кызматкер. Мамлекеттик кызматтын 2-класстагы мамлекеттик кеңешчиси. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. Фрунзе финансы-экономикалык техникумун (1981-ж.), Москва шаарындагы Г. В. Плеханов атындагы эл чарба институтун (1990-ж.) бүткөн. 1990-1994-жж. «Кыргыз энергоремонт» өндүрүштүк оңдоо ишканасында инженер, "Кыргызгосэнергохолдинг" мамлекеттик акционердик холдинг компаниясында жетектөөчү экономист, пландоо-экономикалык бөлүмүнүн жетекчиси, 1998-2001-жж. Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясынын экономикалык саясат жүргүзүү бөлүмүндө референт, бөлүм башчысынын орун басары, 2001-2002-жж.

Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин аппарат жетекчиси, Кыргыз Республикасынын министри, 2003-2004-жж. "Ошэлектро" акционердик коомунун башкы директору, 2005-2007-жж. Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясында Кыргыз Республикасынын Президентинин Жогорку Кеңештеги өкүлүнүн орун басары, экономика жана социалдык саясат жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы, 2008-2010-жж. Кыргыз Республикасынын Экономика жана соода министринин орун басары, 2012-2014-жж. Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министринин кеңешчиси, 2014-жылдан Бириккен Улуттар Уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын Кыргызстандагы долбоорунун координатору.


Умарходжаев Отунчу

УМАРХОДЖАЕВ Отунчу - (1900-ж.т., Алай району, Сөгөт айылы - 1966-ж., ошол эле жер) - партиялык-чарбалык, аскер кызматкери. Ача тамгалуу Жорунун Элчибек уругунан. 1923–27-ж. Ташкентте пехоталык окуу жайын окуган. 1926-ж. ВКП (б)нын мүчөсү болгон. 15 жаш курагында эмгек жолу Фергана облусунун Кашкар-Кыштак болуштугунун «Жоош-Арык» кыштагында байга жалданып иштегенден баштаган. Декабрь, 1916-1918-жж. молдо Махмадинде Бухар эмиратынын Карым бектигинде, 1918-1920-жж. Фергана облусунун Ош уездинин Алай болуштугунун Сөгөт айылында, 1920-1921-жж. Ош шаарында кербенбашы, 1921-1923-жж. Ош уездинин Гүлчө болуштугунун басмачыларга каршы ыктыярдуу отрядында кызмат кылган. 1927-1928-жж. Самарканд шаарында өзбек батальонуна взводдун командири, 1928-1929-жж. Керки шаарынын Түркстан полкунун, 3-дивизиясынын 8-взводунун командири, 1930-1932-жж. Термез шаарында Тоо аткычтар полкунун командири, 1932-1933-жж. Чарджоу шаарында Тоо полкунун саясий жетекчиси, 1933-1935-жж. Самарканд шаарында 1-Өзбек кавалерия полкуна 18-кавалерия дивизиясында эскадрондун командири, 1935-1936-жж. Гүлчө районунун райОСОАВИАХИМ бирикмесинин төрагасы, 1937-ж. Алай-Гүлчө райондук жер иштетүү бөлүмүнүн башчысы, 1937-1938-жж. Кыргыз АССР Алай районунун аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, 1938-1940-жж. Сопу-Коргон-Алай райЗООго жетекчи болгон. (Кыргыз Республикасынын саясий документациясынын борбордук мамлекеттик архивинин справкасы, №1092, 30-сентябрь, 1992-ж. Умарходжаевдин өз колу менен жазылган автобиографиясы) Жогоруда өмүр таржымалында жазылып тургандай О. Умарходжаев - Кыргызстандын түштүгүндөгү алгачкы коммунист, алгачкы аскер кызматкери жана партиялык чарбалык кызматкер экени так билинип турат. Өз мезгилинде Орто Азиядагы партиялык-чарбалык, аскерий кызматтарды аткарууга билими, акыл эси жана духу жеткен эң алгачкы кыргыздын Жору уруусунан чыккан патриотторунун бири.

УМАРХОДЖАЕВА Санталат - (1933-ж.т., Түркмөнстандын Термез шаары - 1998ж., Алай району, Гүлчө айылы) - советтик-партиялык кызматкер. Ача Жорунун Элчибек уругунан. 1949-ж. Оштогу айыл чарба техникумун, 1972-ж. Самарканд шаарындагы айыл чарба институтун ветеринардык факультетин бүткөн. 1949-1954-жж. Алай районунда ветеринар, 1954-1958-жж. комсомолдун Алай райондук комитетинин экинчи секретары, 1958-1964-жж. «Алай» совхозунда ветеринар, 1964-1991-жж. «Алай» совхозунда партиялык комитетин секретары, 1991-1996-жж. «Алай» колхозунда башкарманын төрагасынын орун басары кызматтарында иштеген. Алай райондук Советинин бир нече жолку депутаты, Ош облустук Советтин депутаты болуп шайланган. «Ардак белгиси», "Эмгек Кызыл Туу" ордендери, «Каарман эмгек үчүн", " В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгын салтанаттык менен белгилөө» юбилейлик медалы, СССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Ысымы Алай районунун Талды-Суу айыл өкмөтүнүн жашоочуларынын өтүнүчү менен айылындагы орто мектепке коюлган (2006-ж.).

УРАИМОВ Абдымомун - (1949-ж.т., Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы - 2003-ж., Ош шаары) - тарыхчы-окутуучу, тарых илимдеринин кандидаты (1994-ж.). Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 1971-ж. КМУнун тарых факультетин бүткөн. 1971-1977-жж. Кызыл-Сеңир айылында мугалим, 1977-1980-жж. Өзгөн районунун элге билим берүү бөлүмүндө, 1980-1992-жж. Ош облустук кесиптик билим берүүчү башкармалыгында усулчу, 1992-1996-жж. ОшМУнун тарых факультетинде окутуучу, 1996-2003-жж. Ош Технологиялык университетинде кафедра башчысы, факультеттин деканы болуп иштеген.


Ураимов Абдымомун

УРАИМОВ Кумарбек Абдымомунович - (1974-ж.т, Өзгөн району, Кызыл-Сеңир айылы) - врач. Медицина илимдеринин кандидаты (2013-ж.). Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 2000-ж. КММАнын дарылоо факультетин бүткөн. Ош облустук бириккен клиникалык ооруканандын хирургия бөлүмүндө врач, ОшМУнун медициналык факультетинде окутуучу.


Ураимов Кумарбек Абдымомунович

Y

ҮРКҮНБАЙ уулу Заит миң башы - (1883-ж.т., азыркы Өзгөн району, Карагаш айылы - 1960-ж., ошол эле жер) - Совет бийлигин орнотуугa жигердүү катышкандардан. Ача Жорунун Эсеке уругунан. Жаш кезинен Жору элинин өз мезгилиндеги коомдук иштеринде активдүү катышкан. Ача тамгалуу Жору уруусунун ар түрдүү коомдук маселелерин чүүдө Алимбек датка, Курманжан даткалар менен жолугушуп турганы маалымдалат. Кийинки Совет доорунда жаңы заманга ылайыкташып Совет бийлиги менен да кызматташкан. Бирок 1930-жылдары кулакка тартылуудан качып, Кытайдын Кашкар шаарында Жаныбек, Чыпактар менен кошо жүргөнү тууралуу маалыматтар бар. Бирок, 1935-ж. кулакка тартылып, 1937-ж. камактан чыгат (Маалымат 80 жаштагы Эсеке уругунун урпагы Кеңешбаев Маматтан алынды).

Ч

ЧОЛПОНБАЕВ Токуш - (05.05.1937-жылы Каракулжа рай. Карагуз ай. өкмөтүнүн Алтын-Гүрөк айылында) - мугалим. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. 1962-ж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун орус филология факультетин бүткөн. 1969-ж. Ташкентеги жогорку партиялык мектепти окуган. 1962-1965-жж. Чалма айылдык Советине караштуу "Ленинчил Жаш" орто мектебинде мугалим, 1965-1972-жж. партиянын Өзгөн, Совет райондук комитеттеринде инструктор болуп иштеген. Эгемендүүлүк мезгилинде Кыргыз Республикасынын Гимнин жазууга катышкан. 1995-жылдан чыгармачылык иштери менен алектенген. «Аскардын ыры», «Физиканын ыры», "Кара-Кулжам», «Жаныбай», "Оморбек", "Мырзабек» ж.б. ыр-жыйнак ки-


Чолпонбаев Токуш

тептердин автору. «Кыргыз ССР Эл агартуу отличниги» «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы ».



Чыпак Кубак уулу

ЧЫПАК Кубак уулу (Чыпак казы) - (болжол менен 1874-ж.т., Өзгөн району, Бешабышка айылы - 1934-ж., Кытай Эл Республикасында, Шинжаң) - Ача тамгалуу Жорунун Бешабышка уругунан. Өзгөндүн Бешабышка айылында төрөлүп, кийин Алайку өрөөнүнө көчүп кетип, андан кийин Кытайдын Кара-Терек өрөөнүнө барып жашаган. (Дагы бир маалыматта Кытайдын Кызыл-Суу автономиялуу облусунун Кара-Терек өрөөнүндө төрөлгөн деп да айтылып жүрөт). Чыпак акылман, чечкиндүү болгон. XIX кылымдын 90-жылдарында Кытайда жашап жүргөндө Чыпактын атасы Кубак Кытайдын шинчынының (полициясынын) колунан окко учат. Чыпак атасынын өлүгүн шинчынындардын тосотуна алып барып, кытайдын 10 жоокеринин кунун төлөтүүгө жетишкен. (Маалымат кытай-кыргыз окумуштуусу Анвар Байтурдун "Кыргыз тарыхы" китебинен. Бишкек-1992 ж. алынды. Чыпак Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадыралы уругунан чыккан Тете бийдин баласы Бедел бийдин колунда Алайкуда тарбияланып, кийин Кашкарга барып, казылык кызматка жеткен. Чыпакты «жырыгым» - деп эркелетүүчү экен, себеби Чыпактын оозунда кичинекей тубаса жырыгы болгон дейт. «Убагы келгенде кыргызга пайдаң тийчү бир азамат болосуң го?» - деп Бедел бийдин назар салганын азыр да эл оозунда айтылат. Чыпак Кашкарда Ош, Анжиян, Паркана Ташкент шаарлары менен соода байланыш түзүп, коомдук-саясий турмушка активдүү катышканы эскерилет. Кашкардагы Кытай бийлигинен карызга убактылуу акча алып, соода жүргүзгөндүгү, Чыпак кандайдыр бир себептер менен карызынан убагында кайтара албай калгандыгы, кытай кожоюндар, Чыпакты колунан асып койгону, аны акыреттик досу болгон алайкулук Таштемиров Шермат (Чуңкур) көрүп калып, тике туруп далысын тосуп жардам бергени, Чыпактын уйгур аялынан акча алып келип, Чыпакты кытайлардын туткунунан куткарганын эскерүүсү далилдейт. Чыпак камоодон бошогондон кийин досу Шерматка көп жардам бергенин, Чыпактын жоомарт экенин эскерип жүрүп Шермат (Чуңкур) аксакалдын көзү өткөнүн айтат. *(Маалымат берүүчү Келдибаев Ж. - Ош шаарынын жашоочусу).*

Кашкар шаарында кыргыздын Чоң Багыш уругунан Осмонали Кашкарды 2-майда 1933-жылы ээлегенден кийин Чыпакты дотай (Кашкар Кыргыз Республикасынын соода иштеринин башчысы) кылып бекитет. 1933-жылы 12-ноябрда Кашкарда Чыгыш Туркестан Ислам Жумурияты (Республикасы) жарыяланып, башына Сабит Абдуллабакиев келет. Бул республиканын Өкмөтүнүн орун басары жана каржы министри кызматына Чыпак бекитилет. Бул Жумурият болгону 5 ай жашайт. Ошол мезгилде Чыпак пахтадан жасалган кездемеден акча чыгарган. (Токтомамат Улукбеков «Баш командачы Ысакбек Мониев» Бишкек-2013-жыл китеби. 22-25 беттеринде).

Чыпак ошол мезгилдеги кыргыздын Ата мекенин сүйгөн уулдары Жаныбек газы, Адипаңсат, Алайкулук Жусу казы (Жусу казы - Кыргыз Эл баатыры, акын Сооронбай Жусуевдин атасы), Молдо Газыбек жана башкалар менен үзөңгүлөш болуп, Совет мамлекети тарабынан куугунтукталып жүргөндүгүнө карабастан, тыгыз байланышта болгон. 2010-жылы, 31-июлда ЭЛТР компаниясынан Султан Абдрахмановдун «Доор аяны» аттуу автордук программасында белгилүү журналист Жаркынай Темирбаеванын Кытай Республикасынын Цинь-Цзянындагы Улуу-Чат ооданынын Былкылдак айылына барып уюштурган теле маегинде, ошол жерде жашаган кыргыз улутундагы адамдардын «Чыпак казы Жаныбек казы менен бирге иштегенин, акча чыгарганын» айтышты. Буга кошумча маалымат катарында Кара-Суу районунун Жапалак айыл өкмөтүнүн Орке кыштагында жашоочу Мангиев Апас-

тын (1928-1956-жылдарда Кытайда жашап келген) 2013-жылдын декабрында берген маалыматында «Чыпактын акчасын көргөнмүн, энем бекитип жүргөн, ак түпүрөктөн эле» дейт. Бул акча Кашкардын аймагында беш айдан ашык акча катарында кызмат кылганы белгилүү. Азыркы мезгилде ушул акчанын калдыгы Пекин, Санкт-Петербург шаарларында нумизматика-тарыхый «музейлеринде сакталуу турат» - деген кабар бар. Кандай болсо да кыргыздын тарыхында бизге жеткен маалыматтар боюнча эң алгачкы акча каражаттарын чыгарган инсан, Чыпак колго түшкөндө уулу Шабдан жана бир кызы болгон экен. Чыпак НКВДнын кызматкерлеринен «Мени ата бергиле, менден тукум калсын, уулум Шабданды атпагыла» - деп сураганда. «Эл душманынан тукум калбаш керек!» деп, Чыпактын көзүнчө уулу Шабданды атып, кийин Чыпактын өзүн аткан экен. Анысы аз келгенсип, пендечилик акыркы салт да жасалбай, ошол жердеги жарга таштатып, үстүнө топурак да салынган эмес» - деп эл оозунда айтылып келет. Чыпактын уулу Шабдан Кытай аймагындагы кыргыздардан өз алдынча чек ара отряддарын түзүп, анын командири болгон. Болочок генерал Искак Монуев ошол Шабдандын отрядында кызмат кылып, кийин бөлүнөт. Шабдан келбеттүү жигит болгон, 1902-ж. туулуп 1934-ж. курман болгон. Орус, кытай, англис жана түрк тилдеринде да сүйлөй билген. Ыр жазган, комузда кол ойнотуп черталган. (Шабдан жөнүндө маалыматты Теңизбай уругунан Кантөрө Турдубаев -КНРде консулдуктун жооптуу кызматкери берди. 2015-жыл, январь.).

ЧЫРМАШЕВ Абдугапар - (1950-ж.т., Өзгөн району, Бешабышка айылы. 2017-ж.Ош шаары) - милициянын полковниги. Ача тамгалуу Жору уруусунун Беш абышка уругунан. 1980-ж. СССР ИИМдин Ташкенттеги Жогорку милиция мектебин бүткөн. 1967-1969-жж. Ош шаарында жумушчу, шофер, 1975-1977-жж. Ош облустук аткаруу комитетинин ички иштер башкармасынын ыкчам кызматынын чалгындоо бөлүмүнүн улук инспектору, 1977-1978-жж. Баткен райондук ички иштер бөлүмүнүн алдындагы атайын комендатуранын кылмышкерлерди издөө бөлүмчөсүнүн ыкчам-алдын-ала чараларды көрүү боюнча улук инспектору, 1979-1980-жж. Ош облустук аткаруу комитетинин ички иштер башкармасынын Кылмышкерлерди издөө бөлүмүнүн улук инспектору, 1980-1982-жж. Ош облустук аткаруу комитетинин ички иштер башкармасынын өзгөчө кылмыштар боюнча улук инспектору, 1982-1984-жж. Базар-Коргон райондук ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин орун басары, 1984-1990-жж. Майлы-Сай шаардык райондук ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 1990-1995-жж. Көк-Жангак шаардык милиция бөлүмүнүн начальниги, 1995-1998-жж. Ош облустук ички иштер башкармасынын коомдук коопсуздук бөлүмүнүн начальниги, 1998-2001-жж. Ош шаарынын күзөт бөлүмүнүн начальниги, 2001-2004-жж. Ош технологиялык университетинин юридика факультетинин кафедра жетекчиси, 2004-2007-жж ОшМУнун юридика факультетинин кафедра башчысы, 2007-жылдан Ош мамлекеттик Юридика институтунун доценти.



Чырмашев Абдугапар

ЧЫРМАШЕВ Сатыбалды - (1956-ж.т., Өзгөн району, Карагфрунзе политехникалык институттун инженер-куруучу факультетин (1979-ж.), ОшМУнун юридикалык факультетин (2000-ж.) бүткөн. 1972-1973-жж. Ош шаарында кинотеатрда киномеханик, 1974-1976-жж. Ош шаарынын санитардык машиналарынын айдоочусу, 1976-1977-жж. Кыргыз Республикасынын №1 курулуш монтаждоо трестинде кыш кыноочу, 1977-1987-жж. Түштүк жол куруу трестинин айдоочусу, масте-



Чырмашев Сатыбалды

ри, бөлүм башкаруучусу, 1987-1991-жж. Ош шаарындагы жол куруу ишканасынын баш-
кы инженери, башчысы, 1991-1993-жж. «Кыргыз курулуш» концернинде башкы директор,
1993-2000-жж. «Кыргыз курулуш» Акционердик коомунда вице-президент, президент,
2000-2002-жж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Закон чыгаруучу жый-
нында депутат, 2002-2003-жж. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар жана эколо-
гия министри, 2003-2005-жж. Ош шаарынын мэри, 2006-2007-жж. Кыргыз Республикасы-
нын Президентинин иш башкаруучусунун алдындагы "Бишкек" соода үйүнүн директору,
2007-2009-жж. Кыргыз Республикасынын иш башкармасынын алдындагы «УСиТ» мамле-
кеттик ишканасынын директору, 2009-жылдан «Кең-Булуң» жеке ишканасынын, «СЫЮ-
ТО». «Союз строй» ЖЧК башкы директору. 1-даражадагы Георгий алтын медалы менен
сыйланган.

III



Шайди уулу Эрмекбай газы

ШАЙДИ уулу Эрмекбай газы - (1869-ж.т., Кара-Кулжа району, Сары-Күңгөй айылы - 1926-ж., ошол эле жер) - казы. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. Россия империясына караган Кыргыз-стандын аймагынын Кара-Кулжа, Өзгөн чолкомдөрүндө башкаруу газы, бектер аркылуу жүргүзүлгөндүгү белгилүү. Ошол мезгилден Со-вет бийлиги орногон мезгилге чейин Эрмекбай газы Кара-Кулжа, Өз-гөн, Мырзаке аймактарында газы болуп бекитилип, элди башкарган. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында сот органдары түзүлө элек мезгилинде жогорку аймактарда Эрмекбай газы сот милдетин аткарып турганы белгилүү, Совет мамлекети менен да кызматташып, өзүнүн элин ар түрдүү ички жана тышкы душмандардан коргоп, калк арасында чоң абийирге ээ болгондугун урпакта-ры азыр да эскеришет. Эрмекбай газынын курдурган он гектарга жакын чеп коргону XX кылымдын 80-жылдарына чейин Өзгөн районунун Чымбай зонасында сакталып турган.



Шарипов Жусупбек

ШАРИПОВ Жусупбек - (27.4.1955-ж. т., Кара-Кулжа району, Кара-Кулжа айылы) - мамлекеттик кызматкер, Кыргыз Республикасы-нын 2-класстагы мамлекеттик кеңешчиси (2000-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун Биймырза тобунан. Киевдеги инже-нердик-курулуш институтун (1978-ж.), Россиянын Саратов шаарынан жогорку партиялык мектепти (1990-ж.) бүтүргөн. 1978-1979-жж. «Ош курулуш» трестинде инженер, 1979-1985-жж. мастер, улук прораб-участка башчысы, 1985-1986-жж. партиянын Кара-Суу райкомунун инструктору, 1986-1989-жж. Таш-Көмүр шаардык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, 1-орун басары, 1990-1992-жж. Ош шаардык кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, Ош шаарынын администрация башчысынын орун басары, 1994-1995-жж. Ош облустук газ чарба башкармалыгынын төрагасы, 1995-1997-жж. Ош шаарынын мэринин 1-орун басары, 1997-1999-жж. Кыргыз Республикасынын Прези-дентинин администрациясында инспектор, мамлекеттик кызмат жана уюштуруу иштер бө-лүмүнүн башчысы, 1999-2000-жж. Бишкек шаарындагы Октябрь районунун, Ош шаарынын мамлекеттик администрация башчысы-аким, 2000-2002-жж. Ысык-Көл, 2002-2005-жж. Жа-лал-Абад облустарынын мамлекеттик администрация башчысы-акими, 2007-2009-жылдан Кыргыз Республикасынын Сауд Аравиясындагы, Кувейт, Египет, Араб элчиси.2014-жылы Сауд Аравиясынын, Кувейт, Египет, Катар, Бахрейн мамалекеттериндеги Кыргызстандын

атайын ыйгарымдуу элчиси. 2017-жылдын ноябрь айынан бери Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен Украинадагы Кыргызстандын элчиси болуп дайындалган. «Даңк», «Алтын Фортуна» эл аралык Георгиев медалдары менен сый-ланган.




Шергазы бий

ШЕРГАЗЫ бий - болжол менен XVIII кылымдын башында жа-шаган. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. Коңур бийдин уулу, Ай тамгалуу Жору уругунун Коңур бийден кийинки бийи. Кожо уругунун Коңур бий тукумдарын Жар-Кыштак, Көрпө-Кыштак, Ак-Таш, Кербен-Кол кыштактарына отурукташтыруга, Кокон хандыгынын салыктары-нан куткарууга активдүү катышкан. Урпактары Кара-Суу районунун Отуз-Адыр, Кербен-Кол айылдарында, Кытай Республикасында оту-рукташып, тукумдарын улантып келүүдө.



Шерматов Рустанбек Апазович

ШЕРМАТОВ Рустанбек Апазович - (1959-ж.т., Кара-Суу ра-йону, Жаңы-Арык айылы) - инженер-куруучу. Мамлекеттик кызмат-тын 3-класстагы кеңешчиси. Айтылуу Тойчубек датканын кыбырасы. Ача тамгалуу Жорунун Жакып уулу уругунун Сооржан уулу тобунан. 1981-ж. Фрунзе политехникалык институтун бүткөн. 1981-1983-жж. Кыргыз газдаштыруу №2 Курулуш монтаждоо башкармасынын кару-луш бөлүгүнүн мастери, 1984-1993-жж. Алай районунун Жаңы-Арык атайын чарбасында мастер, 1993-1996-жж. Ош облустук турак жай ком-муналдык чарбасында ПМКнын начальниги, 1996-1998-жж. «Курулуш ондоо участогу» мамлекеттик акционердик коомдун башкармасынын төрагасы, 1998-2001-жж. Кыргыз азиздер жана дүлөйлөр коомунун Оштогу үйрөтүү өндүрүштүк ишканасынын директору, 2003-2011-жж. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин долбоорлоо-сметалык бөлүмүндө, өндүрүштүк пландоо бөлүмдөрүндө бөлүмдүн начальни-ги, башкарманын директору, 2011-2013-жж. Ош жана Жалал-Абад шаарларын калыбына келтирүү мамлекеттик дирекциясынын эксперт-технадзору, 2013-жылдан Ош облусунун Капиталдык курулуш башкармасынын жооптуу кызматкери. Кыргыз Республикасынын Өз-гөчө кырдаалдар министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.



Шермат Гапар уулу

ШЕРМАТ Гапар уулу (Молдо Шермат газы) - (1880-ж.т., Фер-гана уезди, Куршаб болуштугу, Кара-Суу шаары - 1963-ж., ошол эле жер) - аалым. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунун Боро то-бунан. Ислам дини боюнча 20 жылдан ашык Тажикстанда, Анжиянда, Бухарада билим алган. Араб, фарсы тилдеринде эркин сүйлөп, которо жана жаза билген. Октябрь революциясына чейин Куршаб өрөөнүндө газы болгон. Кийин куугунтуктан качып, Кытай мамлекетинин Каш-кар, Улуу-Чат өрөөнүндө жашап жүрүп, кийин Кара-Суу шаарына кел-ген. Ал жерде исламдын аалымы катарында жалпы өзбек, кыргыз, казак улуттардан түзүлгөн жамааттын арасында чоң кадыр-баркка ээ болгон. Өзбекстан-Кыргыз-стандагы мусулмандардын арасында белгилүү инсан. Шермат газынын өзү араб тилинен түркий тилге Мавлютту (Мухаммед САВдын өмүр жолун, санжырасын) которгон. Азыр да Шермат аалымдын кол жазма катарында уулу Шерматов Абдулкаимдин колунда сакта-лып турат. Бизге жеткен маалыматтар боюнча азыркы мезгилде дагы Шерматтын которгон арабий аяттары которула элек. Бул Шермат газынын илиминин жогорку деңгээлде экенин далилдеп турат.



Шеров Орозмат

ШЕРОВ Орозмат (Молдо Орозмат) - (1893-ж.т., азыркы Өзгөн району, Кара-Таш айылы - 1984-ж., ошол эле жерде) Ача Тамгалуу Жорунун Эши (Ийрек) уругунан. Өз мезгилинде Бухара, Самарканд шаарларынан диний медреседе окуп, билим алган. Абдыкадыр Орозбеков (чогуу иштешкен), Жусупбаев Кармышактардын замандашы, бирге жүргөн жолдошу болгон. Совет бийлигин орнотуу, Кыргызстандын Түштүгүндөгү чек араларды тактоо иштерине активдүү катышкан. Совет бийлигинин өкүлдөрү менен ошол мезгилдеги Жоруу уруусунан чыккан Садык Өмар Заит миң башылар менен мамилеленип болуп, көпчүлүгүн репрессияга учуроодон сактаган.

Азыркы мезгилде Шеровдун урпактары Өзбек Республикасынын Кокон шаарына жакын Алты-Арык районундагы Паласан кыштагында, Өзгөн районунун Кара-Таш айыл аймактарында жашаары белгилүү. Бирок тилекке каршы Шеров Орозматтын архивдик маалыматтарын азырынча табуу мүмкүнчүлүгү болгон жок. Келечекте изилдөөчүлөр бул маселеге кайрылып, Шеровдун таржымалына тактоо киргизет деген Үмүттөбүз (Бул маалыматтар элдин оозеки маалыматтары менен 76 жаштагы Өзгөн районунун Кара-Таш айылынын жашоочусу, уулу Орозматов Нажимидинден алынды).



Шеров Абыхай

ШЕРОВ Абыхай - (15.6.1946-ж.т., Ош облусу, Кара-Суу шаары) - инженер. Айтылуу Шермат газынын уулу. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 1977-ж. Фрунзе политехникалык институтун бүткөн. 1962-1971-жж. Ош облустук «Кыргыз сантехмонтаж» ПМК трестинде жумушчу, 1971-1981-жж. Фрунзе шаарындагы «Кыргызстан» мейманканасында инженер, башкы инженер, 1981-1985-жж. партиянын Кара-Суу райкомунун инструктору, 1985-1988-жж. Кара-Суу шаарынын Эл депутаттар Советинин төрагасы, 1988-2001-жж. «Курулуш-ремонттоо» ишканасынын башчысы болуп иштеген.



Шеров Аттокур Ишатович

ШЕРОВ Аттокур Ишатович - (1913-ж.т., Фергана уезди, Куршаб волосу, Кочкор-Ата айылы - 1972-ж., Фрунзе шаары) - врач. Кыргызстандагы эң алгачкы медицина илимдеринин кандидаты (1946-ж.), доцент. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 1936-ж. Ташкенттеги В.М.Молотов атындагы медицина институтун бүткөн. 1936-1937-жж. Нарын облусунун Жумгал районунун башкы врачы, 1937-1939-жж. Кемин районунун Бороздой айылынын башкы врачы, 1939-1941-жж. КММИде нормалдуу анатомия кафедрасынын ассистенти кызматтарын аркалаган. 1941-ж. Улуу Ата Мекендик согушка кеткен. Согушка СССРдин Түндүк-Батыш фронтунун аба-десанттык аскер бөлүгүндө майор аскердик чини менен катышкан. Германиянын Загон, Ледорезе, Румыниянын Строэшти шаарларын, б. а. Подмосковьеден Румыния, Польша, Чехословакия, Австрия, Германияны басып өтүп, 1946-ж. гана фронттон кайткан. Согушта Висла, Одер, Эльба дарыяларын кечип өтүп, Белогда, Харьков, Полтава, Кременчук, Первомайск, Сандомир шаарларын бошотконду үчүн Башкы командачы И. В. Сталиндин ыраазылык каттарын алган. Согуш аяктагандан кийин Шеров А. И. Кыргыз медицина илиминде чоң окумуштуулар - профессор И. Г. Мардерштейн, профессор Б. Ф. Парин, профессор И. К. Акунбаев менен иштеген. Кыргызстанда эң алгачкылардан болуп медициналык терминдердин котормосун орус, латын, кыргыз тилдерине которууну баштаган. Кыргызстанда биринчилерден болуп анатомия музейин уюштурун, толук бүтүрүүгө убактысы жетпегендиктен, анын бул эмгегин профессор Н. Н Лавров уланткан. «СССР Саламаттык сактоонун отличниги» (1946-ж.). Кызыл Жылдыз ордени жана медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун, Кыргызстан ЛКЖСнын, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо комиссариатынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

А. И. Шеров Кыргыз эл баатыры, академик М. Мамакеевдин устаты. Академик М. Мамакеев маркум А. И. Шеровдун адамгерчилигин, чоң окумуштуу экендигин, кыргыз медицинасынын болочок кадрларын даярдоодогу көөнөргүс салымын жазган («Будь здоров» №3 2012-жыл. «Ош жаңырыгы» 17-март, 2012-ж. газеталары).



Шерова Алла Аттокуровна

ШЕРОВА Алла Аттокуровна - (1939-ж.т., Фрунзе шаары) - врач. Медицина илимдеринин кандидаты (1975). Эмгек ардагери (1989). Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1962-ж. КММИни бүткөн. 1971-1974-жж. Москва шаарындагы СССР Медицина илимдер академиясынын А. Н. Бакулев атындагы жүрөк-кан тамыр хирургиясы институтунун аспирантурасын окуган. 1962-1964-жж. Кемин райондундагы Боролдой медицина-санитардык бөлүмүнүн терапевти, 1964-1971-жж. республикалык клиникалык оорукананын жалпы хирургия бөлүмүнүн врачы, 1974-1976-жж. республикалык клиникалык оорукананын жалпы хирургия насында көкүрөк хирургиясы бөлүмүндө анестезиолог-реаниматолог, 1973-1993-жж. КММАда анестезиология жана реаниматология кафедрасынын доценти, 1993-1995-жж. фармацевдерди даярдоонун республикалык борборунун директтик курсунун башчысы, 1995-1996-жж. республикалык Акушердик жана педиатриялык илим изилдөө институтунун бөлүм башкаруучусу, 1996-2002-жж. КММИнин анестезиология жана реанимация боюнча доценттик курстун башчысы, 2002-жылдан Кыргыз-Россия Славян университетинин медицина факультетинин госпиталдык хирургия кафедрасынын анестезиология жана реанимация боюнча доценти. 2014-жылдан КММАнын профессору. А.А.Шерова жалпысынан “Кыргызстандагы анестезиология жана анестезиологдору тууралуу” бир монографиянын, 76 илимий иштин, 15 илимий методикалык пособиянын автору. А. А. Шерова өзүнүн узак убакыттагы ишинде республиканын саламаттык сактоо тармагынын анестезиология жана реанимация иштери боюнча жүздөгөн практикалык жардамдарды бергени, республикада бул тармак боюнча миңдеген адистерди даярдаганы белгилүү. Мындан тышкары көптөгөн илимий ыкмалар А. А. Шерова тарабынан ишке киргизилип, жалпы республикадагы хирургиянын өнүгүшүнө зор салымын кошкон. “Саламаттык сактоонун мыктысы” (1997-ж.). Кыргыз ССР Жогорку Советинин, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.



Шерова Мира Аттокуровна

ШЕРОВА Мира Аттокуровна - (1937-ж.т., Бишкек шаары) - окутуучу. Биология илимдеринин кандидаты (1996-ж.). Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1959-ж. КМУнун биология факультетин бүткөн. 1959-1970-жж. КМУнун органикалык жана физикалык химия кафедрасында окутуучу, улук окутуучу, доцент, 1970-2000-жж. КМУнун органикалык химия кафедрасынын доценти, кафедра башчысы, физколлоиддик химия кафедрасынын профессору, 2000-2014-жж. ЮНЕСКОнун экологиялык билим берүү жана жаратылыш илимдеринин кафедрасынын профессору болуп иштеген. 88 илимий-усулдук эмгектин автору. Илим-изилдөө институттарында 20дан ашык органикалык бирикмелердин аныктоочусу. Кыргыз тилиндеги химия боюнча энциклопедиянын авторлорунун бири. ”СССР спортунун мастери” (1962-ж.).

Көптөгөн жылдар бою Кыргызстандын баскетбол боюнча курама командасынын капитаны болуп, СССРдин бир нече спартакиадасына, чет элдик спорттук мелдештерге катышкан. КМУнун “XX кылымдагы эң мыкты спортсмени” наамына татыктуу болгон. ”Кыргыз ССР эл агартуусунун, СССР агартуусунун отличниги (1983-ж.). «Ардак Белгиси» ордени менен сыйланган.


Шоноев Толкунбек Курманбекович

ШОНОЕВ Толкунбек Курманбекович - (1977-ж.т., Ош шаары - 2013-ж., ошол эле жер) - милициянын полковниги. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1998-ж. Кыргыз Республикасынын ИИМинин Бишкек жогорку мектебин бүткөн. 1994-ж. Ош облусунун Алай районунда экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча оперкызматкер, 1994-2003-жж. Ош шаардык ички иштер башкармасында кылмыш иликтөө бөлүмүндө оперкызматкер, 2003-2006-жж. Ош шаарында мүлктүк кылмышка каршы күрөшүү бөлүмүнүн башчысы, 2006-2009-жж. Ош шаардык ички иштер башкармалыгында Уюшкан кылмышка каршы күрөшүү бөлүмүнүн башчысы, 2009-2011-жж. Кыргыз Республикасынын ИИМинин Ош, Жалал-Абад, Баткен райондор аралык башкармалыгында улук оперкызматкер, бөлүм башчы, 2011-2013-жж. Кыргыз Республикасынын ИИМинин Уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүү Башкы башкармалыгынын Ош, Жалал-Абад, Баткен облустары жана Ош шаары боюнча регионалдык башкармалыгынын, бандитизм, буйрутма адам өлтүрүү, опузалоого каршы күрөшүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. «Эрдик», 3-даражадагы «Азамат» медалдары жана «Кыргыз Республикасында көргөзгөн кызматындагы артыкчылыгы үчүн» төш белгиси менен сыйланган.


Шопоков Акмат Абытович

ШОПОКОВ Акмат Абытович - (25.3.1956-ж.т., Кара-Суу району, Жаңы-Арык айылы) - УМККнин полковниги. Ай тамгалуу Жору уруусунун Каракунас уругунан. 1982-ж. Ош педагогикалык институтунун орус филологиясы факультетин бүткөн соң, аталган окуу жайында окутуучу болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук кызматынын А. Бакаев атындагы жогорку курсун окуган. 1987-1992-жж. СССР Мамлекеттик коопсуздук комитетинин (КГБ СССР) Ташкенттеги борборунда жооптуу кызматтарда иштеп, 1992-ж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетине (ГКНБ) которулган. Мындан кийин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик улуттук коопсуздук кызматынын Ош, Жалал-Абад областары боюнча Аскердик каршы чалгындоо кызматын аткарган. Кыргыз Республикасынын ГКНБ (МУКК)нин Борбордук өздүк коопсуздук башкармасында жетекчи кызматтарда иштеген. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Чоң атасы Шопок (Шапак) бай жалпы Жоруга таанымал киши болуп, өз мезгилинде калктын, уруулаштарынын коомдук саясий иштерине активдүү катышканы, айрыкча азыркы мезгилде Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылы округунда жергиликтүү тургундарга айланган тажик улутундагылардын ушул жерге жайланышын жашан калганына негизги себепчи болгону урпактарынын, тажик туугандардын эскерүүлөрүндө айтылып келет. Ошол доордо баштарына иш түшүп, мекенинен качып келишкен, Тажик туугандар (Бул тажик туугандар азыр 100дөн ашык кожолукта 700дөн ашык жанды түзүшөт) азыр да Шопок бай-

дын урпактарын «тууган» - деп эсептешип, байланышын үзгөн эмес. Шопок (Шапак) байдын Барак анклавында «Шапак айдоочу» деген жери бар, каза болгондо Катта-Талдык айыл өкмөтүнүн «Сасык өңгү»- («Жаңы Турмуш») айылына коюлганы белгилүү.

Ы


Ысмайылов Эргеш

ЫСМАЙЫЛОВ Эргеш - (1900-ж.т., Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы - 1982-ж., ошол эле жерде) - өз доорунун чоң баба дыйканы. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бооке (Чайчы) уругунан. Падышачылык Россия мезгилинде Кыргызстандан чакырылган аскер бөлүгүнүн, Улуу Ата мекендик согушта жумушчу батальонунун катышуучусу. Колхоз курулушунун активдүү катышуучусу, согуштан кыйраган эл чарбасын калыбына келтирүү иштеринде эмгек сиңирген. Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасын тактоонун эң алгачкы демилгечиси. Атактуу Андыбай баатырдын урпагы. Жорунун туусу, эн тамгалары, эски беиттери, курулган арыктар тегирмендери тууралуу жана балбандар, мүнүшкөрлөр, табыптар жөнүндөгү маалыматтарды уулу, ушул китептин авторуна сунуш кылган. Өмүрүнүн акырында жалпы Жорунун санжырасын тактоону уулуна керез катарында табыштап кеткен.

Э


Эргеш март

ЭРГЕШ март (берешен) - болжол менен XIX кылымда жашаган. Урпактарынын эскерүүсүндө чоң чабендес, балбан күрөшкө, оодарышта жок туугандарына азык, оокат, кийим-кечек жагынан колунда барын аябастан бергенин айтышат. Эргеш марттын туугандарына берген жардамы калк арасында аңыз кепке айланган. Байлыгы да болгон.


Эрматов Эгемберди

ЭРМАТОВ Эгемберди - (10.7.1951-ж.т., Баткен облусу, Кадамжай району, Пум айылы - 24.1.2017-ж., ошол эле жер) - акын, драматург, котормочу жана журналист. «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» (2003-ж.). Кыргыз Республикасынын эл акыны (2011-ж.). Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызматынын 3-класстагы мамлекетик кенешчиси (2014-ж.). Жору уруусунун Баткен облусундагы Кадамжай районунун тобунан. 7 жашында атасынан, 14 жашында энесинен айрылган. Орто мектепти Кызыл-Кыя шаарындагы жатак-мектебинен окуган. 1970-ж. Ош педагогикалык окуу жайын, 1979-ж. Москвадагы М. Горький атындагы адабият институтун бүтүргөн. Андан кийин «Кыргызстан маданияты», «Кыргыз руху» гезиттеринде, «Мурас», «Тулпар» журналдарында адабий кызматкер, он жылдан ашык убакыт Баткен университетинин Кызыл-Кыя шаарындагы Педагогикалык институтунда дүйнөлүк адабияттан сабак берген. 2013-2017-жж. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын төрагасы болуп иштеген. Кыргыз

Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланган (2010-2013-жылдары). Чыгармалары 1970-жылдан басма сөздө жарыяланып, биринчи ырлар жыйнагы «Ак дил» деген ат менен 1979-жылы басылып чыккан. Акын «Шаар жана тоолук», «Өмүр издери», «Туяктын ыры», «Саймалуу таш», «Махабат», «Исфайрам авазы» аттуу ыр китептердин, «Мухаммед пайгамбар» деген дастандын, «Аксаткын менен Кулмырза» драмасынын автору. Акындын ырларына Жумамүдүн Шералиев, Рыспай Абдыкадыров, Муратбек Бегалиев, Аскар Карыбаев сыяктуу обончу-композиторлор обон жазышкан. И.Чавчавадзенин чыгармаларын которуп басып чыгарууда тең автор болгон. Чыгыш акындарынын көбүн кыргызтилине которгон. 1984-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү. Апрель элдик революциясынын баатыры (2011-ж.). Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги (2012-ж.). Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун Ардактуу профессору (2012-ж.). ОшМУнун эмгек сиңирген ишмери (2015-ж.). Кыргыз Республикасынын «Ардактуу Аксакалы» (2016-ж.). КР Пр каштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы (2008-ж.). "Баткен облусуна 15 жыл" (2016-ж.), "Карегимде Мекен чеги" (2013-ж.), "Кыргыз милициясына 90 жыл" (2015-ж.), «Өзгөчө кырдаалдар министрлиги» (2015-ж.), "Каарман" (2013-ж.), "ӨКМ Куткаруучуларды даярдоого 10 Жыл" (2013-ж.), Укук коргоого салымы үчүн "Ардак" (2014-ж.), "Ардактуу Инсан" (2016-ж.) төш белгилери менен сыйланган.


Эргешов Алтынбек Калдарович

ЭРГЕШОВ Алтынбек Калдарович - (29.3.1972-ж.т., Өзгөн шаары) - экономист. Мамлекеттик кызматтын 1-класстагы кеңешчиси. Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. КМУУну (1998-ж.), Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы башкаруу Академиясын (2009-ж.) бүткөн. 1996-2004-жж. Ататюрк атындагы парктын директорунун орун басары, 2005-2006-жж. Кыргыз Республикасынын Президентинин иш башкармасында курулуш, өндүрүш иштери боюнча бөлүмчүсүнүн орун басары, 2006-2009-жж. Кыргыз Республикасынын Президентинин иш башкармасынын маркетинг жана мамлекеттик сатып алуу бөлүмүнүн башчысы, 2009-ж. Кыргыз Республикасынын Президентинин жардамчысы, 2009-2010-жж. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын директорунун орун басары, 2012-ж. Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратында мамлекеттик аймактык жана кадр башкармасында инспектор, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппарат жетекчисинин орун басары, 2012–13-ж. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратында уюштуруу-инспектордук иштер кызматынын бөлүм башкаруучусу, 2013-ж Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын уюштуруу- инспектордук бөлүмүнүн жетекчисинин орун басары.


Эркебаев Амирбек

ЭРКЕБАЕВ Амирбек - (1925-ж.т., Куршаб району, Кызыл-Сеңир айылы - 1972-ж., ошол эле жер) - Ай тамгалуу Жору уруусунун Кожо уругунан. 1954-ж. Москва шаарындагы М. В. Ломоносов атындагы университеттин юридика факультетин бүткөн. 1939-1942-жж. Куршаб районунун эл сотунда катчы, 1942-1945-жж. Куршаб райондук гезитте секретарь, редактор, 1946-ж. ушул райондун Коммунизм мектебинде директор, 1947-1948-жж. Куршаб райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1954-1956-жж. Ош облусунун прокуратура органдарында жооптуу кызматтарда, 1957-1958-жж. мамлекеттик коопсуздук комитетинде, 1959-1962-жж. партиянын Ош облустук комитетинде бөлүм башчы, 1963-1972-жж. Ош шаарында Текстиль комбинатында, Керек-жарак союздарында жооптуу кызматтарда иштеген.

ЭРКИНБАЕВ Жуманазар - (26.6.1940-ж.т., Биймырза айылы - 1.7.1992-ж., ошол эле жер) - укук таануучу. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. 1966-ж. КМУну бүтүргөн. 1966-1970-жж. Ош облусунун Фрунзе райондук прокуратурасынын тергөөчүсү, 1970-1973-жж. Баткен районунун прокурорунун милдетин аткаруучу, прокурор, 1970-1977-жж. Таш-Көмүр шаардык прокуратурасынын тергөөчүсү, 1977-1979-жж. Ош облустук прокуратурасынын тергөө бөлүмүнүн прокурору, 1979-1980-жж. Ош шаардык прокуратурасынын прокурорунун орун басары, 1980-1983-жж. Оштогу комбинатта юрисконсультанты, 1983-ж. Талас облусунун прокурорунун жардамчысы, 1983-1985-жж. тергөө бөлүмүнүн прокурору, 1985-1986-жж. тергөө бөлүмүнүн начальнигинин милдетин аткаруучу, 1986-1987-жж. Совет райондук керек-жарак коомунда жетектөөчү адис-юрист, 1987-1989-жж. Майлы-Сай юридикалык консультациясынын консультанты, 1989-1991-жж. Өзгөн, 1991-1992-жж. Совет райондук адвокатурарында адвокат болуп иштеген.


Эркинбаев Жуманазар

ЭШНАЗАРОВ Таши - (1892-ж.т., Түшүнүк айылы - 1958-ж., ошол эле жер). Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. Совет бийлигин ишке ашырууга жигердүү катышкандардан. Коллективдештирүү мезгилинде басмачыларга каршы активдүү күрөшкөн. 1935-ж. өз каражатынан Түшүнүк айылына 7 жылдык мектеп курдуруп, сабатуулукту жоюу иштерин уюштурган. Капчыгай өрөөнүнө ашар жолу менен жол салдырган. Улуу Ата Мекендик согуш убагында өз ыктыяры менен колхозго 6 төөсүн, 2 атын Кызыл Армияга өткөрүп берген. Согуштан кийинки эл чарбасын калыбына келтирүү иштерин уюштурган.


Эшназаров Таши

Ю

ЮСУПОВ Абдураим - (1926-ж.т., Кара-Суу району, Паркыратай айылы) - подполковник. Ай тамгалуу Жорунун Мурзакул уругунан. 1963-ж. РСФСРден милициянын жогорку окуу жайын бүтүргөн. Эмгек жолун 1944-1946-жж. Анжиян облусунун Микоян атындагы мектебинде мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1947-1978-жж. Өзгөн, Хайдаркен, Куршаб, Фрунзе, Кызыл-Кыя шаардык ички иштер бөлүмдөрүндө жетекчилик кызматтарды аткарган. Куршаб, Фрунзе райондук Советтеринин депутаты болуп шайланган. «Милициянын отличниги». «Каарман эмгеги үчүн», «Күжүрмөн кызматы үчүн» медалынын 1-баскычы менен сыйланган.


Юсупов Абдураим

ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНАН ЧЫККАН ДҮЙНӨГӨ БЕЛГИЛҮҮ БОЛГОН УРПАКТАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР

Союзбек Салиев - Эл аралык учкуч, Жору (Жолжакшы) уруусунун Тасма уругунун тукуму



Салиев Союзбек 2005-жылы И. Абдраимов атындагы Кыргыз Авиациялык колледжин ийгиликтүү аяктагандан кийин өзүнүн учкучтук кызматын баштаган. Салиев С. аткарган учуу Борбордук Азиядагы түрк тилдүү мамлекеттердин арасында эң алгачкысы. Булардын учуу маршруту өзүнүн багытындагы мурда аткарылган маршруттардын арасында жападан жалгыз. Себеби Жер шарынын Экватор линиясына жакын, жер шарын айланып учкан. Мындан тышкары учуунун негизги багыттарынын аралыгы дүйнөлүк океандын үстүнөн өткөндүгү менен дагы уникалдуу болуп саналат. Ошону менен бирге самолету бир моторлуулугу, күйүүчү майдын запасынын аздыгы жана кошумча сакталган күйүүчү майы кабинада сакталгандыгы дагы дүйнөдө мурда болбогон тобокелчиликти түзгөн. Жер шарында жалгыз моторлуу самолет менен тарыхта 215 киши жер шарын айланып учса, 216-адам Салиев Союзбек болду.

Жер шарын айланып учуу 25-августта 2016-жылы эртең мененки саат 07.00дө Бишкек шаарынын Манас аэропортунан башталып, 27-октябрь 2016-жылы саат 14.00дө аяктады. Жер шарын айланып учуп өтүү бир моторлуу самолет Mooney-Ovation-2 менен курамында эки учкуч - Салиев Союзбек жана Ионас Жукнустун аткаруусунда Кыргыз Республикасынын Көз каранды эместигинин 25 жылдык юбилейине арналган. Жалпысынан учуу 12 мамлекеттин аймагына конуу менен аткарылган. Ал мамлекеттер жана аэропорттор төмөнкүлөр:

Оаэ, аэропорт Аль Айн (OMAL)
Судан, аэропорт Донгола (HSDN)
Нигерия, Эл аралык аэропорт Маллам Амино Кано (DNKN)
Кот д Ивуар, аэропорт Порт Буэт (DIAP)
Бразилия, аэропорт Ресифе (SBRF)
Боливиа, аэропрт Виру-Виру (SLVR)
Чили, аэропорт Диего Арасена (SCDA)
Остров Пасхи, аэропрт Матавери (SCIP)

Остров Таити, Француздун Полинезиясы, аэропорт Фааа (NTAA)
Американын Самоасы, аэропорт Паго Паго (NSTU)
Микронезиянын Федеративдүү штаты, аэропорт Понпеи (PTPN)
Филиппины, аэропорт Лаоаг (RPLI)
Бангладеш, аэропорт Хазрат Шанжала (VGHS)
Оаэ, аэропорт Аль Айн (OMAL)
Иран, аэропорт Шахид Хашеминежад (OIMM)

Учуулардын кыска маалыматтары

Учуунун кыскача маалыматы	Бириккен Араб эмираттарынан Бириккен Араб Эмиратына чейин	Бишкектен Бишкекке чейин
Күнү	58 күн	62 күн
Километрлери	40216 чакырым	45240 чакырым
Учкан сааты	149 саат	170 саат

Жер шарын дүйнөдө 216-болуп жалгыз моторлуу самолет менен айланып чыккан Жору (Жолжакшы) уруусунун тукуму Союзбек Салиев жөнүндө фотобаяндар





Союзбек Салиев өзүнүн жер шаарын айланып учуудагы оноктошу Ионас Жукнус (Латвиялык учкуч) менен самолетунун жанында





Союзбек Салиев Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш.Жээнбеков жана Республиканын Премьер-министри М.Абылгазиев менен жолугуп жаткан учуру

ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНУН УРПАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 6 МИЛЛИОНУНЧУ ЖАРАНЫ БОЛУП ТОРОЛГӨН КОЖОШЕВА АЙЛИН АЛМАЗОВНА ТУУРАЛУУ ФОТО БАЯНДАР



Анасы - Рахат Белекова үй кызматкери, ал эми атасы Алмазбек Кожошев - Улуттук Гвардиянын Оштогу болүгүнүн командири. Жору (Жолжакшы) уруусунун Таема уругунан. Айлин үй-бүлөнүн алтынчы баласы. Атасынын айтымында, ысымды анасы ыйгарган. Кыргыз Республикасынын алты миллионунчу Айлин кыздын төрөтканадан атасы Алмазбек Кожошев менен чыгып келе жаткан учуру



Айлин кызыбыз - апасы Рахат Белекова менен



Айлин кызыбыз - ак жолтой, бактылуу болсун.



Айлинге Кыргыз Республикасынын алты миллионунчу жашоочусу экендиги тууралуу берилген мамлекеттик тастыктама



Айлинди Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш.Жээнбековдун Республикабыздын башка жетекчилери менен куттуктап, ак батасын берип жаткан учуру

ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУКТАРЫНДА АЙТЫЛЫП ЖҮРГӨН МААЛЫМАТТАР

АДИГИНЕ МЕНЕН ТАГАЙ БУБАЛАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

Курманбек баатырдын небереси Шырдакбек калмактардан Анжиян тарапты бошотқондо Адигине менен Тагай түндүк тараптан Ош-Фергана өрөөнүнө көчүп келген экен. Ошондо Адигине менен Тагай үйлөнө элек жаш балдар болушкан. Адигине бий Тагай баатырдын агасы.

Мына ошондон кийин жоокерчилик мезгилде Кашкар тарапка Адигине кеч күздө барып, кайтпай калган экен. Тагай агасын издеп, катуу жааган карга, бороонго туш келип, ашуудан араң ашат да аттардын кеткен изин көрөт. Ошол аттардын издеринде такаланбаган аттар экенин баамдап, бул калмактардыкы экенин байкайт. Ошол изди кууп барса Адигине агасы калмактардын колуна түшүп, абакта жатканын билет. Сарайга киргизбегендиктен, Тагай чарчап, сарайдын оозунда уктап калат. Мурутуна муз тоңуп калганына карабай уктап жаткан адам жөнүндө ошол ордонун ханына жетет. Хан «ойготуп алып келгиле» - деп буйрук берет. Хан менен жолугат. Ошондо хандын ордосундагы тагына отурарда үстүнөн Жору аттуу канаттуу куш айланып учуп калат. Хан Тагайдан эмнеге келгенин сурап, «ушул айланып жаткан жоруну жаа менен атып түшүрсөң аганды чыгарып беремин» дейт. Ошондо жаа менен жоруну атканда жорунун оң канатын үзө атат. Ошол мезгилдеги салт боюнча башка элдин бийин же ханын колго түшүргөндө жүдөп кор болбосун деп, аны үйлөп, б. а аял алып берүү салты болгон экен. Ошол салттын негизинде Адигинеге сарайдагы кызматчы аялдардан бирөөнү алып берип койгон болот. Адигинени бошотуп алып келе жатканда баягы аялдын боюнда болуп калган болот. Адигине кетип бара жатып баягы аялга кестигин таштап, «Эгерде уул бала болсо ушул кестикти берип, менин артымдан Анжиян тарапка жөнөткүн» - деп, өзү жолго жүрүп кете берет. Эркек төрөсөң, атын Жору койгун - дейт. Ошондон бир топ жылдар өткөндөн кийин Адигине Тагай, Наалы эжелер жайлоодо жайлап жүрүп, ордо атып жатканда бир белгисиз бала, жолоочу өтүп калат. Ордо оюнунун эрежеси боюнча «Чокон» аттуу кезеги келгенде баягы жолоочу балага мейман экенсиң - деп чоконду аттырат. Ошондо кийген чапанынын этегин кайрып, кадамак кадайт да, ичке түшүп, калган ашыктарды чертип чыгат. Чапанын кайрыганда жамбашына байланып алган кестиги көрүнөт. Баланын байланган кестигин Адигине көрүп, тааныйт. Ошондо баланын кайдан келе жатканын, таржымалын сурап, өзүнүн баягы ичте калган баласы экенин билип, эл-журтка той берип тааныштырат, энчисин бөлүп берип, өзүнүн балдарына кошот. Маалымдоочу-Мамиев Пайзилиддин-Кызыл-Суу айылы. (Атасы Атабек уулу Мамиден уккамын дейт).

Жору (Жолжакшы) уруусу жөнүндөгү маалыматтар

(2009-жылдын 18-март күнү Алай районунун Коруул айылында жашаган Акматалиев Канатбек, 1942-жылы туулган). Канатбек аксакалдын айтуусуна караганда атасы Акматали 1924–1938-жылдары айылдык кеңештин төрагасы болуп иштегенин, убагында Жаныбек казы, Камчыбек уулу Кадырбек, Осмоналы Сыдык уулу менен бирге болгонун, жолугуп сүйлөшкөнүн айтат. Осмоналы Сыдык уулунун санжыра китебинен бирөөнү белекке алганын, аны кечээ эле 90-жылдарда жоготуп жибергенин эскерет.

К. Акматалиев жалпы кыргыздардын санжыралык маалыматтарын агасынан укканын, эсинде калгандарын айта алат экен. Жору уруусу жөнүндө төмөнкүлөрдү айтып берди.

Адигинеин бир баласы Жору (Жолжакшы). Жору аталганынын себеби Адигине менен Тагай бубалардын доорунда Адигине бубабыз Кашкар хандыгына барып, колго түшүп, Кытай түрмөсүнө камалып калат. Бир жылдан кийин иниси Тагай баатыр агасын издеп барса кеч кирип кетип, Тагайды хан ордосуна киргизбей коёт. Жол жүрүп, чарчаган Тагай атын кантара байлап, ордо оозунда уктап калат.

Эртең менен караса Тагайдын үстүнө бир топ кар жаап салган болот. Тагай аны деле сезбей, уктап жата берет. Хандын чабагандары ханга бул жөнүндө кабарлайт. Хан жолоочуну ичкери киргизүүгө буйрук берип, ким экенин сураштырса «Мен мергенчимин, бороондо адашып калдым» - деп жооп берет. Арадан 3–4 күн өткөндөн кийин Хан жан-жоокерлери, мергендери менен эс алууга жөнөйт. «Мергенчи болсоң биз менен жүр, ууга барабыз» - деп сунуштаганда Тагай баатыр макул болуп, хан менен мергенчиликке кошо барат. Ошол күнү негедир мергенчилердин жолу болбой, кайра келе жатса, бир жору куш (Тазкара) хандын үстүн айланып учуп калат, Хан жигиттерине жоруну атып түшүрүүгө буйрук берет. Бирок хандын мергенчилеринин бирөө да жоруну атып түшүрө албай коёт. Мергенчилик сапарда бара жатканда Адигине бубабыздын жаасын хандын бир жигити кармап жүргөнүн Тагай баатыр баамдап калган экен. Ошондо Хан Тагайга карап, «Сен да мергенчимин дедиң эле, кана сен да атчы жоруну» - дейт. Анда Тагай баатыр «мен эки шарт коём, ошону аткарсаңыз атып түшүрөм» - дейт экен. Анда хан «макул, аткарайын, сага дагы шарт коём, менин шартым: сенин жаандын жебеси жорунун ээгинен кирип, эки көзүнөн чыксын» дейт. Башка аргасы жок Тагай баатыр макул болуп, «биринчи шартым жанагы жоокердеги көргөн жааны жебеси менен мага берип турсун, ошону менен атам» Тагай баатыр ал жаанын агасы Адигиниеки экенин жазбай таанып, Адигине ушул жерде экенин баамдайт. Хан жааны жебеси менен Тагайга бердирет. Ошондо Тагай баатыр хандын айтканындай кылып, жору кушту атып түшүрөт. Хан «калган шартың эмне» дегенде, «экинчи шартым Адигине баатырдын кунун кечип, мага чыгарып бер» - дейт. Хан ошондо байкап, «Сен, Тагай баатыр турбайсыңбы?» - деп шартын аткарат.

Мына ушул санжыралык маалыматтын экинчи варианты төмөнкүдөй: жогоруда баяндалгандай Адигине колго түшкөндө, Тагай баатыр издеп барганга чейин Адигине жортуулга кете элегинде аялынын боюнда бала калат. Адигине колго түшүп, анан Тагай баатыр чыгып келгенге чейин, Адигинеин аялы төрөйт, «Жолу жакшы болсун», жортуулдагы атасы аман келсин - деген тилек менен, Адигине бошоп келгенге чейин эле атын «Жолжакшы» - деп атап коюшат.

Кыргыз урууларынын арасында Адигине балдарынын таралышында дайыма «Бөрү - Жору бир тууган» - дешип, бири-бирине тууган экендигин айтышып, жакын мамиле кылышат. Жору уруусунун аталышы боюнча дагы бир маалыматты белгилүү санжырачы Эсенкул Төрөкан уулу «Кыргыздын кыскача санжырасы» -(Экинчи китеп) аттуу 1995-ж. Бишкектен чыккан китебинин 194-бетинде берет. Бул маалымат боюнча «Чынында бул ат ал

төрөлгөндө азан чакырып койгон аты эмес, ал баланын турмушуна байланыштуу пайда бол-
гон ат экендиги санжырада айтылат. Ал мындай: Илгери бир хандын сулуу кызы болуптур.
Ал кыз бир топко чейин турмушка чыкпай, хан кызынын турмушка чыгышын карап, элине
бир нече шарт жарыялаган экен. Анын бири: «Кимде ким асманда учуп бара жаткан жоруну
мен ат дегенде, бир ок менен атып түшүрсө, мен кызымды ошол кишиге берем» дейт. Хан
тарабынан коюлган бул шартты Адигинеин бир баласы (аты белгисиз) аткарган. Мына
ошондо хан өз убадасына туруп, кызын ошол жоруну атып түшүргөн Адигинеин баласына
берген, ушундан улам Адигинеин бул баласы өз аты айтылбай эле Жору аталып калган деп
санжырада айтылат» деп жазган.

Жору (Жолжакшы) уруусунун жашаган жерлериндеги ыйык жерлер жөнүндө

Ата-бабалар кылымдардан бери ушул азыркы мезгилде биздин Жору уруусу жашап,
башка баскынчыларга бербей, келечек муундары үчүн ыйык белек катары сактап келгенин,
ата-бабалардын мурасы ыйык экенин унутпай жүрүү биздин милдет экенин жаштар түшүн-
сө - деген ой менен, барынан мурда материалдык байлык жогору туруп, улуттук салттуулук,
ата-бабанын мурасы жана маданий тариктерибиз баасын жоготуп жатканда жок дегенде
өзүнүн тегин билип, балдарына тааныштырып коюу келечекте канчалык чоң мааниге ээ эке-
нин түшүндүрүүгө аракет жасалды. Автор кызматка байланыштуу 2009-жылы Индия мам-
лекетинин Дели шаарына кеч күздө барып, 30–40° ысыкка, булганган абага, жагымсыз жыт-
ка туш келип, «Атаңын горү, кана эми биздин Алдиер тоосунун аңкыган атыр жыты, мөлтүр
булагы, кооз жаратылышы азыр болсо, жата калып аккан арыктан же булактан суусунум
кана бир жутсам» дегеним такыр эстен кетпейт. Индиянын Делисинин абасына салыштыр-
малуу биздин жашаган жерлерибиз, жараткан буйруган тоо-таштарыбыз чыныгы бейиш!
Бейиш болсо ушунчалык болоор дейсиң?!. Ушул жерде тууганларыма айта кетейин, ашык-
ча болбос - деп ойлодум. Бала кезде XX кылымдын 60–70-жылдарында атамды ээрчип бир
нече жолу Анжиян шаарына барганмын. Ошондо Анжияндыктарга атам ыраматылык «Биз
Алдиерден келдик, Софу Аллаярдан» десе эле уккан Анжияндыктар, «Ой, Софу Аллаярдан
келиптир!», - деп бизге колдорун башыбызга тийгизип, көздөрүнө сүртө беришет эле, мен
балалык кылып эмне экенин билбей, аңкайып кала берчүмүн. Корсо Софи Аллаярдын тары-
хый таржымалы төмөнүдөй экен. Адам зат цивилизациясында белгилүү, ислам дүйнөсүндө
Муххамед пайгамбардан кийин 7 олуя жашап, өтүптүр. Алар Арслан-Баба, Ахмед Ясса-
вий, Шаа Маширап Софи Аллаяр ж. б. Софи Аллаяр азирети (1616-1713-жылдарда жашаган
экен) Азыркы Бухара шаарына жакын Катта-Курган айылында (азыр шаар) төрөлүп, Бухара
шаарында иштеген, кийин 40 жаштан кийин ыйманга келип. Сопулукка толугу менен өтүп,
бүткүл Орто Азияны, араб өлкөлөрүн кыдырып, шарият, тарихат иштерин түшүндүрүү ме-
нен алек болгон, ал бардык чыгармаларын ыр түрүндө жазып, Курани каримдин негизинде
жазган. Орто Азиянын адабиятына сиңирген эмгеги баа жеткис. (Творчество Суфи Аллая-
ра и его традиции в татарской литературе Маханова Р.Р. (докторская диссертация. Интер-
нет 2011-жылы, ноябрь). Азыр анын «Себатель гаяденн», «Стойкость слабых», «Морадел
гарифин» (Цель познавщих истину) «Маслекел-моттэкыйн» (Путь благочестивых) - деген
китептери диний суфистик темада жазылып, азыр орто кылымдагы тарыхый адабий му-
растар катарында изилденип, бир нече илимий диссертациялар жазылганы белгилүү. Софи
Аллаярдын доорунда жаратылыштын эң таза ыйык жерлерине келип эс алуу менен сыйы-
нуу адат болгон. Күнөөлүү кишилер баспаган жерлерге, асман тиреген абасы таза бийик чо-
куларга келип зыярат кылышкан, дүйнөдөн өткөндөн кийин ошол баскан жерлери «Кадам

жай» - деп аталып, ыйык боюнча калып, кылымдарда мусулмандардын ыйык жайларына ай-
ланган. Биздин Жолжакшы (Жору) тууганларынын Кызыл-Суулук Ача тамгалуу Жоруларда
«Софи Аллаяр- (Алдиердин чокусу Кара-Суу районуна карайт, Ош, Анжиян шаарынан күн
чыгыштан көрүнүп турат) Алдиер чокусунда зыярат кылган, Султан - Супага келип даарат
алган, Намаздыка (Өзгөн районунун Кара-Таш айыл округуна карайт) келип намаз окуган»
- деген уламыш азыркыга чейин айтылып келгендиги дагы азирети Аллаярдын ушул чөл-
көмдө болгонун далилдеп турат. Бир вариант боюнча «Софи Аллаярдын сөөгү ушул Алдиер
тоосуна коюлган деген» дагы уламыш элдин арасында айтылып жүрөт. Кантсе да жарат-
канга сыйынган, азиз олуялардын тарыхый мурастарын унутпаган мусулман пенделерине,
айрыкча мунун кадырына жеткендерге улуу мурас, таберик бойдон кала берет турбайбы.
Биз унутканыбыз менен башка элдер (Мисалы Анжиян, Фергана мусулмандры унутпастан,
«Алдиерден келдик» десе көзүнө сүртүп, зыярт кылып жатышпайбы). Менин бул Алдиер
тоосун жазып жатканымдын себеби келечек муундар кандай ыйык жерлерди ээлеп, кылым-
дар бою Жору (Жолжакшы) уруусунун урпактары жашап келгендигин эстерине салып, жок
дегенде туюу сезимдеринде «Биз ыйык жердин кулунубуз» - деп сыймыктана жүрөөр - де-
ген эле илгерки үмүт.

ТОПЧУБАЙ ОЛУЯ[1]

Топчубай олуя Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. Ал Кара-Кулжа району-
нун Алтын-Күрөк айылында XX кылымдын 50-жылдарына чейин жашаган. Көзү ачык, олуя
адам болгон дешет. Тууганы Машаев Эдилдин айтуусунда: «Улуу Ата Мекендик согушта
колхоздо бухгалтер-башкарма болуп турганыма байланыштуу согуштан калып калгам. Бир
күнү Топчубай олуянын үйүнүн алдынан өтүп баратсам, ал карабай туруп, мени чакырып,
буларды айтты: «Эдил! Сен согуштан калдым деп сүйүнүп жатасың, аның жакшы, бирок
конторуна барып эрте кел, аталаң болсо кошуналарды чакырып, кудайы өткөрүп койгун.
Эртең же бүрсүгүнү кызыл шапке келип, сени согушка алып кетет. Айтса, кампаңда этиң
болсо, мага куш тилиндей эт жана бир тоголок картөшкө ала кел, дагы угуп тур, 3 сөздөн
турган келиме айтам, үйрөнүп ал, согушка кирээрде 3 жолу айт. Сен согуштан бир буту-
нан ажырап, тирүү кайтасың, келгенден кийин төшөк жаңыртасың» - деген. Айтканындай
мен бир бутуман ажырап, согуштан кайтып келип, үйлөндүм». Андан да кызыгы Топчу-
бай олуя асман менен учкандыгын Алтын-Күрөк айылынын тургундары Керменбаев Сатар
менен Жээналиев Чолпонбайлар аныктыгынан, кайтыш боло турган адамды, бир ай мурун айтчу экен. Анын учкандыгына
далилдүү мисал катары Карагуз өрөөнүнөн Кытайга кеткен Таши аксакал олуяны шашкеде
Кытайдан көрсө, ошол эле күнү Абжамил аксакал бешимде Анжияндан көргөн экен. Топчу-
бай турмушунда үйлөнбөгөн, тукум калбаптыр. Анжияндан келген молдолор Топчубайды
көргөндө ыйлап качып кетчү экен. Топчубайдын бир жарым метр аса таягы менен бүркүт
сыяктуу учканын көргөн жердештери болгон. Бирок көргөн инсандар эч качан айткан эмес,
анткени алар касиеттүү күчүн айткандан чочулашкан. [1]

[1] (Бул эскерүүлөр Кыргызстан улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү Токуш Чолпонбаевден жазы-
лып алынды. Карагуз айыл өкмөтү, Жаңы-Талаа айылы.)

ЖУСУПБАЕВ КАРМЫШАК - БОЛЬШЕВИКТЕР ПАРТИЯСЫНЫН, СОВЕТ МАМЛЕКЕТИНИН КУРУЛУШУНУН АРДАГЕРИ

(Жолоев Аширбай аксакалдын эскерүүсү боюнча маалымат берген Аширбаев Жеңишбек- ИИМ кызматкери).

«К. Жусупбаев Абдыкадыр Орозбеков менен бирге иштеп жүргөн кезде Кыргызстандын ар бурчунан топтогон алты бала А. Орозбековдун үйүндө жашап, бирге иштешчүбүз. К. Жусупбаев ошол кезде Кыргызстандын соода комиссарынын орун басары болгон. Ошо шаарындагы Жапалак айылынан барган бир жигит (азырынча аты-жөнү белгисиз болууда) соода комиссары болуп иштегендигин айткан. Абдыкадыр Орозбековду репрессияга учурап, тергөө мезгилинде К. Жусупбаев да бирге болгондугун айтып жатып, көзүнө жаш алып жиберчү. "А. Орозбеков менен кошо алтообузду бир көрөөгө каман, күндө сурак кылып, сабачу. Айрыкча А. Орозбеков көп токмок жегендиктен, денеси шишип баса албай калчу. Денесинен шишиги кайта баштаганда кайрадан алып чыгып токмоктоп алып келип, таштап койчу. Тергөөчүлөрдүн негизги суроосу А. Орозбеков, А. Сыдыков менен кайдан таанышсыңар? - деген суроо берилет эле. А. Орозбеков "Бул туура эмес, большевиктер партиясынын саясатына, партиянын Уставына туура келбейт, мындай эмес эле го? - деп эстен танганын көп жолу көрдүм. Күндөрдүн биринде ошол короодо чочко баккан аял эшикти ачып кирип, "НКВДнын комиссары Ежов камалды, силер бошсуңар, родные мои!!!" - деп, колуна бир идишке кабыгы менен отко бышырылган картошка алып келип берип, "муну жегиле да чыгып үйүңөргө кеткиле" - деп ыйламсырап эшикти ачып узаткан экен. Ошондо А. Орозбеков денесин шишик басып, көмөкөйүндө, "кете бергиле" - деп ымдап сүйлөп, ордунан тура албай жатып калган. А. Орозбековду көтөрүп чыгып кетели десе арыктап калган аны көтөрүп чыгып кетүүгө алыбыз жетпеди. А. Орозбеков колун жансап "мени калтырып өзүңөр кете бергиле" - деп ишаарат кылды. "Жок алып кетебиз" десек, "мен аябай кыйналып турам, мени таштап кете бергиле" - деп макул болбоду. Чынында биздин аны көтөрүүгө таякыр алыбыз калган эмес, буттарыбыз аран шилтенет эле, айласыздан таштадык. Эки айга жакын жоо жол жүрүп түштүккө келдим, бир топ жыл Аксы таранта жүрдүм. Анан биротоло мамлекеттик кызматта иштөөдөн көңүл калып, өзүмдүн туулуп өскөн Кызыл-Суума келдим, калган өмүрүм ушул жерде өтөт. Бардык документтерими жолдо жоготтум, калганы абакта калды" - деп эскерген. Ушул китептин автору XX кылымдын 60-жылдарынын аягында Жусупбаев Кармышакты Кызыл-Суунун тоолорунун арасында кекиликке куш салып, эс алып жүргөнүн көп эле жолу көргөн, ар дайым сары түлкү тебетей кийип, колунда кушу менен атчан жүрчү эле. Кызыл-Суулуктар К. Жусупбаевди "Министр Кармышак "деп аташчу. К.Жусупбаев жөнүндө небереси Кармышакова Мөөркан (Кара-Суу районунун Таш-Арык айылында жашайт) чон атасынын өз оозунан уккан маалыматтарын төмөндөгүчө эскерет: « 1901-жылы Кызыл-Сууда төрөлгөн. 12 бир туугандын эң кенжеси болгон Кармышакты атасы Жусупбай дөөлөттүү бай болгондуктан, уулун жашынан молдого берип билим алдырган. Жусупбай Кармышак 10 жашка чыкканда каза болот. Жусупбайдын жакын досу аяш уулунун кыйналган абалын көрүп, Ысык-Көлдөгү Орус-тузем мектебине алып барып тапшырат. Ал жактан билим алып, андан ары Ташкенттеги Орто Азия Коммунисттик Университетин (САКУ) бүтүрөт. Билимдүү Кармышак Ошко келип Түркестан революциялык комитетинин басмачылык кыймылга каршы күрөшүүчү отряддын комиссары болуп эмгектенет. Алайдагы Тагай корбашынын басмачылык тобу менен күрөшүүгө катышкан. Басмачылар менен күрөшүү учурунда кол алдындагы 6 жоокери менен чалгында жүргөн учурда басмачылардын буктурмасына кабылып калып, минген аттарын саздуу колдун ичине алып кирип камыштын арасында сазда аттарынын оозун басып жатып басмачылардын курчоосунан кутулуп чыгышып, кийин артынан кошумча күч менен кубалап жетип жок кылганды-гын айтып эскерип калчу экен. Басмачылык кыймыл менен күрөш аяктаган соң, Кармышак Жусупбаевди борборго кызматка чакырган. Жогоруда айтылгандай Кыргыз Автономия Республикасынын элдик комиссариатынын соода боюнча орун басары болуп дайындалган. 1937-жылы Абдыкадыр Орозбековдор менен бирге репрессияга дуушар болушуп, камакка алынган. Кармышак Жусупбаев түрмөнүн башчысына кандайдыр бир жакшылык кылгандыгы үчүн эртең атылат деген күнү түрмөнүн башчысы өзү келип, терезеден аркан ыргытып Кармышак Жусупбаевди түрмөдөн чыгарып, колуна ал жөнүндө топтолгон иш-кагаздарын колуна карматат да эч кимге көрүнбөй, түндөсү жол жүр, - деп качырып жиберет. Күндүзү жашырынып, түнү жол жүрүп олтуруп, эки жыл дегенде Самарканд шаарына мурда САКУда чогуу окуган досунун үйүнө барат. Ал жакта эки жылдай жүрүп, туулган айылы Кызыл-Сууга келет. Түнү жол жүрүп, Кызыл-Сууга келе жатып, Нарын дарыясынан сүзүп өтөм деп аз жерден агып кете жаздайт. Ошондо колундагы болгон документтерин агызып жиберет. Ошондуктан Кармышак Жусупбаев тууралуу архивдик документтер жетишсиз (Маалымат бер. - Аширбаев Жеңишбек - Ош шаары).

ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) ТУКУМДАРЫНАН ЧЫККАН ЭЛДИК АКЫНДАРДЫН САНЖЫРАЛЫК ЫРЛАРЫ

Молдо Кайып Козубай уулу - жазгыч, төкмө акын 1848-жылы Кара-Кулжа районунун Тоготой айылында туулуп, 1911-жылы кайтыш болгон. Ай тамгалуу Жору уруусунун Тасма уругунан. Анын тууганда-ры, урпактары Кара-Кулжанын Карагуз айыл өкмөтүнүн Алтын-Күрөк айылында жашашат. Молдо Кайып тууралуу биринчи жазуу түрүндө дарек райондук «Мезгил үнү» газетасына журналист Аскар Козубаев тарабынан жазылган жана Курманалы Сарысеитов - «Даван» аттуу гезитке «Молдо Кайып менен Кулмурзанын айтышын» жазган. Кара-Суу районунан Разык Алтыбаев «Молдо Кайып менен Кулмурзанын айтышын» Салиев Ноябидин 1962-жылы жазып алган (Салиев Ноябидин «Тагдырга таазим» Ош ш. 2002-ж.) ОшМУнун ардактуу профессору Мамады Байымбетов акын тууралуу «Молдо Кайып түштүк регионунан чыккан биринчи жазгыч акын, анын чыгармалары эл арасында байма-бай топтолуп, толукталып, кыргыз жазма адабиятынын көч башында турган Молдо Нияз, Молдо Кылыч акындар сыяктуу кыргыз адабият тарыхынан өз ордун алууга тийиш» деген. Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын тунгуч Президенти А.А.Акаевдин Кара-Кулжа эли менен жолугушуусунда да Молдо Кайыптын чыгармалары, ал жөнүндө маалыматтар Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар фондунда сакталган мурастардын арасында бар экени эскертилген. Молдо Кайыптын ырлары Кара-Кулжа, Өзгөн, Кара-Суу райондорунун калкынын арасында бүгүнкү күндөргө чейин унутулбай айтылып жүргөнүнүн күбөсү болдук. Мисалы Кызыл-Суу айылынан врач Мамиев П. «Атаман уккамын» - деп Ичкилик уруусунан Кулмурза аттуу акын менен ырдашканынан төрт куплет ырды айтып берди. Журналист Тентиева Жазгүлдүн маалыматы боюнча Молдо Кайыптын байбичеси Сержан эненин эскерүүсү боюнча жазылган ырлары салынган ак куржуну болгон экен. Сержан эне кайда барса ошол ак куржунду мойнуна артып, абышкасынын мурасы катарында дайыма өзү менен кошо алып жүргөнү белгилүү. Акырында Алайкудагы кызы-



Молдо Кайып Козубай уулу

ныкына барып, ошол бойдон келбей калган, ак куржун атактуу Жаныбек казынын колуна тийген. Кийин Ооганга карай качканда кошо алып кеткен - деген маалыматты берет. Дагы бир маалыматта азыр Молдо Кайыптын ырлары Памирдеги кыргыздарда кеңири тараган - деп айтылат. Молдо Кайыптын акындык чеберчилигине Кыргыз эл акыны, Кыргыз Эл баатыры Сооронбай Жусуев «Курманжан датка» аттуу поэмасында

«Датка ажалга уулдарын жулдурса,
Алай жерин каптап калың муз турса
Күрч ырчылар Кайып молдо, Куллмурза,
Мындай кезде дилден муңдуу ыр чыгаар,
Кайым айтты муңканышты ырчылар,
Каргылданып үнү бүткөн булбулча» - деп жазган.

Салиев Ноябидиндин жазган маалыматы боюнча Молдо Кайып атактуу Алимбек датканын, Ача Жорунун даткасы Тойчубектин замандашы болуп, достук карым-катнашы болгон. Жорунун «Чайчи» (Бооке) тобунан чыккан атактуу ырчы Турап менен да ырдашканы Кызыл-Суулук Жорулардын эсинде, эскеришет. Н. Салиевдин жазуусу боюнча Молдо Кайыпка Курманжан датка атайын буйрутма берип, «Беш болуш», «Курманжандын балдарынын кошогу» - деген чыгармаларды жаздырган. (Аталган китеп, 6-бетте.) Кошок жанры Кыргыз адабиятындагы өзгөчө бир жанр, Молдо Кайыптын кошоктору жогорку деңгээлде жазылганына байланыштуу азыркыга чейин элдин эсинен чыкпаганы буга далил болот. Молдо Кайыптын урпактары азыр жашаган жеринде 900дөн ашык жанды түзөт. (Аталган китеп, 11-бетте). Молдо Кайып тууралуу маалымат Ө. Ж. Осмоновдун - «Кыргызстан тарыхы» (Байыркы доордон азыркыга чейин) Бишкек - 2012-ж. китебинде Адигине бийдин көрүнүктүү тукумдарынын бири, демократ акын Т. Сатылганов менен катарда турары жазылган. (179-бетте).

Молдо Кайыптын чыгармачылык жолу Кокон хандыгынын түшуна дал келген, ал ордонун саясий чөйрөсүн, жалпы коомдун маданий деңгээлин мыкты билген агартуучу инсан катары Алымбек, Курманжан Даткалардын үй-бүлөсү менен тыгыз байланышта болуп, сыйлуу жерде даамдаш, ойлуу жерде маектеш катары бирге жүргөн. Даткалардын уулу Абдылдабек менен моюн алыша кучакташкан дос болуп, үзөңгү кагыштыра бирге жүрүп ишеним арттырган арка бел кеңешчиси болгонун тарыхтын карт баракчары тастыктап берет. Өрттөн, суудан кайра тартпаган көкжал Абдылдабек Кара-Кулжа тоолорун мекендеген Тасма уруусунан чыккан Дилде кызга (Беш көкүлгө) ашык болуп, Молдо Кайып аркылуу акыреттик жар болууга чакырат. Абдылдабектин жашыруун никелешкен жары Бешкөкүлдүн (бектин ыйгарган ысымы) өз аты Дилде (Тилла - деп да айтылып жүрөт диалектиге байланыштуу)Молдо Кайыпка тууганчылык жайы бар экен. Бек Дилденин жөн кыз эместигин, бекке гана татыктуулугун, тилинде мөөрү бар кошокчулугун угуп, Молдо Кайыпка ыр менен собол таштатат. Булак башында жолугушууга Дилде курбусу Сержан менен келип чер жазылганча ыр менен алым сабакка, ыйбаалуу жоон алынып, кыз бекке жагып, сөйкө салып жашыруун никеге алып, ачыкка жарыяламак болуп жүргөн кезде капсаландуу Кокон төлөңунан бек күтүүсүздөн мерт болот. Мына ошондо каралуу Дилде ачыкка чыгып, Курманжан Датка эненин алдына барып, кошок кошот. Бекке болгон күйүттөн, алчадай жүздөн мөлтүлдөп аккан көз жаш менен төгүлгөн кошок бардык тирүү жанды сөз зөөрине муютуп турду.

(Теребелди тынчтык каптады… Курманжандын Дилдеге болгон каары уламдан - улам алыстап баратты. Бул эпизод тарыхый чындык.)

Күлүшө менен Жошолу,
Күйгөндөн айттым ошону.
Аскалы менен Бүлөлү,
Экөөбү бирдей бошоду.
Мырза-Аке биздин жерибиз,
Тасмадыр биздин элибиз.
Алганын Көкүл ээрчитип,
Аралап жүрбөй кеттиңиз!
Кызылдан кундуз карматкан,
Кыл чекесин жашырган.
Кан бегимдин барында,
Кокондун каны баш урган!

Абдылдабектин эрдигин даңазалаган Дилденин кошогун Молдо Кайып элге жайылтуу максатында ырдап өткөн. Уулдарын ажалга жулдуруп, убайым тарткан Курманжан эненин кайгыдан башка караламан калың букара тагдыры Датканын мойнунда эле. Мына ушундай каатчылыкта Молдо Кайып Датка эненин алдына келип, кайратына кайрат, демине дем кошуп, жамгырдай төккөн ыры менен бирге жалбырттай күйгөндө Курманжан эне кантип улагага жетип келгенин өзү сезбей калчу экен. Анда ырчылардын салты менен улагада туруп ырдаган. Датканын жолборстой эр жүрөк беш уулунун беш жерде болуштук тизгинди кармап, эл үчүн кызмат кылышканын, жан курбусу Абдылдабектин арманын, Камчыбектин жалаа менен дарга асылып жатканын, Курманжандын, Дилденин кошогун Молдо Кайып тарыхтан калган из сыяктуу ырдап кеткен. Камчыбек дарга асылганда Молдо Кайып өз көзү менен көрүп турган тарыхый окуялардын катышуучусу катары төмөнкүдөй ыр саптарын жараткан.

Молдо Кайып Дилде менен чогуу келген Сержанга баш кошот. Молдо Кайып өлөөр алдында Сержанга керээз катары:

Ак куржун толо ыр калды
Айтылбай канча сыр калды
Ак куржунду бекем тут,
Көк куржун толо ыр калды
Көөдөндө канча сыр калды,
Көк куржунду бекем тут - деген экен. (Элден)

Бул саптардын түбү айтылуу Жеңижокко таандык. Бирок анын түпкү үлгүсү мүмкүн Молдо Кайыптыкыбы эч ким так айта албайт, мүмкүн да эмес.

Себеби Сержан:

Байым таштап ак куржун,
Жоготпоомду сураган.
Балканактай баладай,
Асыроомду сураган.
Бегим таштап көк куржун,
Бекитүүмдү сураган.
Бешене тердүү береке,
Шул куржунда катылган.
Таштай албайм таберик,
Табериктин сыры улук.
Так, дүнүйө атактын,
Тагын айтсам артыгы.
Оомал-төкмөл заманым,
Ооп кайда барасың.
Олуямдын айтканын,
Оо дүйнөдөн таппайсың» -

деп күңгүрөнө ырдап, күйүттүү көзүн жаштап жүргөнүн кызы Каражан эскергенин Каражандын келини маалымдайт. Сержан эне Молдо Кайыптын экинчи аялы болот. Андан үч кызы болуп, биринчи аялынан уулдары болгонуна карабай, ыр түрмөктөрүн баалаган, көңүл кушун каалаган Сержанга эң бир баалуу - деген китептерин калтырып кетиптир. Ал Молдо Кайыптын көзү өткөндөн кийин күйүттү көп тартып, акылы кирди-чыкты сыяктанып, кай-

да жүрсө китептер салынган куржунду мойнунан түшүрбөй күнгүрөнө Алайкуга турмуш-ка чыккан кызыныкына кеткен бойдон кайтпай калат. Жолдон көчкүгө кабылып китептер менен бирге жоголот. *(Маалымат берген - Тентиева Жазгул-Молдо Кайыптын чебереси. Ош шаары.)*



Субанов Дарван

Субанов Дарван - (Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылы, туулган жылы белгисиз-1942-ж. согушта каза болгон) Ача тамгалуу Жорунун Мамбет (Жакып уулу) уругунун Сагындык тобунан. Жазма, төкмө акын. Ырлары азыр дагы эл арасында ырдалып жүрөт, көпчүлүгү автору жок «Элдик ыр» дегенге айланып кеткен.

Кара-Суу районундагы Кызыл-Суу аймагында жашаган калктардын арасында оозеки айтылып келген маалыматтарга караганда Дарван аксакал бала кезден ырга шыктуу, отурган эле жеринен аш-тойлордо кошок кошуп, кези келгенде обондуу ырларды чыгарып, калкына тамаша куруп келген. Замандаштарынын эскерүүсүндө сулууну көргөндө сукунуп танып, аны даңазалап ырдаган, ашык болгон. 1936-жылы айтылуу акындар Осмонкул Бөлөбалаев, Атай Огомбаев, Мыскал Өмүрканова жана башкалар, ошол мезгилдеги Куршаб районуна караштуу майда колхоздордун элин кыдырып концерт коюп жүргөндө Кызыл-Суудан Дарван ырчыга жолугушуп, ырдатып көрүшкөндүгүнө төмөнкү фактылар далил боло алат. Ал мезгилде өрөөндө Куршаб району) «Ынтымак», «Жаңы-Кайрат» «Кашка-Суу», «Кайтпас» жана башка майда колхоздор болгону тарыхта белгилүү. Ошол жолгушуунун жүрүшүндө бир колхоздун аймагынан экинчи колхозго барууга аттан башка унаа болбогондуктан колхоздун аттары менен бир айылдан экинчи айылга барышкан экен. «Ынтымак» (азыркы Өзгөн районунун Караташ айыл өкмөтүнүн «Ынтымак» айылы) колхозунун артистерди кийинки колхоздун аймагына жеткирүү үчүн берген аты кичине, чобуураак болсо керек. Ошондо - Осмонкул Бөлөбалаев:

«Ынтымак» берген күрөң ат,
Ынтыла албай буралат.
Ылдыйда камчы салба деп,
Ырчыдан жардам сураат» - деп ырдантыр.

Бир топ кошуп ырдаганы азыр да эл арасында айтылып жүрөт.

Ошол жолугушууда борбордон келген ырчылар Дарвандын оозунан «Даткайым», «Сары-Ой» аттуу ырларды жаздырып кетишкен экен. Дарванды Фрунзеге чакырганда анын иламдан илими болгондуктан, түшүнбөстүк кылып, «мен орус болгум келбейт»-деп борбордо барбай койгон. Ошондон бир топ жылдан кийин Улуу Ата Мекендик согуш башталып, ал согуш майданына кетип, 1942-жылы Сталинграддан «кара кагаз» келип, курман болгон экен. Дарван ырчынын жакын туугандарынын биринин баласы, азыр Кара-Суу районунда жашап өткөн 80 жаштагы карыя Жаанбаев Абсатар аксакалдан согуш мезгилинде Дарван ырчыдан латын тамгасында Сталинградга кетип бара жатканда ыр менен жазган каттарынын үзүндүлөрү магниттик лентага жазып алынды.

Дарван ырчынын Улуу Ата Мекендик согушта Сталинграддан жазган каттарынан үзүндү

Санаты бир миң тогуз жүз,
Солдат алуу башталды.
41-жылында Германия оолугуп,
Элүү жаштан бер жагы,
Элден кетти козголуп,
Эч бир айла табалбай,
Элдин көзү боз болуп,
Калкым, журтум калгыла
Кайыр аман кош болуп.
Акын Молдо Дарвандын
Арманы элге угулсун.
Азыркы өскөн жаштарга,
Акыр заман туулуп.
Аскерге кетип барабыз,
Ак жүзүбүз кувулуп.
Кырчындай өскөн жаштарга,
Кыйын күндөр туулуп.
Кызыл Аскер биз кеттик.

Кызыл өндөр бозоруп.
Башка келсе көтөрөт,
Тагдыр жазып, ар адам.
Ар күнү келме (Калима) жаттайлы,
Алладан тилеп амандык.
Асмандан, бомба газ келсе,
Ажалдуулар сабалат.
Аа, кандай жолго баратам,
Аллахка жаным аманат,
Төмөн учуп самалет,
Тешик жерге камалат.
Тең келишпес согушта.
Ыр жазамын бир барак,
Ыраакка кетип бир тарап.
Ырысыбыз бар экен,
Ылдый жактан жол карап.
Ыраңы азып көп санап.
Көп пенделер Худаа деп,
Күнү күндө жеңилген.

Согушта жазылган катынын дагы бири

Азап кордук көргөнүм,
Акыретте пайдамбы?
Аллах таала жар болуп,
Аркама аман кайтамбы.
Ага-ини тууганга,
Арманымды айтамбы.
Кыйынчылык тартканым,
Кыяматтык пайдамбы?
Кызыр Ильяз жар болуп,
Кылчайып элге кайтамбы?

Кылымда болгон иштерди
Кымбаттуу элге айтамбы?
Каякка барып корголойм,
Калктан, журттан айрылып,
Кайгым ичке жык толду,
Кадыр, Аллах жар болуп,
Кайтып калсам артыма,
Кадимден жетпей жүрүпмүн,
Кайран элдин баркына.

Дарван ырчынын бул армандуу ырларын окуп отуруп, кандуу согушка аттанып, калктын башына түшкөн оор түйшүктү көтөрүүдө дагы канча кыргыздын өнөрлүү азаматтары мезгилсиз дүйнөдөн кетип, канчалаган ырлар жазылбай, канчалары армандуу кеткенин бир жараткан өзү билбесе, эч ким билбейт. Жок дегенде кеч болсо да кийинки муундар бүгүнкү деңгээлде ушундай биздин элди, жерди коргоп, өз өмүрүн кыйгандарды азыраак болсо да эскерип, алардын калтырган кыскача ырлары аркылуу болсо да эскерүү биздин ыйык милдетибиз - деп ойлойбуз. Ошентип, Дарвандын ырлары (автору аталбай) азыр Керим Тураповдун аткаруусунда «Сары-Ой», «Даткайым» - деген ырлары «Элдик ыр» болуп ырдалып жүрөт. Бул фактыны терең изилдеп, тарыхтын адилет чечимин тактап коюу биздин милдет. Дарван ырчы согушка катышып, курман болгондугу артынан орун басар туягы калбаганы, анысы аз келгенсип, жүрөгүнөн чыккан өзүнүн ырлары унутулуп, болгону да «элдик ыр» болуп кеткени өкүнүчтүү. *(Маалымат берген-Жаанбаев Абсатар - Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы 80 жашта 2013-ж.к.б.).*



Түркбаев Борүбай

Түркбаев Борүбай - 1934-жылы Совет районунун Карагуз айылында туулуп, 2014-жылы кайтыш болгон. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. Бөрүбайдын чоң бабасы Айтимбет балбан Кыргызстандын - түндүк-түштүгүндөгү белгилүү балбандардан болгон. Ак жуумал балбан болгондуктан "Ак балбан" атка конгон. Бакбасы Кайназар бий, анын баласы, Түркбайдын чоң атасы-Семетей болгон. Семетейге өлгөндө кастарлап, Анжияндан ак кыш алып келишип, күмбөз тургузушкан. Азыр Карагуздун чыгышында калдыгы сакталып турат. Түркбай балбан-күрөшкө, эңишке түшкөн. Комузчу, санжырачы, манасчы (түштүк Кыргызстандын вариантын айткан), дастанчы кошокчу өнөрлөрүн аркалаган. "Манас", "Семетей", казактардын "Кыз жибек", "Эр Табылды", "Ак Саткын менен Мырза уул" эпосторун жатка айткан. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уруусунан чыккан Ажымамат манасчынын Манасын, ал жөнүндөгү маалыматтарды да абдан жакшы айткан. "Манас" эпосунун "Бокмурундун төрөлүшү", "Манастын Көкөтөйдүн ашына жөнөгөн жери", "Байгеге ат чаптыруу", "Азизхандын Алмамбет", "Семетейдин Сарытазга кезиккени", "Семетейдин үргөнчтү кечкен жери", "Көкчөнүн уулу Үмөтөй Семетейге атасынын кунун доолап келгени", "Коңурбайдын келиши" бөлүктөрүн оригиналдуу вариантта жатка айткан. *(Маалымат берүүчү - "Манас" изилдөөчү: Саадат Муратова. "Аалам Кыргыздары" журн. 2010-ж. №18, 28-бетте).*

Манасчы Ташимбет уулу Эргеш - Адигинении Жору уруусунун Астар уругунан. Туулган жылы белгисиз, 1956-жылы өлгөн экен. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунун Тойчу уулу тобунан, Тойчунун кыбырасы. Атасы Ташимбет жомокчу, манасчы болгон. Бул маалыматты белгилүү фольклор жыйноочу аалым Абдрахманов Ыбрай жазып алып, Кыргыз илимдер Академиясынын кол жазмалар фондуна тапшырган. Эргеш атасынан «Манастын» «Көкчөнүн казаты» бөлүгүн үйрөнүп, «Манастын» калган эпизоддорун түш көргөндөн кийин айтып калган. Эргеш түшүндө он аксакалга жолугат. Каякка барасынар - деп сураса «Манаска барабыз» дешет. Эргеш ойлонуп туруп «Мен да барайын» - деп суранат, алар макул болуп ээрчитип алышат. Жүрүп отуруп калың токойго жетишет. Анын ичинен чоң жол менен Манас жүргөн тоону бет алышат. Манастын тоосуна шаты менен чыгып барса, үч адам турган экен. Четки экөө бири кызыл, бири ак тууну карман турган экен, салам айтып, «Мен Манаска учурашканы келдим десе, болуптур - деп колун сунганда Эргеш анын көзүнүн чоңдугунан коркуп, жер карап кетет. Кайра өйдө болуп кол берейин десе, шаты таайып кетип кол бере албай калат. Түшүнөн чочуп, бакырып турат, беш алты күн табы жок болуп кайра оңолот. Эргеш ошондон кийин "Манас" айтып калат, кара сөз менен. Эргештин "Манас" айтуусу салттык мотивде айтылат. Манастын чоң аталары Бойон хан, андан Чаян хан төрөлөт. Чаян кандын балдары Жакып жана Көзкаман болот. Чаян кандан кийин кандыкты Жакып алып, ал Ногой элинен чыккан Караман - деген байдын кызы Чыйырдыны алат. Карамандын Каратолтой аттуу уулу болот. Ал карасанатайлык кылып, Жакып кандын бийлигин, байлыгын тартып алат. Жакып менен Чыйырдыга бир чатыр менен он беш эчки гана калтырат. Жакып Опол-Тоого отурукташып калат. Чыйырдынын боюнда болот, бирок өзү билбейт. Күндөрдүн биринде Жакыптын кайнагасы Кара Толтой той берип, ошол жакка кетип кеч калат. Чыйырды жайылып жүргөн эчкилерин чатырга айдап келет. Баланын добушу угулуп, «О эне, мен бир уул тууламын, жалаң жерге туубагын, жыгачтын узуну карагай болот. Кызыл табылгы камчы сап болот. Жалаң жерде бир аргамжы боо узак кетип каламын. Искөөч тайган көрүп калса жеп коёт. Токойлуу, каргайлуу жерге туугун. Мен өтөнөй-өткүр чыгамын. Адамга, кийинкилерге айтып жүрүшкө ылакап жомок боломун. Колумдагы

жарак үйдө калып калса, карагайдын бутагын сууруп алып, келе жаткан душмандын башын майдалай чабам» - деген добушту Чыйырды угат. Жакыпка болгон окуяны айтканда, ал карагайлуу токойго көчүп барып отурат. Манас төрөлгөндө ыргып кетип карагайга илинип калат. Манас жигит болгондо Бежиндин жолун энесинен сурап, жылкы тийип келээрин айтат. Андан ары Алмамбет менен Көкчөнүн окуясы айтылат. *("Манас" энциклопедиясынын 2-томунун 371-372-беттеринен алынып жазылды. Калган үзүндүлөр Кыргыз Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондунда турат.*





Капаров Сайпилда

ЖОРУ УРУУСУНУН ТУКУМДАРЫНАН ЧЫККАН АЙЫЛДЫК АКЫНДАРДЫН АТА ЖУРТУ ТУУРАЛУУ ЫРЛАРЫ

Айылдык акын **Капаров Сайпилда** -1956-жылы Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Кадрали уругунан. Республикалык, облустук гезит-журналдарга көптөгөн лирикалык, тамашалуу жана пародиялык ырлары жарыяланган.

ТУУЛГАН ЖЕР

Башына ак булуттан калпак кийип,
Тоолору Кызыл-Суумдун бийик-бийик.
Көңүлгө ата-энемдей жакын сезип,
Көргөндө өрөөпкүймүн, жүрөк сүйүп.

Ар дайым алыс жактан келе жаткан,
Толкундап тоолорума салам айтам.
Табийгат тартуулаган бир керемет,
Ырдасаң кошо ырдаган бийик аскан.

Алдиер, Сары-Ой, Кумбел, Коңур-Дөбө,
Ажайып кооз жерлер сүйкүм көзгө.
Асыл жер мал киндиктүү берекелүү,
Төрт түлүк мал жайылган салкын төрдө.

Сууларың тарам-тарам, жылга-жылга,
Жылдыздай айылдарың ойдо кырда.
Ортодо оргуштаган дарыя бар,
Ортоктош далай тарых, далай сырга.

Бабамдын каны, тери сугарган жер,
Энелер көз жашына чыланган жер.
Түгөнүп… түгөнөрдө кайра түтөп,
Тукуму Жорулардын уланган жер.

Тарыхын Жору элинин уккун тыңшап,
Салмагын таразалап билгин ылгап.
Гулбаар, Көрпө, Акташ батыш жагы,
Чыгышы Кара-Кулжа, Алайку жак.

Кең Алай түштүк жагы жер чегинин,
Айтылат жайлоосу - деп Жору элинин.
Төрүндө Алибайдык ак ташы бар,
Ортодо Копкон ташы Чалыкенин.

Ай, Ача тамга басып жылкысына,
Ага-ини ата энчисин бөлүп алган.
Ошондон, ушул күнгө Жору эли,
Айтамга, Ача тамга болуп калган.

Мазарлар Токбай-Ата, Эшен-Ата,
Борбору жер чегинин Кочкор-Ата.
Аби-Үңкүр сол жээгинде дарыянын,
Сөөктөрү бабалардын жатат анда.

Өйдөроок Мажүнүстүн талаасында,
Калмакты Капич баатыр чаап кырган.
Андыбай баатыр чаап бир жагынан,
Калмакты куып чыккан Кызыл-Суудан.

Алдиер ата Акбашаттан даарат алган,
Таң ата Алдиерден айткан азан.
Намазын Намаздыктан окуп алып,
Супага күн чыгаарда чыгып барган.

Алхамдүү белес экен конуш жайы,
Ал жерде жашачу экен кышы-жайы.
Ошол тоо Сону Алдаяр азан айтчуу,
Алдиер - деп аталат азыр дагы.

Килемдей кооз жерлер, гүл жыттанган,
Булактар жылга сайын шылдыраган.
Бейиштин бир бурчундай кооз жерди
Бабалар сактап бизге мурас кылган.

Боорунда Ак-Теректе бир асканын,
Үнкүрү турат дале Полотхандын.
Арчалуу тескейинен ышкын терип,
Ал жерге балачакта көп барганмын.

Жайлоолор, жайсаң малды санааң тынар,
Төө-Карын, Көнүр-Дөбө, Ийри-Суулар.
Катар журт, Былкылдак-Саз, Кара-Дөбө,
Намаздык, Султан-Супа, Көк-Ой, Чынар.

Кызыл-Суум,туулганжерим,кымбатайылым.
Турмуштун агымында алыстадым
Киндигим туташ бирок өзүң менен
Сен барсың бул ааламда, мен да бармын.

САНЖЫРА

Социализм кезинде:
Санжыраны унуттук
Санжыра айткан адамдын
Далайы жеди куугунтук
«Уруучул, трайбалист»-деп
Ярлык тагып мууныттук.

Санжыра элдин тарыхы
Калкымдын ары, намысы
Бабалардын мурасы
Жүрөгүнүн кагышы
Тулпарынын дүбүртү
Баатырдын айбат дабышы.

Бабалардын баянын
Баяндаган - Накыл сөз
Аталардын балдарга

Аян берген - Асыл сөз
Адеп-ахлак, салт-санаа,
Тек-түбүң айткан - Акыл сөз.

Санжыраны жерибей
Нарк-насилиң билип ал
Кайталап окуп эринбей
Көкүрөккө түйүп ал,
Кымбат баа ушул сөздөрдү
Кулакка сырга илип ал.

Тарыхын элдин жазам деп
Кабылып тартыш-талашка
Маалымат жыйнап далай жыл
Жүгүрүп туш-туш тарапка
Санжыраны чогултткан
Рахмат Турдумаматка.

Тасманын Калмак ханынан Бозжоргону калмактардан алып келип, Шырдакбекке тартуу кылганы жөнүндөгү баян

Кожо, Тасма, Теңизбай үч бир тууган,
Ай Тамгалуу Жору атанын балдары.
Ажал жетип бир күн Кожо көз жумду.
Аза күтүп үч балалуу алганы.

Мезгил өтүп Боро барат чоңоюп
Токтонбоду кайра шоктук күчөдү,
Кылычтай курч, шыңга бойлуу шамдагай
Оттон - суудан кайра тартпас мүнөзү.

Ата-Энеси кантет ыйлай сооронуп,
Баласынын тагдырына кыжаалат.
Тасмага айтсам тыябы - деп ойлонуп,
Кайнисине арызданып муңканат.

Шырдакбекке жакты бала «көзү тик»,
Анан дагы «баатыр болчу кейпи бар».
Ат багарга болсун-деди жардамчы,
Жигитине дайындады - «назар сал».

Тасма келип жеңесинин айлына,
Отургузуп маңдайына Борону.
Ачууланып жеме-жука сөз айтат,
Тентектигин тыйып коюу болжолу.

Боро бала мурда ачуу сөз укпаган,
Шарт ордунан тура калды ынтылып.
Качып чыкты карангыга бой уруп,
Калды артынан апакеси кыйкырып.

Болжол кылып хан Шырдактын сепилин,
Азбы көппү бир топ күнү жол басты,
Эй сен кимсиң, токто! Деген үн чыгып,
Көп жигиттер ороп аны кармашты.

Кармап алып, хан Шырдактын алдына,
Эки жигит жеткиришти суракка.
Чынын айтты ханга Боро тартынбай,
Жалган айтып, жетмек беле мураска.

Боро жүрдү үч-төрт жылдай ат багып,
Бир күнү хан жигиттерге айтат кеп.
Колго көнбөс асый чыкма азоону,
Ким үйрөтсө каалаганын алат деп.

Азоо бышты асман-айга түйүлүп,
Кошкурунат жанына адам баралгыс.
Боро чыгат мен үйрөтөм муну деп,
Бир шартым бар «жигит кылып аласыз».

Башын ийкейт макул болуп хан Шырдак,
Боро бала атка жакын «так-тактап»,
Жетээр менен ыргып минет азоого,
Ыйык жалдан кармай калып тутамдап.

Азоо туйлап улам мөңкүп жүгүрүп,
Кутула албай үстүндөгү баладан.
Боро барат утур-тетир теминип,
Колдоо тилеп арбак менен Алладан.

Далай мөңкүп, тоңкочуктап жыга албай,
Жерге печен боюн урат азоо ат.
Ат жыгылса Боро жерге тик түшөт,
Ат турганда кайра минет азамат.

Азоо менен адамзаттын күрөшүн,
Маашырланып карап турат хан Шырдак,
Кечке жуук үйрөтүлгөн азоону,
Ээр токуп минип келди азамат.

Тасма жүрөт ичтен сызат, кайгырат,
Кантти экен - деп «Кожо агамдын сагыры»,
Апасынын кош эмчеги зыркыран.
Боро тентек келеби - деп сагынды.

Чыдай албай Тасма чыкты санарга,
Сурамжылап иниси нин дарегин.
Элестетип, ичи ачышат тызылдап,
Женесинин жашка толгон карегин.

Шырдакбекте түгөл эле баарысы,
Бийлик, байлык, анан сулуу аялы.
Эрке аялын эркелетип оюнча,
Рахаттуу доор сүрүп жашады.

Ошол кезде колго түшкөн калмактан,
Боз жоргонун дайынын угуп таң калат.
Ошол атты ким тийгизсе колума,
Каалаганын беремин - деп, жар салат.

Элден угуп Боросунун кабарын,
Тасма жүргөн хан Шырдактан тартынып,
Боз жоргону мен апкелип берем деп.
Тасма чыкты ак илбирстей чамынып.

Жер четине калмактардын жеткенде,
Тору күлүгүн чоң токойго жашырып,
Көз чаптырса кой жайылган тескейге,
Койчу жүрөт кыргызча ырдап жаңыртып.

Тасма билип анын кыргыз экенин,
Чыга келди бой жашырган жеринен.
Ушул койчу боз жоргону билер деп,
Тобокел - деп жардам сурап теңирден.

Койчу көрүп чочуп кетти таң кала,
Коркпо жигит мен кыргызмын - дейт Тасма,
Өзүң кимсиң кайдан мында жүросүң,
Боз жоргонун дайынын билип бер мага.

Деп айтканда койчуга тил кириптир,
Абакелеп боздоп ыйлап кириптир.
Аты Темир колго түшкөн жашында,
Эл жеринен дайынын билбей жүрүптүр.

Боз жорго бар, ээси калмак ханы - дейт,
Бир амалдан алсак болот аны - дейт,
Мен да кетем сени менен агатай,
Ден ошентип сөз бекитип калды дейт.

Алып кетем калтырбаймын бул шорго,
Колго тийсе болду ошол боз жорго.
Ыгы келгээр менен мага кабар бер,
Кулак түрөм сыбызгыга, чоорго.

Ошол күнү тойлоп калды калмактар,
Күнү бою арак ичип сайрандап,
Калмак ханы чыгып алып ортого,
Калмак бийин бийлеп жатты тайрандап.

Жетти атка кара үртүк чүмкөдү,
Ага барган күн мурунтан камынып,
Мине салып кирип кетти токойго,
Койчуга айтты тез баргын - деп шашылып.

Бир аз туруп койчу жигит кыйкырып,
Калмактарга кабар берди, Боз жорго.
Мындан ары үркүп качып кетти деп
Калмактарды салып ийди терс жолго.

Койчу келди чымын куюн жүгүрүп,
Тасма акелеп балбалактап сүйүнүп,
Тору күлүккө ыргып минди жөнөштү,
Кокус куугун түшөбү - деп бүлүнүп.

Боз жоргочон Тасма улам теминет
Темир минген Тору күлүк элирет.
Бири жорго, бири күлүк минишип,
Эки кыргыз келе жатты берилип.

Көп жол жүрүп ашып далай ашууну,
Ала-Тоого кетти алар акыры,
Себеп болуп Темир жардамы
Ага үйрөткөн эр Тасманын акылы.

Күн кеч кирип көз байланган иңирде,
Койчу Темир чоорун тартты кабарлап,
Тасма жетти кокту менен жашынып,
Жыла басып ар кадамын абайлап.

Боз жоргочон Тасма кирди сепилге,
Ошол күнү коңур күздүн таңында,
Тапшырмаңыз аткарылды мына - деп,
Тура тартты хан Шырдактын алдына.

Тилегиң айт - деди ага Шырдакбек,
Эки көзүң боз жоргодон ала албай.
Айтты Тасма «Борону» алып кетерин,
Көп кыйналып издеп жүргөн табалбай.

Чакыр! - деди жигитине хан Шырдак,
«Салт ошондой хандын сөзү бир болот»,
Агасына кошуп берди Борону,
Аттиң жигит колдон кетти - деп ойлоп.

Андан башка сыйлык кылып, Тасмага,
Алтын, күмүш, үйүр жылкы айдатып,
Тасма кайтты эки инилүү болдум деп,
Боро, Темир эки жактан жандашып.

Автору-Капаров Сайпилла.
Кара-Суу району Курбан-Кара айылы.



Каденов Токтомамат Ажимаматович

ТАСМА БААТЫР ЖӨНҮНДӨ БАЯН

(Адигине уруктарынын арасында айтылып жүргөн уламыштын негизинде)

Каденов Токтомамат Ажимаматович - айылдык акын. «Атамын аты менен сыймыктанам» аттуу китептин автору.

Жолжакшынын кыбырасы Маматкадыр*.
Үстүнө ок өтпөгөн олпок кийген.
Алыска жортуул жасап, олжологон,
Өз элин баатыр Бабам баккан экен.

Булкунтуп буудан минген табы менен,
Жортуулду жасачу экен маалы менен.
Кезектеги жортуулунда туш келиптир,
Чоң тойго эсеби жок, эл көп келген.

Жакындап мааракеге назар салып,
Жанында жоо жарагын камдап алып.
Балбандар ат үстүндө оодарышса,
Кыз-жигит селкинчек тээп, обон салып.

Аты озгон саяпкерлер байге алышса,
Жарчылар жамбы атууну жар салууда.
Бастырып жар айтканга жакын барып,
Суранды жамбы атууга макул дешсе?

Бастырып той башкарган жакын келип,
«Жаа тартсаң, тийсе жебең байге аласың.
Эгерде аткан жебең сая кетсе,
Тулпардан түшүп берип жөө каласың!

«Макул!» - деп баатыр бабам бул шертине!
«Даярмын жамбы атууга кезек келсе !»
Бек тартып басмайылын бууданынын
Узартты ондоп байлап куюшканын.

Даярдап жаа жебесин бекем карман,
Жараткан жардам бер? - деп көп кайталап.
Кезекти күтүп калды баатыр бабам,
Намысты алуу үчүн өзүн саздап.

Көп мерген бул жамбыны ата албады,
Суюлуп жаачы азайды катардагы.
Керилип жаа тартууга мезгил келди,
Бабабыз кезек күткөн катардагы.

Асылган жамбы боосу көзгө илешпейт,
Тулпарды чаап баратып атуу керек.
Таамайлап үзө атпаса жамбы боосун,
Минген аты, же болбосо башы кетет.

Тулпарга тээ узактан камчы салып,
Камынып жаа тартууга маашырланып.
Керилип таамай мелжеп жаасын тартты,
Булкунган оозун тартпай, аргымактын.

Таамайлап аткан жебе, тийген экен,
Үзүлдү жамбы боосу каткан бекем.
Топ этип топуракка жамбы түштү,
Акталды бабабыздын бул үмүтү.

Чурулдап калайык-калк бата тартты,
Булкунтуп бабам турду ак тулпарды.
Көргөн эл бул жеңишке күбө болду,
Байгени болуштүрүп Ондуу-Солду.

Жарчыга Журт башкарган буйрук берди,
«Жамбы аткан мерген мында келсин!» деди.
Чабарман кабар берди жамбы атканга,
«Жүргүн!» - деп Журт башкарган Ажобузга.

Макул болуп Жарчынын кабарына,
«Алып баргын!» эл башкарган адамына.
Кош ат менен коштоп жандап алып келди,
Ажого арнап тиккен ак өргөө.

*Маматкадыр - Тасманын өз аты.

Ийилип салам айтып ызаат менен,
Аттады ак өргөнүн босогосун.
Ажо да алик алып саламына
«Айтчы сен уругуң ким, кайдан келдиң?»

«Уругум Адигине Жорусунан,
Астар бий бабам болот тактап айтсам.
Өз атым Маматкадыр, коюлган азан менен
«Чоң калпакты» кошуп айтып, эл атаган.

Ат таптап, күл азыкты белен камдап,
Бир башымды канжыгага койгом байлап
Жоо-жарагым ар дайыма жондо даяр
Алыска жортуул жасап элим багам.

Жаа тартуу жаштайыман өнөрүм бул.
Жолукса кас душманга найза сунам.
Азыркы ат бастырган кезегимде
Туш болдум ушул тойго насип кылган.

Жарчы айткан талабына макул болуп,
Шертиңизди мен аткардым, бүт эл көрдү
Ажонун буйругуна мойун сунам,
Жообумда ката болсо кечириңиз?

Журт башы назар салып жаа, жебеге.
Жасалган жаанын сыры тасмасында.
«Жору да чоң уруусу Оң канаттын!»
Отур! - деп оң жагына белги кылды.

Буйруду жасоолдорго «Эл чогулсун,
Баатырдын баян кылган кебин уктум!».

Созулган сулуу жигит тасма сымал
«Ысымы Тасма баатыр!-бүт эл уксун!»

Аксакал эли ичинен жашы улуу,
Көтөрүп коштоп колун тилек айтты,
Чогулган Оңдон, Солдон эсепсиз эл,
Чурулдап «Оомийин!» - деп бата тартты.

Ошондон ушул күнгө өзгөртпөстөн
«Тасма» - деп атап келет-Тасма уруусун
Тегим бул-Тасма баатыр уруусунан,
Атамдан уккандарым баян кылам.

Өз атам Ажимамат ажы уулу.
Чоң атам Каден ажы-Ниязбектен.
Парызын аткарууда жараткандын
Меккеде оо дүйнөгө сапар кеткен.
Ниязбек бубам болот-үчүнчү атам,
Төртүнчү-бабам болот Кожомберди
Куварим ал-бешинчиси Турум ата
Жотом менин-Тыныбек бий алтынчы атам.

Гүрдүчү жетинчи ата болот жете
Жарашы сегизинчи мушту делет.
Наркы делет Тасма баатыр-тогузунчу
Астар бий задибиз-ал онунчу.

Түпкү атам Кыргыз ата, Кыргыз элим.
Өз атым Токтомамат, атам койгон.
Калбастан ээрчип жүрчүм ашта-тойдо
Уругумду улоочум бар - Уланбегим!

Кара-Кулжа району,
Карагуз айылы, 2015-ж.

Айылдык акын **Кошоев Белек** 1952-жылы Куршаб районунун Кызыл-Кол айылында туулган. Музыкалык сабаттуу, Кыргыз Республикасынын Эл агартуусунун мыктысы, Ача тамгалуу Жорунун Эсеке уругунан, санжыралык маалыматтарды топтоого активдүү катышкан.



Кошоев Белек

ЭСЕКЕ УРУУСУ ЖӨНҮНДӨ

Эсекеден эчен балбан эр өткөн.
Эң ириси «Эстелик таш» көтөргөн.
Чалыкедей чыгаан балбан азыр жок,
Аркан салып, «Копкон-Ташты» көтөргөн.

Эстелик таш турат дале Алайда
Эки сынып түшкөн дешет абалар
Үчүнчүсү турат копкон боюнча
«Копкон-Таш» - деп аты аталып барганга.

(Алайдын Айланма жайлоосуна барагканда сол тарапта Жорулардын бейитинде тур. гузулган таш бар. Ошол таш «Копкон-Таш» аталат).

ӨМАРКУЛ БАЛБАН ЖӨНҮНДӨ

Кайкалакчы, Кара Жолдош, Кошойлор.
Катар жүрүп ээрчишип, кошо өскөн.
Кангайлардын канча эрин мерт кылып.
Кармаштарда качпай туруп сулаткан.

Памирден башталышы капчыгайым,
Алптардан ордо курган анын жайы.
Атактуу Өмаркулдай балбан өткөн,
Кагазга жазган киши болбой аны.
Муундан муун аңыз кылып айтып келет,
Атабыз Өмаркулдун балбандыгын.

Аңыз болуп туугандарга бул учур.
Ат көтөрүп, ашуу ашып бир кезде
Алп экен го! Эсекенин Өмары,
Кожомкулдун замандашы билгенге!

Баракка жазылбастан кылым өттү,
Бубабыз Өмаркулдун эрдиктери.

Күрөшүп жыгылбаптыр бир да жолу,
Күчүнө таң беришкен жердештери.

Ат куйруктан, тентектиги кармаса,
Тепкиленбей турчу экен каз-каздан.
Теңтуштары таң калчу экен дайыма,
Теңдеши жок күч бирдигин баалашкан.

Карматбаса кача берип байталдар,
Кычык жерде таш далдалап шашпастан.
Аңдып туруп шыйрагынан алчу экен,
Ак боз бээни козу-улактай шыйрактап.

Төө көтөрүп, тайлактарын бөктөргөн,
Жылышманын Сазындагы колдордон,
Карап турган эл ыраазы болгон дейт,
Гүрпөң козу көтөргондой көтөргөн.

(Ош шаары,
февраль 2014-ж.)

КЫЗЫЛ-СУУ ЭЛИ, АЛДИЕР ТООСУ ЖӨНҮНДӨ

Калем кармап каруу күчүм барында,
Кадам таштайм акындардын жолунда.
Катаал ашуу, кар-бороонун бет алып,
Карапайым талантымы сынаймын.

Пайгамбарлар даарат алып Супадан,
Алдиерден азан айтып убара.
Намаздыкта намаз окуп, беш убак,
Кай мезгилде жашап өткөн бул адам?

Алптар өткөн Кызыл Суунун өзүндө,
Ашык атып ордо куруп тегизде.

Кан чертмеги калган экен мураска,
Карман көрсөң анан баанды бересиң.

Улуу сөздөр кербен тартып улашып,
Учугу жок уламыштар чырмашып.
Уюткулуу Ача Жору болобуз,
Урду-сокту сүйлөй бербей адашып.

Учугу жок тексиз элден эмеспиз,
Баатыр, балбан, датка-бийге жердешпиз!
Канча кылым карт тарыхты карыткан,
Жылып-конуп, Жылдыз жерден келгенбиз.

(Уламышта Жылдыздан - (Кыргыздардын мурда жашаган Алтай-монгол аймагы) кел-ген кыргыз - деп айтылат. Авт.)

Түптүү элбиз, карт тарыхта жазылган,
Тулпар минип, тулга кийип башына.
Темучинге тең аталаш болобуз,
Тендеши жок күрөштөрдө таанылган.

Алдиер тоо, Конур-Дөбө-эгиздер,
Чон дарыя бөлүп турат, күркүрөп.
Ушул жерди байыр алып Жорулар,
«Адигине перзентимин» - деп жүрөт.

Өтсө дагы кылым көчү арадан,
Унут болуп бара жатат нур-аптап.
Ак баракка укканымды жазмакмын,
Кошой атам айткандарын кынаптап.

Уламалап, улап айткан кебинен,
Ушул жерди жерден өткөн эрлер көп.
Уйкаштырып ак кагазга жазылбай,
Аңыз кылып айтып жүрөт миш-миштеп.

«Кызыл-Кол» - деп Кызыр койгон ат беле,
Кыр жондору кызыл данга бай беле.
Эгин эгип, орок оруп, теминдеп,
Буудай ташып, ат-эшектеп ата-эне…

Кимдер жашап кимдер өткөн Колотто,
Кийиз чепкен кийип, ичик оронгон?
Ак өргөөлөр катар турса тизилип,
Ат байлаган мамылары соройгон.

Кыргыздын Гисар, Көлөпкө (Куляб - Тажикстанда) оогону, кайрылып келгени

Он алтынчы кылымдарда Калмактар,
Так талашуу, бийлик үчүн күрөшүп.
"Дөрбөн ойрот", төрт уруусу биригип,
Ынтымактык, ымалашуу башталган.

Ойроттордун кан ордосу чыңалып,
Алык-салык басмырлоолор күч алып.
Кысымы өтүп калмактардын кыргызга,
Тоо таштардын арасына ыкташып.

Туу көтөргөн эрлер жүрөт, шайланып,
Тулпар минип тулга кийип чайналып.
Кармаштарда алсыраган кыргыздар,
Көчүп барат боорчуктарды айланып.

Кызыл кумбу, топурагын карабай,
Кырчоо болгон аттар чарчап жарабай,
Кыжыр келип кыйкырынып сөгүнүп,
Башын кырка чабайын дейт, аянат.

Улоо таппай, уйга жүгүн арткан бар,
Улам артын кылчак-кылчак каранган.
Качып барат көч артынан калбастан,
Эр бүлөөлөр, ит-урушун карманган.

Үзөнгүдөн буттар тайып шашканда,
Уй-торпогун айдай качып, жаш балдар.
Жылгалатып жылып айдап баратат,
Жылаңайлак таштар тилип басканда.

Күндөр өттү, күндөн күнгө ай жылып,
Көчүп-конуп Гисар жерин жай кылып.
Коогалардан узап барат качкындар,
Азган-тозгон, ар уруусу чогулуп.

Арттан кууган куугунчусу катуулап,
Айдап барган мал жандыктан ажырап.
Элик-кийик, кулжа атып, жан багып,
Ачуу-таттуу күндөр өттү самсыган.

Жылдар жылып билинбестен аптадай,
Жылгаларын конуш кылып байлап мал.
Эгин айдап, чырпык сайып көгөртүп,
Канча жылдар өткөндүгү байкалбай.

Айланасы тоолор менен курчалган,
Бетегеси белге чыгып буралган,
Көк кашка суу мөңкүп агып шуулдап,
Балык кармап, күн өткөргөн баргандар.

Тескейинде теке кийик аралаш,
Тегизинде кекилик чил балалап,
Гисар, Көлөп аймактарын конуштап,
Көчүп келген кыргыздарым жан багат.

Жыйын куруп Астар-Кастар урпагы,
Ата-Журттан кеп козгошуп күбүрөп.
Аттап-тондоп тыңчыларын жөнөтүп,
Эр жигиттер даяр турат жүрүшкө.

Алсырап алы кеткен бубаларым,
Минген ат көөлүктөрү аман калып.
Гисар, Көлөп жер менен кош айтышып,
Жолубайлар келе жатат жол баштатып.

АДИ ҮҢКҮР БАЯНЫ

(Ади үңкүр Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылынын күн чыгышында. Кызыл-Суу жолунун боюнда. Өткөн кылымдарды Улуу Кытай жибек жолунун ушул жер аркылуу өткөнү уламыштарда айтылат. Эски кыш бышыруучу жана башка устаканалардын, курулуштардын калдыктары сакталып турат. Ади үңкүр - деп эмнеге аталганы белгисиз. Алтайдагы Тува, Хакас элдеринин байыркы тилинде Адык - деген сөз Аюу дегенди түшүндүрөт. Бул элдер түрк тилдүү, тектеш эл болгондуктан Адык - деген аталмадан "Аюу үңкүр" дегенди түшүндүрүшү мүмкүн - деген ойго түртөт. *Авт.*)

Ади үңкүр, Шагым, Куршаб талаалары,
Ойроттор таш үй куруп байыр алып,
Сестенип сел келгендей чогуулашып,
Кыргыздын көчүн көрүп, кол курашып.

Эп көрбөй ээликтерин мал басканын,
Эр бүлөө курал алып каршылашып.
Кыргыздын кылычынан мерт болушуп,
Ойроттор качып барат тоо таянып.

Соогалап мал-мүлктөрүн калмактардын,
Сулуу кыз, күлүк аты колдо калып.
Капич баатыр, Боро, Андыбайлар,
Жийделүүнүн түзүндө карчылдашып.

Сырын катып ар бир үңкүр, таштарын,
Сынып түшүп, таш болүгү саргарып.
Ади үңкүр эстеликсиң сыры көп.
Сырың билбей жүрүптүрмүн канча жыл. . .

Күндө өтөм, оюмда жок эч нерсе,
Төрт мезгилдер кубалашып ээрчише,
Топуракка жуурулушуп үй оорду.
Тому да жок кербен сарай, мечиттин.

Ади үңкүрдүн ачсам сырдуу барагын,
Мезгилинде кербен сарай, жасалган.
Кербен келип өргүп өтчүү жер болгон,
Кашкар, Мисир, Самарканга жол алып.

Ади үңкүр, Сасык-Өңгү, Эшмелер,
Ош пиримге адыр бойлоп жол кеткен.
Буйлаланган төө жетелеп, адамдар,
Кумган-көзө, табак-аяк жүктөгөн.

Орто-Мечит, Ади үңкүргө катарлаш
Ак-Жар турат кан сепилин жашырган.
Өткөн тарых баректары ачылбай,
Үй томдору, кыр жондонуп топурак.

Өзгөндөгү мунаранын кыштары,
От жагылып ушул жерде бышканбы?
Калдыгыбы, кыштар жатат кээ жерде,
Карман көрүп окшоштукка ынандым.

Кош тишине кошо чыгат сызылып,
Көзө, кумган, кыштын майда сыныгы,
Коломтосу турат тумшук боорунда,
Морусунан чыкчуу элек кысылып.

Оюк ташы турат менин үйүмдө
Тегизделген оюкчасы нур менен.
Колдо жасап колдонгонго ишенбейм,
Египетке Ади үңкүр тең белен.

Канай, Жанай усталардын көөрүгү,
Ади үңкүрдүн кай жеринде көмүлүү?
Эзритилип коло, темир, мештерде,
Кылыч, жебе жасаганбы тердирип.

Өткүрлүгүн сынаш үчүн кылычтын,
Тикесинен шар сууларга коюшкан.
Жогортодон ала кийиз агызып,
Тең экиге бөлүнчүү экен айтуудан.

Канай, Жанай усталардын кылычы,
Соодагерлер сынап көрүп жактырган.
Алтын-Күмүш теңгелерге алмашып,
Араб, Япон өлкөсүнө ташылган.

Олуялар келеген бекен бул жерге?
Отурушуп маек куруп элдерге.

Өткөн доордон баяндасам баянын.
Өзүнчө эле дастан болуп жаралат.
Айман жашап өткөн доорго кайрылсам,
Укканымды аз да болсо жамактап.

Жыргалаңдай өзөнү бар жайылма,
Көндөй деген айылы бар боюнда.
Теңизбайлар жашап турган жер экен,
Көсөмдөрүн жазсам мага таарынбас.

Акылга бай, сөздү нуска сүйлөгөн,
Кара ташты дубаалаган, сүф деген.
Жаадачылык өнөрү бар киши экен,
Жаан жаадырып эл тилегин бүтүргөн.
Саяпкердлик жагын айтып Аймандын,
Аңыз кылып айтып жүрөт азыр да.

Ала шалбырт мезгил болчу, жол жаман,
Алыс жактан келе жатты топ атчан.
Арасында акыл насаат сөз сүйлөп,
Айман минген Акжал барат алчактап.

Кечмеликтен кечээринде Түптүн суусун,
Кеп токтоду, тиктеп турат, аккан сууну.
Калкып аккан ат тезегин байкап калып,
Айман ата карап турду үнсүз, сөзсүз!

Шаар аралап аралашып эл менен,
Саймедиреп акыл насаат сөздөрдөн.

Даарат алып намаздигер мезгилде,
Намаз окуп Ади үңкүрдө мечитте.
Шаа Машрап, Ясаби, Алдаярлар,
Зикир чалып таң атырып сепилде.

Күндөр өттү, күлүк аттай тепчилген,
Суулар агып, жер кыртышын кемирген.
Ади үңкүрдүн өзү турат шаары жок,
Ооздон - оозго куймаланып жеткирген.

АЙМАН САЯПКЕР

Кубангандан жанындагы жигитке!
«Өйдө жакта атчандар бар токто де!»
Ат чаптырып арка жактан барышты.
Айман баштап, айылдагы кишилер.

Отуз жашта чамасында жигитке,
Салам айтып сөз баштады тигинен.
Минген атты алмашалы башма-баш,
«Макул болсоң, ат жабдыгы ичинде!?»

Ойлуу тиктеп Айман минген Ак жалды,
Оозундагы кеби түшүп адашты.
Ээр токуму адемилеп жасалган,
Эч сөзү жок макул болду, алмашты.

Астына ат чыгарбай ошол кунан,
Аймандай саяпкериү, таптап, сууткан.
Аңыз кылып айтып жүрөт урпактары,
Ысык-Көлдө астына ат салбаган.

Артынан уулу чыкты Маанакедей.
Жараткан берген экен касиетти.
Жылдыздардын жайгашканын карап туруп.
Мезгилдин өзгөрүшүн айтып берген.

(Автордун өз стили өзгөртүүсүз сакталды).
Кошоев Б. - Кызыл-Кол айылы,
Кара-Суу району.
2019-ж. январь.



Козубаева Айнаш

Козубаева айылдык акын,
Жору уруусунун Чайчи уругунун келини.

АЙЫЛГА БАРДЫМ, ЧАКЫРДЫ АРБАП ШАМАЛЫ

Айылга бардым, чакырды арбап шамалы,
Көрүндү мага суз тартып көчо, бактары.
Мезгилиң түшкүр, өктөмүн сүрүп турса да,
Баягы тоолоң, булуттуу аппак асманы.

Алдиер тоодон нур төгүп, таңдын атканы,
Салкын жел сылайт, жубатып чөккөн маанайды.
Көркөмүн көрүп, көз тумар кылып алчудай,
Ажайып сулуу, кызарып күндүн батканы.

Жаңырган жашоо, өзгөрүп айыл аймагы,
Каз катар тизмек, өргөөлөр өрүш жайганы.
Тарткылык күчүн сабыры менен жеңе алган,
Кайраты күчтүү калкымдын коонү жайдары.

Жоктодум эстеп асыл баа кемпир-чалдарды,
Калдайып караан, шаңдантып турган айылды.
Эстелик калып айтканы, баскан-турганы,
Ыйык жер болуп алардын тийген таманы.

Кең-Сайды беттей төрт түлүк жайыт салганы,
Керемет сулуу, бүлдүркөн зарлуу аймагы.
Тегерек-Зоодон токтобой аккан булагың,
Шылдырап үнү, күн санай жылдар улады.

Коңур-Дөбө олбурлуу турат салмагы,
Ай тийсе жарык, Ак-Пордун аппак ташгары.
Улуу -Төш, сүрүн сыйкырдуу салып айылга,
Көбүрүп дайра Ак-Сууну бойлоп акканы.

Талаалап кеттик жомоктой жердин балдары,
Мекенден көрбөй күн батып, таңдын атканы.
Буулуккан жүрөк ар күнү самайт үмүттүү,
Арылаар күндү сагыныч толгон арманы.

Козубаева Айнаш Апазовна
24.01.2019. Москва

КЫЗЫЛ-СУУ

Тиреген асман кайраттуу
Тоолоруң сулуу Кызыл-Суу.
Күн нуру тегиз жайылган
Талааң бир сулуу Кызыл-Суу.
Түндүктөн түтүн булаган,
Айылың сулуу Кызыл-Суу.
Агылган тынбай кылымдар
Дарыяң сулуу Кызыл-Суу.

Асыл зат, урпак-тегиң бар,
Тамырың таза Кызыл-Суу.
Кыргыздын уучун улаган,
Түпкүрүн терең Кызыл-Суу.
Сабырдуу, эрктүү, кең пейил,
Элиң бир сулуу Кызыл-Суу.
Жараткан өзү жар болсун,
Жериң бир сулуу Кызыл-Суу.

Козубаева Айнаш Апазовна
26.02.2017

АЧА ТАМГАЛУУ ЖОРУ УРУУСУНУН БООКЕ (ЧАЙЧЫ) УРУГУНАН ЧЫККАН ЭЛДИК КУУДУЛ ТОКОБАЕВ ТӨЛӨНБАЙДЫН ЖОРУКТАРЫ

Токобаев Төлөнбай - 1937-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулуп, 1999-жылы кайтыш болгон. Ача тамгалуу Жорунун Booke (Чайчы) уругунан. Айылдык куудул, Турап ырчынын небереси. Кыргыз эл артисти К.Тураповдун атасынын бир тууган агасынын баласы. Көп жылдар бою колхоз-совхоз чарбаларында бригадир кызматын аткарган.



Токобаев Төлөнбай

Чукугандай сөз тапкан, адам болгон. Төлөнбайдын тамаша сөздөрү азыр дагы жердештеринин арасында айтылып жүрөт. Төмөндө анын калк арасында унутулбай сакталып калган сөздөрүнөн, кылык-жоруктарынан айрымдары берилди.

Төлөнбайдын үйүндөгү өзүнө ылайыктап жасаткан бозосун ар күнү эле райондон келген милициянын начальниктеринен бирөө ичип кете берет. Бир күнү ал начальник «Төлөнбай аке, бозоңуз укмуш күчтүү чыгыптыр, жеңем эмнеден жасады?» - деп сураса, бозо шак түгөнүп калган экен, совхоздун койлоруна берилүүчү комбикормдан эле жасап койду эле, укмуш бекен? - дептир. Начальник колундагы бозо куюлган кесесин жерге коюп, көпкө чейин унчукпай отуруп, бозо ичишти токтотот. Кийин Төлөнбайдан эмнеге анттиңиз? - деп сураса «бозону өзүмө койбой эле ичип кетип калып жатпайбы!» - деген экен.

Төлөнбайдын апасы Алима эненин бир курдашы картайып кышкы чилдеде каза болот. Үйүнө келгенден кийин «Ээ апа, досуңузга окшобой «Ыр кесени» күн жылуурakta, жазда алчы, элдин бары суукта кыйналат экен - деп тамашалайт.

Төлөнбай иштеген «Учкун» совхозуна жаңы партиялык комитеттин секретары келип иштей баштайт. Төлөнбай совхоздун кеңсесинин жанындагы магазинге бир күндө бир нече жолу келип, жүз граммдан ичип турчу экен. Аны байкаган парткомдун секретары совхоздун жалпы активинин чогулушунда «Кээ бир совхоздун активдери ишти таштап коюп, бир күндө кайра-кайра дүкөнгө карап ары өтөт, бери өтөт, ушул адатты токтотпойсунарбы? - десе, «А сиз аксакал айнек карагандан башка ишиңиз жокпу?» - деп совхоз активдеринин арасында уят кылыптыр. Кийин дагы бир күн ошол жерден дүкөнгө ичкени өтүп баратса, Мамасали аттуу совхоздун устасы кышка байланыштуу парткомдун секретарынын кабинетинин айнегин клиенка менен жылуулап жатса, «Ээ Мамасали дос, терезенин ушул жагына беш-алты кабат эле клиенка кагып салчы, партком мени көрбөсүн!» - десе, кабинеттин ичи-

нен угуп калган парткомдун секретары кабинетинен чыгып, «Ии, Төлөнбай аке, эмне деп жатасыз? - десе, ээ начальник, Сизди суукта үшүп калбасын - деп жатпаймынбы!» - деп машалап жоон бериптир.

Бир күнү Төлөнбай Кара-Суу шаарына базарлап келип, кайра үйүнө кетейин - деп автобуска чыкса жаштар автобустун орундуктарын ээлеп отуруп алышып, Төлөнбайды көрмөксөн болуп, уктамыш болуп калышат. Анда Төлөнбай «Ээ кокуй, «тихий часка» туш келген турбаймынбы!» - деп жаштарды тамашалаптыр.

Төлөнбай өзүнүн бригадасындагы жумушчулар менен бир аз кызымтал отурса совхоздун директору келип калып, кызуу экенин байкап, уят сөздөр менен «Жумуш убактысында иштебей ичип отурасың!» - деп сөгөт. Директор машинасынан түшкөндөн кийин, «Ээ аксакал, азилиңиз эле катуу да, тиги сиздин калп эле сөккөнүңүздү жумушчулар билбей, «Ии директор менен Төлөнбайдын мамилеси начар экен - деп ойлоп калышты ээ?» -десе, «О атаңдын оозуна, жиндисиң го!» - деп кайра ачууланса, Төлөнбай камырабастан турып, «Мен жинди болсом, Сиз «Кашпирсиз да!» - дейт. Директор «Кашпириң эмне?» - десе «Кашпир - деп жиндилерди окуп сакайткан молдону айтат. Сиз мени сакайтпасаңыз мен айыкпайм го?» - дептир. Ошондон баштап совхоздун директорунун калк арасындагы кайрасы мана, шылдың аты Кашпир болуп калыптыр.

Төлөнбай совхоздо бригадир болуп иштеп жүргөндө, тоют даярдоо убагында көпкө чейин чөп чабыктан үйүнө бара албай жүрөт. Бир күнү совхоздун директоруна жолугуп, «Аксакал мен бүгүн үйүмө барып түнөп келейинчи, балдарымы сагындым, балдарымдын апасында дагы бир аз ишим бар эле?» - десе, директор, «О атаңдын оозуна, тапкан шылтоосун мунун!» - деп каткырып күлүп, бир күнгө жоон берген экен.

Төлөнбай бригадир кезинде бир күнү райондун жетекчилери келип, чөп чабыкта иштеп жаткан жергиликтүү аялдардын тобун көрүп, Төлөнбайдан «Бул аялдардын арасында өзүңдүн аялың дагы барбы? деп сураса - ооба бар. Тетиги жоон аял меники деп бир аялды көрсөтөт. Тиги жетекчи кеткенден кийин баягы аял «Сен мени эмнеге аялым деп көрсөттүң, уятың жок экен!» десе Төлөнбай бир азга менин аялым болсоң эмне болот эле деп тамашалаптыр.

Кийин совхоздун бригадирлик кызматтан бошогондон кийин ар жыл сайын чөп чабыкка жардамга келип жүргүн мугалим аялдар Төлөнбайга кайрылып «Бизди чөп чабык планын аткарды деген справка берүүсүн суран бир аз акча беришет. Төлөнбай баягы аялдардын бергенин алып, башка жактагы бригадир досу Абдираимге кат жазып «Абдираим дос булар мага келип жолугушту, эми сага барып жолугат. Эмне кылсаң өзүң бил, мен алчусун алдым» деп тамашалап досуна жөнөтөт экен.

Төлөнбай Кара-Суу шаарында жумуштан жүрүп, ысыкта катуу чанкап, пиво саткан жерге келсе, көп кишилер кезекте турушкан болот. Кезекке карабай эле «Ээ сарт досум, куй пиводон!» - дейт. Калган эл «Кезекке турбайсыңбы?» - деп ызылданса боюнарга карап, кезекке турбайсыңарбы, (узун бойлуу киши болгон) боюнар мендей болгондо силер да кезексиз ичесиңер!» - деп тамашалайт. Анан пиво саткан сартка элди алдап, кружкага пивону бөксө куюп жатканын байкап, «Ээ сартым, пивону аз-аздан куй, элдин баарына жетсин!» - деп какшыктаган экен.

Төлөнбай «Ийри-Суу» жайлоосунда чөп чабыкка кароолчу болуп иштеп жүрсө коншу Өзгөн районунун жайлоого чыккан саанчы келиндери, «Ээ аке, биздин уйларды жайыттап барса саан алып жатасыздар, биздин да планыбыз бар, бала-чака багабыз - деп ушул жерде жүрөбүз, уялбайсыздарбы?» - дешсе, Төлөнбай «Ээ карындаштарым, тигинде бир картайган мастен катын бар (өзүнүн аялын), силердин уйларыңарды эле эмес, такыр эле сүт чыкпаган,

тартайган мени да кээде саап алат!» - дептир. Келиндер: «Ии бетиң жок неме экенсиң!» - деп басып кетишиптир.

Төлөнбай Ташкентке барып, өмүрүндө биринчи жолу негр кишилерди көрөт. Таң калып, кайра Кызыл-Сууга келгенде Алип кара аттуу досуна жоолугуп, «Ээ Алип дос, сени экинчи «Алип кара» десем өлүп кетейин, Ташкенттеги негрге караганда сен ак жигит турбайсыңбы!» - деп тамашалаган экен.

Төлөнбайдын Акун атуу досу көзүнөн операция болуп, ооруканадан чыгып келет. Бир көзү жакшы көрбөй калат. Досу менен учурашканы барса, Акун досу «А кайран көзүм, эми мылтык атмак кайда? - деп илинип турган мылтыгын көрүп муңканыптыр. Ошондо Төлөнбай «Бир башыңа бир эле көз жетпейби. Ансыз деле бир көзүндү жумуп атасың да. Кайра сага оңой болду, бир көзүндү жумуп убара болбой, эле ата бересиң да! - деп досун да, элди да күлдүргөн экен. (Төлөнбайдын жоруктарын Капаров Сайпилда - Кара-Суу районунун Курбан-Кара айылынын жашоочусу берди).

ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНАН ЧЫККАН УСТАЛАР, БАЛБАНДАР, СПОРТЧУЛАР

Уста Канай менен Жанай - Ача Тамгалуу Жорунун Бешабышка уругунан. Урпактарынын эскерүүсү боюнча азыркы Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айыл өкмөтүнүн борборунан күн чыгышка Кызыл-Сууга бараткан жолдун 2-3 чакырымында Ади үңкүр аттуу, эски курулушкалар, устаканаларды камтыган жерде ярмарболгон. Азыр да калдыктары жер алдынан изделе табууга болот. Ушул жерде Калмактар жана башка тышкы душмандар менен күрөшүү үчүн Жору (Жолжакшы) тукумдары кылыч, найза жаа, ж. б. курал жарактарды жасашкан. Канай менен Жанай устанын жасаган куралдары Арабия, Японияга чейин сатылган - деген маалыматтар бар. Азыр эскерилип жүргөн Андыбай, Капич баатырлар ушул Жанай менен Канай устага жасаткан куралдар менен душмандарга каршы күрөшүшкөндөрү белгилүү. Булардын урпактары Жору уруусунун Бешабышка уругу болуп жашап келишүүдө.



Тышкы душмандар менен күрөшүүдө кыргыз темир усталарынын, уз чеберлеринин, анын ичинде Жору (Жолжакшы) уруусунан чыккан усталардын жасаган курал-жарактарынын дагы мааниси чоң болгонун тарыхый маалыматтар далилдеп турат. Кыргыз жоокерлердин кылычы башындагы тулгаларын таарып түшкөнү, согуш учурунда кыргыздардын зооторун бузгандыгы белгилүү, Япон самурайларынын душманды бөлө чапканы, ал кылычтарды Енисей кыргыздары жасап бергени белгилүү. (О. Осмонов. "Тагай бий". Бишкек-2004-жыл, 14-бетте). Тарых изилдөөчү, Жолдошев А. «Кыргыздар арабдарга кылыч саткан» аттуу маалыматында X-XI кылымдардан бери эле Орто Азиянын Суяб жана

Мерменд шаарларында чоң жарменкелердин өткөрүлүп турганын, айрыкча азыркы Лейлек районундагы Мерменд шаарында араб, кытай ж. б. Жибек-Жолундагы соодагерлердин дүйнөнүн көп жерлеринен сатып алуучулар катышканын маалымдайт. Бул жарманкелерде кыргыз усталарынын темирден, болоттон жасалган куралдары, айрыкча кылыч, канжарлары, айбалта, жаалары күмүш, сымап менен сугарылганы, алардын Европа жана Азиянын көп-чүлүк өнүккөн мамлекеттерине белгилүү болгону маалым. Кыргыздын канжар, кылычтарынын аттары Наркескен, Жойкума - деген аттар менен белгилүү болгон, Ызгыч - деген жебе атканда үн чыгарып учкан. Азыр да «Ызгычтай болгон үнү бар» - деген сөздөр эл арасында айтылып келет. Жааларды каркыра куштун кызыл өңгөчү менен аштап, текенин, мүйүзүнөн жасалган. (А. Жолдошев - «Кыргыздар арабдарга кылыч саткан»), «Эмгек майданы» газетасы - 1997-жыл, №10). Жору уруусунун Бешабышка уругунан чыккан Канай менен Жанай устанын кылычын Бешабышка суусунун шар аккан жерине алып келип, кийизди суурга салып агызып, кылычтарды сынашкан, аккан кийизди шар аккан суудагы сайылып турган кылыч кесип кетпесе ал кылыч жараксыз - деп табылып, кайра сугарууга, оңдоого жөнөткөн - деген сөздөр азыр да калк арасында айтылып, дайыма эскерилип келе жатканынын күбөсү болдук. Албетте бул маалыматтардын чын-төгүнүн илимий жагынан келечекте тактоо милдети турат.

БАЛБАНДАР

Чалыке балбан болжол менен XVII кылымдардын орто тушунда жашаган. Ача тамгалуу Жорунун Эсеке уругунан, Чалыке тобу бар. Чалыке өз мезгилинде балбан болуп өткөнү белгилүү. Чалыке балбан Алайдын жайлоо тарабындагы Айлама - деген жерде жайланышкан Жору уруусунун көрүстөнүнө (Азыр да сакталып турат. Авт.) аралыгы бир топ Балык Уядан эстеликке таш көтөрүп келип койгон экен. Ал таш эки жолу сынып, калганы азыр дагы тикесинен турат. Калк арасында «Копкон-Таш» - деп аталып келүүдө. Чалыкенин чебереси атактуу балбан Чеченбай. Кара-Суу районунун Жаңы Арыгынан Кызыл-Сууга бара жаткандагы капчыгайдын 25 чакырымында түштүктөн түндүк чыгышка карай созулган «Чеченбайдын коктусу» аттуу капчыгай бар, ичи чер-токой, ортосунан Жылышманын бир арык суусу агат, жаратылышы кооз. Чеченбай болжол менен XIX кылымдын баш чендеринде жашаган. Мезгилинде баатыр катарында калмактардан жылкы тийип келгени, Бөдөлөкбаш аттуу бүркүтү бар экенин урпактары укканын эскеришет. Бул бүркүттүн калтар түлкү алганы, аны Арка кыргыздары сатып алганы, бир жылдан кийин Бөдөлөкбаш кайра Алайдын Айдамасында Чеченбай мүнүшкөргө келгенин унутпай айтып жүрүшөт. Бөдөлөкбаш карып, көзү көрбөй калганга чейин узак жашаганы белгилүү. Чеченбайдын небереси XX кылымдын 20-жылдарында каза болгон, артында уул бала калбаптыр. Чеченбай жылкы тийип келе жатып колго түшкөнү, байтал бээнин томугун жутуп жибергени айтылат.

Бабый (Бабы) балбан - болжол менен XIX кылымдын орто ченинен, XX кылымдын башында жашап өткөн. Ача тамгалуу Жорунун Нийрек уругунан. Тарыхта белгилүү 1869-жылы атактуу Жантайдын ашына Сыр-Дарыя, Фергана, Анжиян, Ош ороондорунөн, Казакстандын Олуя-Ата, Жети-Суу областарынан коноктор чакырылат. Кичи Кеминде өткөрүлүп, жалпысынан 2000ден ашык боз үй тигилип, 50 миңден ашык конок чакырылып,

миндеген жылкы, койлор союлат. Кыргыздын улуттук оюндары боюнча мелдештер уюштурулуп, чоң байгелер коюлат. (Маалымат-Ж. Токтоналиевдин «Шабдан баатыр» китебинен «Бийиктик - 2006-ж., 1912-ж. 29-апрель «Семиречинские ведомости" (№96) газетасындагы некрологдон алынды). Ушул ашта жогорудагы боз үйлөрдүн бири Жору (Жолжакшы) уруусуна бөлүнүп, конок болушат. Жорунун (Жолжакшы) атынан топту жетектеп, Ача Жорунун Эсеке уругунан Токтомбет бай, Ийрек уругунан Анарбай байлар, Бабый балбан, мүнүшкөр Чеченбай (Эсеке уругунан) болушуп барып катышат. Бабый казактын чоң балбанына оода-рышка түшүп, бир кармаган боюнча коё бербей, ашты башкаруучулардын алдына таштайт. Элдин баары Бабыйдын балбандыгына таң калышат. Көз тийип, кийинки тагдыры жакшы болбой каза болгон экен. (Маалымат берген-Кеңешбаев Мамат-Эсеке уругунан, 80 жашта.)

Каракүчүк балбан - XVII кылымдын аягы XIX кылымдын башында жашап өткөн. Тасма баатырдын чебереси. Тасма уругунун Тыныбек бийинин бир тууганы. Каракүчүк балбан Казак, кыргыз элиндеги чоң аш-тойлордо оодарыш, күрөш мелдештерине катышып, эч качан жеңилбегендигин, казактардын бир чоң ашында үйүндө ооруп жатканына карабастан барып, кыргыздарга баш байгени алып бергенин азыр да урпактары аңыз кылып айтып жүрүшөт. Таң калыштуусу Тасма уругунун бардык урпактары бирдей эле сыймыктануу менен Каракүчүк балбанды эскеришет. Кара-Кулжанын Жетим-Дөбө айылында Каракүчүк балбандын түздөн түз урпактары отурукташкан.

Өмаркул балбан - XIX кылымдын орто ченинде, XX кылымдын биринчи чейрегинде жашаган. Өмаркулдун атасы Жумабай балбан өз мезгилиндеги Ача тамгалуу Жору уруусунун Эсеке уругунан чыккан атактуу балбан болгон. Өмаркул алгачкы жолу Алайдагы Тоо-ке уругундагы тага журтунда 18 жашынан күрөшкө катышып жеңген. Азоо атты куйрук-тап кармаганы, минген аты чарчап калганда Сасык-Терекке өзү көтөрүп кеткени азыр да эл оозунда айтылат. Көптөгөн жолу күрөшкө катышып, далысы жерге тийбептир. Азыркы Өзгөн районунун Кара-Таш айыл аймагындагы Жылышма, Таш көпүрө жайлоосунда ботолуу төө сазга тыгылып калганда, кой көтөргөндөй саздан сууруп чыкканын аңыз кеп кылышат. Урпактарынын эскерүүсү боюнча азыркы Кара-Суу районунун Курманжан датка айыл округундагы Каарман аттуу кыштакта өзүнүн ээлик жерлери болгон. Ошол өзүнүн ээлик жеринен азыркы Кара-Суу районунун Сарай айыл округуна караштуу Миялы жайлоосуна баратканда «Акылбектин чаты» - деген жерде минген аты чарчап, аны андан ары өзү мойнуна салып көтөрүп кеткен. Бутуна кийген галошуна 6 кило буудай батчы экен. Эсе-ке уруктары жашаган азыркы Кара-Суу районунун Кызыл-Кол кыштоосунда узундугу он метрден ашкан, жоондугу бир кулач арчаны, тагынган куру менен өзү көтөргөнүн айтышат. Мындан тышкары Кызыл-Суудагы дарыяга көпүрө салып жатканда узундугу 10 метрден ашкан, кучак жетпеген арчаны курга байлап, дарыяга көпүрө үчүн коюп бергенин эскеришип жүрүшөт. Азыр бул Өмаркул балбандын чебереси Мусаев Талант балбан, балбандыктын династиясын улантып келүүдө. (Маалыматты берген - Кошоев Б. Кара-Суу районунун Жаңы-Арык а. ө. жашоочусу. 65 жашта).

Жолдубай уулу Сапарбай балбан - 1920-жылы Алай районунун Сөгөт кыштагында туулуп, 1999-жылы кайтыш болгон. Ача тамгалуу Жорунун Галча уругунан. Түштүк өрөөндө балбан күрөш боюнча таанылган балбан. 60 жашына чейин оодарыш, балбан күрөштөргө катышып, баардык мелдештерде Сапарбай балбандын жеңилгенин эч ким көргөн эмес.

1941-1943-жылдарда Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1943-жылы согуштан жарадар болуп, 3-топтогу майып болгон. Ага карабастан колхоздо, совхоздо 18 жыл эмгектенген.



Султанов Айдар

Султанов Айдар - 1900 жылы Кара-Кулжа районунун Карагуз айылында туулуп, 1978-жылы ошол жерде каза болгон. Мал чарба кызматкери. Саякер, улак тартыш боюнча чоң чебер, жаштардын насаатчысы. Кыргызстандын көпчүлүк аймагында чабандес катары белгилүү болуу менен чоң мааракелерде улак тартыш, оодарыш жана башка улуттук оюндарда калыстык милдетин аткарган.



Токебаев Маматкадыр Маматазимович

Токебаев Маматкадыр Маматазимович - 1950-жылы Кара-Кулжа районунун Карагуз айыл өкмөтүнүн Жетим-Добо айылында туулуп, 1990-жылы ошол жерде каза болгон. Ай тамгалуу Жорунун Таема уругунан чыккан Каракүчүк балбандын урпагы. СССРдин Аскер-Деңиз флотунда суу алдындагы аскер бөлүгүндө кызмат кылган. Республикадагы өткөрүлгөн оодарыш, улак тартуу мелдештеринин катышуучусу жана жеңүүчүсү. Бою 213 см., салмагы 150 кг. болгон. *(Бул маалымат-ты Чалыке уругунун урпагы Кошоев Белек - 65 жашта) берди.*



Исаев Токтакун

Исаев Токтакун палван 1935-жылы Өзгөн районунун Бешабышка айылында туулуп, 1985-жылы каза болгон. Ача тамгалуу Жорунун Бешабышка уругунан. Башынан омүрүнүн акырына чейин колхоз, совхоздо мал чарбасында эмгектенген. Орто Азия ороонүнө белгилүү балбан, чабандес. Орто Азия, Кыргызстанда өткөрүлгөн көптөгөн оодарыш, көкбөрү мелдештеринде байгелүү орундарды алган. Кыргызстанда көкбөрү улуттук оюндарынын активдүү катышуучусу, уюштуруучулардын бири. Оодарыш, улак тартууда байгелүү орундарды алуу менен катар бир топ мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болгон. Азыр өзү жашап өткөн айылында бир көчөнүн аты коюлган.




Зикиров Ырысбай балбан

Зикиров Ырысбай балбан - 1934-жылы, 6-июнда Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Бейшеке (Горок) уругунан. Кара-Суу районунун «Кыргызстан» совхозунда жылкычы болуп иштеген. Өзүнүн жараткан берген балбандыгы менен «Көкбөрү» (Улак тартыш), оодарыш сыяктуу улуттук оюндар боюнча өткөрүлгөн Бүткүл Союздук, республикалык мелдештердин активдүү катышуучусу. 1968-жылда СССР айыл чарба министрлиги тарабынан Казакстандын Алма-Ата шаарында өткөрүлгөн колхоз, совхоздордун асыл тукум жылкы заводдорунун Бүткүл Союздук 11-мелдешинде алдынкы орунду ээлеп, Ардак грамота менен сыйланган (Ардак грамота, 1968-ж. Алма-Ата шаары) Ушул эле ийгилиги үчүн 21-март 1969-жылы Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган. (Ардак грамота, 21-март 1969-ж. Айыл чарба министри - М. Умаралиев).



Аманов Табалды балбан

Аманов Табалды балбан - 15-июнда 1945-жылы Өзбекстандын Анжиян облусунда туулган. Орто билимдүү. Ача Жорунун Корок (Бейшеке) уругунан. Советтер Союзунун мезгилинде Өзбек Республикасынын Анжиян облусунда мал чарба кызматкери болгон. 1985-жылдан кийин туулуп өскөн Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылына көчүп келип, мал чарбасында эмгектенген. Жаштайынан кыргыздын улуттук ат оюндарына катышып, өзүнүн чебердигин, балбандыгын көрсөткөн. Өзбекстанда иштеп жүргөн мезгилде Өзбек Республикасынын «Хосил байрамина» (Түшүм майрамы) арналган ат оюндарында ар дайым алдынкы орунду ээлеп келген (Биринчи баскычтагы Диплом, Ташкент 5-6-декабрь 1975-жылы), Жалпысынан Оодарыш боюнча Өзбек Республикасынын 7 жолу чемпиону, Казак Республикасындагы мелдештердин жеңүүчүсү. Кыргызстандын аймагындагы өткөрүлгөн Манастын 1000 жылдыгына карата Таласгы «Көк бөрү» мелдешинин катышуучусу, оодарыш боюнча чемпион, Курманжан датканын 180 жылдык юбилейинде оодарыш боюнча чемпион наамдарына жетишкен. «Улак тартыш» оюну боюнча Жогорку категориядагы калыс, ат оюндары боюнча жаштардын машыктыруучусу.



Максүтов Талантбек Мусаевич балбан

Максүтов Талантбек Мусаевич - (балбан) Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Эсеке уругунан чыккан атактуу Жумабай балбандын кыбырасы, Өмаркул балбандын чебереси. Өзүнүн салмагы 120 килограмм, бою 192 см. Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университеттин юридика факультетин аяктаган. Өзүнүн фермердик чарбасында иштейт. Манастын 1000 жылдыгында улак тартыш (Көкбөрү) боюнча экинчи орунду, "Ош-3000" мааракесинде "Оодарыш" боюнча республиканын биринчи орунун ээлеп, жеке өткөрүлгөн той-мааракелердеги бардык баш байгелерди алып келүүдө. "Көкбөрү" боюнча атайын уюштурулган мелдеште жерден 113 килограмм торпокту көтөрүп, атынын жалына салган. Орто Азия жана Кыргызстандагы өткөрүлгөн "Оодарыш", "Көк бөрү" улуттук оюндарынын дээрлик көпчүлүгүндө баш байгенин жеңүүчүсү. Улуттук оюндар боюнча өткөрүлгөн мелдештерде көптөгөн Ардак грамоталар, Дипломдор менен сыйланган. "Ош-3000" аттуу Түркиянын Стамбул шаарынан 2000-жылы чыккан китебинде Оодарыш боюнча сүрөткө тартылып, бүткүл түрк дүйнөсүнө таанытырган. Бул китепти "Түрк сой" (Түрк дүйнөсүнүн Маданияты жана искусствосу), Түркия тышкы иштер министрлиги, "Себат" билим берүү уюму тарабынан чыгарылган.



Жорудан чыккан Чалыке балбандын урпагы
Максутов Талант балбан менен, Ош шаары, 2014-жыл

Кытай аймагында жашаган Жору (Жолжакшы) уруусунан чыккан балбандар, онорпоздор

(Шинжаңдын Жыкын айылы)

1930-2011-жылдарда Кытайдагы кыргыздардын, Жорулардын намысын коргошкон. Кытайдагы Ача тамгалуу Жорулардын Кадырали уругунун Адылбек тобунан XVII кылымдын аягында Найза балбан өткөн. Найза балбан аты чарчап калганда желкесине көтөрүп, белдерди ашканын урпактары азыр да эскеришет. Найза балбандын урпагы Канки балбан (1905-1965-жж.) өткөн. Канки балбан күрөштө далысы жерге тийген эмес экен дешет. Ары бери каттаган уйгурларды өзөндөрдөн, кыялардан өтө албаган жүк ташыган эшектерин жүгү менен көтөрүп өтүп, уйгурлардын акчасын алып, өзүнүн туугандарын оор заманда баккан. Бир эшекти көтөрүп өткөнүнүн акысына 30 даанадан уйгурдун токочун алып, туугандарына бөлүп берип тургандыгы эскерилет. Найза балбан Чынак казынын авасы Кубакайдын ашында Кыргызстандык Арстан балбанды күрөшүп жыккандыгын айтышат. Найза балбандын 4 - урпагы Адилбек Кадыр уулу азыр балбандык кылып, жалпы Кытайга белгилүү. Ача Жорунун Кадрали уругунун Кытайдагы Мекир тобунан Назарали Эгемберди уулу (1903-1985-жж.) чоң аалым, диний жетекчи болгон. Мындан тышкары Ача тамгалуу Жорунун Кытайдагы Бешабышка уругунан Ыбрай Тургуналы - 2 даражадагы композитор. *(Маалымат берген Турдубаев Кантөрө, Кара-Кулжа району).*

ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНАН ЧЫККАН СПОРТЧУЛАР

АБДЫЛДАЕВ Кадырбек Жалалович - 1974-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Кадыралы уругунан. Волейбол боюнча Кыргыз Республикасынын спорт чебери (2002). 1995-жылы Жалал-Абад шаарындагы дене тарбия институтун бүткөн соң, Кара-Суу районундагы "Эркин-Тоо" орто мектебинде дене тарбия мугалими болуп иштейт. Волейбол боюнча бир нече жолу чемпион болгон. 1997-жылдан Кыргыз Республикасынын ИИМинде волейбол боюнча курама командасынын мүчөсү. 2000-жылдан Иран, Индия, Россия, Казакстан мамлекеттеринде өткөрүлгөн Эл аралык Волейбол боюнча мелдештерде Кыргыз Республикасынын Курама командасында мүчө болуп, көптөгөн спорттук ийгиликтерге жетишкен. Азыр Кыргыз Республикасынын волейболчуларынын Ардагерлеринин курама командасынын катарында спорттук оюнду улантып келүүдө.



Абдылдаев Кадырбек Жалалович

АШИРОВ Орозбек Раимжанович - 1988-жылы Кара-Суу районунун Мөнөк айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 2014-жылы ОшМИОИнун юридикалык факультетин бүткөн. Самбо, Эркин күрөш, Алыш боюнча республикада өткөрүлгөн көптөгөн мелдештерде активдүү катышып, байгелүү жеңиштерге ээ болгон. Көчмөндөрдүн дүйнөлүк оюндарынын алкагында өткөрүлгөн мелдештерде алдыңкы орундарды алган. Алыш күрөшү боюнча спорт чебери (2013), САМБО боюнча спорт чебери (2014), Эркин күрөш боюнча спорт чебери (2017). Алыш-күрөш боюнча дүйнөнүн чемпиону. (Декабрь, 2019)



Аширов Орозбек Раимжанович

МАРАТБЕК уулу Арген - 1996-ж. Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Сагындык уулу тобунан. Кара-Суу районунун Н.Бапыгулов атындагы орто мектепти - 2012-ж., Ош шаарынан №12 кесиптик лицейди - 2015-ж. аяктаган.



Маратбек уулу Арген

Спорттун бокс, ММА, аскердик самбо, Эркин күрөш түрлөрү менен машыгат. Сорттук мелдеште бокс боюнча Ош шаарында 7 жолу шаардын биринчилигин алган. (2014-2015-жж.), Бишкек шаарында өткөрүлгөн бокс боюнча мелдеште эки жолу биринчиликти ээлеген. Ушул жылы Дүйшөнкул Шопоковдун элесине арналып, Бишкекте өткөрүлгөн республикалык бокс боюнча мелдеште коло медалын алган жана спорт чеберлигине талапкер болгон. 2015-2016-жылдарда Россиянын Санкт-Петербург шаарында спорттун «Эрежесиз эр уруш» (ММА) мелдешинде биринчи орунду ээлеп, «Спорт чебери» наамын алган. 2016-2017-жылдарда КПФ (Киндом, профессионал файтинг чемпионшип) уюмунда алтын курдун ээси болгон. 2017-2018-жылдарда ПК (Промольтская компания пик) уюмунда алтын курду алууга жетишкен. 2018-жылы Европанын Финляндия шаарында өткөрүлгөн ГАГЕ уюмунда кыргыз спортчуларынан биринчи болуп жеңишке жетишкен. 2019-жылдын ноябрь айында Бишкек шаарында өткөрүлгөн Гран-при уюмунда жеңишке жетишкен.



Токтобаев Замирбек Оролбаевич

Токтобаев Замирбек Оролбаевич - 1986-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу жорунун Чайчы уругунан. Оро мектепти аяктагандан соң Москва шаарындагы ар кандай эр аралык күрөш федерацияларына катышып жүрүп, 2016-жылы Алыш. Прайт уюму уюштурган мелдеш Москва шаарында өтүп, эрежесиз эр урушта к-9ММАге катышып 3-орунду багындырган. Москва шаарында өткөн Россиянын чемпионатында «Алыш»тын атынан катышып Америкалык мушкерди 70 кг салмакта жеңип 3-орунду алган. Ошол эле 2016-жылы дүйнө чемпионатынын ММА -К-9 мелдешинде 70 кг салмакта 1-орунду, Москвада өткөрүлгөн ачык турнирине 70 кг салмакта катышып, 2-орунга ээ болгон. Кумите файт күрөшүндө профессионалдык спорт боюнча 2016-ж. 1-орунду алган. ММА Союзга катышып, 3-орунду багындырган. Учурда Москва шаарында эмгектенип, өсүп келе жаткан жаш мушкерлерди тарбиялап, «Бойцовский клуб-JORU»да өзү да машыгып келүүдө.



Ысаков Элмир Алтынбекович

Ысаков Элмир Алтынбекович 1980-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу жорунун Кадырали уругунан. 1999-жылы Кыргыз-Өзбек университетинин юридикалык факультетин бүткөн. Кыргыз Республикасынын Спорт чеберлигине кандидат. Россиянын Москвадагы ММА боюнча Грепплингге машыккан, 2013-жылдан «Боевой самбо» боюнча машыгууда. 2012-жылы Грепплинг боюнча бүткүл Россия Федерациясынын беш жылдыздуу тандоо турниринде дүйнөлүк чемпионатта 2-орунду, 2013-жылы боевой Самбодон Москвадагы чемпионатта 1-орунду, 2014-жылы Москвада Самбо Федерациясында 2-орунду, 2017-жылы Москва шаарында «Бойцовский клуб (JORU)» спорттук уюмунун негиздөөчүсү болгон. Спортко кызыккан туугандарды машыктырып, тарбиялоону улантууда.



Эгешов Курманали Пазылович

Эгешов Курманали Пазылович - 1961-жылы Кара-Кулжа районунун Тоготой айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунун Жалантөш тобунан. 1982-жылы ОШМУну, 2002-жылы КМУну бүткөн. СССРдин дзюдо боюнча спорт чебери. 1980-жылы Кыргызстанда өткөрүлгөн дзюдо боюнча байгелүү орунга татыктуу болгон. Кыргыз Республикасынын Ош облусу жана Ош шаары боюнча жоокердик самбо боюнча Президенти. Дүйнө чемпионатынын жеңүүчүлөрү Жаныбек уулу Самат жана Адил уулу Курманбектердин машыктыруучусу, Кара-Кулжа районунун «Барчын» футболдук командасынын негиздөөчүсү. «Кыргыз Республикасынын дене тарбия жана спорттун мыктысы».



Эргешалиев Салмоор Сулайманович

Эргешалиев Салмоор Сулайманович - 1985-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Кадырали уругунан. 2005-жылдан спорттун күрөш, самбо, эрежесиз эр күрөш түрлөрү менен машыккан. Кыргызстандын 4 жолку чемпиону, Азиянын чемпиону, Боевое самбо боюнча Эл аралык мелдештин жеңүүчүсү, АКШда өткөн дүйнөлүк чемпионатта призер, профессионалдык эрежесиз күрөштүн 2014, 2015, 2016-ж. Кыргызстандын чемпиону. Эрежесиз күрөш, аскердик самбо боюнча Кыргызстандын спорт чебери. 2014-жылдан азыркы учурга чейин WEFте эрежесиз эр уруштарда катышып жүрөт.

ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНАН ЧЫККАН МҮНҮШКӨРЛӨР, САЯПКЕРЛЕР, ТАБЫПТАР



Франциянын Ривьересинин Ментон шаарындагы ботаникалык багында "Кыргыз бүркүт менен" аттуу скульптура бар. Бул эстелик 1886-жылы Орустун улуу скульптура чеберi Евгений Александрович Лансере тарабынан жасалып орнотулган. Е. А. Лансере 1812-жылдагы согушта Россияда калып кеткен Наполеон аскеринин небереси болгон. Ал күмүш, жез жана башкалардан Россиянын ири заводдорунда байлардын мамлекеттик чиновниктердин эс алуу жайларында, кабинеттеринде жасалгаларды куйган. Болгону 38 жыл жашап, 400дөн ашык чыгармаларды жараткан. Өзүнүн жасаган скульптураларында Россия, Украина, Орто Азиянын турмушун чагылдырган. Е.А.Лансеренин «Кыргыз бүркүт менен» аттуу скульптурасын Россиянын императору Александр III Францияга белек кылып берген. Кыргыз бүркүтчүлөрү байыртан эле башка алдыңкы өнүккөн мамлекеттердин көңүлүн бурган. Ушундай бүркүтчүлөр, мүнүшкөрлөр Жору (Жолжакшы) уруусунда да илгертен болгондугун төмөнкү маалыматтар тастыктап турат. *(Маалымат интернет булагынан алынды «Кыргыз с беркутом» аттуу скульптура жөнүндө. Авт.)*

* * *

Кыргыз бүркүттү кастарлап багып, 1 жашында бала, 2 жашында бозул, 3 жашында таштүлөк, 4 жашында күмтүлөк, 5 жашында барчын жана ушул сыяктуу атаган. Бүркүт колдо жашаса, 40-45 жыл өмүр сүргөн. Жапайы, өз эркинче жашаса 100 жыл жашаган. Бүркүттүн 65 түрү бар. Кыраандары, 19 урукка бөлүнөт. (Буудайык, Алп каракуш, Музмурут, ж.б.у.с.) Б.Солтоноев "(Кызыл-Кыргыз тарыхы". Б.1993-ж. 190 б.



Бегиев Турдукул

Бегиев Турдукул - 1904-жылы Кара-Кулжа районунун Тоготой айылында туулуп, 1982-жылы кайтыш болгон. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунун Жалантөш тобунан. Мүнүшкөр, зергер, уста болгон. Темир калпа аттуу түрк устанын шакирти болуп, жаш кезинен устачылыктын сырын үйрөнгөн. Аялдарга зер буюмдарды, кушка коңгуроо, бүркүткө томого жасаган. Бул өнөрлөр атасы Бегиден мурас катарында калган. Бүркүт таптаган, карышкыр, кашкулак ж.б. кайберендерге аңчылык кылып, баалуу терилерди, кайберен этин даярдап, үй-бүлөсүнө жана тууганарына каралашкан. Согуш мезгилинде колхоздо темир устачылык кылып, тылдагы эмгекчилерге кызмат кылган. 1970-ж. В. И. Ленин дин туулган күнүнүн 100 жылдык юбилейинде Казакстанда өткөрүлгөн Эл аралык мелдеште карышкырга бүркүт салып, 1-орунду ээлеген. Кыргызстанда-гы мелдештердин активдүү катышуучусу жана жеңүүчүсү болгон. Айрым зер буюмдары облустук көркөм музейдин экспонаттары катары сакталып турат *(Маалымат берген Турганбаев Жапар-Кара-Кулжанын Тоготой айылынын тургуну).*



Тезекбаев Токтобай

Тезекбаев Токтобай - 1930-жылы Кара-Кулжа районунун Карагуз айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. Уста, мүнүшкөр. Согушта атасы менен колхоздо устачылык кылган. Зергер аялдардын зер буюмдарын, куштарга коңгуроо, томоголорду жасайт. Куш салуу боюнча облустук, райондук мелдештерге катышып, байгелүү орундарга жетишкен. «Ак иймек» аттуу кушу менен коенду алдыр-ган *(Маалымат берген Турганбаев Жапар - Кара-Кулжанын Тоготой айылынын тургуну).*

Карача уста, мүнүшкөр. XVIII кылымдын биринчи жарымында жашап өткөн. Ача Тамгалуу Жору уруусунун Бооке (Чайчы) уругунан. Мергенчи, устачылык кылып боз үй жасаган. Боз үй жасатыш үчүн Өзбекстанда жашаган кыргыздар да келишчү экен. Устачылык менен тапканына үйлөнүп, боз үй тургузат. Тоого чыгып, торун жайып коюп отурса, торуна куш түшүп калат. Кушту тордон чыгарып, жакшылап караса эки буту жара болгон-дой бодур-ала болуп туруптур. Ошондо «Оо жараткан, эмне мени шылдыңдаганыңбы «багы жокко дагы жок» - деп кайдагы бир буту жара куш түшүрүпсүң торго», - деп капаланып, кушту коё берейин деп ойлоп, кайра ушул да болсо жараткандын бергени, буту жара болсо айыгаар - деп кушту койнуна катып, айылга карай жөнөйт. Жолдо келе жатып, анчылык кылып жүргөн бир аксакалга жолугат. Кушту ал аксакалга көрсөтсө «Ээ балам, сага кудай кош колдоп бериптир, бул куш жөнөкөй куш эмес, мындай куш миңден бири гана торго чалынат, бул куштун туйгуну турбайбы! Бул чөлкомдо бул куштун кадырына жеткен бийлер жок, кадырына жетсе Өзбекстандын Бурабай деген жеринде Отунчу бий деген бар, ошого тартуу кыл, балам» - деп кеңеш берет. Аа, Отунчу бийди тааныйм өткөн жылы мен ага боз үй жасап бергемин деп, аксакалдын айтканы боюнча үйгө келип, куштун ырым-жырымын кылып, бир улак союп, майы менен куштун куйругун канатын майлайт да түн ичинде Өзбекстанды көздөй бет алат. Эки күн жол жүрүп, таң агарганда Отунчу бийдин короосуна кабылат. Короонун дарбазасынан караса Отунчу бий таңкы намазын окуп жаткан экен. Намазын окуп бүтсүн - деп короого кирбестен, короону тегерете тосулган кашааны бойлоп басып жүрөт. Бир жеринде тосулбаган ачык жери бар экен, ошол жерден кирип, жүгөрүнүн арасына кушту байлайт да кайра жүгөрүнүн арасынан чыгып бара жатканда короодогу иттери үрүп, жүгөрү жакка карай жүгүрүшөт. Ошондо Отунчу бий, карагылачы балдар, короодо бирөө бар окшойт - деп үн катканда: «Бийим, бул мен кызыл-суулук уста Карачамын» дегенде «Ээ куш келиңиз уста, жол болсун, кел олтур» - деп бак ичинде тигилген сөөрүгө олтуруп калышат. Эми эле намазын бүтүп, сааркы тамакка олтуруп жатышкан экен, жакшы «Адам ашка - деп коёт элибизде, аштын үстүнө келдиң устам!» - деп эл-журттун амандыгын сурап, өткөн-кеткенден кеп кылып олтуруп калышат. Бир кезде жүгөрү тарапта сагызгандар шакылыктап, тооктор каркылдап, ызы-чуу түшүп калат. Отунчу бий таң кала каран, балдарын карагылачы, эмне болуп жатат, шумдугуң кургур, дегенде Карача «бийим, кечиресиз оңтойун таап айта албай жаттым эле, менин сизге тартуум бар эле, ошону көргөн сагызгандар чуу көтөрүп жатышат» - дегенде, «алып келчи коройүн!» - дейт. Карача кушту жүгөрүнүн арасынан алып чыгып, колуна кондуруп, тартуу кылат. Кушту көрүп, Отунчу бий кубангандан, Балдар алып чыккыла!» - деп кыйкырат. Балдары заматта кымкап чапан алып чыгып жабат. Отунчу капчыгынан эки алтын, тогуз күмүш теңге берип, «Кушту кармаганда, салтын кылып, эчки сойгондурсуң, тартууну жалгыз алып келбей, шерик менен келчү эле, түшүнөм, узак жолдо жалгыз келипсиң, ошентсе да жакын санаалашына берээрсиң!» - деп дагы бир чапан берип, куйругун майлаган эчкинин акысы - деп кошумча дагы эки күмүш теңге берген экен.

Тартуудан алган акчаларына Ошко келип, Карача анчылыкка мингенге - деп бир чымын таласа да көзүн жумуп турган жоош бир атты тандап сатып алган экен. Аттын ээси ээ тууган, эч ким карабаган атты кандайча жактырып калдың десе, ээ тууган, быкынына сөөмөйүм менен сайсам да, чычандабай турат. Мага бап ат экен, мен анчылык кылам, капкандарды артынам, капкандын тебектери аттын быкынына тийсе да, чычандабаса жакшы да» - деп тандап бир ат алып, калган акчаларына кой, эчки жана кыргыздын анчылыкка салуучу тайган ит сатып алыптыр. Ошондон кийин Карачанын малы көбөйүп, Алайга жайлоого чыгыптыр. Ошондон улам бубаларыбыз кушту сыйлап, кастарлап пир катары тутушчу экен. Аширбай атабыз да көзү өткөнчө бүркүт, куш багып, тайган салып жүрдү. Тайган демек-чи Карача байып, Алайга жайлоого кеткенде, балдары Эшимбет, Жолой, Кулназар, Алилер Кызыл-Суунун Ат-Жолу жайлоосунда буудай оруп жаткан болот. Курсактары ачып, чалыгып чарчап олтурганда, Карача бубабыздын «Алапар» аттуу тайганы Алайдан бир карын кууруманы жебестен көтөрүп келип, Кичине такадагы журтта ээлери жоктугунан, Ат-Жолудагы буудай оруп жаткан жерине көтөрүп барып, Жолойдун астына таштап коюп, өзү эки метрдей жерге келип, тилин саландатып жатып калган экен. Карындагы койдун этинен сары майга куурулган, эт кууруманы көрүп бир туугандар жабыла «Акылыңдан айланайын Алапар» - деп айланып жиберген экен. Эт кууруманы Ат-Жолуда буудай оруп жатышкан бардык адамдар менен бөлүп жешип, ачка иштеп кыйналган чайчы туугандар ичегилерин майлашкан дешет *(Маалымат берген - Карачанын чөбөрөсү Аширбаев Абдыманап. Кара-Суу району, Кызыл-Суу айылы).*

Чеченбай мерген, мүнүшкөр - XIX к.ылымда жашап өткөн. Ача тамгалуу Жорунун Эсеке уругунан. Өз мезгилиндеги чоң мүнүшкөр, мергенчи болуп, атагы Казак, Өзбек, Кыргызстандын түндүк-түштүгүнө таанылган. Өзгөн районунун Кара-Таш айыл аймагындагы Гүлчө-Куршаб суусунун боюнан түндүккө (Жаңы-Арык, Кызыл-Суу жолунун боюнда) кеткен капчыгайда Чеченбай деген узундугу 10 чакырымдан ашкан колот бар. Ушул капчыгайда Чеченбай мергенчилик кылып, өзүнүн урукташ туугандарына шыралгалары менен бөлүшүп турганын туугандары азыр да эскеришет. Өткөн кылымдын 90-жылдарында эле Чеченбайдын коктусунда жапайы камандын жүргөнүн ушул китептин автору көргөн. Чеченбай жогоруда белгиленген Кеминде 1868-жылдагы өткөрүлгөн Жантайдын ашына Жорулардын делегаттары менен кошо барганы белгилүү. Бул аштагы бүркүт салуу боюнча мелдеште баш байгени жеңип алат. Казак, Фергана, Анжиян, Нарын, Талас, Ысык-Көл ж.б. жерлерден келген бүркүтчүлөрдүн салган бүркүттөрү ала (кармай) албаган карт, калтар түлкүнү Чеченбайдын кыраакы бүркүтү бир тумшукту айланып, айлакердик менен кармайт (алат). Бул бүркүт Арканын эл башкаруучуларына жагып, Чеченбайдан сатып кетүүнү сураанат, Чеченбай макул эместигин билдирет. Бирок алардын кысымы менен бул бүркүттүн кунуна 200 баш кой, жасалгалуу аттар, төөлөрдү алып, бүркүттү ташпап келет. Коштошуп жатып, бүркүтүнө аюунун майын жедирип, Алайдагы Алибайдын Ак-Ташынан бир жылдан кийин жолугууну кулагына шыбырайт. Жыйынтыгында Чеченбайдын бүркүтү бир жылдан кийин Алай жайлоосунун Айламасындагы Алибайдын үңкүрү - деген жерде Чеченбайдын тууруна кайра келип конот. Бул бүркүттүн аты Бөдөлөкакбаш - деген болгон. Кийинки мезгилде Бөдөлөкакбаш картайып, көзү көрбөй, бир аял кишиге бактырып жашап жүрөт. Бир күнү ошол аял (Эсеке уругунан) ийик ийрип жатып, талпына берген Бөдөлөкакбашты «Шүк отур!» - деп колундагы ийиктин башы менен уруп жибергенде капысынан ийиктин башы Бөдөлөкакбашка тийип, ошол жерде өлөт. Чеченбайдын туугандары азыр Эсеке уругунда жашап жатышат *(Маалымат берген-Кеңешбаев Мамат-Кара-Суу рай. Кызыл-Кол айылы, 80 жашта).*

Ысмайыл бүркүтчү - Ача тамгалуу Жорунун Кадасын (Кадакесин) уругунан. Азыркы Өзбекстандын Анжиян облусунун Кожоабад районунун Кадасын айылында (Ош шаарынан 6 километр, Ак-Буура дарыясынын оң жээгинде) жашаган тобунда Бүркүтчүлөр айылы бар. Бул айылда Кадасын уругунан Ысмайыл бүркүтчү жашап өткөнү, азыр дагы анын тукумдарын, жашаган айылын «Бүркүтчүлөрдүн айылы» деп аташканы белгилүү. Ысмайыл бүркүтчүнүн бубалары Кадасындагы Жаманкыз уругунан Баабек мергенчинин тукумунан. Алай өрөөнүнүн Шарт (Алай районундагы жайлоо) жайлоосунда жашаганын, мергенчилик кылганын айтышат. Кокон хандыгынын мезгилинде Ысмайыл бүркүтчүнүн бүркүтүн Хан Ордого суратат. Хандын жөнөткөн лашкербашысына Ысмайыл бүркүтчү «Сиз жоокерлердин балбаны көрүнөсүз, бул жаш болсо да бүркүттүн балбаны, келечекте кыраан бүркүт болот. Эгерде жолдо бара жатканда шоктонсо, талпынса ура көрбөңүз, кек сактайт. Сизге келечекте зыяны тийип калбасын» - деп эскертет. Бирок жолдо баратканда Лашкер башчынын атында конолгодо конуп кетип бара жаткан бүркүт талпына берип, атынын басышына тоскоол болот. Буга ачуусу келген лашкер башы бүркүттү камчысы менен урат, куш шүк болот. («Шүк» түштүк диалектиде «тынч, жөн отуруу» дегенди түшүндүрөт, кээде «шүк отурчу!» - деген сөз пайдаланылат. Автор) Лашкербашы Коконго бүркүттү аман тапшырат. Бир топ мезгил өтүп, хан ордосундагы жан-жоокерлери менен Баткен тоолоруна мергенчиликке чыгат, бүркүт салып эс алмакчы болот. Бүркүт салуу мезгилинде (Салбурун) алдынан чыккан коёнго карабастан баягы лашкербашыга тап берип, башка тебет. Лашкербашы колуна кылычын алып, бүркүттү чабууга аракет жасаганда, көрүп турган хан лашкербашыны кол жаңсап токтотот. Лашкербашы бүркүттү алып келе жатканда урганын айтат. Хан «анда бул бүркүттү коё бер» - деп буйрук берет. Бүркүттү коё беришкенде кайра учуп, бир нече күндөн кийин Ысмайыл бүркүтчүгө кайра барат. Ошондон баштап бул бүркүт «Окчу бүркүт» - деген атка конуп, узак жашайт. Мындан тышкары Ысмайыл бүркүтчү куугунчу болгон. (Куугунчу кыргыздарда аял киши төрөгөндө кыйналып калса («Кара басса»), киши ооруганда «Албарстыны - шайтанды кууйт» - деп ишенишип, «Куугунчуну» чакырган, мылтык аттырган, бүркүттү алып келип ошол жерге кармашкан, жаман кара күчтөрдү качырат» дешкен. Айрым учурларда оорулууларга пайдасы тийген, айыкканга жардам берген *(Маалыматты берген Истамов Сатывалды-Кадасын айылынын тургуну)*.



Жолоев Аширбай

Жолоев Аширбай - 1897-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылы. 1979-ж.ошол жерде. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бооке (Чайчы) уругунан. Мергенчи, мүнүшкор, зергер, темир уста, комузчу-кыякчы, ооз комузда чебер ойногон, дастанчы, уламыштарды айтуучу, кара сөз чебери жана эл шайыры. Атактуу Карача мүнүшкөрдүн небереси. А.Жолоев тууралуу 1967-жылы Кара-Суу райондук «Эмгек майданы» гезитинде «Мүнүшкөр» аттуу макала чыккан.

Маматов Абдыкадыр - (1908-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулуп, 2005-жылы ошол жерде). Кыл тамырчы, мүнүшкөр, мергенчи, жыгач жана темир уста. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадырали уругунан. Айрыкча тамыр карман, адамдардын жүрөк тамырынын согушуна жараша диетага отургузуу боюнча дарылап айыктырган. Бөйрөгү ооруганларды темирди кызытып, кулагынын эки тарабына басып эмдеген. Азыркы мезгилде Абдыкадыр табыптан дартына шыпаа тапкандар ондоп саналат. Мени 1976-жылы бөйрөгүм ооруганда доктурдан жакшы айыга албай, Абдыкадыр табыпка кайрылып, темир кызытып басып эмдегенден кийин айыгып кеткемин (авт). Абдыкадыр табып эң башкысы

кыл тамырчылыгы менен кошо сыныкчы да болчу. Кырсыктап колу же башка жери сынса, же чыгып кетсе кызыл-суулуктар Абдыкадыр авага кайрылышчу. Элдин айтуусуна караганда ар кандай сынык-ты чеберчилик менен өз ордуна келтирет жана майдаланып кеткен сөөктөрдү да кол менен ыгына карата терген. Өзүнчө бир кайталангыс элдик даарыгер экенин көптөгөн мисалдар менен аныкталат. Азыр уулу Маматов Акун Абдыкадырович атасынын бул табыпчылыгын улантып, көптөгөн адамдарга дартына даба таап берип жүрөт.



Маматов Абдыкадыр

Кызыл-Суу аймагында Ача Жорулардан туугандардан Акай мерген, табып, Кеңеш, Салибай, Анарбай мергендер өткөн. Алайку тоолорунда кичине мезгилде Кеңеш аксакал жаш болгонуна карабай, атасынан уруксат сурабастан тоого мергенчиликке чыгып, бир теке атып алат. Теке чала жан болгонун билбестен барып кармалаганда Кеңеш аксакалды сүзүп жарадар кылып койгону, анан ошол текенин териси менен айыктырганы белгилүү. Кеңеш мерген Кызыл-Суунун «Көгөй», «Сары тескей» тоолорунда мергенчилик кылганын азыркы мезгилдеги сакталып турган чоң таш «Кеңеш тосмо» - деп аталып калганы далилдейт. Кийинки мезгилдерде эле, т. а. XX кылымдын 50-90 жылдарында жалпы Кызыл-Сууга белгилүү болгон мергенчилер Абдылдаев Жалал, Доронбаев Омарбек, Чолпонбаев Эгенберди, Макамбаев Мамасали жана башкалар болгон. Бирок тилекке каршы азыркы учурда мурдагы Кызыл-Суунун тоолорунда жашаган элик, кийиктер, жапайы камандар, кашкулак, суурлар жок болуп кеткени өкүнөөрлүк нерсе. Биз бала кезде аксакалдар Атабаев Жолдош, Жусупбаев Кармышак, Тагаев Анарбай, Мадумаров Салибай аксакалдар куш салып, бүркүт менен мергенчиликке чыгып жүргөндөрүн көрүп эле чоңойдук. Мергенчилердин бири Тагаев Анарбай XX кылымдын 70-жылдарынын ортосунда «Конур-Дөбө» жайлоосунан эне карышкыр менен кошо 10 карышкырдын бөлтүрүктөрүн кармап, элге, өкмөткө тапшырган окуясы азыр да унутула элек. XX кылымдын 60-жылдарында жашап өткөн Чайчы уругунан Мирзали аттуу аксакалдын «азыркы «Коргон» талаасында, «Дүнгү» талаасында Ийрек айылынын айланасында чер токой болуп, адамдар ары-бери өтүүдөн коркконун укканым бар. Себеби ал жерлерде кыргоолдордон баштап, арстан, жолборстор, жапайы толгон токой даректар менен кошо түрдүү жаныбарлар жашаганын айтып жүрүшөт. Буга далил катары «Кучкач уулу» уругунан чыккан Ысак аксакалдын жаш мезгилде ошол Кызыл - Суу жайлоолорунун биринде жолборс менен кармашканы, натыйжада жараат алганын элдин баары эле билет. Азыр да байкап караган адамга ошол жерде жапайы өскөн кайрагач, долоно, чычырканактар, арча, кайындар аз болсо да өсүп турганы көрүнөт. Тоолордогу арчаларды аёосуз кыркып, отун жана арзыбаган курулуш материалдарына айланган жайлоолордогу арчалар биздин көз алдыбызда жок болуп баратат, аз келгенсип тарбиясы начар, мал багып, ойноп жүргөн биздин балдарыбыз арча жана башка бадалдарды ар жыл сайын өрттөп жок кылууда. Бардык эле адам жашаган жерлердеги жаратылышка Адамзаттын аёосуз, мыкаачы мамилеси биздин ата-бубалардан калган ыйык жерлерибиздин жаратылышына тескери таасирин тийгизип, орду толгус жоготууларга алып келгенинин күбөсү болосуң. Келечек муундарга ата-энелери, мектеп жамааты, бийлик өкүлдөрү бул мыкаачылыкты токтотуу боюнча иш-аракеттерди жасабаса, келечекте жараткандын каарына калуу коркунучу бар экенин бардык эле акыл-эстүү адамдар сезип келүүдө *(Маалымат берген - Капаров Баш-Кара-Суу району, Жар-Ооз айылы)*.

Төмөндөгү схемалар менен накыл сөздөрдү келечек муундарга салтты, ата тектерин билүүдө керек болот деген ой-тилек менен китепке киргиздик
(Автор)

БАБАЛАРДАН КАЛГАН НУСКА СӨЗДӨР

Ачууга алдырсаң, сөздүн артын байкап сүйлө.
Акылсыз менен, мас адамга сүйлөбө.
Адамга бычак көргөзбөй жүр, бычактын анты болот.
Азиз жерге даарат алынбайт.
Алыс сапарга чыгаарда нанды четинен ооз тийип сактатып кой, насип күтөт.
Алыскы сапардан кайткан адамдын башынан үч жолу суу тегеретип, түкүртүп, идишти эшикке көмөрүп кой.
Айга карап, даарат алба.
Алган тырмагыңды же чачыңды жерге көм.
Алдыңан кара мышык өтсө, баш кийимиңди тегеретип кий.
Ар кайсы ишке аброюңду сала бербе.
Ардактуу адамдан алдында оозунба,
Кадырлуу адамдын көзүнчө каткырба.
Аркан чыйратып жатканда алдынан өтпө.
Арыктагы сууга какырба, түкүрбө.
Атка сол жагынан минет.
Атаң тирүү кезде балаңа өзүңдү ата деп айттырба.
Ат жалына бут чыгарба.
Атың аксаса баландын саарасы менен бутун жуу.
Аял киши мандаш (малдаш)токунуп отурбайт.
Байлыгынды доско да, душманга да санатпа.
Бала төрөлгөндөн кырк күн өткөндөн кийин кырк токоч жасап таркатып бер.
Балага жаңы кийим кийгизгенде бетинен өөп кой.
Баландын ою менен боло бербе.
Баланын таманынан өпбөйт.
Баланы жуунгандагы кир суусун караңгыда сыртка төкпө.
Баландын ыйманын жашынан тиле, чоңойгондо кеч болуп калат.
Бейиттин жанынан өткөндө куран окуп, бата кыл.
Беймаал убакта ыйлаба, жатып уктаба.
Беймаалда оорулуунун абалын сурап барба.
Бейитти колуң менен көрсөтпө, келме келтир.
Бекерпоз, адепсиз менен жол боюнда отурба.
Бересенин аласасын кыстаба
Бирөөнүн кусаматын мойнуңа алба.

Бирөөнүн малына көз артпа.
Бирөөнүн кайгысына кубанба.
Бирөөнүн бетине түкүрбө, бирөөнү карап чүчкүрбө.
Бирөөгө чайды, тамакты оң колуң менен узат, сун.
Бешикти бир учурда эки киши көтөрбөйт.
Бешикти кур терметпе, бешикке өбөктөбө.
Бышып аткан тамакты таштаба.
Бычак, балта, кетмендин мизин жогору каратып коюп болбойт.
Баш кийимди ыргытпа.
Баш кийимди сатпайт, тетири кийбе.
Босогодо турба, босогону кулачтап турба.
Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырба.
Боюнда бар аял капка отурбайт.
Боюңду карыштаба.
Бутту учкаштырба.
Бут кийимди төр жакка чечпе, койбо, шымынды башына коюп жатпа.
Даарат кананы кыбылага, күн чыгышка каратпа.
Дүнүйө үчүн башыңды машакатка салба.
Досундун үйүндө тырмак алба, касындын үйүндө чач алдырба.
Идиш-аякты теппе, ыргытпа.
Итти теппе.
Иттин аягын тээп жылдырба.
Ишсиз, абройсуз адамдар менен жакын болуудан кач.
Жаман түшүңдү сууга айт, суу менен кетсин.
Жарым жолдон кайтпай жүр.
Жаш баланы күзгүгө көрсөтпө.
Жаш адам тонду желбегей жамынбайт.
Жайнамазды, супураны тебелебе.
Жол жүргөндө улуудан озбо.
Жолго, тебелендиге кирдин суусун төкпө.
Жуугандан кийин колуңду силкпе.
Жер карыштаба.
Жер таянып отурба.
Жаагыңды таянба, капачылыкты чакырып алба.
Кийиминди оозго илбе.
Калайыкка какшыктабай сүйлө.
Кейпи жакпайт деп кишини айыптаба.
Каратып коюп тамак жебе.
Караңгыда ак сураба.
Кыз кезиңде кашын терсе болбойт.
Кечинде тырмагынды алба.
Күйгөн отко түкүрүнбөйт.
Караңгыда көчө шыпырба, душманыңы көбөйтөсүң.
Караңгыда кыз бала сууга барбайт.
Күн батканда эшигиңди шыпырба.
Кыбыланы карап заара кылба.
Караңгыда күзгү караба, чач тараба, жылдыз санаба.


Кууpаган даракты кыйып сал, сактаба.
Колунду артына алып баспа.
Колунду силкпей сүйлө.
Колунду жамгырдын суусуна жууба.
Колунду кежигеңе жаздап жатпа.
Күн чыккан соң уктаба.
Конокто отурсаң бирөөгө ачууланба.
Капчыгына карап иш кыл.
Көзү өткөндү жамандаба.
Кесирленбе, сын такпа, айланып өз башына түшөт.
Кир кийим кийбе, дайыма таза жүр.
Кишиге артынды салба, колунду оозуна салба.
Күн бата электе жатпа, ал жамандыктын белгиси.
Күл дөбөгө балдарыңы ойнотпо.
Кишиге көңүл айтып келе жатып, башка үйгө кирбе.
Кыз бала чачын өрүп жүргөн жакшы.
Кыбыланы тээп жатпа, кыбылага карап даарат ушатпа.
Мал короого даарат ушатпа.
Мейманга иш буйруба.
Малым азайды деп чөкпө, көбөйдү деп көппө.
Мейманга каалашынча кызмат кыл.
Мурун кычышса эт, кол кычышса акча, бут кычышса жол.
Мүрзөнү аралап өтсоң куран окуп өт, келме келтир.
Мылтык менен ойнобо, бирөөгө кезебе.
Мойнуңа курунду салба.
Малды теппе, күлдү тебелебе.
Намаз шам убагында жатпа.
Нан менен ооз, кол, бычак аарчыба.
Нанды бир колуң менен үзбө, көмкоросүнөн койбо.
Нан ырысың, туз насибиң.
Нанды тегеретип сындырбай, тең болуп сындыр.
Насиптин алдын ала бирөөгө бербе, таңкы насипти таштаба.
Отко суу чачпа.
Ооматы кайтканды кордобо.
Оокат жээрден мурда оболу нандан ооз тий.
Отту теппе, шамалды сөкпө, күйгөн отко суу сепбейт.
Обу жок үшкүрбө.
Ооз кесир сүйлөбө.
Оң буттан кийип, сол аяктан чеч.
Өзүңдөн улууну шакаба чекпе, акыл айтпа.
Өткөн чатакты эске салба.
Өзүңдү адамдардан артык санап, бой көтөрбө.
Өлгөн жерге барганда, оорулуунун абалын сураба.
Өзүңдү, аялыңды, үй-бүлөңдү бирөөнүн алдында мактаба.
Сынабаган кишиңди жакшы деп ойлобо.
Сүйлөшүп жаткан сөзгө кыпчылба.
Сууну эки адам талашып жуунбайт.
Суу көторгон аял эркек адамдын алдынан өтпөйт.
Салааңды кайчылаштырба.

Сынык күзгүгө көрүнбө.
Сүттү төкпө, тузду тебелебе.
Таңдайынды такылдатпа.
Тирүү адамдын башына жаздыкты онунан кой.
Түнкүсүн идиштерди жуубай калтырбоо керек.
Тамакка улуудан мурун кол салбайт.
Түндө түш жоруба.
Түшүңдү сууга айт, жаман ойлосоң.
Таң атаарда жолго чыксаң чык, күн батаарда чыкпа.
Тамакты ичип бүткөндө өзүңдөн улуудан мурда кол аарчыба.
Тойдо тонумду бер дебе.
Тамаша сөзгө көнүп калба.
Тыш кийимди желбегей жамынба.
Тизеге тартынып отурба.
Түшкө суу кирсе - өмүр, камчы - бийлик, бит, жылан - байлык, нан, тамак - дөөлөт, токчулук.
Туугандан кол үзбө.
Тамак жеп жатып, гезит, китеп окуба.
Уруш, жаңжал уюштуруучу болбо.
Узак сапар тартаарда ачууланба.
Үйүнө мейман келсе колуна жылуу суу куй.
Үйдү төргө карай шыпырба, душманыңды көбөйтөсүң.
Үйдүн дубалын теппе.
Үйдө ышкырба, үйдү айланып чуркаба.
Чоң жолдо жаткан буюмду алып, четке койсоң соопко каласың.
Чай сунганда оң колуңа чыны кармап, сол колунду көкүрөккө коюп, бир азга жүгүнүш керек.
Чачыңды тебелендиге таштаба.
Чачты тарап жерге таштаба.
Чай куйсаң, биринчи өзүң ич, насиптин алдын башкага бербе.
Чөмүч менен итке тамак куйба.
Шыпыргыны тике койбойт.
Шыпыргы менен чаппайт.
Шыпыргыны аттаба.
Шыпыргыга олтурбайт.
Шыпырындыны чогулткан бойдон таштаба.
Ырыскы татаарда дайыма колунду чайка.
Эч кимди сөөмөй менен көрсөтпө.
Эл алдында тишинди, мурдунду чукулаба.
Эл көзүнчө какырынып, түкүрүнбө.
Эстесең оозуна алакан тут.
Эр болсоң аялдардай сыланба.
Эки кишинин ортосунан өтпө.
Эшикти тээп ачпа.
Эркек адамдын кийиминин үстүнөн аттаба.
Эрте менен жаман сүйлөбө.
Бар туруп жок дебе.


(Ж. Акматов.)

КОЙ ЭТИН ЖИЛИКТЕП МҮЧӨЛӨӨ


Койдун дене мүчөлөрүнүн аталышы:




КЫРГЫЗДЫН АТА-ЭНЕ УРУКТАРЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮНҮН СХЕМАСЫ



Биринчи бет



Экинчи бет



ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) ТУКУМДАРЫН, АЛАРДЫН АТА-БУБАЛАРЫНЫН БАСЫП ӨТКӨН ТАРЫХЫЙ ИЗДЕРИН ИЗДӨӨ УЧУРУН ЧАГЫЛДЫРГАН ФОТОБАЯНДАР



Кытай Эл Республикасынын Синьцзян автоном облусунун Улуу Чат ооданынын Бостон-Терек кыштагынан келген Жору тукумдары, Кожо уругунун Коңур уулу тобунун уриактары - Толонбай Зуннун уулу, Турсунов Токур ж. б. Ош шаарынын Алымбек датка конушунда. 2013-жыл, июль айы.



Кытайлык Жору тукумдары Сулайман тактысынын алдында. Июль, 2013-ж.



Ысык-Колдук Жору (Жолжакшы) уруктары менен жолугушуу учуру.
Абдукаликов Орузбай, Жолдошев Рыскул. Тепке айылы Ысык-Көл облусу. 2013-жыл, июнь айы.



Ысык-Колдук боордоштор менен алгачкы жолугушуу. Ак-Суу району, Тепке айылы.




Жору тукумдары менен жолугушуу, Тенке айылы, Ак-Суу району.



Жору урнактары Ата бейиттеринин жанында (Кочкор-Ата. 2012).






Айрым бейиттердин азыркы көрүнүштөрү (Кочкор-Ата).



Кара-Суу району, Кызыл-Суу аймагындагы байыркы бейиттер.



Алп-Ордо эстелигинин көрүнүшү.



Контогон карана идиштер, кыштар чыккан дөбө. Кызыл-Суу айылы.



Байыркы Өзгөндөн Мады (Медоо, Медва) шаарчасына кетүүчү жолдогу Ади-үнкүр (Адык Аюу) үнкүрлөгү имараттардын калдыктары. Жаңы-Арык айылы, Кара-Суу району.



Жору (Жолжакшы) тукумдарынын Ади-Үнкүр кароол дөбөсү (азыркы Жаңы-Арык айылы, Кара-Суу району) XVII-XVII кк.)





Жору (Жолжакшы) уруусунун кароол дөбөсү.
(Жаңы-Арык, айылы, Кара-Суу району түштүк тарабынан көрүнүшү.

ЖОРУ УРУУСУНУН САНЖЫРАСЫ ЖАНА ТАРЫХЫ БОЮНЧА БАСМА СӨЗДӨ ЖАРЫЯЛАНГАН МАКАЛАЛАР

Турдумамат Эргешов -
Кыргызстан тарыхчылар ассоциациясынын мүчөсү

(Известия вузов Кыргызстана) Бишкек - 2015, стр. 33.

УЛУУ ЖЕҢИШКЕ - 70 ЖЫЛ

Жер шаарындагы адамзаттын өз ара мамилелеринин эң эле катаал, оор жоготууларга, кыйроого алып келүүчү мамилелери - бул согуштар. Азыркы мезгилдеги тарыхчылардын берген маалыматтары боюнча жалпы жер шарындагы жашап өткөн калктардын ортосунда адамзат эс-тутумундагы чоң жана кичине согуштардан 14000 жолудан ашык согуш болгону тарыхта маалым. Бул согуштардын ичинен акыркы жүз жылдыкта болуп өткөн Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согуштар тарыхта болуп өткөн согуштардын эң ирилеринен болгон. Биринчи дүйнөлүк согуштун келип чыгышы Европадагы ошол мезгилдеги ири мамлекеттердин ички жана тышкы карама-каршылыктарынан келип чыкса, Экинчи дүйнөлүк согуш фашизмдин пайда болушу менен келип чыкканы белгилүү. 1921-жылы ноябрда Италияда фашисттик партия түзүлүп, 1922-жылы бул партиянын лидери Бенито Муссолини (1983-1945-жж.) Италияда министрлер кабинетин түзүүгө уруксат алып, фашисттик өкмөт түзгөн. Ушундай эле жол менен 1933-жылы Германияда фашисттер Адольф Гитлердин (1889-1945-жж.) жетекчилиги менен бийликке келишкен. Фашисттердин бийликке келиши менен алгачкы күндөн баштап эле антикоммунисттик, антисемиттик багытта активдүү иш жүргүзө башташкан.

Биринчи дүйнөлүк согушка (1-август, 1914-ж. - 11-ноябрь, 1918-ж.) Европа, Азия, Африка континенттеринен 38 мамлекет катышкан. Бул мамлекеттердин калкы 1, 5 миллиардды түзгөн. Түздөн-түз согуш талаасында 74 миллион жоокер салгылашып, анын ичинен 10 миллиондон ашыгы курман болуп, 20 миллиондон ашык жоокер жарадар болгон (http://toname. ru/historical-events/1-mirovaja-vojna. htm).

Адамзат тарыхындагы чоң масштабдуу, көптөгөн кыйроого алып келген согуш алааматы - Экинчи дүйнөлүк согуш (1-сентябрь, 1939-ж. - 2-сентябрь, 1945-ж.) Бул согушка ошол мезгилдеги 72 мамлекеттен жер шарынын 80 пайыз калкы т. а. 1.7 миллиард киши катышып, жалпы согуш аракети дүйнөнүн 40 мамлекетинин аймагында жүргөн. Согуш аракети 3 континенттин аймагын, 4 океандын суусунда жүрүп, бир континентте (Япония) ядролук курал колдонулуп көптөгөн кыйроого, кийинки кесепеттерге алып келген. Биринчи дүйнөлүк согушка салыштырганда 5. 5 эсеге согуш жүргөн аянт көп болгон. Жалпысынан 110 миллион адам согушка чакырылган, согушта курман болгондордун саны бир маалыматта 60-65 миллионду түзөт делсе, бир маалыматта 50 миллион деп жазылып жүрөт. СССР мезгилиндеги маалыматтарда каза болгондордун саны 20 миллионду түзгөн деп жазылса, азыр 21.78 миллиондон 30 миллионго чейин курман болгон деген маалыматтар бар. Кээ бир маалыматта так эле 27 миллион курман болгон деп да жазылган. (https://ru. wikipedia. org\wiki/Вторая_мировая_война)

Экинчи дүйнөлүк согуштун мезгилинде СССРдин калкынын Улуу Ата Мекендик согушунун оор түйшүгү, катаал сыноосу Кыргыз Республикасынын калкына дагы түшкөн. Улуу Ата мекендик согушта Кыргызстандан 365 миңден ашык жоокер салгылашып, 150 миңден ашыгы баатырларча курман болгон. Согуштагы эрдиктери үчүн 10 миңден ашык кыргызстандыктар орден жана медалдар менен сыйланган, анын ичинен 76 жоокер Советтер Союзунун баатыры деген наамга татыктуу болушкан. 28 жоокер Даңк орденинин үч баскычын тең алышкан. Бул согушта Советтик жоокерлердин Улуу жеңишти камсыз кылуусунда Кыргызстандыктардын фронтко жалпы элдик жардамы чоң роль ойногон. Тылдагы калк согуш үчүн мал-мүлктөрүн, кымбат баалуу буюмдарын, азык-түлүк жана кийим кечектерин өз ыктыярлары менен топтоп жөнөтүшкөн. Коргонуу фонддору түзүлүп, Фрунзедеги СССР Мамлекеттик банкында № 14- эсеп ачылган. 1941-жылы августан баштап бул эсепке 2 миллион 7 мин сом сентябрда - 1 миллион 670 миң сом, октябрда - 1 миллион 579 миң сом калтан акча каражаты топтолгон. Жалпысынан жылдын аягында 9 миллион 90 миң сом акча, 38.9 килограмм алтын жана күмүш, 16 миллион 117 миң сомдук мамлекеттик заемдун облигациясы, 11862 центнер дан эгини, 2479 центнер эт, 1798 кг. май топтолгон.

1941-жылдын октябрь-ноябрь айларында Фрунзе областынын Сталин атындагы колхозунун мүчөлөрү «Күнөстүү Кыргызстан» деген истребителдердин эскадронун түзүү үчүн каражат топтоо демилгеси менен чыгып, Республикада күчтүү колдоого ээ болгон. 1941-жылы ноябрда Фрунзедеги эт комбинатынын жаштары «Кыргызстан комсомолу» аттуу танк колоннасын түзүү үчүн каражат топтошту баштап, республика боюнча колдоого алынып, 15 миллион сом акча топтолгон.

Азык түлүк кийим кечелер түрүндөгү жардамдарды эсептебегенде жалпы чогултулган акча 93 танк, 186 даана согуштук самолет жасоого жеткен. 1942-ж. аягында бул акчаларга жасалган танктар немецтик баскынчыларга сокку ура баштаган. Жогорудагы жардамды уюштуруунун башында туруп, жалпы республикалык демилгелерди колдогондордун катарына ошол мезгилдеги Куршаб районунун Бешабышка айылындагы Ленин атындагы колхоздун башкармасы Кулматов Ороз жана ушул райондун Кызыл-Суу айылынын Селолук Советинин төрагасы Атабаев Жолдоштор болгон.

Кулматов Ороз - 1942-жылы декабрь айында өзү башкарган Куршаб районунун Ленин атындагы колхозунун колхозчуларынан 50 миң сом топтоп жөнөткөн. Бул акча каражаты Кыргызстандын элинин атынан түзүлгөн «Советтик Кыргызстан» аттуу танкалык колоннаны түзүүгө жардам болгон. 1943- жылы октябрь айында Кыргызстандан партиялык, советтик, чарбалык жетекчилердин делегациясы түзүлүп, жасалган танктар Сталинград фронтунун жоокерлерине салтанаттуу түрдө тапшырылган. Ошол делегациянын ичинде Кулматов Ороз дагы болгону белгилүү. Натыйжада бул танкалык колоннанын катышуусу менен Сталинград, Донбасс, Ростов-на-Дону, Днепр, Харьков шаарлары бошотулган. «Советтик Кыргызстан» танкалык колоннасынын 22 жоокери эрдик көрсөткөндүгү үчүн жогорку мамлекеттик сыйлыктарды алууга татыктуу болгон. Бул танктарды айдап, фронтто салгылашкан жоокерлерден О.Кулматов, Ж.Атабаевге ыраазылык каттар көп жолу келген. Кулматов Ороз Ата мекендик согушка берген жардамы боюнча Ленин ордени менен сыйланган. (Кыргыз Совет энциклопедиясы 5-том, 350- бетте).

Атабаев Жолдош - (1898-1970-жж.) - Улуу Ата мекендик согуш жылдарында тыл-
дын фронтко жардамын уюштуруу демилгесин колдоп, 2-январь, 1943-жылы 33 миң сом,
15-январь 1943-жылы 10 миң сом, 21-февраль 1943-жылы 5 миң сом Кызыл-Суу айылынын
калкынын атынан, ошол эле айда өзүнүн жеке каражатынан 37 мин сом жөнөткөн (Ош об-
ласттык мамлекеттик архив, фонд №449, опись 1 дело № 3).

Улуу Ата мекендик согушта тылдын жардамын уюштурууга активдүү катышкандыгы
үчүн январь, 1943-жылы СССРдин Жогорку Башкы командачысынын атынан алкыш айтыл-
ган катын («Ленин жолу» газетасы 15-январь, 1943-ж. №7 (635) алган. Мындан тышкары
23-февраль, 1943-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Президиумунун
Ардак грамотасын, СССР Жогорку Советинин Президиумунун токтому менен «Улуу Ата
Мекендик согуштагы (1941-1945-жж.) күжүрмөн эмгеги үчүн» (с-№ 052706) медалы ме-
нен сыйланган. Мурдагы Куршаб районунун (азыркы Кара-Суу) Бешабышка, Кызыл-Суу
айылында жашаган калктын Улуу Ата Мекендик согушта активдүү катышкандыктарының
далили катарында 1989-жылы СССР Коргоо министринин атайын буйругу менен Кызыл-
Суу айылына эстеликке коюу үчүн танк бөлүнүп берилген. Бул демилгенин ээси, танкты
Украинанын Ермольник станциясынан поездге жүктөтүп, Кызыл-Суу айылына жеткирген
Атабаев Жолдоштун небереси Жолдошев Таалайбек Капарович болду. (Телеграмма № 62,
от 01.05.89, 1/ 816. Войсквая часть -52682) Быйылкы Улуу Ата Мекендик согуштагы Совет
элинин Улуу Жеңишинин 70 жылдык мааракесинде Атабаев Жолдоштун урпактарының де-
милгеси жана алардын жеке каражаттарынын эсебинен ошол танктын айланасында жалпы
Кызыл-Суу элинин Ата Мекендик согуштагы эрдиктери, кошкон салымдарына арналган
тарыхый мемориалдык аянт ачылып, Кызыл-Суулук туугандарына белек болмокчу, Мемо-
риалдык аянт 2015-жылдын 9-майында ачылды.



Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылындагы Ж. Атабаевдин жеке каражатына жана анын жетекчилиги менен колхозчулардын топтогон акчасына жасалган Улуу Ата Мекендик согуштагы «Советтик Кыргызстан» танкалык колоннасынан берилген эстелик танк.

Колдонулган адабияттар:

Аттокуров С. Промышленности Киргизии в годы великих битв. Ф., 1975.
Великая Отечественная Краткая иллюстрированная история войны для юношества). М., «Молодая гвария», 1975.
Керимбаев С. К. Советский Киргизстан в Великой отечественной войне. 1941-1945-гг. Ф., 1985.
Кыргыз Совет энциклопедиясы, 5-том. 353-бет.
Осмонов Ө. Ж., Асанканов А. А. Кыргызстан тарыхы (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). Бишкек, 2003.
«Ленин Жолу» газетасы №7 (435), 15-январь, 1943-ж.
(http://to-name. ru/historical-events/1-mirovaja-vojna. htm).
(https://ru. wikipedia. org/wiki/Вторая_мировая_война).
Ош областык мамлекеттик архив - фонд № 449, опис-1, дело -3.
Телеграмма войсковой части - №62, от 01. 05. 89. 1 / 816.
Жолдошев Т. К.Өздүк архив.
Эргешов Т. Өздүк архив.

ПОЛОТ ХАНДЫН (ИСКАК МОЛДО АСАН УУЛУ) ТАРЫХЫНА АЙРЫМ ТАКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Т. Эргешов. "Кабар" № 36, 21-27-сентябрь, 2015-жыл, 6-7-беттер.

Тарыхта Кокон хандыгы 1709-1876-жылдарда, 167-жыл түрдүү жагдайла Орто Азия-
ның Өзбекстан, Тажикстан, Кыргызстан, Түштүк Казакстан, Синцзян-Уйгур облуста-
рында 820 мин чарчы метр аянты менен борбору Кокон шаары болуп өкүм сүргөнү бел-
гилүү (https://ru. wikipedia. org/wiki/Кокандское_ханство) Кокон хандыгындагы жогорку
мамлекеттик кызматтар (чин) көчмөн өзбек, кыргыз кыпчак элдеринин ортосунда бөлүнүп,
мамлекет башкарылган. Көбүнчө кыргыздар менен кыпчактар - аталык, миңбашы, амир-
ляшкар, наиб, ынак, эшик-ага ж. б кызматтарды ээлешкен. Мисалы 1800-1810-жылдарда
Нарбото бийдин уулу Алимхандын мезгилинде Момунбек, Ырыскулбектер Кокон аскери-
нин башкы командачылары-амир-ляшкарлары, Мадали хандын мезгилинде (1822-11-жыл-
дарда) Нусуп миң башы (башкы командачы, Адигинеден - Алымбек Кесек уруусунан Сеит-
бек Төөлөстөн - Полот, Аваттан - Сатыбалды, Саруудан - Ажибектер датка титулдарын
алышкан. Мындан тышкары Нусуп (1942-1944-жж.) миңбашы аталык, Алымбек датка -
(1958-1862-жж.) хандын баш вазири, Касым (1853-1856-жж.) - миңбашы, Алымкул (1863-
1965-жж.) Кокон аскеринин башкы командачысы (амир-ляшкар) Атабек-наиб (Иран
тилинде - орун басар жардамчы) К. Карасаев «Өздөштүрүлгөн сөздөр» Ф. 1986-ж. 207- бет.
Шерали - ынак - кавалерия командири, Кадыр бий - эшик ага (хан сарай башчысы) ж.д.у.с.
кызматтарды аткарышкан. Бул тууралуу орус изилдөөчүлөрү менен тарыхчылары Кокон
хандыгындагы саясий абалды көңүл борборунда кармап, Орто Азиянын тереңине кирүү
мезгилинде «Кокон хандыгында кыргыздардын бийлиги үстөмдүк кылат» деп жазышкан.
Мындан тышкары Кудаяр хан 30 жылдан ашык башкаруусунда кыргыздарга таянып бийлик
жүргүзгөн. Айрыкча Адигинеинин Жору уруусунан чыккан Атабек наиб - Кудаярдын атасы
Шералы менен ынак болгону, ошол мезгилден бери ордодон алыстабаганын Кудаяр хан

ордодо жок болгондо Атабек - наиб ордо иштерине жетекчилик кылып тургандыгын Орус
изилдөөчүсү М. Алибеков маалымат берет. Атабек - наибдин кызынан таркаган урпактары
Өзгөн районунун Куршаб, Кызыл-Сеңир айылдарында жашап келишүүдө, Коомдук ишмер
Мадымаров Азизбектин чоң таятасы) (http://www. welcome. kg/ru/history/ros/dfg/. Полотхан
Асан уулу Кокон хандыгынын ханы болгондугу да - жалпы кыргыздардын Кокон мамлеке-
тиндеги ээлеген ордун түшүндүрөт. Полот хан (Искак Асан уулу) (1844-ж. Маргалан уе-
ди, Охна кыштагы 1876-ж. Жаңы-Маргалан шаары) Кыргыздын Ичкилик уруусунун Бостон
уругунан.

Полот хандын Кокон хандыгынын аренасына пайда болушу 1809-жылы Кокон ханы
Алим-хандын өлтүрүлүшүнөн баштап XIX кылымдын 60-70-жылдарга чейин созулган
калктын жашоосунун оорлугу, жут менен ачарчылык, салык саясатынын туура эместигине
калктын нааразылыгы, баш аламандык, картайган Кудаярдын ордуна хан тукумунан чыккан
мураскерди издөө зарылчылыгын пайда кылды. Ошондо алтымыш жыл мурда өлгөн Алим-
хандын небереси Пулатбек татыктуу деп табылып, Самаркандда жашап жүргөн Пулатбек-
ке кыргыз аксакалдары, уруу башчылары жөнөтүлүп ийгиликсиз аяктаган. Пулатбек Ко-
кондун хан болгондорунун тагдырына окшошомбу деген ой менен хандыктан баш тартка-
Бул топ кайра кайтып келе жатып Ташкенттен молдо Искак Хасан (Асан) уулуна жолугу-
шуп. Пулатбекке окшоштугун байкашкан. Искак - билимдүү, салабаттуу чечкиндүү, кур
акылдуу болгон. Пулат хандын ордуна барууга макул болгон Искак 1873-жылы Аксының
Сафед-Булан деген жеринде ак кийизге оролуп хан көтөрүлөт. Орус падышачылыгы
Полот хандын (Искак) бийлигин 1875-жылы законсуз деп жарыялашкан. 1873-1876-жылдагы
Кокон хандыгына жана орус баскынчыларына каршы элдик көтөрүлүш Ош, Араван,
Өзгөн, Үч-Коргон Анжиян, Булак-Башынын аймагын камтыган. Ушул көтөрүлүштөрдүн
жүрүшүндө Полотхан (Исхак) эки жолу колго түшкөнү, биринчи жолу Чаткалдын Сары-
Талап кыштагында 24-июль, 1875-жылы экинчи жолу 1876-жылдын февраль айында азыр-
кы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында колго түшкөнү белгилүү. Акыркы жолу
колго түшкөнү тарыхта белгисиз себептер менен тарыхчы изилдөөчүлөр тарабынан башка
варианта жазылып келүүдө. Полот хан Орус аскерлерине колго түшкөнү буга чейин жа-
зылып жүргөндөй Чоң Алайда же Кадамжайдын Чаувай үңкүрүндө эмес, азыркы Ош облу-
сунун Кара-Суу районунун Кызыл-Суу аймагында колго түшкөнү анык. Чындыгында По-
лот хан Абдылда бек Алымбек датка уулу менен дос, пикирлеш болгону тарыхта белгилүү.
Айрыкча орус колонизаторлорунун Кыргызстандын түштүгүндөгү колониялык саясатына
каршы күрөштө1875-1875-жылдардагы кыргыздардын көтөрүлүшүндө Полот хандын Ко-
кон ханы болуп турган мезгилде түзүлгөн аскердик - саясий кырдаал буларды бириктирген.
(Б.Абытов. - Взаимоотношения Полот хана и Абдылда бека Алымбек уулу во время восс-
тания в 1875 - 1876 годах kghistory. akipress. org/unews/un_post:3765) Полот ханды түштүк
Кыргызстандын көпчүлүк калкы колдогон эркиндикке алып чыгат деп ишенишкен. Ошол
мезгилде Ош вилаетинин карамагында жогоруда айтылган Кызыл-Суу ороонундо жашаш-
кан Адигинеинн Жору уруктары да киришкен. Абдылдабектин Кызыл-Суу ороонундө-
гү орун басары Тойчубек датканын уулу Султан наиб болгону белгилүү (Султан наибдин
тукумдары Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында Ош шаарында жашашат). Азыр да
Султан наиб менен Абдылдабектин элди башкарганы жүргүзгөн иштери тууралуу маалы-
маттар көп эл оозунда айтылат. Абдылдабек Полот ханды акыркы жолу качканда геогра-
фиялык жайланышы боюнча Гүлчө-Алай, Кашкар жолунан четирээк, анчалык байкалбаган
Кызыл-Суунун Алдиер тоосунун түштүк болүгүндөгү уландысы Сары-Ой чокусунун эте-
гиндеги алыстан көзгө көрүнбөгөн бирок Ош, Анжиян тарап толук көрүнүп турган Ак-Те-
рек жайлоосундагы үңкүргө Абдылдабектин буйругу боюнча жашырышкан. Полот ханды

жашыруун сактоону, тамак-аш менен камсыз кылууну Жору уруусунун Элчибек уругунан
Эшимбек палванга тапшырышкан. (Эшимбек палван Абдылдабектин жигити болгон, Кале-
недер, Мамыт аттуу уулдары болгон бирок алардан бала калган эмес, кыздары Макмал, Сел-
ки, Улук эжелер, булардын урпактары Кызыл-Суу өрөөнүндө жашашат.). Падышалык Рос-
сия Полот хандын Кокондогу хандыгын тааныбай 1876-жылдын башында аны жок кылууга
буйруган мезгилде жазалоочу отряддар Кызыл-Суу өрөөнүнүн ортосунан агып өткөн Гүлчө
- Куршаб дарыясынын түштүк тарабындагы жээкте Ак-Суу деген жерине келишет. (Кызыл-
Суу айыл аймагынын Кайтпас айылынын бир бөлүгү азыр да Ак-Суу деп аталат). Ошол күн-
дөрдүн биринде Орус чалгынчылары өздөрү өргүшкөн Ак-Суунун тушундагы дарыянын
кечмелигинен өтүшүп, оро-парасындагы чоң үңкүрдө байлардын малдарын бордоп семир-
тип жүргөн Көңүл аттуу кишиге жоолугушуп, айлакердик менен «Сиз Полот хан жөнүндө
уктунузбу, Кызыл- Сууда экен го?» - деп сурашса мен кайдан билем бир болсо муну Эшим-
бек палван билет, Полот хан Кызыл-Сууда деп эле калк арасында сөз айтылып жатат» -
деп коёт. (Көңүл аксакалдын тукумдары Кызыл-Суунун Желе айылында жашашат, Исмана-
лиев Мамасыдык аксакалдар, Жорунун Элчибек уругунан.) Ошондон кийин жазалоочу от-
ряд мүчөлөрү Кызыл-Суулук эл башкаруучуларды, жашаган калкты чогултуп, «Полот хан
ушул өрөөндө экен, силер жашырып жатасынар, эгерде үч күндө кармап бербесенер биз си-
лерди жазалайбыз кандуу кыргынга учуратабыз!» - деп коркутушат. Эл бийлери «Карашты-
ралы, сураштыралы» - деп Полот хан жөнүндө маалыматты айтышпай тарап кетишет. Ошол
күнү кечинде Полот ханга болгон акыбалды айтышып, «эми Сизди арыраак Алай тоолору-
на жылдыралы, жашыралы» - дешет. Бирок Полот хан «Мен го жалгыз жанымды куткарып
качып кетейин, мени жашырган Жору (Жолжакшы) уруусунун кыйылган өмүрлөрүнө ким
жооптуу болот? Мен акыретте кантип жооп берем? Мен анте албайм, колго өзүм түшүп бе-
рейин, Силерге, жалпы калкка, досум Абдылдабекке ыраазымын!» - дейт. Ошол күнү эрте
менен намаздарын окуп, дааратын алып, кызыл кымкап кийип, ак боз ат минип, Ак-Терек-
теги (Сарыжалпак) жашынган үңкүрүнөн төмөн карай түшүп келет. Жалпы Кызыл-Суулук
Жору тукумдары Полот ханга эки катар сапка тизилишип, ортодон өткөрүшүп таазимин,
ызаатын көрсөтүшүп, дарыянын кечмелигине карай узатышат. Полот хан тизилген калкка
башын ийип, ыраазылыгын билдирип, кечмеликтен өтүп, Ак-Суу токойчосуна өтүп, орус
куугунчуларына өз ыктыяры менен колго түшүп берет. Орус аскерлери Полотханды кармап
сарпоочтоп (сарпооч - эски кыргыз сөзү, кыргыздарда жарадарды, колго түшкөн туткунду
же өлгөн кишини эки колтугуна ээгине жыгач балдакты байлап, эки тарабынан эки киши
жандап, бутун басмайылга кошуп, байлап керектүү жерге жеткирген). (К. Карасаев «Өздөш-
түрүлгөн сөздөр» Фрунзе - 1986, 240-бетте), Маргалан шаарына алып кетишип, 1876-жыл-
дын 1-мартында дарга асуу менен өлтүрүлгөнү тарыхта белгилүү. Кызыл-Суу аймагынын
Сары-Ой тоосунун Ак-Терегиндеги (Оштон да көрүнүп турат) ошол үңкүр негизинен азыр
да сакталып калган. Полот хан үңкүрдүн үстүнөн кирип жашынган жери, үңкүрдүн оозун-
дагы сакчы отурган жери, Көңүл аксакалдын мал баккан үңкүрү жана Полот хандын өз ык-
тыяры менен колго түшүп берүүгө жергиликтүү калктын ызаат-урмат менен узаткан жолдо-
ру, кечмеликтери төмөндөгү документалдуу сүрөттөрдө тартылып, так эле көрүнүп турат.
Бул үңкүр азыр дагы «Полот хандын үңкүрү» деп аталат. Кызыл-Суу элинде Полот хандын
адилеттүүлүгү, өзүнүн кара жанын сактоо үчүн качпагандыгы жогорку деңгээлдеги адам-
герчилигин ушул күндөрдө дагы унутушкан эмес, эскеришет. Ушул жогорудагы айныгыс
чындыктын фактыларга таянып жазылган макаланын, жергиликтүү оозеки тарыхый маалы-
маттардын фото баяндардын негизинде Полот хандын тарыхына тактоо киргизүү мезгил-
дин талабы, кийинки тарых изилдөөчүлөр бул маалыматтарды жеринен изилдеп, тарыхка
тактык киргизет деген ойдобуз. (Бул маалыматтар - Капаров Сайпилла - 60 жашта, Такыров

Турарбек - 55 жашта, Исманалиев Мамасадык - 80 жашта жазылып алынды. Булар Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылынын тургундары. Аталары -Маматов Капар, Көңүл уулу Исма... нали, Такыров Токтосундардан XX кылымдын 80-жылдарында угушкандыгын тастыкташ... ты. Мындан тышкары көптөгөн Кызыл-Суу айылдарынын тургундары маалыматтары бар экенин айтышты.)

Пайдаланган адабияттар:

Джамгерчинов Б. Добровольное вхождения Киргизии в состав России. Ф., 1963.

Карасаев К. Өздөштүрүлгөн сөздөр. Фрунзе, 1986.

Касымбеков Т. Сынган кылыч. Фрунзе, 1997.

Кененсариев Т. Искак Асан уулу Полот хан. Бишкек, 1997.

Осмонов Ө. Ж. Асанканов А. А. Кыргызстан тарыхы. Бишкек, 2003.

Осмонов Ө. Ж. История Кыргызстана (с древнейших времен до наших дней) Бишкек, 2012.

Хасанов А. Х. Народные движения в Киргизии в период Кокандского ханства М., 1977.

Мезгилдүү басма соз материалдары:

Искак молдо Асан уулу. Кокондун акыркы ханы // Заман Кыргызстан- 1994 18, 25 ноябрь, 2 декабрь. kghistory. akipress. org/unews/un_post:2263.

Осмонов Ө. Ж. 1973-1876-жылдардагы элдик көтөрүлүштөр. Полот хан http://students. com. kg//publ/taryh/1873_1876_zhyldardagy_ehldik_k_t_r_l_sh_polot_khan/3-1-0-70.

Абытов Б. Взаимоотношения Полотхана и Абдылдабека Алымбек уулу во время восстания в 1875 - 1876 - годах kghistory. akipress. org/unews/un_post:3765.


Кыргызстан в период Кокандского ханства. http://www. welcome. kg/ru/history/ros/dfg/ kghistory. akipress. org/unews/un_post:3765.

www. open. kg/. . . kyrgyzstan/. . . kyrgyz/490-kyrgyzy-pod-vlastyu-kokands. . .

ky. wikipedia. org/wiki/Полот_хан өмүр баяны.

Маалымдоочулар:


Капаров Сайпилла. Кара-Суу районунун Кызыл-Суу ай. 1956-ж.т.
Такыров Турарбек. Кара-Суу районунун Кызыл-Суу ай. 1960-ж.т.
Капаров Байыш. Кара-Суу районунун Кызыл-Суу ай. 1941-ж.т.
Исманалиев Мамасыдык. Кара-Суу районунун Кызыл-Суу ай. 80 жашта.



Полот хандын үңкүрү жайланышкан Ак-Теректеги Сары-Жалпактын тоо болүгүнүн жалпы көрүнүшү. Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн чыгышындагы Сары-Ой тоо кыркаларынын аймагында. Айыл өкмөтүнүн борборунан түз эсептегенде 5-4 чакырым.




Полот хандын үңкүрүнүн түштүк-батыштан көрүнүшү. Үңкүргө үстүнөн кирет.



Полот хандын үңкүрүнүн жогору жагынан, чыгышынан көрүнүшү.



Полотхандын үңкүрүнүн кире беришинин көрүнүшү. Сакчы отурган жери.



Полотхандын үңкүрүнүн ички көрүнүшү.



Полот хан колго түшөордө кечип өткөн кечмелиги. Гүлчө - Куршаб дарыясы.
(Сүрөттө көрүнгөн кыштак ал мезгилде жок, чытырман токой болгон.



Орус отрядларынын Полот хан жонүндө малчы
Конул аксакалдан маалымат алган үңкүрдүн жалпы көрүнүшү.

«Кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы» аттуу китептин автору Турдумамат ЭРГЕШОВ: «Сооронбай Жээнбеков тектүү жердин, чыныгы кыргыздын уулу, ал тууралуу атайылап жалган маалымат таратышууда»

«Ачык саясат» газетасы. №25 (271) 7-июль 2017-жылы. 5-бетте.

Ар кандай шайлоолордун алдында боло калуучу «шайтан оюндар» дагы башталды. Өзүнүн күчтүү атаандаштарын оюндан сүрүп чыгаруу максатында айрым саясатчылар ыпылас кадамдарга да бараары белгилүү. Муну албетте, өзүнүн эл ичиндеги кадыр-баркына ачейин толук ишене албаган саясатчылар жасайт. Болгондо да өзүнүн оозу менен эмес, өзгөрүнө караштуу маалымат булактары аркылуу. Бул жолу ошондой ыпылас чабуул КСДПнын саясий кеңеши тарабынан президенттикке талапкерлиги сунушталган, учурдагы өкмөт башчысы Сооронбай Жээнбековго карата жасалганы байкалды. Интернет сайттардын биринде «С. Жээнбековдун улуту кыргыз эмес, калмак» маанайдагы чындыкка коошпогон нерсе жарык көрдү. Жалган деп ишенимдүү айтканыбыздын себеби бар, "Кыргыздын Жору (Жолжакшы) уурусунун санжырасы" аттуу китептин автору, санжырачы Турдумамат Эргешов биз менен болгон маегинде Премьер-министрдин тек-жаатын жиликтеп берди.

Кыргыз Оң канат, Сол канат болуп түзүлгөнү тарыхта белгилүү. Оң канат Адигине, Тагай, Мунгуш урууларынан турат. Оң канаттын Адигинеси - Бөрү, Баргы, Жору (Жолжакшы), Сарттар, Карабагыш аттуу урууларга бөлүнөт. Ушул Адигиненин Жору (Жолжакшы) уруусу - Жолубай, Кудайберди аттуу эки уулдан уланат. Жолубайдан - Астар, Кастар аттуу уулдар болгон. Астардан (Ай тамгалуу Жору) Серке. Серкеден - Кожо, Тасма, Теңизбай (биринчи Аккөрпө аттуу аялдан), Каракунас (экинчи Сонунбү аттуу аялдан) уулдары. Теңизбайдан - Булаш, Биймырза, Жалаң төш (Дөөлотбай). Биймырзадан - Коштай, Жантай, Абыке, Габыке. Биймырзанын Абыкесинен - Жолдош, Кожоназар, Теңиз, Аккозу. Абыкенин Кожоназарынан - Коңурат, Жайчыбек, Полот. Жайчыбектен - Асыран, Таңырык. Таңырыктан - Пирназар. Пирназардан - Жээнбек. Жээнбектен - Эрмамат, Токтомамат, Шарип. Шариптен - Кантөрө, Жусупбек, Искендер, Сооронбай, Асылбек, Жыргал. Сооронбайдан Ийман, Сооронбай Шариповичтен баштаганда 15 атага чейин белгилүү, андан ары жагы жалпы Кыргыз санжырасына кошулат.

- Эми ушул Жорунун (Жолжакшынын) Теңизбай уругу тууралуу маалымат бере кетпейсизби?

- Кылым карыткан тарыхы, санжырасы бар кыргыз элинде ар бир кыргыздын уулунун санжырасы аркылуу анын ким экенин, кайсы уруктан экенин, бул уруктан мурдагы жана азыркы учурда кандай азамат, белгилүү инсандар чыкканын тактоо кыйын эмес. Адигинин Жору (Жолжакшы) уруктары азыркы күндө Кыргызстандын Ош, Жалал-Абад, Баткен, Ысык-Көл, Нарын, Чүй, Талас облустарында, Кытайдын Кызыл-Суу, Иле Казак автоном райондорунда, Өзбекстандын Анжиян облусунда, Тажикстандын Куляб, Дүйшөмбү облустарында жашап жаткандары биз тарабыбыздан ондогон жылдарды камтыган түйшүктүү изилдөөбүздүн натыйжасында белгилүү болду. Азыр Кыргыз илимдер академиясынын этнограф, тарыхчылары, Кыргыз тарыхчылар ассоциациясынын окумуштууларынын илимий жетектөөсүнүн жана көзөмөлүнүн негизинде терең изилденип, жогорку деңгээлде илимий конференциялар (2016-ж. 14-октябрда, Ош шаарында) өткөрүлүп, тактоолордун жыйынтыгы менен 41 басма табак көлөмүндө, 650 беттен турган «Кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы» аттуу китеби 2016-жылдын башында жарык көргөн. Бул китеп санжыра жана тарых сүйүүчүлөрдүн көңүлүнө жагып, азыркы мезгилде санжыра изилдөөчүлөрдө үлгү катарында кызмат кылып жаткандыгы - алардын биздин китебибизди сурап, кеп кеңеш сурап жатышкандыгынан байкалат. Бул китептин автору Кыргыз тарыхчылар ассоциациясынын 2016-жылдагы чечими менен ассоциациянын «Алтын медалы» менен сыйланганы да муну тастыктайт.

- Бул китепте Адигиненин Жору (Жолжакшы) уруусунан чыккан кандай белгилүү инсандар болгондугу тууралуу да маалыматтар барбы? Апыртылып же атайылап кошулуп айтылган маалыматтар кездешпейби?

- Албетте, бул китепте Адигиненин Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы, тарыхы, археология жана этнографиялык маалыматтары кеңири камтылган. Уруудан чыккан белгилүү инсандардын энциклопедиясы түзүлгөн. Бардык маалыматтар терең изилдөөлөрдөн, фактыларды тактоолордон кийин гана жазылып, тарыхый булактарга таянылган. Куру мактоо, апыртууга жол берилген эмес.

Жогоруда белгиленгендей, Жорунун (Жолжакшы) Теңизбай уругу калк арасында кылымдардан бери айтылып келе жаткан санжыралык маалымдоолордун, республикабыздын архивдериндеги жазуу маалыматтардын, орус, кыргыз жана кытай окумуштууларынын илимий эмгектеринин негизинде талданып, анан жазылган. Теңизбай уругунун санжырасына алардын жашаган аймактарынын географиясы, археологиясы, статистикалык маалыматтары чагылдырылды. Ал Россиянын Ленинград университетинин профессору Л. Р. Винников, академик Б. Жамгырчинов, профессорлор С. А. Аттокуров, В. В. Бартольд, А. Н. Бернштам, О. Ж. Осмонов, А. Ч. Какеев, О. К. Каратаев сыяктуу көптөгөн окумуштуулардын жана санжырачылардын эмгектеринин негизинде изилденип жазылды. Булардан тышкары Жорунун (Жолжакшы) ар бир уругунан чыккан санжыра айтуучулардын, маалымат берүүчүлөрдүн топтогон материалдары жалпы Жору тукумдарынын катышуусу менен бир нече жолу талкууланып, ондогон жылдарды камтыган убакта такталып жазылган. Теңизбай уругунан Биймырза, Танырык бий, Кожоназар бий, Жапан датка, Шапаке датка, Назар палван, Айман уулу Маанаке олуя жана агартуучу Мустафа Ахметов чыккан. Булар тарыхый жазма булактарда белгилүү. Алардын кийинки урпактарынан атактуу инсандар: жазуучу Касымалы Жантөшев, атактуу кино актер, артист Советбек Жумадылов, атактуу залкар обончу Рыспай Абдыкадыров, белгилүү кинодраматург Мар Байжиев, эл аралык аренадагы белгилүү журналист Аким Өзгөн, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьясы Г. Калиева, коомдук ишмерлер Шарип Жээнбеков, Бакы Ешмамбетов, Раатбек Ешмамбетов, Курмантай Абдиев, Канныбек Осмоналиев, Кантөрө Токтомаматов, Жусупбек Шарипов, Сооронбай Жээнбеков, Асылбек Жээнбеков сыяктуу белгилүү коомдук жана мамлекеттик ишмерлер чыгышып, жалпы кыргыз элинин керегине жарап келишкен жана азыр да кызмат кылышууда. Азыркы учурда элге төбөсү көрүнүп калган Жээнбековдордун атасы Шарип Жээнбеков да убагында Ош, Жалал-Абад облустарынын аймагындагы коомдук, чарбалык ишмер, кадыр-барктуу инсандардын бири болгон. Кыргыздын классик акыны Тоголок Молдо (Байымбет) "Тарых, Түпкү аталар" аттуу 1920-жазган (К. Жусупов, «Кыргыздар» 15-бетте) санжырасында Теңизбай уругунан чыккан Шапаке датка, Дубана датка, Кыдыр ордочулар Адигиненин башка уруктары менен кошо Кокон хандыгын ээлеген хандар менен эрегишип, "Кудаяр хан ит багаар, итин баксын, бул элди бага албайт!" деп Кокондун ордосунан чыгарбай, аны кармап турганын жазган. Көптөгөн оозеки жана жазуу түрдөгү маалыматтарда, мисалы, журналист Ж. Осмонкулов, санжырачылар Сапарбай Жаңыбай уулу, Эсенкул Төрөканов, Турдубай Умар уулу ж. б. Теңизбай уругун Жору (Жолжакшынын) уруусунун белдүү уруусу экендигин жазышып, "Ак үзөңгү Теңизбай" деп аталаарын маалымдашат. Сооронбай Шариповичтин ата тегинен Биймырза бий, Танырык бий, Кожоназар бийлердин тарых-таржымалдары

элдин эсинен чыкпай, азыр да эскерилип, дастан болуп айтылып, жазылып жүргөндүгүнө изилдөө мезгилинде күбө болдум. Мисал катарында С. Шариповичтин алтынчы атасы (Жотосу) Кожоназар бийдин жалпы Адигине, Тагай балдарына той (Аш) берип жаткан учурун да өзүнүн уруулаш теңтуштарынын бирөөсү "Кожоназар бий, сен аш-той өткөрөөрдөн мурда башка элде жашап, күйөөсү өлүп, жесир калып, бир уулун ээрчитип кыйналып жүргон карындашыңдын турмуш шартына карабайсыңбы?" деп уяткарганда чабаган жиберип, бир нече күн издетип, жесир калган карындашын таптырып, үйлүү, мал-мүлктүү кылат. Бирок тойго келген элге такыр билдирбестен, тойду ондогон күнгө токтотпой уланта бергенин азыр акылман абышкалар эскерип жүрүшөт. Кыргызда терең философиялык мааниге ээ болуп келген - "Аккан арыктан суу агат" деген макал жогорудагы С. Жээнбековдун ата-бабаларынын бий болушуп, кыргыздын чыгаан уулдарынын катарында өз дооорлорунда кызмат кылып келгендиги, алардын урпактарга берип келген сапаты, мурасы экенин тастыктап, далилдеп турбайбы.

Жараткандын адамзатка, деги эле жандуу жаратылышка берген ыйык закон ченемдүүлүгүнүн бири тукум куучулук эмеспи. Бул дүйнөлүк масштабда жаратылыштын, анын катарында тирүүлөй жандыктын жана адамзат коомчулугундагы тукум куучулуктун аныктаган экендиги илимий негизде тастыкталган нерсе. Планетардык масштабдан караганда деле баатырдан баатыр, ырчыдан ырчы, бийден бий, хандан хандар төрөлүп келгени Жараткандын өзгөргүс мыйзамы. Жок эле дегенде мындай асыл касиеттер тукум куучулук мыйзамынын негизинде эне тарабына оойт. Ошондуктан Кыргыз накылында "Катын эмес кайын танда", "Эр тайын тартат" деген терең турмуштун философиясын, мыйзамдарын кылымдар бою сактап келет. Азыркы өнүккөн илим деле муну танбайт. Бул жагынан караганда Жээнбековдордун тукумдарынын касиеттүүлүгү мурдагы ата-бабаларынын жолун улап, кыргыз элине пайдасы тийчү азаматтардын дагы келечекте жараларына шек жок экендигин далилдейт. Жогорудагы маалыматтардын тастыктоочу далилдери менен кеңири таанышууну каалагандар «Кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы» китебин окуп таанышса болот. Республикалык, Ош облустук китепканаларда жогоруда аталган китеп бар.

- Демек, анда Сооронбай Жээнбековду кыргыз эмес деп жазып чыккан интернет сайтынын маалыматы жалган турбайбы?

- Ооба, сайттагы берилген маалымат толугу менен жалган, негизсиз. Абийирсиздик менен ойлонулуп табылган, атайылап таркатылган жалган ушак, жалаа деп эсептейм. Жогорудагы кыскача маалыматтардын тууралыгына толук кепилдик берем. Сооронбай Шарипович тектүү жердин кулуну, чыныгы кыргыздын уулу. Кыргыздын Адигине уруусунун бири Жорунун (Жолжакшы) уруусунун Теңизбай уругунун Биймырза тобунан. Жээнбековдордон келечекте Жараткандын буйругу менен дагы көптөгөн эл башкаруучулар чыгаарына терең ишенем. Сооронбай Шариповичтин жүрөгүнүн таза, ак ниет, башкаларга дагы ишенүү менен мамиле кылуусу, нафсисинин токтугу, чечкиндүүлүгү, көсөмдүгү сыяктуу Жараткан берген касиеттеринин бар экенин бир топ жылдан бери жолугушууларымда ынандым, жеке абийирдин, Жараткандын алдында күбө боло алам.

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КАЛМАКТАР МЕНЕН БОЛГОН СОГУШТАРЫ КЫРГЫЗДЫН ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНУН МИСАЛЫНДА

Турдумамат Эргешов - *Кыргызстан тарыхчылар ассоциациясынын мүчөсү.*



Эргешов Турдумамет

«Кабар Инфо» гезити №9, 11-бетте. 4-март, 2016-ж.

Тарых илиминде батыш монголдор жунгарлар, ойроттор деген ат менен белгилүү болушкан. Түрктөрдө аларды калмактар деп аташкан. Б.з.ч. 1-миң жылдыкта Түндүк Кытай, азыркы Монголиянын түндүк чыгыш аймагы монголдор, дзиху, сянби, жужандар, кидандар, чжурчендер өндүү саясий бирикмелеринин курамында болушкан. Ал эми XIII - XIV кылымдарда Чыңгыз хандын Монгол империясынын курамына киришкен. XV кылымда калмактардын өз алдынча Жунгар хандыгы түзүлгөн. XV кылымдын 2-жарымында бул хандык ич ара пикир келишпестиктен, келип чыккан согуштардын натыйжасында бир нече майда хандыктарга бөлүнүп кетишкен. Монголиянын батышында 1635-жылы бөлүнгөн уруулар (тыргоот, дэрбет, хошут, торос уруктары) биригишип, «Дөрбөн ойрот» («Төрт ойрот») мамлекетин түзүшкөн. Жунгар (Ойрот) хандыгы мезгил мезгили менен Орто Азияга чабуул жасап турган. Алгачкы чабуулу 1643-жылга туура келип, кийин 1652-жылдан 1684-жылга чейин Це Ценхандын башчылыгында уланган. Кийинки мезгилдерде 1722-1724-жылдарда жунгарлар Кашгариянын, Бадакшандын Дарбаздын, Каратегиндин кыргыздарын басып алган. Көпчүлүк кыргыздар Гиссар, Шадман, Кулябга көчүп кетүүгө мажбур болушканы белгилүү. 1736-1738-жылдары ойротттор (калмак) кыргыздарга 3 жолу чабуул жасашкан, бирок Бадакшан аймагынан каратегиндик кыргыздардан жеңилишкен.

1746-1748-жылдарда кыргыздардын, казактардын, өзбектердин биргелешип көрсөткөн карама-каршылык чабуулдарынан Фергана, Бадакшан өрөөндөрү калмактардан бошотулган. Бул чабуулдар «Манас», «Курманбек» эпосторунда кеңири чагылдырылат.

Жунгарлардын (калмак) бийлигинин таасиринде ошол мезгилдеги жашаган Кокон хандыгы кыргыздын эли менен номиналдуу түрдө болсо да жашап келгендиги тарыхта белгилүү. Кокон хандыгынын «Мунтахаб ат - таварих» жана «Тарих и Шахрохи» хроникаларында убактылуу гана көз каранды болгондугу жазылган. *(Материалы по истории киргизов и Киргизии. вып.1. М. 1973. с. 232–233).*

Орто Азия калкы калмактарга каршы дайыма биригип, күрөшүп келишкендигине кыргыздардын формалдуу түрдө калмактарга баш ийүүдөн баш тарткандыгынан Жунгар хандыгы Жайсан Жоржинин жетекчилиги менен болгон чабуулу (1748-жылы) калмактардын жеңилүүсү менен аяктаган. Андан кийин Жунгар (калмак) ханы Галдан Церендин ортончу

уулу Лама Джоржи кыргыздарга кайра кол салып, кайрадан жеңилген. (kghistory.akipress.org/unews/un_post:842 Т.Мадылбай. Борьба Кыргызов за независимости в сер. 18 в.)

757-1758-жылдарда Жунгар хандыгы Цин империясы тарабынан толук талкаланып, калмактардын 1 миллиондон ашыгы курман болгон. Кыргындан аман калгандары, т. а. калмактардын бештен бир бөлүгү гана Орто Азиянын, Казакстандын, Россиянын аймактарына качып барып, жан сактоого мажбур болушкан. Бир бөлүгү Орус букаралыгын алып, (азыркы Россиядагы Калмыкия, борбору Элиста шаары). Мусулман динин мурда кабыл алган «Сарт калмактар» аттуу уруусу 1771-жылы Кыргызстандын Ысык-Көл аймагында отурукташып калышкан, азыр да жашашат («Кыргыз тарыхы». Энциклопедия. Бишкек - 2003-ж. 213-бетте.)

Жалпы тарыхта белгилүү болгон жогорудагы маалыматтар негизинен жалпыланган, үстүртөн болгондугуна байланыштуу кыргыз элинин элеттик жерлериндеги калмак баскынчылары менен болгон эркиндик үчүн күрөштөр эл арасында оозеки уламыштарга айланып, «имиш-имиштин» деңгээлинде калып калганы өкүнүчтүү. Учурда жалпы кыргыз мекен сүйүүчүлөрүнүн бүйүрүн кызыткан өлкөбүздүн Президенти А. Ш. Атамбаевдин Указы менен жарыяланган «2016-жыл - Тарыхтын жана маданияттын жылы» деп жарыланышы жогорудагыдай тарыхыбызда изилденбей, өз баасын албай келген тарыхтын актактарын аныктоого зор өбөлгө түзот. Кыргыздын коомдук түзүлүшүнүн негизин түзгөн ар бир уруу, уруктун баатырлары, мекенчилери ички жана тышкы душмандан коргоп кеткен. Ушул жагдайдан алып караганда кыргыздын Оң канатынын Адигине уруусунун Жору (Жолжакшы) уруусу да сырткы душмандар менен болгон күрөштө коомдон сыртта калбай коргоп келгени алардын урпактарынын эскерүүлөрүндө кылым карытып унутулбай келүүдө, көптөгөн археологиялык эстеликтердин, аралаш бейиттердин сакталышы тастыктап, күбө болуп келет.

Жору (Жолжакшы) уруусу жашаган Ош облусунун Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айыл аймагындагы «Алп-Ордо», «Кең-Сай», Жаңы-Арык айыл аймагындагы Кызыл-Көл, Өзгөн районунун Кызыл Октябрь айыл аймагындагы «Жийденин талаасы», Кара-Таш айыл аймагынын «Бешабышка» капчыгайларындагы аралаш бейиттер, «Калмак бейит» деп аталган дөңсөөлөр эл оозунда «Калмактардын бейиттери» деп аталып, эч кандай илимий изилдөөлөр жүргүзүлбөй келүүдө. Кызыл-Суу аймагында «Нокош-Эрен», «Мык-Добо» аттуу дөбөлөр көптөгөн бейиттер сыяктуу дөңсөөлөрдөн турат.

Калмактар менен болгон күрөшкө XVI-XVIII кылымдарда жашап өткөн төмөнкү Жору уруусунун урпактарынын эсинде калган баатырлары күбө боло алат.

Жорунун Бооке (Чайчы) уругунан Андыбай баатыр Кызыл-Суу өрөөнүнөн, Конур-Дөбөдөн калмактарды куун чыкканын 20-кылымдын 70-жылдарында жашаган Маматов Мирзали аксакал эскерет. Профессор Осмонов Ө. Ж. «Кыргызстан тарыхы» Б. 2012-ж. 158-б. Андыбай баатыр тууралуу жазган. Андыбай баатырдын урпактары азыр Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында отурукташкан. Кийинки урпактарынан көптөгөн балбандар чыкканы белгилүү. Кызыл-Суунун Кең-Сай айылында «Калмак бейиттер азыр да сакталып турат.

Ача тамгалуу Жору уруусунун Бешабышка тобунан Капич баатыр тууралуу маалыматтар бар. Капич калмактарга каршы согуштарда өзүнүн уругунан Жанай уста, Канай уста аттуулар чыгып, кылыч жасашканы, ал кылычтарын азыр да агын жаткан «Бешабышка» суусуна кийиз агызып, курчтугун сынаганы, Капич баатыр калмактарды тар капчыгайдан өткөрбөгөнү тууралуу маалыматтарды урпактары азыр да эскеришет. Ошол «Бешабышка» айылында Капич уулу деген топко биригишет. *(Маалымат берген ушул топтун кулуну Сыдыков Н. 62 жашта. Өзгөн району Бешабышка айылы).*

Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айыл аймагынын Кызыл-Кол айылында жашаган Жору уруусунун урпактарынан Сарыгул баатыр өткөнү, калмактар менен болгон салгылашууда курман болгону тууралуу маалыматты 62 жаштагы Ош шаарынын тургуну Сарыгулдун урпагы- К. Кимсанов берди.

Өзгөн районунун Кызыл-Сеңир айылында «Жийденин талаасы» деп аталган чоң талаа бар. Өткөн кылымда жашап өткөн Жаамбай аксакалдын маалыматы боюнча ушул Жийденин талаасында калмактар менен кыргыздардын ортосунда чоң салгылашуу болгон. Эки тараптан тең көптөгөн жоокерлер каза болушуп, аларды жыйноого чамалары келбей, аралаш көмүшкөнү белгилүү. Азыр ошол аралаш бейиттер Жийденин талаасынын чыгышындагы Маажунус кыштоосунда сакталып турат. Бул жөнүндө жергиликтүү тургундар дагы эле эскеришет. *(Маалымат берген Куршаб айылынын 50 жаштагы тургуну Р. Ашимов).*

Өзбекстандын Анжиян облусунун Жалал-Кудук районундагы Беш-Тал (Кадасын) айылында жашаган кыргыздын Жору уруусунан Жаманкыз уругу бар. Жаманкыз деп аталып калганынын себеби калмактар менен болгон салгылашуулардын биринде ушул Бештал айылында бир да эркек калбай калмактар тарабынан кырылганы, акырында бир калмак кирип бешиктеги баланы чабууга аракет жасаганда, баланын энеси «Бул уул бала эмес, кыз, «Жаманкыз» деп баланы сактап калганы белгилүү. Ошол Жаманкыздан Мамбет, Имбет аттуу эки уул төрөлүп, азыр ошол урпактар эки чоң кыштак болуп, көбөйүшүп жашап жатканы аныk. Булардын уруктары Ош шаарында да бар *(Маалымдоочу ошол уруктун 60 жаштагы урпагы Гапаров С.)*

Жору (Жолжакшы) уруусунун Тасма уругунун негиздөөчүсү Тасма баатыр тууралуу санжыралык маалыматтарда Тасма баатыр, Шырдакбек ханга калмактардан боз жоргону алып келип бергени, калмактар менен болгон согуштарда эрдик көрсөткөнү жөнүндө баяндалат. Мындан тышкары калмактардын I-XVIII кылымдардагы чабуулунан кыргыздардын бир уруусу Жорулар Кулябга, Гиссарга барганы, ал жерде Жорунун Кожо уругунан Айдарбек, Назарбектер кайра кайтпай калып калганы, азыр да Тажикстандын Гиссар өрөөнүндөгү мурдагы Ленин районунун аймагында «Калдык» (Кала бердик) деген ат менен жашап жатканы тууралуу маалымат бар. *(Маалымат берген Куршаб айылынын 50 жаштагы тургуну Р. Ашимов).* Келечекте кыргыз тарыхын тактоодо бул маалыматтар керек болот деген ойдобуз.

Пайдаланган адабияттар:

1. «Кыргыз тарыхы» - Энциклопедия. Бишкек- 2003 ж. 213 - бет.
2. Материалы по истории киргизов и Киргизии.вып.1.М.1973. с. 232-233.
3. *Осмонов Ө.Ж.* «Кыргызстан тарыхы» Б.2012-ж. 158-б.
4. http://works.tarefer.ru/33/100742/index.html Реферат студента под руководством М. Б. Жамгерчинов Реферат: Борьба кыргызов против калмаков.
5. qwerbol.narod.ru/index/0-56 (Борьба кыргызского народа против гнета джунгарских, китайских и кокандских феодалов.
6. kghistory.akipress.org/unews/un_post:842 Т. Мадылбай. Борьба Кыргызов за независимости в сер. 18 в.

ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНУН ТАМГАЛАРЫ, ТУУСУ, УРААНЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР

ЭРГЕШОВ Турдумамат -
Кыргызстан тарыхчылар ассоциациясынын мүчөсү

Тарыхта байыркы кыргыздарда ар бир уруктун, уруунун тамгасы, туусу болгону бел-
гилүү. Кыргызда эн тамга негизинен гербдин, логотиптин милдетин аткарган. Ар уруунун
белгисинин символунун, мөөрүнүн ролун аткарган. Тамга - (кырг. -монг.)

1. Хандардын чоң мөөрү.

2. Жылкынын санына басыла турган белги.

3. Бир уруунун уруулук белгиси, клеймо, арип) түшүнүктөрүн берет. (Х. К. Карасаев -
Өздөштүрүлгөн сөздөр. Ф. 1986. 255-б.). Кыргыз элинин көрүнүктүү тарыхчысы академик
Б. Жамгырчинов: "Ар бир уруктун жана уруунун - баатырдык ырааны жана желеги болгон" -
деп жазган. Ар бир уруу өздөрүнүн желегине тамгаларын түшүргөн, аска ташта тартыш-
кан. Ушул багытта Жору уруусунун санжырасына, каада-салттарына саресеп салып, ыгы
келген жерде кийинки муундарга оозеки баяндап жүргөн аксакалдар менен сүйлөшүп, туу-
лары, эн тамгалары тууралуу бир топ маанилүү маалыматтарды топтодук. Кара-Суу райо-
нунун Кызыл-Суу айылында жашап жаткан Кыдыргычов Тагай - 65 жашта туу жана эн
тамга боюнча төмөндөгүдөй маалыматты берди. XX кылымдын 70–80-жылдарында жашап
өткөн Ача тамгалуу Жорунун Бейшеке уругунун урпактары Султанкулов Аман, Кулбаев
Бапы аксакалдардын айтуусу боюнча Жору уруусунун уйдун терисинен жасалган күрөн
кызгылт түстөгү асабасы болгон. Мындан тышкары Ай тамгалуу, Ача тамгалуу Жору ту-
кумдары Ай тамга жана Ача тамга белгилерин малдарын, тууларын белгилөө үчүн ушул
кезге чейин колдонулуп келүүдө. Кыргыз урууларынын тамгалары боюнча Н. Ф. Путров-
кий, Н. Ф. Миллицкий, Б. Солтоноев, Н. А. Бернштам, С. М. Абрамзон, Н. А. Винников,
С. Аттокуров, О. Каратаев сыяктуу белгилүү тарыхчылар, көптөгөн илимий макалаларды
жазган. Н. А. Аристов "Байыркы руникалык алфавиттер түрк элдеринин уруулук тамгала-
рынын негизинде калыптанган" деген. Профессор О. Каратаев - О. Донер жана В. Томсен-
дердин илимий тыянактарына таянып, Орхон-Энисей руникалык жазууларындагы алфавит-
тин басымдуу бөлүгү уруулук эн тамгалардан келип чыккан деген тыянакка келген. Төмөн-
дө О. Каратаев тактаган Жору уруусунун Ай тамга жана Ача тамга топторунун эн тамгала-
рынын түрлөрү берилет.




1. Жору уруусунун Ача тамга уруктар тобунун эн тамгасынын түрлөрү



2. Жору уруусунун Ай тамга тобунун эн тамгасынын түрлөрү

Изилдөө көрсөткөндөй бул тамгалар Т. Кыдыргычов, Т. Отунчуев, А. Арыков, К. Мырзабеков ж.б. бала кездеринде желекти көрүшкөнүн териден жасалаарын, тери ашталып, ышкындын, кара андыздын тамырларына боёлоорун жана кекире аттуу чөптүн тамыры менен бышырылаарын айтышты. Көрсө кыргыздар ушуга жакын тери иштетүү жолу менен асаба - тууларын да жасашкан экен.

Окурмандарга түшүнүктүү болуш үчүн Жору уруусунун желегинин мисалында желек жөнүндө түшүндүрмө бере кетели. Желек (Асаба) академик А. Ч. Какеевдин пикири боюнча (История философской науки Кыргызстана " Б. 2013), желек бул шарттуу аталыш. Кыргыздар аны желек, туу, байрак, асаба деп түрдүү аташат. Чындыгында жогоруда аталгандар желектин элементтери болуп саналат. Төмөндөгү сүрөттө элементтер жөнүндө маалымат берилет:



Кыргыздын желеги тууласында "Манас" эпосунда:

Атасынын кызыл туу,
Аягын жерге сайылтып.
Асабасы бул туунун
Асман жакка жайылтып -

деп айтылат. Демек туу сайылат, ал эми асаба жайылат. Туу сабы катуу жыгачтан атайын сомдолуп жасалган, түсү кызыл болгон (К. К. Юдахин. Кырг.-орусча сөздүк. М. 1965. 771-бет.). Туунун учуна ашталган темири же катуу жыгачтан жасалган учу желек деп аталган. Жорулардын Ача тамгалуу уругунда ача желек, ал эми ай тамгалуу Жорунуку Ай же айча желек болгону белгилүү. "Манаста", -

Желеги туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй.
Жер соолуп былкылдап
Желеги алтын туу болду.

(Кыргыз элинин баатырдык эпосу". 2-китеп. Москва. 1988-ж., 22-бет.

деген жери бар. Туу менен желек ашталган (бириктирилген) жерде байрак илинген. Кыр-
бат баалуу жибектен же таза жүндөн эшилип ийрилип (өрүлүп) байрак жасалган. Байрак
заманда түрк элдери жортуулга аттанаар алдында курмандыкка чалынган жылкынын куй-
ругун дагы байрак катары туунун башына байлаган. (К.К.Юдахин, аталган китеп. 98-бет.
Байрактуу найза - "Пика с бунчуком" - деп жазган). Байыркы кыргыздарда туунун түсү кы-
гылт (жошо) болуп ага бекиген асаба көк, ак жашыл, кара кызыл, сары түстөрдө болгону
уламыштарда айтылат. “Манаста”:

Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу, -

деген саптар буга далил.

Санжыралык иликтөө көрсөткөндөй Жору уруусунун жалпы урааны дагы “Жору” бол-
гон. XX кылымдын башына чейин эле элдик оюндарда өзгөчө ат чабыштарда Жору! Жору!!
дешкен ураан чакырышкан. XIX кылымда жашап өткөн Тойчубек датканын Торкашка аттуу
күлүк аты Тооке уругунун башчыларынын биринин чоң тоюнда баш байгени алганы туу-
ралуу атам Мырзабек молдодон уккамын, атты сүрөөнчүлөр “Жору” Жору!” - деп сүрөп-
көн экен” дейт, эс алуудагы мугалим Кызыл-Суу айылынын жашоочусу Мырзабеков Кал-
бай. Мындан тышкары санжырада Тилеке баатырдын (Баргы уругунан) ашында Алымбек
датканын уулдарынын бири Мамытбек менен анын орун басары кызматын аткарган Жору
уруусунан Султан наибдин ортосундагы пикир келишпестиктен чыккан чатакта “Жору!”
деп ураан чакырылып, Жору уругунан көп сандуу киши топтолгону, чатакты болтурбастан
башка Кара багыш Бөрү уруктарынын даанышман аксакалдары “Бир атанын Адигинени
балдарысыңар Баргы менен Жору. Жаман жорук-жоосунду баштабагыла, туугандардын ыр-
кына доо кетирбегиле!” - деп чатакты басышканы, кийин Курманжан датка озү келип, Су-
тан наиб менен жоолугуп. “Эй балам, Мамытбек менен сен Султан наиб - мен үчүн бирдей-
сиңер, мен уул катары санайм. Элдин ынтымакчылыгына доо кетирбегиле!” - деп Мамыт-
бек менен Султанды жараштырганы айтылат. Бул Тилекенин аңы бир вариантта Алдиер
тоосунун этегиндеги Ийри-Суу жайлоосунда өткөн дешет, дагы бир кабарда Алайдын Ка-
былан-Көлүнүн Бак-Арча Күйгөн-Арпасында болгон дешет. (Маалымат берген 1934-жылы
туулган Султанов Апазбек (жеке архивинен алынды.)

Макаланын автору Т. Эргешов

КЕРЕК БААТЫР БАЯНЫ

Эрмат Жумаев - *Жылкыбаев Жумайдын небереси.*
Каракол шаардык Кеңешинин депутаты .

Теңизбай Керек баатыр кезегинде,
Неченди чапкан экен эсебинде.
Эл үчүн аянбастан кызмат кылган,
Кут бар деп эли-журту«белегимде».
Касиет болгон экен Белектердин,
Көтөргөн көк асаба желегинде.

(Молдокмат Кулумбай уулу «Санжыра» дастаны. 1995-ж.)

Кыргызда эли-жерин коргогон, баатырлар мезгилдин талабына, шартына жараша көп чыгышканы тарыхтан белгилүү. Ошондой баатырлардын бири, менин бубам, чоң атам Жумайдын чоң атасы Керек баатыр болгон экен. Керектин бир тууган агасы, Мажик баатыр болгону тарыхта айтылып, жазылып келүүдө. Керек баатыр кээ бир маалымат булактарында «Керет баатыр» деп дагы айтыла калып жүрөт. Ал 18-кылымдын аягы - 19-кылымдын башында азыркы Ак-Суу районунун аймагында жашаган. Азыр урпактары Ак-Суунун Чолпон айылында жашашат. Керек баатырдын Кокон хандыгына каршы эрдик көрсөткөнү тарыхта айтылат. (К. Жусупов. «Кыргыздар» 2-том. 1993. Бишкек. (516-б.) Булардын тарых-таржымалын тереңирээк изилдөө тарыхчы, санжырачылардын келечектеги милдети деп ойлойбун.

Чоң атам Жылкыбаев Жумай 1937-жылы 15-сентябрда НКВД тарабынан кармалып-тыр. “Улутчул” деп айыптоо менен негизсиз репрессияланган болуп Кыргыз АССРинин эл комиссарлар Советинин председатели (1927-1933-жылдар), ВКП(б)нын Борбордук Аткаруу Комитетинин Орто Азия бюросунун мүчөсү Жусуп Абдрахманов камалган. Анын артынан көрүнүктүү коомдук ишмерлер Ж. Садаев, Т. Жолдошев, Б. Д. Исакеев, А. Орозбеков Х. Жээнбеков, Т. Айтматов, Э. Эсенаманов, К. Табелдинов сыяктуу Кыргызстандын көптөгөн коомдук, мамлекеттик ишмерлери “Улутчулдар” “Абдрахмановчулар” деген жалаа менен репрессияга учурашкан. Жогорудагы аталгандардын катарында чоң атам Ж. Жылкыбаев да “буржуазиялык улутчул” деген жалаа менен партиядан чыгарылып, кызматтан алынып, Чоң атамын өмүр таржымалы төмөнкүдөй:

Чоң атам Жылкыбаев Жумай 1903-ж. Жыргалаң айылында, туулган. Орус-тузем мектеп интернатында 1916-жылга чейин окуп, татарча, арабча, орусча жазганды, сүйлөгөндү үйрөнүүгө жетишкен. Үркүндө 13 жашар Жылкыбаевдердин үй-бүлөсү Кытайга качып, бир жылдан соң падыша бийлигинин кулагандыгын угуп, Мекенине кайтып келишкен. 1918-жылы жети-өгүздүк Ыйман уулу Данакенин сөздөрүнүн таасири менен саясатка дилин бурган. 1921-жылы коммунисттик партиянын катарына кабыл алынып, Алматадагы 1 жылдык советтик-партиялык мектепке окуйт. Окууну аяктагандан кийин 1922-жылы партиянын Түп волостук комитетине инструктор болуп дайындалат.

1923-жылы ВКП (б) тарабынан Алматы наркомунун Балхаш районунда уюштуруучу, 1925-жылы партиянын Караколдо инструкторлук кызматтарын аркалайт. 1926-жылы Орто Азия Коммунисттик университетине (САКУ) окууга жөнөтүлөт. Андан кийин 1928-жылы Араван-Буура райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы кызматына келет. 1930-жылы февралда партиянын Кетмен-Төбө райкомунун 1-секретарлыгына шайланат. Ушул райондо чарбалык иштерди уюштуруп жүргөндө Мазар-Сай айылынын колхозчулары жана жеке дыйкандардын эмгеги менен казылган каналдын бүтүшүнө байланыштуу жыйналышта демократ-акын Токтогул Сатылганов менен таанышат. Улуу акын каналды казууга ыр менен элди үндөп, дыйканчылык үчүн арыктын маанисин түшүндүрүп, иштин башында турган болот. Ж. Жылкыбаев социалисттик курулуштардын чарба иштерине, басмачылар менен күрөшүүгө активдүү катышат.Токтогул тууралуу ошол мезгилдеги Токтогулдун чыгармаларын жазып, Ж. Жылкыбаев Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусуна тапшырат. Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусуна “Эскермелерин” белгилүү адабиятчы, кол жазма иликтөөчү, профессор Омор Сооронов (О.Соорон сопу) илимий изилдөө жүргүзүп, “Биз билген жана биз биле элек Токтогул” аттуу (“Бишкек, ”Турар” басм. 2014-ж.) китебин жазып, акын жөнүндө мурда окуучуларга белгисиз болуп

келген жагдайлары менен чоң ачылыш жасады. Мындан тышкары чоң атамын Токтогул менен бекем достугунун далили катарында Кетмен-Төбө райкомунда партиянын 1- секретарь болуп иштеп турганда Токтогул Сатылганов өзү кийип жүргөн баалуу тонун эстеликке бергендиги боло алат. Ошол Токтогулдун берген тонун чоң атам кайра, Сатылгановдун 100 жылдык мааракесине карата уюшулуп жаткан музейине өткөзүп берет. Азыр ошол тон Токтогул Сатылгановдун музейинде "Жумай Жылкыбаев кийип жүрүп, кийин музейге экспонат катарында өткөзүп берген" деп сакталып турат. Жакында эле КТРдан Токтогул Сатылгановдун 150 жылдыгына карата "Токтогулдун-тагдыры" аттуу даректүү фильм көрсөтүүсү болду ушул жерден да алып баруучу журналист М. Бектурсунов чон атамдын эмгеги жөнүндө жакшы сөздөрдү айтты. Ушул даректүү документалдуу фильм менин архивимде сакталуу. Кийин Ж. Жылкыбаев 1934-жылы Кыргыз ССРинин Наркоземинин орун басары менен Мал чарба башкармалыгынын башчысы кызматына келип, Киробкомдун 1-секретары М. Л. Белоцкий менен Кетмен-Төбөгө барган иш сапарында Токтогул Сатылгановдун өмүр баяны жана чыгармачылыгы менен тааныштырып калат. Сапардан келгенден кийин М. Л. Белоцкий Кыргызстан КП БКнын атайын токтомун кабыл алууга демилгечи болуп, Т. Сатылгановдун чыгармаларына көңүл бөлүнүп, илимий иликтөөгө алына баштаган.

Ж. Жылкыбаев 1936-жылдын 1-январынан партиянын Кара-Балта райкомунун секретары, 1937-жылдын 15-майынан Өзгөн райкомунун биринчи секретарлыгына шайланган. 1937-жылдын 15-сентябрында Ж. Абдрахманов, И. Айдарбеков, А. Орозбеков, Т. Айтматов, К. Тыныстанов ж.б. менен бирге Фрунзе шаарындагы НКВДнын №1 түрмөсүнө камакка алынган. Ага "1920-жылдары Р. Худайкуловдун тобунда болгон жана бай-манаптар менен кызматташкан, 1930-жылдары Ж. Абдрахманов, Б. Исакеев, И. Айдарбеков менен бирге улутчулдар тобунда болуп, Кыргыз ССРинин Наркомземинин орун басары менен мал чарба башкармалыгынын башчысы кызматтарында, партиянын көрсөтмөлөрүн аткарбай, «өзүм билемдикке» салып, мал чарбасына олуттуу зыян келтирген" деген жалаа коюлган. НКВДнын тергоочулору саясий туткундарды өтө мыкаачылык менен сурак жүргүзүшкөн. Коюлган күнөөнү кыйноолор менен моюнга алдырып, Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун атайын коллегиясынын 1938-жылдын 17–29-июлдагы чечими менен өлүм жазасына ыйгарылган. Бирок, бир жылдан соң Ж. Жылкыбаевдин иши кайра каран чыгууга жиберилип, 1940-жылы 19-мартта толук акталып чыккан. Камакта жатканда башынан өткөргөн азап-тозокко карабастан, Ж. Жылкыбаев партияга болгон ишенимин эч жоготкон эмес. Ошондуктан камактан чыкканда эң биринчи кадамы, Кыргыз ССРинин КП БКсынын биринчи секретары А. В. Ваговго коммунисттик партиянын катарына кайрадан кабыл алуусун өтүнгөн арыз жолдогон. Кыргыз ССРинин КП Борбордук Комитетинин 1940-жылдын 27-майдагы чечими менен Ж. Жылкыбаев партиянын катарына калыбына келтирилип, Токтогул райкомуна 1-секретарь болуп дайындалган. Андан соң Чүй областындагы Дөн-Арык, Түп районундагы Талды-Суу МТСтеринде директор, Түп райондук аткаруу комитетинде төрага кызматтарын аркалаган.

Жогоруда жазылган чоң атамдын камалышы тууралуу түрмодө атам менен чогуу жаткан Ысык-Көлдүн Түп районунан Субанов Шертай аксакал өзү чогултуп жүргөн материалдардын негизинде "Тунгуюктагы мун" аттуу китеп жазган.

Чоң атам Жылкыбаев Ж. көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн 3 орден, 1 медаль жана көптөгөн Ардак Грамоталар менен сыйланган. Ардактуу эс алууга чыгып, 1975-жылы 72 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. (Материалдар Кыргыз Республикасынын Саясий документтер мамлекеттик архивинен алынды. (Ф. 10: Оп. 15: Д. 849. Л. 1-35.)

Чоң атамын бир боордош иниси Жылкыбаев Абдысалам туурасында Базар-Коргон

районунун энциклопедиясына жазылган маалыматтар боюнча төмөндөгүдөй маалыматтар бар. Жылкыбаев Абдысалам 1906-жылы Ысык-Көл областындагы Ак-Суу районунун Жыргалаң (азыркы Чолпон) айылында туулуп, 1932-жылдан баштап Жалал-Абаддын Базар-Коргон районунда кызмат өтөгөн. Социалисттик курулуштун активдүү мүчөсү. Алгач Карakол шаарындагы татар мектебинде окуп, араб жазмасын сабаттуу үйрөнгөн, татарча, орусча жакшы билген улан катары жаш чагынан эле коом үчүн күрөшкөн. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жолдомосу менен комсомолдун Базар-Коргон райондук комитетинин биринчи катчысы болуп шайланган. 1925-1930-жылдары социалисттик жаңы коомду түптөөдө, басмачылар менен күрөшүүдө активдүү катышкан. Ал бул иште өтө өткүр жана жүрөктүү кызматкер катары күрөшүп, райондун социалисттик курулушуна чоң салым кошкон. Бирок, жергиликтүү Базар-Коргондук басмачылардын колунан мерт болгон. Анын сөөгү Базар-Коргон айылынын Ак-Тайлак саябанына коюлган, кийин бул жерде курулуш иштери көбөйгөндүктөн анын сөөгү ал жердин жанындагы мазардын шейиттер бейтине көчүрүлгөн. (Маалымат: Базар-Коргон району. Энциклопедия. Бишкек-2016. 156-б.).

«САНЖЫРА КӨЧМӨНДӨРДҮН ТАРЫХЫ - (КЫРГЫЗДЫН АДИГИНЕ ТОБУНУН ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНУН МИСАЛЫНДА)» АТТУУ ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯНЫН МАТЕРИАЛДАРЫ

Илимий-практикалык конференцияга куттуктоолор



Балтагул Нурумбетов

Балтагул Нурумбетов - Ассалому алейкум урматтуу, алыстан, жакындан келген урматтуу коноктор. Бүгүнкү биздин ушул мааракебизге келгендигиңиздерге чоң ыраазычылыгымды билдиремин. Кыргыз калкы илгертеден бир жерден экинчи жерге жер которуп жашап келген. Кыргызда бала жети жашка чыкканча, жети атасын билбесе - кул - деп коюшкан. Ошондуктан кыргызда санжыраны укумдан-тукумга, кылымдан кылымга өткөрүштү парз катары көрүшкөн. Быйылкы жылда олкобуздун Президенти баш болуп, мамлекетти бекемдөөчүлүк жылы, чыңдоочу жылы, ынтымакчылык жылы - деп жарыялады. Аны иликтеп келгенде кыргыз элин кантип ынтымакта сактап калабыз - деген ой ар бирибиздин оюбузда болушу абзел.

Санжыра дегенде руханий байлык дегенибиз менен официалдуу тарых - деп айтканга болбойт. Анткени ар бир санжырачы өзүнүн уруусун даңазалап келген. Бул тараптан алганда элди бүтүндөй болуп алуу мүмкүн. А биз болсо санжыраларды жалпылап, баарынын түптактап, жалпы Кырызстандын туусун көтөрүүбүз керек. Биздин арабызда аттуу баштуу ак-сакалдарыбыз отурат, эл-журт башкарган жигиттеribиз, баарыбыз биригин, эртенки келечегибиз жөнүндө ойлосок, баары жакшы болот - деп ойлойм. Келечекте балдарды-кыздарды тарбиялоодо кыргыз элинин биримдигине гана багыттообуз керек.



К.Матикеев

К. Матикеев - Кытайлык кыргыздардын санжырасы боюнча айтып берейин. Кыргыздардын Жору (Жолжакшы) уруулары Борбордук Азия менен Орто Азияны жердеген калк. Алар Кытайдын Синь-Цзян жана Кыргызстандын Алайкуу өрөөнүн жердеген уруулар. Азыркы учурда деле Кытайдын кээ бир өрөөндөрүндө жашашат. Кытайлык тарыхый булактарында кыргыз Жору уруулары жөнүндө маалыматтар кезигет. Кытайлык Кайрат Токомбайдын маалыматтарында Жору уруулары, Тоолос, Мундуз, Кыпчак уруулары менен аралашып жашайт деген. Ошондой эле Тибетке чейин таралгандыгы жана буддизм динин тутунушкандыгы жана кээ бир жерлеринин аталыштары, каада-салттары да кыргыздардыкына окшоштугу жөнүндө маалыматтар бар. Жору уруулары Кокон хандыгынын мезгилинде да Сузак өрөөнү, Кызыл-Суу өрөөнүндө, Тайлак

баатырдын жери, тактап айтканда Кашкар, Ысык-Көл, Нарын тараптарга чейин тараганы-гы жөнүндө маалыматтар бар. Жалпылап айтканда кыргыздардын түпкү теги бир экендиги белгилүү болду.

КОНФЕРЕНЦИЯДАГЫ ИЛИМИЙ БАЯНДАМАЛАР

Т. Эргешов - *тарых изилдөөчү, Кыргыз Республикасынын тарыхчылар ассоциациясынын мүчөсү.*

Жору уруусунун санжырасын тактоо мезгил талабы

Сиздерге белгилүү Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткен мезгилден бери элибизде жети атаны тактоо, уруу уруктардын түбү бир кыргыз калкына кирээрин аныктоо, ар бир уруктан чыккан атактуу эл башкаруучулар, эр азаматтар, өнөрпоздор тууралуу жана алардын кайсы уруктарга тиешелүү болгондугун тактоо боюнча иш-аракеттер башталды. Ушул багыттата көптөгөн китептер, гезит-журналдарда санжыралар боюнча маалыматтар чыга баштады. Жөнөкөй эле катардагы санжырага кызыгуучу катарында менин уруум Жору (Жолжакшы) тууралуу маалыматтарды окуп, «санжыра билем» дегендердин айткандарына кызыктым.

Бирок чыгарылган китептерде, гезит материалдарында, оозеки айтымдарда биздин уруунун санжырасы ар түрдүү вариантта айтылып, эч кандай такталган генеалогиялык системаа жок экендигине ынандык. Биздин санжыраны тактап билип алуу максатында Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар, сейрек кездешүүчү китептер фондуларынан, Кыргыз мамлекеттик университеттин тарых факультетинин архивинен, Бишкектеги, Оштогу чон китепканалардан маалымат издедик. Ошону менен бирге Улуттук илимдер академиясынын, Кыргызстан тарыхчылар ассоциациясынын тиешелүү адис-тарыхчыларынан маалымат алдык.

Натыйжада Жору уруусунун санжырасы жалпы эле Адигине уруусу менен кошо толук изилденбегени, ар түрдүү варианттарда түрдүү деңгээлде жазылгандыгынын, айтылганынын күбөсү болдук. 1952–56-жылдарда СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз Улуттук илимдер академиясы менен биргелешип, этнографиялык илимий экспедиция уюштурулганы, Кыргызстандын түндүк аймагында профессор С. М. Абрамзон, түштүк аймакта профессор Я. Р. Винников экспедицияны жетектешкени белгилүү. Я. Р. Винниковдун группасынын түзгөн генеалогиялык схемасында Жоруну Ача тамга Ай тамгага бөлүп чаташтырууга жол берилген. Мисалы Ача тамгага бизге белгисиз Атакмерген, Котурак, Еркибаш, Абышка, Кайнар, Акылбек аттуу уруктар жазылып киргизилген, ушул эле жерде Теңизбай тууган-дар Ача тамгалуу Жоруга кошулуп жазылган. Ай тамгалуу Жоруда Ача тамгалуу Жоруга тиешелүү Жакып уулу киргизилген. Биздин изилдөөбүздө булардын туура эмес экендиги аныкталды.

С. М. Абрамзондун түзгөн генеалогиялык схемасында Каракунас тууганларды Ача тамгалуу Жоруга кошуп койгон, Галча тобу өзүнчө урук болуп жазылган, Кадасын тууганлар жазылбай калган. Мындан тышкары Жору уруусунун Жолубай, Кудайберди аттуу аталары, Астар менен Кастарлар, Ача Тамгалуу Жорулардын жогору турган бир муундагы аталары-Элчибек, Каадасын Байназар, Чегир, Бооке бул схемага кирбей калган. Ушундай жетишпестиктерине карабастан С. М. Абрамзондун генеалогиялык системасы биз жазып жаткан Жорунун санжырасында негиз кылынып алынып жатат.

Санжыралык маалыматтарды изилдөөдө көрүнүктүү этнограф, бизди окуткан агайыбыз С. Аттокуровдун «Кыргыз санжырасы» аттуу китеби чоң жардам берди. Себеби санжыра жазуунун илимий эрежелерин кеңири жазган.

Санжырачы Эсенкул Төрөканов «Кыргыздын кыска санжырасы» аттуу китебинде Жолжакшы менен Жору бубабызды бир тууган кылуу менен Атаке, Кудайберди аттуу Бөрү менен Баргы уруусунун чоң бөлүгүн Жоруга кошкон. Биздин аныктообуз боюнча Жолжакшыдан Жолубай менен Кудайберген. Жолубайдан Астар Кастар, Кудайбергенден бала жок - деген маалыматты Барпынын Кудайберди уулу менен чаташтыргандай. Ушул эле маалымат санжырачы Турдубай Умар уулунда жана интернет булактарында кайталанат.

Жапарали Осмонкулов аттуу автор бизге башка жерден жоолукпаган «Жорунун атасы Карасатин» дейт дагы Адигине менен Кокондун бийи Нарботону бирге мергенчиликке чыгарат. Тарыхта белгилүү болгондой булардын жашаган мезгилдеринде 250–300 жыл айырма бар.

Санжырачы Сапарбай Жаңыбай уулунун китебинде Жору уругун Ача тамгалуу, Ай тамгалуу, Кылыч тамгалуу - деп бөлөт, Серке баатырдын тобун өзүнчө топ кылган. Галча уруктарында Совет доорунда жашаган кишилер уруу башчы болуп кирген. Жусупов Келдибек аттуу автор дагы Ача тамгалуу Жору тукумдарын Ай тамгалуу Жоруга кошкон.

Жалпы санжыраны тактоодо көптөгөн райондордогу аксакал, санжырага кызыккандар менен жолукканыбызда бир да толук маалымат ала албадык. Жазуу түрүндөгү маалыматтар жок, оозеки гана маалыматтарды ар ким өз деңгээлине жараша айтат.

Жолжакшы бирде уруунун башчысы болуп жазылса, бирде жөн эле Жору - деп жазылат. Буга каршы болгондор дагы жок эмес. Жору уруктарынын көпчүлүгү өздөрүн жөн гана Жору тукумдарыбыз - деп эсептешет.

Санжыралык маалыматтарды топтоонун экинчи бир багыты Жорудан (Жолжакшы) чыккан, жалпы кыргыз элинин өнүгүүсүндө чоң салымдарын кошкон бирок азыркы мезгилде тарыхта аттары белгисиз бойдон калган атактуу адамдарды-баатырларды, бийлерди, өнөр адамдарын изилдөө болду.

Буларга Теңизбай, Тасма, Кожо бийлер, Андыбай, Капич баатырлар, Боро баатыр, Айман олуя, Чыгыш Түркстанда соода министри, Кашкардын шаарынын (доотайы) газысы кызматтарында иштеген, Кыргыздын тарыхында эң алгачкы болуп акча каражатын соодада айландырууга чыгарган Чыпак газы, Кыргызстандын алгачкы соода министринин орун басары Жусупбаев Кармышак, «Эркин-Тоо» гезитинин алгачкы санынын корректору - Мустафа Ахмедов, Санкт-Петербургга чейин аттары белгилүү Шапаке датка, Жапақ датка, Тойчубек датка, Мырза бий, Суран бийлер, Атабек наиб, ж. б. элин жерин сактаган азаматтар жөнүндө көптөгөн маалыматтар табылып, такталууда. Мурда бизге белгисиз болгон

К. Жантөшев, С. Жумадылов, С. Жусуев, Р. Абдыкадыров сыяктуу атактуу акын-жазуучулар, өнөр адамдары биздин уруктан экендиги аныкталып, китепке киргизилүүдө. Санжырага Ысык-Көл боюндагы Теңизбай уруктары, Кытай жергесиндеги Жору тукумдары, Араван, Талас, Акеы, Кара-Кулжа, Өзгөн, Алай, Ноокат, Кара-Суу райондорундагы, Өзбекстан, Тажикстандагы Жору (Жолжакшы) тукумдары изилденип, генеалогиялык схемага киргизилип жатат. Изилдөөнүн негизги болүгүнүн калмактар, Кокон хандыгы жана башка тышкы душмандар менен болгон Кыргыз эли менен кошо биздин уруулаштардын эрдиктери ынанымдуу далилдер менен, тарыхый булактарга таянып жазылууда. Тарыхый эстеликтер - корүстөндөр, эстелик таштар, устаканалардын калдыктарынын сүрөттөрү тартылып, илимий тактоо менен ушул китепке кошулуп жатат. Жору (Жолжакшы) уруктарынан чыккан Совет доорундагы жана азыркы эл азаматтары өмүр таржымалдары менен жазылууда. Жору (Жолжакшы) уруусунун географиялык жайланышы такталат.

Урматтуу мекендештер! Бүгүнкү илимий-практикалык конференциянын жыйынтыгында жалпы кыргыз тарыхын, анын ичинде биздин урукташтардын тарыхын тактоодо зор кадам болот - деген Үмүттөмүн, тарыхты тактоо менен Кыргыз элибизди биригүүгө, ата-басынын ыйык мурастарын сактоого жетишебиз - деген ойдомун!

Сиздерден, урматтуу конференцияга катышып жаткан окумуштуулар, аксакалдар, жалпы эле санжыра сүйүүчүлөр, жаңы маалыматтарды күтөбүз, Сиздердин маалыматыңыздар менен Кыргыз тарыхын изилдөө дагы тереңдейт, такталат - деген Үмүттөмүн.

Көңүл бургандыгыңыздарга чоң ырахмат. Бүгүнкү илимий-практикалык конференциянын катышуучуларына ийгиликтерди каалайм.

САНЖЫРА-КӨЧМӨНДӨРДҮН ТАРЫХЫ

Т. Өмүрзакова - *тарых илимдеринин кандидаты, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмүнүн гуманитардык изилдөөлөр институтунун директору, доцент.*



Т.Өмүрзакова

Санжыра - эл, уруу, урук тууралуу ооздон-оозго, атадан-балага, улуу муундан, кийинки муунга оозеки айтылып келген баян. Ал байыркы замандардагы ата-бабалардын тарыхый тагдырына күбө болгон тарых. Санжыра көчмөн элдер арасында өзгөчө, жазуусу жок элдерде узак убакытка чейин сакталып келген. Санжыранын пайда болуу тарыхы байыркы дооролордун кучагында жатат. Жазуу пайда болгондон кийин өзүнүн маанисин жоготкон жана хронология жана тарых менен алмаштырылган.

Санжыра манкурттуктан куткара турган жол. Анын максаты элди бөлүү эмес, тескерисинче анын түпкү теги ким экенин, кайдан экенин билүүгө, бабалардын басып өткөн улуу жолун урматтоого үйрөтүү, «Түбү бирге кошулат, учу бирге жазылат» - дегендей, эчендеген кылымдар бир тилде сүйлөп, бир динге табынып, бир туунун астында биригип, Ала-Тоону мекендеп келгенибизди далилдеген күбөлүк.

Ошондуктан кумдан алтын издегендей байыркы - деп бааланган уюткулуу элибиздин санжырасын билүү ар бир кыргыздын ыйык милдети. Албетте ар кандай санжыранын автору - эл. Антсе да санжырага кызыккан адам сөзсүз түрдө кыргыз этносунун пайда болуу, өсүп-өнүгүү, таралуу жолдору, байыркы Ата Мекени жөнүндөгү маалыматтарды изилдеп, илимий деңгээлдеги маалыматтар менен далилдөөгө аргасыз, ансыз ар кандай эмгек толук болбойт. Чындыгында революцияга чейин эле орус, венгер, немец, англис окумуштуулары, ошондой эле жергиликтүү элдин алдыңкы өкүлдөрү кыргыз тегине кайрылышкан, кыргыз санжырасын изилдешкен, кыргыз таануу илимине чоң салым кошушкан.

Көчмөндөр менен отурукташкан элдердин ортосундагы айырмачылыктар жана алардын ысык-суугуна чыдамдуу, ач-ток болгон кезде сабырдуу келишет. Согуш учурунда кайраттуу жана чечкиндүү болушат. Алар керектүү нерсени гана алып жүрүшөт, ошондуктан алардын арасында теңсиздик жок. Бир уруктун, же бир уруунун адамдары болгондуктан, өздөрүнүн уруусунун салтына, мыйзамына кынк этпей баш ийишет», - деп арабдардын тарыхчысы Абдурахим ибн Хал жазгандыгын Б. Турал белгилейт.

Өткөн доорлорго ой чаптырсак, ата-бабалардын турмушунда тынч, чардап жашаган күндөрүнө караганда, колуна жоо-жарагын көтөрүп, өмүрүн канжыгага байлап, тагдырын тобокелге салып, ат жалында өмүр кечирген жылдар арбын болгон. «Алардын кайгылуу

уруштарынын даректери, жоокерчилик өнөрү жөнүндө санжырадан, уламыштардан, оозеки чыгармалардан, эпостордон, таштагы руна сымал жазуулардан да билебиз .

Кылымдардын кыйырын басып өткөн кыргыздар бир нече ирет эл катары жок болуп кетүү коркунучун башынан кечирген. Жортуулчулук замандарды баштан кечирген кыргыз эли кээде жеңишке жетсе, кээде жеңилүүгө учурап, бирок душманга узак убакыт бою баш ийип турган эмес, ошондуктан миңдеген эр-азаматтардан ондогон адамдар калган учурлар болгон. Душман капыстан кол салып кирген учурда асылуу казан, тигилген үй, жайыт-та мал калып, эл качкан, туш тарапты көздөй тозуп, чачылып баратканда аксакалдар элге кайрылып: «жаштар 7 атасын, улуулар 21 атасын унутпасын» - деп насаат айтып таркатчу дейт. Ошондой учурларда алар адегенде түздөн тоого, андан ары кийиктер жүргөн зоолого, ал сактабаса, коңшу элдерге кирип кутулган. Колго түшкөнү туткун болгон, бошондуктту сүйгөн эл эр-жүрөк азаматтарынан гана ажырабастан, жазуусун, чийүүсүн жоготкон. Текшамал айдаган булуттай сөгүлүп, туш тарапка таркап кеткен. Кыргыздардын ошондой доорлорун Кытайда жашаган кыргыз акын Мамбеттурду Мамбетакун мындайча ырга салган:

Асмандан жамгыр болуп төгүлдүк биз,
Дүйнөгө ак калпакчан көрүндүк биз.
Чөп болдук, жер тандабай өсө берген
Булуттай аалам кездик - сөгүлдүк биз.
Тагдырды таштуу жерге аркандадык,
Тагдырлар таштап кетсе арданбадык.
Эпсеай узатканда аттар семиз,
Чаалыктык, тагдырды куун чарчабадык.

Ушундай шартта тирүү калгандардын милдети ата-тегин унутпоо, өткөндү төкпөй-чачпай сактоо, аны урпактарга калтыруу зарыл дешкен. Мына ошентип, уруу, урук, эл жөнүндөгү уламыш сөздөр санжырага айланган. Ар бир жети жашка чыккан эркек бала жети атанын ысымын билүүгө тийиш болгон. Мунун өзү жай турмушту кечирип, жайбаракат кемегенин айланасында олтурган айлуу узун түндөрдө, парасаты бийик акылман аксакалдар тарабынан насаат катары качандыр бир мезгилдерде бекемделген, бара-бара адат - салтка айланган, жазылбаган мыйзам болуп калган. Жер суу болгондо «жети атандын мүрзөсүн көрсөт» - деген сөз бекеринен чыкпаган. Азырга чейин кыргыздар Америкада каза болсо да сөөктү туулуп өскөн жерине алып келип койгондугу, элибиздин байыркыдан калган нарк-насилинен, каада-салтынан кабар берет. Бара-бара куйма кулак адамдардан уламыш айтуучулар, санжырачылар пайда болгон.

Ар бир уруунун өз уруу башчысы болуу менен, алар ар жылы шайланып турган, ар бир уруунун эн тамгасы, туусу, ар бир уруу башчысынын жеке моорү, ал тургай аскердик урааны боло турган. Алар жеке эле уруулук - уруктук жакындык боюнча эмес территориялык жакындык боюнча да биригишкен. Окумуштуулардын чыгарган тыянагына караганда, кыргыздардын өткөн кылымдардагы уруулук бирикмеси формасы боюнча уруулук, "мазмуну боюнча мамлекеттик бийликтин формаларынын бирин көрсөтүп, гректердин карлик (кичинекей мамлекеттерин) полистерин элестеткен".

Кыргыздарда адатта салгты-наркты сактоочулар болуп, уруунун аксакалдары кызмат өтөшкөн. Көпчүлүк учурда алар көптү көргөн, акылман, токтоо, калыс, ар кандай талаш-тартыш маселени акыйкаттык менен чечкен, элдин кызыкчылыгын өз кызыкчылыгынан жогору койгон, эл тагдырына кайдигер карабаган, кыргыз наркын жакшы билген, башка элдерге да кадыры бар, акыл парасаты бийик, көз карашы кенен адамдар болгон. Демек кыргыз эли жазылбаган мыйзам менен бийик нарк-насил, таза каада-салт менен жашашкан.

Совет доорунда студенттерге санжыра жөнүндө маалымат бергендиги үчүн белгилүү окумуштуу, этнограф С. Аттокуров партиянын катарынан чыгарылып, «идеологиялык уртепкиге» алынган. Анткени санжыра уруучулуктун калдыктарын жандандырат. Ал улуттук аң-сезимдин ойгонушуна, улуттук ар-намыстын күчөшүнө алып келет, ал интернационализмге каршы күч болуп саналат, - деп эсептешкен, ашынган идеологдор. Ошондуктан тарыхчы дипломуна ээ болгондордун көпчүлүгү санжыраны, өз улутунун тарыхын терең окуп-үйрөнүү укугунан ажыраган эле.

Маңкурттук да тарыхын, ата-тегин билбегендиктен келип чыгат. «Кыргыздар Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин катарына кирет. Азыркы кезде Борбордук Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты мынчалык эрте кезиккен бир дагы эл болбосо керек», - деп жазган академик В. В. Бартольддун пикирине ылайык, кыргыз элинин тарыхынын башталышы өткөн доорлордун белгисиз кучагында жатат. Уйгур империясын талкалап, Сибирь тайгаларынан тартып, Теңир-Тоонун түндүк аймактарына чейинки аралык Кыргыз каганатынын аймагы болуп саналган IX к. доорду В. В. Бартольд «Улуу кыргыз империясынын мезгилдери», - деп атаса, орус окумуштуусу Ю. С. Худяков «Кыргыз тарыхынын жылдыз сермеген сааты», -деп баалаган.

Өкүнүчтүүсү тарыхка моноцентристтик көз караштa кароо, Советтер Союзунун курамына кирген аз сандуу улуттардын тарыхына жеткилең маани бербөө, аны атайылап бурмалоонун кесепетинен кыргыз элинин тарыхын соңку жүз жылдыктарга гана сыйдырып келгенибиз азыр эч кимге деле сыр эмес. Ошонун кесепетинен элибиздин көөнө, түпкү тарыхы, санжырасы көңүлдөн сырткары калган.

Эгемендүү Кыргызстандын тарыхынын бардык доорлору терең изилденип, ал не бир оош-кыйыш замандарды баштан кечирген элибиздин узак өмүр жолунун чындыгын тастыктаган, тек гана тарыхый акыйкаттыкты даңазалаган тарых болууга тийиш. Тарых адамзаттын тажрыйбасын үйрөнүп, анын жакшысынан үлгү, жаманынан сабак ала турган улуу мектеп. Жашоого толкун сыяктуу келип-кетип жаткан муундардын баары ошол мектептин шакирттери. Ошондуктан бүгүнкү күндө көп маселе ошол мектептен алына турган сабактын мазмунуна байланыштуу. Жасалма, жалган тарыхтын өмүрү кыска болоорун турмуш өзү сан мертебе далилдеген. Чындыкта жазылган тарых гана өзүнүн адилет, тарбиялык кызматын аткара алат.

Ушул таризден алып караганда кыргыз элинин эчендеген кылымдар уруулук түзүлүштө жашап, мамлекет катары бирде биригип, чыйралып, күрдөөлдүү элге айланып, көчмөн руху, көчмөн сүрү менен коңшу элдердин жүрөгүнүн үшүн алып, кээде толуп-ташса, кээде чачылып, бөксөрүп, бирок кыргыз элинин өзгөчөлүгүн тастыктап, уруулук түзүлүшүн сактап келген чыныгын тарыхын окутуу олуттуу маселе.

Азия талааларынын көз кайыкган кеңири мейкиндигинен тартып, Иртыш жана Амур дарыясынын бойлоруна чейинки аралыкты мекендеген «Моголстан токойлорунун арстандары» атыккан кыргыздарга чексиз талаалар жана бийик тоо кыркалары өз ара байланыш түзүүгө көп учурда бөгөт болгон. Натыйжада кыргыздардын тең калаарлыктай согуштук ийгиликтери алардын адам ресурсунун азайышына жана алсызданышына алып келген. Азиянын учу-кыйырсыз талааларында кыргыз этносу бирде толкун сымал ташыса, бирде булак сымал соолуган доорлорду башынан кечирген.

XIII кылымдан тартып Саян-Алтай аймагында калган кыргыздарды Сибирь кыргыздары, ал эми Чыгыш Түркстандагы жана Кыргызстандагы кыргыздарды Теңир-Тоолук кыргыздар - деп аташып, алардын кийинки доорлордогу этностук тарыхы бири-биринен кескин айырмаланып калган.

XIII–XV кылымдарда Теңир-Тоолук кыргыздар өздөрү менен коңшулаш, жамаатташ жашаган башка жергиликтүү түрк уруулары, анын ичинде түрктөшүп кеткен бир нече кеңгиндерди (сириялыктарды, аравиялык - ирандык жана түрктөшө баштаган монголдорду) өзбооруна сиңирип алган.

Тарыхы Борбордук жана Орто Азия менен байланыштуу болгон дээрлик бардык түрк калктарынын компоненттери бүгүнкү кыргыз улутуна жуурулганы кыргыз санжыраларында да айтылган найман, кыпчак, төөлөс, жедигер, ногой, катаган, сарт, черик, мундуз, кандыбугу, чала казак, түркмөн, кытай, моңолдор сыяктуу уруу аттарынан көрүнүп турат.

Кыргыз уламыштарында Кара хан, Огуз хан, Аттилла кыргыз элинин түпкү бабаларыны катары айтылат. Кыргыздардын эзелтеден келаткан доорлорго таандык тарыхый мекенни катары чыгышында Эне-Сай, Селенга, Орхон, Тыва, Хакасия, Саян-Алтай, Теңир-Тоо кыркалар системасы, (Ала-Тоо жана Кара-Тоо - Кыргызстан аймагындагы бөлүгү, Улуу-Тоо - Кашкардагы кыргыздар аймагы), батышында Түштүк Тажикстан - Памир, Бадахшан, Кожент, Фергананын айрым өрөөндөрү, Анжиян, Жызак тоолору көрсөтүлөт. Ал түргай, Манжурияда, Монголияда, Афганистан, Башкортстан, Крым жарым аралы сыяктуу мейкиндикте байыркы түрк тилинде сүйлөгөн көчмөн элдер-батышы Дунай, Балкан өлкөлөрүнө чейинки аймакта чабышып, чачылып, канчалаган көчмөндөр батыштагы жергиликтүү элдерге аралашып сиңип кеткен.

Ушундай санжыралуу кыргыз журтунун төл тарыхын таанын билүүдө элибиздин өткөнүнө байланыштуу ар кандай маалыматты байыркы жазма мурастардын түп нускасынан окуп билүүнүн мааниси өзгөчө. Анткени бардык көчмөн элдер сыяктуу кыргыз эли да байыркы тарыхын кагаз бетине түшүрбөгөн, архив сактабаган эл. Ошондуктан калкыбыздын байыркы көөнө тарыхына тиешелүү жазма маалыматтарды издегенде жазуу - сызуу эрте өнүгүп калыптанган алыскы - жакынкы коңшу элдердин архивине үңүлүп, ошолордун эзелки замандан бүгүнгө чейин жетип келген эски жазмаларын баракгоого жана аларды өз элибиздин эсинде сакталган оозеки маалыматтары менен салыштырууга туура келет.

Сайфидин Аксикентинин XVI кылымда жазылган «Маджму ат - Таварих» («Тарых жыйнагы») - деген кол жазмасында Ак уулдан тартып Аналхакка чейинки 20-23 атанын тизмеси берилген. Ал эми 1913-1914-жж. О. Сыдыков тарабынан кыргыздардын генеалогиялык санжырасы Уфада басылып чыккан.

Кыргыздарды этнос катары экиге бөлүүгө болот: байыркы кыргыздар жана азыркы кыргыздар. Байыркы кыргыздарга V–X кылымдарда өзүнүн мамлекетин түзгөн 40 уруунун конфедерациясынан турган Борбордук Азияны мекендегендер кирет. Бул түрк, тунгус, монгол элементтерин ичине катып, саясий биримдикке кыргыз ысымын берген. Бул этнос-тун өзүнүн аймагы, тили, жазуусу болгон. Кара кытайлардын, монголдордун геноцидик саясатынын натыйжасында ал этнос бытыран тараган. Тек таруудай чачыран башка этнос-торго аралашып кеткен. Кыргыз этносунун кайрадан жаралуусу Алтай менен Тянь-Шандын аралыгында жашаган элдер менен тыгыз байланышкан. Ага кырылуудан, ассимиляциядан аман калган кыргыз уруулларынын өкүлдөрү катышкан, - деп жазган окумуштуу С. Аттокуров. Орустардын кыргыз таануучуларынын кыргыз санжырасын кагаз бетине түшүрө баштаганы XIX кылымда башталган. Аны адегенде «В. В. Радлов, Г. С. Загряжский, П. П. Семенов - Тянь-Шаньский, Н. А. Аристов, Н. Гродеков, Ч. Валиханов жүзөгө ашырышкан» .

Окумуштуулардын аныктоосу боюнча, азыркы Ала-Тоо аймагы Кыргызстан аттуу саясий аталышын XV кылымдан тартып ала баштаган жана тээ байыркы ата-бабадан келе жаткан салттык санжыра боюнча, кыргыз уруу, уруктары жалпы жонунан аймактык-саясий маанидеги эки чоң топко - оң жана сол канатка жана ичкилик тобуна бөлүнгөн. Мындай бөлүнүүгө географиялык, экономикалык жана саясий факторлор себеп болгон.

Оң канат кыргыздарга же Ак уулдан тарагандарга - Адыгине, Тагай, Мунгуш уруу бирикмелери кирсе, сол канат кыргыздарга - же Куу уулдан тарагандарга - Кушчу, Мундуз, Саруу, Басыз, Кытай, Жетиген, Чоң багыш ж. б. уруулар кирген. Ичкиликтерге кыпчак, найман, тейит, кесек, бостон, нойгут, төөлөс, ават сыяктуу уруулар кирген. Өз учурунда чоң уруулар майда уруктарга жиктелген. Маселен, адыгине уруу бирикмеси жору, бөрү, баргы, кара багыш, сарттар, савай, бакал ж. б. көптөгөн уруктардан турган. Алай аймагын негизинен жогорудагы уруктар жердеген.

Профессор С. Аттокуровдун жазганына таянсак, «Адигине уруусу генеалогиялык таблица боюнча байыркы кыргыздардын ак сөөк, бийлөөчү бөлүгүнүн тукуму. Анын ата-бабалары кыргыздардын хандары, бийлери болушкан… Адыгине уруусунун мыкты өкүлү Ажы бий (баатыр) болгон. Ал XVIII к. экинчи жарымында жашаган. Ал Кокон хандыгынын агрессивдүү саясатына кыргыздардын союзун каршы коюуга далалат жасап, кытай кол башчысы менен байланышып, Коконго каршы коалиция түзүүгө аракеттенген», - деп белгилейт.

1876-ж. генерал М. Д. Скобелев уюштурган Памир - Алай согуштук–илимий экспедициянын катарында келген Л. Ф. Костенко: адигине уруусун ардай, бөрү, жору, кара баргы, көкчө, олжоке, савай, сары баргы, сарттар, тооке, элчибек ж. б. уруктар түзөт - деп так эмес маалымат берген.

XIX кылымдагы орус тарыхчысы Н. А. Аристов адигине уруусун изилдеп негизинен ошол эле уруулларды атаган. Казактын белгилүү окумуштуусу Ч. Валиханов кыргыздын «оң жана сол канат» болуп бөлүнө тургандыгын жана түштүк кыргыздардын конушу жөнүндө мына буларды жазган: «Адгэне (адигине - Т. О) кыргыздары Фергана өрөөнүндө Маргилан жана Ош шаарларынын айланасында дыйканчылык кылышат. Ал эми жайды Оштон Коконго чейинки тоолордо өткөрүшөт. Наймандар, кыпчактар жана кийинчерээк кыргыз элине кошулуп кеткен кытай уруктары Оштон Бадахшанга жана андан ары Кара-Корум кырка тоолоруна чейин созулган Памирдин тоо этектерине чейин көчүп-конуп жүрүшөт; алар менен бирге ичкиликтер жана адигинеден тараган башка уруктар да чогуу көчүшөт».

Кыргыз уруулларынын жана айрым уруктарынын келип чыгышын окумуштуу О. Каратаев терең изилдеп, ишенимдүү аргументтер менен бир топ жаңы маалыматтарды жазган. Ошонун ичинде баргылар жөнүндө да айтылат. Баргы - адигине уруулук бирикмесиндеги ири уруунун бири. Оң канатка кирген баргылар кыргыз этносунун пайдубалын түптөгөн байыркы уруулардан болот. Баргу - азыркы Монголияда топонимикалык аталыш катары да белгилүү. Андан ары окумуштуу Рашид ад-Диндин (1247-1318) “Летописттер жыйнагынан” («Джами ат - таварих») мисалдарды келтирет. Айрым маалыматтар Ички Монголияда (КЭР) «барга» - деген ири уруу бар экендигин кабарлайт, «Кыргыз жана Кем - Кемжиут бири-бирине жакын турган аймактар, бул жерлер бир мамлекеттин курамына кирет. Кем - Кемжиуттун бир тарабы наймандар, андан ары Баргужин - токум - деген жерде кори, баргу, тумат, байаут уруулары жашашат, бул аймакта шаарлар жана кыштактар көп, көчмөндөр өтө көп санда. Ар бир падышанын аты башка болсо да, титулу - инал… Башкы аймактын аталышы - Еди - Орун, падышасын Урус - инал дешет» .

Баргулар түрк (кыргыз) тилинде сүйлөгөнүн тарыхый булактагы адам аттары, алардын титулдары айгинелеп турат. Демек, XIII к. бүгүнкү кыргыздардагы эң ири уруулар катары эсептелген найман, дөөлөс (төөлөс), баргы, баят (тейит), ж. б. уруулар «Кыргыз өлкөсү» жайгашкан аймактарды мекендешкен. Энесайдын чыгыш тарабындагы жерлер монголдор до XII к. -XIII кк. «Баргужин токум» - деген ат менен белгилүү болгон. Баргу, төөлөс, туматтар падышаларын «инал» - деп аташары, алардын тегинин кыргыз экендигин дагы бир ирет тастыктайт, -деп улантат. Андан ары окумуштуу О. Каратаев, -баргуттар (т-монгол

тилинде көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө) Баргалжан (Баргужин) - монгол тилинде «түнт токойлуу», «өздөштүрүлө элек токойлуу аймак», токум - монг. төхүм «төркүн», «уруулаштар», «туугандар» дегенди аныктайт. Учурда Бурятияда Баргузин аттуу аймактык - административдик бирдик бар экендиги маалым .

Ошентип, уруу, эл, улут - адамзат коомунун өнүгүшүнүн тигил же бул баскычындагы адамдардын жалпылыгынын түрдүү тарыхый формалары. Уруулук биримдиктин көчмөн элдерде сакталуу себеби жаратылыштын ар кандай кырдаалында бирдиктүү аракет кылуу менен жашоо үчүн күрөшүүнүн негизги шарты б. с.

А д а б и я т т а р :

Байас Турал. Көчмөн эл. Б., 2005.

Жусупов К. Байыркынын издери. Б., 2001.

Асанканов А. Кыргызы Синьцзяна. (КНР). Б., 2010.

Худяков Ю. С. Кыргыз туулары. // Мурас. 1993, № 1-2.

Сапаралиев Д. Этнополит. история Оша и его окрестностей с XVIII в. до сер. XIX в. Б., 1999.

Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. Б., 1995.

Бартольд В. В. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1997.

Худяков Ю. Кыргызы на просторах Азии. Б., 1995.

Костенко Л. Ф. Военно - научная экспедиция на Алай и Памир.// Военный сборник. -1887. № 4.

Аристов Н. А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности. Живая старина. Отд. этнографии. вып. 3-4. СПб., 1896.

Валиханов Ч. Ч. Собр. соч. Т. 3. Алма Ата., 1985.

Рашид ад - Дин. Извлечения из «Джами ат - таварих» // Хрестоматия по средневековой истории Кыргызстана. Б., 1996.

Восточные авторы о кыргызах. // Составитель О. Караев. Б., 1994.

Каратаев О. Кыргыз этникалык аталыштары тарыхый - этнографиялык жана лингвистикалык булак катары караңыз: Кыргыздар. 5 т. Б., 2004.

Маанаев Э. Ж. Каратаев О. К. Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү. Б., 2003.

Кыргыздын Жору уруусунун теги тууралуу



Каратаев Олжобай Кубатбек уулу

Каратаев Олжобай Кубатбек уулу - *тарых илимдеринин доктору, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин профессору.*

Кыргыздар Евразиянын эң байыркы элдеринин бири экендиги илимде маалым. "Кыргыз" этноними, кыргыздардын этностук тарыхы, этникалык маданияты тарыхый булактарда бери болгондо 2200 жылдан карай белгилүү. Бул маалыматтар чыгыш анналдарында (тарыхый жазма булактар), анын ичинде кытай, араб графикасында (араб, фарси булактары) жазылган теографиялык-табигый, тарыхый жазма булактарда, кытай жыл баяндарында (Хань, Вэй, Суй, Тан, Минь, Цинь династиялары), христиан текстеринде, кыргыздар өздөрү ойлоп таап, мамлекетте жана анын башкаруу



системасында, чарбалык-финансы иштеринде, дипломатиялык алакаларда колдонушкан рун сымал (Енисей суу бассейни же Тува, Хакасия, Красноярск крайы, байыркы түрк (Орхон жазуулары) жазма эстеликтеринде жыш эскерилет. Ириде, түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин ичинен кыргыздар эң байыркысы, ары түптүүсү экендиги жалпы тарых илиминде, анын тарамдары болуп эсептелген этнография (этнология, антропология), археологияда жана түркологияда эбак далилденген. Кыргыздарга тарыхый-тилдик жактан алганда тектеш - деп эсептелген казак, кара калпак, өзбек (көчмөн өзбектер) ж. б. элдер XVI кылымдан тартып, айрымдары кечээ жакында эле тарыхый булактарда эскериле баштаган, тарыхта жакында эле кабары белгилүү болгон калктар катары илимге белгилүү.

Мамлекеттик башкаруу салттары эрте орто кылымдарда (б. з. V-VI кк.) эле калыптанган кыргыз коомунда уруулук ажырым, анын генеалогиялык бөлүнүүсү калыптанган. Башка отурукташкан жана жарым отурукташкан калктардан, уруулардан айрымаланып, кыргыздар өздөрүнүн уруулук курамын, Генеалогиялык ажырымын, санжырасын сактап калышкан. Уруулук курамга карата аскердик түзүм мамлекеттин ээлеген аймагына жайгашуу калыптанган. Кыргыздардын бул эзелки аскердик-дуалдык түзүлүшүн жана территориялык же аймактык жайгашуусун бүгүнкү күнү да байкоого болот. Демейдеги картаны колго алып караганда бүгүнкү Кыргызстан жана ага чектеш жайгашкан өлкөлөрдөгү кыргыздардын жайгашуу ареалы, отрукташкан географиясы дал ошол байыркы кыргыздардын аскердик тартипте жайгашуусун элестетет. Ооба, бүгүнкү кыргыздын оң, сол жана ичкилик уруларынын географиялык жайгашуусуна назар салганда аскердик жана чарбалык керектөөлөрдөн келип чыккан дуалдык система даана байкалат. Таанымал тарыхчы жана түрколог В. В. Радлов "казактар менен кыргыздардын көзгө даана байкалган айырмасы төмөнкүлөр: казактар өз айылдарын айлана же тегерек сыяктуу курушат. Бул коргонууга ыңгайлуу болгон. Ал эми кыргыздар өз айылдарын суу (дарыя) бойлото жайгаштырат. Бул тезинен кабар таратууга, ыкчам аскер жыйноого ыңгайлуу болгон" - деп жазган (Радлов В. В. Из Сибири, 1991). Казактар менен кыргыздардын байкалган айырмачылыгы географиялык абалга же жер шартынын рельефине, ландшафтына байланыштуу келип чыккан.

Кыргыздардын генеалогиялык маалыматтары (санжыра) боюнча кыргыздар оң, сол канаттар жана ичкиликтер (булгачылар) уруулук тобунан тарашат. Долон-бийдин Ак уулу-

нан - оң канат кыргыз уруулары, Куу уулунан - сол канат кыргыз уруулары, Кызыл уулдан кыргыздын ичкиликтер уруулук тобу тарайт. Ак уулдан Адигине, Наалы эже, Тагай-бийлер төрөлөт. Адигинеден - Баргы, Бөрү, Жору, Карабагыш, Сарттар уруулары, Наалы эжеден - Мунгуш, Моңолдор уруулары тарашат. Демек, Адигинеден таралган уруулар кыргыздын өз алдынча эң ири уруулары катары белгилүү. Бул уруулар негизинен компактуу же бир аймакта жана ага чектеш жерлерде жашап келишет. Бул аймактар Ош облусунун Алай, Өзгөн, Кара-Кулжа, Ноокат, Кара-Суу, Өзбекстандын Хан-Абад, Үч-Коргон, Пахта-Абад, Айым райондору, Кытайдын Кызыл-Суу Кыргыз автономиялуу районунун аймактарын эзелтеден мекендеп келишет. Тарыхый маалыматтарда жана элдик санжыранын үлгүлөрүндө Мунгуш, Моңолдор уруулары да Адигине уруулук тобуна кирген уруулар менен бирге көчүп-конуп жүрүшкөндүгү баяндалат. XVIII–XIX кылымдарда орус тилдүү жана Цинь (Кытай) булактарында Мунгуш жана Моңолдор уруулары Адигине уруулук тобу менен бирге эскерилет. Ошондон улам, Мунгуштардын бүгүн да Адигине урууларына жакын жайгашкандыгын байкоого болот. Бүгүнкү күнү Мунгуштар Ош шаарын айлана отурукташып, Араван, Ноокат райондорунун аймактарын да мекендеп келишери маалым (Каратаев 2013, 234-240).

Биз жогоруда белгилегендей, кыргыздын оң, сол, ичкилик уруулук топторуна бөлүнүүсү аскердик жана чарбалык керектөөлөрдөн улам келип чыккан. Мындай аскердик-саясий топторго бөлүнүү, биринчиден аскер жыйнап, аны сапка тизүүгө, согуштук аракеттерде белгилүү тартипти каман турууга, көзөмөл орнотууга мүмкүнчүлүк бере турган. Чарбалыктарын так аныктоого, кыштоо, жаздоо жана жайлоо маселелерин так чечүүгө шарт түзгөн. Ошондон улам, ар бир уруунун, уруктун кыштай турган жери, жаздоосу жана жайлоосу так аныкталган. Карама-каршылыктардын келип чыгуусуна бөгөт койгон. Жайлоо же жайыт талашкан араздашуулар дээрлик болгон эмес. Ошондуктан, жогорудагыдай канаттарга же уруулук топторго ажыроо салты аскер жана экономикалык керектоолордон улам келип чыккан. Мындан сырткары, соода ж. б. у. с. караван жолдору да ар бир уруунун кызыкчылыктарына жооп берген. Соода-сатык жолу өткөн аймактарды көзөмолдөгөн уруулар-га соода каравандары, көпөстөр дайыма аз эмес өлчөмдөгү салыкты төлөп турушкандыгы белгилүү. Жылына бир ирет (саясий кырдаалга жараша кыргыз бийлери жыйнала беришкен) жай-күз айларында кеңири жайлоодо кездешкен кыргыз бийлери ички-тышкы саясат, кыргыздардын өз абалы сыяктуу негизги маселелерден сырткары аскер коюу, кошуун түзүү, көчүп жүрүүнүн багыттары боюнча түйүндүү маселелерди да чечишкен. Ошондуктан, кыргыздардын кылымдар бою көчүп-конуп жүргөн багыттары эч бир өзгөрүүгө учураган эмес. Негизинен, кыргыз урууларынын оң канат, сол канат, ичкиликтер уруулук топторунун курамдарынын катары өзгөрүүгө учураган эмес. Мисалы, бүгүнкү кыргыздардын сол канатына кирген басыз уруусу айрым учурда оң канатка да кирип калган мезгилдери болгондугун изилдөөчүлөр белгилешет. Бул көрүнүш жогоруда белгиленген аскердик жана экономикалык зарылдыктардан келип чыккан (караңыз: Абрамзон С. М. Киргизы., 1990). Мисалы, дуалдык система - деп жогоруда айтылгандай байыркы хуннулар - оң жана сол канатка, байыркы түрктөр - боз ок жана он ок, монголдор - барунгар жана зүүнгар (зюнгар, жунгар), кара калпактар - кытай жана арысы коңрат ж. б. кошууга болот. Мисалы, кыргыз урууларынын ичинде байыркы дуалдык система сакталып калган урууларга мунгуш (кош тамга жана жагалмай тамга уруктар топтору), Жору уруулары (ай тамга жана ача тамга уруктар топтору) кирет.

Жору уруусу - кыргыздын эң байыркы урууларынын бири. Жору - кыргыздар сыйынган тотемдик куштун аталышы. Тотемдик этнонимдер же уруу аталыштарынын келип чыгышынын өзү байыркы болуп эсептелет. XI к. жашап өткөн перс тарыхчысы Гардизи да

кыргыздардын жырткыч куштарга сыйынышарын белгилеген (Абрамзон 1946, 130). Мындан сырткары, Жору уруусу кирген уруулук топтун аталышы (Адигине) да тотемдик жаныбарды туюнтат. Адык (г) - бүгүнкү тува, хакас тилдеринде “аюу” маанисин билдирет.

Аюу - Сибирь элдеринде кеңири тараган тотемдик жаныбар. Аюу тотемине багышталган атайын диний ырым-жырымдар өткөрүлүп турат. Адыг-эне - айрым изилдөөчүлөрдүн пикирлерине караганда “аюу-эне” маанисин туюндурат. Мындан сырткары бөрү, кара багыш, сарттар сыяктуу уруу аттары да тотемдик жаныбарлардын атын түшүндүрүп турат. Демек, кыргыз этносунун негизин түзгөн уруулук топ болуп эсептелген Адигинелердин түпкү мекени катары бүгүнкү Кыргызстан менен Түштүк Сибирдин кеңири аймактарынын (Хакас-Минуса ойдуну, Тува, Батыш Монголия) жана Чыгыш Түркстан, бүгүнкү Кыргызстандын аймактарын мекендешекени ырас.



Жору - жырткыч куштардын катарына кирет. Аны жаныбарларды тааануу илиминде шумкар сыяктуу куштардын тобуна кошушат. Жору - Тенир Тоо, Памир-Алай, Гималай тоо кыркаларында 2500дөн 5200 метрге чейинки бийиктикте жашашат. Вертикалдуу түрдө жер которот. Кыш мезгилинде тоо этектерине түшөт. Денесинин узундугу 1, 16 - 1, 5 метрге чейин жетет, канатынын жазылыгы 3 метр 10 сантиметрге чейин жетери маалым. Жоруну - кар же мөңгү жорусу (гриф) - деп аташат. Адабияттарда Gyps himalayensis - деген ат менен белгилүү. Бул куштун экинчи бир аталышы илимий адабияттарда “Кумай” - деген ат менен белгилүү. “Кумай” же “хумай” байыркы Ортоңку Чыгыш, Орто Азия элдеринде ыйык куштун аталышын туюнткан. Кумай - Кыргызстан, Казакстан, Тажикстандын мыйзамдары боюнча Кызыл китепке киргизилген, мыйзам тарабынан коргоого алынган сейрек кездешүүчү куш.

Кумай жана Умай аталыштарынын генетикалык башаты бир. Умай-эне кыргыздарда жана башка түрк тилдүү элдерде төрөп жаткан энелердин жана төрөлгөн балдардын коопчусу болсо, “Хумай” - кут алып келген куш маанисин түшүндүрөт. Чыгыш теги бир, мааниси жалпы сөз Умай-энени жана феникс кушу болгон Хумайдын образдарына трансформация болгон дегенге толук негиз бар.

“Умай” - тибет тилдеринде “эне” маанисин туюнтса, моңгол тилдүү элдерде - “эненин жатыны” маанилерин түшүндүрөт. Айрым түркологдор бул терминдин келип чыгышын байыркы индоевропа (индоиран) тилдериндеги “Хумай” сөзү менен да байланыштырышат. Мифологиялык “хумай” термини “кут алып келген куш” (феникс кушу) маанисин билдирерин белгилешет. Араб тилиндеги орто кылымдык чыгармаларда да бул термин “куш” маанисин түшүндүргөн. Ириде, кыргыздарда “кумайык ит” - деген түшүнүк “канаттуу ит” маанисин туюнтканы маалым. Ошол эле учурда, кыргыз тилинде “умай” абага уя салган жоокторду куш маанисин да билдирет. Мындан сырткары, кыргыз оймолорунда (шырдак ж.б)

"умай" орнаменти учуп бара жаткан кушту элестетери белгилүү. Ал эми енисей кыргыздарынын урпактары болгон хакастарда Умай эненин элеси аялдардын төш белгиси - погодо чагылдырарын профессор В. Я. Бутанаев эмгегинде жазган. Демек, жору кушу жана аның аталышы байыркы дооpлордон белгилүү болгон "кумай" менен синонимдеш аталыштар болот. Балким "жору" аталышы кумайдын табу (тыюу салынган ат) аталышы болуп чыгар. Анткени, байыркы бабаларыбыз өздөрү сыйынган жаныбарлар жана куштардын аттарын каймана (эффемизм) же табу коюп айтышканы белгилүү. Мисалы карышкырдын "бөрү", "көк жал", "кашаба", "курт (гурт)", "карышкыр" ж. б. аттары маалым. Бөрү - адигине уруулук тобундагы ири уруунун аталышы катары маалым.

Мында, Жору уруусунун айрым уруктары, алардын келип чыгышы жана этнонимдеринин маанилерине токтолуп кетебиз:



Кыргыз Республикасында чыгарылган почта маркасы. 1995-ж.

Калча - жору, кара багыш, тейит урууларынын курамдарындагы уруктар. "Манас" үчилтигинде калчалар кыргыздарга жоо, ал эми айрым варианттарында жакын эл катары чагылдырылат. И. Б. Молдобаев калчалардын кыргыздарга, өзгөчө тажик жана өзбектерге жакындыгын эпостогу "кара тегин калча" терминине ж. б. этнографиялык маалыматтарга таянып айтат (Молдобаев 1995, 151-153). К. К. Юдахин калчалардын өзбек жана тажиктерге жакындыгын белгилеп, мындай мааниде чечмелейт: 1. Көрүнүшү сүрдүү (кочкор тумшук) киши; 2. "Манас" эпосунда Конурбайга карата айтылчу эпитет; 3. Тоолук тажик (негизинен каратегиндиктер); 4. Эпостук чыгармаларда "сакчы", "кароолчу" катары айтылат (Юдахин, 333-334; КТТС, 451-452; Молдобаев 1995, 151-152). Профессор Х. Карасаев төмөндөгүчө аныктама берет: 1. Памирдик тоолук ирандыктар галча, калча, ал эми өрөөндөгүлөр "тажик" - деп аталат; 2. өтм. Кочкор тумшук, айбаттуу, багалчак адам (Карасаев 1986, 136, 421). Арийне, И. Б. Молдобаев этнонимдин чыгыш тегин тактоо зарылдыгын белгилейт (караңыз: И. Б. Молдобаев 1995, 153).

Биздин пикирде, этнонимдин чыгыш тегин аныктоодо анын баштапкы маанисин тактоо зарыл. Байыркы буряттарда коллективдүү анчылыктын жетекчиси, коомдо өзгөчө абройго ээ шаман (бакшы) болгондугу маалым. Коллективдүү ан уулоонун алдында ырым-жырым ритуалын аткарып, жалпы процессти башкарган шаман "галша" - деп аталган (Вяткина 1933, -№ 5-6, -с. 64-65). Галша (галшин, галчи) сөзүнүн түпкү мааниси "гал"-от, -ша/-ча суффикси кесиптин жана кыймыл-аракеттин маанисин аныктайт. "Галша"-отту сактоочуну, бир эле учурда алачыкты күзөтөө, аңды ууга катышкандар үчүн болүштүрүүнү башкаруу функцияларын да аткарган. Терминдин баштапкы маанисинде отко сыйынуу салты жатат. Алгачкы жамааттык коомдо уруктагы (уруудагы) отту өчүп калуудан сактаган абройлуу милдет жана ага сыйынуу ритуалын аткаруу кийинчерээк шамандардын карамагына өткөн (Жамбалова 1991, 92-95). Анонимдүү фарси тилдүү булак



"Худуд ал-Аламда" (X-XI кк.) кыргыздар отко өзгөчө маани беришери баяндалат. Шамандын коомдогу ээлеген социалдык жана экономикалык ролунун жогорулашы менен бирге, галша//галча урууда (урукта) шамандын уруу жетекчиси, аскер башчылык милдеткерликтерин аткара баштайт. Бул процесс жапайы жаныбарларга карата уюштурулган коллективдүү ан уулоо гана эмес, башка кошуна жашаган урууларга да кол салуу менен коштолгон (Вяткина 1933, 64-67; Жамбалова 1991, 92-93).

Узак тарыхый процессте галшанын (галча) коомдогу ролу жана милдеттери бир топ өзгөрүүлөргө учураган. Ошондуктан, кыргыздардын курамындагы калча (тейит уруусундагалча) этнонимин байыркы галша//галча титул-термини менен параллель кароого болорун белгилегибиз келет. Анткени, башка түрк-монгол элдери сыяктуу эле көчмөн кыргыздар да тарыхый өнүгүүнүн бул этабын басып өтүшкөнү ырас. Кийинчерээк, колдонуудан калып, унутулган "калча" же "галча" титул-термини кыргыздарда энчилүү ат катары калыптанышы чындыкка жакын.

Барак - Жору уруусунун курамындагы урук. Этнотопоним катары Өзбекстандын ички аймагында калган Барак анклабы бар. Ошол жерде "Барак" уругунун өкүлдөрү эзелтеден жашап келишет. Айрым изилдөөчүлөр "Барак" этнонимининин келип чыгышын Алтын Ордо ханы Барак-хан жана чингизид Чагатайдын түз тукумдарынын бири болгон Барак менен байланыштата карашат. Бул уруулук аталыштын негизинде байыркы көчмөндөрдүн, анын ичинен кыргыздардын итке тотемдик жаныбар катары сыйынуу ишениими жатат. Буга кыргыз санжыраларындагы мифологиялык укмуштуу иттер тууралуу уламыштар мисал боло алат. Бул уламыштын мазмуну жана маңызы кыргыздар ислам динин кабыл алгандан соң бир топ бурмаланган. Кыргыздарга теги жакын болгон лакайларда да дал ушундай уламыштын параллелдери кездешет. Итке байыркы монгол уруулары да ишенишкен. Алтын Ордодо (XI-XV кк.) Көбөк - деген атактуу мамлекеттик жана финансы реформатор жашап өткөн. Ал мамлекетте акча реформасын ишке ашырып, өлкөнүн экономикалык негизин чыңдаган кайра курууларды жасаган. Анын натыйжасында майда тыйындар (мурдагы фельстин ордуна) чыгарылып, ал "көбек" - деп аталган. Ал барабара "капик", "копек", "копеек" - деп аталып калган. Бүгүнкү күнү орустарда майда тыйындар - "копеек", азербайжандарда - "капик" деп аталары маалым. Бул акча бирдиги Көбөк (Көпөк) хандын аты менен аталып калган.




Копок - орто кылымдарда иттин бир породасынын аты болгон. Байыркы кидандар (кара кытайлар) жылдын күз мезгилине туш келген майрамын дан - хэ-ми (кытайчадан сөзмө-сөз которгондо - "ит



башы") - деп аташкан. Ритуал (ырым-жырым) учурунда мамлекеттин жетекчиси (каган) о
колу менен куба (ак) итти курмандыкка чалгандан соң, иттин башын хан ордо жети кадам
түштүк тарапка көмүп, тиштерин жер бетине калтырып коюшкан. Жети күн өткөндөн соң
иттин башы көмүлгөн жерге кагандын ордо үйүн орнотушкан. Тува шамандары табыптык
милдетти аткарууда көк жал карышкыр менен катар, түсү кара болгон (тувача - "кара адаи)
ит оорулууну айыктырууга жардамчы - дух болоруна ишенишкени тууралуу маалыматтар
бар. Итке тотемдик жаныбар катары мамиле жасоо алгачкы общиналык коомдо эле пай-
да болгон. Эң алгачкы колго үйрөтүлгөн үй айбаны - иттин тотем катары калыптануусу
чыгыш теги карышкырга байланыштуу болуусу мүмкүн. Барак этнонимин параллелдери
саяк уруусунун курамында бар.

Кара кунас - Жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон 1960, 117). Qaraqunas-



байыркы түрк доорунан адамдын энчилүү аты ка-
тары белгилүү. Карагунас (караунас)-Рашид ад-
Диндин "Тарыхтар жыйнагында" ("Жами ат-Тава-
рих") монголдордун сулдуз уруусунун курамында-
гы урук катары эскерилет (Рашид ад-Дин Т. I, Кн.
I, -с. 175). С. М. Абрамзон этникалык аталыштын
канаттуу кушка байланыштуу келип чыккандыгын
жазат (Абрамзон 1946, 130). Каракунас-буту менен
мойну узун, илегилек сыяктуу келгин куш (КТТС,
595). Бул этноним Фергана ороонундо байырлаш-
кан түрктордун (учурда бул этнографиялык топ-
тордун кыргыз, өзбек ж. б. курамдарына жуурулу-
шу процесси жүрүүдө - О. К.) курамында да бар экендиги аныкталган. Ушул эле сөз менен
XIII-XVII кк. Мавераннахр чагатайларынын лакап аты белгилүү болгон. Мындан сыртқары,
XV к. моголдор (Моголистандыктар) теги аралашкан адамдарды "караунас - карагунас" -
деп аташчу (Губаева 1983, 71). С. Аганиязов түркмондордогу "гарнас" этноними учурда
"аралаш", "конгломерат" маанисин аныктарын жазат (Аганиязов 1988, 47). Демек, бул сөз
орто кылымдардан адамдардын, уруунун энчилүү аты, айрым этникалык топтордун (чага-
тайлар-О. К.) лакап аттары катары белгилүү болуп келет. Арийне, түпкү мааниси "топ",
"жыйын", "конгломерат", "курама эл, урук" - деген бул сөздүн канаттуу куштун да атын
туюнтушу кошумча иликтоолорду талап кылат.



Душанбе, 2000-ж.



Алматы, 1995-ж.

А д а б и я т т а р :


Абрамзон С. М. К семантике киргизских этнонимов.// СЭ. -№3, 1946. -С. 123-132.
Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. - Фрунзе. «Илим», 1990. - 345 с.
Абрамзон С. М. Народные предания как источник этнической истории киргизов Центрального Тянь-Шаня. //Этническая история народов Азии. -М. : «Наука», 1972. -С. 67-83.
Аганиязов С. Словарь туркменских этнонимов. -Ашхабад, «Гылым», 1988. -180 с.
Бутанаев В. Я. История Хакасии. Курс лекций. - Абакан. 2009.
(ДТС). Древнетюркский словарь-Л. : «Наука», 1969. -676 с.
Жамбалова С. Г. Традиционная охота бурят. - Новосибирск, 1991. - 175 с.
Иманалиев Муса. Кыргыз санжырасы. - Б. : 1995.
Каратаев О. К., Эралиев С. Н. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. Б. : 2005. - 600 б.
Каратаев О. К. Кыргыздардын теги, келип чыгышы, этностук-маданий алакалары. - Б., КТМУ, 2013.
Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү (КТТС). I-том, - Фрунзе, 1984, - 622 б.
Радлов В.В. Из Сибири. - М. : "Наука", 1987.
Молдобаев И. "Манас" - историко-культурный памятник киргизского народа. - Б.: 1995.
Рашид ад-Дин. Сборник летописей. Т. I. Кн. I. -М., 1952. -145 с.
Щербак А. М. Названия домашних и диких животных в тюркских языках//История и лексика тюркских языков. - М. : "Наука", 1961. - С. 83-172.
Юдахин К. К. Киргизско-русский словарь. - М. : Наука. 1969. - 973 с.

Каратаев Олжобай Кубатбекович - *Тарых илимдеринин доктору, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин профессору*

Жору уруусунун эн тамгалары: кыргыз эн тамга белгилеринин түпкү маанилери жөнүндө

Байыркы доорлордон эле ар бир уруктун, уруунун, уруулук бирикмелердин эн тамга белгилери, сыйынган тотемдик жаныбары (кайберендер, жырткыч жаныбарлар), кушу, ыйык туткан дарагы боло турган. Тотемизм - деген диний-философиялык түшүнүк дал ушундан келип чыгат. Тотемисттик диний-ритуалдык ишенимдер жан-жаныбарларга, жансыз предметтерге сыйынуунун, аларга ыйык нерсе катары ишенип, табынуунун негизинде келип чыккан. Тотемисттик ишенимдер байыркы таш доорунан эле белгилүү болгон. Жанбарларга, жансыз предметтерге (тоо-таш, дарак ж. б) сыйынуу менен катар адамдар коомунда уруулук эн тамгаларга сыйынуу, ага сакралдуу белги катары мамиле жасоо келип чыгат.

Адигине уруулук тобунун эн тамга белгиси: аталышы: "Адигине тамга".



1. Жору уруусунун Ай тамга уруктар тобунун эн тамгасы.



2. Жору уруусунун Ай тамга уруктар тобунун эн тамгалары жана анын вариациялары.



3. Жору уруусунун Ача тамга уруктар тобунун эн тамгасы.



4. Жору уруусунун Ача тамга уруктар тобунун эн тамгаларынын вариациялары:



Жору уруусунун эн тамгасы (реконструкция)

Жогорудагы Жору уруусунун негизги эн тамгалары жана анын айрым вариациялары байыркы кыргыздардын эн тамгалары менен толук шайкеш келет (маалыматтар Н.И.Гродеков, Н. Г. Маллицкий, В. Дублицкий, С. М. Абрамзон ж. б. эмгектеринен иргелип алынды). Бул эн тамгаларды Адигине уруулук тобу жашаган аймактардагы тоо-таштардан, менчик буюмдардан, төрт түлүккө салынган эн тамгалардан да байкоого болот. Эн тамгалар боюнча жалпы маалымат берсек, анда Жору уруусунун эн тамгасы жана жалпы кыргыз урууларынын эн тамгалары боюнча окурман толук маалымат ала алат - деген пикирдебиз.

Эн тамга белгилери жана алардын этникалык-маданий тарыхты, этногенезди изилдөөдөгү ролу кыргыз таануудагы (тарых, этнография, түркология) жаңы илимий багыттардын бири болуп калды. Кыргыздардын чыгыш тегин, таралуу ареалын тактоодо кыргыз урууларынын (уруктарынын) эзелтеден сакталып келе жаткан эн тамга белгилерин, алардын байыркы башатын, келип чыгышын, таралуу ареалын, этностук тарыхты иликтөөдөгү маанилүүлүгүн, этногенетикалык жана этномаданий байланыштарын, тектеш башка элдер менен параллелдерин тактоодо мааниси зор булак катары кызмат кылат. Уруулук бирикмедеги, уруулук, урук, үй-бүлөлүк жана жеке колдонуудагы белги-тамгалар кыргыз жана башка түрк-монгол тилдеринде «тамга» - деп аталып (оруска-«тавро», «клеймо», «печать»), өтө баалуу тарыхый булак катары кызмат кылат. Байыркы кыргыздар ж. б. түрк уруулары колдонгон бул термин («тамга») орус, монгол, угро-финн (венгр, мордва, удмурт) ж. б. элдерге да "тамга" формасында тараган.

Эн тамга белгилери, этностук тарыхты, этностук маданиятты иликтеп үйрөнүүдө тарыхый жазма булактар, жер-суу, урук-уруу, эл аталыштары, элдик оозеки чыгармалардын маалыматтары менен катар негизги булактардын бири болуп эсептелери анык. Аска, таш беттеринде, бейиттерде ж. б. у. с. эзелки эстеликтерде чегерилген тамга жана ушул сыяктуу белгилердин этностук тарыхты иликтөөдөгү ролу өтө зор. Даректүү жазма булактардын дээрлик жоктугуна жана алардын өтө сейрек кездешкен шарттарында эн тамга белгилери айрым этностук топтордун келип чыгышын, этникалык бешигин, миграциялык тараалуу ареалын ж. б. этникалык мааниде маалыматтарды тактоого көмөк берери ырас. Бул маанилүү тарыхый булак көчмөн жана жарым көчмөн уруулардын миграциялык ареалын, көчүп-конуп жүрүүлөрүнүн негизги багыттарын, алардын этностук-маданий байланыштарын да чагылдырат.

Ошол эле учурда Евразиянын талаа аймактарында эн тамга белгилери б. з. ч. I мин жылдыктан белгилүү болуп келет. Эң алгачкы эн тамга белгилери Персиядагы Ахеменилер династиясынын доорунан (б. з. ч. 558-330-жж.) белгилүү. Перстер тамгаларды менчикти аныктаган буюм-тайымдарга басышкан. Изилдөөчүлөрдүн пикирлерине караганда эн тамга белгилери жазуу менен бирге колдонулган. Ал эми жазма маданияты болгондугу тарыхта далилдене элек сарматтар (б. з. ч. IV-I кк) да эн тамгаларды кеңири колдонгон эң алгачкы уруулук бирикмелерден болот. Сармат урууларында эн тамгалар уруулук жана үй-бүлөлүк менчикти аныктаган функцияларды аткарган.

Уруулук эн тамга белгилери түрк-монгол, угро-фин, иран тилдүү үй-бүлөдөгү сүйлөгөн элдерде эзелтеден сакталып, айрым ареалдарда, өзгөчө кыргыздарда байыртадан туруктуу колдонулуп келди. Уруулук байыркы символдорду жана менчикти, көз каранды эмес-тикти чагылдырган белгилерди мамлекеттик, уруулар аралык алакаларда, чарбалык ж. б. багыттагы керектөөлөрдө пайдалануу кыргыз ж. б. түрк тилдүү элдерде бир кылка тараган эмес. Тагыраак айтканда, эн тамга белгилерин коомдо зарыл болгон керектөөдө максаттуу пайдалануу түрк тилдеринин генеалогиялык жиктелүүсүндөгү кыргыз-кыпчак, огуз (түрк-мөн), тукюй-уйгур бутактарында сүйлөгөн элдерге (кыргыздар, кара калпактар, хакастар, алтайлыктар, тувалар, башкырлар, ногойлор, казактар) мүнөздүү көрүнүш.

Көчмөн шартка ыңгайлашкан кыргыз коомундагы эн тамга белгилеринин өзгөчө маанисин этностук аталыштар (этнонимдер) да чагылдырары калетсиз. Мисалы, кош тамга (мунгуш), жагалмай тамга (мунгуш), ача тамга (жору), кайчы тамга (жору), кош бычак (багыш), жогору тамга (кытай), төмөн тамга (кытай), кылыч тамга (басыз), керки тамга (басыз), жаа тамга (азык), ай тамга (саруу), жогору чекти (багыш), төмөн чекти (саяк), үчөк (басыз), үч ок тамга (каңды), жогору тон (мундуз), төмөн тон (мундуз), он ок (кушчу) ж. б. Белгилей кетүүчү маселе, эн тамганын аталышына байланышкан этнонимдердин (уруу-урук, эл аталыштары) басымдуу бөлүгү уруулук ири топтордун (фратриалдык, тайпалык топтор) аталыштары катары маалым. Чарбалык жана аскердик керектөөлөрдөн улам келип чыккан мындай системадагы (дуалдык) жиктелүү байыркы хунну доорунан белгилүү. Хуннулардын оң жана сол канаттар «тардуш», «бугу (г)» - деп аталганы даректүү булак «Ши-цзиде» (Кытайдын Хан династиясынын доору, б. з. ч. II-I кк) баяндалат (Зуев 1960, 108; Краткая история уйгуров 1991, 56). «Тардуш» этниминин параллели кыргыздын кытай уруусунда «төрдөш», ал эми «бугу (г)» этниминин параллели кыргыздарда «бугу» (оң канаттагы уруунун аталышы) формаларында кездешет. Бул этнонимдер уруулук аталыштар катары башка элдердин курамында учурабайт. Байыркы түрктөрдө - «он ок», «боз ок», кыргыздарда - «оң канат», «сол канат», «ичкиликтер» (булгачылар), монгол жана ойрот-калмактарда - «зюнгар» (жунгар) жана «барунгар», каракалпактарда - «он төрт ру» жана «арысы конрат», түркмөндөрдө - «үч ок» жана «боз ок» катары белгилүү болгон уруулук топтор (канаттар) согуштук, чарбалык-экономикалык зарылчылыктарынан улам келип чыккан.

Уруулук (урук) эн тамгалар тотем сыяктуу эле уруу-уруктарды, этностук топторду бирин-экинчисинен айырмалоочу атрибуттар катары кызмат кылган этникалык мүнөздөгү маанилүү булак болору ырас (Атаниязов 1990, 13). Чыгыштаануучу Н. А. Аристов б. з. V к. байыркы гаогюйларда (теле уруулары) төрт түлүк малга айырмалоочу эн тамга белгилери коюлганын жазат. Кытай жыл баяндарында чагылдырылган бул даректүүмаалыматтарда эн тамгалуу малга бөтөн кишилер кол салышпагандыктары баяндалат (Аристов 1894, 285-287). Тамга байыркы түрктөрдө да белгилүү болгон. Б. з VII к. Кытайдын чек арасына жакын жашаган огуздар уруулук (үй-бүлөлүк) эн тамга белгилерин жылкыга күйгүзүп басышкан. Эн тамга белгилери Саян-Алтайдагы кыргыз жазуу эстеликтеринде (рун сымал жазуу эстеликтери), таш, аска беттеринде өтө кенен таралгандыгына автордун өзү күбө боло алган. Эн тамга белгилеринин таралуу ареалы бир кылка жайгашуу менен, болжолу, бул белгилердин Кыргыз каганатынын административдик-башкаруу бирдиктерине (аймактарына) карата таралгандыгын байкоого болот. Енисейдеги кыргыз жазуу эстеликтери Кыргыз каганаты алты баг (область, аймак) административдик бирдиктерден тургандыгын баяндайт.

Дегеле байыркы көчмөндөр дүйнөсүндө жана көчмөндөрдүн ан-сезиминде менчик малга кол салуу кылмыштын эң жогорку чеги катары кабыл алынып келген. Мал уурдагандар сөзсүз өлүм жазасына тартылышкан. В. В. Радлов алтайлыктар өз жылкыларын эркин коюп жиберишерин, менчиктеги эн тамгалуу жылкыга кол салуу кулак угуп, көз көргөн кылмыш болорун байкаган (Радлов 1988, 147).

Тамга - мамлекеттик жана уруулук бирикмелер деңгээлиндеги маанилүү иштерде, жалпы уруулук менчиктеги байлыкка, төрт түлүк малга белги коюуда пайдаланылып, көз каранды эместиктин, эркиндиктин, өз алдынчалыктын белгисин аныктап келген. Көчмөндөр көз каранды эместиктин даана атрибуту - жалпы уруулук (сөөк) эн тамгага өтө ыйык нерсе катары мамиле жасашкан. Тамга өзүнүн эволюциялык өсүп-өнүгүү жолунда геральдикалык (тамга - герб), диний (тамга - сакралдуу символдор), юридикалык (тамга - «факсимилие» же заттын, эликтин кимге таандык экендиги), салттык жашоо турмушунда (тамга - орнаменттин элементи) милдеттерди аткарууга өткөн.

Эн тамга белгилерин жана аларды коомдук, дипломатиялык, чарбалык ж. б. иштерде максаттуу пайдалануу эзелки коло доорунан эле белгилүү. Арийне, алардын маанилери жана келип чыгыш принциптери жалпы болгону менен, эн тамгалардын пайда болгон мезгилдерин, толук маани-мазмунун так аныктоо татаалга турары илим чөйрөсүнө маалым (Вайнберг, Новгородова 1976, 66). Айрым илимпоздордун пикирлеринде уруулук эн тамга белгилери коомдук процесстин эволюциялык өнүгүүсүнө байланыштуу жалпы уруулук (урук) менчиктеги тамгадан - жеке менчикти аныктаган белгиге өсүп чыккан. Коомдук өнүгүүнүн алгачкы стадияларында турган элдерде эн тамгаларды колдонуу ареалы көп кырдуу, көп максаттуу болгон (Симченко 1965, 3). Жогоруда айтылгандардын эң байыркысы уруктун менчигин аныктаган эн тамга белгиси болгон. Арийне, тамга алгач адамзат коомунун тарыхында алар сыйынган кудайларды аныктаганын илим адамдары белгилеп жүрүшөт. Мындан сырткары, эн тамга белгилеринин басымдуу болүгү урук (уруу) тотемдерин аныктап, түзүлүшү жагынан урук, уруу, уруулук бирикменин өкүлдөрү ыйык эсептешип, сыйынган жан-жаныбарлардын, канаттуу жырткыч куштардын ж. б. элесин чагылдырган. Этнографиялык маалыматтар боюнча тамганын эң байыркы «прототиптери» же негизи катары жөнөкөй геометриялык фигуралар (тегерек, төрт бурчтук, үч бурчтук, бурч), сакралдуу пиктограммалар, канаттуулар, жаныбарлардын, үй буюмдарынын, эмгек куралдарынын, жылкы шаймандарынын элестерин, айрым учурларда алфавиттерди чагылдырган.

Г. В. Длужневская Тувадагы (Чаа-Хол) эстеликтердеги эн тамгаларга иликтөөлөр жүргүзүп, алардын IX-X кк. кыргыздарга таандык экендигин, тамгалардын типтери Кыргыз мамлекетиндеги багтарга («баг»-энесайлык кыргыздардагы административдик-аймактык бөлүнүүлөрдүн аталышы) карата өзгөчөлөнүп, эн тамгалардын формалары узак убакыттар бою өзгөрүүлөргө учурабагандыгын жазат (Длужневская 1982, 124-126). Бул мисал Кыргыз каганатынын башкаруу системасы узак убакыттар бою бузулбай сакталгандыгын айгинелейт.

Эн тамга - юридикалык (укуктук-менчик) белги катары үй-бүлө, урук, уруу, уруулук бирикменин жетекчисинин бөтөн уруулар, башка уруулук бирикме, мамлекеттер менен ар тараптуу саясий ж. б. келишимдерди күбөлөндүрүүдө пайдаланылганы ырас. Түпкү атанын эн тамга белгиси кийинки муундагы менчикке ээ болууга укугу бар укум-тукумдарга формасы жагынан өзгөрүүсүз өтүп турган. Бул мисалдардын негизинде урукту түзгөн үйлот (Симченко 1965, 3). Евразиянын эзелки коомдорунда (анын ичинде кыргыздарда да) сабаттуулук жазма маданияты менен алектенүү жогорку социалдык топко гана мүнөздүү көрүнүш болгон. Эн тамганы колдонуу жана аны ташка, аскага ж. б. заттарга чегүү өтө жөнөкөй болгондуктан көпчүлүк калк, анын ичинен жазуусу жок уруулар да пайдалана алышкан. Изилдөөчүлөр В. С. Ольховский жана С. А. Яценколор эн тамга белгилеринин бизге негиздүү тактоо өтө татаалга турарын жазышат (Ольховский, Яценко 2000, 296). Арийне, биздеги болгон маалыматтар Энесай чөлкөмүндөгү (Түштүк Сибирь жана ага жамаатташ аймактар) байыркы эстелик жазуулар жана алардагы эн тамгалар көөнө кыргыз маданиятынын мурастары экендигин тастыктайт. Эн тамга белгилеринин урук (сөөк) ичиндеги дифференциялашуусун профессор В. Я. Бутанаев хакас эн тамгаларынын негизинде ачып көрсөтөт (караңыз: Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов XVII-XVIII вв. - М., 1990. -178с.) .

Айрым илимий адабияттарда уруулук бирикмелердин пайда болуусунун натыйжасында эн тамгалар келип чыккан - деген пикирлер бар. Кайсы гана уруулук бирикме болбосун, ошол уруулук бирикменин башында эң күч-кубаттуу топтун, уруктун өкүлдөрү турушкан. Зарыл учурда бүткүл уруунун атынан өз эн тамга белгисин коюшкан. Эгерде бул «башкаруучу орун» (кызмат, бийлик орду) мураскорлук бийлик ордуна айланса, анда жаңы бийликке келген башкаруучу өз ата-бабаларынын белгилерин уруулук бирикменин атынан пайдалануну уланта берген. Ю. Б. Симченконун пикирине караганда, жогорудагы процесс уруудагы же уруулук бирикмедеги «жалпы уруулук эн тамга» жөнүндөгү иллюзияны пайда кылган. Чындыгында, көпчүлүк илимий фактыларга негизденгенде уруунун же уруктун өкүлдөрү жетекчинин (уруу аксакалы, каган ж. б) эн тамга белгисин жалпы жамааттык, эн жогорку белги катары кабыл алышкан эмес (Симченко 1965, 5). эн тамга белгилери айтарыхый процесстерге, уруулардын (урук, урук бирикмелери ж. б) ички жана тышкы миграциясына байланыштуу өзгөрүп турушу көнүмүш болгон.

Айрым эн тамга белгилери маани-маңызы жагынан өзгөчө маанидеги окуяларда, түзүлгөн жагдайларга, шарттарга карата пайдаланылган. Кээ бир булактарда сакралдуу белгилер болгондугу чагылдырылат. Бул өзгөчө сакралдуу белги - тамганын документтиги (келишим, макулдашуу ж. б. мазмундагы документтер) коюлган уруунун (уруктун) эн тамгасына жанаша бекитилип, бул процесс диний-ритуалдык ырым-жырымдар, каада-салттар менен коштолгон. Кыргыздарга түпкү чыгыш теги өтө жакындыгы аныкталып жаткан сары уйгурларда (сарыг югур, сары угур) Ас тамга, Йаг тамга, Суң тамга ж. б. у. с. эн тамгалар шамандардын кудайларын аныктары маалым. Мисалы, Тамга хан - «шаман кудайы», «жарык берүүчү, жашоо ыйгаруучу хан, аким башкаруучу» дегенди туюнтат (Малов 1957, 111).

Белгилей кетчү маселе, сары уйгурлардын бир бөлүгү байыркы шаман динин бүгүнкү күнү да тутунуп келишери маалым.

Эн тамга белгилери коомдо, күнүмдүк жашоодо көп кырдуу функцияны аткарган. Ту-валар уруунун эн тамга чегилген койдун же кара малдын чүкө сөөгүн үйүрдү жетектеген серкенин, кочкордун мойнуна атайын тагып коюшчу. Төрт түлүк эзлери эн тамга малды ар-кандай кокустуктан, оорудан сактоочу касиети бар - деп ишенишкен. Тува санжырачыларын малга күйгүзүп, эң салуу салты соңку учурларда эле пайда болгондугун эскеришет (Самбуу Иргит 1978, 69). Бул маалыматтан эн тамганын магиялык сактоочу функцияны аткарганын байкоого болот. Бул көрүнүштү тувалардын ичинде болгонубузда да байкадык.

Кийинки категориядагы белгилерге кызматтык же «касталык белгилер» кирген. Бул эн тамгалар көп кырдуу формаларда кездешип, эң байыркысы «жрец белгиси»-шаман тамгасы болгон жана ал бүгүнкү Чыгыш Сибирдин элдеринде кенен таралганын байкоого болот (Симченко 1965, 6). Маселен, байыркы скифтерге таандык таштарга чегерилген айрым фрагменталдуу белгилер аскер куралдарын же кол оңорчулук буюмдардын элестерин гана туюнтпастан, символикалык (диний жана мистикалык) белгилерди да аныктайт. Ошондуктан, айрым эн тамга белгилеринин сырын ачып түшүнүү жөнөкөй эле сүрөттүк белгиден символго карай өткөөл доорду, туура баамдаганда символдон тамгага онүгүп чыкчу тепкичги чагылдырары калетсиз (Вайнберг, Новгородова, 1976, 67).

Эн тамгалар төмөндөгүдөй функцияларды аткарган:

1. Тамга - кайсыл урууга, урукка, этникалык топко таандык экендикти чагылдырат. Эгерде тамга жамааттык мааниге ээ болсо, ал үй-бүлө, урук, уруу, уруулук топтун өкүлдөрү толук пайдалана алышкан. Мындан сырткары, тамга «өздү - өзгодон» айырмалоочу функцияны да аткарган.

2. Тамга - менчиктин, ээликтин белгиси. Бул белги аркылуу урууга тиешелүү жер ээлигине, кыймылсыз мүлккө, төрт түлүк малга коюлган. Көпчүлүк учурда уруктар өз тамгаларын пайдаланганы менен, айрым предметтерге (курал-жарак. Кымбат баалуу жасалгалар) уруунун эн тамгасын пайдалануу мааниллүү - деп эсептешкен.

3. Тамга - автордук белги. Тамганын бул функциясы болжолу, өтө кенири колдонулган. Буям жасаган устанын же уздун жеке тамгасы (клеймо) чегилген. Айрым учурларда буюм жасоого заказ берген адамдардын да тамгалары чегилүүсү ыктымал болгон. Енисейлик кыргыз усталары оздорү тарабынан аткарылган вазаларга (кумаралар) тамгаларды чегишкени илимге белгилүү.

4. Тамга - аймака, жерге ээлик кылууну, жер менчигин аныктайт. Евразиянын мейкиндиктеринде аска, таш беттерине чегилген көп сандаган эн тамга белгилери учурайт. Бул бир канча үй-бүлөнүн же уруулардын белгилүү бир жерге жыйналганын чагылдырышы ыктымал. Арийне, эн тамгалардын бир жердеги жыш кездешүүсү саясий, согуштук окуялар, диний-ритуалдык жыйындар менен да байланышы болуусу толук мүмкүн.

5. Тамга - жеке адамды, инсандыкты аныктаган белги. Мындай шартта жеке тамга инсандын «ким экендигин» тактаган. Көпчүлүк учурда жеке адамдын мөөрү катары пайдаланылган. Аны орто кылымдардагы Чыңгыз-хан жана анын тукумдарынын, Алтын Ордонун хандарынын, Аксак Темир тарабынан чыгарылган акча-тыйындардан (тенге) көрүүгө болот.


6. Тамга - колдоочуну (покровитель) жана баш ийип, моюн сунууну туюнтат. Тамга ээсинин мөөрүн (тамгасын) анын уруксаты менен кол алдындагы баш ийгендер пайдаланышкан. Бул эреже акыркылардын кожоюнга бириотоло баш ийгендиктерин чагылдырган. Ошол эле учурда кожоюн жана тамга «колдоочуга» айланышкан.

7. Тамга - хронологиялык көрсөткүч функциясын аткарат. Чегилген тамга аркылуу башкаруучунун, династиянын башкарган жылдарын, мезгилин жана алардын жашаган доорун аныктоого болот. Кагаздарда, таш эстеликтердеги чегилген тамгалар аркылуу хронологиялык так маалыматты билүүгө болот.

8. Тамга-сактоочулук, коргой турган функцияны аткарат. Тамгалардын басымдуу көпчүлүгүнүн семантикасы татаал болгону менен ал уруунун (уруктун) символу же тотеми катары да кызмат өтөйт. Тамга - үй-бүлөнүн, уруктун, уруунун сакралдуу күчүнүн символу болуп калган. Енисей кыргыздарынын эпитафиялык эстеликтеринин көпчүлүгүнөн ошол сакралдуу тамгаларды көрүүгө болот.

Эн тамга белгилеринин табылып жаткан ареалы абдан кенен. Кытай жыл баяндарында чагылдырылган, бүгүнкү Хакас-Минусин ойдунунан, Тува, тоолуу Алтай, Монголия, Кыргызстан, Крым жарым аралы, Венгриянын ж. б. жерлерден табылган аска, таш беттерине чегерилген белгилер, археологиялык казуулардан соң табылган маалыматтар далил боло алары анык. Кыргыз археологдорунун Кочкор өрөөнүнөн жана Алай жергесинен тапкан байыркы кыргыз эстеликтериндеги эн тамгалар да далил боло алат Айрым изилдөөчүлөрдүн соңку учурдагы иликтөөлөрүндө тамгалардын башатында геометриялык фигуралар (тегерек, төрт бурч, үч бурч ж. б) же пиктограммалар (нерселердин элестери) жатары айтылат. Ошондуктан, татаал эмес эн тамга белгилердин көпчүлүгүнүн графемалары бир эле учурда пайда болуп, бир*нече аймактык, маданий жана хронологиялык жактан байланышпаган социумдарда эмес, социалдык-экономикалык жана экологиялык окшош шарттарда тараган (Ольховский, Яценко 2000, 295-296).


Кыргыз эн тамгалары жазма маалыматтарда алгач ирет кытай жыл баяндарында VII кылымдан тартып эскериле баштайт. Тан династиясынын (VII–X кк.) императордук расмий сарай тарыхчысы Су Мяню, мамлекеттик маанилүү чиновник Ян Шао Фу, ошондой эле Ван Пу жетектеген атайын комиссиялар б. з. 618-804, 804-852 жана 853-907 жж. Кытайга (Тан династиясына) кошуна жашаган уруулар, элдер жана алардын жылкылары, жылкылардын тазалыгы кандуулугу, породасы (асылдуулугу) жөнүндөгү маалыматтарды топтошкон, кагаз бетине түшүрүшкөн. «Танхуйяо» - деп аталган бул атайын маалымат жыйнакта көчмөн элдер, уруулар жөнүндө өтө баалуу маалыматтарды камтыган жана 961-жылы толук иштелип, редакцияланып чыккан (караңыз: Зуев Ю. А. Тамги лошадей …-С. 93–135). Эскерте кетчү маселе, байыртадан (б. з. ч. III - б. з. III кк. Хань династиясынын доорунан бери) кытай династиялары жана алардын тарыхнаамачылары жашаган аймагы маалым болгон, ыраак жайгашкан уруулар, элдерди, мамлекеттерди (мисалы, Рим империясы, Сасанийлик Иран, кыргыздар, түрктөр, готтор ж. б) өздөрүнө «салык төлөөчүлөр» катары эсептөөсү кадыресе салт болуп келген. Албетте, кытай тарыхнаамасындагы көз каранды өлкөлөр же элдер жөнүндөгү бул маалыматтар реалдуу турмуштагы чындыктан алыс болгон. Кытайлар өздөрү менен чек ара аркылуу чектешпеген, ыраакта жашаган элдерди да «салык төлөөчүлөр» катарын канааттандыруу үчүн зарыл болгон жылкылардын кайсы элге, урууга таандык экендигин, жылкы тукумунун сапатына ж. б. өзгөчөлүктөрүнө карата атайын адистер баа беришкен. Аталган тарыхый булакта «цзе-гулардын» (кыргыздар) жылкылары гу-ли-гандардын (курыкандар) жылкылары менен асылдыгы (породасы) окшош келери баяндалат, кыргыздардын эн тамгасы формаларда экендиги баяндалат. (Зуев, 1960 97, 134). Курыкандар (кыт. гу-ли-ган) азыркы Байкал көлүнө жамаатташ аймактарды мекендешип, кыргыздарга көз каранды абалда болушкандыгын кытай жыл баяндары, чыгыш мусулман булактары да («Худуд ал-алам») чагылдырары маалым.



Курыкан урууларынын айрым бөлүктөрү бүгүнкү саха-якуттардын этностук жүзүн ге-
гиздешти. Иликтөөчүлөр тувалардын курамындагы «кыргыс» уруктарынын эн тамгалары-
нын руникалык жана аска таш беттериндеги тамгалар менен генетикалык жалпылыгы бар
экендигин байкашкан (Вайнштейн 1972, 78-79; Щербак 1970, Табл. 1, 41-сүрөт). Белгилей
кетчү маселе, кытай жылбаяндары чагылдырган эн тамгалар жана анын вариациялары бү-
гүнкү кыргыз урууларынын эн тамгаларында сакталып келери илимий негиздүү чындык.
Кытай жыл баяндарындагы чагылдырылган кыргыз эн тамгалары менен хакастардын кура-
мындагы «хыргыс» уруктарынын (сөөктөрүнүн), тувалардагы - «кыргыс», башкырлардагы
- «кыргыз» уруктарынын эн тамгалары менен этногенетикалык жалпылыктары аныкталды
(соңку бетти карап салыштырыңыз:)



1. VII-X кк. Тан династиясынын жыл баяндарында эскерилген кыргыз эн тамгасы (Танхуйяо, Т. Ш. Цзюань - С. 1305-1308).



2. Кыргыздын азык (бай кочок), кушчу урууларынын эн тамга белгилери.



3. Хакастардагы «хыргыс» уруусунун (сөөгүнүн) эн тамга белгилери.



4. Тувалардын курамындагы «кыргыз» уруусунун эн тамга белгиси.




5. Башкырлардын курамындагы «кыргыз» уруусунун эн тамга белгилери.



6. Жалпы кыргыз эн тамга белгиси (Н. Г. Маллицкийдин маалыматы боюнча. XIX к.).



7. Минуса ойдуңунан (Хакасия) табылган кыргыздарга таандык идиштердеги эн там-
галар.



Кыргыз эн тамгалары жөнүндө азыркы Тува аймагындагы кыргыздарга таандык рун
сымал жазуу эстеликтеринде да маалымат берилет: «…Эр атым Йол Апа бен (мен)…
нук (ы) атларым эшинтим. Бага бен (мен) эр. Алты йүз (жүз) тамка ат…». Хемчик дарыясы,
Чыргакы: Е. 41, М-34 (Памятники древнетюркской письменности Тувы, -Вып. I-III, 14-15).

Эн тамгалары жөнүндө араб графикалуу булактарда да маалыматтар кездешет. Мах-
муд Кашкари «Дивану лугат ит-түркто» (XI к) огуз урууларын жөнүндө төмөндөгүдөй жазат:
«…огуздар - түрктөрдүн бир уруусу (кабиласы). Алар түркмөндөр. Алар 22 уруудан кура-
лышкан. Ар бир уруктун (уруу) кескин айырмаланган белгилери - эн тамгалары бар. Бул
белгилер боюнча төрт түлүк малды айырмалашып, ээсин ушул белгилерге карата таанып
билишет». Автор ушул эмгегинде огуз-түркмөн урууларынын эн тамгаларынын элестери
түшүрүлгөн баалуу маалыматты берет (Махмуд Кашкари Т. I, 89-90). Фарси тарыхчысы
Рашид ад-Дин «Жами ат-Таварихте» (Тарыхтар жыйнагы) огуз-түркмөн урууларынын
алардын генеалогиясы, эн тамга белгилери, жалпы жыйында таратылуучу ритуалдык бу-
канын жилик-мүчөлөрү жөнүндө өтө баалуу маалыматты берет (Рашид ад-Дин, ТІ. Кн. I,
88-90). Рашид ад-Дин (XIVк) легендарлуу Огуз-каган жана анын мураскорлорунун тушун-
дагы менчик жана эн тамга белгилери жөнүндө төмөнкү маалыматты жазган: «Огуз-каган-
дын айткан осуяты менен такка отурган Күн-Хан Иркыл Кожонун кеңеши менен мамлекет-
тик башкарууда (башкаруу системасында) реформаларды жүргүздү. Иркыл Кожа «атаңар
көз жумгандан соң, силерден (алты уулдан) төрттөн ай мончок наристелер төрөлдү; кийин-
черээк алар бой жеткен чакта чоң атасы жыйнаган мал-мүлктү, эл-жерди талаш-тартыш
кыла башташат; ошондуктан, ар биринин ата-теги, урааны өз алдынча жазылып, ар ким-
сине буйрукту, казына байлыгын, төрт түлүк малын ажырата тааныу үчүн белги же эн там-
га ыйгарылсын; мамлекеттин бирдигин жана аны бекемдөө үчүн ушул иштер аткарылды»-
деп айтты (Бернштам 1935, 36037). Огуз эн тамгалары Абул Гази Бахадур хандын (XVI к.),
Языджы оглы (XIX к.), Г. И. Карпов (XX к) ж. б. эмгектеринде кездешери маалым.

Түрк-монгол тилдүү элдердин уруулук эн тамгалары жөнүндө Н. А. Аристов,
В. В. Радлов, Д. Н. Соколов, В. В. Бартольд, Р. Г. Кузеев, Р. Керейтов, Н. А. Баскаков,
Г. Н. Лебедева, С. И. Вайнштейн, В. Я. Бутанаев, С. Аттокуров ж. б. эмгектерин белги-
лей кетүү зарыл. Н. А. Аристовдун эмгектеринде тамгаларды иликтеп үйрөнүү методикасы
боюнча үлкөн прогресс ишке ашырылган. Автор эн тамга белгилерин өтө кунт коюу менен
изилдеп, жеке менчик жана уруулук (урук) эн тамгалардын айырмачылыктарын аныкташ-
кан. Ал эми көп адамдан турган уруктан (топтон) жеке менчик үй-бүлө бөлүнүп чыккандан
соң, эн тамгалардын формаларындагы айрым өзгөрүүлөр келип чыгарын белгилөө менен
жазат. Автор түрк урууларынын эн тамгалары эң алгач уруулук кудайды же сактоочуну
(покровитель рода, племени) түшүндүрөрүн белгилейт. Коомдук-социалдык мамилелердин
алга карай жылышы менен тамга жөнөкөй менчикти аныктаган эн тамгага айланган - деген

пикирин айткан (Аристов 1894, -Вып. III-IV. -С. 286). Түрколог Г. Рамстедт тарабынан кагаз бетине түшүрүлүп алынган байыркы кыргыздарга таандык Сужа жазуусунда (Монголия нын аймагы, VIII-IX кк.) бүркүт же жоруну туюнткан жырткыч куштун элеси бар. Рун сы мал жазуулар чегерилген таштардагы белги-тамгалар өзгөчө бир маанини туюнтуп, көчмөн уруулардын символдорун түшүндүрөрү калетсиз.

Эн тамгалар кайдан келип чыккан?

Соңку жылдардагы илимдеги маанилүү маселе, эн тамга белгилеринин кайдан чык кандыгын тактоодо турат. Бул маселеде чыгыштаануучу Н. А. Аристов байыркы рун сымал алфавиттер түрк эн тамгаларынын негизинде калыптанган - деген эң алгачкы гипотезаны айткан. Ал байыркы рун сымал жазуулардагы отуз сегиз алфавиттин жыйырма тогузунун түрк урууларынын (элдеринин) эн тамгалары менен окшош экендигин жазат (Кузеев 1974, 83-86). Арийне, бул жүйөлүү илимий пикир басмадан жарык көргөн эмес. Чыгыш таануучу Н. Г. Маллицкий бул маселени кайрадан көтөрүп чыгып, илимий макала катары жарыялаганы белгилүү. Автор казак эн тамгаларын байыркы алфафитке салыштырып чыккан. Бирок изилдөөчүнүн салыштыруусу колдогу маалыматтардын жетишсиздигинен улам ийгиликсиз болуп калган (Кузеев, 1974, 85-86). П. Мелиоранский Н. А. Аристовдун көз карашына макул болбогону менен, эн тамга белгилеринин айрымдары Орхон-Энесай алфавитинин негизи болуп калган - деген оюн айткан (Батманов 1959, 17). Бул пикир соңку мезгилде С. В. Киселев тарабынан сынга алынганы менен жүйөлүү кызыгууну жаратат. Анткени, рун сымал алфавиттин жарымына жакынын чыгыш теги арамей жазуусунун алфавитине эмес, Борбордук Азиянын аймактарына таандык - деген О. Доннер жана В. Томсендердин пикирин колдойт (Каратаев О. К. Уруулук эн тамгалардын этникалык тарыхты иликтөөдөгү ролу//Вестник КГНУ. Общественные науки. - Б., 1999. - Ч. II, 87-94; 2004, 2005). Мындан сыртқары С. В. Киселев жазуунун келип чыгышында сырткы жана ички факторлор бирдей мааниге ээ экендигине токтолот. «Жазууга чейинки» белгилердин (тамгалар) Орхон-Энесай алфавитнун келип чыгышында ички жана сырткы факторлор бирдей (Киселев 1951, 285; Батманов 1959, 17). Евразиянын байыркы коомдору жашаган шартта сабаттуулук жана жазуу өнөрү социалдык теги жогорку катмарларга таандык болгон, ал эми эн тамга белгилерин коомдун бардык мүчөлөрү пайдаланууга акылуу болушкан; бул шарттар маалыматтарды сактоонун белгилик (жазууга чейинки белгилер) системасынын «сакталып» туруусун камсыз кылган; белгилик жана алфавиттик системанын бир мезгилде жашап туруусунун шарттарында эн тамга жана алфавиттин өз ара бирин-бири толукташы чындыкка жакын. Казак изилдөөчүсү А. Аманжолов эн тамгаларды идеограмма жана логограмма катары карайт. Эгер бул пикирдин төгүн эместиги аныкталса, анда Орхон-Энесайдагы рун жазууларынын башатында арамей жазуусу жана анын кечки модификациясы эмес, өтө байыркы логографиялык-унгу жазуусу жатат (Кузеев, 1974, 86). Демек, Орхон-Энесай чөлкөмдөрүндөгү эн тамгалардын башаты Түштүк Сибирдин этностук-маданий чөйрөсүнө таандык - деген тыянакка келсек болчудай.

О. Доннер жана В. Томсендердин илимий тыянактарына сереесен салсак, Орхон-Энесай жазууларындагы алфавиттин басымдуу бөлүгү эн тамгалардан келип чыккан - деген Н. А. Аристовдун айткан пикири илимий негиздүү - деген тыянакка келүүгө болот, (Аристов 1894, -Вып. III-IV. -С. 284-286). Анткени, биздин салыштыруу изилдөөлөрүбүздө кыргыз эн тамгаларынын басымдуу бөлүгү Орхон-Энесай жазууларындагы алфавиттерге өтө окшош, теги жалпы экендиги аныкталды. Демек, Адигине уруулук тобуна кирген Жору

уруусунун эн тамгалары тууралуу негизинен маалымат алдык десек болчудай. Негизгиси, Багыш уруусунун эн тамгасы жана анын вариациялары байыркы кыргыз жана жалпы кыргыз эн тамгасы менен окшоштугу, геометриялык жактан жалпылыгы, дагы бир ирет Жору уруусу кыргыздын эң байыркы уруусу экендигин түз айгинелейт.

Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:

Зуев Ю. А. Тамги лошадей у вассальных княжеств.//Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана. Труды ИИАЭ АН Каз. ССР. -Алма-Ата, 1960. -С. 94-40.

Краткая история уйгуров. - М. : 1991. -123 с.

Аташязов С. Словарь туркменских этнонимов. - Ашхабад, «Гылым», 1988. -180 с.

Аристов Н. А. Опыт выяснения этнического состава киргиз-казаков Большой Орды и кара киргизов на основании родословных сказаний и сведений. «Живая старина». -Вып. III-IV. -Спб. :1894. - 346 с.

Радлов В. В. Из Сибири. Страницы дневника. -М. : 1989. -749 с.

Вайнберг Б. И., Новгородова Э. А. Заметки о знаках и тамгах Монголии // История и культура народов Средней Азии (древность и средневековье). М. : «Наука», 1976. С. 6674.

Симченко Ю. Б. Тамги народов Сибири XVII века. -М. : 1965. -230 с.

Длужневская Г.В. Памятники енисейских кыргызов в Туве (IX-XII вв.). - М.: 1982. -32с.

Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов XVII-XVIII вв. - М.: 1990. -178 с.

Малов С. Е. Язык желтых уйгуров. -Алма-Ата, «Гылым», 1957. -196 с.

Ольховский В. С., Яценко С. А. О знаках тамгах из святилища Байте III на Устюрте.// Археология, палеоэкология и палеодемография Евразии. М. : «Геос», 2000. С. 293-314.

Вайнштейн С. И. Историческая этнография тувинцев. Проблемы кочевого хозяйства. М. : «Наука», 1972. -313 с.

Кошгарий Махмуд. Девану Лугат-ит-тюрк. Т. I-III. - Ташкент, 1960-1963. -460 с.

Кашгарий Махмуд. Девану Лугат-ит-тюрк. Индекс-словарь. -Ташкент, 1967. -456 с.

Рашид ад-Дин. Сборник летописей. Т. I. Кн. I. -М. : 1952. -145 с.

Бернштам А. Н. Историческая правда в легенде об Огуз-кагане. //СЭ. 1956. -№ 6. - С. 181-184.

Кузеев Р. Г. Происхождение башкирского народа. М. :«Наука», 1974.

Батманов И. А. Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. - Фрунзе, «Илим», 1959. -216 с.

Киселев С. В. Краткий очерк древней истории хакасов. -Абакан: 1951. -92 с.

Каратаев О. К. Кыргыздардын теги, келип чыгышы, этностук-маданий алакалары. - Б.: КТМУ, 2013. - 600 б.

Каратаев О. К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. - Б. : КТМУ, 2003. - 289 б.

Каратаев О. К. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан. - Б. 2003. - 176 б.

Каратаев О. К., Эралиев С. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк.

Кыргыз санжырасында Жору уруусунун берилиши



Жолдошов Рыскул

Жолдошов Рыскул - *Кыргыз Республикасынын Улуттук илим-дер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун улук илимий кызматкери, тарых илимдеринин кандидаты, профессор.*

Белгилүү болгондой кыргыз элинин тарыхын изилдөөдө, кылым-дардан бери оозеки айтылып келген элдик санжырадагы тарых маалы-маттары, анын ичинен өзгөчө, кыргыз уруулары тууралуу кабарлардын мааниси чоң. Кыргыздардын уруулук курамы орто кылымдарда эле, ар түрдүү этностук компоненттердин негизинде калыптанган. Кыргыз уруулары жалпысынан үч чоң: оң канат, сол канат жана ичкилик - деп аталган уруулар бирикмесинен турат. Өз кезегинде оң канат бирикмеси Адигине, Тагай - деген эки топко ажырайт. Ал эми Адигине тобу: Адигине, Мунгуш, Тагай тобу болсо Тагай, Наалы эже уруулук бөлүктөрдөн турат.

Бул макалада каралып жаткан Жору уруусу Адигине урууларына кирет. Адигине бирикмеси Бөрү, Жору, Баргы, Кара багыш жана Сарттар - деген беш уруудан куралат. Бул уруулардын дээрлик бардыгы түпкү теги боюнча орто кылымдарда Түштүк Сибирь жана Борбордук Азия аймактарын жердешкен көчмөн этностор менен байланышат. Кыргыз уруулук курамында аталган уруулар XVI кылымга чейин эле калыптангандыгы илимде далилденген. Анткени, XVI кылымда жазылып бүткөн Сайф ад-Дин Аксикентинин «Маджму ат-Таварих» ("Тарыхтар жыйнагы") эмгегинде[1]) Адигине уруулук бирикмеси көрсөтүлгөн мезгилде кыргыз урууларынын катарында көрсөтүлөт. Ошондуктан Адигине бирикмесинеги Жору, Бөрү, Баргы, Сарттар жана Кара багыш уруулары эң кеч болгондо XV кылымда эле кыргыз этносунун курамында болгондугун айта алабыз.

Уламыштарда берилген маалыматтар боюнча бир беткей жыйынтык чыгарууга болбойт. Себеби, элдик уламыштардын басымдуу көпчүлүгү, эстен чыгып унутулуп калган кандайдыр бир тарыхый окуяларды түшүндүрүү максатында фольклордук боёктор менен көркөмдөлгөн элдик түшүндүрмөлөрдөн пайда болгондун байкоого болот. Бул уламышта болсо кандайча пайда болгондугу белгисиз "жору" - деген аталышты чечмелөөгө болгон элдик түшүндүрмө негиз болгондугун көробүз. Ошондой болсо дагы ар бир уламыштын өзөгүн кандайдыр бир тарыхый окуя түзүшү мүмкүн. Андыктан уламышта баяндалган мезгилдик алкак жана географиялык аймактар көңүл бурууну талап кылат.

Уруунун "Жору" - деген аталышына токтоло турган болсок, ал Адигине уруулук курамындагы Бөрү, Кара багыш сыяктуу эле жаныбардын аты менен байланышат. Бул болсо "жору" аталышы орто кылымдардагы элдердин өздөрүнүн түпкү пайда болуу тегин кайсы бир жаныбарлар менен байланыштырган салттык-тотемдик түшүнүктөрдөн жаралгандыгын күбөлөйт. Ошондуктан Адигинеин Жору уруусу кыргыз уруулук курамындагы байыркы уруулардын бири экендигин айтууга болот. Бирок урууну санжыралык уламыштарда XV-XVI кылымдардагы Моголстан мамлекетинин алкагындагы окуяларга байланыштырган баяндар дагы кызыгууну жаратат. Проблеманын чечилиши үчүн Жору уруусунун ички түзүлүшүнө токтолуп көрөлү.

Жору уруусунун уруктары жалпысынан Ай тамга жана Ача тамга - деп аталган эки топко болүнөт. Ай тамга Кожо, Тасма, Теңизбай, Каракунас - деген төрт уруктан турат.

[1]) Маджму ат - таварих. Материалы по истории киргизов и Киргизии. -Вып. 1, -М., 1973. -с. 207-208.

Ал эми Ача тамга болсо Байназар, Элчибек, Галча, Чегир, Бооке, Кадасын - деп аталган алты урукка ажырайт[1]).

ЖОРУ

Ай тамга:	**Ача тамга:**
Кожо	Байназар, Элчибек,
Тасма	Галча, Чегир,
Теңизбай	Бооке, Кадасын
Каракунас	

Бул уруктар дагы ич ара бир нечелеген майда топторго тарашат. Жору уруусунун ички бөлүнүштөрүнө байкоо салганда, орто кылымдардагы эски салттуулук боюнча Ай жана Ача деген аталыштарда тамгалар аркылуу уруктардын бөлүнүшү, бул уруунун негизги өзөгүн байыркы эски этностук компоненттер түзгөндүгүн ачыкташат. Ошондой болсо дагы, айрым уруктук аталыштар бул уруунун курамына XV-XVI кылымдарда Моголстан мамлекетинин аймагында жашашкан көчмөн уруулардын дагы кошулгандыктарын көрсөтүшөт. Алсак, Ай тамга Жору курамындагы каракунас ургугун аталышы жана анын айрым ички бутактык бөлүмдөрү боюнча түздөн-түз Моголстан жана ага чектеш аймактардагы уруулар менен генетикалык байланышта тургандыгын күбөлөйт.

XIII кылымдагы Чынгыс хандын басып алууларынан кийин, анын экинчи уулу Чагатайга Иле дарыясынан күн батышка карай, Аму дарыясына чейинки аймак (азыркы Орто Азия, анын ичинде Кыргызстан дагы) үлүш катары бөлүнүп, бул жерлер Чагатай улусу - деген ат менен тарыхта белгилүү болгон. Ал аймакта жашаган түрк тилдүү элдер, географиялык жана климаттык чөйрөдөгү өзгөчөлүктөргө байланыштуу, XIV-XVI кылымдарда экиге бөлүнүшкөн. Иле дарыясынан Сыр дарыяга чейинки жерлерде Тянь-Шань, Алай жана Памир тоолору жайгашкандыктан, бул чөлкөмдөгү калк негизинен мал-чарбачылыгы менен алектенишкендигине байланыштуу көчмөн жашоону кечиришкен. Бул көчмөн калк өздөрүн "могол" - деп аташкан. Ал эми Сыр-дарыя менен Аму-дарыя аралыгы б. а. Мавераннахрда климат ысык болгондуктан, бул жердеги эл отурукташып жашап, жер иштетишкен. Алар "Чагатай" - деп аталышкан. Моголдор менен Чагатайлардын ортосунда карама-каршылык өтө күчтүү болуп, алар бири-бирин жектешкен. Көчмөн моголдор отурукташкан элге такай кол салып, талап-тоноп турушкандыктан, аларды Чагатайлар "жете" (каракчы) - деп аташса, моголдор болсо Чагатайлардын алардан бөлүнүп, башка элдер менен аралашып кеткендигин жектешип "Каракунас" (аралашкан аргын) - деп шылдындашкан[2]).

Жору уруусундагы Каракунас ургугу Мавераннахрдагы түрк уруулары менен этногенетикалык байланышта турушу толук мүмкүн. Бул мүмкүнчүлүктү ушул эле уруктун ичиндеги Дуулат бутагы толук бекемдей алат. Себеби Дуулат уруусу Моголстандагы негизги уруулардын бири болгон. Ушул эле уруктун дагы бир бутагынын Калмаакы - деп аталышынан да, Моголстанга жамаатташ жүрүшкөн ойрот-калмактардын изин көрүүгө болот. Ача тамга Жору бөлүгүндөгү Галча ургугу дагы Моголстандын аймагындагы Памир тоолорунун бийик жерлеринде жашаган фарсы тилдүү тоолук Галчалар (тоолук таджиктер) менен байланышат.

[1]) Абрамзон С. М., Абрамзон С. М. Этнический состав киргизского населения Северной Киргизии //ТКАЭЭ. -т. IV. -Л., 1960. Винников Я. Р. Родоплеменной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии ТКАЭЭ. -т. 1. -1956. ж. б.

[2]) Бартольд В. В. Очерк истории Семиречья. -Фрунзе, 1943. -с. 65-66.

Караев О. Чагатайский улус. Государство Хайду. Могулистан:образование кыргызского народа. -Б., 1995.

Галча уругунун бир бутагынын аты каракөтөн болушу да, Галчалардын тегинин Памирдин күн чыгыш тарабындагы Хотон аймагына багыттагансыйт. Ошол эле Ача тамганын чегир - деп аталган экинчи уругунун аталышы, Жети-Суудан күн батыш аймакты мекендешкен орто кылымдардагы Чыгыш түрк урууларынын аталышы менен дал келет.

Албетте, чегир этнонимі кыргыздын көпчүлүк урууларынын ичинде кеңири кездешет. Келтирилген мисалдардын негизинде Жору уруусу кыргыз уруулук курамындагы орто кылымдарда эле пайда болгон байыркы уруулардан түзүлгөндүгүн көрдүк. Бирок бул уруулар XIV-XVI кылымдардын аралыгында Моголстан аймагындагы айрым бир уруулардын арасында лашкандыгынын издери санжыралык маалыматтарда сакталып калган. Жору уруусунун өкүлдөрүнүн басымдуу көпчүлүгү Кыргызстандын түштүк аймагын мекендеп келишкен. Алар Ош шаарынан чыгышка карай жайгашкан Ош облусундагы Кара-Суу, Өзгөн, Алай, Кара-Кулжа райондорунда жана бул жерлерге чектешип жаткан Өзбекстандын аймактарында жашашат. Ошондой эле ушул чөлкөмгө күн чыгыш тарабынан туташып турган Кытай мамлекетиндеги Кызыл-Суу дарыясынын өрөөнүн да жердешет. Мындан тышкары Кыргызстандын ар кайсы жерлеринде Жору уруусунун айрым майда топторунун өкүлдөрү да кездешет.

Колдонулган адабияттар

Абрамзон С. М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. -Б., 1999.

Абрамзон С. М. Этнический состав киргизского населения Северной Киргизии // ТКАЭЭ. -т. IV. -Л., 1960.

Аристов Н. А. Труды по истории и этническому составу тюркских племен. -Б., 2003.

Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. Б., 1995.

Айтбаев М. Т. Кыргыз эли жөнүндөгү легендалар. -1959. -УИАсынын КЖФ, -№ 3053.

Бартольд В. В. Очерк истории Семиречья. - Фрунзе, 1943.

Винников Я. Р. Родоплеменной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии // ТКАЭЭ. -т. 1. -1956.

Маджму ат - таварих. // Материалы по истории киргизов и Киргизии, -Вып. 1, -М., 1973.

Караев О. Чагатайский улус. Государство Хайду. Могулистан:образование кыргызского народа.

Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. -Б., 2003.

Төрокан уулу Э. Кыргыздын кыскача санжырасы. -Б., 1995. -2-кит.

Адигине жана Жору уругу тууралуу тарыхый маалыматтар



Асанов Темир

Т. И. Асанов - *Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурастар институтунун улук илимий кызматкери, тарых илимдеринин кандидаты*

Санжыра боюнча Долон бийдин Ак уул жана Куу уул аттуу балдары бир энеден туулган эгиз уулдар катары айтылат. Ак уулдан оң канат, Куу уулдан сол канат уруулары тарайт. Ак уулдан Адигине, Тагай жана Муңгуш аттуу уулдары ошондой эле, алардын улуусу Наалы деген кыз жөнүндө баяндалат. Атадан эрте калган балдарды Наалы чойтуп, эрезеге жеткирет.

Оң канаттын негизги уюткусу аталган генеалогиялык ысымдардын айланасында түзүлөт. Бирок, уламышта негизги фигура катары Адигине менен Тагайдын ысымдары айтылат. "Бүткүл тарых билген карылардын кабарына караганда - деп жазат Б. Солтоноев, Тагай Кокон, Маргалаң калаасынын тегерегиндеги Ийри-Суу, Былпылдак деген жерде, бир кабарда - Ош калаасынын тоосу Сары-Бел деген жерде болжолу 1460-1470-жылдарда туулган"[1]. Көрсөтүлгөн жылдарды тарыхчы Белек Солтоноев болжолдуу түрдө гана берген. Аталган түпкү аталардын чыныгы жашаган доору мындан да кыйла кийинки замандарды камтышы мүмкүн. Анткени, этнография илиминде оозеки тарыхый маалыматтарда эскерилген генеалогиялык ысымдардын жашаган мезгилдеринин аралыгы, шарттуу түрдө 25 жылдан гана эсептелет. Илимде кабыл алынган норма ушундай. Бул жагынан алганда биздин түпкү аталар Адигине менен Тагайга чейин 15, ашып кетсе 17–18 атага чейин бара тургандыгы жана ал 450 жылдан бир аз ашыгыраак мезгилдин гана тарыхын камтый тургандыгын көрөбүз. Тагыраак болуш үчүн, 1758-ж. түндүк кыргыз урууларынын башкы бийи катары Кытай даректеринде эскерилген жана 90 жаштан өтүп калган, Мааматкул бийдин[2] түпкү аталарынын жашаган жылдарын мисал катары чыгарып көрүү менен, оюбузду ырастасак.

Аталган инсандын тарыхый булакта көрсөтүлгөн жашы боюнча болжолдоп алганда ал 1668-1670-жылдарда туулган. Орто эсеп менен Мааматкул бийдин ата-бабаларынын жашаган жылдары: Үчүкө 1645-1655-жж., анын атасы Сарсеит 1620-1630-жж., анын атасы Сүтөй 1595-1605-жж., анын атасы Манап 1570-1580-жж., анын атасы Дөөлөс 1545-1555-жж., анын атасы Кылжыр 1520–1530-жж., анын атасы Тагай 1495–1505-жылдардын ар-жак, бер-жагы менен байланышкан болуп чыгат. Демек, Адигине жана Тагай бабаларыбыздын тарыхта жашаган доору жана ишмердүүлүктөрү XVI к. баш чендерине, көбүнчө аталган кылымдын төрү тууралуу, айрым окуялар эскерилет.

Инилери бойго жеткенде эжеси Наалы малды Адигинеге, бийликти Тагайга жана чарбаны Муңгушка бөлүп берет. Бийликтин айынан Адигине Тагайга нааразы болуп ич ара келишпестик пайда болот[3]. Экинчи бир уламышта Адигине менен Тагай, энчи бөлүү тоюн өткөрүп, кыргыздын салты боюнча малды, жерди, элди экиге бөлөт. Оштун Кара дарыясын чек кылып, күн батыш жагын Адигине бий, күн чыгыш жагын Тагай бий алган. Энчи бөлүшкөндө эки жаат болуп, ордо атышат. Бул адат эле, ордонун айынан чыр чыгып, эки тарап чабышат. Чыр араң басылып, Адигине менен Тагайдын ортосундагы кастык күчөйт. Натыйжада, Тагай өз элин гана башкарып калат. Анын ээлеген жерлерине башы Ат-Башы, батышы Наманган, аягы Кетмен-Төбө, Чаткалга чейинки жерлер кирет[4] .

Баамдаган кишиге бул маалыматтар, кайсы бир деңгээлде оң канаттын ичиндеги өз ара бөлүнүү, аныгында алардын саясий эки бутакка ажырашын чагылдырып жаткандыгын көрүүгө болот. Көрсөтүлгөн аймактар, өзгөчө Кара дарыянын алабы санжыранын башка варианттарында дагы Адигине менен Тагайдын энчи бөлүшкөн жери катары айтылат[5].

---

[1] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Бишкек, 1993. 1-китеп, -86-6.

[2] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары (Б.з.ч. II к. - XVIII к. Кытай булактарынан үзүндүлөр) 2-том. - Бишкек, 2003. - 112-б.

[3] Айтбаев М.Т. Кыргыз элинин чыгышы жөнүндөгү легендалар. // №4095. -47-6.; Абдыш Мамбетиса уулу. Салттуу элдин санжырасы // Кыргыз айылы. 1991. №12 .-43-6.

[4] Бала Айылчынын санжырасы // Кыргыз санжырасы. -Бишкек, 1994. -180-6.; Байгаринов М. Кыргыз элинин санжырасы // №564. 11-6.

[5] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. -Бишкек, 1993. 1-китеп, -86-87-6.

Ал тургай, А. Н. Бернштам талдоого алган "Батыш аймактарынын географиялык жазылышы" ("Си-юй-чжи") аттуу 1782-жылга таандык кытайдын даректүү тарыхында, батыш жана чыгыш кыргыздары жөнүндө маалыматтар келтирилип, алардын чеги катары Кара дарыя көрсөтүлгөн[1].

Тарыхый булакта кыргыздардын чыгыш бутагынын ээлеген аймактары, Кара-Буура суусунун (Талас суусунун сол куймасы) жогорку алабына чейин созулаарын белгилейт. Ушул маалыматты чечмелөөгө аракеттенген А. Бернштамдын пикиринде, кытай тарыхында батыш жана чыгыш кыргыздары - деген аталыш, Адигине жана Тагай - деген эки конфедерациянын бөлүнүшүн эске алган.

Уламыштагы маалыматтар жана А. Бернштам талдоого алган кытай дарегинде, Кара дарыя чыгыш жана батыш кыргыздарынын чеги катары көрсөтүлүшү, анын тарыхый географиялык аймак экендигин айгинелейт. Андыктан, аталган булактардагы тарыхый маалыматтарда Кара дарыянын алабы, оң канат кураманын саясий тарыхында түндүк кыргыз урууларынын башын бириктирген Тагай, түштүк кыргыз урууларынын башын бириктирген Адигине бутактарынын өсүп чыгышындагы маанилүү тарыхый район жөнүндө кабар берип жаткандыгын баамдайбыз.

А. Бернштам талдоого алган кытай дареги боюнча чыгыш бутагына кирген беш уруунун ичинен Сарыбагыш жана Саяк гана белгиленип, ал эми батыш кыргыздарындагы 15 уруунун ичинен Адигине, Моңолдор, Черик жана Басыз урууларынын эскерилген. Кыязы, аталган булакта, эки саясий бутактын курамына кирген уруулар толук эскерилген эмес. Бирок, 1763-1770-жылдардын аралыгында негизинен Чыгыш Түркстандагы кытай бийлигинин аскер төбөлдөрүнүн жеке байкоолорунун негизинде түзүлгөн жана жогорудагы булакка аталышы уйкаш "Си-юй-чжи" ("Батыш аймактарыныан баяны") аттуу тарыхый даректе, кыргыздардын түштүк бөлүгү тогуз уул ("то-го-со-хо-лэ") жана түндүгү кыргыз ("кэ-эр-гэ-ци-сы") бутактарынан тургандыгы жөнүндө баян орун алган. Анда, мындан 330 жыл илгери, башкача айтканда XV к. орто ченинде, кыргыздар кайсы бир баш аламандыктан сактаныш үчүн тоолорго качып келип байырлашкандыгы жана 220 жыл мурун алар өз-ара сүйлөшүп, тынчтык жол менен "кыргыз" жана "тогуз уул" - деген теңме-тең эки бутакка ажырагандыгын санжырачылардан жазып алышкан[2].

"Акырындык менен элдер кобойо берди, жайыт бардыгына жетишпеди жана ушунун айынан жер үчүн күрөш башталды. Алар (кыргыздар, Т. А) мындан 220 жыл мурун өз ара тынчтык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, элди теңме-тең экиге, түндүккө жана түштүккө бөлүштү. Түштүгү тогуз уул ("То-го-со-хо-лэ"), түндүгү кыргыз ("кэ-эр-гэ-ци-сы") аталды. Бутактын аталышы илгертен түпкү уруунун аты саналат. Ар бири ич ара дагы салааларга ажырайт".

Эл оозунан кытай тоболдорү жазып алган бул маалымат, кайсы бир деңгээлде комментарияланып чечмеленгени сезилип турат. Бирок, кыргыздардын түндүк жана түштүк бутагы жөнүндө сөз кылганда, тарыхый булак алардын аймактык жайгашуусун эле эске алганбы? Анткени, кыргыздар түндүк жана түштүк - деп бири-бирин эч убакта өз ара болгон эмес. Тарыхый булактагы "тогуз уул" этноними да өтө кызыгууну туудурат. Санжырада "тогуз уул" этноними учурабаса дагы сол канат тогуз уулдан тураары туруктуу айтылат. Ичкилик тобу дагы айрым убактарда тогуз уулдан, айрым убактарда он уулдан экендиги санжыранын кээ бир варианттарында эскерилет.

[1] Бернштам А. Источники по истории киргизов в XVII века // Вопр. истории. -1946. -№11-12. -С. 127.

[2] Супруненко Г.П. Материалы из китайских источников по истории киргизов XVIII -начала XIX вв. // РКФ НАН КР №5187№5187. -С.78.

Тарыхый булактагы "тогуз уулдун" курамында Кыпчак, Каратегин, Багыш, Адигине, Бөрү, Найман, Жору, Төөлөс этнонимдеринин эскерилгендигине караганда, сөз түштүктөгү ичкилик жана оң канат урууларынын жөнүндө гана жүргөн [1]. Ошондуктан, кыргыздардын уруулук түзүлүшү жөнүндө жеткилең маалымат алган кытай адистери, мында урууларды түндүктө жана түштүктө жайгашкан аймактарын гана эске албастан, кайсы бир деңгээлде алардын этносаясий уюмдашуусу жөнүндө да кабар берип жаткандыгын баамдайбыз.

Жогоруда белгилегендей кыргыздардын түштүк бутагына Кыпчак, Каратегин, Багыш, Адигине, Бөрү, Найман, Жору, Төөлөс урууларынын кирген болсо анын түндүк бутагына Саяк, Сарыбагыш, Кытай, Кушчу, Саруу, Моңолдор, Солто, Ават, Мундуз, Басыз черик урууларынын кирген[2]. Тегинде бул маалыматтар, кыргыздардын саясий уюмдашуусун билүүгө кызыкдар болгон кытай төбөлдөрү үчүн, урууларынын этникалык түзүлүшүнө караганда, алардын чыгыш (түндүк) жана батыш (түштүк) аймактарында жайгашкан бутактарынын саясий түзүлүшүнө маани бергенин көрөбүз.

Ошондуктан, Чыгыш Түркстанды басып алып, батыштагы аймактарга өзүлөрүнүн үстөмдүгүн орнотууну көздөгөн кытай бийликтеринин бул маалыматтары, кыйла эле так болууга тийиш. Анткени, XVIII кылымдын экинчи жарымындагы түзүлгөн саясий абалга ылайык, оң канаттын чөйрөсүндө мурдатан калыптанып калган саясий жана аймактык негиздеги уруулук эки бирикме жашап турган. Саясий эки бирикменин келип чыгышы, кыргыздардын Теңир-Тоо менен Памир-Алай аймактарынан - Ферганын тоо этектериндеги түздүктөргө чейинки жерлерди толук өздөштүргөн тарыхый процесстерге байланышып, алардын саясий уюмдашуу түзүлүшүнө олуттуу таасир тийгизгендигине улам башталган.

Ошол мезгилдеги түзүлгөн абал оң канаттагы жана сол канаттагы саясий тең салмактуулуктун бирдей абалда сакталышын камсыз кылбаган жана болжол менен XVI кылымдын экинчи жарымында Оштун үстү Кара дарыяда оң канат уруулук бирикмеси, Адигине жана Тагай деп аталган эки саясий бутакка ажыраган. Ушул тарыхый окуядан 200 жылдан ашык мезгил өткөндөн кийин, XVIII кылымдын экинчи жарымындагы кытай даректеринде, Адигине жана Тагай бутактары батыш ("түштүк" - "тогуз уул") жана чыгыш ("түндүк" - "кыргыз") кыргыздары - деп аталган уруулук саясий бирикмени (конфедерацияны) түзүп турушкан[3]. Ошол даректеги чыгыш (түндүк) бутагынын ээлеген аймактарынын чеги Кара-Буура суусуна чейин барышы, кыргыздардын саясий уюмдашуусунун адепки мезгилдеринен тартып, сол канат уруулук тобу саясий жактан Тагай бутагына кошулуп тургандыгын айгинелеген. Кыргыз элинин мындан кийинки саясий түзүлүшүнүн өнүгүшүндө аталган Адигине ("тогуз уул") жана Тагай ("кыргыз") бутактары, аныктоочу күчкө ээ болгон. Иш жүзүндө бул эки бутак, кыргыздардын орто кылымдагы саясий мамлекеттик түзүлүшүнүн салттарын улантуучу катары, тарыхый аренага чыккан. Өзүлөрүнүн аталышын түпкү аталарынын ысымынан алып жүргөн бул саясий бирикмелердин жогорулашы, аталган географиялык чөлкөмдөрдө (түндүктө жана түштүктө) алардын саясий жактан чечүүчү роль ойноп келгендиги менен байланышкан.

XVIII кылымда аталган чөйрөдөн чыккан Ажы бий, Мааматкул бий XIX кылымда Алымбек датка менен Ормон хан сыяктуу жана башка белгилүү инсандардын эл бийлеп тургандарын мисал катары эске алсак болот.

[1] Супруненко Г.П. Материалы из китайских источников по истории киргизов. XVIII - нач. XX вв. -С.3.

[2] Супруненко Г.П. Материалы из китайских источников по истории киргизов XVIII - начало XIX вв. -С.2-3.

[3] Бернштам А. Источники по истории киргизов в XVII века//Вопр. истории. -1946. -№11-12. -С. 127.

Кыргыздар бул мезгилдерде тышкы саясий маселелерин чыңдоо багытында дагы, жигердүү аракеттерди жүргүзө башташкан. Алардын Чыгыш Түркстанга ыктай жайгашкан уруулары мурдагыдай эле, могол хандарынын саясий иштерине дайыма кийлигишүү менен чөлкөмдөгү тең аталыкты жана өз алдынчалыкты сактап келген. Кайсы бир деңгээлде ушундай тарыхты Ферганын тоо этектериндеги кыргыздар башынан кечирип шейбанилер жана андан кийин аштарханийлер, кийинчерээк Кокон хандыгы менен болгон мамилелеринде өз алдынча саясат жүргүзүүгө өтүшкөн, алтургай алардын ички иштерине кийлигишкен.

Эми биз ушул оң канаттын курамындагы Адигине уруусунун бир бутагын түзгөн Жору уругу тууралуу айрым бир тарыхый кабарларга сереп салсак. Санжыра маалыматтарын эске албаганда, Жору уругу жазма кабарларда алгачкы жолу XVIII кылымдын экинчи жарымындагы кытай дареги "Си-юй-чжи"-"Батыш аймактарынын баянында" түштүк (батыш) кыргыздарынын курамында эскерилет. Анда мындай - деп айтылат: "Ош жергеси буруттардын 7 уруусунун (кармыш, жору, ардай, мөнөк. бөрү, баргы, кара багыш, коңурат) конуш журту"[1].

Ал кезде Кытай императорунун экспансиялык саясатында, өзүлөрүнө каратып алууну көздөгөн батыш чөлкөмдөрдүн катарына Теңир-Тоо, Алайга чейинки жерлер кирген. Бул максаттарды ишке ашыруудан мурда, Синьцзяндагы Кытайдын аскердик бийлик төбөлдөрү, аталган чөлкөмдөр жана ал жакты жердеген элдер тууралуу тарыхый-географиялык кабарларды жыйноону биринчи орунга коюшкан. Бирок, каратып алуу саясатын ишке ашыруруга көзү жетпеген Цин-Кытай бийликтери, кыргыз уруу башчыларына чабармандарын жөнөтүп, формалдуу түрдө императордун бийлигин таануулаган жана кыргыз жерлерин кошуп алууга доомат арткан саясий жана экспансиялык иштер менен гана чектелишкен.

Жору уругуна тиешелүү соңку маалыматтар орус булактарында эскерилет. Өзгөчө 1870-жылдардын орто ченинде, кыргыз урууларынын Кокон хандыгы менен мамилесинин курчуган мезгили жана андан кийинки, Россия империясынын каратып алуу мезгилинен тартып, колониялык саясатты ишке ашыруу, падышачылыктын административдик жана агрардык маселелерин киргизүүгө байланышкан жагдайлардан улам, Жору уругуна тиешелүү айрым маалыматтарды учуратабыз. Маселен, Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшкө чыккан түштүк кыргыз урууларынын айрым топтору, 1874-ж. Түркстандагы колониялык бийликтерге кайрылып, орус букаралыгына отүүнүн аракетин кылышкан. Алардын катарында тизмеси берилген 42 уруу-уруктардын катарында, адигинеге кирген төмөндөгү топторду учуратабыз: кара багыш - 1000 түтүн, башчылары молдо Кожомберди бий жана Бала пансат; кара багыш - 2000 түтүн, башчылары Тилеке пансат жана Акбаш бий; могол - 2000 түтүн, башчылары Нашимбек бий жана Шыккара бий; бөрү - 1500 түтүн, башчысы Тыныбек датка; даңгырбай - 1500 түтүн, башчысы Досмухаммед датка; тасма - 1500 түтүн, башчылары Суран датка жана Мурза бий; кара баргы, сары баргы, тас баргы - 3000 түтүн, сабай - 2000 түтүн, башчысы молдо Басен (Касен) датка; ай тамга, ача тамга - 2000 түтүн, башчылары Тайчыбек датка жана Суран бай; баргы - 5000 түтүн, башчысы Абдулла бек; тоокетюбит (төбөй?) - 2000 түтүн, башчылары Байкожо жана Баргы бий; баш бөрү - 2000 түтүн, башчылары молдо Ашыр жана Узак датка[2].

Кокон хандыгына каршы көтөрүлүштүн биринчи этабында (1873-1874-жж.) жеңилүүгө учураган кыргыздар, Түркстан бийликтеринен колдоо изден, алардын карамагындагы жерлерге көчүп баруу аракетин кылышкан. Бирок, Кокон хандыгы менен келишим курган Түркстандагы колониялык бийликтер, алардын отүнүчүн четке каккан.

[1] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары (Б.з.ч. II к. - XVIII к. Кытай булактарынан үзүндүлөр) 2-том. - Бишкек, 2003. 231-б.

[2] Материалы, собранные Морозовым О.Д. по истории Кокандского ханства. 1947./ Кыргыз Республикасынын УИАнын кол жазмалар фонду. №81. 75-76-б. (түп нускасы: ЦГИА Респ. Уз. Ф.1, оп.1, д.320, л.л.10-11.).

Бул окуяга жалпы катышкан кыргыздын 42 уруу-уруктарынын саны 132500 түтүн түзгөн[1]. Түштүк Кыргызстанды Россия империясы каратып алгандан кийин, Кокон хандыгы жоюлуп, анын ордуна Фергана облусу түзүлгөн жана падышачылыктын административдик башкаруу түзүлүшү киргизилген. Кыргыздардын басымдуу бөлүгү Ош уездинин (127452 миң; 62%) карамагына кирген. Алардын калган бөлүктөрү Анжиян (107692 миң; 27%), Наманган (75849 миң; 19%), Маргалаң (63626 миң; 14%), Кокон (10938 миң; 4%) уездеринин карамагында турган[2]. Ушуга байланыштуу падышалык бийликтер, уезден төмөнкү баскыч волосторду (болуштуктарды) түзүү менен көчмөн элди болушунча майда административдик бирдиктерге ажыратып, колониялык саясатын ишке ашырууну көздөшкөн. Бул өз кезегинде ансыз да уруу-уруктарга чачыраган көчмөн элдин маданий баш кошуп биригүүсүнө динин карамагында турган. Бул тууралуу 1900-ж. орус географиялык коому мындай маалыматтарды келтирген[3].

Жору уругу жана уезди	Жайкы көчүп-конгон жерлери	Кыштоолору	Волосттор (болуштуктар)
1. Тасма. Ош уезди	Кожоке	Карагуз (Карагөз) тоолору	Гүлчө болуштугу
2. Теңизбай. Ош уезди		Кара-Кулжа тоолору	Куршаб болуштугу
3. Ача жору. Ош уезди	Алай жана Султан - Супа тоолору	Кызыл-Суу	Гүлчө болуштугу
4. Ай жору. Ош уезди	Алай тоосу	Куршаб суусу	Куршаб болуштугу
5. Карагунас. Ош уезди	Алай тоосу	Күйүк-Мазар	Ак-Буура болуштугу
6.Элчибек. Ош уезди	Алай тоосу	Кызыл-Суу жана Булак-Башы кыштагы	Булак-Башы болуштугу
7. Кадасын. Анжиян уезди			

XX кылымдын башында Кытайдын Синьцзян провинциясына кирген Кашкария аймагы тууралуу орус генералдык штабынын офицери маалымат чогултткан. Анда Чыгыш Түркстандагы кыргыздар тууралуу бир катар баалуу кабарлар берилип, анын ичинде Адигинеин Жоош жана Жору уругу жөнүндө төмөндөгүлөр келтирилген. Мисалы, Кашкар уездинин Улук-Чат бектигинде 200 түтүн Жоош, Кара-Терек бектигинде 100 түтүн Жору, Игынь бектигинде 150, Курук-Сакал (Кагара-Чалды) бектигинде 150, Токой-Башы бектигинде 70 түтүн Жоош уруктарынын жайгашкандыгы эскерилет[4].

Жору уругу волосттор боюнча		Чарбасынын саны	Калкынын саны
Алай	болуштугу	22	113
Гүлчө	болуштугу	565	4510
Капчыгай	болуштугу	365	2378
Куршаб	болуштугу	295	1914
Баардыгы		1247	8915

[1] Усенбаев К. Присоединение Южной Киргизии к России. Фрунзе, 1960. - С.72.

[2] Усенбаев К. У. Общественно-экономические отношения киргизов. Вторая половина XIX - начало XX в. - Фрунзе, 1980. - С.44; 117.

[3] Известия Туркестанского отдела ИРГО.Т.II. Вып. I. - Ташкент, 1900. - С.102.

[4] Кашгария или Восточный Туркестан. Опыть военно-статистического описания . составитель подполковник генерального штаба Корнилов. - Ташкент, 1903. - С. 233-234.

Ош уездинин волостторунда жайгашкан Жору уругунун жалпы саны тууралуу маалыматтар, 1913-жылкы Түркстандагы эл каттоонун жыйынтыктарынын негизинде берилген[1].

Статистикалык маалыматтар көргөзгөндөй XX к. баш чендеринде Жору уругунун калкынын саны болгону 8915 адамды түзгөн. Бирок көрсөтүлгөн сан, аталган уруктун калкынын эсебин толук чагылдырбашы да ыктымал. Анткени, көчмөн турмушта жашаган элди каттоо жана алар тууралуу маалымат чогултуунун өзү, колониялык бийликтер үчүн кыйынчылыкка турган. Алар көчүп-конуп туруктуу бир жерди байырлабагандыктан, колониялык бийликтер тарабынан кыргыз урууларынын статистикалык каттоого алынышынын так экендиги күмөндүүлүктү туудурат.

Жору уругу тууралуу баалуу маалыматтар Кара Кыргыз автономиялуу облусу түзүлүп, кийин ал Кыргыз автономиялуу советтик республикасына айландырылган мезгилде жүргүзүлгөн социалисттик кайра түзүүлөргө байланыштуу учурайт. Бул маалыматтар 1924-1926-жж. түзүлгөн жана ал Орто Азияны улуттук мамлекеттерге бөлүштүрүүдөгү чек ара маселесин чечүүгө байланыштуу иштелип чыккан. Андыктан, бул документте Жору уругунун ээлеген конуш-жайыттары тууралуу толук маалымат берилген. Анда биринчи кезекте, Кыргыз автономиясынын чегинде жайгашкан төмөндөгү волосттордогу Жору уругу тууралуу маалыматтар келтирилген.

Ак-Буура волосту, Жору - Мырзакул.
Кашкар-Кыштак волосту, Жору - Барак.
Куршаб волосту, Жору - Акылбек, Кайнар, Тасма.
Караташ волосту, Жору - Ача-тамга.
Өзгөн волосту, Жору - Тасма.
Алай волосту, Жору - Калдай.
Турук волосту, Жору - Абдал, Калдай, Кырбаш, Сатыбай[2].

Мындан сыртқары Жору уругу жайгашкан же алар ээлеп турган конуштардын, кыштоолордун аталыштары берилген топонимикалык маалыматтар дагы, бир кыйла баалуу материалдардан. Анткени, анда Жору уругунун конгон жерлеринин, ичкен сууларынын толук аталыштары берилген. Мисалы, Гүлчө волостундагы Жору уругу көчүп-конгон кыштоолордун, журттардын төмөндөгү топонимикалык жана гидронимикалык аталыштары келтирилген. Балким, аталыштардын көбү бүгүнкү күндө сакталбай унутулуп калышы ыктымал, бирок ал өзүнчө сөз кыла турган жана иликтене турган маселе. Документте бул аталыштар орус тилинин грамматикасына ылайыкталып, кээ бир учурларда бурмаланып жазылганына карабастан, биз аларды түзөтүү менен бергенге аракет кылдык.

Жору. Гүлчө 2: Ойпиете (Ойміете), Каратүп, Кара-Булак, Шатра-Мазар, Ийри-Жар, Ак-Терек, Кызыл-Жар, Кызыл-Кол, Күрүлдөй, Жатма-Булак, Коргон, Буваткыр, Караташ, Шоро, Кара-Жыгач, Кызыл-Үтөк, Чатыр-Таш, Унгур (Үңкүр), Элчибек-Кыштоо, Кызыл-Талаа, Зиндан, Сары-Камыш, Кутурма, Мук-Төбө, Кара-Тепе.

Суулар, булактар: Элүү-Булак, Тока, Коңур-Булак, Жийде, Гүлчө суусу, Кызыл-Суу, Кашка-Суу, Кара-Булак, Шатра-Булак, Атрек-Булак, Кызыл-Булак, Мазар-Булак, Жатма-Булак, Сасык-Булак, Сүгүт-Булак, Ак-Булак, Кашка-Суу, Кара-Жыгач, Сасык-Булак, Үңкүр-Булак, Чашма-Булак, Шайназар-Булак, Тогуз-Булак, Май-Булак, Жылуу-Булак, Таш-Булак, Көк-Булак, Кайынды-Булак, Эл-Булак, Жартүп-Булак.

[1] Материалы по изучению родового деления киргиз. Список главнейших родовых групп киргиз. КАО 1926 // Составлен по материалам обследования и прокорректирован опросным порядком стариков и знатоков киргизской истории. Н. С. Ладушев. Кыргыз Республикасынын УИАнын КЖФ. №1663. - С.9.

[2] Материалы по изучению родового деления киргиз. УИА КЖФ. №1663. - С.6-8.

Жору. Капчыгай 2: Кайынды, Таш-Күрөн, Кырк-Күңгөй, Сары-Камыш, Сары-Таш, Алмалык-Мазар, Таш-Кыя, Бел-Күчүк, Тастар-Ата, Ак-Терек, Кызыл-Булак, Жалпак-Таш, Ничке-Жылга, Ителги-Уя, Акбар, Шыралжын-Талаа; Суулары: Кайынды, Кара-Кулжа, Тар, Буйга, Жалпак-Таш, Кызыл-Жар; Булактары: Кызыл-Булак, Кара-Булак, Күл-Булак, Ташбулак.

Алай 4. Шарт (Жарт), Муз-Булак.

Жору. Куршаб 2: Кызыл-Жар, Таш-Кыя, Кара-Таш, Кичкине, Жарчолок-Күрбы (Күрбү), Караташ-Булак, Берке-Чоң, Жети-Тепе, Сары-Жыгач, Биритал, Капчыгай, Сүгүт, Ак-Терек, Кайрагач, Жаншүгүр (Джанчүкүр), Алтын-Курук, Сүгүндү, Жол-Жылга, Чирдой; Суу: Кара-Күз. Булактар: Жаңы-Суу-Булак, Капчыгай-Булак, Көл-Булак, Ак-Жар булак[1].

Биздин оюбузча бул географиялык аталыштарды тактап изилдеп чыкса дурус болоор эле. Ал жеке эле Жору уругунун бир мезгилдерде жайгашкан конуштарын тактоо маселеси менен гана байланышпастан, кыргыз топонимикалык аталыштарын изилдөөдө багытында да, баалуу булактардан боло алмак.

Жору уругунун тарыхын изилдөөдө, анын ички этникалык түзүлүшүн же болбосо, анын курамын түзгөн майда бутактардын, топтордун куралышына көңүл буруунун илимий мааниси бар. Анткени, анын курамындагы айрым этнонимдер же генонимдер, орто кылымдардагы кайсы бир көчмөн уруу-уруктардын аты менен үндөшүп кетиши ыктымал. Бул багыттагы иш-аракеттер, балким кезеги келгенде, Адигине урууусунун этникалык тарыхын изилдөөдө өз натыйжасын бериши мүмкүн. Ошон үчүн Жору уругуна байланыштуу айтылган же жазылып алынган санжыра маалыматтарын талдап, аны дагы тереңирээк салыштырып изилдеп чыгуунун зарылчылыгы бар.

Биз ушул максатта улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып турган Жору уругуна тиешелүү айрым санжыра маалыматтарын келтирсек.

Жору уругу Ай тамга жана Ача тамга - деген эки бутакка бөлүнгөн. Ай тамга жорулага: Элчибек, Жакып, Жайчы, Көрөк, Барак, Бешабышка, Эсеке, Кыдыралы топтору кирген. Ал эми Ача тамгага: Мырзакул, Күнчубак, Каракунас, Калмакы, Чогойлочу, Калдыркылчак, Кожо, Тасма топтору кирген[2].

Ушундай маалыматты Алай районунун, Жошолу айылдык кеңешине караштуу Үчарачынын айтуусу боюнча Жорудан Ача жана Ай туулган. Ачадан - Элчибек, Эсек, Ийрек, Кырчак, Кыдыраалы, Жаныбек таралган. Ал эми Айдан - Мырзакул, Кожо, Күнчубак, Калмаакы, Теңизбай, Тасма жана башкалар таралган.

Биз жогоруда сөз кылган тарых маалыматтары Жору уругунун чоо-жайын тереңирээк иликтеп берүүгө албетте аздык кылат. Бирок, аз болсо да маалыматтарды улам четтен топтой бергенибиз биз үчүн пайдалуу эмеспи. Анткени жылгадан агып өзөнгө куйган булак суусундай, Жору уругунун тарыхы да, элибиздин тарыхынын ажырагыс бөлүгү.

[1] Материалы по изучению родового деления киргиз. Кыргыз Республикасынын УИАнын КЖФ. №1663. - С.20.

[2] А й т б а е в М.Т. Кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндө легендалар. Кыргыз Республикасынын УИАнын КЖФ. № 4095. - 154.

Колдонулган булактар жана адабияттар:

Айтбаев М. Т. Кыргыз элинин чыгышы жөнүндөгү легендалар. //№4095. -47-б.
Абдыш Мамбетиса уулу. Салттуу элдин санжырасы. //Кыргыз айылы. 1991. №12.-43-б.
Бала Айылчынын санжырасы // Кыргыз санжырасы. -Бишкек, 1994. -180-б.
Байгаринов М. Кыргыз элинин санжырасы //Кыргыз Республикасынын УИАнын кол жазмалар фонду №564. 11-б.
Бернштам А. Источники по истории киргизов в XVII века // Вопр. истории. -1946. -№11-12. -С. 127.
Известия Туркестанского отдела ИРГО. Т. II. Вып. I. - Ташкент, 1900. - С. 102.
Кашкария или Восточный Туркестан. Опыть военно-статистического описания. Составитель подполковник генерального штаба Корнилов. - Ташкент, 1903. - С. 233-234.
Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары (Б. з. ч. II к. - XVIII к. Кытай булактарынан үзүндүлөр) 2-том. - Бишкек, 2003. - 112-б.
Материалы, собранные Морозовым О. Д. по истории Кокандского ханства. 1947. Кыргыз Республикасынын УИАнын кол жазмалар фонду. №81. 75-76-б. (түп нускасы: ЦГИА Респ. Уз. Ф. 1, оп. 1, д. 320, л. л. 10-11.)
Материалы по изучению родового деления киргиз. Список главнейших родовых групп киргиз. КАО 1926 г. Составлен по материалам обследования и прокорректирован опросным порядком стариков и знатоков киргизской истории. Н. С. Ладушев. Кыргыз Республикасынын УИАнын КЖФ. №1663. - С. 9.
Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. -Бишкек, 1993. 1-китеп, -86-87-б.
Супруненко Г. П. Материалы из китайских источников по истории киргизов XVIII-начала XIX вв. Кыргыз Республикасынын УИАнын кол жазмалар фонду №5187№5187. -С. 78.
Усенбаев К. Присоединение Южной Киргизии к России. -Фрунзе, 1960. - С. 72.
Усенбаев К. У. Общественно-экономические отношения киргизов. Вторая половина XIX - начало X X в. - Фрунзе, 1980. - С. 44; 117.

Түштүк кыргыздарынын XIX кылымдагы бөштөндүк кыймылдары - биримдикке жана мамлекеттүүлүккө умтулуунун башаты


Бедалбаев Аскар

А. Беделбаев - *Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Тарых жана чолком таануу факультетинин деканы, профессор.*

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 27-январындагы "Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп үйрөнүүнү тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгында "Кыргызстандын өнүгүүсүндөгү башка тарыхый мезгилдердин бүтүндөй катмарлары да ишенимдүү булактардын базасында терең изилдөөнү талап кылат. Тилекке каршы, кылымдар жана ондогон жылдар бою Кыргызстандын тарыхынын дазалуу бактары этибарга алынбай жана саясий конъюктурадан улам бурмаланып келген", - деп белгиленген.

2014-жылы 14-октябрда Кыргыз Республикасынын Президенти А. Ш. Атамбаев тарых илимин өнүктүрүү боюнча мамлекеттик комиссиянын мүчөлөрү менен жолугушууда жогорудагы оюн бекемдөө менен тарых боюнча илимий эмгектерди жана ал Кыргызстандын элинин биримдиги менен мамлекеттүүлүгүн чыңдоого кызмат кылышы керек экендигин баса көрсөттү.

Андыктан кыргыз тарыхындагы "ак тактарды" толуктоо учурдагы эң олуттуу маселе болуп эсептелет. Ал үчүн кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхын ар түрдүү булактардын негизинде объективдүү изилдөө, кыргыз элинин калыптанышына уруулардын жана тарыхый инсандардын кошкон салымын көрсөтүү зарыл.

Кыргыз санжырасында уруу-уруктардын бөлүнүшүн көрсөтүү элди ажырымга алып келбестен түпкүлүгү бир экендигин көрсөтүүгө багытталган. Кыргыз элинин XV-XVI кылымдарда калыптанышында оң, сол канаттары менен ичкилик тобу негизги ролду ойногондугу белгилүү.

Оң канатка кирген, Адигеneден тараган негизги уруларга Жору, Бөрү, Баргы, Кара багыш жана Сарттар кирип, негизинен Фергана өрөөнүн жана Алайды мекендешкен. Белгилүү изилдөөчүлөр С. М. Абрамзон жана С. Аттокуров аларды кыргыз элинин этникалык ядросун түзгөн байыркы уруулар - деп эсептешкен. Акыркысынын пикири боюнча Адигене Моголистандын жана Амир Темирдин тушунда жашаган тарыхый инсан болуп саналат. Биздин оюбузча көпчүлүк уруулардын пайда болушу байыркы мезгилдерге кетет. Антикени, тотемдик-жаныбарлардын аттары менен байланышкан уруу аталыштары кыргыздар ислам динин кабыл алганга чейин эле берилгендиги белгилүү. Андыктан, алар Кыргызстандын кеңири аймагына таралышкан. Демек, алардын ичинде Жору уруусу да кылымдардын тереңинен бери түрк элдеринин курамына кирген - деп божомолдоого болот. Алардын көптөгөн инсандары түрк каганаты жана кыргыз мамлекетин түптөөгө катышкандыгы да талашсыз. Бирок, партиялык-тоталитардык режимдин кесепетинен жүздөгөн ысымдар унутулуп, мезгилдин бүктөмдөрүндө калган. Аларды табуу жана тактоо үчүн элдик оозеки адабиятты, санжыраны, араб, фарсы, кытай ж. б. тилдердеги булактарды кылдат изилдөө зарыл.

Бул багытта эгемендүүлүк жылдары алгылыктуу иштер жүргүзүлүп, кыргыз урууларынын теги, өнүгүшү жана тарыхый инсандары жөнүндө ондогон илимий, илимий-публицистикалык эмгектер жаралды. Ошентсе да тактоону жана ар тараптуу иликтөөнү талап кылган маселелер али да арбын. Алардын бири Фергана өрөөнүндөгү кыргыз жана башка элдердин, алардын ичинде Адигене бутагынын Жору уруусунун XIX кылымдагы Кокон хандыгынын эзүүсүнө жана орус падышачылыгынын баскынчылыгына каршы күрөшүн изилдөө болуп саналат.

Өзбек тарыхчысы Х. Бабабековдун аныктоосу боюнча 1709-1876-жылдары Фергана өрөөнүндө Кокон хандыгына каршы 33 ири көтөрүлүш болсо, анын жетисин кыргыздар түздөн-түз уюштуруп, калгандарына жигердүү катышышкан.

Алардын эң ирилери Кокон хандыгынын эзүүсүнө жана Россия империясынын баскынчылыгына каршы 1873-1876-жылдары жүргүзүлгөн элдик-бөштөндүк күрөшү жана 1898-жылы орус падышачылыгынын колониялдык саясатына каршы чыккан Анжиян көтөрүлүшү болуп саналат.

Биринчи элдик-бөштөндүк көтөрүлүш эки этапка бөлүнөт. 1873-1874-жылдары Фергана өрөөнүндөгү элдер Кокон хандыгынын эзүүсүнөн кутулуу үчүн күрөшкө чыгышып, 1875-жылы июль айында Кудаяр хандын аскерлерин талкалагандан кийин, алардын калдыктары Ташкенттеги орус бийлигинен колдоо издешкен.

Жалпысынан кыймылга Фергана өрөөнүндөгү көчмөн жана отурукташкан элдер тартылган. Алардын башында 29 жаштагы Искак Асан уулу (Бостон) Полот хан турган. Орус тарыхчысы М. А. Терентьев: "1873-жылы бунт чыкты. Кайсы бир эч кимге белгисиз Пулат

хан деген неме өзүн Алим хандын кичүү уулумун - деп ишендирип, каалоочуларды таланотоного чакыра баштады", -деп жазган. Күрөшкө Жору уруусунун башчылары Тойчубек датка, Атабек наиб, Султан наиб Тойчубек уулу, Мухаммед датка, Суран датка сыяктуу ондогон эр-азаматтар жигиттери менен жигердүү катышышкан. Ош, Көк-Арт, Өзгөн, Алай, Сох, Баткен, Лейлек, чөлкөмдөрүндө туташ алоолонгон күрөшкө катышпаган кыргыз уруулары болгон эмес. Т. Кененсариевдин пикири боюнча көтөрүлүштүн биринчи этабында эле 42 уруу же 132500 түтүн кыргыздар боштондук кыймылына тартылган.

1873-жылы жазында Мамыр Мерген уулу жетектеген Анжиян шаарынын айланасындагы кыргыздар Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшкө чыгышкан. 1874-жылы май айында кара-кулжалыктар Мамыр Мерген уулунун жетекчилиги алдында Өзгөн шаарын убактылуу ээлешкен. 1874-жылы 15-июлда орус отряды Мамыр Мергенди туткундап, Лепсинск станицасына жөнөтүлгөн. Падыша өкмөтү Кудаяр хандын бийлигин колдоого алып, көтөрүлүүчүлөргө терс мамиле кылган.

Кокон хандыгындагы социалдык-экономикалык эзүүнүн күчөшү, алык-салыктын үч эседен ашык көбөйүшү көтөрүлүштүн башталышынын негизги себеби болгон. Көтөрүлүшкө чыккандардын максаты эзүүдөн кутулуп, адилеттүү бийликти жана өз мамлекеттүүлүгүн түзүү болгон. Кыймыл кыргыз элинин биримдигинин чыңдалышына, коомдук ан-сезимитябрына чейин көтөрүлүш Кокон бийлигине каршы багытталса, андан ары орус баскынчыларына каршы күрөш менен уланган.

1875-жылы июнь айында Полот хан Өзгөн тараптагы бир нече миң кошуун менен Конго жүрүш баштап, ага Өзгөн, Жалал-Абад, Кара-Суу, Оштун тургундары массалык түрдө кошулушкан. Натыйжада июнь-июль айылдарында Ош, Кара-Суу, Жалал-Абад, Сузак көтөрүлүшчүлөрдүн карамагына өткон. Бул көтөрүлүшкө өрөөндө жашаган Жору уруусу да катышкандыгы талашсыз.

Кокон хандыгындагы абалды байкап туруу үчүн орус бийлигинин өкүлү Г. Вейнберг башында турган казак-орустардын тобу шаарга 13-июлда келген. Орус аскерлеринин келиши кырдаалды кескин курчуткан.

20-июлда Кудаяр хан Түркестан генерал-губернатору К. П. Кауфмандан жардам сурап, расмий кат жөнөткөн. Ошол эле күнү Г. Вейнберг Сыр-Дарыя аскер губернаторуна Кокон шаарына бир батальон аскер жөнөтүү өтүнүчү менен кайрылган.

22-июлда Кудаяр хан үй-бүлөсү, жан-жөкөрлөрү менен бирге Г. Вейнбергдин коштоосунда качып, 24-июлда Кожентке жеткен.

Көтөрүлүштү басуу үчүн орус падышачылыгы 5 миң солдаттан жана казак-орустардан турган жазалоочу отрядды түзгөн. М. Д. Скобелевдин жазалоочу отряды менен көтөрүлүшчүлөрдүн ортосунда Ассакедден чыгыштагы Миң-Дободо (Аравандын жанындагы Мархамат кыштагы) салгылашуу болуп, көтөрүлүшчүлөр чегинүүгө мажбур болушкан. 10-сентябрда М. Д. Скобелев Ошту ээлеген.

Сентябрдын аягынан кыймылдын борбору Анжиян таранка оон, 27-сентябрда экинчи жолу хан көтөрүлгөн. Полот хан менен Абдырахман афтобачи жалпы жетекчиликти колго алышкан. Бул кыймылга кыргыздар, анын ичинде Жору уруусу активдүү катышкан.

Падыша аскерлеринин 1–5-октябрда Анжиянды басып алуу аракеттери ишке ашпай, артка чегинүүгө мажбур болушкан. Полот ханды Адигенеден Оморбек датка, Алымбек датканын уулдары Абдылдабек, Мамытбек, Асанбек, Кесек уруусунун бийи Молдо Касым, наймандардан Сулайман удайчы ж. б. колдошкон. Полот хан аларды жогорку жана согуштук-административдик кызматтарга дайындаган. Анын кошууну 12 миңге жетип, негизги бөлүгүн "Кокон хандыгындагы эң тынчы жок элемент" - деп саналган кыргыз, кыпчактар

түзгөн. Ноябрь айынын акырында Полот хан Ассакедден Маргаланга көчкөндө 4 миң атчан кыргыз жоокерлери коштоп жүргөн. Албетте, алардын ичинде Фергана өрөөнүндөгү бардык кыргыз уруулары болгон.

1875-жылдын аягы - 1876-жылдын башында М. Д. Скобелев Эки-Суу арасына согуштук жазалоочу жүрүш уюштурган. Көтөрүлүшчүлөр каармандык менен каршылык көрсөткөнүнө карабастан, куралдын начарлыгынан жеңилүүлөргө дуушар болушкан.

1876-жылы январдын аягында Полот хан Маргаланды таштап, Алайга чегинген. Орус аскер тарыхчысы М. А. Терентьев "кыпчактар биздин соккунун салмагын сезип багынып беришти. Ал эми Полот хандын кыргыздары али багыныша элек", -деп жазган.

Искак Асан уулу Полот хан Кокон хандыгы жоюлуп, Фергана области түзүлгөндүгү жарыяланган 1876-жылы 19-февралда Алайда (Кызыл-Сууда) туткунга алынып, 1-мартта Маргаландын чоң базарында даргага асылган.

Орус падышачылыгынын баскынчылыгына каршы кыймыл 1876-жылдын аягына чейин токтогон эмес. Жыл аягы чегинде бийик тоолуу Алай кыргыздарынын күрөшү басылгандан кийин гана түштүк кыргыздары Россия империясынын курамына каратылган.

Орус падышачылыгынын колониалдык саясаты жергиликтүү элдердин нааразычылыгын жаратып, теңсиздикке каршы тымызын күрөш биринчи күндөн эле башталган. Жергиликтүү орус төбөлдөрү менен аскерлеринин өзүм билемдиги, түпкү калктын түшүмдүү жерлерин тартып алуу, алык-салыктын өсүшү элдик кыймылдын жаңы толкунунун башталышына өбөлгө түзгөн.

1898-жылы Фергана облусунун Ош, Анжиян жана Маргалан уезддериндеги жергиликтүү калк колониалдык бийликке каршы ири көтөрүлүшкө даярданышкан. Алар 17-майда Мин-Төбө кыштагына чогулушуп, 18-майда Анжияндагы орус аскерлеринин гарнизонун басып алууну пландаштырышкан.

Көтөрүлүшчүлөрдүн жалпы саны 2 миңге жетсе, анын теңине жакыны атчандар болушкан. Негизги кыймылдаткыч күчүн кыргыз, өзбектер түзгөн. 17-майда Ноокаттагы Терек деген жерге Каракол-Сай, Тамчы-Булак, Жапалак айылдарынан жана башка райондордон 300дөй кыргыздар чогулушкан. Аларга Оморбек жана иниси Молдо Атабек жетекчилик кылган. Жалпысынан Фергана өрөөнүнүн Ош, Анжиян шаарларынын айланасындагы кыргыз уруулары көтөрүлүшчүлөрдүн катарында болушкан. Кыймылга жалпы жетекчилик-ти Мадали Эшен жүргүзгөн.

Курал жарагы жок, найза, союл менен куралданган көтөрүлүшчүлөр 18-майда таң эрте аскер гарнизонуна кол салышып, 22 аскерди өлтүрүшкөн жана 18ин жарадар кылышкан. Бирок, күчтүү куралданган орус солдаттары көтөрүлүшчүлөрдү тоону көздөй сүрүп салган.

Элдик кыймыл кеңири аймакка таралгандыктан аны басуу үчүн падыша өкмөтү жазалоочу отрядды чакырууга мажбур болушкан.

1898-жылдын акырына чейин уланган элдик кыймыл падышачылыктын колониалдык саясатына каршы чыккан эң ири көтөрүлүш болуп, ага Фергана өрөөнүндөгү жергиликтүү калктын басымдуу бөлүгү катышкан. Өзгөчө, эркиндикти сүйгөн көчмөн кыргыз уруулары биримдешип, падышачылыктын эзүүсүнө каршы тынымсыз күрөшкөн. Кокон хандыгынын эзүүсүнөн кутулуу үчүн башталган кыймыл, акырындап колониалдык үстөмдүгүн орнотконорус падышачылыгына каршы күрөш менен уланган.

Ошентип, түштүк кыргыздарынын боштондук кыймылдарынын натыйжасында Кокон хандыгынын бийлиги жоюлуп кеткен. Анын ордуна Борбордук Азияга орус падышачылыгынын үстөмдүгү орноп, колониалдык эзүү күчөгөн. Ага каршы жергиликтүү элдердин нааразычылык билдирүүлөрү менен толкундоолору башталган. Натыйжада, XIX кылымдын аягында Борбордук Азия элдеринин падышачылыктын үстөмдүгүнө каршы эң ири кыймы-

лы - Анжиян көтөрүлүшү болгон. Жыл бою уланган кыймыл түпкү калктын биримдешүүсүнө шарт түзгөн жана эркиндик менен өз мамлекеттүүлүгүнө ээ болуу сезимин белгилүү деңгээлде ойготкон.

Колдонулган адабияттардын тизмеси

Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп үйрөнүүнү тереңдетүү жана атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы. 2012-жыл, 27-январь.

Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и истерико-культурные связи. - Л., 1971. - С. 61.

Аттокуров С. А. Кыргыз санжырасы. - Б., 1995. - 66 б.

Бабабеков Х. Н. Народные движения в Кокандском ханстве и их социально-экономические и политические предпосылки (XVIII-XIX). Ташкент, 1990. - С. 27.

Кененсариев Т. Кыргызстандын XIX кылымдын 50-70-жылдарындагы саясий өнүгүүсү. - Б. 2009. - 226-б.

Терентьев М. А. История завоевания Средней Азии. - СП б., 1906, т. II, -С. 233.

Кененсариев Т. Кыргызстандын Орусияга каратылышы. Б., 1997. - 222-б.

Хасанов А.Х. Народные движения в Киргизии в период Кокандского ханства. М., 1977. - С. 76.

Санжыранын кыргыз элинин калыптанышындагы орду



Адилбаев Жумалы

Ж. Адилбаев - *Ош мамлекеттик университетинин доценти, Тарых илимдеринин кандидаты*

Кыргыз элинин келип чыгышынын тарыхына, анын калыптануу жараянына, уруулук курамына, аймактык таралышына илимпоздордун, жөн эле изилдөөчүлөрдүн, оозеки санжырачылардын кызыгуусу күн санап артып барат. Өзгөчө санжыра жаатында жарык көргөн чыгармалар арбын. Кичинекей макалада алардын бардыгына талдоо жүргүзүү мүмкүн эместиги жана биз тарабынан андай максат болбогондугуна байланыштуу, өзүбүз тандап алган маселеге тиешелүү санжыра изилдөөчүлөрдү 3 топко бөлүп кароону туура көрдүк:

I топко тарыхчы-адистердин төмөндөгү эмгектери кирет

Сыдыков Осмоналы. Тарых. Кыргыз Шадмания. Кыргыз санжырасы. Ф. 990. (Уфа. 1914). Джамгерчинов Б. Из генеалогии Киргизов //Белек С. Е. Малову. Сб. Статьей Ф. 1946. с. 35-41. *Абрамзон С. М.* "Киргизы и их этногенетические и историко культурные связи. Ф. 1990. *Винников Я. Р.* Труды ККАЕ (Киргизской комплексной археологической и этнографической экспедиции) М. 1959. *Омуралиев А.* Эпос "Манас" есть история кыргызов или тюркоязычных народов. -Б. 1995. *Аттокуров С.* Кыргыз санжырасы. Б. Кыргызстан, 1995. Кыргыздардын теги. Происхождения кыргызов. Кыргызы: этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в ЦА: Тезисы научной конференции 1000 летию эпоса "Манас". Б. 1995. *Карагаев О.* Кыргыз Этнонимдер сөздүгү. Б. 2003. *Жолдошев Р.* Кыргыз элинин этникалык тарыхын изилдөөдө генеалогиялык изилдөөлөрдүн мааниси. Автореферат канд. Диссертации. Б. 2000.

Аталган жана башка изилдөөлөрдө санжырага өзгөчө тарыхый булак катары мамиле жасалып, байыркы жана орто кылымга таандык тарыхый маалыматтар тарыхый жактан электен өткөрүлгөн. Генеалогиялык изилдөөлөрдө тарыхчылар үчүн экспедициялык - жеринде топтолгон материалдар өзгөчө орунду ээлейт. Тарыхчыларга мүнөздүү ыкма - кандай гана санжыралык маалымат болбосун, алар мүмкүн болушунча тарыхый факт менен хронологиялык, логикалык, мыйзам ченемдүүлүк жактан салыштырып текшерүүгө алынат. Бирок тарыхый изилдөөлөр кыргыздардын генеалогиялык келип чыгышын толук изилдеп бүттү деп тыянак чыгаруу чекилик иш болот. Бул топтогу изилдөөлөрдө субъективдик факторлор, ийине жеткирилип изилденбеген жагдайлар калып жатканы да чындык.

II топко илимдин башка тармактарынын өкүлдөрүнүн жарык көргөн чыгармаларын атасак болот

Т. К. Жусупов. Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, салт. Т. 1 Б. 1991. Кыргыздар: Кытайдагы кыргыздардын санжырасы, тарыхы, мурасы, жана салты. -IV тому. Б. 1997. *Кенчиев Ж.* Кыргыздын түпкү теги. Ф. 1990. *Закиров С.* Кыргыз санжырасы. Б. 1996. *Закиров С. Асаналиев Т.* Саяктын санжырасы, I бөлүм Чолпон Ата, 1991. Өсөров Э. Кыргыз этнонимдөрү, болгондо дагы менимче кыргыз десе жан дилинен берилген, мекенчил, Ата Мекен тарыхынын совет мезгилинде көңүлгө толоорлук изилденбей калганына кайдыгер карап тура албагандар тарабынан жаралган. Бул топтогу жарык көргөн санжыралардын дагы өз чындыгы бар, бирок алар ошол кесип ээлеринин өз күзгүсү аркылуу чагылдырып, көпчүлүгү өз уруусун, өз уругун көтөрө чалып, анын байыркылыгын, көрөңгөлүүлүгүн ашкере көкөлөтүп, жазуу мүнөздүү. Мындай авторлор негизинен колунда болгон жергиликтүү, ченелүү материалдар менен иштеп, айталык, тарыхчылар сыяктуу чөлкөмдөрдү кыдырып жалпы кыргыздар жөнүндө тагыраак материал жыйноо мүмкүнчүлүгү болгон эместир. Ошентсе дагы мындай эмгектер жалпы кыргыз генеалогиясын ийге жеткирүүгө өтө баалуу салымдарын кошо алышат.

III топко илимий изилдөөдөн оолак санжырачылардын эмгектери кирет

Алар негизинен эл арасында айтылып жүргөн оозеки, мифтик санжыра топтоочулар, өтө бай жана ошол эле мезгилде көптөгөн карама-каршылыктарга, туура эмес, негизсиз апыртмаларга, диний көз караштарга сугарылган баяндарга негизделген.

Бул топтогу жарык көргөн эмгектер кийинки жылдары жамгырдан кийин баш көтөргөн козу карындай өтө көп чыгарылып келет. Мурдагыдай кол жазмаларды ирген алган цензура жок, мамлекет тарабынан каржыланбай, өз чөнтөгүнөн же болбосо меценаттардын каражатына басылып чыгарылган эмгектерге өз баалуулуктарына жараша баа берип, пайдаланса болот.

Кыргыз санжырасы. Тегинди бил, ыйман сакта. Ата салтын унутпа. Б. 1991. Төрөкан у. Э. Кыргыздын кыска санжырасы Б. 1995. *Султанов Турдакун.* Кыргыздардын өзөктүү санжырасы. Б. 2010. *Иманалиев Мусалы.* Кыргыз санжырасы. Б. 1995. *Жаңыбай у. С.* Кыргыз санжырасы. Ош, 2009. Турдубай Умар уулу. Кыргыз санжырасы. Б. 1991.

Жалпылап айтканда кыргыз санжырасы илимий деңгээлде өз ийине жеткире изилдене элек. Бүткүл кыргыз жергесин кыргыздар байыртадан байырлаган аймактарды түрө кыдырып, материал топтогон илимий экспедициялар уюштурулбай калганына көп болду.

Кыргыз тарыхынын академиялык жана билим берүү багытында жарык көргөн же басмага даярдалып жаткан фундаменталдуу, көптөгөн тарыхчы авторлор эмгектенген чыгармалар дагы бул милдетти толук чечээри чоң маселе. Биз менен канаатташ жашаган, боордош, кандаш элдер өз тарыхын изилдөөгө каражат аябай, окумуштууларга керек болсо алыскы чет олкөлөрдүн архивдеринен материалдарды алууга шарт түзүп берип жатканда бизде андай мүмкүнчүлүк мышык ыйлаарлык деңгээлде калып жаткандыгы өкүндүрөт. Эң байыркы элдерден эсептелген улуу кыргыз урпактарынын ушундай башка элдерден кем болуп, керек болсо өз санжырасын толук жазууга кудурет-мүмкүнчүлүгү жок болуп отургандыгы арман эмей эмне? Кыргыз санжырасы боюнча кеп козгоп, ошондой эле өзүнүн башатына болгон кызыгуусу күндөн-күнгө күчөп бара жаткандыгынын, уруу-уруктардын урпактары курулташ тайларды өткөзүп, кандашгардын бири-бирин таанып, ыкташып, өз ара карым-катнаш кылып чөгөндүгүнө бир беткей баа берүү туура эмес болмок. Биринчиден бул жараян мыйзам ченемдүү. Анткени, адам баласы өз тарыхына кызыгып, биз ким элек ким болдук - деген суроону коюп, ага жооп табууга акылуу. Өзгөчө эгемендүүлүк, мурда жабык болуп келген бул чолонуусу жалпы кыргыз биримдигине доо кетирүүчүдөй көрүнүшү мүмкүн, мүмкүн эле эмес сөзсүз түрдө ар бир адамга туугандык, кандаштык сезим зор таасир этет. Мындан коркуп, кыргызды чачыратып, бөлүп-жаруучу нерсе катары кароого болбойт. Себеби, ансыз да кээ бир сокур, мурдунан алысты көрө албаган чоңдор трайбализттик саясатына сугарылган саясатчылардын айынан түндүк-түштүк болуп бөлүнүү өз апогейине жетип турган чакта, Кыргызстандын көп аймактарына чачылып кеткен бир уруунун урпактарынын бирин-бири таап, өз ара жакындашуусу ошол трайбализттерге сокку болот. Керек болсо ошол байыркы тадан туу туткан уруулук намысты ойготуп, бийликке тартылган азаматтарга “өз урууңду уят кылганың өлгөнүң!” - деген сезимин күчөтүү зарыл. Ошондуктан өлкөдө орун алган санжырага кызыгуу жалпы кыргыздын өз өтмүшүн, мекенчилдигин туура багытта өнүгүшүнө зор мааниге ээ.

БАБАЛАР ТАРЫХЫ ЫНТЫМАК УЮТКУСУ



Турдакунов Аман

Турдакунов Аман Алакунович - *Кыргыз Улуттук агрардык университетинин тарых жана философия кафедрасынын улук окутуучусу*

Өзүнүн өткөнүн, бабалар тарыхын, маданий мурасын билбеген, аны унуткан элдин келечек тагдыры тайкы экендигине, кылымдан калыптанган ата салтын ардактай албаган далай эл, уруулар жок болуп кеткендигине тарых өзү күбө.

Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаевдин 2014-жылды “мамлекетти чыңдоо” жылы - деп атайын указынын жарыяланышы менен бирге ушул жылга туура келген мамлекеттик тилдин 25, кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүнүн Совет доорундагы түптөлүшүнүн башаты болгон Кара Кыргыз автоном областынын түзүлгөн күнүнөн берки 90 жыл болушу менен бирге республикабыздын булуң-бурчтарында өткөрүлүп жаткан кыргыз тарыхына, маданиятына тиешелүү иш-чаралардын өткөрүлүп жатышы эң маанилүү маселе болуп саналат.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында эле кыргыз тарыхына көңүл бурулуп, 1989-жылдан баштап, мектептерде жана жогорку окуу жайларында Кыргыз тарыхынын окутулушу менен окуу куралдары менен камсыздоо, тарыхты тактоо, тарыхый инсандардын тарыхта ордун аныктоо жанан аларды элге жеткирүү жана башка орчундуу маселелер келип чыккан. Элдин, уруунун тарыхы белгилүү болгондой Совет доруна чейинки сабатсыздык, санжыранын көпчүлүк убакта ооз эки түрдө укумдан-тукумга, атадан-балага айтылып келди. Тарыхка, санжырага байланыштуу жазма тарыхый булактардан аз болсо да куржалак эмеспиз. Кыргыз элинин тарыхын, маданиятын изилдөө, жазуу, элге жеткирүү иштери Совет доорунда өнүгө баштаган. Совет доорунун алгачкы жылдарында кыргыз тарыхынын тагдырына кызыкдар болгон айрым жетекчилер тарабынан академик В. В. Бартольдго кайрылып, Кыргыз элинин байыртан берки тарыхын жазып берүүнү суранышкан.

В. В. Бартольд тарабынан 1927-жылы “ Кыргыздар” - деген тарыхый очерк жарык көрүп, коомчулукка кыргыз элинин байыркы тарыхы, маданияты, мамлекеттүүлүгү жана айрым тарыхый инсандар, жашаган, ээлеген жерлери, Байыркы жана Эне-Сай кыргыздары жөнүндөгү маалыматтар даңазаланган. Академик В. В. Бартольд өзүнүн жогорку эмгегинде “Кыргыздар Орто-Азияда жашаган элдердин ичинен эң байыркысы”- деп баса белгилөө менен кыргыз эң байыркы эл экендигин далилдейт. Чынында санжырачыларга таянган биздин тарых Адигене, Тагай бир туугандар жашап өткөн XV кылымдын экинчи жарымында XVI кылымдын орто ченине чейинки мезгилден берки кылымдарды камтыган.

Кыргыздарда саясий, маданий экономикалык өзгөчө белгилердин пайда болушуна туура келген XVI кылымдын башындагы жагдайды Кыргыз элинин эл болуп түзүлүү мезгилинин аякташы катары карайбыз.

Профессор Ө. Ж. Осмонов белгилегендей “XVI кылымдын башында объективдүү тарыхый себептер менен үч жүз жылга чачылган кыргыз эли бириге баштаган. Элди бириктирүү үчүн күчтүү идеология керек болгон, ал идеология - санжыра эле. Тагай бий өз кезегинде санжыранын бириктирүүчү касиетин билгичтик менен пайдаланып, элдин ынтымагын бекемдеген. Бул Тагай бийдин кыргыз элинин тарыхындагы баа жеткис ишмердиги, эрдиги десек болот”.


“Улуу идея, улуу биримдик үчүн эзелтен келе жаткан, бирок такыр жоголуп кетүү алдында турган уруулардын сакталып калган топтору, жеке адамдар да Тагай бийге “бала” болушкан” ушул саптардан кийин ой келет. Элдик санжырага ылайык XVI кылымдын башында Адигене, Тагай, эжеси Наалы үчөө эле жашаганбы? Профессор О. Ж. Осмонов жогору жакта белгилегендей “Тагай бийдин бакма балдары реалдуу адамдар, же Тагайга келүү менен өздөрүнүн чачылып, жоголуп бараткан урууларынын атын өзүлөрүнө алуу менен өзүнүн уруусун, уруусунун атын сактап калышкан”.

“Мындан башка кыргыздар өзүнүнүн уруусунун атын же түпкү аталарынын ысымын жаңыртуу үчүн алардын аттарын балдарына коюшкан”. Ушундан улам Сарыбагыш, Дөөлөс - деген аттар да мурункулардын түпкү аталыштары болсо керек.

Байыркы кол жазма тарых “ Мажму ат-таварих”, Осмоналы Сыдык уулунун, Белек Солтоноевдин эмгектери, Тоголок Молдо, Үсөйүн ажы, Бала Айылчы, Эсенкул Төрөканов, Сапарбек Закиров, Аман Алымкулов, Жапар Кенчиев, санжыраны илимий негизде изилдеп жүргон тарых илимдеринин доктору, белгилүү профессор Сабыр Аттокуровдун жана башка да санжырачылардын маалыматтарында белгилегендей бир туугандар Адигене менен Тагайга караган жана алардан таралган уруулар эле Кыргызстандын түндүк менен түштүгүндөгү жашаган урууларын, ошол жакта жашаган элдердин уюткусун түзөөрүнө күбө болобуз. “Ат туягындай Адигене, Тай туягындай Тагай” - деген эл макалы да Адигене урууларынын көп экендигин далилдейт.

Профессор С. Аттокуровдун 1995-жылы чыккан “Кыргыз санжырасы” - деген китеби боюнча Жору уруусу Адигененин небереси катары берилсе, кытайлык кыргыздардан чыккан санжырачы Үсөйүн ажынын маалыматтары Жору Адигененин баласы деп берилет.

Профессор С. Аттокуровдун “ Кыргыз санжырасы” боюнча:



Үсойүн ажынын (Жусуп Мамай) маалыматы

Адигене
↓
Баргы
Бөрү
Жору
Бакал
Болөкбай
Теңизбай
Жаамбай
Кашка
Тасма
Токтош
Теним
Сейит
12 урукка бөлүп берет.

Кыргыздын өз мезгилиндеги билимдүү уулдарынын бири болгон Абдыкерим Сыдыков Совет доорунун алгачкы жылдарында чарбалык максатка карата уруулар жана алардын жашаган аймактары, күздөө, кыштоо, жаздоо, жайлоо катары пайдаланган жерлери жөнүндө статистикалык маалыматы боюнча Жору бөлүмү 2 урукка :

- Ача тамга.
- Ай тамга болуп бөлүнүп же изилдөөчү Ситяковский белгилегендей.
- Ача жору.
- Ай жору.

Ош округунун 7 болуштугунда учурап: Кашкар кыштак, Ак буура, Куршаб, Кара таш, Өзгөн, Алай, Турук болуштуктарында жашайт - деп белгилейт.

Кашкар кыштак - Барак, Монок.

Куршаб - Акылбек, Кайнар, Тасма.

Кара таш - Ача тамга, Тасма

Турук - Калдай, Абдал, Кырбаш, Сатыбай уруктары жайгашкандыгы жөнүндө маалымат калган.

Жору уругу Ош аймагындагы негизги жерлерди ээлеген туруу менен айрыкчы бөлөк элдер менен болгон чек-ара аймактарын тактоо учурунда чек арабыздын кеңейишине өз салымдарын кошо алышкан.

Фергана өрөөнүнүн чыгыш аймагындагы кыргыздардын жана Жору уруусунун көрүстөн эстеликтери, ага байланышкан сөөк коюу салттары

К. Ж. Жолдошев - *Кыргыз Республикасынын УИАнын ТБ гуманитардык илимдерди изилдөө институтунун илимий кызматкери*


Жолдошев Кадырбек

Кыргызстандын аймагында жашаган байыркы жана орто кылымдардагы элдер менен уруулардын жана кыргыздардын тарыхын изилдөөдө сөөк коюу салты жана ага байланышкан археологиялык курулуштардын мааниси чоң. Тарыхый жазама булактардагы үзүл-кесил маалыматтар этнографиялык жана археологиялык табылгалар менен толукталып келүүдө. Ушул маселеге байланышкан биздин макалада Түштүк Кыргызстандын чыгышындагы айрым аймактарын тактап айтканда Куршаб (Гүлчө), Жазы, Кара-Кулжа, Тар дарыялары жана аларга куйган бир катар суулардын өрөөндөрүн байырлаган кыргыз урууларынын өткөн кылымдардагы сөөк коюу салттары, ага байланышкан диний ишенимдери менен коштолгон кээ бир архитектуралык курулуштары туурасында айрым бир илимий пикирлер туурасында болмокчу. Түштүк Кыргызстандын чыгыш аймактарынын тоолуу жана тоо этектеген өрөөндөрүндө, өткөн мезгилдер менен катар азыркы учурда да сыйынуучу ыйык жайлар катары маанисин жоготпогон бир катар көрүстөн эстеликтери бар. Мындай эстеликтер сыйынуучу мазарларга айланып, ыйык жайлар катары эсептелинет. Алардын ичинен маанилүү саналган эстеликтерге сыпаттама беребиз.

Камыр-Ата көрүстөнү. Өзгөн районунун борбору Өзгөн шаарынан 40 км чыгышта, Жазы дарыясынын оң тарабында, Жазынын куймасы Кайырма суусунун башталыштарындагы Камыр-Ата тоосунун башында. Мазар. Сыйынуу объектиси таштан курулган эки каттуу мечит.

Көк тондуу - Ата көрүстөнү. Мазар. Жазы дарыясынын оң тарап боюнда, Өзгөн шаарынын 30 км чыгышта, Салам-Алик айылынын аймагында. Мазар. Сыйынуу объектиси бышкан кыштан курулган күмбөз, эски көрүстөн.

Келинчек көрүстөнү. Өзгөн районунун борборунан 35 км чыгышта, Жазы дарыясынын оң куймасы Кайырма жана Кара-Кулжа дарыясынын сол куймасы Көк-Жаңгак суулларынын ортолугундагы Келинчек тоосунун чокусунда Мазар. Сыйынуучу объект катары таштан салынган төрт бурчтуу курулуш, петроглиф.

Сур-Таш көрүстөнү. Кара-Кулжа районунун борборунан 70 км чыгышта, Кара-Кулжа дарыясынын оң куймасы саналган Сур-Таш суусунун башында, Көк-Торпок жана Шилби суулары кошулган жерде. Мазар. Араб графикасындагы эпитафия түшүрүлгөн бир нече кайрак, көрүстөн жана таштан курулган мечит.

Тоготой-Ата көрүстөнү. Кара-Кулжа районунун борборунан 15 км батышта, Кара-Кулжа дарыясынын оң тарабы, аталган Дарыянын Тар суусу менен кошулган жерде. Мазар. Сыйынуучу объектке өтө жоон келген мырза терек, булак, көрүстөн, мечит.

Кулун-Ата көрүстөнү. Кара-Кулжа районунун борборунан 80 км чыгышта. Тар дарыясынын оң куймасы болгон Көңдүк суусунун башында, Кулун көлүнүн четинде. Мазар. Сыйынуучу жай болуп, таштан салынган эки күмбөз, көл.

Токбай-Ата көрүстөнү. Кара-Кулжа районунун борборунан 30 км түштүк-батышта, Тар дарыясынын сол тарабындагы Токбай-Ата тоосунун үстүндөгү түздүктө. Мазар. Сыйынуучу объект катары кам кыштан курулган күмбөз жана көрүстөн.

Таскар-Ата көрүстөнү. Кара-Кулжа районунун борбору Кара-Кулжа айылынан 8 км түштүктө, Тар дарыясынын оң таран жээгин бойлогон түздүктө. Мазар. Сыйынуучу объект бышырылган кыштан тургузулган эки күмбөз, көрүстөн жана ага жанаша турган тоонун башындагы кум.

Кыз-Мазар көрүстөнү. Кара-Кулжа районунун борборунан 15 км батышта, Тар дарыясына куйган Кара-Гуз суусунун сол таран жээгиндеги түздүктө. Мазар. Бышкан кыштан курулган бир нече күмбөздөр, араб жазуусу түшүрүлгөн кайрак таштар жана көрүстөн.

Султан-Супа көрүстөнү. Өзгөн районунун борбору Өзгөн шаарынан 35 км түштүк-батышта, Куршаб дарыясынын оң тарабындагы Алдияр тоосунун түндүк этегиндеги Султан-Супа жайыгында. Мазар. Сыйынуучу объект - бышкан кыштан салынган күмбөз жана көрүстөн.

Кочкор-Ата көрүстөнү. Кара-Суу районунун борбору Кара-Суу шаарынын 45 км чыгышта, Куршаб дарыясынын сол таран жээгинде. Мазар. Сыйынуучу объект - эски көрүстөн, жийде дарагы.

Моңол көрүстөнү. Кара-Суу районунун борбору Кара-Суу шаарынын 15 км чыгышта, Куршаб дарыясынын сол таран жээгинде. Мазар. Сыйынуучу объект-эски көрүстөн.

Күртүк-Ата көрүстөнү. Алай районунун борборунан 40 км чыгышта, Гүлчө дарыясынын куймасы Балыкты суусунун оң тарабында. Мазар. Сыйынуучу объект - булак, бышык кыштан салынган күмбөз, эски көрүстөн.

Тастар-Ата көрүстөнү. Алай районунун борборунан 20 км чыгышта Гүлчө дарыясынын куймасы Бүлөлү суусунун сол тарабындагы тоонун башында.

Белгиленген эстеликтер жайгашкан аймакта соңку орто кылымдарда жана учурда кыргыз элинин оң, сол жана ичкилик тобуна кирген ири уруулары мекенден келген. Азыркы мезгилде бул өрөөндөрдө ичкилик тобунан Кыпчак, Тейит, Бостон, Канды, Төөлөс; оң канатка кирген Моңолдор, Коңурат, Карабагыш, Борү, Жору, Сарттар, Баргы; сол канатка караган Басыз, Кытай уруулары жашайт. Аталган кыргыз уруулары менен катар өткөн кылымдарда башка дагы бир катар кыргыз уруулары көчүп-конуп жүрүшкөн. Эстеликтер

орун орун алган аймак кыргыздар Россиянын курамына киргенге чейинки убактарда тигил же бул уруунун журттары, жайыт жана жайлоолорунун чегине туура келгендиктен алардын чети же жака белине уруулук көрүстөндөр пайда болгон. Мисалы, Жазы суусунун боюндагы Көк тондуу - Ата мазары Басыз уруусунун, Куршаб суусунун жээгиндеги Кочкор-Ата мазары Жору уруусунун бир канча муундары Анжиян, Арка, Алай жерлерин жердегенине карабастан, кээ бир кадырлуу жана атактуу адамдарынын сөөгү алынып келинип коюлуп турган чоң көрүстөндөр эсептелген. Ошону менен катар эстеликтердин көпчүлүгү Жору уруусунун уруктары жердеген аймактарга туура келип, алардын уруулук көрүстөндөрүнө да айланган. Тастар-Ата мазары Жорунун Теңизбай уругунун биймырза тобуна таандык көрүстөн, Кыз-Мазар мазарында Тасма уругунун көрүстөнү, Султан - Супада, Моңол мазарында Ача тамгага кирген уруктардын көрүстөндөрү орун алган.

Жогоруда сыпатталган эстеликтердин бардыгында XVI–XVII кылымдарга таандык таштан, бышык же чийки кыштан салынган архитектуралык курулуштар - күмбөздөр көтөрүлүп турган. Ошондой эле ага чейинки мезгилдерге таандык кайрактар да орун алган. Азыркы учурда ал курулуштардан калдыктарды гана көрүүгө болот. Алардын ичинен жарым жартылай сакталган жана өзүнчө архитектуралык келбетин чагылдырып берала турган айрым эстеликтер да бар. Аларга Камыр-Ата мазарындагы ташган курулган мечитти, Көк тондуу-Ата жана Тастар-Атадагы күмбөздөрдү кошууга болот.

Мазарларга сыйынууда кыргыздардын өткөнкү доордогу өлгөндөрдүн, ата-бабалардын жана табиятка сыйынуу культтары менен кийинчерээк жайылган ислам динин салттары чырмалышып кеткен ырым-жырымдардын аткарылышы байкалат. Эң алгчкы кезекте кыргыздардын мазарларга сыйынуулары өлгөндөрдү жана ата-бабаларын эскерүү салттары турган. Өлгөн ата-бабаларынын арбактарынан колдоо, жардам алууга умтулушкан; ата-балардын арбактарынын артындагы укум-тукумдарынын бейкут жашоосуна жардам берет деген ишеним болгон.

Өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культу кыргыздардын исламга чейинки түшүнүктөрүндө башкы орундардын бирин ээлеген. Ал кыргыздардын бардык топторунун арасында жайылган жана толук калыптанган туруктуу формага ээ болгон, бул төмөнкү эки себеп менен; патриархалдык белгилер мүнөздүү болгон кыргыз коомунун мүнөзү жана ата-бабалар культунун ислам менен айрым бир байланыштары менен (бул байланыш дайым эле жетиштээрлик даана болбосо да) түшүндүрүлөт. Өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культунун негизин - өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын арбактары реалдуу түрдө жашайт - деген идеядан келип чыккан анимистик түшүнүктөр түзгөн. Бул культ коомдун өнүгүшүнө бир кыйла кийинки стадиясында калыптанган. Ал уруу аксакалдары-патриархалдык үй-бүлө башчылары кын эттирбес кадыр-баркка ээ болуп турган патриархалдык-уруулук көбүрөөк өнүгүүгө ээ болгон. Аксакалдардын жана чоң үй-бүлө башчыларынын кадыр-баркы жана бийлиги ал жамааттагы адамдарда баш ийүү жана багынуу сезимин пайда кылуу менен, алардын тигил дүйнөдө жашап жаткан арбактары да ушундай эле кадыр-баркка жана бийликке ээ болгон. Патриархалдык жол башчылар жана аксакалдар өзүлөрү каза болгондон кийин да өз укум-тукумдарында ошол эле сезимди пайда кылган. Өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын арбактары өзүлөрүнөн калган укум-тукумдарынан такай көңүл буруунун жана камкор мамилени талап кылууга акылуу - деп эсептешкен. Чындыгында да тирүү укум-тукумдары ата-бабаларынын арбактарын терең урматташып, тирүүлөрдүн турмушу жана аман-эсендиги өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын арбактарына жасаган мамилеге бир кыйла олуттуу даражада байланыштуу - деп эсептеп, алардын көңүлүн алууга, таарынтпоого умтулушкан.

Ошентип, адамдардын аң-сезиминде тирүү тукумдарын колдоп, аларды кырсыктардан, апааттардан коргоп жана сактай ала турган ата-бабалардын күч-кубаттуу арбагы жөнүндөгү

түшүнүктөр пайда болгон. Кыргыздардын түшүнүгү боюнча ата-бабалардын арбагы артында калган тирүү тууган-уруктары колдойт; ар кандай кырсыктар жана илдеттер алардын ата-бабаларынын арбактарынын кадыр-баркынча шек келтире турган жүрүм-турумуна жараша арбактардын "аны колдоодон баш тарткандыгы " түшүндүрүлгөн. Ата-бабалардын бейитлери өзгөчө урматтоо менен ушундай көз караштан улам келип чыккан. Адамадардын айтууларына караганда илгери бейитке шек келтирген адам өлүм жазасына тартылган.

Өлгөндөрдүн бейиттерине милдеттүү түрдө кандайдыр бир эстеликтер жана белгилер бериле тургузулган. Мисалы, Саяк уруусунда маркумду эң жакшы көргөн атынын күйругуна байланган узун баканды сайып коюшкан. Демейде бейитти топурак дубал менен курчашып, белгилүү жана бай адамдын бейитинин үстүнө, кээде бир кыйла ири көлөмдөгү, мавзолей тибинде (күмбөз) курушкан.

Ушуга байланыштуу биз кыргыздарда көрүстөн курулуштарынын кээ бир типтеринин караштырып чыгууга токтолобуз. Алар жалаң гана кыргыз маданиятынын, тарыхынын жана анын Орто Азиянын байыркы тургундарынын маданияты менен болгон байланыштарынын көз карашынан эмес, өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культу менен тикеден тике байланышкан материалдык объектилер катарында да алда канча олуттуу кызыгууну пайда кылат (*Абрамзон,* 1999. 221-223-бет).

Ош областынын чыгыш аймагын камтыган ири мазарлардын бардыгындагы орун алган күмбөздөр кыргыздарга эле таандык болуп, аларга карата сыйынуу ырым-жырымдары ата-бабалар культу менен коштолгон. Бир мезгилдердеги кыргыздардын уруу башчылары жеңиштүү баатырлары коюлган бейиттер кийин тигил же бул олуялардын ысмы менен байланышып, исламдык сыйынуу жөрөлгөлөрү акырындап тамырлап олтуруп, абалкы мааниси сүрүлгөн сыяктуу. Кыргызстандын бүткүл аймагында жолуга турган жергиликтүү ыйык жайлар - мазарлар көпчүлүгүндө обо сыяктуу түшүнүктөн келип пайда болгон. Бул мазарлардын культу турмуш тиричиликтеги исламдын, айрыкча олуялар культунун ажырагыс бөлүгү болуп калгандыктан, муну мусулман диний ишенимин активдүү жолдоочулары кенири пайдаланышкан. Биз а түгүл ар түрдүү ыйыктардын ортосунда "генеологиялык" байланыштардын элементтерин табууга аракеттенүүнү да көрдүк. Алсак Чолпон-Ата кыштагында (Ысык-Көл боюнда) бир молдо бизди төмөнкүдөй схема менен тааныштырды: Арстанбабанын (Түштүк Кыргызстанда жайгашкан белгилүү мазар, Арслан боб же Арстанбап - деп аталат) жети уулу болгон, алардын урматына төмөнкү мазарлар курулган: 1) Ойсул-Ата (Кулжа шаарында), 2) Каракол-Ата (Каракол өзөнүнүн жээгинде, Пржевальск шаарынын жанында, азыр көрүстөн), 3) Шың-Ата (Ысык-Көлдүн түндүк жээгинде, айыл-чарба техникумунун жанында), 4) Манжылы-Ата (Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде, жолдон 500-600 м алыстыкта, Кекилик суусунан бир нече км аралыкта), 5) Чолпон-Ата (Ысык-Көлдүн түндүк жээгинде ушундайча аталган курорттун түндүгүнөн орун алган белгилүү мазар), 6) Кочкор-Ата (Кочкор өрөөнүндө) жана 7) Олуя-Ата (Аулие-Ата, азыркы Жамбыл шаары). Молдонун сөзү боюнча, "олуя" Чолпон-Ата добого коюлган. Ал жерде бири муздак, бири жылуу эки булак, терек жана мажрум тал өсүп турган. Жети бир тууган "олуялар" жонундогу ушуга жакын маекти Кыргызстандын түштүгүнөн угууга туура келди. Бул жети бир тууган өз душмандарынан ар башка жерге качып кетишкен. Бири-биринен алыс турган ыйык мазарлар алардын ысымдары менен аталган: Арстанбап, Тастар-Ата (Күн-Элек жериндеги тоонун чокусунда), Токбай-Ата, Шамшыкал-Ата (Кетмен-Төбөдө), Күртүк-Ата (Алай районундагы Андреев атындагы колхоздун аймагы), Морпостун (Анжиянда). Жетинчи мазардын атын маектешкен адам эстей алган жок [Абрамзон, 1999. 190-192 бет]. Ушундай эле олуялардын мазарлары тууралуу маалыматтарды Кара-Кулжа өрөөнүнүн тургундарында да сактаган. Ага ылайык: "Кайсы бир мезгилде биздин жерлерге Макка-Мадинадан тогуз олуя келген экен, алар өлгөндө ошолордун төртөө биздеги Кулун-Ата, Токбай-Ата, Таскар-Ата жана Тоготой-Ата мазарларына коюлуп, калгандары Алай жана Өзгөн жактардагы мазарларга коюлуптур"- деген уламыш айтылып жүрөт. Уламыштагы олуялардын мазарлары тууралуу кабар чындыгында азыркы күндө аталган аймактарда сыйынуучу ыйык-жайлар катары эсептелинип келет. Алар Кара-Кулжа районунда-Кулун-Ата, Токбай-Ата, Таскар-Ата, Тоготой-Ата, Өзгөн районунда Көк-тондуу-Ата, Камыр-Ата, Кара-Суу районунда - Кочкор-Ата жана Алай районунда - Күртүк-Ата, Тастар-Ата мазарлары.

Кыргыздардын арасында жашап келген байыркы диний түшүнүктөрдүн көп сандаган калдыктары аларды исламды үстүртөдөн өздөштүргөндүгүн айгинелеп турат. Түштүк кыргыз урууларынын арасында ислам алда канча тереңирээк тамыр жайган. Бирок бул жерде да анын идеологиясы бир кыйла мурдагы диндердин калдыктары менен сыйышып жашап турган, бул калдыктардын айрымдарына исламдын тийгизген таасири күчтүүрөөк келген. Азыркы Кыргызстандын түштүгүндө диний карангылыктын башкы борбору Ош шаары жана анын Тахти Сулейман "ыйык" тоосу болгон. Мындан башка да Азрети Аюптун "ыйык" дары булагы (азыркы Жалал-Абад шаарынын жанында), азыркы Ала-Бука районундагы Сафид-Буленд кыштагынын жанындагы Шах-Фазил күмбөзү, Чаткал өрөөнүндөгү Идрис Пайгамбардын күмбөзү жана башкалар зыяратчылыктын жан мусулман идеологиясын жайылтуунун борбору болгон. Бардык жерде тараган мусулман олуяларынын культу түштүк кыргыздардын арасында алда канча ачык көрүнөт, бирок бул жерде да ал белгилүү бир даражада ата-бабалардын культу менен байланышкан диний түшүнүктөрдү өзүнө сиңирип алган, бул Орто Азиянын башка элдеринде да болгон [Абрамзон, 1999. 191-192-бет]. Мындай ыйык жайлар катары Өзбекстан менен Түркмөнстандын аймагында орто кылымдарда эле пайда болуп ата-бабалардын, табият жана олуялардын культу менен байланышкан Пальван-Ата (сууну пири), Исамамут-Ата, Хаким-Ата (исламды жайлтуучу), Занги-Ата (ири мүйүздүү малдын пири), Дарган-Ата, Бүркүт-Ата, Дарган-Ата, Чабан-Ата, Шаа-баба, Дыйканбаба сыяктуу ыйыктардын мазарлары жана аларга табынуучулук пайда болгон [*Снесарев,* 1983].

Фергана өрөөнүнүн чыгыш аймактарындагы мазарлардан ата-бабалар жана олуялар культунан сыртқары табият культу менен да байланышкан ишенимдер орун алган. Кулун-Ата мазарында көлгө, тоого, Камыр-Ата, Тастар-Ата, Токбай-Ата мазарларында тоо, асман рухтарына сыйынышкан. Уруулук кийин шаманчылык менен байланыштуу келип, же бул деңгээлде - асман культу да, жердин жана суунун культу да, тоонун культу да жана дагы башкалары калыптанган. Атап айтканда жерди, сууну, тоолорду, өрөөндөрдү, тоо мөңгүлөрүн, дарыяларды жана аларды колдоочу рухтарды (же ээлерин) урматтоодон көрүнгөн.

Кочкор өрөөнүндөгү (Тянь-Шань) Кочкор-Ата тоосу жана башкалар да ыйык тутулган. Кашкарлык кыргыздарда да Муз-таг-ата (Сары-кол тоо кыркасында) жана Маркен-Ата (Улуг-Чатка жакын) ыйык тоолор - деп эсептелинген.

Табияттын түрдүү нерселерин "ээлеринин" арасына өтө күчтүүлөрү жана зорлору болгон. Аларга тоолордун бийик чокулары жана ашуулар кирет. Аларды ыйык тутуу моңголдор менен буряттарда күчтүүрөөк, кыргыздар менен кандайдыр бир этногенетикалык байланыштары болгон алтайлыктарда, хакастарда, тувалыктарда жана башка элдерде да байкалган. Бул ыйык тутулчу жерлерде азыр бардык жерлер обоо делбей мазар - деп аташат. Алар мусулманчылыктын ыйык элементтеринин бирине айланып кеткен. Алардын жанында жалгыз-жарым, кээде бир топ бейиттер болот. Ф. Поярков "Өзгөчө ыйык тутулган жерлерде же бейиттерде бакан сайып, аны түрдүү түстөгү чүпүрөктөр менен кооздоо, мындай жерлерге мүйүз жана башка нерселерди алып келип коюу кыргыздардын адаты" - деп жазат. Ал жерге төрөбөгөн аялдар, ошондой эле сыркоолор 2-3төн болуп барышкан. Алар өзүлөрү

менен кошо кайсы бир малды жетелешип, токоч алышып (сөзсүз 7 токоч - жети нан алуу керек болгон) барышкан. Ал жерде малды союшуп, этин бышырып жешкен, курандын ду-баларын окушуп, түнөшкөн [*Абрамзон,* 1999. 212-бет].

Этнографиялык, археологиялык жана жазма булактарга ылайык соңку орто кылымдар доорунда кыргыздардын сөөк коюудагы көрүстөн курулуштары сагана, казына (катакомба) жана жарма (подбой) көр делинип үчкө бөлүнгөн. Көрдүн биринчи тиби кыргыз коомунун социалдык аблын шарттаган жөрөлгөнү түзүп, ага уруу төбөлдөрү жана кадырлуу адамдар-дын үй-бүлөлөрү коюлган, экинчи тип жалпы жөрөлгөнү түзүп, бардык социалдык катмар-га таандык болгон. Ал эми мүрзө курулуштун үчүнчү тиби жердин рельефине жараша таш-туу же кумдак жерлердин шартында, табийгый кырсыктардын, согуштардын натыйжасын-да массалык өлүмдөр келип чыккан учурларда жана балакатка жете элек жаш балдардын сөөгүн жашырууда колдонулган. Сөөк коюу жөрөлгөсү (ритуал) - бул диний-идеологиялык нормалардын алкагында сөөк жашырууга даярдалган жана ритуалдык - практикалык ара-кеттерди ишке ашыруудагы иштердин жыйындысы. Жөрөлгөнүн негизин сөөк коюу салт-тары - өлүккө карата жалпы кабыл алынган ыкма жана нормалар менен кайрылуу, бир катар көз караштар жана тартиптер, ошондой эле конкреттүү кырдаалдагы белгиленген жүрүм-турумдарынын стили түзөт. Сөөк коюу эстелиги бул реалдуу адамды же жаныбарды кө-мүүгө белгиленген символикалык жер жана сөөк коюу жөрөлгөсүнүн заттык жыйынтыгы. [*Табалдиев,* 1996, 15-16-б.].

Байыркы элдердин түшүнүгү боюнча, өлүк-көмүү салтын кайтыш болгондорду тиги дүйнөдөгү жашоосуна узатуу жана ага өтүү үчүн мүмкүнчүлүк түзүү катары даярдашкан. Илгерки убактардагы ар кайсы общиналар мындай өткөөлдү ар кандай түшүнүшкөн. Өлүк көмүү салттарынын ар түрдүүлүгү ушундан башталган. Бир тарабынан өлүк көмүү салты сөөк коюуга чейин, коюу учурунда же андан кийин кабыл алынган салттардын ритуалдык аракеттеринен түзүлгөн. Бул аракет, анын негизги ядросун жана жалпы туугандык байла-нышын түзгөн жамааттын кайтыш болгон мүчөсүн жерге жашыруу үчүн кызмат өтөгөн. Экинчи жагынан, ал материалдык элементтерди, маркумдун коомдук абалын: мүрзө куру-лушун, мүрзө ыскат буюмдарынын, ошондой эле буга өлгөн адамды жаткыруу абалы көшү-лат. Булардын баары адамдар үчүн белгилүү бир жыныс жана куракка керек болгон. Сөөк коюу салты ар кандай археологиялык маданияттын стандарттуу (традициялык) ритуалдык аракеттердин жана материалдык элементтердин жыйындысын камтыйт. Сөөк коюу салтын-да булак катары абдан түрлүү археологиялык маалыматтар потенциалдуу камтылып жатат [*Алешкин,* 1986, 6-б.].

Кыргызстандын аймагында байыркы көчмөндөрдүн эстеликтеринин эки тобу белги-лүү: жөнөкөй топурак-кыртыштуу чуңкурларга (яма) сөөк көмүү жана казанактуу (катаком-балык) сөөк коюу. Сөөктү топурактуу чуңкурларга көмүү Кыргызстандын байыркы абори-гендери сактар жана усундарга таандык. Сактар менен усундардын кургандарын өз мүнөз-дөрү боюнча кээде айырмалоо кыйын. Алардын сөөк көмүлгөн кургандарын экөөндө тең европеиддик белгилер бар. Мүрзө курулуштарынын түзүлүшү, сөөк коюу салттары, кера-мика жана башка дагы материалдык буюмдар көп жагынан жалпы мүнөздө: алардын ордун басуучулугу ачык байкалат. Усун коомундагы таптык жиктелүүнүн күчөшүнүн белгиси бо-луп, каз катар тизиле жайгашкан жаңы кургандардын пайда болушу эсептелет. Алардын ичинен ирилери ак сөөктөрдүн жана көчмөн төбөлдөрдүн үй-бүлө мүчөлөрүнө таандык. Андайларды курууда жумшалган зор күч, кургандарда бай ыскат буюмдарынын жана кым-бат баалуу жасалгалардын коюо болушу, көмүлгөндүн коомдогу жогорку катмарга тиеше-лүүлүгүн күбөлөндүрөт [*Орозалиев,* 1974, 124-б.]. Алардын азыркы эстеликтерден негизги айырмасы - ал көрүстөндөр ар түрдүү типтеги үймөк топурактардын астына жайгаштырыл-

гандыгында. Бирок алардагы жалпы курулуш түзүлүшүндө кыргыздардын азыркы көрлөрү-нө мүнөздүү окшоштуктар бар экенин байкоо кыйын деле эмес. Жалпы белгилеринен баш-ка, алардын айрым деталдары да байыркы жана азыркы көрүстөн курулуштарынын жана өлүктү көмүүнүн өзүнүн ырым-жырымдарынын ортосунда айрым бир окшоштуктардын бар экендигин көрсөтүп турат. Мына ушунун баары кыргыздардын көрүстөн курулуштары, өлүк мусулман үрп-адаты боюнча көмүлсө да, мурдагы өткөн доорлордун эстеликтери ме-нен белгилүү бир генетикалык байланышта болгондугун далилдейт, аларда бир кыйла ки-йинки жергиликтүү традициялар да өз чагылышын тапкан. [*Абрамзон,* 1999. 225-бет].

Сөөк коюу эстеликтеринин курулушу ар бир элдер менен урууларда ар кандай салт-тар менен коштолгон. Маркумдарды кургандарга көмүү Тянь-Шандын байыркы жана орто кылымдардагы уруулары үчүн мүнөздүү салт болуп саналат. Археологиялык адабияттар-да «курган» - деген термин сөөк коюу курулушун туюнтуп, эки бөлүктөн турган: сырткы, көзгө көрүнгөн жогорку башкача айтканда, мүрзө үстүнө таштан же топурактан үйүлгөн дөбөнү жана ички бөлүгүн билдирет [Мартынов, Шер, 2002, 8-б.]. Подбой жана катакомба-дагы сөөк коюулар болсо ооп келишкен калктар - усундар же юечжилерге таандык [Исто-рия, 1984, 160-б.]. Жети-Суу жана Тянь-Шандагы катакомбалык сөөк коюу салтынын пайда болушун гунндардын көчүп келиши менен байланыштырган кээ бир көз караштар да бар [*Бернштам,* 1951; 1997г.].

Кыргыздарда сөөк көмүү салтында ата-бабаларынын көрүстөнүнө байланышкан дагы бир тиби өлгөндөрдү убактылуу сактап туруунун өзгөчөлүгү туурасында жазма булактар-да маалыматтар кездешет. XVI к. орто ченинде Орто Азияда болгон Осмон империясынын тынчысы Сейфи Челебинин билдиргенине ылайык бул учурда кыргыздар мусулман да каа-пыр да болушкан эмес. Өлгөндөрүн болсо даректардын башына кийизге ороп асып коюш-кан [*Бартольд,* 1997]. Мындай сактоо өлгөн адамдын сөөгүн сөзсүз түрдө урукка тийиштүү көрүстөндө, ал өзү туулган, анын ата-бабасы жашаган жерде көмүү салты менен баланыш-туу болгон. Бугу уруусунун тектүү жол башчыларынын бири Бирназардын (белек уругу-нан) сөөгү Ысык-Көл боюнан анын ата-бабалары жашаган (Алай өрөөнүнө жакын) Кызыл-Коргонго алынып келинген. Саяк уруусунун феодалдарынын бири Түнтөй өлгөндө сөөгү Ысык-Көлдөн анын ата-журту Тянь-Шанга (Миң-Булак - деген жерге) алып келинген. Согу уругунда (могол уруусу) урукка тиешелүү көрүстөн болгон, бирок өткөндө бий жана тектүү адамдар өлгөндө алардын сөөгүн бул көрүстөнгө коюшпай, Чаткал өрөөнүнө алып бары-шып, Идрис-Пайгамбардын мазарынын жанына көмүшкөн. 1851-жылы жазылып калынган булактардын биринде мындай - деген маалымат бар: "казак аймагы Ташиганды (Ташкен) ордо - деп эсептейт, бирок анын кнждары менен хандарынын көчүп-конуп жүргөн кыш-тоолору жана жайлоолору болгон. Өлгөндө (сөөгү) көмүү үчүн Ташиганга алып келишет".

Кыргыздар менен казактардын арасында тараган бул салт көп учурда башка жерде, кеч күздө өлгөн адамды, онтойсуз шартка байланыштуу (мисалы кышында ашуунун жабылып калышы), жазга чейин көмбөй сактап туруунун зарылдыгынан келип чыккан. Мындай учур-да өлүктү көмүүнүн бардык ырым-жырымдарын аткарышып, сөөктү кепиндеп, ышталган чийки төө териге (шири) ороп, тигип салышкан. Сөөктү ушундай түрдө короодогу бийик бакка жазга чейин илип коюшкан. Күн жылыганда сөөктү алып барышып, урукка тиеше-лүү көрүстөнгө же белгилүү мазардын жанына көмүшкөн жана ушундан кийин гана аш бе-рүү үрп-адаттарын аткарышкан. Маркумду ал тигилген тери менен кошо көмүшкөн. Өлгөн адамды убактылуу "сактай туруунун мындай ыгы" "абага" көмүү сыяктуу байыркы ыкты эске түшүрөт. Алсак си (хи), кумоси (кумохи) урууларына таандык болгон булактарда (биз-дин замандын VII-VIII к. к) мындай - деп көрсөтүлөт: "Өлгөндөрдүн сөөгүн камышка жана чөпкө ороп туруп, бакка илип коюшат. Мындай салт байыркы түрктөрдө - теле бирлигинде

да болгон: өлгөндөрдү табытка салышып, тоого алып барып коюшкан же бакка танып салышкан".

Кыргыздарда өлүк көмүүнүн адаттагыдан башкча түрлөрү сөөгүнөн этин шылып салышып, сөөгүн ата-бабалары жашаган жерге алып келип көмүшкөн. Алсак нойгут уруусунан чыккан Нарбото бий Кашкар аймагы ченде согуштан каза табат. Анын максатташы жана уруулашы Турдубай Нарботонун сөөгүн этинен шылып салып, сөөгүн Газ же Согмент кыштагына (ал жерде нойгуттар жашаган) алып келип көмдүргөн [Абрамзон, 1999. 226-бет].

Башка дагы бир маалыматтар боюнча Нарбото Кашкарда киши колдуу болуп өлгөн... Нойгуттун бел байлаган азаматтары чогулуп, сөөктү алып келүү үчүн Кашкарды көздөй түн жамынып аттанышат. Эр азаматтарды Нарботонун эркек мүнөз кызы Жекавар эркекче кийинип, топту баштап барат. ...Кооптуу жерлерде күндүзү өргүп, түнү ката жол жүрүп, жигиттер менен бирге Жекавар атасынын сөөгүн Кашкардан алып келет.

Дагы бир айтым боюнча көк жорго Согменттин кире беришиндеги акыркы көрүстөн жайгашкан жерге келип токтогондон кийин, анын сөөгү ошол жерге шейит катары коюлат. Ошондон улам бул жер көрүстөн жайга айланып, Нарботонун ысмы менен «Шейит-Бува» аталып калган. Нарботонун күмбөзүнө коюлган кыштарды Кокондон алып келишкен, ал абдан сапаттуу болгон. Ата-бубаларынын байыркы сөөктү алып келүү салтын улап, нойгуттар кийинчерээк дагы аткарышыптыр. Нарботонун бир тууганы Үрүстөм Кокон кандыгында уазир, казына башчысы болуп, анын Газы аттуу баласы казылык кызмат аткарып турганда, киши колунан каза болуп, анын сөөгү Кокон шаарына жакын жердеги Сары-Коргон - деген жерге коюлган. Анын сөөгүн 1915-жылы Нарботонун чебереси Анарбек алып келип, Согменттеги «Шейит-Бува» көрүстөнүнө кайрадан койгон [*Кадыров,* 2012]. Сөөктү этинен ажыратып алып келүү салты Алымбек менен Курманжан даткалардын уулу Абдылда бектин сөөгүн алып келүүдө да аткарылган. 1995-жылы этнографиялык талаа изилдөө иштерин жүргүзүп жүргөн учурубузда Алай районундагы Үч-Чат айылынын тургуну Нүрдүн аксакалдан маалымат алып калдык. Анын айтуусунда Абдылдабектин сөөгүн анын чоң атасы Козу ажы алып келипитир. Абдылда бек 1877-ж. Кабул шаарында оорудан көз жумгандан кийин анын өлүгүн сууга басып үч күн кармашыптыр, андан кийин сөөктөн этин ажыратып көмүшүп, ал жерге Абдылда бектин кылычын сайып, сөөктү ак кийизге ороп, Козу ажы өзү бөктөрүп келген. Абдылда бектин сөөгүн Жошолу суусунун боюндагы Тамаша - деген жердеги баргы уруусуна таандык көрүстөнгө коюшкан.

Мындай сөөк коюу байыртадан эле кыргыздар арасында болуп келген салт экендиги элдик оозеки чыгармалардан орун алган. "Манас" эпосундагы сүрөттөлгөн Кокотойдү сөөгүнөн этин ажыратып көмүү салты зороастрийлердин сөөк коюу салтын эске салат [*Бернштам,* 1997, 293-б.].

Ошону менен катар исламдын жайылышы менен мусулмандык ырым-жырымдар акырындап тамырлап олтурган жана анын жайылышына ферганалык жана чыгыш түркстандык сопу ордендеринин жана кокон хандыгынын таасири чоң болгон. Суфизм түштүк кыргыздардын арасына өзгөчө кеңири таралган. Г. П. Снесаревдин бизге билдиргенине караганда жана XVI кылымдын чыгармасы "Маджму ат-таварихтен" да көрүнүп тургандай, Түштүк Кыргызстанда акыркы кылымдарда да бир нече эски эшендик династиялар өтө зор таасирге ээ болуп турган (атап айтсак, акын-мистик Хувайдодон башталган династия, резиденциясы Ош шаарында болгон). Түштүк кыргыз уруулары жана кыргыздардын өзүлөрү мурут катарында мына ошол эшен династияларынын ортосунда бөлүнгөн. Өз кезегинде жергиликтүү эшендер өзүлөрүнүн санжырасын чуулгандуу Аппак кожодон бери улантып келе жаткан кашкарлык суфий жамааттары менен байланышын турушкан. Түштүк кыргыздардын эшен жамааттарынын суфизми анын бир кыйла кобүрөөк өнүккөн, таза түрүндөгү формасына

(Хуфия) таандык болгон жана жакшы уюмдашкандыгы менен айырмаланган. Алар паниславизм идеологиясын элдик-поэтикалык чыгармачылыкка да жайылтышкан, элдин адатында каада-салттары акырындык менен мусулман үрп-адаттарына алмаштырылган. Мунун өкүлдөрү-эшендер кыргыздардын арасында суфизмди пропагандалоо боюнча активдүү аракеттенишкен. Алар "динсиздерге " каршы күрөшкө чакырышып, өз жолун жолдогондорду рухий жактан куралдандырышкан. Эшендер көчмөн кыргыздардан өздөрүнө жанталаша мурут тартышып жана аларга такай каттоо менен өзүлөрүнүн пайдасына диний салык түрүндө көп сандаган мал алып турушкан. Кайсы бир жерлерде, а түгүл Тянь-Шанда да кыргыз суфий жамааттары болгон. Исламды киргизүүдө жана аны жайылтууда дервиштер, колжор, жана эшендер сыяктуу үгүтчүлөр менен бирге кыргыз ак сөөктөрү да негизги роль ойногон. "Кыргыздар Мухаммеддин туу көтөрүүчүсү Эркештин тукумунан" - манаптар жана алардын идеологдору айтып жүрүшкөн мындай "тарыхый" далилдер ислам жана анын традициялары кыргыздарда атам замандан бери эле жашап келе жаткандыгын жана анын түбөлүктүүлүгүн баса көрсөтүү үчүн колдонулган. Манаптар менен бийлер ислам динин биринчи кабыл алышат, анадан кийин аны өз букараларынын арасына, көпчүлүк убакта күч менен жайылта башташат. Ушул максатта айрым манаптар өзүлөрүнө өзбек молдолорду чакырышкан, алар алгач букараларды намаз окуу үчүн зарыл болгон негизги ырым-жырымдарды жана негизги дубаларды гана үйрөтүшкөн [*Абрамзон,* 1999. 187-192-бет].

Акырындап мусулман миссионерлери жана кандайдыр бир деңгээлде кыргыз аксөөктөрү тарабынан ислам үрп-адаттарын жайыла башташы Фергана өрөөнүнүн чыгыш аймактарын байырлаган кыргыз урууларынын сөөк көмүү салтында айкын чагыла баштайт. Уруу башчылары кай бир учурларда уруулук көрүстөнгө эмес Ош, Ноокат жана Өзгөн шаарларынын айланасындагы мусулман көрүстөндөрүнө коюла баштайт. XIX к. Экинчи чейреги мезгилдеринде Жору уруусунун уруктарынын бийлери Сооржан бий кайтыш болгондо Кызыл-Суу аймагынан Ош шаарынын чыгышындагы Сар-Мазарга, Көккөз бий өлгөндө Кара-Кулжадан Өзгөндөгү султандардын мазарына алып келип коюшкан. Ушундай эле салт менен 1907-ж. Курманжан датка, андан бир топ убакыт мурун уулу Камчыбек да Мадыдан Сар-Мазарга алып келинип коюлган.

Жогоруда биз козгогон Кара-Дарыя суусунун куймалары жана ага орун алган тоолуу жайыттардагы мазарлардын аймагындагы архитектуралык курулуштар - күмбөздөрдүн абалы туурасында пикир толгоого туура келет. Кыштоо жайларга туура келген бардык курулуштар кийинки мезгилдерде эле адам колу тарабынан бузулганы байкалып турат. Буланын тегерегиндеги соңку мүрзө жайлардын үстүнө белги же тосмо катары белгилөөдө жана какендигин айтып кетүү керек. Жакынкы жылдардагы биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй көбүнчө бышкан кыштан салынган мындай курулуштарды көп жерден учураттык. Тактап айтканда Кара-Суу районунун аймагынан Куршаб суусунун сол тарап жээгинен орун алган Жору уруусуна таандык Кочкор-Ата, Моңол, Кара-Кулжа районунан Жорунун теңизбай уругуна таандык Тар жана Кара-Дарыя сууларынын оң тарабындагы Төрткүл, Сары-Камыш, Учук, Тастар-Ата, жорунун дагы бир уругу тасмаларга таандык Тар суусунун сол тарабындагы Кыз-Мазар көрүстөнү, моңол уруусунун кыйыры, бөгөнөк уруктарына таандык Кара-Кулжа суусунун оң тарабындагы Кар-Кочкор, Ак-Кыя айылдарынын четтеринен орун алган уруулук көрүстөндөрдөн байкалат. Аталган көрүстөндөрдүн чегинен кайсы бир мезгилде курулган бышкан кыштан тургузулган курулуштун изи жана мүрзөлөрүнүн үстүндөгү үймөктөрдөн (учурда үстүлөрү урап калган абалда) ар кандай көлөмдөгү бышкан кыштардын тизмеги сакталган. Айрым көрүстөндө мисалы Төө-Моюн ашуусунун батыш этегиндеги Сары-Камыш көрүстөнүн ондогон жылдар илгери Тар суусу киргенден улам

жеп олтуруп, азыр аскалуу жээктен айрым бейиттердин казыналарын бекитүүгө колдонулган бышкан кыштары көрүнүп турат. Бул төрт чарчы келген кыштар көрүстөндүн аймагындагы Бердибек кыпчак - деп аталган күмбөздүн кыштары болуп саналат.

Колдонулган адабияттар:

Абрамзон С. М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Бишкек-1999.

Бартольд В. В. Кыргыздар. //Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Бишкек, 1997.

Бернштам А. Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Том-1, Бишкек-1997.

Бернштам А. Н. Очерки истории гуннов. Л. 1951.

Горячева В. Д. 1983, Средневековые городские центры и архитектурные ансамбли Киргизии. Ф.

Горячева В. Д., Перегудова С. Я. 1995, Памятники истории и культуры Таласской долины. Бишкек.

Додхудоева Л. К вопросу о происхождении кайраков. //Тезисы докладов всесоюзной научной конференции культура и искусство Киргизии. Вып. 2. Л. 1983.

Джумагулов Ч. 1982, Эпиграфика киргизии. Вып. II. Ф.

Джумагулов Ч. 1987, Эпиграфика киргизии. Вып. 3. Ф.

Джумагулов Ч. 1999, Эпиграфические памятники города Ош. //Новое о древнем и средневековом Кыргызстане. Выпуск 2. Бишкек, «Мурас».

Жумагулов Ч. 2000, Оштун жана Ош аймагындагы эпиграфиялык эстеликтерди изилдөөнүн жана сактоонун айрым проблемалары.//Ош и Фергана: археология, новое время, культурогенез, этногенез. Выпуск 4., Бишкек, «Мурас».

История Киргизской ССР. 1984, Т. 1. Ф.

Кадыров А. Нарбото бий. Рух кенчи. № 10 (94), Октябрь. 2012-ж.

Мартынов А. И., Шер Я. А. 2002, Методы археологического исследования. М.

Орозалиев К. 1974, Изучение Кушанской эпохи в Киргизии Центральная Азия в Кушанскую эпоху. М.

Рымбекова Н. 2000, Историко-культурные памятники прииссыккулья. Бишкек.

Снесарев Г. П. 1983. Хорезмские легенды как источник по истории религиозных культов Средней Азии. М.

Табалдиев К. Ш. 1996, Курганы средневековых кочевых племен Тянь-Шаня. Бишкек.

Табалдиев К., Белек К. 2008, Памятники письменности на камне Кыргызстана. Бишкек.







Кыз-Мазар көрүстөнү.



Тасма уруусуна таандык эски көрүстөн.









Тоо-Моюн ашуусуна жакын жердеги Тенизбайдын Биймырза тобуна таандык эски көрүстөндөн чыккан бышык кыштар.





Теңизбайлардын Биймырза тобунун корүстөнүнүн аймагындагы бышкан кыштан курулган «Бердибек-кыпчактын күмбөзүнүн» калдыгы.





Ак-Күмбөз (Астар - Ата) архитектуралык эстелиги.



Мунаралуу-Күмбөз (Кастар-Ата) архитектуралык эстелиги.





Тастар-Ата күмбөздөрү. XVI - XVII кк. таандык архитектуралык курулуш. Теңизбай уруусунун Биймырза тобуна караштуу эски корүстөнүндөгү мүрзолордун бирине коюлган кайрак. Сай ташы. Теңизбайдын Жалантош тобунун эски корүстөнүнүн жанындагы курулуштун орду. Бышкан кыштар. Учук.

САНЖЫРА - ЭЛДИН УЮТКУСУ

Т. Арипов - *Кыргыз Улуттук агрардык университетинин аспиранты*

Урматтуу бүгүнкү илимий-практикалык конференциянын катышуучулары!

Турдумамат Эргешович өтө оор жумушту баштап, өтөөсүнө чыкканы калыптыр. Залды карап туруп, арка бел болуп туруп берүүчү элдин бар экенине ынанып турам. Адигинин орто кылымдагы адам экендигин генетикалык изилдөөлөрдө далилдешкен. Ошондуктан «Ханзу жазмаларындагы Кыргыздар» аттуу тарыхый китептеги, 795-жылы Уйгур каганатындагы бийликке келип, 840-жылга чейин бийлеген. Эдигеге, Адигеге урууларынын өкүлдөрү азыркы Адигинелердин бабаларыбы - деп ойлоймун. Анткени «Кыргыз Туусу» гезитинин 2014-жыл 6-июндагы №42 санында Кытайдагы философия илимдеринин доктору Макелек да Уйгур каганатын бийлеген Яглакарларды «Кыргыздын хан» титулу деп, жарыялаган. Менин жазган «Уйгур каганатын Кыргыздар бийлегенби?» - аттуу популярдуу басмада да бул окуя ушундай чагылдырылган. Албетте, бул илимий деңгээлде изилденип такталууга тийиш. Кыргызстан тарыхчылар ассоциациясында, Кокон хандыгы доорундагы учурунда Кокон хандыгынын вкаф чарбасында тиешелүү болушу ыктымал. Бул документтер Турдумамат Эргешовичке берилет. Менин бүгүн айтайын дегеним, эмне үчүн кыргыз эли уруу-уруу болуп бөлүнөт жана урук урууларын тарыхынын калыптандыруусунун зарылчылыгы эмнеде?

Адам баласы болуп жаралгандан бери бөлүнүп-жарылып биригип келген. Ошондуктан да окумуштуулар бул маселени изилдешип, адам баласынын бөлүнүүсүн же биригүүсүн дейбизби эки түргө бөлүштүрүп, биринчиси бул үй-бүлөдөн уруктун, уруктан уруунун, уруудан улуттан түптөлүшүн «табигый биригүүдөгү» эл - деп аташкан. Экинчи түрү, үй-бүлөдөн уруусуз эле улуттун түптөлүшүн «эрктүү биригүү» - деп аташкан. Улут, эл, этнос - деген сөз бул мамлекет - деген түшүнүк. Мисалы италяндарда, украиндерде, орустарда,

французларда ж. б. у. с. мамлекеттерде уруулук түзүлүш жок. Бирок аларда уруктук, уруулук биригүү, бөлүнүү болбогон менен тап доорундагыдай өзүнүздөр тарыхтан билгендей бай, кедейге, диний кызматкерлерге, регион регионго, негизинен коомдорго, партияларга биригүү бөлүнүү күчтүү. Ошентип, адам баласы болуп жаралгандан бери бөлүнүп, тарап, биригип келиптир. Ошондуктан окумуштуулар да бул эки топко бөлүнүүнү, биригүүнү тереңирек изилдешип, табигый биригүүдөгү этносту тирүү организмге салыштырышат. Табигый биригүүдөгү элдерде атасыз бала жаралбагандай эле атасыз урук, уруу болбойт. Табигый биригүүдөгү элдерде ар бир адам өзү кайсыл урууга таандык экенин жарык дүйнөгө келгенден баштап сезет. Ал эми эрктүү биригүүдөгү элдерде коом, партия аркылуу бириккен же бөлүнгөн элдерде биригүүнүн негизин материалдык жыргалчылыкты өндүрүү кызыкчылыгы жана саясий кызыкчылыктар түзөт. Алар коомдун же партиянын программасы ишке ашпай калса таркап кетет же саясий кызыкчылыгы дал келген эки үч партиялар биригишип, таркашып, бир партиядан экинчи партияга өтүп жүрө берет. Ал эми табигый биригүүдөгү же бөлүнүүдөгү элдерде бир уруктан экинчи урукка өтүү деген эле мүмкүн эмес. Ошондуктан табигый биригүүдөгү элдер мамлекети болбосо да улут катары сакталып кала берет деген. Мисалы, "Ак жол" партиясы менен "Алга" партиясын алалы. Алардын мүчөлөрү эчак эле мурдагы партияларынын атын унутушуп, азыркы парламенттеги партияларда мүчө, Кыргызстандын саясий турмушунда жигердүү катышып, мурдагы өздөрүнүн партияларын унутушканы менен өздөрүнүн кайсыл урууга таандык экендерин унутушпаган. Биз табигый биригүүдөгү элбиз эгерде азыр ким экенибизди тактап албасак эртең ким болушубуз да белгисиз болот. Табигый биригүүдөгү элдердин, улуттун, мамлекеттин тарыхы уруулардын тарыхынын калыптануусу менен түптөлөт. Тарых бул мамлекеттин идеологиясы. Өнүккөн өлкөлөрдө тарыхын билбесең жарандык берилбейт. Россияга мигрант катарында барсаң, тарыхтан экзамен тапшырууга милдеттүүсүң. Тарых жеке адамдын кызыкчылыгына караганда глобалдуу мүнөзгө ээ элдердин интеграциясы, мамлекеттин түзүлүшү тарыхтын калыптандыруунун зарылчылдыгы да ушуну менен түшүндүрүлөт.

Колдонулган адабияттар:

Абрамзон С. М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. -Б., 1999.

Абрамзон С. М. Этнический состав киргизского населения Северной Киргизии. // ТКАЭЭ. -т. IV. -Л., 1960.

Аристов Н. А. Труды по истории и этническому составу тюркских племен. -Б., 2003.

Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. Б., 1995.

Айтбаев М. Т. Кыргыз эли жонүндогү легендалар. -1959. -УИАсынын КЖФ, -№ 3053.

Бартольд В. В. Очерк истории Семиречья. -Фрунзе, 1943.

Винников Я. Р. Родоплеменной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии.//ТКАЭЭ. -т. 1. -1956.

Маджму ат - таварих. // Материалы по истории киргизов и Киргизии, -Вып. 1, -М., 1973.

Караев О. Чагатайский улус. Государство Хайду. Могулистан: образование кыргызского народа.

Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. -Б., 2003.

Торокан уулу Э. Кыргыздын кыскача санжырасы. -Б., 1995. -2-кит.

“Санжыра көчмөндөрдүн тарыхы кыргыздын Адигине тобунун Жору (Жолжакшы) уруусунун мисалында” аттуу илимий-практикалык конференция белгилейт

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 27-январында кол койгон «Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп үйрөнүүнү терендетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгында айтылгандай «Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүү боюнча мамлекеттик бийлик органдары менен жарандык коомдун системалуу иши элдин биримдигин чыңдоого жана мамлекеттүүлүктү өнүктүрүүгө олуттуу салым кошо алат. Бул милдетти чечүү кыргызстандыктарда тарыхты урматтоо, өткөнү менен сыймыктануу, элдин руханий жана маданий дөөлөттөрүн билүү жана аздектөө сезимин тарбиялоосуз мүмкүн эмес»-деп белгиленген. Бул жарлык мезгилдин эң орчундуу талаптарынын бири мекен тарыхын изилдөө, болгон окуяларды, алардын каармандарын тарыхтагы ордуна коюу маселесинде зор маанияге ээ болууда. Азыркы дүйнөлүк ааламдаштыруу мезгилинде Кыргыз элин бириктирүү, мекенчилдикке тарбиялоо, өткөндү терең изилдеп, кийинки муундарга калтыруу масилесинде учурда изилденип, өткөрүлүп жаткан илимий- практикалык конференциялардын маанисин жогорулатат. Кыргыздын миңдеген жылдарды камтыган көөнөргүс тарыхында көптөгөн элди-жерди ички-тышкы душмандардан коргоп, улут кылып сактап келген азаматтар, маданиятын, тилин, салт-санаасын сактап келген өнөрпоздор, таланттар миңдеп жаратылышаны белгилүү. Аз сандуу калк болгонуна карабастан кылымдар бою өзүнүн эл-жерин, руханий байлыгын сактап келүүгө шарт түзгөн дүйнөдөгү азыр жашап жаткан калктардан өзгөчөлөнгөн калк - Кыргыз эли, мамлекеттүүлүгүн, тарыхын, маданиятын сактап, өнүктүрүп, муундан муунга мурас кылганынын натыйжасын биз көрүп, туюп, жашап келүүдөбүз. Ошондой болсо дагы алиге чейин жогорку айтылган унутулгус иштерди жасаган ар бир уруудан, анын ичинде уруктардан чыккан баатырлар, өнөрпоздор, эл бийлери өткөн кылымдагы саясаттын натыйжасында унутулуп, муундарынын эсинен чыгып келе жатканы анык. Ушул жагдайда жалпы Кыргыз элинин санжырасы, тарыхы менен кошо Адигиненин Жору (Жолжакшы) уруусунун санжыралык маалыматтарын тактоо жалпы Кыргыз тарыхын тактоого кошулган чоң салым болот. Ошондой максатта жалпы Жору (Жолжакшы) тукумдарынын арасындагы мекенчилдер менен кошо Кыргыздын белдүү тарыхчылары, этнографтары ушул илимий-практикалык конференцияга чогулуп отурат. Изилдөөлөр али алдыда, келечактын иши. Конференцияда Жору (Жолжакшы) уруусунун санжыралык маалыматтарынын, генеалогиялык схемаларынын азыркы күндө кандай абалда экенине анализ берилип, алдыдагы милдеттер белгиленди. Жалпы Кыргыздын чыгаан уулдарынын арасында Жору(Жолжакшы) чыккан баатырларга, мамлекеттик башкарууга катышкандарга, ар түрдүү тарыхый кырдаалдарга жараша жалпы Кыргыз калкы менен бирге жашоо кечирип келишкенине, өнөр адамдарына, саяпкер, бүркүтчүлөрдөн балбандарга чейин унутулуп бара жаткандарын кайра изилдөөнү улантууга жол ачылып, орошон ойлор ортого салынды. Мындан тышкары Адигиненин Жору (Жолжакшы)уруусунун санжыралык маалыматтарын изилдөө менен жалпы түрк дүйнөсүнүн, көчмөндөр болуп келген Евроазиянын калкынын мурдагы тарыхын, маданиятын, т. а. цивилизациясын изилдөөгө салым кошулат.

Санжыраны тактоого кызыккан мекенчил Жору (Жолжакшы) урпактарына, илимпоз изилдөөчүлөргө келечекте, Россиянын, Өзбекстандын, Кытайдын архивдерине чейин барып, тарыхка тактоо киргизүүнү, унутулган окуяларды, анын каармандарын терең изилдөөгө сунуш-жолдомолор берилип, Кыргыздын белдүү окумуштууларынын кеп кенештери,

сунуштары менен илимий маалыматтары Жору (Жолжакшы) уруусу боюнча угулуп, талкууланды.

Конференцияга окумуштуулар менен кошо коомчулуктун өкүлдөрү, Кыргызстандын бардык облустарынан, Кытай Республикасынан, Өзбекстандан өкүлдөр катышып, өз ойлорун ортого салышып, маанилүү маалыматтарды беришти. Архивдик маалыматтар менен кошо Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар фондундагы, Кыргызстандын күч органдарынын мурдагы мезгилдерди камтыган архивдерин терең изилдөө, эл оозунда сакталган маалыматтарды топтоо иштерин пландуу түрдө жүргүзүү маселеси кеңири талкууланып, аны жетекчиликке алуу Жору (Жолжакшы) коомдук фондуна тапшырылды.

Илимий-практикалык конференциясы жогорудагы илимий баяндоолордун, жалпы талкуулоонун натыйжасында кабыл алынган резолюциясы:

1. Жалпы Кыргыз санжырасына Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасын терең изилдеп, генеалогиялык схемасын тактоого окумуштуулардын, санжырачылардын жана Адигинеинин Жору (Жолжакшы) уруусунун уруктарынын өкүлдөрү тартылып, изилдөө иштери колго алынсын.

2. Кыргыздын тарыхындагы актай баракгарды толуктоодо Жору (Жолжакшыдан) чыккан Кыргыз коомунун өнүгүшүндө өз өмүрлөрүн, бүткүл иш-аракетин арнаган кишилер толук такталып, жалпы тарыхка кошуу чоң актуалдуу маселе экендиги белгиленсин. Бул багытта иликтөө, илимий изилдөө иштерине коомдук тармактагы окумуштуулар кеңири тартылсын.

3. Адигинеинин Жору (Жолжакшы) уруусунан чыккан атактуу эл башкаруучулар, акын жана өнөрпоздор, баатырлар, мамлекеттик көрүнүктүү ишмерлер Кыргызстандын жана кыргыз элинин тарыхына, билим берүү мекемелеринин бардыгында окуу китептерине, окуу программаларына киргизүүгө сунушталсын.

4. Башка өлкөлөрдүн байыркы жана орто кылымдагы, кийинки Совет доорундагы архивдик жана башка документалдуу булактардан Жору (Жолжакшы) уруусуна тиешелүү маалыматтарды изден табуу жана аларды илимий чөйрөгө изилдоого берүү уюштурулсун.

5. Илимий изилдөөлөрдү терең уюштуруу, тиешелүү илимий маалыматтарды китеп, интернет жана башка булактарда чагылдыруу, илимий изилдоого окумуштууларды, санжырачыларды тартуу, тиешелүү учурда илимий жыйындарды уюштуруу жана башка маселелерге кетүүчү каражаттарды табуу үчүн атайын түзүлгөн Жору (Жолжакшы) коомдук фондунун финансы каражаттары Жорунун урнактары тарабынан каржыланышын уюштуруу иштери колго алынсын.

6. Жаш муундарды Мекенчилдикке, толеранттуулукка, интернационализмге тарбиялоодо тарыхта аты белгилүү каарман инсандардын өмүрүн, жасаган унутулгус иштерин үйрөнүү чоң роль ойной тургандыгы белгиленсин.

7. Жору (Жолжакшы) уруусунун санжыралык маалыматтары жалпы Кыргыздын, анын ичинен Адигине уруусунун санжыралык - тарыхый маалыматтары менен кошо изилденип, илимий чөйрөнүн кароосуна жумшоого багытталсын. Ал үчүн Жору (Жолжакшынын) санжырачылары, окумуштуулары Кыргыздын башка урууларынын изилдоочүлөрү менен биргелешип изилдоо уюштурулсун. Жору (Жолжакшы) уруусунун каражаттык мүмкүнчүлүгүнө жараша ошол изилдөөлөрдү каражат жагынан дайыма колдоо иштери ишке ашырылсын.

8. Жору (Жолжакшы) коомдук фондунун эсебинен ушул өткөрүлгөн илимий-практикалык конференциянын материалдары атайын китеп болуп жарыяланып, илимий мекемелерге, жогорку жана атайын окуу жайларына, мектептерге акысыз таркатылып берилсин.

9. Илимий-практикалык конференция өзүнүн алдына койгон максатына жетти - деп эсептелсин. Резолюция бир добуштан кабыл алынды.

Ош шаары, 10-октябрь, 2014 жылы.

ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯНЫН ЖҮРҮШҮ БОЮНЧА ФОТОБАЯНДАР



Конференциянын ачылышы.



Профессор О. Каратаевдин илимий доклады чоң кызыгуу жаратты.



Коомдук ишмер К. Тезекбаев конференцияны алып барууда.



Н. Сыдыков - конференцияның жыйынтыктоочу резолюциясы менен тааныштырууда.



Конференциянын катышуучулары.



Конференциянын угуучулары.



Талкуу учуру.



Конференциянын меймандары.



Конференциянын катышуучулары. Докладдарды чон ынтаа менен угушту.



Өзбекстан аймагынан келген Жору (Жолжакшы) урпактары.



Талкуу жүрүп жатат.



Конференциянын катышуучулары.



Конференциянын катышуучулары.



Талкуу учуру.



Конференцияны жыйынтыктоо.



Конференцияга катышкан окумуштуулар тобу.



Конференциянын меймандарын сыйлоо.





Дасторкон үстүндө.



Берекелүү дасторки



Ата-бабаларга куран окуу.



Конференция аяктагандан кийинки салтанат, сарпайы кийгизүү.



Меймандарды узатуу.



Меймандарды узатуу.



Конференцияга катышкан окумуштуулар.





Конференциянын соңу.



Улуу Жеңиштин 70 жылдык майрамында Жору (Жолжакшы) урпагы, полковник Д. Исаков Россиянын Президенти В. В. Путин менен маектешип жаткан учуру. (Май, 2015-ж. Москва шаары)

ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНУН ӨКҮЛҮ ПОЛКОВНИК Д.ИСАКОВдун ЭКИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТА (1941-1945-жж.) ЯПОНИЯНЫН ЖЕҢИЛИШИНЕ АРНАЛЫП, 2015-ж. КЭРдин ПЕКИН ШААРЫНДА ӨТКӨН ПАРАДГА КАТЫШУУ УЧУРУН ЧАГЫЛДЫРГАН ФОТО БАЯНДАР




KYRGYZST


争创先进学员队 争当优秀学







ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНУН ТАРЫХЫ, САНЖЫРАСЫ ТУУРАЛУУ КЫРГЫЗ ОКУМУШТУУЛАРЫНЫН СОЦКУ ЖЫЛДАРДА ЖАРЫЯЛАНГАН ИЛИМИЙ, ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ МАКАЛАЛАРЫ (2018-2019-жылдар)

ПРЕЗИДЕНТТИН АТА-ТЕГИ КИМ?



Өскон Осмонов

Өскон ОСМОНОВ - *Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, тарых илимдеринин доктору, профессор.*

Макала "Жаңы Ордо" гезитине 2019-ж. 20-сентябрда, "Кабар инфо" гезитине 2019-ж. 26-сентябрда, о.э. интернетке жарыяланган.

Сөз башы

Үстүбүздөгү жылдын 20-июнунда Кыргызстандын Ысык-Көл облусунун 80 жылдыгы айтылуу Каркыра жайлоосунда чоң салтанат менен белгиленди. Бул мааракеге Бишкектен чакырылган меймандардын катарында мен дагы барып калдым. Убагында Көкөтөй бабабыздын ашы өткөн жайлоонун болуп турган учуру экен. Каскатар тигилген жүздөн ашуун жасалгалуу боз үйлөр, улуттук кийим кийип, меймандарды тейлеген кыз-келиндер, ат ойноткон жигиттер... Музыка жаңырып, Каркыранын көркүнө көрк кошуп, ата-бабадан мураска калган жайлообуз шаңга бөлөнүп турду.

Мааракеге арналган салтанат саат 10до башталмак. Биздин топ Бишкектен бир күн мурда чыгып, Талды-Суу кыштагына түнөгөнбүз. Биз жайлоого саат сегиз боло электе жетип, андагы эл менен учурашып, чай ичкиле, жок дегенде даам ооз тийип чыккыла деген боз үй ээлеринин көңүлүн кыйбай, улам бир боз үйгө кирип, элибиздин пейилине ыраазы болуп, үйдүн жасалгасына көз кырыбызды салып, суктана карап жаттык.

Кезектеги боз үйдөн чыкканыбызда, бизди тосуп чыккан жигит: «Бул боз үйгө да кайрыла кеткиле, алыстан келген кадырлуу адамдар отурат», - деп бет мандайдагы сыртынын көркү келишкен ак өргөнү көрсөтүп, жол баштады. Боз үйдөгүлөрдүн арасында Кыргызстандын ар кайсы аймактарынан келген коомдук ишмерлер, илимдин ар кайсы тармактарын изилдеген окумуштуулар, манаечылар, чыгармачыл адамдар отурган экен. Биз отургандарга салам айтып, дасторкон четинен орун алдык. Боз үйдүн ички жасалгасы да көздүн жоосун алат. Он эки канат боз үйдүн кеңдигин ошондо баамдадым. Ичине 50гө жакын адам кенен отурат.

Сөз олкобуздун Президентинин ата-теги жөнүндө экен. Биз келгенге чейин эле бул үйдө саясат жөнүндө сөз жүрүп жатыптыр. Сүйлогонүнө караганда мурдагы кызматкерлерден болсо керек, бир аксакал киши көлдөгү Теңизбай уругу оз элинен качып келген калмактан тараганын айтып, отургандарды ынандыруруга аракеттенип жатты. Аны жанындагы бироо коштоп, Жору уруусу бүт бойдон эле калмактардын уруусу болот экен деп "ачылыш" жасаганын өз сөзүнө маашырланган түр көрсөттү. Бул темада бизге чейин да далай сөз болгон окшойт. Отургандардын ичинен Бишкектен баргандардын бири «деги Кыргызстанга теги таза кыргыз Президент болбой койду го, бизди ушинтип эле ата-теги кыргыз эместер башкара береби, минтип отурса олкобүз оңолбой эле жоголот го», - деп каңырыгы түтөп калды. Аны отургандардын бир даары коштоп, түбү калмак болсо, бул дагы Кыргызстанды оңобойт экен да деген кобур-собур сөздөр айтылып жатты...

Кыргызда «Сөз өз учурунда айтылбаса, сөздүн атасы өлөт» - деген накыл сөз бар. Эгерде мен буга чейин сөз болуп жаткан Теңизбай уругунун кыргыз элинин чоң бутагын түзгөн Адигине уруу бирикмесинин Жору (Жолжакшы) уруусунун ажырагыс бир бутагы экендигин жакшы билбегенимде сөзгө батынып, аралаша албай калаар элем. Онтоюм келе калган учурда отургандарга кайрылып, өзүмдүн аты-жөнүмдү, тарыхчы экенимди, сөз болуп жаткан уруу жөнүндө жакшы билээримди, антпесе 2016-жылы Жору уруусу жөнүндө басмадан чыккан көлөмдүү китепке илимий редактор болгонумду айтып, элдин көңүлүн бурдум. Отургандардын арасынан бирөө: «Бул Осмонов деген чоң тарыхчы, биздин балдар окуп жаткан окуу китептерин жазып жүрбөйбү», - деп менин аброюмду көтөрүп койду.

Экинчи бирөөлөр: «Тарыхчыларды билебиз, ким президент болсо эле ошонун ата-тегин жасалмалап, жерге-сууга тийгизбей, мактап каласынар», - деп тетириленди. Аны колдогондор да болду. Мен сөзгө терикпестен: «андай тарыхчыларыбыз да жок эмес. Мен айтпадымбы, Жору уруусу жөнүндөгү китеп 2016-жылы чыккан деп, ал мезгилде азыркы Президентибиз Ош облусунда губернатор болуп иштеп жүргөн. Менин ал киши менен эч кандай таанышпыгым болгон эмес», - дедим. Сөзүмдү андан ары улап, 2009-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Тарыхчылар ассоциациясы иштеэрин, бул коомдук уюм биринчи кезекте окуу жайлары үчүн тарых боюнча окуу китептерин жана окуу куралдарын жазуу менен алектенээрин, экинчиден, кыргыз элинин санжырасын илимий негизде изилдеп, аны тарыхый булак катары пайдалануу багытында иштеп келе жатканын айттым. Сөздөрүм ынанымдуу чыкты окшойт, ал жерде отургандар менин сөзүмө кулак төшөп калышты. Салтанаттын башталышына бир сааттан ашык убакыт бар болгондуктан, Теңизбай уруусунун илимий жактан тактылган таржымалын кыскача баяндап келип, сөзүмдүн аягында ушул эле Ысык-Көл жергесинен чыгып, өздөрүнүн өмүрүн, чыгармачылыгын кыргыз элине арнаган Жору уруусунун Теңизбай уругунан чыккан таланттуу жазуучу, окумуштуу Ташым Байжиевди, Кыргыз ССРинин эл жазуучусу Касымаалы Жантөшевди, көрүнүктүү Кыргыз эл жазуучусу Мар Байжиевди, тигинде отурган киши айткандай Жору уруусу калмактардан куралган болсо Жору уруусунан чыккан Кыргыз Республикасынын баатыры, акын Сооронбай Жусуевди, белгилүү ырчы Рыспай Абдыкадыровду кыргыз эмес, калмактар дейбизби десем, боз үйдө отургандар жарыша: «Жо-жоок, андай эмес, бул уулдарыбыз өзүбүздүкү, алар бизден сыймыгыбыз, аларды калмактар деп айтканга оозубуз да барбайт, - деп чурулдап жиберишти. Менин айткан сөздөрүм отургандарга таасир этти окшойт, Теңизбайлардын түбү калмактар деген сөз далилсиз экендигине ынангандай болду.

Ошондо төрдө отурган белгилүү аксакал: «Кепти туура эмес баштап, акырында жакшы жыйынтыкка келдик. Өзүбүз шайлаган Президенттин ата-тегинде эч жазык жок. Мен Президенттин түбүн билбесем да, атасы Шарипти жакшы билем. Ал киши кыргыз эли үчүн өмүрүн арнаган, чыныгы айкөл адам эле. Анын тарбиялаган уулдары элдик азаматтар болуп чыкты. Көрүп жатабыз го, Сооронбай Шарипович ак дилинен Кыргызстан үчүн болгон аракетин жасап жатпайбы. Анын теги-жайын талашпай, жасаган аракетин колдоп, колубуздан келген жардамыбызды берели», - деп сөзүн жыйынтыктады. Убакыт болуп калгандыктан, баарыбыз салтанаттуу жыйын боло турган аянтча тарапка бастык...

Баягы сөздү Барскоондон дагы уктум. Педагог болгондуктан, июль айынын башында окуу жылын аяктап, эмгек өргүүсүнө чыккан соң, жылына үй-бүлөм менен Жети-Өгүз районунун Барскоон айылына жакын, Барскоон суусу көлгө куйган жердеги «Геологдордун дачалары» деп аталган чакан кыштакчадагы өзүмдүн чакан эс алуу үйүмдө эс алам.

1970-1980-жылдары «Кум-Төр» алтын кенин изилдеген геологдор (алар өз мезгилинде советтик мыкты адистер болушкан) бул жерге кыштакча негиздеп, үй-бүлөлөрү менен жайкысын эс алышат (азыркы учурда геологдордун көбү улгайып калышты), ошондой эле жыл

бою жашагандар да бар. Мен ошолордон «Кум-Төр» алтын кени биринчи жолу 1973-жылы кокусунан байкалганын, 1976-жылы анализ алуу үчүн адистер вертолет менен келип, 30 үлгү алганын, бул жерден чыккан алтындын сапаты эң жакшы экендигин уккамын.

Геологдордун дачасынын тушунан сайды бойлой Кум-Төрдү карай жол кетет. Ошол жол менен 10 чакырымдай жүргөндө эки жагын карагай каптаган Барскоондун капчыгайы башталат. Дагы 10 чакырымдан кийин эки чоң шаркыратма бар. Шаркыратманын этегиндеги чакан жайык жерди эл «Тагай бийдин конушу» деп айтышат.

Санжырада XV кылымдын аягы - XVI кылымдын 1-жарымында бир туугандар Адигине менен Тагай бий кыргыз элин бийлеп, бириктиргендиги айтылат. Адигине түштүктөгү анжияндык кыргыз урууларын бийлесе, анын иниси Тагай түндүктөгү аркалык кыргыздарды бийлеген. Тагай бий 1508-жылы Барскоон аймагында хан көтөрүлгөн. Ал жайлоого же көл жээгиндеги ордосуна кайра көчкөндө ушул шаркыратмалардын этегиндеги жайыкка ак өргөөсүн тиктирип, бир-эки жума өргүп жатчу экен. Ошол жердеги алачыктай чоң ташты эл «Тагай бийдин чоң ташы» деп атап, анын тегерегин тосуп коюшкан. Баргандар ал жерге зыярат кылышат. Жергиликтүү тургундар жайкысын бул жерге он чакты боз үй тигишип, келген туристтерди, зыяратчыларды ж. б. тейлешет. Мен дагы бул жерге жыл сайын үйбүлөм менен келип кетем. Бул жолу шаркыратмага 26-июлда бардык. Эл адаттагыдай көп, менин байкашыма караганда жылдан жылга чет өлкөлөрдөн келген (өзгөчө Араб өлкөлөрүнөн) туристтердин саны арбын.

Кымыз ичиш үчүн боз үйлөрдүн бирине кирсем, анда он чакты аксакал кобурашып отурган экен. Саламдашып, алардын катарына отурдум. Элибиз ушунчалык саясатташып кеткен окшойт. Бул жерден да саясат жөнүндө сөз жүрүп, өлкөбүздүн Президентин узун-туурасынан талдап жатышкан экен. Сөздүн жүрүшүндө Президенттин аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү, коррупцияга каршы чечкиндүү аракети, эл аралык мамилелерди чыңдоо боюнча алгылыктуу иштери, анын алгачкы ийгиликтери ж. б. жөнүндө кеп козголбой эле, сын-пикирлер айтылууда. Четте отурган сары чийкил, чокчо сакал абышка: «Мурдагылардын ата-тектери аз келгенсип, азыркы Президентибиз да калмак турбайбы, бул да кыргыздарды сызга отургузат го», - десе болобу. Мен сөзгө аралашып, баягы Каркырада айткандарымды кайталадым. Чокчо сакал абышка: «Ким билет? Элдин баары эле азыркы Президентибиздин теги калмак экен деп жатышат», - деп тайсалдап калды.

Санжыра тактоого муктаж. Жогорудагы эки окуядан кийин чын эле Президентибиздин ата-теги жөнүндө ойдо-томон сөздөр эл арасына тарап кеткенби деген ойдо калдым. Ушундан улам окумуштуу-тарыхчы катары, негизгиси Турдумамат Эргешовдун ондогон жылдар бою чогултуп жүрүп жазган «Кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы», - Бишкек: «Учкун», 2016. - 648-бет, - деп аталган китебинин илимий редактору катары илимий жактан тактаган санжыранын Президентибиздин ата-тегине тиешелүү жерлерин басма сөзгө жарыялоону туура көрдүм.

Эгемендүүлүктүн шартында элибиздин өзүнүн тарыхына, санжырасына кызыгуусу күчөдү. Өзүнүн ата-тегин изилдөөгө көпчүлүк адамдар ынтызар болуп, урууларын санжыраларын жазган авторлор көбөйдү. Тарых боюнча атайын базалык билими жоктор да санжыра жазып, китеп кылып чыгара баштады. Жоопкерчиликти сезген айрым санжыра сүйүүчүлөр жазган санжыраларын изилден жүргөн тарыхчыларга окутуп, илимий жактан тактатып алууга аракет жасаганы, албетте, туура көрүнүш.

Ушундай максат менен биздин Тарыхчылар ассоциациясына жылына бир нече санжыра сүйүүчүлөр кайрылып, кеп-кеңештерин алып турат. Биз алардын аракетин колдоп, туура багыт берүүгө көмөктөшүп турабыз.

Биздин ассоциацияга 2013-жылы кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасын жазып жүргөн Т.Эргешов кайрылып, он жылдан ашуун убакыттан бери аракеттенип, жазып жүргөн санжырасын илимий электен өткөрүп берүүнү суранган эле.

Айта кетейин, китептин автору Турдумамат экөөбүз 1971–1976-жылдары КМУнун тарых факультетинде бир группада окуп, жакшы мамиледе жүргөнбүз. Ал учурунда курстагы мыкты окуган студенттердин катарында эсептелип, жакшы билим алган эле. Базалык билими күчтүү, тарых илиминин изилдөө ыкмаларын жакшы билгендиктен, анын китеби көптөгөн санжыраларга (буга чейин бизге келген) салыштырмалуу жогорку адистик деңгээлде жазылганы адегенде эле байкалган. Биздин ассоциациянын мүчөлөрү, тарыхчы-илимпоздор Т.Эргешовдун кол жазмасы менен таанышып, жетишкендиктерин белгилеп, китептин сапатын жакшыртуу үчүн сын-пикирлерин айтышкан.

Илимий-практикалык конференцияда тактатган. 2014-жылдын 10-октябрында Ош шаарында «Санжыра көчмөндөрдүн тарыхы» (кыргыздын Адигине тобунун Жору урууларынын мисалында) аттуу илимий-практикалык конференция болуп өткөн. Конференцияда кыргыз элинин генеологиясын, санжырасын ондогон жылдардан бери изилдеп жүргөн, Бишкек шаарынан барган окумуштуулар: тарых илимдеринин доктору, профессор О.К.Каратаев, тарых илимдеринин кандидаттары, доценттер Р.Жолдошев, Т.Асанов, А.Беделбаев, Ош шаарындагы жогорку окуу жайларында, илимий мекемелерде эмгектенишкен окумуштуу-педагогдор, илимдин докторлору, профессорлор: Б.Нурумбетов, К. Матикеев, тарых илимдеринин кандидаттары, доценттер Ж.Адилбаев, Т.Өмүрзакова ж.б. маанилүү илимий докладдарды жасашкан. Конференциянын резолюциясында Жору уруусу кыргыздын эң байыркы урууларынын бири экендиги, бул уруу XV–XVI кылымдарда кыргыз элинин биротоло калыптанышында маанилүү роль ойногондугу баса белгиленген. Акырында конференцияда жасалган докладдарда айтылган сунуш-пикирлерди эске алуу менен Т.Эргешов даярдаган китепти басмадан чыгаруу чечими кабыл алынган.

Жору уруусу жана анын Теңизбай ургу жөнүндөгү негизги маалыматтар. Санжыра кылымдан кылымга, муундан муунга оозеки айтылып келген элдин эс тутуму. Ошондуктан санжыраларда айтылгандын баарын чыныгы тарых катары кабыл алууга болбойт. Илимий электен өткөн санжыралык маалыматтар гана тарыхый булак катары пайдаланылат.

Кыргыз эли Борбордук Азиядагы эң байыркы эл экендиги дүйнөлүк тарыхта таанылды. 2003-жылы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын эл аралык алкакта белгилеп бекемдеп алдык. Бул чоң жетишкендик. Өлкөбүздүн Президенти С.Жээнбековдун үстүбүздөгү жылы Кытай Эл Республикасына барган иш сапарынан кийин Кытайдын архивинен кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн жашын дагы миң жылга узарткан тарыхый маалыматтар табылганы жөнүндө маанилүү кабар айтылды. Демек, кыргыз тарыхы дагы терендээрине шек жок...

Байыркы эл катары кыргыз элинин ата-бабалары тарыхый өнүгүүнүн алгачкы жамааттык баскычын басып өткөн. Кыргыздардын уруулук бөлүктөрүнүн алгачкылары ошол доордо эле пайда болгону талашсыз. Ал доордо адамдардын алгачкы диний ишеними - тотемизм пайда болгон. Бул дүйнөдөгү бардык элдердин ата-бабаларына тийиштүү, мыйзам ченемдүү көрүнүш. Тотемисттик ишеним боюнча ар бир уруу өзүнүн келип чыгышын тигил же бул жаныбардын түрү менен байланыштырып, ал жаныбарга сыйынып, өз уруусун анын аты менен атоого аракет кылган. Тотемдик жаныбарлардын аталышы көп учурда адамдардын энчилүү атына айланган. Урууларын, адамдардын бир кездеги ыйык деп эсептелген жаныбардын аты менен аталышы миңдеген жылдар бою кайталанып, узак жылдардан кийин жаңыланып, өзгөчө кыргыздарда азыркы мезгилге чейин сакталып, ал тургай учурда кайрадан жаралууда.

Кыргыз элинин оң канатындагы уруулардын атасы катары эсептелген бир тууган Адигине, Тагай бий, булардын эжеси Наалы тарыхый маалыматтар боюнча XVI кылымда жашап өткөн инсандар. Санжыра боюнча Баргы, Бөрү, Жору, Карабагыш, Сарт Адигинени балдары катары эсептелет. Чындыгында жогорудагыдай аталыштагы уруулар кыргыздар мамлекеттик башкарууга өткөн эрте орто кылымдарда (V–VI кылымдарда) эле тарыхый булактарда кездешет. Демек, Адигине өзүнүн балдарына байыркы доордо эле тотемдик жаныбарлардын аталышы менен калыптанып келген кыргыз уруларынын атын жаңыртып койгон. Себеби, Адигине тобуна кирген уруулар эрте орто кылымдарда эле азыркы Кыргызстанды, Түштүк Сибирди (Хакасия, Мин-Суу ойдуңу, Тыва, Батыш Монголия), Чыгыш Түркестанды мекендеп келгени тарыхый булактарда жазылган.

XV–XVI кылымдарда кыргыз элинин генеологиялык бөлүнүүсү калыптанып бүткөн. Ошол мезгилден баштап кыргыз элинин санжырасы жазуу булактарына түшө баштаган. Ушуга байланыштуу кыргыздардын XVI кылымдардан берки генеологиялык бөлүнүүсүн илимий негизде тактоого болот.

Темабызга кайрылсак, санжыра боюнча Жору Адигинеин уулу. Өз аты Жолжакшы болушу мүмкүн. Биз жогоруда белгилегендей Адигине бул уулун (башка балдарына да) өзүнүн байыркы уруусунун атынан «жору» деп атаса керек. Жорунун (Жолжакшы) баласы Жолубай, анын баласы Астар бий, андан Серке баатыр, анын баласы Теңизбай, анын баласы Назар. Санжыралык маалыматтарда Теңизбайдын бакма бала экендиги жөнүндө бир да маалымат кездешпейт. Тескерисинче, эрте орто кылымдардагы кыргыз уруларынын катарында Теңизбай уруусу болгондугу жөнүндө маалымат бар. Серке баатыр өз баласын түркү урууларынын атынан Теңизбай деп аташы мүмкүн. Санжырада Теңизбайдын Дөөлөтой деген баласынын уулу Назар гана Анжиян жергесинен Аркага б. а. Ысык-Көл жергесине качып келгени жөнүндө, андан көл кылаасын жердеген Теңизбай уругу тараганы айтылат.

Назардын колго келиши мындайча баяндалат: Назар эр жетип үйлөнүп, бир балалуу болот. Күндөрдүн биринде Анжиянда өткөн чоң тойдо улак тартыш учурунда Назар Карабагыш уругунан чыккан мансаптуу адамдын жалгыз баласын кокусунан өлтүрүп алат. Эр өлтүргөн Назарды «канга-кан» салты боюнча карабагыштар өлтүрмөк болот. Назардын туугандары кеңешип, аны өлүмдөн куткаруу үчүн башка жакка качыралы деген бүтүмгө келет. Туугандары Назарды Ысык-Колго жөнөтмөк болот (ошол кезде көл кылаасын Белек хан бийлеп турган). Анткени Теңизбайдын аялдарынын бири бугу уруусунун кызы болгон имиш. Ошентип, Назар Ысык-Колдү көздөй жол тартат. Жолдон Чүйдү эзелеген калмактардын колуна түшүп, алардын туткунунда бир жылдай кармалат. Акыры көптөгөн кыйынчылыктар менен Назар көл аймагына келет. Ал Белек ханга жолугуп, жөн-жайын айтып, таяке-жээн тууганчылыктарын такташат. Белек хан жээни Назарга ак оргоо көторүп, үйлөндүрүп, чакан айыл куран берет. Акылы зирек, жашынан балбан катары таанылган Назар тез эле элге алынат. Эки аял алып, алты балалуу болот. Кыргыздын илгерки уруусунун атынан аталгандыктанбы, Назарды эл чоң атасынын атынан Теңизбай деп атап алышат. Бирок, убакыт өткөн соң, эл ичинде «келгин жигит калмактан келиптир» деген сөз тарайт. Мындай сөздүн чыгышына анын Чүйдөгү калмактардын туткунунда болушу да себеп болушу мүмкүн. Жылдар өтүп Назардын тукуму көл аймагында «Теңизбайлар» деген ат менен өсөт. Акыры анын тукуму көл башындагы чоң урукка айланат. Бирок, бул урукка түпкү атасы калмактардан келген, аны Белек хан той өткөрүп, элдин батасын алып, асыран алган деген сөз ээрчип кала берген. Биз башында айткандай, бул сөз көл кылаасында ушул күндөргө чейин сакталыптыр.

Кыргызстандын түштүгүндө Теңизбайдын Буйлаш, Биймырза, Дөөлөтой деген үч уулунан тараган тукум да көбөйүп өсөт. Назардын ал жакта калган уулунун урпактары да

алардын катарында болот. Убакыттын өтүшү менен Теңизбай тукуму негизинен түштүктө өсүп, Назардын тукумунан көлдөгү Теңизбайлар куралат. Ошентип, Адигине уруу бирикмесиндеги Жору уруусунун Теңизбай уругу калыптанып, негизги бөлүгү азыркы маалымат боюнча 80 проценти Кыргызстандын түштүгүн, ал эми Назардан таралган бөлүгү Ысык-Көлдүн башын жерден калган. Уруктун эки бөлүгүнүн ортосундагы туугандык байланыш үзүлгөн эмес. Белгилей турган нерсе, азыркы Президентибиз түштүктү жердеген Теңизбай уругунун Биймырза тобунан, тактап айтканда Теңизбайдын экинчи уулунун урпагы болот. Ал жакта Теңизбайлардын калмактар менен генеологиялык байланышы жөнүндө эч сөз болбойт. Тескерисинче бул уруктан чыккан далай баатырлар кыргыз элинин көз карандысыздыгы үчүн калмак баскынчыларына каршы күрөштө каны-жанын аябай салгылашканы белгилүү.

Соңку сөз

Кыргыз эли байыркы эл экендигин археологиялык табылгалар, жазма булактар менен катар генеологиясын чагылдырган санжыралык маалыматтар да айгинелеп турат. Кыргызда азыркы мезгилге чейин сакталып калган уруунун аттарынын көбүнүн алгачкы общиналык коомго тиешелүү, ата-бабалар ыйык тутканы тотемдик жаныбарлардын аттары менен аталышы бул уруулардын байыркы доордо эле калыптангандыгынан кабар берет. Алардын бири эзелки ата-бабаларыбыз ыйык тутканы куш-жорунун атын алып жүргөн Жору уруусу. Бул уруу тарыхый булактарда кыргыздын эрте орто кылымдагы уруларынын катарында аталып, Бөрбордук Азияга тараган уруу катары баяндалат.

Тарыхта Жору уруусу азыркы кыргыз эли биротоло калыптанган XV–XVI кылымдарда кыргыздын оң канатындагы Адигине уруулук бирикмесин түзүүдө маанилүү орун ээлегендиги белгилүү. Тигил же бул элдин же уруунун генеологиялык тарыхын изилдөөдө, дүйнөдө бир дагы эл, бир дагы уруу кылымдап таза бойдон сакталбашын эске алуу керек. Бир баланын атасы жана энеси болгон сыяктуу ар бир уруу же уруктун бир нече аталары жана энелери болот. Генетика илиминин аксиомасы боюнча уруулардын канынын аралашы тукумдун сапатын жакшыртат. Тескерисинче бир уруктагы эркек менен аялдын канынын аралашышы тукумдун бузулушуна алып келет. Бекеринен кыргызда «айлыңдан аял алсаң, күйпүл күчүк, бел ашырып алсаң, белдүү бөрү, эл ашырып (башка улуттан) аял алсаң, кара кулак шер туулат», - деп айтылбаса керек.

Ушундай эрежени туу туткан кыргыздар бөлөк уруу же эл менен куда-сөөк болууга аракеттенген. Кубаттуу уруу башчылары башка элден же уруудан баш баанек издеп келген жеке адамдарды, ал тургай бүтүндөй уруктарды той берип, бата тилеп «асырап» алган. Мындай кириндиси жеке адамды же урукту кодулагандарды өтө катуу жазалоо, ал тургай уруудан кубалап чыгуу эрежеси болгон.

Акылман уруу жетекчилери өз уруусунун биримдигин чыңдап, тектеш уруулар менен ынтымакты бекемдеген. Натыйжада, кырк уруу эл биригип, кыргыз элин түзгөнү белгилүү. Кыргыз элинин курамына акыркы 500 жылда эле түбү тектеш ондогон элдер жана уруулар кирген. Муну «Манас» эпосундагы «Кулаалы таптап куш кылдым, курама жыйып журт кылдым» деген ыр саптары айгинелеп турат.

Эмнегедир кийинки учурда “Кыргызстандагы калмактардын тизмесин” түзүп алып, элге таратып жүргөндөр пайда болду. Бул тизмеге ишенсек Эгеменлүү Кыргызстандын коомдук турмушунун бардык тармактарында ак эмгек өтөгөн 100дөн ашуун көрүнүктүү инсандар кыргыз атын жамынып жүргөн калмактар имиш. Кыргызстандын оңоло албай жатканына ошолор тоскоолдук кылат экен. Мындай бузукулукка жол бербөө коомчулуктун, кыргыз интеллигенциясынын, биринчи кезекте тарыхчы - окумуштуулардын милдети деп эсептейбиз.

Азыркы учурда кылымдар бою кыргыз элинин курамына кирген элдер менен уруулардын урпактарынын генеологиясын териштирип, элди бөлүп-жаруу элибиздин бекемделип калган тамырына балта чабуу менен барабар.

Баарыбызга кыргыз болуп төрөлүү жетишсиз, башкысы адамда кыргыз руху, кыргыз дили калыптанып, өнүгүшү зарыл экендигин, кыргыздардын жан дүйнөсүндө кыргыз руху өнүккөндө гана мамлекетибиздин пайдубалы бекем болуп, элибиздин келечеги кең болоорун түшүнүшүбүз зарыл.

ЖОРУ УРУУСУНУН КУРАМЫНДАГЫ АЙРЫМ ЭТНОНИМДЕРГЕ ЭТИМОЛОГИЯЛЫК САРЕСЕП

Каратаев Олжобай - *профессор, тарых илимдеринин доктору.*

Этноним (грекче этнос "эл", онома "ат, аталыш") - элдердин, уруулардын, уруктардын жана алардын түрдүү тарамдарынын аталышын туюнтат. Этнонимдер тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык баалуу маалыматтарды камтып, илимде өтө маанилүү булак катары колдонулары эбактан эле далилденгени да ырас. Ириде, уруу-урук аталыштары элдин этникалык тарыхын, курамын, этногенезин, көөнө маданиятын изилдөөдө, анын айрым бир баскычтарын калыбына келтирүүдө зор мааниге ээ. Ошону менен бирге, этникалык аталыштар кыргызтаанууда кээ бир түйүндүү маселелерде жазма жана башка булактарга салыштырмалуу так, баалуу фактыларды бере алары калетсиз. Маселен, этнонимдердин тил илиминдеги маанилүүлүгүн эске алсак, өткөн доорлордун түпкүрүнө кеткен, нечендеген кылымдар илгери пайда болгон энчилүү уруу-урук, эл аталыштары көөнө алтай, байыркы түрк дооруна таандык болгон фонетикалык жана морфологиялык өзгөчөлүктөрүн сактап калган.

Этнонимия кыргыздардын курамындагы эң байыркы этникалык компоненттерди гана чагылдырбастан, элибиздин тектеш түрк жана монгол, тунгус-манжур элдери менен этногенетикалык, этномаданий байланыштарын, жалпылыктарын жана өзгочолүктөрүн изилдөөдө зор булак катары кызмат кылат. "Кыргыз" этнокомпонентинин бир эле учурда башкыр, саха-якут, тува, сары уйгур (сары угур), алтайлыктар (алтай-кижи, куу-кижи, телеут, теленгит, майма, телес ж.б.), хакастар (качиндер, сагайлар, белтирлер, кызылдар ж.б.) лакай, катаган ж.б. элдердин курамдарында болушу, эбегейсиз зор аймактардагы этникалык чөйрөгө кыргыздардын тийгизген таасирин, көөнө этникалык алакаларын чагылдырары шексиз.

Төмөндө кыргыздын Адыгине уруулук тобуна кирген ири уруулардын бири болгон Жору уруусунун курамындагы айрым этнонимдерге (уруу-урук аталыштары) тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык аныктамалар берилди, параллелдери такталды.

Жору - оң канатка кирген адигине уруулук тобундагы ири уруунун бири (Абрамзон, 115). Жору - ири жырткыч куштардын тобуна кирет. Этноним кыргыздардын байыркы тотемдик ишенимдерин чагылдырат. XI к. фарси тилдүү тарыхчы Гардизи кыргыздардын уй, кирпи, сагызган, бүркүтко өзгөчө сыйынарын жазган (Абрамзон, 1946, 130). Жырткыч куштар эзелтеден кубаттуулуктун, көз каранды эместиктин символу болуп келет. Бул канаттуу куштар жырткыч куштар) кыргыздарга тектеш Саян-Алтайдын түрк тилдүү элдеринде жана якуттарда кеңири тараган тотемдер болушкан (Баялиева, 1972:25-26). Кыргыздардын байыркы тотемистик ишенимдерине Б. Аманалиев, С. М. Абрамзон, И. Б. Молдобаевдер өз иликтөөлөрүндө кенен токтолушкан (Абрамзон, 1946:129-131; 1990: 297-307; Молдобаев, 1995:213-223). Этнонимдин параллели солто уруусунун курамынан кездешет (Абрамзон, 119). Жору - жырткыч куштардын катарына кирет. Аны канаттууларды таануу илиминде

шумкар сыяктуу куштардын тобуна кошушат. Жору - Тенир Тоо, Памир-Алай, Гималай тоо кыркаларында 2500 дөн 5200 метрге чейинки бийиктикте жашашат. Вертикалдуу түрдө жер которот. Кыш мезгилинде тоо этектерине түшөт. Денесинин узундугу 1, 16 дан 1, 5 метрге чейин жетет, канатынын жазылыгы 3 метр 10 сантиметрге чейин жетери маалым. Жору - кар же мөңгү жорусу (гриф) деп аташат. Адабияттарда Gyps himalayensis деген ат менен белгилүү. Бул куштун экинчи бир аталышы илимий адабияттарда "Кумай" деген ат менен белгилүү. "Кумай" же "хумай" байыркы Ортоңку Чыгыш, Орто Азия элдеринде ыйык куштун аталышын туюнткан. Кумай - Кыргызстан, Казакстан, Тажикстандын мыйзамдары боюнча Кызыл китепке киргизилген, мыйзам тарабынан корголгон сейрек кездешүүчү куш. Кумай жана Умай аталыштарынын генетикалык башаты бир. Умай-эне кыргыздарда жана башка түрк тилдүү элдерде төрөп жаткан энелердин жана төрөлгөн балдардын колдоочусу болсо, "Хумай" - кут алып келген куш маанисин түшүндүрөт. Чыгыш теги бир, мааниси жалпы сөз Умай-эненин жана феникс кушу болгон Хумайдын образдарына трансформация болгон дегенге толук негиз бар. "Умай" - тибет тилдеринде "эне" маанисин туюнтса, монгол тилдүү элдерде - "эненин жатыны" маанилерин түшүндүрөт. Айрым түркологдор бул терминдин келип чыгышын байыркы индоевропа (индоиран) тилдериндеги "Хумай" сөзү менен да байланыштырышат. Мифологиялык "хумай" термини "кут алып келген куш" (феникс кушу) маанисин билдирерин белгилешет. Араб тилиндеги орто кылымдык чыгармаларда да бул термин "куш" маанисин түшүндүргөн. Ириде, кыргыздарда "кумайык ит" деген түшүнүк "канаттуу ит" маанисин туюнтканы маалым. Ошол эле учурда, кыргыз тилинде "умай" абага уя салган жомоктогу куш маанисин да билдирет. Мындан сырткары, кыргыз оймолорунда (шырдак ж.б.) "умай" орнаменти учуп бара жаткан куштуу элестетери белгилүү. Ал эми енисей кыргыздарынын урпактары болгон хакастарда Умай эненин элеси аялдардын төш белгиси - погодо чагылдырарын профессор В.Я.Бутанаев эмгегинде жазган жазган. Демек, жору кушу жана анын аталышы байыркы дооролордон белгилүү болгон "умай" менен синонимдеш аталыштар болот. Балким "жору" аталышы кумайдын табу (тыюу салынган ат) аталышы болуп чыгар. Анткени, байыркы бабаларыбыз өздөрү сыйынган жаныбарлар жана куштардын аттарын каймана (эффемизм) же табу коюп айтышканы белгилүү. Мисалы карышкырдын "бөрү", "көк жал", "кашаба", "курт (гурт)", "карышкыр" ж.б. аттары маалым.

Азоо булаш - жору уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 69). Лакап этноним. Булаш - күч менен тартып алуу, талап-тоноо (Юдахин, 157, 158). Этнонимдин параллели лакайлардын курамынан «азау» формасында кездешери маалым (Кармышева, 1976, 99-101).

Ай тамга - жору уруусунун курамындагы урук. Этноним уруулук эн тамганын аталышынан келип чыккандыгы байкалып турат. Ай тамга - саруу, солто урууларынын эн тамгалары, урук аттары катары да белгилүү. Байыркы этнонимдин параллелдери башкыр, өзбек-конурат, түркмөндөрдүн уруулук курамында кездешет (Кузеев, 1974, 200-204; Кармышева, 1976, 90-93; Атаниязов, 1988, 15).

Ай тамга - жору жана саруу урууларындагы уруктар топторунун, эн тамганын, солто уруусунун эн тамгасынын аталышы катары белгилүү (Абрамзон, 105). Этнонимдин параллелдерин өзбек-конурат, түркмөн, башкыр ж.б. элдердин уруулук курамдарынан учуратууга болот (Кармышева, 1976, 90-93; Атаниязов, 1988, 15; Кузеев, 1974, 202-204; Молдобаев, 1995, 182). Башкыр этнографы Р. Г. Кузеев көп жылдык өзүнүн изилдөөлөрүндө башкырлардагы эң ири "ай" уруусунун чыгыш тегин байыркы огуз-печенег этникалык чөйрөсү менен байланыштырган жыйынтыкка келет (Кузеев, 1974, 202-203). Чынында эле, орто кы-

лымдарда огуз урууларынын (XI к.) биринин эн тамгасы (жувалдар уруусу) формасы жагынан кыргыздардагы ай тамгага окшоштугу аныкталды (караңыз: Махмуд Кашгари, Т. I, 1960, 90). Буга кыргыздын солто уруусундагы эн тамга, анын формасы, уруунун түпкү бабалары деп эсептелген Эштек (башк. Истяк) гениминин бүгүнкү башкырлардагы ынанымдуу параллелдери мисал боло алат.

Ача тамга - жору уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы. Уруктун энчилүү аты эн тамганын аталышына, түзүлүшүнө байланыштуу келип чыккан. Жагалмай тамга, керки тамга, кылыч тамга, ай тамга, босого тамга, кайчы тамга, жогору тамга, төмөн тамга ж.б. сыяктуу теги байыркы уруктардын аталыштарынан экендиги шексиз. Теги кыргыздардан тарашкан сары югурларда "тамга" сөзү (Суң тамга, Ача тамга) "шамандардын кудайы", "кудай" дегенди туюнтаарын изилдөөчүлөр белгилеп жүрүшөт (Малов, 1957, 121).

Барак - жору, саяк урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 109). Уруктар аталышынын паралеллдери өзбек-катаган, өзбек-конурат, казак, түркмөндөрдүн уруулук курамдарында бар. "Барак" байыркы түрк тилдеринде "ит" деген маанини түшүндүрөрүн Махмуд Кашгари "Сөздүктө" кайрылат (Махмуд Кашгари, Т. I:359). Барак - орто кылымдардагы (X-XI кк.) кыпчактарда түгү узун иттин породасын (тукумун) түшүндүрүп, половец (кыпчак) княздарынын энчилүү аты катары да маалым болгондугун орус жыл баяндары чагылдырат (Баскаков, 1984, 53). Рашид ад-Дин "Жами ат-Таварихте" "ит-барак" терминин эскерип кетет (Рашид ад-Дин, Т.1, Кн.1, 148). Демек, бул фактылар "барак" жана "ит" деген синонимдеш терминдердин түрк дүйнөсүндө ото кенен колдонулгандыгын аныктайт. Түркмөн ономасты С.Атаниязов айрым таанымал изилдөөчүлөрдүн эмгектерине таянып (Карпов Г.И. Список родоначальных групп Ирана. Ашхабад, 1942; Босварт К.Э. Мусульманские династии: Справочник по хронологии и генеалогии. М.: Наука, 1971, 204), түркмөндөрдөгү "барак" этниминин келип чыгышын Алтын Ордо ханы Барак-хан жана чингизид Чагатайхандын түз тукумдарынын бири болгон Барак менен байланышта карайт (Атаниязов, 1988, 29). Арийне, бул этникалык аталыштын негизинде байыркы көчмөн урууларынын, анын ичинен кыргыздардын итке тотемдик жаныбар катары сыйынуусу жатат. Буга кыргыз санжыраларындагы мифологиялык иттер жөнүндөгү уламыштар да мисал боло алат. Уламыштын мазмуну жана маңызы кыргыздар ислам динин кабыл алгандан соң бир топ бурмаланган. Ушундай эле уламыш кыргыздарга теги жакындыгы аныкталган лакайларда да бар экендиги ырасталганы аныкк (караңыз: О.К. Каратаев. Лакайлар деген кимдер?/Кыргыз Руху, 1997, № 11, 21-март). Итке байыркы монгол тилдүү уруулар да сыйынышкандыгы маалым. Байыркы кидандар (кара кытайлар, Ляо мамлекети) жылдын күз мезгилине туш келген майрамын дан-хе-ми (кытайчадан сөзмө-сөз которгондо "ит баш") деп аташкан. Ритуал учурунда мамлекеттин каганы өз колу менен ак итти курмандыкка чалгандан соң иттин башын хандын ордо үйүнөн жети кадам түштүк тарапка көмүп, тиштерин жер бетине калтырып коюшкан. Жети күн өткөндөн кийин иттин башы көмүлгөн жерге кагандын ордо үйүн орнотушкан (С.П. Толстов, 1933, № 3-10; 12-13). Тува шамандары табыштык милдетти аткарууда көк жал карышкыр менен катар түсү кара болгон ит (тув. "кара адай") оорулууну айыктырууда жардамчы рух болоруна ишенишкени жөнүндө маалыматтар бар (Потапов, 1991:137). Итке тотем катары мамиле жасоо алгачкы общиналык коомдо пайда болуусу ыктымал. Эң алгачкы колго үйрөтүлгөн үй айбаны иттин тотем катары чыгыш теги карышкырга байланыштуу болуусу мүмкүн. Демек, мындан уламыштардагы мифологиялык сары иттер жана Борбордук Азия чөлкөмдөрүндө байырлап, кийинчерээк тукум курут болгон кызыл карышкырлардын ортосунда байланыш барбы деген суроо келип чыгат.

Беш абышка - жору, саруу урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 111). Этнонимдердин параллелдери дөөлөс, жетиген урууларында "абышка" формаларында кездешери маалым.

Беш баатыр - жору уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин чыгыш теги жоокерчилик дооролор менен байланышта экендиги байкалып турат. Бул сөздү беш берен (баргы, саруу, чекир саяк), беш бала (мундуз) этнонимдери менен синоним катары кароого болот.

Беш кепе - жору уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 69). Этникалык аталыш "беш үйлүү", "беш үйлүү жору" маанисин туюнтат."Беш" компоненти кошулуп айтылган урук аттары бул урууда бир топ санда кездешери байкалган.

Булаш - жору уруусунун курамындагы урук. Эгаикалык аталыштын баштапкы маанисси - "булас", "буласта" болуусу мүмкүн. Буласта - келишимдүү, көркүү көрүнүү, көйкөлүп туруу, кылактоо, булактоо (КТТС, 188). Лакап этноним.

Ийрек - жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 115). Этникалык аталыш бир эле учурда адамдардын кесибин жана лакап атын да чагылдырышы мүмкүн. Ийрек 1 .Терини ондоого ылайыкталып жасалган орокко окшош, мизи мокок курал. 2. диал. Орок (КТТС, 400). Кыргыздарда үй буюмдарына байланыштуу келип чыккан адам аттары кенен таралгандыгы маалым.

Кадаасын - жору уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин биринчи компоненти: Кадаа: 1. диал. Тирөөч, түркүк; 2. Үйрөтүлгөн алгыр куштарды (кыргый, чүйлү, ителги) конкалчалар кыргыздарга жоо, ал эми айрым варианттарында жакын эл катары чагылдырылат. дуруучу туур; 3. Жип менен тигип бекитүү ж. б. (КТТС, 423). Монгол тилинде "гадасан" - И. Б. Молдобаев калчалар кыргыздарга, өзгөчө тажик жана өзбектерге жакындыгын эпосказык, тирөөч маанисин туюнтат (Монгол орос толь, 1957, 106). Этнонимдин баштапкы тогу "кара тегин калча" терминине ж.б. этнографиялык маалыматтарга таянып айтат (Молмааниси уруулук эн тамга менен байланышы болуусу мүмкүн.

добаев, 1995, 151-153). К. К. Юдахин калчалардын өзбек жана тажиктерге жакындыгын эпос- **Калча** - жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 116). "Манас" үчилтигинде белгилөө менен төмөндөгүдөйчө чечмелейт: 1. Көрүнүшү сүрдүү (кочкор тумшук) киши; калчалар кыргыздарга жоо, ал эми айрым варианттарында жакын эл катары чагылдырылат. 2."Манас" эпосунда Конурбайга карата айтылчу эпитет; 3. Тоолук тажик (негизинен карате- И. Б. Молдобаев калчалар кыргыздарга, өзгөчө тажик жана өзбектерге жакындыгын эпосгиндиктер же "памирликтер" деп аталган этнографиялык топтор); 4. Эпостук чыгармалар- тогу "кара тегин калча" терминине ж.б. этнографиялык маалыматтарга таянып айтат (Молда "сакчы", "кароолчу" катары айтылат; 5. Эпосто "кул" маанисин түшүндүрөт (Юдахин, добаев, 1995, 151-153). К. К. Юдахин калчалардын өзбек жана тажиктерге жакындыгын эпос- 333-334; КТТС, 451-452; Молдобаев, 1995, 151-152). Бул сөзгө Х. Карасаев төмөндөгүдөйчө белгилөө менен төмөндөгүдөйчө чечмелейт: 1. Көрүнүшү сүрдүү (кочкор тумшук) киши; аныктама берет: 1. Памирдик тоолук ирандыктар галча/калча, ал эми өрөөндөгүлөр "тажик" 2."Манас" эпосунда Конурбайга карата айтылчу эпитет; 3. Тоолук тажик (негизинен каратеде аталат; 2. өтм. Кочкор тумшук, айбаттуу, багалчак адам (Карасаев, 1986, 136, 421). Бигиндиктер же "памирликтер" деп аталган этнографиялык топтор); 4. Эпостук чыгармалар- рок, И. Б. Молдобаев этнонимдин чыгыш тегин тактоо зарылдыгын белгилейт (караңыз: да "сакчы", "кароолчу" катары айтылат; 5. Эпосто "кул" маанисин түшүндүрөт (Юдахин, И. Б. Молдобаев, 1995, 153; Каратаев, 2004). Биздин пикирде, этнонимдин чыгыш тегин 333-334; КТТС, 451-452; Молдобаев, 1995, 151-152). Бул сөзгө Х. Карасаев төмөндөгүдөйчө аныктоодо анын баштапкы маанисин тактоо зарыл. Байыркы буряттарда коллективдүү ананыктама берет: 1. Памирдик тоолук ирандыктар галча/калча, ал эми өрөөндөгүлөр "тажик" чылыктын жетекчиси, коомдо өзгөчө абройго ээ шаман (бакшы) болгондугу маалым. Колдеп аталат; 2. өтм. Кочкор тумшук, айбаттуу, багалчак адам (Карасаев, 1986, 136, 421). Билективдүү ак улоонун алдында ырым-жырым ритуалын аткарып, жалпы процессти башрок, И. Б. Молдобаев этнонимдин чыгыш тегин тактоо зарылдыгын белгилейт (караңыз: карган шаман "галша" деп аталган (Вяткина, 1933, -№56, 64-65). Галша (галшин, галчи) И. Б. Молдобаев, 1995, 153; Каратаев, 2004). Биздин пикирде, этнонимдин чыгыш тегин сөзүнүн түпкү мааниси "гал" -от, -шаү-ча суффикси кесиптин жана кыймыл-аракеттин маааниклүү аныктоодо анын баштапкы маанисин тактоо зарыл. Байыркы буряттарда коллективдүү ананисин аныктайг. "Галша" - отту сактоочуну, бир эле учурда алачыкты күзөтүү, анды ууга чылыктын жетекчиси, коомдо өзгөчө абройго ээ шаман (бакшы) болгондугу маалым. Колкатышкандар үчүн бөлүштүрүүнү башкаруу функцияларын да аткарган. Терминдин башлективдүү ак улоонун алдында ырым-жырым ритуалын аткарып, жалпы процессти башкарган шаман "галша" деп аталган (Вяткина, 1933, -№56, 64-65). Галша (галшин, галчи) тапкы маанисинде отко сыйынуу салты жатат. Алгачкы жамааттык коомдо уруктагы (уруусөзүнүн түпкү мааниси "гал" -от, -шаү-ча суффикси кесиптин жана кыймыл-аракеттин маадагы) отту өчүп калуудан сактаган абройлуу милдет жана ага сыйынуу ритуалын аткаруу нисин аныктайг. "Галша" - отту сактоочуну, бир эле учурда алачыкты күзөтүү, анды ууга кийинчерээк шамандардын карамагына өткөн (Жамбалова, 1991, 92-95). Анонимдүү фарси катышкандар үчүн бөлүштүрүүнү башкаруу функцияларын да аткарган. Терминдин баштилдүү булак "Худуд ал-Аламда" (X-XI кк) кыргыздар отко өзгөчө маани беришери баянтапкы маанисинде отко сыйынуу салты жатат. Алгачкы жамааттык коомдо уруктагы (уруудалат. Шамандын коомдогу ээлеген социалдык жана экономикалык ролунун жогорулашы дагы) отту өчүп калуудан сактаган абройлуу милдет жана ага сыйынуу ритуалын аткаруу кийинчерээк шамандардын карамагына өткөн (Жамбалова, 1991, 92-95). Анонимдүү фарси тилдүү булак "Худуд ал-Аламда" (X-XI кк) кыргыздар отко өзгөчө маани беришери баяндалат. Шамандын коомдогу ээлеген социалдык жана экономикалык ролунун жогорулашы

менен бирге, галша/галча урууда (урукта) шамандын уруу жетекчиси, аскер башчылык милдеткерликтерин аткара баштайт. Бул процесс жапайы жаныбарларга карата уюштурулган коллективдүү ан улоо гана эмес, башка кошуна жашаган урууларга да кол салуу менен коштолгон (Вяткина, 1933, 64-67; Жамбалова, 1991, 92-93). Узак тарыхый процесстe галшанын (галча) коомдогу ролу жана милдеттери бир топ өзгөрүүлөргө учураган. Ошондуктан, кыргыздардын курамындагы калча (тейит уруусунда - галча) этнонимин байыркы галша/галча титул-термини менен параллел карoого болорун белгилегибиз келет. Анткени, башка түрк-монгол элдери сыяктуу эле көчмөн кыргыздар да тарыхый өнүгүүнүн бул этабын басып өтүшкөнү ырас. Кийинчерээк, колдонуудан калып, унутулган "калча" же "галча" титул-термини кыргыздарда энчилүү ат (урук аталышы) катары калыптанышы чындыкка жакын.

Кара кунас - жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 1960, 117). Qarakunas - байыркы түрк доорунан адамдын энчилүү аты катары белгилүү (ДТС, 425). Карагунас (караунас) Рашид ад-Диндин "Тарыхтар жыйнагында" ("Жами ат-Таварих", XIV к.) монгол-дордун сулдуз уруусунун курамындагы урук катары эскерилет (Рашид ад-Дин, Т.1, Кн.1, 175). С. М. Абрамзон этникалык аталыштын канаттуу кушка байланыштуу келип чыккандыгын жазат (Абрамзон, 1946, 130). Каракунас - буту менен мойну узун, илегилек сыяктуу келгин куш (КТТС, 595). Бул этноним Фергана өрөөнүндө байырлашкан түрктөрдүн (учурда бул этнографиялык топтордун кыргыз, өзбек ж.б. курамдарына жуурулушу процесси жүрүүдө) курамында да бар экендиги аныкталган. Ушул эле сөз менен XIII-XVI кк. Мавераннахр чагатайларынын лакап аты катары белгилүү болгон. Мындан сырткары, XV к. моголдор (Моголистандыктар) теги аралашкан адамдарды «караунас» же «карагунас» деп аташчу (Губаева, 1983, 71; Атаниязов, 1988, 47). С.Атаниязов түркмөндөрдөгү "гарнас" этнонимин учурда "аралаш", "конгломерат" маанисин аныктарын жазат (Атаниязов, 1988, 47). Демек, бул сөз орто кылымдардан адамдардын, уруунун энчилүү аты, айрым этникалык топтордун (чагатайлар) лакап аттары катары белгилүү болуп келет. Арийне, түпкү маанеси "топ", "жыйын", "конгломерат", "курама эл, урук" деген бул сөздүн канаттуу куштун да атын туюнтушу кошумча иликтоолорду талап кылат.

Кучкач - жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 122). Кучкач - канаттуунун аталышы. Кобүнчө суу бойлоп жүрүүчү бүт денеси кара, анча чоң эмес чымчык (КТТС, 605-606). Этникалык аталыш Махмуд Кашгаринин "Сөздүгүндө" "Qusgaz" формасында чагылдырылат (Махмуд Кашгари, Т.1, 455; ДТС, 471). Параллелдери борү, саяк, чекир саяк урууларында "кара кучкач" деген урук аталыштары катары белгилүү (Абрамзон, 117). Этноним тотемдик түшүнүктү чагылдырышы да толук мүмкүн.

Калдай - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 116). Кытай тилинде - "калдай" согуштук аскер наамын аныктаган. Бул аскердик чин (титул) Цинь империясындагы (XVII-XIX кк. баш чендери) аймактык-административдик башкаруучуларынын мансаптык наамын билдирген ("Манас". Энциклопедия. Т.1, 258). Калдай. 1. Монгол-калмак элдериндеги жогорку мансаптуу адамдын чини; 2. Ничке бышырылган нан; 3. Ото чоң, коломдүү болуп көрүнүү (КТТС, 446). Калдай Цинь империясынын саясий - административдик системасындагы титулатуралык мансап тепкичтеринин бири болгондугу маалым. Бул титулдар (калдай, дуу-дуу, доотай ж.б.). "Манас" эпосунда да чагылдырылат (Молдобаев, 1995, 56).

Күн чубак - жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 122). Этнонимдин параллели черик уруусунда ак чубак, бай чубак формаларында бар экени маалым. Чубак. 1. Нур (күндүн нуру); 2. Жылдын ысык мезгили (Юдахин, 873). "Чубак" байыркы түрк тилдеринде:"Subak" - кыргый маанисин туюндурган (ДТС, 145).

Теңизбай - бугу, жору урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 130). Этникалык аталыштын бүгүнкү кыргыз тилиндеги мааниси аныктала элек. Хакас тилинде төңис

(төнгис) - төмөнкү мааниlерде аныктайт: 1. Атактуу, ак сөөк бай; 2. Укум-тукуму тектүү жерден чыккан; 3. Бай адам. Хакасча - "төңис пай" - укум - тукумдуу, өтө бай адам (Бутанаев, 1999, 153). Демек, этникалык аталыш байыркы кыргыз сөзү экендигине толук ынануунга болот.

Шарттык жору - жору уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыш жер-суу аталышына байланыштуу келип чыккан. Топоэтноним. Шарт - Алай районундагы дарыялардын энчилүү аты катары белгилүү (СГНК, 1988, 206). Мындан сырткары, этникалык аталыштын параллели сары уйгурлардын (сарыг югур) курамындагы "яглахкыр" уруусуна кирген "шартын" аттуу урук аркылуу белгилүү (Малов, 1957, 150). Урук аталыштарынын ортосунда тектик жалпылык болуусу мүмкүн. Анткени, сары уйгурлардын уруу-урук аталыштарынын дээрлиги кыргыз этнонимдери менен дал келери аныкталган. Албетте, бул фактылар этногенетикалык байланыштарды айгинелери калетсиз.

Пайдаланылган адабияттар жана булактардын тизмеси:

Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. -Фрунзе, 1990.

Абрамзон С.М. К семантике киргизских этнонимов//СЭ, №3. 1946. -С.123-132.

Аманалиев Б. Доисламские верования киргизов//Религия, свободомыслие, атеизм.-Фрунзе, 1967. -С. 18-30.

Атаниязов С. Словарь туркменских этнонимов. -Ашхабад, 1988. -180 с.

Атаниязов С. Этнонимы в туркменском языке. Автореферат докт. Дис. -Ашхабад, 1990. - 50 с.

Аттокуров С. Кыргыз этнографиясы. -Бишкек, 1997. - 200 б.

Баскаков Н.А. Этнонимы алтайцев, киргизов, тувинцев и хакасов как источник этногенетических связей этих народов между собой/Юномастика Киргизии. Вып. I, -Фрунзе, 1985. -С. 19 -25.

Баялиева Т. Д. Доисламские верования и их пережитки у киргизов. -Фрунзе, 1972. -168 с.

Баялиева Т.Д. Религиозные пережитки у киргизов и их преодоление. - Фрунзе, 1981. - 100 с.

Бутанаев В. Я., Бутанаева И. И. Хакасские родословные. -Абакан, 1996, -164 с.

Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов XVII - XIX вв. -М.: 1990. -272с.

Вяткина К.В. Пережитки тотемизма и его разложение в связи с облавными охотами бурят//С Э. 1933. - № 5-6. -С. 48-67.

Губаева С. С. Этнический состав населения Ферганы в конце XIX - начале XX вв, - Ташкент, 1983. - 102 с.

Древнетюркский словарь - Л.: 1969. - 676 с.

Кармышева Б. Х. К вопросу о происхождении локайцев//Советская этнография. 1952.-№4. -С. 11-19.

Кармышева Б. Х. Очерки этнической истории южных районов Таджикистана и Узбекистана. - М.: 1976. - 356 с.

Кармышева Б. Х. Узбеки-локайцы Южного Таджикистана. -Сталинабад, 1954. - 168 с.

Кошгарий Махмуд. Девону лугат ит тюрк. Т.1 - III. - Ташкент, 1960 - 1963. - 460 с.

Кошгарий Махмуд. Девону лугат ит тюрк. Индекс-словарь. - Ташкент, 1967.

Кузеев Р. Г. Происхождение башкирского народа. - М.: 1974. - 570 с.

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. 1-том, - Фрунзе, 1984. - 622 б.

Лебедева Е. П. К вопросу о родовом составе монголов // Филология и история монгольских народов. - М.: 1959.

Лезина И. Н., Суперанская А.В. Об этнонимах Крыма//Тюркская ономастика. - Алма-Ата, 1984. - С. 77-89.

Малов С. Е. Язык желтых уйгуров. - Алма-Ата, 1957. -196 с.

Малов С. Е. Енисейская письменность тюрков. Тексты и переводы. - М.: 1952. - 115 с.

«Манас». Энциклопедия. I - II томдору. - Бишкек, 1995.

Молдобаев И. Б. «Манас» историко-культурный памятник киргизов. - Бишкек, 1995, -312 с.

Потапов Л.П. Алтайский шаманизм. Л.: 1991. - 320 с.

Рашид - ад - Дин. Сборник летописей. Т.1, Кн. I. - М.: 1952.

Словарь географических названий Киргизской ССР. -Фрунзе, 1988. - 211 с. (СГНК).

Юдахин К.К. Киргизско - русский словарь. - М.: 1969. - 973 с.

КЫТАЙГА КЕТКЕН АДИГИНЕ УРУУСУНУН АЙРЫМ ТОПТОРУ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

Т. И. Асанов - *тарых илимдеринин кандидаты, улук илимий кызматкер. Кыргыз Республикасынын УИАнын академик Б. Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту, Жусуп Баласагын атындагы КУУнун тарых жана чолком таануу факультети*

Биздин колубузга Кытайдын Синьцзянь-Уйгур автоном районунун Иле-Казак автономиялуу облусунун Моңгол-Күрө районунун Ак-Суу айылында жашап калган жорунун бий-мырза-теңизбай уругунун санжырасы жонүндө кол жазма материал тийди. Бул кол жазманын араб арибиндеги түп нускасын азыркы тамгага түшүргөн жана адигинеиин жору уруусунун тарыхы жонүндө баалуу маалыматтарды жыйнап, өз алдынча изилдоолордү жүргүзүп келген Турдумамат агабыз болду. Кол жазмадагы маалыматтар кыргыз урнагынын бир кичинекей бутагынын гана тарыхы десек болот. Анда тээ 1920-30-жылдардагы кыйчалыш мезгилден бир элес калтырган жана мурда эскерилбеген азыраак маалыматтар камтылган. Кол жазмада сөз, болжолу 1930-ж. жай мезгилинде күчтөп коллективдештирүү саясатына каршы турган адигине уруусунун айрым топторунун, тактап айтканда, Кара-Кулжа районуна караштуу Ажыке жайлоосундагы козголушган кийин, ата журтун таштап кетүүгө мажбур болгон адигинеиин теңизбай уругунун айрым топторунун тагдыры тууралуу жүргөн. Кыргыздын аталган топторунун жер которуп кетишине, ал мезгилде Кыргызстанда жүргүзүлгөн социалдык-экономикалык реформалар түздөн-түз себеп болгон. Биз алгач ушул тууралуу азыноолак сөз кылып өтсөк.

1931-ж. февраль айында Кыргыз областык партиялык комитеттин экинчи пленумунда «Мал чарбасынын абалы жана аны өнүктүрүү» жонүндө резолюция кабыл алынган. Мында көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отрукташтыруу маселеси каралган. Андан кийин ошол эле жылдын апрель айында, Кыргыз АССРинин ЭКСи республика боюнча отрукташтыруунун планын бекитип жалпы 68 чарбаны ортукташтырууну мерчемдеген. Бул масштабдууу иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн ЭКСтин алдында республикалык комитет түзүлүп, аны эл комиссарлар кеңешинин төрагасы Ж. Абдрахманов жетектеген. Иш-чараны жүзөгө ашырууга мамлекет тарабынан ири каражат бөлүнгөнү менен ал да жетишсиз болуп, бирок коюлган тапшырма боюнча 1933-ж. карата 68 миң көчмөн чарбаларды отрукташтырууну аяктоо максат кылынган. Тилекке каршы каражаттын жетишсиздиги, кыска мөөнөттө

отрукташтырууну бүткөрүүнү мүмкүн эмес болгон жагдайын түзгөн [Джунушалиев, 2003. - С. 126-127.].

Өкмөттүн андан кийинки кабыл алынган документтеринде: отрукташууга багыт алган көчмөн чарбаларды борбордоштурулган мамлекетке мал жана данды белендеп тапшыруудан 1933-ж. 1-январына чейин бошотулсун деген жеңилдиктердин берилгендигине жана отрукташтыруудагы ыктыярдуулукка карабастан, бай-манаптарга жана алардын агентуралары - оңчул көрүнүштөргө (улутчулдукка) каршы күрөшүү тууралуу да маселелер коюлган. Мындай жагдай, албетте отрукташтыруу саясатын жүзөгө ашыруудагы совет бийлиги тарабынан олуттуу каталыктардын кетиришине алып келген. Бул саясат негизинен оокаттуу чарбаларды кулак катары жоюу маселеси менен байланышкан. Натыйжада, Кыргызстанда-гы коллективдүү чарбаларды түзүү айыл жергесиндеги кеңири масштабдагы репрессиялык чараларды ишке ашырылышы менен коштолгон.

Акыркы учурдагы изилдөөлөргө караганда, массалык коллективдештирүү Кыргызстандын түштүгүндөгү жергиликтүү элдин саясий-экономикалык жана маданий кызыкчылыктарына төп келген эмес жана колхоздук түзүлүштөргө каршы ар кандай кыймылдардын башталышына себеп болгон. Анткени, коллективдештирүүдө совет бийлигинин чыгарган чечимдери-директивалары жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске албай, тескерисинче элге каршы саясат жүргүзгөн мүнөздө ишке ашырылган. Албетте бийликтин мындай саясаты калктын нааразычылыгын пайда кылган.

Маселен, 1930-жылы 7-мартта Ош округунун Жалал-Абад районунун Багыш айылында 200 адам колхоздорду жоюу, камакка алынгандарды бошотуу, аялдарды мажбурлап паранжыларын чечтирүүгө каршы чыгышкан. Ошол эле жердеги Беговат кыштагында демонстранттар райондук аткаруу комитетинин 1929-жылы жок кылынган мечиттерди калыбына келтирүүнү, эркинен ажыратылгандарды абактан чыгарууну талап кылышкан.

1930-жылы 21-февралындагы материал боюнча, Кыргыз АССРинин Ош округунда колхоздук түзүлүштөргө каршы толкундоолордун саны үчкө жетип, ага 520 адам катышса мындай толкундоолордун саны Орто Азия боюнча (Фергана округун эске албаганда) сегизге жетип, ага 1120 адам катышкан. Колхоз активдерине каршы кол салууну уюштуруу күч алып, 15-20-февралда 12 террордук актылар катталган [*Бөтөнөев,* 2010. 56-58-б.].

15-марттагы оперативдүү иштердин жыйынтыгы менен Араван-Буура районунан - 96, Жалал-Абаддан - 37, Базар-Коргондон - 63, Өзгөндөн - 45 адам коллективдештирүү кыймылына каршы чыккандыгы үчүн камакка алынган. Ал эми 1930-жылдын январь айынан - апрель айына чейинки мезгилдеги массалык толкундоолордун саны 269 ду түзүп, ага катышкандардын 82582 ге жеткен. Маселен, февраль айында жалпы 34 толкундоолор болуп, катышкандардын саны 13900 дү түзсө, анын 13010адам катышкан 28 толкундоо Өзбекстанда, 370 адам катышкан 3 толкундоо Түркмөнстанда, 370 адам катышкан 3 толкундоо Кыргызстанда болгон... март айында Кыргызстан боюнча 5000 адам катышкан 10 толкундоолор, апрель айында 1850 адам катышкан 7 толкундоо болуп өткөн [Бөтөнөев, 2010. 59-60-б.].

1930-ж. февраль айында Базар-Коргон районундагы Көгөлдү кыштагынан 170 адам, Өзгөн районундагы Төрткүл жана Кыр-Кожо кыштактарында 200 дөй жашоочулар колхоздоштурууга каршы чыгышкан. Аталган жылдын март айында Сузакта болуп өткөн козголушка 1000ден ашык адам катышкан [Абдырахманов, Абдалиева. 2016. 230-231-б.].

Республикада 1931-1934-ж. отрукташтырылган кыргыздардын жапырт колхоздорго кирүүгө мажбурланышы калктын нааразычылыгын жараткан. Бул себептердин айынан Кытайга кеткендер да болгон. Мисалы, 1930-ж. башында Алай өрөөнүнөн 300 көчмөн чарба чет өлкөгө көчүп кетишкен. Алайдагы эмиграциялык кыймылдын жетекчилери Талбаев жана Бакбаев Айткул ГПУ тарабынан камакка алынган. Талбаев абактан атылып, Бакбаев

9 айдан кийин бошотулган. Эмиграциялык маанай Кыргызстандын чек аралаш жайгашкан районорунда көп катталган, эл Сталиндин зордукчул саясатына каршы протест катары көчүп кетүүгө камдана башташкан [Абдырахманов, Абдалиева. 2016. 232-б.].

Айыл чарбасын коллективдештирүүнүн катаал шартын тандан алган совет бийлиги 1929-жылдын 29-сентябрындагы Кыргыз АССРинен сырткары айдала турган 44 бай-манап чарбасынын тизмесин топтогон. Алардын катарында Түштүк Кыргызстандын Ош жана Жалал-Абад кантондору боюнча жалпы 12 бай-манап чарбасы такталган. Анын 7 си Ош кантонунан, калганы 5 Жалал-Абад кантонунан болгон. Ош кантонунун Алай-Гүлчө районунан 5, Өзгөн районунан 2 адам, Жалал-Абад кантонунун Жалал-Абад районунан 2, Кызыл-Жар районунан 2, Кетмен-Төбө районунан 1 адам бай-манап (кулак) чарбасы катары табылып, алардын мал-мүлкү мамлекетке конфискацияланып алынган. Масселн, Ош кантонунун Алай-Гүлчө районунан Кожобердиев Түлөко казы, Кыдыршаев Бекташ, Сасыев Чокобий, Ишев Молдо Нурмат, Жаныгулов Кулашбайдын, Өзгөн районунан Асанов Маткасым, Тажибаев Молдо Кубактын мал-мүлкү конфискацияланган. Ош кантонунун Алай-Гүлчө районунун Ойтал айылдык кеңешинде жашаган Кожомбердиев Түлөко казынын...Өзгөн районунун Алайку айылдык кеңешинде жашаган манап, Кыдыршаев Бекташтын мал-мүлктөрү алынган [Бөтөнөев, 2010. 86-87-б.].

Мындай тагдырды ал мезгилде көп адамдар, үй-бүлөлөр башынан кечирген. Алардын катарында кыргыздын көрүнүктүү жазуучусу Сооронбай Жусуевдин үй-бүлөсү да ушундай тагдырды башынан өткөргөндүгү эскерилет. Акындын атасы Жусу казы, Алайку өрөөнүндөгү жору элинин таасирдүү адамдарынын бири болгон. Тууганларын ыйманга тартып Кашкардан, Оштон уста алдырып мечит тургызган. Атасы Жусу казыны 1930-ж. жалган жалаа менен карман Гүлчого, андан кийин Ошко алып барып, абакка отургузушат. Бошондон кийин да үйүнө жетпей, абакта көргөн азаптын залдарынан каза болгон. Жусунун үй-бүлөсү куугунтукталып, балдарынын бири совет бийлиги тарабынан Сибирге айдалган [Коксайл, Усманов. 2013. - С. 222-223.].

Жергиликтүү калктын коллективдештирүүгө каршы чыгууларынын күч алган мезгили 1930-1932-ж. туш келген. 1930-ж. март айында Кыргызстан боюнча 6220 адам коллективдештирүү саясатына каршы чыгышкан. Анын жыйынтыгы болуп 1930-ж. башталышынан - 1931-ж. ортосуна чейин кыргыздардын жерин таштап, Кытайга жана Афганистанга көчүп кетүүлөрү абдан жогорулаган [Абдырахманов, Абдалиева. 2016. 247-б.].

Кулакка тартуунун алкагында бай-манаптарды Кыргызстандан башка союздук республикаларга көчүрүү 1927, 1929, 1931 жана 1932-жылдары ишке ашырылган. Мындай ишчарага каршылык көрсөткөн бай-манаптар, байлар үй-бүлөсү, мал-жаны менен чет өлкөгө, Кытайдын аймагына өтүп кетүүгө аракет кылышкан. 1929-жылы айдала тургандардын тобуна кирген Кыдырбаевдин чет өлкодо жүргөндүгү кабарланган. Ош кантонунан камакка алынууга тийиш болгон 7 байдын ичинен Кадыршаев Бекташтын Кытайга качып кеткендигине, Молдо Нурмат Ишеевдин (Жолборс Казы) Кыргызстандын аймагында изин жашырып жүргөндүгүнө байланыштуу, Ош кантону боюнча 5 адам кармалган. ВКП (б) Кыробкомдун 1929-ж. 12-февралдагы жабык жыйынында көчүрүүнүн жүрүшү талкууланып, манаптардын бир бөлүгү чет өлкөгө кетүүгө ниеттенгендиги ачыкка чыккан. Ошондуктан бул жыйында бай-манаптардын чет өлкөгө качышын эске алып, аларды ОГПУнун органдары аркылуу административдик түрдө зордук менен көчүрүүгө көрсөтмө берилген [Алтымышева, 2015. № 1. 6-7-б.].

1933-жылы 20-июлда Кыробкомдун экинчи секретары Б.Исакеевдин ВКП (б) БК Орто Азия бюросунун секретары К.Бауманга жолдогон катында, Алай-Гүлчө районуна караштуу

чек арада жайгашкан 5 айылдык кеңештеги-Капчыгай, Ылай-Талаа, Алай-Көл, Ойтал жана Эркештамдагы Кытайга эмиграциялык кыймыл тууралуу маалымат берилген. Натыйжада качууга даярданган 200дөй чарбанын 159у июль айынын баш ченинде Кытайга көчүшкөн, алардын ичинен 68 чарба чек арада кармалган [Алтымышева, 2015. № 1. 7-8-б.].

1930-жылы июль айынын биринчи жарымында Ноокат районунан 50 чарба Кытайдын аймагына көчүп кетишкен, алардын арасында коммунист, комсомолдор болушкандыгы такталган. Мындай көрүнүш түштүктүн башка райондорунда да катталган. Чет өлкөгө качууга жардам берген жергиликтүү советтик кызматкерлерге катуу чаралар көрүлгөн. 1933-жылга Араван-Буура райаткомунун төрагасы, партиянын мүчөсү Зулпу Орозов, соттолгон кулак-бай Садык Атакуловду № 1 Төлөйкөн айылдык советинин төрагалыгы кызматына көтөргөн. Өз кезинде Садык Атакулов бир нече чарбанын Кытайга көчүүсүн уюштуруп, алар менен бирге өзү да Кытайга качып кеткен [Алтымышева, 2015. № 1. - 7-8-б.].

Чет өлкөгө кеткендиги аныкталган чарбалардын малдарын мамлекет конфискациялап колхоздорго өткөрүп берген. Көпчүлүк учурларда чет өлкөгө өтүп кеткендер тууган-досторун жана тааныштарын үгүттөп чакырышкан 1920-жылдардын аягы - 1930-жылдардын башында Кыргызстанда колхоздоштуруу, тап күрөшүнүн курчушу, бай-манаптарга, кулактарга карата жүргүзүлгөн саясий экономикалык катаал чаралар, орто дыйкандардын кулакка тартылышы, кулакка тартуудагы одоно мыйзам бузуулар жана аша чабуулар калктын нааразычылыгын жаратып, Совет бийлигинин мындай саясатына каршы Кытайга үй-бүлөсү менен жер которуу же кайра жанданган басмачы топторуна кошулуп кетүү сыяктуу ачык протесттик кыймылдарга түрткү болгон [Алтымышева, 2015. № 1. - 8-9-б.]

Мына ушундай окуялардын бири кол жазмадагы маалыматтарга караганда [Иле-Казак автономиялык областы..., кол жазма. - 1-2-б] 1930-ж. кой жылы жетинчи-сегизинчи айларында жайлоо маалында Кара-Кулжа аймагында болуп өткөн. Уюштуруучулар Полот Сазан уулу, Молдо Нурмамбет жана Сыдык Бакур (Бабакур уулу) өз ара акылдашып, Кара-Кулжага караштуу Ажыке жайлоосунан козголушкан. Элдин бул нааразычылыгы бийлик тарабынан басылган. Ага катышкандардын айрымдары, акыры Алайдын башы Үч-Таш чек арасы аркылуу Жуңгонун азыркы Шинжань Кызыл-Суу - Кыргыз автономиялуу областынын Кашкар аймагына жана Ак-Суу аймагына качууга аргасыз болушкан. Алар аталган чөлкөмгө караштуу Артыш, Баздан, Жака-Арык деген жерлерди байырлап, Торчон деген кишинин үйүндө турушкан.

Андан кийин Жанысар (Янги-Гиссар), Көк-Уй, Бозгунда Мейманбек ажы деген адамдын үйүндө төрт жыл туруп бөтөн жердин оор кыйынчылыктарын башынан кечиришкен. Ажыке жайлоосунан козголондо Сазандын үй-бүлө мүчөлөрүнөн өзү менен кошо аялы Тоюнбүбү Койчу кызы, балдары Мойдун, Пазилеткан, Насыр жана Сазандын бир тууган агасы Букур (Бубукулдун чоң уулу) Садык катардуулар да бозгунчулукту башынан кечиришкен.

Алар менен катар Молдо Нурмаметтин үй-бүлөсүнөн аялы Ширинбүбү Молдошер кызы, балдары Самат, Заирбүбү, Белектер да болгон. Качкын турмуштун кыйынчылыгын башынан кечиргени аз келгенсип, ал жактагы саясий окуялар дагы бул үй-бүлөлөрдүн турмушуна кедергисин тийгизген.

Дүнген согуш учурунда Жака-Арык деген жерде Торочон дегендин үйүндө бир жылдан көбүрөөк баш калкалашкан. Алар менен барган Молдо Нурмамет Омогул уулу оорудан кайтыш болгон. Сазан Полот уулу 1943-ж. башында ооруга чалдыгып, ошол жылдын жетинчи айларында сакайбастыгына көзү жеткенден кийин Тоюнбүбү Койчу кызын, Ширинбүбү Молдошер кызын жана балдарын чогултуп: «Менин ден соолугум жакшы эмес, өзүмө аян берип турат, жакында түбөлүк сапарга жөнөп каламын, ошондуктан менин көзүм өткөн

соң, эч нерсеге карабай бала-чаканы алып, Ак-Суу аймагынын, Боздонуу аркылуу Муз дабанын ашып, түндүк Шинь-Жанга өтүп кеткиле, ошол жакта кыргыздар бар», - деген осуятын айткан экен.

1943-ж. сегизинчи-тогузунчу айлар учурунда Сазан Полот уулу 67 жаш курагында Мейманбек ажынын үйүндө турган кезде дүйнө салган. 1944-ж. жайында Тоюнбүбү Койчу кызы балдары Мойдун, Пазилеткан, Насыр, Куламша, Урматкан жана иниси Садык Бокур уулун, Ширинбүбү Молдошер кызы балдары Самат, Заирбүбү, Белектерди алып Муз-Дабандан ашып, азыркы Иле-Казак автономиялык облустуна караштуу Мунгул-Күрө районунун, Ак-Суу айылына ооп келип, тамыр тартып, бала-чакалуу болуп, байашаттуу турып калышкан. Кыйынчылыкты башынан кечирип, киндик кан тамган ата журтунан алыс кетсе да бул адамдар, Жуңго Шинь-Жанда жүргөндө бала-чакаларын ынтымакка чакыра турган, ыймандуу жакшы адам болууга, башкаларга жардам берүү жөнүндө таалим-тарбия берип келишкен. Саясий маанайдагы топторго жана кыймылдарга катышпастан өз алдынча туруктуулукту жактап келишкен. Сазан Полот уулу жаш чагында эле, Ош-Кашкар арасына ат менен каттап, Ош жактан мал-жан алып Кашкар өрөөнүнө алып келип сатып, мата дагы башка кездеме, чай, кант жана башка турмушта керектүү оокаттарга алмаштырып, эки тараптын ортосундагы сооданын өнүгүшүнө өз салымын кошуп келген.

Баймырзадан Коштай, Абыке, Жантай, Габыке деген төрт уулу. Абыкеден Жолдош, Кожоназар (Күнкөчүк), Теңиз, Аккозу. Жолдоштон Омогул, андан Молдо Нурмамет. Кожоназардан Полот, Полоттун экинчи аялынан Сазан. Теңизден Ади, Өмүрали, Өмүралиден Керимкул. Абыкенин үч уулунан тараган азыр Жуңго, Шинь-Жань, Иле-Казак автономиялык областы, Муңгул-Күрө районунун, Ак-Суу айылында жашашат. Алар Молдо Нурмамет, Сазан, Керимкул, Болот ушулардын балдарынан турат. Булаштын урпагынан Үмүталы (экөөнүн) балдарынан Маметимин, Аруундун уулдары дагы Муңгул-Күро, Ак-Суу айылында турушат. Каман, Мамыт, Бакы, Сураалы, Чуду, Патма, Чекши, Зууранын балдары Кызыл-Суу жана Ак-Суу айылында жашашат. Тагайдын урпагынан Жолдубайдын балдары Нылкы району Түрк-Маали айылында жашайт. Молдо Нурмаметтин Белектин уул кыздары Хоргос районунда турушат.

Куламша Кокуй деген жерде төрөлгөн, Урматкан Боргунда төрөлгөн. Керимкул 1937-ж. үч уул бир кызы менен Ушан аркылуу Кара-Кулжадан көзголуп, Улуу-Чаттын Тойун деген жерине келип он жыл туруп калган. Ошол мезгилде Керимкул дүйнө салып, бир кызы да өтүп кеткен. Сыдык деген уулу кайра Кара-Кулжага кайтып келген. Батай Керимкул уулу 1945-ж. Ак-Суу аймагы Боздон аркылуу Муз-Дабандан ашып, Иле областына караштуу Муңгул-Күрөө району, Ак-Суу айылына келип турмушун уланткан. 1962-ж. 11-айда Сүмбө чек арасы аркылуу кайрадан Кара-Кулжага ооп кеткен. Азыр балдары Биймырзада жашап калышкан.

Исхак 1950-ж. Муздабандан ашып азыркы Мунгол-Күрөө району, Ак-Суу айылына келип байыр алып туруп калган. Бала-чакасы ошол айылда жашап калган.

Аруун Үмүталы уулунун тууганлары 1932-ж. Булаштын урпактарынан Үмүталы (лакап аты Үкү), Нияз, Жунук үч бир тууган Ош областына карашту Улуу-Чат районуна ооп келип беш жыл турушкан. Андан соң ошол учурдун жайына жараша Торугарт, Кара-Жал, Марал-Башы, Ак-Суу аймагынын Тополук деген жеринде турушкан. Үмүталы 1947-ж. Тополукта дүйнодон өткөн.

Ниязлан Мойдун деген бир уул, Жунустан Абдыкадыр бир уул болуп, булардын урпактары азыркыга чейин Ак-Суу аймагы Кызыл-Суу областына караштуу жерлерде жашашат. Үмүталы өтүп кеткенден кийин анын Мамыт, Бакы, Мүсуралы, Оду, Патма, Жениш,

Зуура деп жети баласы азыркыга чейин Ак-Суу жана Кызыл-Суу аймак областына карашту жерлерде жашап келишет.

Мамытимин, Аруун эки бир тууган 1953-ж. Үрүмчү айланып, Иле-Казак автономиялык областына караштуу Кулжа шаарына келип 1970-ж. чейин туруп ошол жылы Мунгул-Күрөө району Ак-Суу районуна көчүп келип туруп калган. Булардын урпактары азыр ошол Мунгул-Күрөө району, Ак-Суу айылында жашайт.

Аруун Үмөтаалы уулу 1935-ж. Улуу чатта төрөлгөн, 1994-ж. төртүнчү айда 59 жашында Муңгул-Күрөө району Ак-Суу районуна өтүп кеткен.

1918-ж. Жалдыбай аялы Кыймат баласы Мамасадык болуп 3 адам, Мамасадык сегиз жашта. Ошто козголуп Кашкар, Жаңы-Сырга келип туруп калган. Ошол мезгилде Калыгул, Уурниса деп эки перезенттүү болгон. 1931-ж. алтынчы айдын биринчи күнү Артыштын Кайран деген жеринде Мастура төрөлгөн. Ошондон кийин булар Муз-Дабандан ашып, Кулжа шаарына караштуу Баяндай айылына көчүп келген. 1956-ж. чейин турушкан. Уурнисаны Масак Нурмамет уулуна узаткан. Уурнисанын бала-чакасы Ошто турушат.

Мастуранын балдары Муңгул-Күрөө району Ак-Суу айылында турушат. Жолдубайдан Акмат деген бир уул төрөлүп кийин өлүп кеткен. Баяндайда Кымбат эне өтүп кеткен. 1956-ж. Жолдубай бир уулу Мамасадык эки адам. 1958-ж. Шамсихамар Тойчу кызы менен турмуш курган. Азыр Шамсихамар Тойчу кызы тогуз баласы менен Нылкы району Түрк-Маалы айылында жашайт. 1960-ж. Жолдубай Нылкыда өлгөн. 2006-ж. 96 жашында Нылкыда баласы Мамасадык өз үйүндө өтүп кеткен. Мамасадык 1910-ж. Ошто төрөлгөн.

Кол жазманын калган барактарында жогоруда баяндалган теңизбай уругунун өкүлдөрүнүн кеңири санжырасы (кыздарынан бери) саймедереп берилген. Бул айтылгандар үй-бүлөлүк тарых үчүн абдан баалуу маалыматтардан. Кыргыздын кичине бир бутагынын башынан кечирген окуяларынын кол жазмада эскерилиши, тарых үчүн аз болсо баалуулугу бар. Тарых тамчыдан куралат демекчи, элибиздин өткөн тарыхынын ар бир эпизодуна көңүл буруп эске алсак, анда биз анын бөксөлөрүн толтура аларыбыздан күмөн санабасак деле болот. Анткени, бизге чейинки изилдөөчүлөр дагы, кыргыздар атам замандан бери эле Чыгыш Түркстанды байырлап, алардын катарында адигине уруусунун өкүлдөрү да жашап келгендиги тууралуу айрым маалыматтарды жазып калтырышкан.

Алсак XX к. башында эле орус-аскер ишмерлеринин топтогон аскердик-статистикалык кабарларында, бизди кызыктырган ынанымдуу маалыматтар жазылган. Анткени, орус генералдык штабынын офицерлери Россиянын чектерине жакын жайгашкан чет жерлердин экономикасы, географиясы жана калкы тууралуу маалыматтарды атайын топтоп чыгышкан [Кашгария или Восточный Туркестан, 1900. - С. 233-234]. Анда адигине уруусунун айрым бутактары жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтар берилген.

№	Наименование бекств	Число кибиток	Название родов	Какого округа или уезда
1.	Улугчать	200	Ювашь	Кашгарского уезда
2.	Кара-Терякь	100	Джоры	Кашгарского уезда
3.	Игынь	150	Ювашь	Кашгарского уезда
4.	Курук-Сакаль (Кагара чалды)	150	Ювашь	Кашгарского уезда
5.	Токай-Баши	70	Ювашь	Кашгарского уезда

Кийинки маалыматты көрүнүктүү кыргыз таануучу-этнограф С.М. Абрамзон 1960-жылдардын баш чендеринде жыйнаган. Дал ушул мезгилде 1930-ж. Кытайга жер

которуп көчүп кеткен кыргыздардын айрым топторунун ата мекенине кайтып келишине улуксат берилген. Ушуга байланыштуу С.М. Абрамзон өзү Кытайга барбаса да, ал жактан кайтып келген кыргыздар менен көзмө-көз жолугуп талаа материалдарын жыйнаган жана Синьцзянь кыргыздарына байланышкан көлөмдүү макаласын жазган. Кайрылмандардан сурамжылоонун негизинде, окумуштуу адигине уруусунун айрым бутактары тууралуу төмөндөгүдөй маалыматтарды жазып алган.

«СССРдин чек арасына жакын жерде, Кызыл-Суу дарыясынын боюндагы бир нече өзөндөрүндө жана анын куймаларында (Сымкана, Сары-Булак, Токой-Башы, Эттик, Сакал, Жыгын, Жоюлган-Суу, Улуучат) бир канча сандагы жоош тобу (450 кожолук) жана өзүлөрүн муңгуш уруусуна таандык кылган кээ бир башка топтор жашап турушат. Акырында, Кара-Терек дарыясынын өрөөнүндө, ушул эле райондо (ошондой эле жогоруда айтылган Жоюлган-Суу деген конушта) адигине уруу бирикмесине кирген жору тобунун 50-60 тай кожолугу жашап турат» [Абрамзон, 1999. 597-598-б.].

Келтирилиген соңку малыматтар ырастагандай, чоң империялардын каратып алган жерлерди бөлүштүрүү саясатынын кесепетинен, кыргыз элинин көчүп-конгон бирдиктүү аймактары экиге бөлүнүп, мурунку чарбалык-маданий карым-катнаштар үзүлүп, эл биринен алыстай баштаган. Эми алар совет бийлиги тарабынан куугунтукталганда, мурда ата-бабалары көчүп жүргон кондум маршруттар аркылуу, өзүлөрүнүн боордошторунан баш-паанек издеп качканга аргасыз болушкан. Улуттун мындай экиге бөлүнүп калышы чоң трагедия болгон. Биз кол жазмада токтолгон окуялар, ушул трагедиянын кичине гана бөлүгүн камтыган. Бул албетте дагы терең изилдей турган маселелерден.

Адабияттар:

1. *Абдырахманов Т.А., Абдалиева Г.К.* Эркиндик, теңдик, эгемендүүлүк күрөштөрү жана Үркүндөр. - Бишкек, 2016.

2. *Абрамзон С. М.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. - Бишкек, 1999.

3. *Алтымышева З.* 1930-ж. Кыргызстандан Кытайга эмиграциялык кыймылдар // Manas journal of Social studes New Pub. 2015/№ 1.

4. *Ботоноев Ж.С.* Түштүк Кыргызстандагы массалык коллективдештирүү саясаты: XX кылымдын 20-40-жылдары. Жаңыча көз караш. Диссертация. - Бишкек, 2010.

5. *Джунушалиев Дж.* Время созидания и трагедий. 20-30-е годы XX в. - Бишкек, 2003.

6. Иле-Казак автономиялык областы, Мунгул-Күро району, Ак-Суу айылындагы Бий-Мырза Теңизбай, Таема урууларынын урпактары (кол жазма).

7. Кашгария или Восточный Туркестан. Опыть военно-статистического описания. Составитель подполковник генерального штаба Корнилов. - Ташкент, 1903.

8. *Петр Коксайл, Амирбек Усманов.* История Кыргызстана глазами очевидцев (начало XX века.) - Прага, 2012.

9. Азыркы Кытай эл Республикасынын Иле казак-облусунун Мунгул-Куро рай. жашаган Жорунун Тенизбай уруктары тууралуу санжыралык кол жазма.Авторго алып келип берген-Абдыкерим.-КНРдин жогоруда белгиленген районунун тургуну, Тенизбай уругунан.

Жору уруусунун өкүлдөрүнүн Ысык-Көл аймагына жайгашуусу жөнүндөгү санжыралык маалыматтар

Р. Жолдошев - *Жусуп Баласагын атындагы КУУнун профессору*

Кыргыз элинин этностук тарыхын изилдөөдө уруулук курамдын орду өзгөчө маанияге ээ болот. Кыргыз эли калыптанган мезгилден, тактап айтканда орто кылымдардан тартып эле кыргыздардын курамына түрдүү этностук топтор аралашкандыгы белгилүү. Алардын издери биздин күнгө чейин айтылып келген урууларлардын санжырасында өтө жакшы сакталып калган. Ошондуктан санжыралык маалыматтарды дыкат изилдөө, этностук компонеттерди тактоого зор жардам берет.

Кыргыздардын азыркы учурдагы уруулук курамы XV кылымдын аягы, XVI кылымдын башында азыр кандай элементтерден турса, негизинен так ошондой курамда болуп, анын калыптанып бүткөндүгүн илимий фактылар тактап турат. Алсак, XV–XVI кылымдардын аралыгында жазылган "Маджму ат-таварих" чыгармасында[1] кыргыздардын уруулук түзүлүшү, ошол мезгилде эле дээрлик азыркы мезгилдеги уруулук бөлүнүштөр жашап тургандыгын күбөлөйт. Демек, мындан 500-600-жылдар илгери азыркы кыргыз элинин уруулук курамы дээрлик калыптанып бүткөн экен.

Кыргыз уруулары жалпысынан үч чоң уруулук бирикмеге биригишет: оң канат, сол канат жана ичкилик[2]. Бул уруулук жалпылыктар кыргыздардын өнүгүү тарыхында этностук, социалдык жана саясий негиздердин базасында калыптанган институттар болуп эсептелинет. Оң канатка кирген уруулар өз кезегинде Адигине жана Тагай уруулар конфедерациясына ажырайт. Бул бирикмелер бир катар урууларлардан турушат[3]. Айрым учурларда "Адигине" аталышын бир уруунун аты катары колдонулган адабияттар дагы кездешет. Чындыгында "Адигине" уруулук бирикменин аты. Ал бөрү, баргы, жору, сарттар жана кара багыш деген ири беш уруулук жалпылыктан турат. Бул беш уруу ич ара көптөгөн уруктук бутактарга тарашат. Ар бир уруунун келип чыгыш тарыхы, алардын кыргыз этностук курамга кошулуу мезгили жана процесстери ар башка. Булардын арасынан "жору" уруусуна токтолотурган болсок, ал тууралуу бир катар кызыктуу маалыматтарды ала алабыз. Жору уруусу тууралуу айтылган санжыралык уламыштарды изилдөөнүн негизинде жана алардагы маалыматтарды тарыхый даректердеги фактылар менен салыштыруунун натыйжасында, бул урууну XIV–XVI кылымдардын аралыгында кыргыз этностук курамдагы негизги этнокомпоненттеринин бирине айлангандыгын айта алабыз[4]. Уруунун курамы XII–XVI кылымдарда Борбордук Азияда, анын ичинде Түркстан аймагында күн кечирип келишкен көчмөн урууларлардан түптөлгөндүгү байкалат. Уруунун аталышы байыркы замандардагы жаныбарлар менен байланышкан салттык-тотемдик түшүнүктөрдүн таасиринде пайда болгондугунан кабар берет. Айтмакчы, адигине уруулук курамындагы бөрү, кара багыш этнонимдери дагы жаныбарлардын аталыштарынан жаралгандыгы кызыгуу жаратат.

---

[1] Маджму ат-таварих//МИКК.- Вып., !.- М.: Наука, 1973 – С. 207-208.

[2] Жолдошов Р. 18- кылымдагы кыргыздардын уруулук курамы//Эгемендүү Кыргызстанга 20жыл.-Бишкек, 2011.-253-269 б.

[3] Ошонун эле. Оң канат жана сол канат этнодуалдык уруулук уюму//Новое о древнем и средневековом Кыргызстана.-Вып.-2.- Б.-1999.- С. 90-92 б.

[4] Жолдошов Р. Кыргыз санжырасында Жору уруусунун берилиши//Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы.- Б., 2016.-Б. 573-576 б.

Жору уруусунун ичиндеги уруктар жалпысынан Ай тамга жана Ача тамга жору деп аталган эки чоң бөлүктөн турат. Бул бөлүнүү кыргыздардын уруулук белгиси болгон "тамгалардын" негизиндеги салтка жараша бөлүнүп турушат. Ай тамга жоруга кожо, тасма, теңизбай жана каракунас деген аталыштагы төрт урук кирет. Ача тамга жору чегир, бийназар, бооке, элчибек, галча жана кадасын делген алты уруктан куралат[1].

Жолжакшынын ылакап аты Жору болгондуктан, анын урпактары жору уруусун түзүшкөн. Жорудан Жолдубай, Кудайберди деген эки бала төрөлөт. Кудайбердиден тукум болгон эмес экен. Жолдубайдын Астар жана Кастар деген уулу болот. Астар тукуму ай тамга, алэми Кастардын тукуму ача тамга жору деп бөлүнүп калышкан. Астардан Серке баатыр анын биринчи аялынан Кожо, Тасма, Теңизбай, экинчи аялынан Каракунас төрөлөт. Кастардын Чегир, Бийназар *(Майназар)*, Бооке -деген 3 уулу болот. Ушулардан тараган тукумдар адигинеин жору уруусун түзүшөт.

Жору уруусунун өкүлдөрү Кыргызстандын аймагында XV кылымдан бери эле жашап келишкендиктерин тарыхый маалыматтар тастыкташат. Жогоруда белгиленгендей, XV–XVI кылымдардын аралыгында жазылган *"Маджму ат-таварих"* эмгегинде кыргыз уруларынын арасында жору уруусу курамына кирген адигине уруулук бирикмеси дагы эскерилген. Андан кийинки замандарда, тактап айтканда, XVIII кылымдын экинчи жарымына таандык, Түркстан аймагындагы саясий окуяларга арналып жазылган бир катар кытай жазмаларында кыргыз уруларынын арасында жору уруусу дагы эскерилет. "Си-юй-чжи" - *("Батыш аймактарынын баяны")* деп аталган кытай кол жамасында түштүк *(батыш)* кыргыздарынын уруларынын арасында жору уруусу дагы кошулуп айтылган. Анда мындай деп жазылат: "Ош жергеси буруттардын 7 уруусунун *(кармыш, жору, ардай, монок, боруу, баргы, кара багыш, коцурат)* конуш журту"[2].

Ал эми XIX кылымдын ортосунан тарта кыргыз жергесине басып кириишкен орус бийликтеринин жазма документтеринде, жору уруусунун негизги массасы Түштүк Кыргызстандын чектеринде жашап тургандыгын маалымдашкан.

1874-жылы Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшкө чыккан түштүк кыргыз уруулары-нын айрым топтору, орустардын Түркстандагы колониялык бийликтерге кайрылып алардын букаралыгына өтүүгө аракет кылышкан. Орустар тарабынан бул уруулардын 42 уруктардан турган тизмеси берилген. Алардын арасында Тайчыбек датка жана Суран бай башында турган 2000 түтүн ай тамга жана ача тамга жорулары да корсотүлгон[3]. Бирок, Кокон хандыгы менен келишим түзүшкон Түркстандагы колониялык бийликтер, алардын өтүнүчүн четке каккан.

1876-жылдан кийин Кокон хандыгын басып алган орус бийликтери, түштүк кыргыздарын дагы букара катары башкара башташкан. Жору уругу орус империясынын курамына киргенден кийин алардын окүлдөрүнүн негизги болүгү Ош жана Анжиян уезддериндеги волостторго (болуштуктар) киргизилген.

[1] Абрамзон С.М. Этнический состав киргизского населения Северной Киргизии//ТКАЭЭ.- т.IV.-Л., 1960; Виников Я.Р. Родоплеменной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии// ТКАЭЭ.- т. I.- М., 1956.

[2] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары (Б.з.ч. II к.- XVIII к. Кытай булактарынан үзүндүлөр).- 2-т.- Б., 2003.- Б. 231.

[3] Материалы собранные Морозовым О.Д. по истории Кокандского ханства. 1947.//КР УИА КЖФ.- №81.- Б. 75-76.

Мындан тышкары орус аскер кызматкерлеринин жыйнаган маалыматтары боюнча, жору уруусунун айрым бөлүктөрү Ош аймагына чектешкен Кытай мамлекетинин аймагы катары эсептелген Кызыл-Суу өрөөнүн муңгуш уруулары менен аралаша мекендешкендиги көрсөтүлөт. Алсак, Кашкардын Улук-Чат бектигинде 200 түтүн жоош, Кара-Терек бектигинде 100 түтүн жору, Игынь бектигинде 150, Курук-Сакал (Кагара-Чалды) бектигинде 150, Токой-Башы бектигинде 70 түтүн жоош уруктарынын жайгашкандыгы эскерилет[1]. Көрсөтүлгөн аймактардан тышкары дагы Кыргызстандын ар кайсы жерлеринде жору уруусунун айрым бир майда топторунун өкүлдөрү кездешет.

Жору уруусуна тиешелүү салттуу аймактардан тышкары жерде кездешкен алардын өкүлдөрүнүн көлөмдүү бөлүгү, Кыргызстандын түндүк аймагындагы Ысык-Көлдүк жорулар болуп эсептелинет. Алар өздөрүн Ысык-Көлдүн чыгыш аймагын мекендеген бугу уруусунун бир бөлүгү катары эсептешет. Бирок санжыралык маалыматтар боюнча түпкү теги жору уруусунан чыккандыгы, бугу уруусунун ичиндеги киринди урук (тондуу уул) экендиги эскерилип келген. Ал бөлүк "теңизбай" деп аталып, бугунун ичиндеги Белектин бир баласынын тукумдары катары каралган. Ушундан улам бугунун теңизбайынын бугу уруусунун ичине качан жана эмне себептерден улам келгендигин иликтөө, кыргыздардын уруулук түзүлүшүндө уруулардын өз ара аралашуу процессин жана алардын этносаясий жактан өзгөрүүлөрүн тактоого көмөк көрсөтөт.

Бугу уруусунун санжырасында Кылжырдын (Сары багыш) бир баласы Орозбактыдан тараган төрт уул (айрым булактарда беш уул) деп аталат. Алар Арык, Асан, Кара мырза жана Мырзагул болгон. (Бул жерде бешинчи уулу катары Токоч аталат. Бирок анын тукуму эч жерде кездешпейт. Көбүнчө Белектин бир баласын Токочтун тукумдары менен ар дайым чаташтырып келишет). Орозбактын Алсейит баласынын Токтобек деген биринчи аялы наачар болгондуктан, ага кайыптан табылган Бугу энени алып беришет. Алсейиттин биринчи аялынан Ардам (Боор) деген уулу болгон. Экинчи аялы Бугу эне Жамангул, Бапа ысымдуу эки уул төрөгөн. Жамангулдан Төрөкочкор (Торгой), Итбок (Мамбет уулу), Бооке (Такабай), Кыдык жана Белек деген беш эркек бала туулган. Булардын арасынан Белек тың чыгып, жалпы бугу уруусун бийлеп калат[2].

Белек эки аял алып, жалпысынан тогуз эркек балалуу болот. Кийин Анжиян тараптан бир бала качып келип, Белекке бала болуп калган экен. Бакма баланын аты Теңизбай болгон. Ошондуктан Белектин он уулу деген атакта калышкан. Белектин Салмаке деген биринчи аялынан Тогузбай, Шүкүр, Элчибай, Кожош жана бакма баласы Теңизбай. Экинчи Жаркын деген аялынан Алдаш, Алдаяр, Токой, Токоч, Саты.

Белектин тондуу уулу Теңизбайдын Анжияндан Ысык-Көлгө кантип келип калгандыгы жөнүндө бир канча версиядагы санжыралык уламыштар айтылып келет. Теңизбайдын Ысык-Көл аймагына ооп келген мезгилин болжолдоп тактоого болот. Себеби бугу уруу башчысы Белектин жашаган убактысы жана Кыргызстандын түндүк аймактарын жунгар-калмактарынан бошотуу маалы тарыхта белгилүү. Ушулардан улам Теңизбайдын Көлгө келиши XVIII кылымдын ортосу чендерде болгон деп ооолголосок болот. Ал эми эмне себептен ал жер оодаргандыгы, жогоруда айтылгандай, бир нече түрдүү уламыштарды камтыйт.

[1] Кашгария или Восточный Туркестан. Опыть военно-статистического описания./составитель подполковник генерального штаба Корнилов.- Ташкент, 1903.- С. 233-234.

[2] Абдрахманов Ы. Кыргыздар//КР УИА КЖФ, д. №116 (319).

Жорудан чыккан Серке баатырдын биринчи аялынан Кожо, Тасма, Теңизбай, экинчи аялынан Каракунас төрөлгөндүгү баяндалган. Теңизбайдын Булаш, Биймырза, Жалантөш аттуу уулдары болгон. Ысык-Көлдүк баяндамачылардын айтуусу боюнча Жалантөш (ал анын ылакап аты болуп, өз аты Дөөлөтбай экен), Белекке ооп келген дешсе, оштук санжырачылар Дөөлөтбайдын Назар деген уулу көлгө качып кеткендигин кабарлашат.

Уламыштар боюнча Теңизбайдын Жалантөшүнөн (Дөөлөтбай) чыккан Назар деген уулу бир чоң тойдо бир адамды набыт кылып алган экен. Аны өлтүрөбүз деген кун куугандардан куткарыш үчүн туугандары Назарды көлдөгү туугандарына качырышат. Элге алыска качып баратканда кырсыкка кабылып, мертингендигин таркатышат. Ушундай себептерден Назар көлдүк бугулардын ичинде калат. Айрым кабарлар боюнча Назар көлгө качканда карындашын ала качыптыр.

Назар бугу уруусунун башчысы Белекке келгенде, Белек анын тек жайын сурайт. Назардын жору уруусунун Теңизбай тукуму экендигин билгенден соң, уругундун аты унутулбасынт деп, аны Теңизбай деп атап, бала кылып асырап алат. Ошентип көлдөгү бугу ичиндеги Назардын (бир вариантта Дөөлөтбайдын) тукуму Теңизбай деген ат менен Белек уулдарынын арасындагы тондуу уулга айланат.

Жору уруусунун санжырасы боюнча Теңизбайдын Булаш, Биймырза, Жалантөш аттуу уулдары болгон дегенбиз. Жалантөштүн (Дөөлөтбай) Мамай, Ырыскул, Назар жана Кенже аттуу балдары болуп, алардын арасынан Назар тукуму Ысык-Көлдүк бугулардын ичинде болсо, калган балдарынын урпактары Кара-Кулжа, Өзгөн аймагындагы Тоготой, Жигде жана Чымбай айылдарында жашап турушат. Көлдүк теңизбайлар өздөрүнүн түпкү теги түштүктөн келгендигин жакшы сактап калышынын себеби, бул жер которуу салыштырмалуу анча көп эмес мезгилде болгондугу менен байланышат.

Көлдүк теңизбайлардын айтымында, алардын бабасы алгач Белекке келгенде анын байбичеси Салмакенин эмчегин эмип ырым кылгандыгына байланыштуу, байбиченин балдары менен энелеш болуп калыптыр. Белек Назарга калмактан кыз алып берген экен. Назар Белекке келе жатканда, аден Чүйгө келип, ал жердеги солто уруусунун ичиндеги суумурундарга (Нурмамбет түбү багыш) туруп калып, карындашын аларга берип кетет. Кийин карындашына барганда суумурундардын Айжаркын деген кызына үйлөнөт.

Назар калмактан алган Милте аттуу биринчи аялынан Саты, Кедей, Анаш (Анач), экинчи аялы суумурундан алган Айжаркындан Кудайберди, Алдаберди, Теңирберди деген алты уул көргөн. Бул алты уулдан тараган урпактар бүгүнүн теңизбай уругунан болобуз дешип, Ысык-Көлдүн Ак-Суу, Тепке, Чолпон жана Жылдыз айылдарында жашанат. Алардын саны акыркы маалыматтарда 500-600 кожолуктарга жетип калды.

Жору уруусунун теңизбай бутагынан тараган көлдүк болүгүнүн уламыштары жана санжыралык маалыматтары кыргыздардын урууларынын ичиндеги карым-катнашка, алардын өз ара аралашуу процессине ачык мисал болуп кызмат кылат. Ошондой эле бул окуялар урууларды ички динамикалык кубулуштарын так чагылдыра алат.

Колдонулган адабияттар

1. *Абрамзон С.М.* Кыргыз жана Кыргызстан боюнча тандалма эмгектер.-Б., 1999.
2. *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения Северной Киргизии// ТКАЭЭ.- т. IV.-Л., 1960.
3. *Абдрахманов Ы.* Кыргыздар//Кыргыз Республикасынын УИА КЖФ, д. №116 (319).
4. *Абдулхакимов О.* Ата журт баяны. Бишкек-2009.

5. *Винников Я.Р.* Родоплеменной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии//ТКАЭЭ.- т. I.- М., 1956.
6. Жолдошов Р. 18- кылымдагы кыргыздардын уруулук курамы//Эгемендүү Кыргызстанга 20 жыл.-Бишкек, 2011.
7. *Жолдошов Р.* Оң канат жана сол канат этнодуалдык уруулук уюму//Новое о древнем и средневековом Кыргызстана.-Вып.-2.- Б.-1999.
8. Кашгария или Восточный Туркестан. Опыть военно-статистического описания./ Составитель подполковник генерального штаба Корнилов.- Ташкент, 1903.
9. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары (Б.з.ч. II к.- XVIII к. Кытай булактарынан үзүндүлөр).- 2-т.- Б., 2003.
10. Маджму ат-таварих//МИКК.- Вып., 1.- М.: Наука, 1973.
11. Материалы собранные Морозовым О.Д. по истории Кокандского ханства. 1947.// Кыргыз Республикасынын УИА КЖФ.- №81.
12. *Эргешов Т.* Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы.- Б., 2016.

ЖОРУ УРУУСУНУН ТАРАЛУУ АРЕАЛЫ

Р. Жолдошов - *Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору,*
И. Асанов - *Ж. Баласагын атындагы КУУнун кафедра башчысы*

Санжыра боюнча кыргыз урууларын Оң канат, Сол канат жана Ичкилик урууларынан түзүлөт. Бирок, уламыштар боюнча кыргыз урууларындагы негизги фигура катары оң канат өкүлдөрү Адигине менен Тагайдын ысымдары айтылат. *"Бүткүл тарых билген карылардын кабарына караганда, - деп жазат Б. Солтоноев, - Тагай Кокон, Маргалаң калаасынын тоосу тегерегиндеги Ийри-Суу, Былпылдак деген жерде, бир кабарда - Ош калаасынын тоосу Сары-Бел деген жерде болжолу 1460-1470-жылдарда туулган"*[1]. Көрсөтүлгөн жылдарды тарыхчы Белек Солтоноев болжолду түрдө гана берген. Демек, Адигине жана Тагай бабаларыбыздын тарыхта жашаган доору жана ишмердүүлүктөрү XV к. аягы, XVI к. баш чендерине, көбүнчө аталган кылымдын ортосуна туура келет десек болот. Санжыра кабарларында, Адигине менен Тагай, энчи бөлүү тоюн өткөрүп, кыргыздын салты боюнча малды, жерди, элди экиге бөлөт. Оштун Кара дарыясын чек кылып күн батыш жагын Адигине бий, күн чыгыш жагын Тагай бий алган[2].

Баамдаган кишиге бул маалыматтар, кайсы бир деңгээлде оң канаттын ичиндеги өз ара бөлүнүү, аныгында алардын саясий эки бутакка ажырашын чагылдырып жаткандыгын көрүүгө болот. Көрсөтүлгөн аймактар, өзгөчө Кара дарыянын алабы санжыранын башка варианттарында дагы Адигине менен Тагайдын энчи бөлүшкөн жери катары айтылат[3]. Ал тургай, А. Н. Бернштам талдоого алган *"Батыш аймактарынын географиялык жазылышы" ("Си-юй-чжи")* аттуу 1782- жылга таандык кытайдын даректүү тарыхында, батыш жана чыгыш кыргыздары жөнүндө маалыматтар келтирилип, алардын чеги катары Кара дарыя көрсөтүлгөн[4].

---

[1] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Бишкек, 1993. 1-китеп, -86-б.
[2] Бала Айылчынын санжырасы // Кыргыз санжырасы. -Бишкек, 1994. -180-б.; Байгаринов М. Кыргыз элинин санжырасы // №564. 11-б.
[3] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. -Бишкек, 1993. 1-китеп, -86-87-б.
[4]. Бернштам А. Источники по истории киргизов в XVII века // Вопр. истории. -1946. -№11-12. -С. 127.

Тарыхый булакта кыргыздардын чыгыш бутагынын ээлеген аймактары, Кара-Буура суусунун *(Талас суусунун сол куймасы)* жогорку алабына чейин созулаарын белгилейт. Ушул маалыматты чечмелөөгө аракеттенген А. Бернштамдын пикиринде, кытай тарыхындагы батыш жана чыгыш кыргыздары деген аталыш, Адигине жана Тагай деген эки конфедерациянын бөлүнүшүн эске алган.

Уламыштагы маалыматтар жана А. Бернштам талдоого алган кытай даректеринде, Кара дарыя чыгыш жана батыш кыргыздарынын чеги катары көрсөтүлүшү, анын тарыхый географиялык аймак экендигин айгинелейт. Андыктан, аталган булактардагы тарыхый маалыматтарда Кара дарыянын алабы, оң канат кураманын саясий тарыхында түндүк кыргыз урууларынын башын бириктирген Тагай, түштүк кыргыз урууларынын башын бириктирген Адигине бутактарынын өсүп чыгышындагы маанилүү тарыхый район жөнүндө кабар берип жаткандыгын баамдайбыз.

1763-1770-жылдардын аралыгында негизинен Чыгыш Түркстандагы кытай бийлигинин аскер төбөлдөрүнүн жеке байкоолорунун негизинде түзүлгөн жана жогорудагы булакка аталышы уйкаш "Си-юй-чжи" *("Батыш аймактарынын баяны")* аттуу тарыхый даректе, кыргыздардын түштүк бөлүгү тогуз уул ("то-го-со-хо-лэ") жана түндүгү кыргыз *("кэ-эр-гэ-ци-сы")* бутактарынан тургандыгы жөнүндө баян орун алган. Анда, мындан 330 жыл илгери, башкача айтканда XV к. орто ченинде, кыргыздар кайсы бир баш аламандыктан сактаныш үчүн тоолорго качып келип байырлашкандыгы жана 220 жыл мурун алар өз-ара сүйлөшүп, тынчтык жол менен "кыргыз" жана "тогуз уул" деген теңме-тең эки бутакка ажыраганды гын санжырачылардан жазып алышкан[1].

"Акырындык менен элдер көбөйө берди, жайыт бардыгына жетишпеди жана ушунун айынан жер үчүн күрөш башталды. Алар *(кыргыздар)* мындан 220 жыл мурун өз ара тынчтык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп элди теңме-тең экиге, түндүккө жана түштүккө бөлүштү. Түштүгү тогуз уул ("То-го-со-хо-лэ"), түндүгү кыргыз ("кэ-эр-гэ-ци-сы") аталды. Бутактын аталышы илгерген түпкү уруунун аты саналат. Ар бири ич ара дагы салааларга ажырайт".

Жогоруда белгилегендей кыргыздардын түштүк бутагына кыпчак, каратегин, багыш, адигине, борү, найман, жору, тоолос уруулары кирген болсо анын түндүк бутагына саяк, сарыбагыш, кытай, кушчу, саруу, моңолдор, солто, ават, мундуз, басыз черик уруулары кирген[2].

XVIII к. экинчи жарымындагы түзүлгөн саясий абалга ылайык, оң канаттын чойросунда мурдатан калыптанып калган саясий жана аймактык негиздеги уруулук эки бирикме жашап турган. Саясий эки бирикменин келип чыгышы, кыргыздардын Теңир-Тоо менен Памир-Алай аймактарынан - Фергананын тоо этектериндеги түздүктөрго чейинки жерлерди толук өздөштүргөн тарыхый процесстерге байланышып, алардын саясий уюмдашуу түзүлүшүнө олуттуу таасир тийгизгендигинен улам башталган. Оңол мезгилдеги түзүлгөн абал оң канаттагы жана сол канаттагы саясий тең салмактуулуктун бирдей абалда сакталышын камсыз кылбаган жана болжол менен XVI к. биринчи жарымында Оштун үстү Кара дарыяда оң канат уруулук бирикмеси, Адигине жана Тагай ден аталган эки саясий бутакка ажыраган. Ушул тарыхый окуядан 200 жылдан ашык мезгил өткөндөн кийин, XVIII экинчи жарымындагы кытай даректеринде, Адигине жана Тагай бутактары батыш *("түштүк" - "тогуз уул")* жана чыгыш *("түндүк" - "кырғыз")* кыргыздары деп аталган уруулук саясий бирикмени *(конфедерацияны) түзүп турушкан*[3].

[1] Супруненко Г.П. Материалы из китайских источников по истории киргизов XVIII -начала XIX вв. // РКФ НАН КР №5187. -С.78.

[2] Супруненко Г.П. Материалы из китайских источников по истории киргизов XVIII- начало XIX ВВ. -С.2-3

[3] Бернштам А. Источники по истории киргизов в XVII века // Вопр. истории. -1946. -№11-12. -С. 127

Эми биз ушул оң канаттын курамындагы адигине уруулук бирикмесинин бир бутагын гүзгөн жору уруусу тууралуу айрым бир тарыхый кабарларга серептеп салсак. Санжыра маалыматтарын эске албаганда, жору уруусу жазма кабарларда алгачкы жолу XVIII к. экинчи жарымындагы кытай дареги "Си-юй-чжи" - "Батыш аймактарынын баянында" түштүк (батыш) кыргыздарынын курамында эскерилет. Анда мындай деп айтылат: "Ош жергеси бируттардын 7 уруусунун (кармыш, жору, ардай, мөнөк, бөрү, баргы, кара багыш, коңурат) конуш журту"[1].

Жору уруусуна тиешелүү соңку маалыматтар орус булактарында эскерилет. Түштүк Кыргызстанды Россия империясы каратып алгандан кийин, Кокон хандыгы жоюлуп, анын ордуна Фергана облусу түзүлгөн жана падышачылыктын административдик-башкаруу түзүлүшү киргизилген. Кыргыздардын басымдуу бөлүгү Ош уезинин (127452 мин; 62%) карамагына кирген. Алардын калган бөлүктөрү Анжиян (107692 мин; 27%), Наманган (75849 мин; 19%), Маргалаң (63626 мин; 14%) Кокон (10938 мин; 4%) уездеринин карамагында турган[2]. Административдик башкаруу түзүлүшү боюнча, жору уруусу Ош уездинин карамагында турган. Бул тууралуу 1900-ж. орус географиялык коомуу мындай маалыматтарды келтирген[3].

Жору уруусунун айрым бөлүктрү төмөнкү болуштуктарда (волосты) жашап тургандыгы орус документтеринде катталган: тасма, ача жору Гүлчө болуштугунда, теңизбай, ай жору Куршаб болуштугунда, каракунас Ак-Буура болуштугунда, элчибек Булак-Башы болуштугунда (бардыгы Ош уезди), кадасын Анжиян уездинде.

XX к. башында Кытайдын Синьцзян првинциясына кирген Кашгария аймагы тууралуу орус генералдык штабынын офицери маалымат чогултткан. Анда Чыгыш Түркстандагы кыргыздар тууралуу бир катар баалуу кабарлар берилип, анын ичинде адигине уруулук бирикмесинин жору уруусу жана муңгуш уруусунун жоош уругу жөнүндө төмөндөгүлөр келтирилген. Мисалы, Кашкар уездинин Улук-Чат бектигинде 200 түтүн жоош, Кара-Терек бектигинде 100 түтүн жору, Игынь бектигинде 150, Курук-Сакал (Кагара-Чалды) бектигинде 150, Токой-Башы бектигинде 70 түтүн жоош уруктарынын жайгашкандыгы эскерилет[4].

Ош уездиннин волостторунда жайгашкан жору уруусунун жалпы саны тууралуу маалыматтар, 1913-жылкы Түркстандагы эл каттонун жыйынтыктарынын негизинде берилген[5].

Статистикалык маалыматтар көргөзгөндөй XX к. баш чендеринде жору уруусунун калкынын саны болгону 8915 адамды түзгөн. Бирок көрсөтүлгөн сан, аталган уруктун калкынын эсебин толук чагылдырбашы да ыктымал. Анткени, көчмөн турмушта жашаган элди каттоо жана алар тууралуу маалымат чогултуунун өзү, колониялык бийликтер үчүн кыйынчылыкка турган. Алар көчүп-конуп туруктуу бир жерди байырлабагандыктан, колониялык бийликтер тарабынан кыргыз уруулларынын статистикалык каттоого алынышынын так экендиги күмөндүүлүктү туудурат.

[1] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары (Б.з.ч. II к. – XVIII к. Кытай булактарынан үзүндүлөр) 2-том. –Бишкек,2003. 231-б.

[2] Усенбаев К.У. Общественно-экономические отношения киргизов. Вторая половина XIX –начало X X в. – Фрунзе, 1980. – С.44; 117.

[3] Известия Туркестанского отдела ИРГО.Т.II. Вып. I. – Ташкент, 1900. –С.102

[4] Кашгария или Восточный Туркестан. Опыть военно-статистического описания . составитель подполковник генерального штаба Корнилов. – Ташкент,1903. – С. 233-234.

[5] Материалы по изучению родового деления киргиз. Список главнейших родовых групп киргиз. КАО 1926 // Составлен по материалам обследования и прокорректирован опросным порядком стариков и знатоков киргизской истории. Н.С.Ладушев. КР УИАнын КЖФ. №1663. – С.9.

Жору уруусу волосттор боюнча	Чарбасынын саны	Калкынын саны
Алай болуштугу	22	113
Гүлчө болуштугу	565	4510
Капчыгай болуштугу	365	2378
Куршаб болуштугу	295	1914
Баардыгы	1247	8915

Жору уруусу тууралуу маалыматтар 1924-1926-ж. Орто Азияны улуттук мамлекеттерге бөлүштүрүүдөгү чек ара маселесин чечүүгө байланыштуу иштелип чыккан документтерде жолугат. Бул документтерде жору уруусунун ээлеген конуш-жайыттары тууралуу толук маалымат берилген. Анда биринчи кезекте, Кыргыз автономиясынын чегинде жайгашкан төмөндөгү волосттордогу жору уруусу тууралуу маалыматтар келтирилген.

1. Ак-Буура волосту, жору - Мырзакул.
2. Кашкар-Кыштак волосту, жору - Барак.
3. Куршаб волосту, жору - Акылбек, Кайнар, Тасма.
4. Караташ волосту, жору - Ача-тамга.
5. Өзгөн волосту, жору - Тасма.
6. Алай волосту, жору - Калдай.
7. Турук волосту, жору - Абдал, Калдай, Кырбаш, Сатыбай[1].

Мындан сырткары, жору уруусу жайгашкан же алар ээлеп турган конуштардын, кыштоолордун аталыштары берилген топонимкалык маалыматтар дагы, бир кыйла баалуу материалдардан. Анткени, анда жору уруусунун конгон жерлеринин, ичкен сууларынын толук аталыштары берилген.

Жору уруусу жайгашкан аймактын негизги болүгү Ош областынын Кара-Кулжа, Алай, Өзгөн, Кара-Суу жана Ноокат райондорунун айрым аймактарына туура келет. Ошондой эле жору уруусунун тарыхый мекендеген аймагына, жогоруда көрсөтүлгөн Ош областынын Кара-Кулжа, Алай райондору менен чектешип, ал аймактан чыгышты карай кеткен Кытай мамлекетиндеги Кызыл-Суу, Улуу-Чат жерлери дагы кирет. Жорулардын тарыхый ата конуштарынын кээ бир жерлери 1924-1926-жылдары Түркстан аймагындагы Улуттук мамлекеттеринин чек араларын болүштүрүү мезгилинде Өзбекстандын аймагына кошулуп калган. Ошол себептен алардын уруктук топтору Өзбекстандын Анжиян областында дагы жашашат.

Аталган аймактарды жору уруусунун ай тамга жана ача тамга деген эки бутакка бөлүнгөн уруктарынын окүлдөрү мекендешет. Айрым булактардагы маалыматтарга караганда ай тамга жоруларга: Элчибек, Жакып, Жайчы, Корок, Барак, Беш абышка, Эсеке, Кыдыралы топтору, ал эми ача тамгага: Мырзакул, Күнчубак, Каракунас, Калмакы, Чогойлочу, Калдыркылчак, Кожо, Таема топтору кирген[2].

Негизги аймактардан тышкары жору уруусунун арым болүктөрү Ысык-Көлдүн Түп жана Ак-Суу райондорунун кээ бир айылдарында компактылуу жашашат. Ошону менен катар эле Ысык-Көлдүн чыгышындагы, Кытайдын Текес аймагында да жору уруулардын топтору кездешкендигин маалымдаган кабарлар бар.

[1] Материалы по изучению родового деления киргиз. КР УИАнын КЖФ. №1663. – С.6-8.

[2] Айтбаев М.Т. Кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндө легендалар. КР УИАнын КЖФ. №4095. – 154

Жорулардын дагы бир тобу Баткен облусундагы ичкилик урууларынын арасына аралашып кеткендигин санжыралык булактар маалымдашат. Жергиликтүү элдердин айткандары боюнча Баткендин Кадам-Жай районундагы Кереге-Таш, Аустам, Кара-Кыштак, Пум, Үч-Коргон, Олагыш, Кара-Дөбө, Разъезд, Марказ кыштактарында 500дөн 800гө чейин кожолук жору урууларынын өкүлдөрү турушат. Алар жалпысынан ичкилик урууларынын говорлорун алышып, жергиликтүүлөрдөн айырмаланышпайт. Бирок өздөрүнүн түпкү теги жана кайсыл жактан келгендиктерин уламыштарга айлантып айтып келишет. Мисалы таскара уругундагы *"ийов"* тобу өздөрүн качандыр бир кездерде тууган издеп, Ысык-Көл тараптан келгендиктерин эскеришет. Алардын лексикалык сөздүгүндө түндүк тараптагы кыргыздардай *"ыя"* деген сөздөн улам ичкиликтер *"ийов"* деп атап алышкан. Эгерде бул маалыматтарга таянсак, анда алар Ысык-Көлдүк теңизбайлардын бир бөлүгү десе болот.

Кадам-Жайда жорулардын таскара, чой, алдаяр, кожояр топтору жашашат. Бул уруулук топтор мекендеген аймакта жору уруусуна байланышкан эпонимдерди камтыган жер-суу аталыштары жолугат. Бул уруктардын көпчүлүгү Кокон хандыгынын доорунда жер көторушкандыгын боолгологон түшүнүктөр арбын.

Мындан тышкары ошол эле Кадам-Жай жана башка райондордогу ичкиликтердин ири уруусунун бири тейиттердин курамындагы уйгур-тейит бутагындагы топтордун бири жору деп аталат. Бул болсо алардын жору уруусунан келип чыккандыгын көргөзөт[1]. Ошол эле уйгур-тейиттин калча, калмак деген топтору жору уруусунун курмында бар, ал эми байке деген топтун аталышы ичкилик говоруна мүнөздүү эмес.

Биз жогоруда сөз кылган маалыматтарда жору уруусунун тарых тараган аймактарын аныктай алдык. Ошону менен катар, алардын негизги аймактан башка жактарга дагы тарагандыгын көрө алдык. Алар негизги массадан бөлүнүп, башка уруулардын курамына аралашып кеткендиги бардык кыргыз урууларынын калыптануу процессине тиешелүү болгондугун аныктай алат.

Колдонулган булактар жана адабияттар:

Абрамзон С. М. Киргизи и их этногенетические и историко-культурные связи.- Б., 1990.

Айтбаев М.Т. Кыргыз элинин чыгышы жөнүндөгү легендалар.// №4095. -47-б.

Абдыш Мамбетиса уулу. Салттуу элдин санжырасы Кыргыз айылы. 1991. №12 .-43-б.

Бала Айылчынын санжырасы // Кыргыз санжырасы. -Бишкек, 1994. -180-б.

Байгаринов М. Кыргыз элинин санжырасы // КР УИАнын кол жазмалар фонду №564. 11-б.

Бернштам А. Источники по истории киргизов в XVII века // Вопр. истории. -1946. -№11-12. -С. 127.

Известия Туркестанского отдела ИРГО.Т.II. Вып. I. - Ташкент, 1900. - С.102.

Кашгария или Восточный Туркестан. Опыть военно-статистического описания. Составитель подполковник генерального штаба Корнилов. - Ташкент, 1903. - С. 233-234.

Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары (Б.з.ч. II к. - XVIII к. Кытай булактарынан үзүндүлөр) 2-том. - Бишкек, 2003. - 112-б.

Материалы, собранные Морозовым О.Д. по истории Кокандского ханства. 1947 // КР УИАнын кол жазмалар фонду. №81. 75-76-б. (түп нускасы: ЦГИА Респ. Уз. Ф.1, оп.1, д.320, л.л.10-11.) Материалы по изучению родового деления киргиз. Список главнейших родовых

[1] Абрамзон С. М. Киргизи и их этногенетические и историко-культурные связи.- Б., 1990- С. 55.

групп киргиз. КАО 1926 г.// Составлен по материалам обследования и прокорректирован опросным порядком стариков и знатоков киргизской истории. Н.С.Ладушев //КР УИАның КЖФ. №1663. - С.9.

Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. -Бишкек, 1993. 1-китеп, -86-87-б.

Супруненко Г.П. Материалы из китайских источников по истории киргизов XVIII - начала XIX вв//КР УИАның кол жазмалар фонду №5187№5187. -С.78.

Усенбаев К. Присоединение Южной Киргизии к России. -Фрунзе, 1960. - С.72.

Усенбаев К.У. Общественно-экономические отношения киргизов. Вторая половина XIX - начало X X в. - Фрунзе, 1980. - С.44; 117.

ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНУН САНЖЫРАСЫН ТАКТАП, КИТЕПТИН КАЙРА БАСЫЛЫШЫН ДАЯРДОО МЕЗГИЛИНДЕГИ ЖОРУ УРУУСУНУН УРПАКТАРЫ МЕНЕН БОЛГОН ЖОЛУГУШУУЛАР БОЮНЧА ФОТОБАЯНДАР





Таема туугандар менен санжыранын жазылышын талкуулоо учурунда



Баткендин Исфайрам боюндагы Жору (Жолжакшы) уруктарынын жашаган аймагы



Баткендин Исфайрам боюндагы Жору туугандар менен жолугушуу учурунда



Баткендин Исфайрам боюндагы Жору туугандар менен жолугушуу учурунда

КЫТАЙДЫН ИЛЕ КАЗАК АВТОНОМ ОБЛУСУНУН АЙМАГЫНДА ЖАШАГАН ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУКТАРЫНЫН 2019-ЖЫЛДЫН АВГУСТ АЙЫНДА ОШ ШААРЫНА КЕЛГЕН ӨКҮЛДӨРҮ ЖӨНҮНДӨГҮ ФОТОБАЯНДАР



Кытайлык Жорунун Тенизбай уруктары Ош шаарында конокто отурган учуру



Кытайлык Жору (Жолжакшы) уруктарынын бир тобу Онтогу боордоштору менен



Кытайлык туугандарга сарпайларды кийгизүү учуру

ЫСЫК-КӨЛДҮК ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНУН ТЕҢИЗБАЙ УРУКТАРЫ ТУУРАЛУУ ФОТОБАЯНДАР













АЧА ТАМГАЛУУ ЖОРУ УРУКТАРЫНЫН МЕКЕНИ
КЫЗЫЛ-СУУ АЙМАГЫ










ЖОРУ УРУУСУНУН ТАСМА, ТЕҢИЗБАЙ УРУКТАРЫ МЕКЕНДЕГЕН КАРА-КУЛЖА ӨРӨӨНҮ



Кара-Кулжа районунун Кулун-Ата көлү







ЖОРУ УРУУСУНУН САНЖЫРАЛЫК МААЛЫМАТТАРЫН ТАКТАП ЖАЗГАН МААЛЫМДООЧУЛАР

Абдраев Кубаныч Зулумбаевич - 1952-жылы туулган. Ача тамгалуу Жору (Жолжакшы) уруусунун Барак тобунан. 1971-ж. Жалал-Абад шаарындагы медициналык окуу жайын бүтүргөн. 1973–2010-жылга чейин Кызыл-Суу айыл аймагында "Жаңы гайрат" фельдшердик-акушердик пунктунун башчысы болуп эмгектенген. Бир нече жолу айылдык Кенештин депутаты болуп шайланып, ак ниет эмгегинин натыйжасында калктын сый-урматына ээ болгон. Санжыранын кайра толукталып басылышында өзүнүн Барак уруктары боюнча толуктоого, талкуулап тактоого активдүү катышты.



Абдраев Кубаныч Зулумбаевич

Айдаралиев Базарбай Бурканбекович 1955-жылы туулган. Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунан. Фрунзе политехникалык институтунун технология факультетин бүтүргөн. 1973–78-жылдары Ош сүт заводунда инженер, өндүрүш жетекчиси, "Ошмясомолпром» бирикмесинде генералдык директордун орун басары, директору, кооперативдин жетекчиси, 1978-жылдан «Алтын-Суу» АКнын башкы инженери. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунун санжырасын тактоодо жылдар бою талыкпай эмгектенди.



Айдаралиев Базарбай

Алимжанов Парайдин Нурдинович - 1950-жылы туулган. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. 1973-жылы Фрунзе финансы-экономикалык техникумун бүткөн. Кара-Кулжа районундагы Ульянов атындагы совхоздун Карагуз айыл өкмөтүндө бухгалтер кызматын аркалаган. СССР Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн коло медалын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргызстан Профсоюздар Федерациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Тасма уругунун санжырасын тактоодо үзүрлүү иштеди.



Алимжанов Парайдин

Алмазбек уулу Нурислам - 1990-жылы Кара-Кулжа районунун Биймырза айылында туулган. Теңизбай уруусунун Биймырза тобунан. Ош соода экономикалык колледжи (2007-2008-жж.), ОшМУнун Бизнес жана Менеджмент факультети, Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу. (2008-2013-жж.) Кара-Кулжа райондук Мамлекеттик администрациясында жетектөөчү адис (2011-2012-жж.), "Ала-Тоо Финанс" ЧКАда Кара-Кулжа району боюнча кредиттик адис. (2012-2013-жж.)"Аудит Эксперт " аудиторлук кызматында аудит боюнча адис (2013-2015-жж.), 2017-жылдан бери Мамлекеттик Салык кызматынын Кара-Кулжа району боюнча башкармалыгында ага инспектору болуп иштеп келүүдө. Апрель 2012-жылы Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын жана июль, 2018-жылы Салык кызматынын кенже инспектору чинин алган.



Алмазбек уулу Нурислам

Теңизбай уругунан чыккан кадырлуу Бердигул бийдин кыбырасы. Санжыралык маалыматтардын толукталып басылышында Теңизбай уруктарынын санжырасын тактоодо активдүү катышты.



Арыков Абдилашим

Арыков Абдилашим - 1952-жылы туулган. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кучкач ургунан. 1972-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун бүтүргөн. 1972-1977-жылдары Алай районунун мектептеринде мугалим, аскер кызматкери, комсомолдун, партиянын Алай райкомунда бөлүм башчы, 1979-1982-жылдары маданият бөлүмүнүн башчысы, 1985–1998-жылдары мектептин директору болуп иштеген. Жору уруусунун Алай өрөөнүндөгү санжырасын тактоодо баштан-аяк катышкан.



Арынов Абдимажит

Арынов Абдимажит - Ош областынын Кара-Суу районундагы Кызыл-Суу айылында 10.05.1944-ж.т. Ача тамгалуу Жорунун Барак ургунан. Ош ш. Улуу Октябрь Револ. 25-жылдыгы атындагы орто мектепте-1963-ж. аякт. Оштогу курулуш техникумун-1965-ж.аяктаган. КМУнун экономика факультетин - 1970-ж.окуп, экономист кесибине ээ болгон. Кара-Суу районунда соода тармагында - 1970-1973-жж. Кара-Суу районунун «Коммунизм» колхозунда склад башчысы, бухгалтер-экономист, финансы бөлүмүнүн башчысы - 1974-1990-жж. Ош областынын айыл-чарба башкармалыгында ага ревизор, салык инспектору, эксперт, ревизор - 1990-2001-жж. Кара-Суу районунда салык инспектору, сектор башчысы - 2001-2008-жж. Коомдук ишмер, көптөгөн жолу Жергиликтүү Кеңештин депутаты болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын Салык кызматында үзүрлүү иштегендиги үчүн КРнын «Салык кызматынын Мыктысы» наамын алууга татыктуу болгон (2004-ж). Бир нече жолу Облустук, райондук жетекчиликтин Ардак грамоталары менен сыйланган. Барак тобунун санжырасын азыркы Өзбекстан аймагында мурда жашаган Жорулардын тарыхын изилдөө иштеринде үзүрлүү иштеди. Санжыранын кайра басылышында Барак уругунун санжырасын кайрадан тактоодо активдүү катышты.



Атамбиев Мамасали

Атамбиев Мамасали - 1946-ж. 29-ноябрда Ош районунун Кербен - Кол айылында туулган. Орто мектепти -1965-ж. аяктаган Аскер кызматында- 1965-1968-жж. Соода кызматында 1969-1972-жж., мектепте-1972-1981-жж. Отуз адыр айыл окмотүндө чарбалык кызматтарда иштеп, эс алууга чыккан. Ай тамгалуу Жорунун Коңур уулу уругунун санжыралык маалыматтарын топтоо жана китептин кайра басылышында активдүү катышуу менен 2008-жылдан 2017-жылга чейин үзүрлүү иштеген.



Ашимов Расулмат Мамытович

Ашимов Расулмат Мамытович - 1959-жылы Өзгөн районунун Кызыл-Сеңир айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Кожо тобунан. Өзгөн районунун Кысык-Алма мектебинде мугалим, Өзгөн районундагы айылдык кесиптик-техникалык окуу жайында мугалим, тарбиячы, 1983-2003-ж. Ош шаарындагы Б. Алыкулов атындагы мектепте мугалим болуп иштеген. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунун жалпы санжырасын тактоодо бир нече жыл талыкпай иштеп, маанилүү маалыматтарды топтоду.



Аширбаев Женишбек

Аширбаев Женишбек Абдиманапович - 1968-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бооке (Чайчы) тобунан. 2003-жылы ОшМУнун журналистика факультетин бүткөн. Кыргыз Республикасынын ИИМинин Ош облустук башкы башкармалыгында басма сөз кызматынын начальниги. Кыргызстан Журналисттер союзунун мүчөсү. «Мезгил сынагынан өткөн милиция» аттуу документалдуу китебинин автору. Жорулардын санжырасы, баатырлар, мүнүшкөрлөр жөнүндө баалуу маалыматтарды тактап, ушул китепке жардам берди.



Бектемиров Абдимитал

Бектемиров Абдимитал Дарванович - 10-март 1953-жылы Өзгөн районунун Тогуз-Булак айылында туулган. Ача тамгалуу Жору уруусунун Элчибек ургунан. 1987-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун бүткөн. 1974–17-ж. мугалим болуп иштеген. Санжыраны жазууда Элчибек ургунун Алай, Кара-Суу районунда, Өзбекстанда жашагандарынын, Жору уруусунун туусунун таржымалдарын жазууда жардам берди.



Бейшебаев Абийбулла

Бейшебаев Абийбулла - 1951-жылы Кара-Суу районунун, Шарк айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Кучкач уулу тобунан. 1984-жылы Жалал-Абад шаарында зооветеринардык техникумун бүтүргөн. 1975-2000-ж. Кара-Суу районунун Калинин атындагы колхозунда чарбалык кызматтарда иштеген. Жалпы Жорунун санжырасын тактоодо жигердүү эмгектенди.



Жолдошев Абдисатар

Жолдошев Абдисатар (Момунтай) - 1942-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бейшеке (Горок) ургунан. Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайын 1964-ж. аяктаган. Ошол жылдардан 1980-жылга чейин райондун аймагындагы орто мектептеринде мугалим болуп иштеген. 1980-1990-жылдарда Кара-Суу районунун «Учкун» совхозунун директорунун орун басары болуп иштеди. «Кыргыз Республикасынын Эл агартуусунун Мыктысы» - (2003-ж.). 2014-2015-жж. - Ош шаарынын Аксакалдарынын «Данышмандар наркы» Кеңешинин төрагасы. Коомдук иштердин активдүү катышуучусу. Областык, райондук жетекчиликтин мактоо барактарын алууга татыктуу болгон. Санжыранын кайра басылышында Жору уруусунун Баткен облусундагы уруктарын тактоодо активдүү катышты.



Жылкыбаев Жоомарт

Жылкыбаев Жоомарт Жумаевич - 12.06.1961-жылы Ак-Суу районунун Чолпон айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунун Жалаңтөш (Дөөлөтбай) тобунан. К. И. Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтун бүткөн. 1980–2016-ж. Ак-Суу районундагы "Каракол" совхозунда инженер-механик, комсомолдук кызматтарда, Ак-Суу Мамлекеттик атайын чарбада автогараж башчысы, Кант районунун ПМКсында башкы механик, Кыргыз агроснабдын коммерция борборунда башкы механик, Чүй облустук суу чарбасынын механика-унаа кызматы-

ның отрядынын жетекчиси, Каракол шаарындагы №2 лицейинин директорунун орун басары, Ысык-Көл облустук Ак-Суу райондук «Токчулук» фермердик дыйкан чарбасынын негиздөөчүсү, 2016-жылдан Ысык-Көл жогорку чыңалуудагы электр тармактар ишканасында иштейт. Ушул "Жору (Жолжакшынын) санжырасынын Ысык-Көлдүн Түп, Ак-Суу, Жети-Өгүз райондорундагы Жору тукумдарын (Теңизбай) изилдөөдө баштан аягына чейин активдүү катышып, ишенимдүү тарыхый, этнографиялык материалды топтоп тапшырды. Китепке Ж. Ж. Жылкыбаевдин изилдөөсүнүн негизинде киргизилди.


Жумаев Эрмат Жумаевич

Жумаев Эрмат Жумаевич - 19.10.1991-жылы Ак-Суу районунун Чолпон айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунун Жалаңтөш (Дөөлөтбай) тобунан. И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин алдындагы У.Асаналиев атындагы Тоо кен иштери жана технологиясы институтун бүткөн. 2012-2013-жж. Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун "Токчулук" дыйкан чарбасынын мүчөсү, 2013-жылдан дыйкан чарбасынын башчысы, 2018-2019-жж. К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде техникалык кооперативдик коопсуздук, эмгекти коргоо бөлүмүндө жетектөөчү адис, 2019-жылдан Каракол шаарынын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу ишканасынын жетекчиси. Каракол шаардык Кеңешинин депутаты. Жору (Жолжакшы) санжырасынын кайра басылып чыгарылышында Жорунун Ысык-Көлдөгү Теңизбай уруктарынын санжырасын аныктоодо жана жазууда башынан аягына чейин активдүү катышты.

Жумашев Султан - 1925-жылы Кара-Суу районунун Талдык айылында туулуп, 1998-жылы каза болгон. Ай тамгалуу Жорунун Коңур уулу тобунан. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун тарых факультетин бүткөн. Кара-Суу районунун Н. К Крупская атындагы орто мектебинде тарых мугалими болуп иштеген. «Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги». Ай тамгалуу Жорунун Кожо уулунун санжырасын атайын изилдеп, кагазга жазып, уулдарына таштап кеткен. Китепти кайра басып чыгарууда ушул дептерди пайдаландык *(Дептер анын уулунан алынды).*


Ийрекбаев Турдубай

Ийрекбаев Турдубай Абытович - 1955-жылы Кара-Суу району, Кызыл-Абад айылында туулган. Ай тамгамгалуу Жорунун Мурзакул уругунан. 1980-жылы Автожол техникумун, 1996-жылы ОшТУнун инженер-электрик факультетин бүтүргөн. 2014-жылы «Кыргыз Республикасынын Муниципалдык кызматтын мыктысы» төш белгисин алган. Ай тамгалуу Жорунун Мурзакул уругунун санжыралык маалыматтарын жерге жайланышуу тарыхтарын тактоодо көптөгөн такталган маалыматтарды топтоого жетишти.


Илгелдиев Абдрахман

Илгелдиев Абдрахман - 1954-жылы Араван районунун Мангыт айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Бешабышка уругунан. 1980-ж. Фрунзе политехникалык институтун бүткөн. 1980-1987-жж. Оштогу Түштүк ПМКда мастер, 1987-2003-жж. Өзгөн ХЭУсунун башчысы, 2005-2010-жж. Араван районунун Мангыт айыл өкмөтүнүн башчысы, 2010-жылдан Ош облустук жайыт департаментинин башкы адиси. Ача тамгалуу Жорунун Бешабышка уруусунун Араван районунун тукумдарынын санжырасын баяндоону тактоодо активдүү катышты.

Исмаилов Оролбай -1935-жылы Өзгөн районунун Кучкач уулу айылында туулган. Кара-Суу районунун Миялы айылында 35 жыл мугалим болуп иштеп, анын ичинен 23 жыл мектеп директору кызматын аткарган. «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы». Ача тамгалуу Жорунун Кучкач тобунун санжырасын, Жорулардын мурдагы жашаган жерлериндеги маалыматтарды тактоо иштеринде активдүү катышты.


Исмаилов Оролбай

Исманалиев Мамасыдык - 1940-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Элчибек уругунан. 1965-жылы Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын бүткөн. Эл агартуу тармагында иштеген. «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы». Ача тамгалуу Жорунун маалыматтарын топтоодо активдүү катышкан. Айрыкча Полот хан (Искак) тууралуу маалыматтарды тактоодо зор иштерди аткарды.


Исманалиев Мамасыдык

Ишеналиев Абдыкалык Нурмаматович 1962-жылы Кара-Кулжа районунун Жетим-Дөбө кыштагында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Тасма уругунан. Оштогу технологиялык техникумду бүткөн соң, бухгалтердик кесипти аркалаган. Тасма уруктарынын санжырасын тактоодо активдүү катышкан.


Ишеналиев Абдыкалык

Каденов Токтомамат - 1958-ж. Карагуз айылында туулган. Тасма уругунун Жарашынын Тыныбек тобунан. Фрунзе финансы-экономикалык техникумду бүткөн. 1980-2015-жж. совхоздо жумушчу, бухгалтер, зоотехник, бөлүм башкаруучу, айыл өкмөт башчысынын орун басары кызматтарын аткарган. Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасын тактоо мезгилинде бир нече жыл талыкпай иштеп, айрыкча Тасма уругунун санжырасын тактоодо чоң иш жасаган. Айыл чарба министрлигинин «Кыргыз Республикасынын айыл чарба кызматынын мыктысы» наамынын ээси. Ал таланттуу акын катары «Атамдын аты менен сыймыктанам» аттуу ырлар жыйнагынын автору (2018-ж.). Биздин санжыранын кайра басылышын даярдоо иштеринде башынан аягына чейин активдүү катышты.


Каденов Токтомамат

Кадыров Жеңиш - 1943-жылы Куршаб районунун Кызыл-Сеңир айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 1960-1965-жж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтун бүткөн. 47 жыл мугалимдик кесипте үзүрлүү эмгектенген. «Жору (Жолжакшы) санжырасын жазууда Ай тамгалуу Жору уругунун Калдыр-кыпчак тобунун маалыматын топтоодо жакшы иштерди аткарды.


Кадыров Жеңиш


Капаров Байыш

Капаров Байыш - 1941-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Кадырали уругунан. 1963-ж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтун бүткөн. Узак жылдар бою Кара-Суу районундагы мектепте мугалим, директорлук кызматтарды аткарган. Ардагер мугалим, «Кыргыз ССР Эл агартуу отличниги». Өзүнүн уругунун санжыралык баяндоолорун тактоо, иликтөө иштеринде бир нече жылдар бою аянбай иштеди. Мындан тышкары Элчибек уруусунун санжырасын кайра тактоодо активдүү катышып, көптөгөн талаш маалыматтарды тактоодо баа жеткис салымын кошту.


Качыбеков Ысакбек Зулпукарович

Качыбеков Ысакбек Зулпукарович - 1985-жылы Кара-Кулжа районунун Алайку айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунан. 2008-ж. Ош технологиялык университетин бүткөн. 2010-2014-ж. Ош облустук мамлекеттик администрациясында тышкы экономикалык байланыштар комитетинде референт, 2014-2015-жж. бухгалтер, 2015-жылдан укук тартип, өзгөчө кырдаалдар болүмдөрүнүн башкы адиси. «Мамлекеттик кызматтын 2-класстагы инспектору». «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыктысы» төш белгисинин ээси. Ушул санжыранын кайра басылышында Алайку аймагындагы Жору (Жолжакшы) тукумдарынын санжыралык маалыматтарын тактоодо активдүү катышып, өзүнүн чоң салымын кошту.


Кеңешов Маматзунду

Кеңешов Маматзунду (Зулумбай) - 1927-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Кадыралы уругунан. 1951-1990-жж. мектепте мугалим, мектеп жетекчиси болуп иштеген. «Эмгек ардагери» медалынын ээси. Санжыраны тактоо маселелеринде эң алгачкы колдоочу болду, топтогон маалыматтарын схемага салып тактап берди.


Маматов Зарип

Маматов Зарип - 1934-жылы Араван районунун Мангыт айылында туулуп, 2014-жылы каза болгон. Ача тамгалуу Жорунун Бешабышка уругунан. Айыл чарбасында кызмат кылган. Коомдук иштерге активдүү катышуу менен өзүнүн айылында кадыр-баркка ээ болгон. Ача тамгалуу Жору уруктарынын Араван районундагы Мангыт айылында жашаган Бешабышка уругунун санжырасын тактап, түзүүдө активдүү катышкан.


Маматов Мурзапаша

Маматов Мурзапаша - 1945-жылы Баткен обл. Кадамжай районунун Чаувай шаарчасында туулган. Жорунун Баткен облусунун урпагы. 1963-ж. орто мектепти аяктаган. 1995-ж. Кызыл-Кыядагы Тоо кен окуу жайын бүткөн. 1970-1974-жж. мугалим, 1974-1979-жж. Кызыл-Кыянын Комсомольский шахтасында оператор, 1979-1990-жж. Теле берүү борборунда оператор, 1990-жылдан дыйкан чарбасынын башчысы. Өзү жашаган Кадамжай районунун Кереге-Таш айылынын тоолуу шартында «Ак-Корум» Кереге-Таш каналынын техникалык долбоорун иштеп чыгып, жердештери менен каналды курууга жетишкен. Натыйжада 40 гектар жерге суу чыгарылып, жалпы калкка берилди. Бул уникалдууу иштери кыргыз телеберүүлорүнүн,

радиодон берилди. «Данк» медалы менен сыйланды. Чет элдик (кореялык) спонсорлор булканалдын долбоорун «Инженердик искусствонун жогорку үлгүсү болду» деп баалашкан.


Мамытов Токтобек

Мамытов Токтобек (Таштанды) - 1944-жылы Ак-Суу районунун Чолпон айылында туулган. Ай тамгалуу Жору (Жолжакшы) уруусунун Теңизбай уругунун Жалаңтөш тобунан. 1971–98-ж. Кыргыз Республикасынын ИИМинин жаза аткаруу тармактарында иштеген. 2000-жылдан баштап Ысык-Көлдөгү Ай тамгалуу Жорунун (Жолжакшы) санжырасын изилдөөдө.


Матиев Таалайбек Абдираимович

Матиев Таалайбек Абдираимович - 1958-жылы Кара-Суу районунун Элчибек айылында туулган. Ача тамгалуу Жору (Жолжакшы) уруусунун Элчибек уругунан. Ош шаарындагы соода техникумун бүткөн. 1979–1990-жж. Кара-Суу районунун «Учкун» совхозунда эмгектенген. Азыркы учурда жеке ишкер. Жорунун санжырасынын экинчи басылышында тактоо жана талкуулоо иштеринде активдүү катышты. Айрыкча «Элчибек» уругунун санжырасын Өзбекстанда, Алай, Өзгөн, Кара-Суу райондорунда кайра изилдеп, тактоо иштеринде өз каражатынын эсебинен талыкпай эмгектенип, санжыранын кайра толукталып басылышында чоң салым кошту.


МокеевУланбек Мамасалиевич

Мокеев Уланбек Мамасалиевич - 1977-жылы Совет районунун Сары-Булак айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругунан. 1994-2000-жылы Ош шаарындагы технологиялык университетинин финансы жана экономика факультетин, 2000-2005-жылдары Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетин аяктаган. 2000-2005-жылдарда «Аракет» өндүрүштүк бирикмесинин башчысы. 2006-2016-жылдарда Ош, Баткен облустарынын адвокаттар коллегиясында адвокат. 2013-жылдан Республикалык Рыспай Абдыкадыров атындагы фонддун аткаруучу директору. 2013-жылы Р.Абдыкадыровдун үй-музейин ачып, жетектеп келет. 2016-жылдан ушул күнгө чейин КРнын Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын уюштуруу иштери инспектордук-контролдоо бөлүмүндө кызматкер. Теңизбай уругунун санжыралык маалыматтарын топтоодо активдүү катышты.


Мырзабеков Калыбай

Мырзабеков Калыбай - 1947-ж. Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. «Кыргыз ССР Эл агартуу отличниги», ардагер мугалим. Ача Тамгалуу Жорунун Жакып уулу уругунан. Жору уруусунун генеалогиялык схемасын Жорунун башынан өткөн тарых таржымалдарын, эн тамгалары менен тууларын тактоодо эске тутуу жөндөмдүүлүгүнүн жакшы экендигинен атасы, чоң аталарынан укандарын системага салуу менен көптөгөн тактоо жана талкуу иштерине катышты. Айрыкча жалпы Жору (Жолжакшы) уруусунун генеалогиялык схемасын тактоо иштеринде негизги иштерди аткарды.



Нуркамилов Эмилбай

Нуркамилов Эмилбай - 1948-жылы Алай районунун Сөгөт кыштагында туулган. Ача тамгалуу жорунун Элчибек уругунан. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун тарых факультетин, КМУнун тарых факультетин бүткөн. 1970-1976-жж. Алай районунун Токтогул атындагы орто мектебинде тарых мугалими, 1976-2008-жж. Алай районунун Маданият, Нура айылдарында А. Безценный атындагы орто мектебинде мугалим, директордун окуу иштери боюнча орун басары, директор болуп иштеген. «Кыргыз ССР Эл агартуу отличниги» төш белгисинин ээси. Алай районундагы Жору тукумдарынын санжыралык маалыматтарын тактоодо активдүү катышты.



Нурматова Айша

Нурматова Айша - 1920-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Жалпы Жорунун санжырасын жазууну баштоонун демилгечиси, насаатчысы. Өзүнүн зүрөк акылы, эске тутуусу менен зор маанилүү санжыралык маалыматтарды берди. Айрыкча Жорунун туусу, эн тамгалары тууралуу жакшы маалыматтарды айтып берди. Санжыранын экинчи кайра басылышында өзүнүн 100 жашта экенине карабастан, көптөгөн талаш, так эмес маселелерди чечүүдө активдүү катышты.



Нышанбаев Муратбек Сантбекович

НЫШАНБАЕВ Муратбек Саитбекович - 22.04.1975-ж. Кара-Суу рай. Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жору уруусунун Кадрали уругунан. 1992-ж. Кара-Суу районунун «Эркин-Тоо» орто мектебин аяктаган. 1993-1999-жылдарда ОшТУнун инженердик курулуш факультетин бүткөн. 1995-жылдан Кызыл-Суу айыл өкмөтүндөгү «Акпор» дыйкан чарбасынын мүчөсү, 2010-2013-жылдары Кара-Суу райондук социалдык коргоо башкармасынын адиси, 2015-жылдан азыркыга чейин Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы. Санжыранын кайра толукталып басылышында Ача Тамгалуу Жору уруусунун Кадрали уругунун Алайку, Кара-Суу аймактарындагы тукумдарынын санжырасын тактоодо активдүү катышты.



Отунчиев Акылбек Тапыкович

Отунчиев Акылбек Тапыкович 1967-жылы Алай районунун Сопу-Коргон айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Элчибек уругунан. 1991-ж. Россиянын Кострома шаарындагы технологиялык институтун, 2001-ж. КМУну бүткөн. 1984-жылдан Гүлчө айылында №67 айылдык кесипчилик-техникалык окуу жайында тракторист-машинист, «Кыргызсельхозтехника» бирикмесинде слесарь, Алай райондук жер комитетинде башкы адис, Алай райондук мамлекеттик администрациясында башкы адис, «РСК» банк ААКтын Кара-Суу, Ош шаардык филиалдарында директор болуп иштеген. Санжыранын ушул кайра толукталып басылышында Алай районунун аймагындагы Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасын тактоодо активдүү катышты.



Өмүрзаков Эргеш

Өмүрзаков Эргеш 1929-ж. Өзгөн районунун Кочкор-Ата айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 1951-ж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтун бүтүргөн. 1951-жылдан Куршаб районунун Коммунизм орто мектебинде мугалим, райондук эл агартуу бөлүмүндө инспектор, Кызыл-Сеңир орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. «Кыргыз ССР Эл агартуу отличниги».

Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунун санжырасын кайра карап чыгууда, китептин экинчи толукталып басылышында көптөгөн тактоолорду берип, жардамдашты.



Парпиев Марс Ташполотович

Парпиев Марс Ташполотович 1988-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Бооке уругунун Чайчы тобунан. Ош мамлекеттик университетти бүтүргөн соң, ошол эле окуу жайында окутуучу, 2018-жылдан факультеттин деканынын орун басары. Ушул китептин кайра басылышында Жору уруусунан чыккан спортсмендеринин маалыматтарын толук топтогонго жардам берди.



Сагынбаев Рысбай Аданович

Сагынбаев Рысбай Аданович 1959-жылы Кара-Суу районунун "Жар-Ооз" айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Ийрек (Эши) тобунан. 1882-ж. Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын бүткөн. 1882-1998-жж. Кара-Суу районунун С.Жусуев атындагы орто мектепте мугалим, 1998-жылдан дыйкан чарбанын башчысы. Санжыранын кайра басылышында Ийрек туугандар бөлүгүндө жылдар бою тактоо иштеринде активдүү катышты.



Салиев Абдикарим

Салиев Абдикарим 1948-жылы Куршаб районунун Кызыл-Сеңир айылында туулган. 1972-ж. Фрунзе политехникалык институтун бүткөн соң, Өзгөн райондук мал чарба станциясында иштеген. 1980-жылдан бери Ай тамгалуу Жору уруусунун санжыралык материалдарын топтолып, китептин тиешелүү бөлүгүн түзүүдө активдүү катышты.



Сыдыков Нематжан

Сыдыков Нематжан -1954-ж. Куршаб районунун Бешабышка айылында туулган. Ача тамгалуу Жору уруусунун Бешабышка уругунан. 1971-ж. Кара-Суу районунун Жаңы-Арык орто мектебин аяктаган. 1971-1976-жылдары Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых факультетин бүткөн. 1995-2009-жылга чейин Ош областык Бажы кызматында инспектор кызматында иштеген. 2009-жылдан азыркыга чейин Ош мамлекеттик юридикалык институтта ага окутуучу болуп иштеп жатат. Жору уруусунун санжырасын тактоодо активдүү катышкан.



Тажибаев Кочкор

Тажибаев Кочкор 1948-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Бейшеке (Горок) уругунан. Комсомолдук, советтик жана чарбалык иштерде иштеген. Райондук жана жергиликтүү кеңештердин депутаты. Ача тамгалуу Жорунун санжыралык маалыматтарын топтоодо активдүү катышкан.



Темирбаев Нурали Акбаралиевич

Темирбаев Нурали Акбаралиевич 1961-жылы Өзгөн районунун Кара-Таш айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Ийрек уругунан. 1985-ж. Жалал-Абад шаарындагы кооператив техникумун бүткөн. 1985–1995-ж. Кара-Суу районунун Отуз-Адыр жумушчулар соода кооперативинде сатуучу, 1995–2003-ж. Кара-Суу пахта заводунда, дыйкан чарбасында иштеген. Ача тамгалуу Жорунун Ийрек (Эши) уругунун санжырасын кайра тактоодо жылдар бою аракет жасап, жакындан жардам берди.



Тойчубеков Кудайберди Жолдошевич

Тойчубеков Кудайберди Жолдошевич 1949-ж. Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылында туулган. Ай тамгалуу Жору (Жолжакшынын) Кожо уругунун Мурзакул тобунан. Салык кызматынын 3 рангдагы советниги. 1968-ж. Оштогу айыл чарба техникумун, 1980-ж. КМУнун экономика факультетин бүткөн. 1968-1986-жж. Кара-Суу районунун «Кыргызстан» совхозунда бригадир, комсомол комитетинин секретары, комсомолдук Кара-Суу райкомунун инструктору, совхоздун экономисти, башкы бухгалтери, 1986-1990-жж. "Учкун" совхозунун парткомунун секретары, 1990-1995-жж. «Кыргызстан» совхозунда башкы бухгалтер, 1995-2014-жж. Кара-Суу мамлекеттик салык инспекциясынын улук инспектору, башкы инспектору, бөлүм башчы, 2014-жылдан Кара-Суу шаарында Кара-Суу айыл чарба техника ААКта башкы бухгалтер. Санжыранын кайра басылышында Кожо уругунун санжыралык маалыматтарын тактоодо активдүү катышты.



Тороканов Абдыкадыр

Тороканов Абдыкадыр - 1934-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулуп, 2012-жылы ошол жерде каза болгон. Тарыхчы, коомдук ишмер. Узак жылдар бою мамлекеттик чарбалык иштерде эл агартуу системасында иштеген. Ача тамгалуу Жорунун Бооке (Чайчы) уругунан. Ача Тамгалуу Жорунун санжырасын тактоодо талыкпай иштеп, баалуу материалдарды топтоо менен өздүк архивин Жору санжырасына кошкон.



Тороканов Токтомамат

Тороканов Токтомамат - 1950-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Кучкач уулу уругунан. 1972–1995-ж. колхоз-совхоздордо чабандык иште иштеген. "Ардак Белгиси " орденинин жана медалдардын ээси. Эки жолу Кара-Суу райондук Советинин, Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Советинин бир нече жолку депутаты болуп шайланган. Жору (Жолжакшынын) санжырасынын ушул кайра басылышында Ача тамгалуу жорунун Кучкач уулу уругун тактоо, толуктоо иштеринде активдүү катышты.

Турганбаев Жапар - 1955-жылы Кара-Кулжа районунун Тоготой айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун (Жолжакшы) Теңизбай уругунун Жалантош тобунан. Теңизбайдагы айтылуу Токтор бийдин тукумунан. 1977-ж. Ош мамлекеттик пединститутунун математика факультетин бүткөн. Кара-Кулжа районунун «Кашка-Жол», «Жийде» орто мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, мектептин директору кызматтарында иштеген. «Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги», Кыргыз Республикасынын «Ардактуу аксакалы» наамынын ээси. Санжыра изилдөөчү жана «Тоготой билим жана кайрымдуулук» фондунун төрагасы. Көптөгөн кайрымдуулук иштерди уюштуруп, өзү жашаган айылда билим берүү, социалдык жактан калктын шартын жогорулатуу иштеринде активдүү катышып келүүдө. Ушул санжыра боюнча китептин толукталып басылышында башынан аягына чейин активдүү катышып, көптөгөн толуктоолорду, тактоолорду киргизди.



Турганбаев Жапар

Турдубеков Гуламидин 1951-жылы туулган. Ай тамгалуу Жорунун Коңур уулу уругунан. Кой чарбасында иштеген. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунун Коңур тобун китептин кайра басылышында тактоодо активдүү катышып, өзүнүн эске тутуусунун жакшы экендигин көрсөттү.



Турдубаев Гуламидин

Турдубеков Таштемир - 1942-жылы туулган. Ача тамгалуу Жорунун Жакып уулу уругунан. Узак жылдар бою педагогикалык кесипти аркалаган. Ача Жорунун Жакып уулу уругун анын ичинен Сагындык уулу тобунун санжыралык маалыматтарын топтоодо жакшы жардам берген. Уруулаш акындар, эл бийлери тууралуу маалыматтарды такташты.



Турдубеков Таштемир

Шеров Абдулкайым - 1950-ж. Кара-Суу шаарында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 1973-1982-жж. Кара-Суу шаарында пахта тазалоочу заводдо, 1982-1995-жж. Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылында тамеки ферментациялоочу заводдо иштеген. Жалпы Жорунун санжыралык материалдарын топтоочулардын эң алгачкысы. Атасы Жорудан чыккан дин аалымы Капаров Шермат казынын XX кылымдын башынан бери топтоп жазып калтырган Жорунун санжыралык маалыматтарын толугу менен сактап, ушул китептин жаралышында чоң салым кошкон.



Шеров Абдулкайым

Шүкүров Батырбек - 1955-жылы Өзгөн районунун Кызыл-Сеңир айылында туулган. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунан. 1976-ж. Өзбекстандын Самарканд кооперативдик институтун бүткөн. 1976-1977-жж. Ысык-Көл ОПСинин эсеп- инструктору, 1979-1999-жж. Өзгөн районунун Куршаб жумушчу кооперативинде бухгалтер, башкы бухгалтер, 1996-1999-жж. Куршаб керек-жарак коомунун башкармасынын төрагасы, 1999-2000-жж. Ош облустук керектөөчүлөр союзунун ревизору болуп иштеген. Ай тамгалуу Жорунун Кожо уругунун санжыралык маалыматтарын кайрадан тактоодо активдүү катышты.



Шүкүров Батырбек



Ысаков Абдирашит Жаанбаевич

Ысаков Абдирашит Жаанбаевич - 1961-жылы Кара-Кулжа районунун Тоготой айылында туулган. 1984-ж. Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун стоматологиялык факультетин бүткөн. 1984-2004-жж. Ош облустук стоматологиялык поликлиникасында врач-стоматолог, Ош шаарындагы №1 стоматологиялык поликлиникасында башкы дарыгердин орун басары, Ош шаарындагы №2 стоматологиялык поликлиникасында башкы дарыгер, 2004-2007-жж. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздоо фондунун Ош облусу жана Ош шаары боюнча аймактык башкармалыктын директорунун медициналык-усулдук иштери боюнча биринчи орун басары, 2007-2012-жж. Ош облустук мамлекеттик администрациясында социалдык өнүгүү жана саламаттык сактоо бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, 2012-2017-жж. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош облустук ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында Социалдык мониторинг жана өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы, 2017-жылдан Ош медициналык колледжинин директору. «Жашоо - тумарым, ырлар - кумарым» (2011-ж.), «Дил тааным» (2016-ж.) аттуу ырлар жыйнагынын автору. А Ысаковдун "Туулган жер", "Элүү жаш", "Адашкан сүйүү" аттуу ырларына обондор жазылган. "Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоосунун ардактуу кызматкери" төш белгиси, "Эл сүйгөн жетекчи" төш белгилеринин ээси. Мамлекеттик кызматтын III класстагы инспектору даражасына ээ. Жору (Жолжакшынын) санжыра китебин Теңизбай уруктарын тактоодо активдүү иштеп, жардам берди.



Ысмайылов Эгемберди Эргешович

Ысмайылов Эгемберди (Кочкорбай) Эргешович - 1965-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Чайчи уругунан. 1988-ж. Россиянын Саратов шаарынан Индустриялык-педагогикалык техникумун бүткөн. Жору (Жолжакшынын) санжырасын изилдөө, китептерди басмаканадан чыгаруу мезгилинде финансылык жактан камсыздоо маселесин чечүүдө өзүнүн жеке каражаттарынын эсебинен олуттуу жардам берди. Китеп чыкпай калуу коркунучу учурунда финансылык жардамы менен китептин биринчи басылышынын жарык көрүү маселесин чечти.



Эргешов Лунсбек Турдумаматович

Эргешов Лунсбек Турдумаматович - 1977-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жорунун Боокө (Чайчи уругунан). 1999-ж. Кыргыз мамлекеттик университетинин физика-техникалык факультетин бүткөн. 1999-2002-жж. Ош мамлекеттик университетинде инженер, 2002-2011-жж. жеке ишкер, 2011-жылдан ЖАК «Альфа Телеком» (Мегаком) компаниясында келишимдер боюнча адис. Ушул «Жору (Жолжакшы) уруусунун китебин башынан баштап, аягына чейин компьютерге басуу, сүрөттөрдү, графикаларды киргизүү иштерин аткарды. Китептин экинчи жолу кайра толукталып басылышы, дизайнерлик иштер толугу менен Л.Т. Эргешовдун жетекчилигинде ишке ашырылды.

ЖОРУ УРУУСУНУН ЖАЛПЫ САНЖЫРАСЫН ИЗИЛДӨӨ БОЮНЧА КОРУТУНДУ

1. (Жору) Жолжакшы уруусунун, кала берсе Адигинеин санжыралык маалыматтары бүгүнкү күндөгү Кыргыз Улуттук илимдер академиясындагы тарых жана этнографиялык институтундагы кол жазмалар фондунда, мурдатан белгилүү болгон бардык тарыхый жана илимий маалыматтарды камтыган кабарларда, китептерде эң эле аз маалымат бар экендиги ушул изилдөөнүн жүрүшүндө маалым болду. Бул боюнча профессор С. Аттокуров «Адигине уруусунун генеалогиясы санжырада өтө кичине орун алган. Жазма адабияттарда да анчалык чоң көңүл бурулган эмес» - деп жазган (С. Аттокуров. көрсөтүлгөн китеп, 67-бет).

Бул китепте баштан аягына чейин Жору (Жолжакшы) - деп кошо жазуу менен кошулду. Себеби С. М. Абрамзон, С. Аттокуров ж. б окумуштуу санжырачылардын жогоруда аталган илимий китептеринде Адигинеин генеалогиялык схемасында Жолжакшы - деп берилген. Мындан тышкары азыркы мезгилде жазылып жаткан кыргыз санжырасы боюнча китептерде Адигинеин бир баласы Жолжакшы - деп жазылып келүүдө. Ал эми жалпы Жору уруусунун тукумдары өздөрүн «Жору уруусубуз» - деп аташат. Кээде «эмнеге Жолжакшы, биз Жору уруусубуз го!» - деп доомат койгондору да жолугат. Изилдөөдө таталгандай Жору менен Жолжакшы бир эле Адигинеин ичиндеги көп сандуу уруу, сыягы Жору аталышы кийинки мезгилдеги урпактарына кеңири тарап биротоло кулакка, жүрөктөрүнө сиңип калгандай. Ошондуктан Жору менен Жолжакшы аталыштар бир эле бөлүнгүс маанини түшүндүрөөрүнө кепилдик беребиз.

2. Буга чейинки мезгилде Жору (Жолжакшы) уруусунун жазуу түрүндөгү генеалогиялык схемасы толук түрдө жазылбаптыр, жазылса дагы биздин колубузга тийбеди. Жогоруда белгиленгендей ар түрдүү авторлор ар башка вариантта жазышып, жалпы Жору уруусунда урпактарына айтылып келгендегиси бузулган, башка уруктар менен аралашып кеткен же көпчүлүк Жору уруктары чачкын жайланышканына байланыштуу кошулуп жазылбай калган. Алгачкы жолу Жору (Жолжакшы) уруусунун өз алдынча санжырасы болуп жазылуу менен генеалогиялык схемасы бүгүнкү күндөгү эл арасында сакталган маалыматтардын, жазма булактардын негизинде тактолду, жалпы кыргыз санжырасына сунушталды.

Бирок Жору уруусунун генеалогиялык схемасын тактоо аягына чыккан жок. Талаш селелер бар. Айрыкча Ача тамгалуу Жорунун Элчибек, Галча, Кадасын уруктары сыяктуу Ача тамгалуу Жорулардын ички туугандык байланыштарын келечекте кайра кароо максатка ылайыктуу. Себеби азыркы биздин колдо болгон маалыматтар, уруктардын өкүлдөрүнүн арасындагы талкуулоо ынанаарлык жыйынтык бербеди. Ич ара ар бир өкүл өздөрүнүн вариантарын сунушташты, авторлордон бизди ынандырарлык маалыматтар болбогондуктан кээде ар бир варианттарын жазууга мажбур болдук. Бул жаңы толукталып басуу китебине Жору (Жолжакшы) уруусунун генеалогиялык схемасы кайрадан толук изилденип, алымча кошумчалар менен тактылып толукталды.Айрыкча Ача тамгалуу Жорунун Элчибек тукум-

дарына изилдөөдөн кийин Галча, Кадаксын уруктары киргизилди. Схема толукталып, талуу менен башкадан түзүлдү.

3. Санжыралык маалыматтарды топтоодо маалымдоочулардын маалыматтарын негиз кылып алуу менен, айрым жерлерде кошумча автордук байкоолорду, ойлорду өзүнчө ментарийлеп берүүгө аракеттендик. Чынында санжыралык маалыматтарды берүүчүлөрдү «сеники туура же туура эмес» - деп кесе айтуу өтө кыйын, мүмкүн да эмес. Алар өздөрү да «Бир эле меники туура, калганы туура эмес» дегенге акысы жок. Санжыраны топтоодо эч ким антип айта алган жок. Биз азыркы күндө унутулуп, көпчүлүк учурда бузулуп, дефорцияланып бара жаткан оозеки Жору (Жолжакшы) уруусунун санжыра таржымалын бүгүнкү күндөгү эл оозунда айтылып жүргөн абалында кагазга түшүрүп, анализден тактап коюу максатын койгонбуз. Алдын жетишинче калк арасындагы санжырага кызыккандар менен, атайын билимдүү окумуштуулар менен талкуулап, системага салуу негизги багыт болду. Жогоруда белгиленгендей Жору уруусунун санжырасын толук айта алган же жазган бир да маалыматка ээ болгон киши жок, эгерде ушул боюнча жөн койсо убакыт өткөндөн кийин Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы биротоло жоголуп кетиши мүмкүн. Жорулар жөнүндө уламыштар көп, маалыматтарды топтоо мезгилинде ошол уламыштардагы бекер жеринен чыкпаса керек, түпкүрүндө чыныгы тарыхый окуялар, болгон нерселер жаткандыгына ынанасың. Ушул Жору (Жолжакшы) уруусунун санжыралык маалыматтарын топтоо мезгилинде эң кейиштүү нерсе биздин туугандардын ата-бабаларынын тарыхына кайдыгер карагандыгы, атайын «ат арытып», ысык-суукка карабай санжыралык маалыматтарды топтоо максатын көздөп барсак, ошол туугандардын аттуу-баштуу мыкчыгерлери эле «мунун кимге кереги бар?» - деп санжыралык маалыматтарды билгендери менен жолугуштуруудан дагы баш тартып, келекелегендери бизди кыйнады. Санжыра билгендерден сурамжылап, маалыматтарды топтодук. Айрым Жору тукумдары кимдин кайсы атанын урпагы экенин так билишпейт, чынын айтканда 2-3 атасын да тактап айтып бере албагандары бар.

4. Жорунун санжырасын тактоодо архивдик материалдар, алардын негизинде мурда жазылган китептер пайдаланылды. Алардын катарына окумуштуу С. Закировдун «Кыргыз санжырасы» - деген китебинде (Бишкек-1995-ж. 246-бет) Калмактардын чабуулунан кыргыздар Ысар (Гиссар), Колопко (Кулябга) сүрүлгөнүн жазат. Бул маалыматты «Ферганский экономический административный район» - деген главное управление геодезии и картографии МВД СССР-1958-ж.) негизинде жазганын көрсөтөт. Биздин Жору (Жолжакшы) туугандар жалпы Кыргыз эли менен бирдикте башына түшкөн бардык Ата Мекенди коргоо мезгилинде кошо катышканын ата-бабаларыбыздын эскерүүлөрүндө айтылып келүүдө. Кокон хандыгынын жалпы коомдук турмушунда Кыргыз калкынын уруктарынын арасында Жолжакшы тукумдары дагы роль ойногону белгилүү. Мына ошонун натыйжасында жалпы кыргыздардан 100дөн ашык адамга Датка наамы берилген. (К. Сыдыкова. «Кыргыз тарыхы» 2003-ж. Бишкек. 524-525-беттер) Ошол даткалардан Жорунун балдарынан Жапан датка, Тойчубек датка Атабай наиб (жоо аскерлер башчысы), Шапаке датка, Кыдыр ордочу (Кыргыздар. Т. Молдо» Тарых, түпкү аталар» 15-бет) Тойчубек датка Ача жорудан 2000 түтүн, Теңизбайдан Мухамед датка -1500 түтүн, Таемадан Суран менен Мурза бийде-1500 түтүн калкы бар - деген жападан жалгыз архивдик материал (ЦГИА Узбекской ССР, фонд-11 С, КТГГ. Офис 3, 1874-год, дело-197 лист, 10-11. Список родов Кыргыз с повиновением их старшими волостными управляющими против Кокандского ханства) табылды, себеби мурдагы бийлер жана даткалар жөнүндө маалыматтар авторго кол жеткис болду, анткени бул материалдар Өзбекстан менен Россиянын архивдерине өткөрүлүп берилген экен.

Мүмкүн менден кийинки изилдөөчүлөргө оңой болуп, барып тактап келишээр - деген чоң үмүт менен калтырып жатабыз, азыр каражат да жок. Эл аралык кырдаал дагы жол бербейт. Китепке тарых изилдөөчү адис, Кыргыз агрардык академиясынын мугалими Т. Ариповдун Вакуфтук жерлер боюнча арабча архивдик материалдарынын фото - көчүрмөлөрү келечекте керек болоор - деген максатта киргизилди.

5. Жору уруусуна тиешелүү мурдагы ата-бабаларынын көрүстөндөрү жөнүндөгү маалыматтарды, алардын жайланышын, айрым өзгөчөлүктөрүн сүрөтү менен киргиздик. Оозеки айтылып, илимий жактан толук изилдене элек Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айыл аймагынын борборунун түштүк чыгышынан орун алган «Ади-Үнкүр» (Байыркы кыргыз тилинде Адык-Аюу үңкүр) тууралуу кыскача маалыматтар берилди. Себеби айтылып жүргөн уламыштарга караганда байыркы Өзгөн, Медөө (Мады), Ош шаарларын байланыштырган жолдогу ири базар, эс алчу жай катарындагы Ади-Үнкүрдөн азыр эски чалдыбарлардын, бышкан кыштардын, таштардын калдыктарынан башка эч нерсе калбаптыр. Ар жерде карт тарыхтан кабар берип, кыштардын, таш куралдардын топуракка аралашкан калдыктары гана жатат. Бул жердин тарыхы Өзгөн, Ош, Мады шаарлары менен, андан ары карай түштүгүндөгү азыр да калдыктары менен Ак-Жар мунаралары менен тагдырлаш. Келечекте тарыхчы археолог, этнографтар изилдешет - деген ойлор менен китепке коштук.

6. Жалпы Кыргыз санжырасын тактоо, изилдөөнүн алкагында «Санжыра көчмөндөрдүн тарыхы» Кыргыздын Адигине уруусунун Жору (Жолжакшы) уруусунун мисалында» аттуу илимий конференцияны өткөрүү Жорулардын санжырасын тактоо, тарыхын изилдөө багытындагы баа жеткис иш-чара болду. Кыргыз илимпоздорунун талкуусу менен алгачкы жолу Жорулардын санжырасы, тарыхы илимий изилдөөгө (Оборотко) кирди. Конференциядагы белгилүү окумуштуулар-профессор О. Каратаев, А. Беделбаев, Т. Өмүрзакова, Т. Асанов, Р. Жолдошев, Ж. Адилбаев, А. Турдакунов, Т. Ариповдордун жасаган илимий маалыматтары Жорунун санжырасын тактоодо чоң роль ойноду. Илимий конференциядагы окумуштуулардын илимий баяндамалары, конференциянын жүрүшү тууралуу фото баяндар толугу менен китептин атайын бир чоң бөлүгүнө киргизилди. Конференция Жору уруусунун тарыхында алгачкы жолу илимий талкуу болуп, келечекте чоң мааниге ээ экендигин белгилейбиз. Келечекте бул илимий конференциянын ишин дагы улантып, жалпы кыргыз тарыхын изилдөөнүн алкагында мындан ары өнүктүрүү зарылдыгы белгиленди.

7. Тиркеме катары киргизилген али толук тактала элек тарыхый-этнографиялык маалыматтар да келечекте толукталып, илимий изилдөөгө тартылышы зарыл. Айрыкча бизге жеткен оозеки жана жазуу маалыматтарында Жору уруусунун тукумдары Тажикстандын Куляб облусунда, Гиссар районунда, Баткен облусунун Кадам-Жай районунда, Талас районунун Үрмарал айылында, Кытай Эл Республикасынын Текес шаарында, Опол-Тоо аймактарында, Бостон-Терек, Жыкын ж. б. айылдарында, Нарын облусунун Ак-Талаа, Тогуз-Торо райондорунун аймактарында жашагандыгы тууралуу уктук. Бирок шартыбыз аларды толук изилдөөгө жол бербеди. Келечектеги санжыра изилдөөчүлөр бул маалыматтарды эске алсын - деп сунуштайбыз.

8. Бул китепке Жору уруусунан чыккан баатырлар, балбандар, мүнүшкөрлөр, мергендер, ырчылар, табыптар, манасчылар сыяктуулар жөнүндөгү маалыматтарды киргиздик. Келечекте тарыхты, санжыраны тактоого аздыр-көптүр пайдасы тиерине терең ишенебиз.

Мындан тышкары элдин, урпактарынын арасында эстен чыкпай айтылып жүргөн, али илимий жактан такталбаган маалыматтар, ырлар, уламыштар жазылды. Себеби кайсы бир деңгээлде бул маалыматтар Жорунун тарыхына, санжырасына тиешелүү болуу менен ай-

рым окуяларды, тарыхты чагылдыргандыгы маалым. Эч нерсе өзүнөн өзү чыкпайт эмеспи. Чындыгында айрым учурларда апыртылып, көркөмдөлүп кеткенине карабастан өз деңгээлинде тарыхты камтып турат. Санжыраны изилдөөнүн алкагында келечекте Жорудан чыккан белгилүү инсандарды изилдөөнү улантуу зарыл, алар жөнүндөгү маалыматтарды калк арасынан, архивдерден изилдөө, ал адамдардын тарыхтагы өз ордуларына коюу милдети турат. Китептин жаңы кайра басылышына мурдагы басылышта кирбей калган Жору тукумдарынан чыккан белгилүү адамдардан 100гө жакыны кайрадан кошумча киргизилди. Архивден, ал кишилердин көзү отүп кеткендеринин тууган уруктарынан сурамжылоо иштери жүргүзүлүп такталды. Кыргызстандан тышкары жашап жүрүшкүн Жорунун ондогон атактуу уул-кыздары такталып, өмүр таржымалдары аныкталып жазылып, жаңы редакцияга кошулду. Мындан тышкары Жору тукумдарынан чыккан атактуулардын катарын китепке кирбей калган, Кыргызстанга зор эмгек сиңирген адамдар кошумча киргизилип жазылды.

9. Китептин кайра басылышына планетардык масштабда белгилүү болгон учкуч, Жер шаарын толук өзүнүн самолету менен учуп айланып чыгып, жаңы дүйнөлүк рекордду койгон урукташыбыз Союзбек Салиевдин маалыматтары, сүрөттөрү, жерди айлануусунун географиялык картасы менен киргизилди. Жалпы Кыргызстан боюнча чоң тарыхый жаңылыкты түзгөн Кыргызстандын алты миллионунчу жараны Айлин кызыбызды да Кыргыз эли менен бирге кубанып, Жорунун кызы экенин баса белгилеп, сүрөттөрү жана башка маалыматтары менен ушул китептин жаңы редакциясына жаздым.

10. Изилдөөнүн жүрүшүндө шаарларда, башка улуттар менен жакын аймактарда жашап калган тууганларыбыздын кыргыздын нукура салт-санаасы, үрп-адаттары, конок күтүү, жилик бөлүштүрүү сыяктуу көөнөрбөс мурастарынан алыстаганы, кээде такыр эле кызыкпай калганы байкалды. Бизди өкүндүрдү. Ушул кемчиликтин өкүм сүрүп, уланып келе жатканын эске алуу менен китептин бир аз барагын аябай эле Нускалуу создорго, кыргыздын конокторго союш сойгонундагы кылым карыткан салттары, жиликтин аталыштары боюнча сүрөттүү маалыматтарды коштук. Чоң ата, чоң эне, тай ата, тай эне, куда-кудагыйлар жөнүндөгү маалыматты, схеманы киргиздик. Себеби биз тууганларды кыдырып изилдөөнүн мезгилинде бирге ойноп жаткан неберелерден бир аксакалга бири тай ата, десе экинчиси чоң ата - деп кайрылганын угуп, «Булар эмнеге эки башка кайрылат?» - деген таң калган суроо берген тууганыбызды жолуктурдук. Өзбек тууганларда чоң атасын деле, тай атасын деле «Аппак дада» дегенин угуп жүргөн экен. Бел илүү себептер менен кайсы тууганлардан экенинин ачыгын жазбадык. Бул маалыматтар деле ашыкчалык кылбайт - деп эсептейбиз.

11. Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы менен кошо кылымдардан бери кошо жашап келе жаткан бул уруунун эн тамгалары туусу анын кандай элементтерден тураарын, эмнеден кантип жасалаарын баяндаган илимий маалыматтар да жазылды. Бирок бул Жору уруусунун биротоло такталган Туусу (Асабасы), анын эн тамгасы дегенди түшүндүрбөйт. Тарыхта кыргыздын урууларынын эн тамгалары, туулары шартка учурга жараша өзгөрүп тургандыгын көпчүлүк тарыхчылар белгилешет. Мүмкүн Жорунун эн тамгалары туусу да ошондой тагдырга туш болгондур, айрым учурларда башка уруктардыкына кандайдыр бир олчөмдө окшошуп жакындашкандыгы тарыхчылар тарабынан жазылып келет. Ошентсе да куйма кулак ата салтын кастарлаган даанышман аксакалдардын мурдагы мезгилде жашап өткөн бабаларынан уккандары эсине түйүп, бизге чейинки жеткирген баалуу маалыматтары чындыктан алыс эмес экендиги анык. Келечек муундар Жорунун тарыхын санжырасын изилдешкенде бул биз тапкан маалыматтарды да эске алуу менен терең изилдешет деген илгерки үмүтүбүз бар. Кийинки китептин кайра басылып чыгуусунда тагдырдын таң калыш-

туу буйругу менен Баткен облусунун Кадамжай районундагы Исфайрам дарыясын жээктей кылымдардан бери отурукташып, жашап келе жаткан Теиттин «Уйгур Теит» тобундагы «Жору» уруктарын изилдөө сенсациялык жаңылыктарды берди. Бул жерде жашаган Жору тукумдары (Жогоруда толук жазылган) Жору уруусунун качан Жорудан бөлүнүп бул жакка келип калгандыктары тууралуу маалыматтар менен кошо Жорунун туусу тууралуу тарыхый так маалыматтарды берди. Анын негизин ошол өткөн доордо жашап өткөн Бердияр Апыздын урпактарында азыр да унутулбай ырдалып жүргөн ырларында табылды. Туунун түсү, кандай бөлүктөрдөн турганын, эмнеден жасалганын ошол маалыматта толук бар экендиги аныкталып, тарыхый жаңылык катарында ушул китепке жазылып киргизилди. Эң негизгиси Жорунун санжырасынын биринчи басылышындагы изилденип, китепке киргизилген Жорунун туусунун түсү, жасалгалары, эмблемалары негизинен толук дал келгендиги болду.

12.Китептин толукталып, ондолуп кайра басылышына Кыргыз Республикасынын тарыхчылар ассоциациясынын президенти, профессор Ө. Ж. Осмонов, Кыргыз улуттук илимдер академиясынын окумуштуу тарыхчылары, илимдин кандидаттары Т. Асанов, Р. Жолдошев, Туркияда иштеп жүргөн профессор О. К. Каратаевдер маанилүү салым кошту.

Бул окумуштууларга, ошондой эле китепти даярдоого көмөктөшкөн бардык инсандарга автор терең ыраазычылыгын билдирет.

КИТЕПТИ ТҮЗҮҮДӨ КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР ЖАНА БУЛАКТАР

«Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп үйронүү, терендетүү жана атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндө». Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы. 2012-жыл, 27-январь.

Аалматов М. «Аккан арыктан суу агат». - Бишкек, 2014.

Абдраманов Ш. Тарыхтагы ак тактар. - Бишкек, 2007.

Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и историко культурные связи. - Фрунзе, «Кыргызстан», 1990.

Абрамзон С. М. «Кыргыздар жана Кыргыз тарыхы боюнча тандалмалар». - Бишкек, 1999.

Абрамзон С. М. Народные предания как источник для изучения этнической истории киргизов в Центрального Тянь-Шяня. Этническая история народов Азии. - Москва, "Наука", 1972.

Абдулхакимов О. Ата журт баяны. - Бишкек, 2009.

Адилбаев Ж. Тарыхый окуялардын, аталгылардын жана түшүнүктордүн энциклопедиялык сөздүгү. - Б., 2012.

Айыл чарба энциклопедиясы. 2 том. - Бишкек, 1990.

Анвар Байтур. Кыргыз тарыхы 1-китеп. - Бишкек, 2003.

Арипов Т. «Оң канаттын улуусу». - Бишкек, 2013.

Аристов Н. Заметки об этническом составе тюркских племен, народностей и сведения об их численности. «Живая старина», отделения этнография, выпуск 3-4. С Пб. 1886. Рукописный фонд инс. истории АН КР, опис-128.

Аристов Н. Труды по истории и этническому составу тюркских племен. - Бишкек-2007.

Асанов Т. Политическая структура кыргызов XV-X VI вв. Центральноазиатский исторический сервер http: www. Kyrgyz. ru

Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. - Бишкек. «Кыргызстан»-1995.

Аширбаев Ж. А. «Мезгил сынагынан өткөн милиция». - Ош, 2012.

Бартольд В. В. «Кыргыздар» (Жусупов Кенеш. Кыргыздар. Санжыра, тарых, мурас, салт. 2-болүм. - Бишкек. 1993. ж. ч. китебинде.)

Бернштам А. Н. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектери. (Кыргызстандагы Сорос фонду) - Бишкек, 2004.

Валиханов Ч. Избранные произведения. Алма-Ата, 1958.

Валиханов Ч. «Записки о киргизах». Собр. соч. Алма-Ата, 1985.

Винников Я Р. Родо-племенной состав и расселения киргизов на территории Киргизии. Труды института истории, языка и литературы, том 3-4, - Фрунзе, 1956.

Дүйшоналиев С. Шарипова С., Абытов Б. Датка эне (Арноо китеби). - Ош, 2011.

Джамгырчиев Б. Добровольное вхождения Киргизии в состав России. - Москва-Фрунзе, 1963.

Жантөшев К. «Каныбек». Роман. 2-китеп. - Бишкек, 1991.

Жаңыбай у. Сапарбай. Кыргыз санжырасы. - Ош, 1993.

Жетимишов С. Кыргыз жазуусу, эн тамгалары. - Ош, 2009.

Жолдошев А. Орто кылымдагы Алтай, Эне-Сай, Теңир-Тоо кыргыздарынын тарыхы» - Ош, 2005.

Жолдошев Р. Енисейлик жана Теңир-Тоолук кыргыздардын этникалык байланыштары жөнүндөгү гипотезалары. //Кыргызстан тарыхынын маселелери. (Вопросы истории Кыргызстана) - Б., № 1. 2006 10-45 б.

Жолдошев Р. XVIII кылымдагы кыргыздардын уруулук курамы жана дуалдык этносоциалдык уюмдары. «Кыргызстан ; история и современность. - Б. 2006. 168-178 - б.

Жолдошев Р. XVIII кылымдагы кыргыз уруулларынын жайгашуу ареалы. //Кыргызстан жана Борбордук Азиядагы-баарлашуунун мейкиндиги: Этностор аралык мамилелерди бекемдөөнүн өтмүшү жана келечеги. - Бишкек, 2015 210-215-б.

Жусупов Кеңеш. Кыргыздар. Санжыра, тарых, мурас, салт. 1 - бөлүм. - Бишкек, 1991.

Жусупов Кеңеш. Кыргыздар. Санжыра, тарых, мурас, салт. 2-бөлүм. - Бишкек, 1993.

Жусупов Келдибек. Кыргыз санжырасы. - Бишкек, 2012.

Закиров С. Кыргыз санжырасы. - Бишкек, 1996.

Иманалиев М. Кыргыз санжырасы. - Бишкек, 1995.

Иметов Б. Сендейди биз кайдан табабыз. Р. Абдыкадыров жөнүндө эскерүүлөр, макалалар. - Ош, 2011.

Какеев А.Ч. История философской науки Кыргызстана. - Б., 2013.

Карасаев Х. К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. - Фрунзе, 1966.

Карасаев Х. К. Өздөштүрүлгөн сөздөр. (Сөздүк). - Фрунзе, 1986.

Каратаев О. К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. - Б., КТМУ, 2003.

Каратаев О. К. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан. - Бишкек, 2003.

Качкеев К. Великая личность. Воспоминание. - Бишкек «Учкун», 1996.

Кара-Кулжа району. Энциклопедия. - Бишкек, 2013.

Кененсариев Т. Алымкул аталык Тарыхый-булакнаамалык бейне. (түз. жана комент. Т. Кененсариев, өзбек тил. которгон Т. Топчуев) - Бишкек-Ош, 1972.

Коланов О. Кыскача санжыра. - Ош, 2011.

Костенко Л. Туркестанский край. Опыт военно-исторического обзора. - Санкт-Петербург, 1880.

Костенко Л. Военно-научная экспедиция на Алай, Памир. Военный сборник-1887. №4. СПБ-1880.

Куроңбаев Н. Чыгыштын акылман сөзү. - Бишкек, 2014.

Кырбашев Э. Тандалган кыргыз санжырасы. - Б., 2015.

Кыргыз адабияты. Энциклопедиялык окуу куралы. - Бишкек, 2004. (Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору).

«Кыргыз жергеси» Энциклопедия (жер-суу аттары). - Фрунзе, 1990.

Кыргызча - орусча сөздүк. 2 - китеп. - Фрунзе, 1985.

Кыргыз Совет энциклопедиясы. Том-1. - Фрунзе, 1976.

Кыргыз Совет энциклопедиясы. Том-5. - Фрунзе, 1980.

Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. - Бишкек, 2003.

Кыргыз тилинин жазуу эрежелери (Жаңы редакция) - Бишкек, 2008.
Кыргыз элинин баатырдык эпосу. 2-китеп. - М., 1988-ж.
Кыргызстандын тарыхы. (Үч томдук).Авторлор коллективи. - Бишкек "Кут-Бер "ЖЧК-2016.
Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. - Б., - 2002 г. (изд. Кырг. тур.унив. "Манас".)
Момунов Н. Т. «Тасма» - Бишкек, 2015.
Мусакеев А. К. Калчакеев. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы. - Ош, 2014.
Нурбек Туран, Өсөров Эшполот. Төөлөс. - Бишкек, 2011.
Нурбек Туран. Кесек. «Турар». - Бишкек, 2012.
Осмонов Ө. Ж., Асанканов А. А. Кыргызстан тарыхы. (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). - Бишкек, 2003.
Осмонов Ө. Ж. Кыргызстан тарыхы. (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). - Бишкек, 2019.
Осмонов Ө. Ж. Кыргызстан тарыхы. (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). 100 суроого жооп. Экспресс-справочник, 19-басылышы. - Бишкек, 2018.
Осмонов Ө. Ж. Тагай бий. - Бишкек, 2014.
Осмонов О. Дж., Оскон у. Улукбек. История Кыргызстана (С древнейщих времен до наших дней. - Бишкек, 2013.
Өмүрзакова Т. История советского общества. - Бишкек, 2012.
Өмүрзакова Т. Курманжан датка. (Доор, инсан, ишмердүүлүк). - Бишкек, «Кыргызстан» 2002.
Өмүрзакова Т. Тилеке бий жана анын урпактары. - Ош, 2011.
Раимжанов А. «Тарыхка сареептеп жана Басыз санжырасы». - Бишкек, 2016.
Рахманалиева Р. Тамерлан. Эпоха, личность, деяния. - Москва, «Гураш», 1992.
Сапаралиев Д. Б. Этнополитическая история Ошa и его окрестностей с XVIII до середины XIX в. - Бишкек, «Илим» 1999.
Сарыбаев У. Эңсеген менин обонум. - Бишкек, 2008.
Ситняковский Н. Перечисления некоторых родов Кыргыз обитающих в восточной части Ферганской области. «Известия Туркестанского отделения РГО, 2-выпуск. - Ташкент, 1900.
Ситняковский Н. Таблица Киргизских родов Ошского уезда 2-выпуск. - Ташкент, 1900.
Солтоноев Б. «Кызыл кыргыз тарыхы». - Б., 1993.
Сооронов О. "Биз билген жана биз биле элек Токтогул". - Б., 2014.
Стамов А. Манап бий жана Жарбак баатыр баяны. - Бишкек, «Бийиктик», 2009.
Сыдыкова К. «Кыргыз тарыхы». - Бишкек, 2003.
Тороканов Э. «Кыргыздардын кыска санжырасы».(Экинчи китеп). - Бишкек, 1995.
Турдубай Умар уулу. Кыргыз санжырасы. - Бишкек, 1991.
Улукбеков Т. Башкы командачы Ысакбек Мониев. - Бишкек, «Турар», 2013.
Ысманова К. Муундар мурасы - сөз. - Бишкек, 2018.
Элита Кыргызстана. Биографический сборник. - Бишкек, 2006.
Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. - М., 1965.

МЕЗГИЛДҮҮ БАСМА СӨЗГӨ ЖАРЫЯЛАНГАН МАТЕРИАЛДАР

Абдуманапов Р. Историографический обзор проблемы происхождения киргизов http: www.balkaria. info library a abdumanapov //ioppk. htm
Асанов Т. Политическая структура Кыргызов в XV-XVII http:www. kyrgyz. ru page=153
Жапан датка. / «Коммунизм үчүн».
Жолдошев А. Кыргыздар арабдарга кылыч сатканбы? / «Эмгек майданы», 1999.
Известия ВУЗов Кыргызстан. № 5. 2015. стр. 33.
Кокандское ханство Википедия https:ru. wikipedia. org//wiki Кокандское_ханство.
Кыргыз тарыхынын кыскача маалыматтары http:www.sanjyrakg. kg sanjyra14. html
Искендерова У. Биздин Бапыгул газы чоң атабыз. / «Кырчын» журналы. № 5-6. 2015-ж.
Мамакеев М. Аттокур агайымды эскерүү, / «Будь здоров» № 3. 8-бет. 2012.
Мониев А. - Мунгуш. / «Фабула». №45 12 июнь 2012.
Муратова С. Санжырачы, / «Аалам кыргыздары». № 18-, 28-бет. 2010.
Өсөров З. Телескоп в глубь веков http:www. sanjyrakg. kg sanjyra115. html.
Сапаралиев Д. Этническое название Кыргызов в исторических источниках России (XVII-XIX вв). http: www. manas. academia. edu//DoolotbekSAPARALIEV//Papers.
Темирбек у. И. Кыргыз урууларынын тамгалары. / «Аалам кыргыздары». № 19, 39-бет. 2010.
Турусбек Мадылбай Кыргызстан и Средняя Азия под властью ойрат-монголов. http:www. akipress. org kghistory news:6981.
Улукбеков Т. Генерал Ысакбек - легендарлуу аскер башчы, / «Фабула» №99, 18. 12. 2012.
Жылкыбаев Ж. Калк үчүн күйгөн киши эле / «Ысык-Көл кабарлары» 3-июнь 2013-ж.
Жылкыбаев Ж. «Токтогулду таберiктеген Жумай», / газета «Ысык-Көл кабарлары» 23-июль 2015-ж. №26.
Жылкыбаев Э.Ж. Атууга өкүм чыгып, аман калган / «Ак-Суу баяны» №2.
Осмонов Ө.Ж. Президенттин ата теги ким? / «Жаңы Ордо» 2019-жыл, 20-сентябрь.
Эргешов Т. Дарван ырчыны унутпайлы / «Ош жаңырыгы» №17, май-2008.
Эргешов Т. Чыпак казы ким болгон. / «Ош жаңырыгы» №20 2009.
Эргешов Т. Улуу жеңишке 70 жыл. Изв. Вузов Кыргызстана. № 5. 2015.
Эргешов Т. Полот хан - Искак молдо Асан уулуна карата тарыхый тактоолор. / «Кабар» № 36. сентябрь, 2015-ж.
Эргешов Т. Кыргыз элинин калмактар менен болгон Ата-Мекендик согуштары. Кыргыздын Адигинесинин Жору (Жолжакшы) уруусунун мисалында. / «Кабар- Инфо» 4-март 2016-ж. №9.
Эргешов Т. Сооронбай Жээнбеков тектүү жердин, чыныгы кыргыздын уулу, ал тууралуу атайылап жалган маалымат таратышууда / «Ачык саясат». №25 (271) 7-июль, 2017-жыл.
Эшалиев М. Кыргызы-самая древняя нация в Центральной Азии / http:www. akipress. (org kghistory) news:9801.
Азыркы Кытай эл Республикасынын Иле казак-облусунун Мунгул-Куро рай. жашаган Жорунун Тенизбай уруктары тууралуу санжыралык кол жазма. Авторго алып келип берген-Абдыкерим. -КНРдин жогоруда белгиленген районунун тургуну, Теңизбай уругунан.

АРХИВДИК МАТЕРИАЛДАР

Кыргыз Республикасынын Саясий документтер мамлекеттик архиви (Ф. 10. Опись-15. Д. 849. л. 1-35

Мадымаров Б. А. Атабек наиб - өздүк архив. Жалал-Абад ш.
Султанов А.Ш. Өздүк архиви. Кара-Суу районунун, Жаңы-Арык айылы.
Шеровдордун үй-бүлөлүк архиви. Шерова А. А. - Кыргыз-Славян унив. профессору.
Эргешов Т. Өздүк архив. (1982-2019-жж.).

Материалы, собранные Морозовым О. Д. по истории Кокандского ханства. 1947. Кыргыз Республикасынын УИАнын кол жазмалар фонду. №81. 75-76-б. (түп нускасы: ЦГИА Респ. Уз. Ф. 1, оп. 1, д. 320, л. л. 10-11.)

Ош областык мамлекеттик архив - Фонд-173, Кызыл-Суу сельсовети - (1933-1939-жж.), фонд-182, Кара-Ташский сельсовет - 1932-1982-жж., Фонд 706, Гулчинский сельсовет, опись-1 Фонд-1079, Жаңы-Арык сельсовети (1966-2005-жж.). Фонд-357, Ошская уездная судья 1-го участка (1909-1918), Фонд-79 Управления министерства внутренних дел по Ошской области, Фонд 721, Уполномоченный по борьбе с контрабандой в Алай-Гульчинском районе.

МАЗМУНУ

Санжыра элди бөлбөйт, бириктирет
Автордон.....3
Жору (Жолжакшы) уруусунан чыккан атактуу инсандарды бөлүп атадык.....8
Совет доорунда жана эгемендүүлүк жылдарда көрүнүктүү советтик партиялык, чарбалык жана маданий кызматтарда эмгек сиңирген инсандар:.....12
Жору (Жолжакшы) уруусу жөнүндө жалпы маалымат.....13
Жору (Жолжакшы) уруктарынын жашаган аймактары.....14
Жору (Жолжакшы) уруусунун кыргыз элинин коомдук саясий турмушуна катышуусу тууралуу маалыматтар.....22
Кыргыз урууларынын бөлүнүшү.....26
Жору (жолжакшы) уруусунун (такталган) жалпы санжырасы боюнча генеалогиялык схемасы.....27
Ай тамгалуу Жору (Жолжакшы) (Астар уулу).....28
Аккозу тобунун дагы бир бөлүгү Атай тобу.....29
Серкенин Кожосунун Коңур уругу.....38
Серкенин Кожосунун Боросунан.....60
Астардын Серкесинин Тасма уругу.....78
Тасманын Кожомкулу.....111
Ай тамгалуу Жорунун Теңизбай уругу тууралуу маалыматтар.....171
Ай тамгалуу Жору уруусунун Теңизбай уругунун санжыралык маалыматтары.....172
Ысык-Көлдүн Түп, Ак-Суу райондорун жердеген Теңизбай уруктарынын санжырасы.....173
Кытай Эл Республикасынын Цзинь Цзянь провинциясынын Иле-Казак автономиялык областы, Мунгул-Куро району, Ак-Суу айылындагы Теңизбай (Биймырза), Тасма урууларынын урпактарынын санжыралык маалыматтары.....258
Астардын (Ай тамгалуу Жорунун) Серке баатырынын Каракунасынын санжыралык маалыматтары.....307
Ача тамгалуу Жору (Кастар уулу) уругунун санжыралык маалыматтары.....312
Кытайлык Бешабышка уруктары.....318
Кыргызстандагы Бешабышка уруктарынын санжыралык маалыматтары.....320
.....321

Ача тамгалуу Жорунун Чегир уулунун Мамбетинен - Жакып.....345
Кастардын (Ача тамгалуу Жорунун) Байназарынан (Майназар деп дагы айтылат) уруктары.....375
Астардын Байназарынын Элчибегинен (Молдожакшыберди) - Эшим, Пешим.....463
Өзбек Республикасынын Коргон-Төбө районунда жашаган Кадасындык Элчибектер жөнүндөгү маалыматтар.....484
Кастардын (Ача тамгалуу Жору) Бооке (Чайчы) уругунун санжыралык маалыматтары.....497
Баткен облусундагы Жору (Жолжакшы) уруусунун уруктары тууралуу санжыралык маалыматтар.....514
Жаңыдан табылып, Жору (Жолжакшы) уруусуна кошулган Баткендик боордошторго арналган ыр.....528
Жору (Жолжакшы) уруусунан чыккан белгилүү инсандар.....529
Жору (Жолжакшы) уруусунан чыккан дүйнөгө белгилүү болгон урпактар тууралуу маалыматтар.....636
Союзбек Салиев - Эл аралык учкуч, Жору (Жолжакшы) уруусунун Тасма уругунун тукуму.....636
Жер шарын дүйнөдө 216-болуп жалгыз моторлуу самолет менен айланып чыккан Жору (Жолжакшы) уруусунун тукуму Союзбек Салиев жөнүндө фотобаяндар.....637
Жору (Жолжакшы) уруусунун урпагы Кыргыз Республикасынын 6 миллионунчу жараны болуп төрөлгөн Кожошева Айлин Алмазовна тууралуу фотобаяндар.....638
Жору (жолжакшы) уруктарында айтылып жүргөн маалыматтар.....640
Топчубай олуя.....643
Жусупбаев Кармышак - большевиктер партиясынын, совет мамлекетинин курулушунун ардагери.....644
Жору (Жолжакшы) тукумдарынан чыккан элдик акындардын санжыралык ырлары.....645
Жору уруусунун тукумдарынан чыккан айылдык акындардын Ата журту тууралуу ырлар.....652
Тасма баатыр жөнүндө баян.....656
Ача тамгалуу Жору уруусунун Бооке (Чайчы) уругунан чыккан элдик куудул Токобаев Толонбайдын жоруктары.....663
Жору (Жолжакшы) уруусунан чыккан усталар, балбандар, спортчулар.....665
Балбандар.....666
Кытай аймагында жашаган Жору (Жолжакшы) уруусунан чыккан балбандар, өнөрпоздор.....670
Жору (Жолжакшы) уруусунан чыккан спортчулар.....671
Жору (Жолжакшы) уруусунан чыккан мүнүшкөрлөр, саякерлер, табыптар.....673
Бабалардан калган нуска сөздөр.....678
Кыргыздын ата-эне уруктарынын түзүлүшүнүн схемасы.....682
Жору (Жолжакшы) тукумдарын, алардын ата-бубаларынын басып өткөн тарыхый издерин издөө учурун чагылдырган фотобаяндар.....684
Жору уруусунун санжырасы жана тарыхы боюнча басма сөздө жарыяланган макалалар.....690

Полот хандын (Искак молдо Асан уулу) тарыхына айрым тактоолорду киргизүү жөнүндө.....693
«Кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы» аттуу китептин автору Турдумамат Эргешов: «Сооронбай Жээнбеков тектүү жердин, чыныгы кыргыздын уулу, ал тууралуу атайылап жалган маалымат таратышууда».....700
Кыргыз элинин калмактар менен болгон согуштары кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун мисалында.....703
Керек баатыр баяны.....706
«Санжыра көчмөндөрдүн тарыхы» - (кыргыздын Адигине тобунун Жору (Жолжакшы) уруусунун мисалында) аттуу илимий-практикалык конференциянын материалдары.....708
Конференциядагы илимий баяндамалар.....712
Санжыра-көчмөндөрдүн тарыхы.....713
Кыргыздын жору уруусунун теги тууралуу.....715
Жору уруусунун эн тамгалары: кыргыз эн тамга белгилеринин түпкү маанилери жөнүндө.....720
Эн тамгалар кайдан келип чыккан?.....727
Кыргыз санжырасында Жору уруусунун берилиши.....728
Адигине жана Жору уругу тууралуу тарыхый маалыматтар.....736
Түштүк кыргыздарынын XIX кылымдагы бошгондук кыймылдары - биримдикке жана мамлекеттүүлүккө умтулуунун башаты.....738
Санжыранын кыргыз элинин калыптанышындагы орду.....740
Бабалар тарыхы ынтымак уюткусу.....748
Профессор С. Аттокуровдун "Кыргыз санжырасы" боюнча.....752
Фергана өрөөнүнүн чыгыш аймагындагы кыргыздардын жана Жору уруусунун көрүстөн эстеликтери, ага байланышкан сөөк коюу салттары.....754
Санжыра - элдин уюткусу.....756
"Санжыра көчмөндөрдүн тарыхы кыргыздын адигине тобунун Жору (Жолжакшы) уруусунун мисалында" аттуу илимий-практикалык конференция белгилейт.....757
Илимий-практикалык конференциянын жүрүшү боюнча фотобаяндар.....769
Жору (Жолжакшы) уруусунун өкүлү полковник Д.Исаковдун экинчи дүйнөлүк согушта (1941-1945-жж.) Япониянын жеңилишине арналып, 2015-ж. Кэрдин Пекин шаарында өткөн парадга катышуу учурун чагылдырган фотобаяндар.....771
Жору (Жолжакшы) уруусунун тарыхы, санжырасы тууралуу кыргыз окумуштууларынын сонку жылдарда жарыяланган илимий, илимий-популярдуу макалалары.....773
Президенттин ата-теги ким?.....787
Соңку сөз.....792
Жору уруусунун курамындагы айрым этнонимдерге этимологиялык сараптама.....792
.....797
.....798

Кытайга кеткен Адигине уруусунун айрым топтору тууралуу маалымат.....804
Жору уруусунун өкүлдөрүнүн Ысык-Көл аймагына жайгашуусу жөнүндөгү санжыралык маалыматтар.....811
Жору уруусунун таралуу ареалы 815
Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасын тактап, китептин кайра басылышын даярдоо мезгилиндеги Жору уруусунун урпактары менен болгон жолугушуулар боюнча фотобаяндар.....821
Кытайдын Иле Казак Автоном облусунун аймагында жашаган Жору (Жолжакшы) уруктарынын 2019-жылдын август айында Ош шаарына келген өкүлдөрү жөнүндөгү фотобаяндар.....823
Ысык-Көлдүк Теңизбайлар 825
Ысык-Көлдүк Жору (Жолжакшы) уруусунун Теңизбай уруктары тууралуу фотобаяндар.....825
Ача тамгалуу Жору уруктарынын мекени Кызыл-Суу аймагы.....827
Жору уруусунун Тасма, Теңизбай уруктары мекендеген Кара-Кулжа өрөөнү.....829
Жору уруусунун санжыралык маалыматтарын тактап жазган маалымдоочулар.....831
Жору уруусунун жалпы санжырасын изилдөө боюнча корутунду.....843
Китепти түзүүдө колдонулган адабияттар жана булактар.....848
Мезгилдүү басма сөздөрдөн алынган жана ага жарыяланган материалдар 851
Архивдик материалдар.....852

ТУРДУМАМАТ ЭРГЕШОВ

КЫРГЫЗДЫН ЖОРУ (ЖОЛЖАКШЫ) УРУУСУНУН САНЖЫРАСЫ

Илимий редактору *Ө.Ж.Осмонов*
Редактору *Ш.К.Керимова*
Дизайнери *К.Абдыжапаров*
Корректору *Д.Б.Эстебесова*
Техн. редактору жана компьютердик калыпка салган *Г.А.Мураталиева*

Басууга 05.12.19. кол коюлду. Форматы 70x100$^{1}/_{16}$.
Көлөмү 53,5 ф.б.т. Нускасы 1000. Келишим баада.

720054, Бишкек шаары, Интергельпо, 1.
«Гознак» басмаканасында басылды.



Турдумамат Эргешов

Эргешов Турдумамат 20-майда 1952-жылы Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Ача тамгалуу Жору уруусунун Чайчи уругунан. «Кыргыз Республикасынын калкты тейлөө боюнча эмгек сиңирген ишмери». 1976-жылы КМУнун тарых факультетин бүткөн. 1976-1980-жж. Кара-Суу шаарындагы К. Жакыпов атындагы жатак-мектебинде мугалим, директордун орун басары, 1980-1981-жж. Кара-Суу районунун «Учкун» совхозунда комсомол комитетинин секретары, 1981-1989-жж. Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айыл Советинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1989-1992-жж. Кара-Суу районундагы «Эркин-Тоо» орто мектебинин директорунун орун басары, райондук элге билим берүү бөлүмүнүн усулчусу, 1992-1995-жж. «Кийик от» кичи ишканасынын жетекчиси, 1995-жылдан Ош шаарындагы Кыргыз азиздер жана дүлөйлөр коомунун үйрөтүү өндүрүштүк ишканасынын жетекчиси. Кыргыз тарыхчылар ассоциациясынын мүчөсү жана тарыхчылар ассоциациясынын Президумунун мүчөсү. Кыргыз азиздер жана дүлөйлөр Коомдук бирикмесинин Коллегиясынын мүчөсү. «Кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы» китебинин автору. Республикалык, облустук илимий-популярдуу журналдарга, гезиттерге, жогорку окуу жайларынын жылына чыгуучу илимий китептерине «Дарван ырчыны унутпайлы», «Полот хандын тарыхына айрым тактоолор», «Чыпак газы ким болгон», «Улуу жеңишке 70 жыл», «Кыргыз элинин калмактар менен болгон Ата Мекендик согуштары кыргыздын Адигинесинин Жору (Жолжакшы) уруусунун мисалында», «Сооронбай Жээнбеков тектүү жердин, чыныгы кыргыздын уулу, ал тууралуу атайылап жалган маалымат таратышууда» сыяктуу көптөгөн илимий макалаларды жарыялаган.